موسوعة الأحاديث النبوية

# ТАНДАЛГАН ХАДИСТЕРДИН ЖЫЙНАГЫ

Кыргызча | قرغيزي

المنتقى من موسوعة الأحاديث النبوية

ح جمعية خدمة المحتوى الإسلامي باللغات ، ١٤٤٦هـ

جمعية خدمة المحتوى الإسلامي باللغات
المنتقى من موسوعة الأحاديث النبوية - قرغيزي. / جمعية
خدمة المحتوى الإسلامي باللغات - ط١. .- الرياض ، ١٤٤٦هـ

٥٠٢ ص ؛ ..سم

رقم الإيداع: ١٤٤٦/١١٦٥٧
ردمك: ٩٧٨-٦٠٣-٨٤٧٤-٨٧-٧

Partners in Implementation

Content Association
Rowad Translation
Rabwah Association
IslamHouse

This publication may be printed and disseminated by any means provided that the source is mentioned and no change is made to the text.

Tel: +966 50 244 7000
info@islamiccontent.org
Riyadh 13245- 2836
www.islamhouse.com

# المنتقى من موسوعة الأحاديث النبوية

اللغة القيرغيزية

إعداد القسم العلمي

جمعية خدمة المحتوى الإسلامي باللغات

جمعية الدعوة وتوعية الجاليات بالربوة

## Ырайымдуу, Мээримдүү Аллахтын аты менен (баштаймын)

## Киришүү

Ааламдардын Раббисине алкыш-мактоолор болсун. Пайгамбарыбыз Мухаммадка, анын үй-бүлөсүнө, жалпы сахабаларына жана кыяматка чейин анын жолуна ээрчигендерге Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун. Андан кийин айтарым:

Ыйык Курандан кийин эле мусулман адам окууга, ой жүгүртүүгө, үйрөнүүгө жана амал кылууга аракет кылуусу зарыл болгон эң улук нерсе бул - Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сүннөтү. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Эй, адамдар! Силерге эки нерсени калтырдым. Эгер ал экөөнү бекем кармасаңар, эч качан адашпайсыңар: Аллахтын китеби жана пайгамбардын сүннөтү". Хадисти Имам Малик риваят кылган. Бул тууралуу Аллах Таала минтип айткан: "Пайгамбар силерге эмнени алып келсе, ошону алгыла. Эмнеден тыйса, андан тыйылгыла". (Хашр, 7-аят). Ошол себептен "Тилдер боюнча Ислам контентине кызмат кылуу уюму" жана "Ар-Рабва үгүт жана коомчулукка маалымдоо уюму" пайгамбардын хадистеринин энциклопедиясын түзүүгө жана аларды бир канча тилдерге которуп даярдоого киришкен.

Андыктан мусулман адамдын жашоосунда жана дин иштеринде муктаж болгон ушул энциклопедияны түзүүнү жана кыскача түшүндүрмө берүүнү, маанилерин жана эмнеге далил болорун, ошондой эле кээ бир пайдаларын

даярдап, бул китепти чыгарууга Аллах Таала жеңилдик берди. Бул китептин аты "Ал-Мунтака мин мавсуати ал-Ахаадиси ан-Набавия". Бул кызмат пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сүннөтүн адамзатка өз тилдеринде жеткирүүгө жана анын пайдасын жайылтууга негизделген.

Бул ишти кабыл кылып, аны берекелүү кылуусун Аллах Тааладан суранабыз. Аны даярдоого, которууга жана таратууга салым кошкон ар бир адамды Аллах Өзү сыйласын. Пайгамбарыбыз Мухаммадка Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун.

(1) – عن عمر بن الخطاب رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «إِنَّمَا الْأَعْمَالُ بِالنِّيَّةِ، وَإِنَّمَا لِامْرِئٍ مَا نَوَى، فَمَنْ كَانَتْ هِجْرَتُهُ إِلَى اللهِ وَرَسُولِهِ، فَهِجْرَتُهُ إِلَى اللهِ وَرَسُولِهِ، وَمَنْ كَانَتْ هِجْرَتُهُ لِدُنْيَا يُصِيبُهَا أَوِ امْرَأَةٍ يَتَزَوَّجُهَا، فَهِجْرَتُهُ إِلَى مَا هَاجَرَ إِلَيْهِ».

وفي لفظ للبخاري: «إِنَّمَا الْأَعْمَالُ بِالنِّيَّاتِ، وَإِنَّمَا لِكُلِّ امْرِئٍ مَا نَوَى».

**[صحيح] - [متفق عليه]**

(1) – Умар ибн аль-Хаттаб (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Чындыгында, иш-аракеттер ниетке жараша болот. Ар бир адам ниет кылганына жетет. Кимдин хижраты Аллах жана Анын Элчиси үчүн болсо, анда анын хижраты Аллах жана Анын элчиси үчүн болот. Ал эми кимдин хижраты дүнүйөгө жетүү үчүн же аялга үйлөнүү үчүн болсо, анда анын хижраты эмнеге болсо ошол үчүн хижрат кылган болот». Ал эми имам Бухаринин риваятында: «Чындыгында, иш-аракеттер ниеттерге жараша болот. Ар бир адам ниет кылганына жетет» - деп келет. **[Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]**

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бардык иш-аракеттерде ниеттер эске алынарын кабар берип жатат. Бул өкүм бардык ибадаттарда жана соода-сатыктарда жалпы болоору айтылды. Ошондуктан кимде-ким өз ишинде пайда көрүүнү ниет кылса, анда ал бул ниети менен пайдадан башка эч нерсеге жетпейт жана ага эч кандай сооп да болбойт. Ал эми кимде-ким өз иши менен Аллах Таалага жакындоого ниет кылса, анда ал иши жеп-ичүү сыяктуу катардагы иш болсо да, ал бул ниети менен соопко жана сыйлыкка жетет.

Андан кийин, Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ниет менен амалдар сырткы сүрөтүнөн бирдей болгонуна карабастан ниеттин амалдарга тийгизген таасирин көрсөтүү үчүн мисал келтирди. Ошондуктан Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким хижрат кылууга ниет кылып Раббисинин ыраазычылыгын көздөп мекенин таштап кеткен болсо, анда анын хижраты кабыл болгонун, Ислам шариятына дал келген хижрат экенин жана ниетинин чынчылдыгынан улам хижраттын сообуна да ээ болорун ачык айтты. Ал эми кимде-ким хижрат кылуу

менен акча, кадыр-барк, соода же аял сыяктуу дүнүйөлүк пайданы ниет кылса, анда ал хижраттан ал ниет кылган пайдасына гана жетет жана ага сооптон үлүш болбойт.

## Хадистин пайдалары:

1. Иш-аракеттерди калыс Аллах үчүн аткарууга үндөө. Анткени Аллах Өзүнүн жүзү үчүн аткарылган иш-аракеттерден башкасын кабыл албайт.

2. Эгерде балакатка жеткен адам Аллах Таалага жакындата турган амалдарды адатынча аткарса, анда ал амалдары менен Аллахка жакындоого ниет кылмайынча ал үчүн сооп болбойт.

(4560)

(2) – عَنْ عَائِشَةَ رضي الله عنها قَالَتْ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صلى الله عليه وسلم: «مَنْ أَحْدَثَ فِي أَمْرِنَا هَذَا مَا لَيْسَ فِيهِ فَهُوَ رَدٌّ» متفق عليه.

ولمسلم: «مَنْ عَمِلَ عَمَلًا لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ». [صحيح] - [متفق عليه]

(2) – Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ким биздин

ишибизге андан болбогон жаңы иштти киргизсе, ал кайтарылат". Муттафакун алайхи. Муслимде: "Ким биздин ишибизде жок амалды аткарса, ал кайтарылат". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким динде бир нерсени ойлоп тапса, же Куран жана сүннөттө далили жок амалды аткарса, ал аны аткарган ээсине кайтарыларын, кабыл болбостугун баяндаган.

## Хадистин пайдалары:

1. Ибадаттар Куран жана сүннөттө келген далилдерге карап дайындалган. Аллах Таалага Ал шарият кылган нерсе менен гана ибадат кылабыз, жаңы пайда болгон жана ойдон чыгарылган нерсе менен эмес.

2. Дин оюна келгенди же көңүлүнө жакканды аткаруу менен болбойт, Аллахтын элчисин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ээрчүү менен болот.

3. Бул хадис диндин толуктугуна далил.

4. Динде жаңыдан пайда болгон, пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жана сахабалардын убагында болбогон акыйда ишенимге, сөзгө, амалга тиешелүү иштин баары - бидаат (диндеги жаңылык).

5. Бул хадис Ислам негиздеринин бири, бул амалдагы тараза сыяктуу. Аллахтын ыраазылыгы көздөлбөгөн бардык амалдар, аны аткаруучуга сооп болбойт. Ошондой эле Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) алып келген жолго дал келбесе, ал аткарган адамга кайра кайтарылат.

6. Жаңыдан пайда болгон тыюу салынган иштер динге гана тиешелүү, дүйнө иштерине тиешелүү эмес.

(4792)

(3) – عن عمر بن الخطاب رضي الله عنه قال: بَيْنَمَا نَحْنُ عِنْدَ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ ذَاتَ يَوْمٍ إِذْ طَلَعَ عَلَيْنَا رَجُلٌ شَدِيدُ بَيَاضِ الثِّيَابِ، شَدِيدُ سَوَادِ الشَّعَرِ، لَا يُرَى عَلَيْهِ أَثَرُ السَّفَرِ، وَلَا يَعْرِفُهُ مِنَّا أَحَدٌ، حَتَّى جَلَسَ إِلَى النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، فَأَسْنَدَ رُكْبَتَيْهِ إِلَى رُكْبَتَيْهِ، وَوَضَعَ كَفَّيْهِ عَلَى فَخِذَيْهِ، وَقَالَ: يَا مُحَمَّدُ، أَخْبِرْنِي عَنِ الْإِسْلَامِ، فَقَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «الْإِسْلَامُ أَنْ تَشْهَدَ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَأَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللهِ، وَتُقِيمَ الصَّلَاةَ، وَتُؤْتِيَ الزَّكَاةَ، وَتَصُومَ رَمَضَانَ، وَتَحُجَّ الْبَيْتَ إِنِ اسْتَطَعْتَ إِلَيْهِ سَبِيلًا» قَالَ: صَدَقْتَ، قَالَ: فَعَجِبْنَا لَهُ، يَسْأَلُهُ وَيُصَدِّقُهُ، قَالَ: فَأَخْبِرْنِي عَنِ الْإِيمَانِ، قَالَ: «أَنْ تُؤْمِنَ بِاللهِ، وَمَلَائِكَتِهِ، وَكُتُبِهِ، وَرُسُلِهِ، وَالْيَوْمِ الْآخِرِ، وَتُؤْمِنَ بِالْقَدَرِ خَيْرِهِ وَشَرِّهِ» قَالَ: صَدَقْتَ، قَالَ: فَأَخْبِرْنِي عَنِ الْإِحْسَانِ، قَالَ: «أَنْ تَعْبُدَ اللهَ كَأَنَّكَ تَرَاهُ، فَإِنْ لَمْ تَكُنْ تَرَاهُ فَإِنَّهُ يَرَاكَ» قَالَ: فَأَخْبِرْنِي عَنِ السَّاعَةِ، قَالَ: «مَا الْمَسْؤُولُ عَنْهَا بِأَعْلَمَ مِنَ السَّائِلِ» قَالَ: فَأَخْبِرْنِي عَنْ أَمَارَتِهَا، قَالَ: «أَنْ تَلِدَ الْأَمَةُ رَبَّتَهَا، وَأَنْ تَرَى الْحُفَاةَ الْعُرَاةَ الْعَالَةَ رِعَاءَ الشَّاءِ يَتَطَاوَلُونَ فِي الْبُنْيَانِ» قَالَ: ثُمَّ انْطَلَقَ، فَلَبِثْتُ مَلِيًّا ثُمَّ قَالَ لِي: «يَا عُمَرُ، أَتَدْرِي مَنِ السَّائِلُ؟» قُلْتُ: اللهُ وَرَسُولُهُ أَعْلَمُ، قَالَ: «فَإِنَّهُ جِبْرِيلُ، أَتَاكُمْ يُعَلِّمُكُمْ دِينَكُمْ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(3) – Умар ибн аль-Хаттаб (Аллах андан ыраазы болсун) мындай деди: «Күндөрдүн биринде биз Аллахтын элчисинин жанында олтурган элек. Ошол учурда жаныбызга аппак кийимчен, чачтары

капкара болгон бир киши келди. Анын кейпинде мусапырлык белги да жок, эч кимибиз аны таанybайт да экенбиз. Ал келип эле Аллахтын элчисинин тизесине тизесин тийгизип, колдорун сандарына коюп олтурду да:

– Оо, Мухаммад! Мага Ислам жөнүндө айтып бер - деди. Аллахтын элчиси:

– Ислам – бул Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок экендигине жана Мухаммад Анын элчиси экендигине күбөлүк берүүң, намазды толук аткарууң, зекет берүүң, Рамазан орозосун тутууң жана күчүң жетсе каабага ажылык кылууң - деп жооп берди. Жанагы киши:

– Туура айттың - деди.

Биз анын суроо берип, кайра өзү тастыктап жатканына таң калдык. Андан кийин ал:

– Эми мага Ыйман жөнүндө айтып бер - деп сурады. Аллахтын элчиси:

– Ыйман – бул Аллахка, Анын periштелерине, Анын китептерине, Анын пайгамбарларына, акырет күнүнө жана жакшылык менен жамандык тагдырдан болоруна ишенүүң - деп жооп берди. Ал киши:

– Туура айттың - деди. Анан:

– Эми мага Ихсан жөнүндө айтып бер - деди. Аллахтын элчиси: Ихсан – бул сен Аллахты көрүп

турганыңдай Ага сыйынууң. Сен Аны көрбөсөң да, Ал сени сөзсүз түрдө көрүп турат - деп жооп берди. Ал киши:

– Кыямат качан болорун айтып бер. - деди. Аллахтын элчиси:

– Бул жөнүндө суралуучу сурап жаткандан артык билбейт - деп жооп берди. Ал киши:

– Андай болсо, мага кыяматтын белгилери туурасында айтып бер - деди. Ал айтты:

– Күңдөн өзүнүн кожоюну төрөлөт, жылаң аяк, киерге кийими жок кедей малчылар бийик-бийик имараттарды куруууда бири-бири менен атаандашканына күбө болосуң - деп жооп берди. Умар айтты: «Андан кийин ал киши кетип калды. Арадан бир топ убакыт өткөндөн кийин Аллахтын элчиси менден:

– Эй, Умар! Суроо узаткан киши ким экенин билесиңби? - деп сурады. Мен:

– Аллах жана Анын элчиси жакшы билет. - Деп жооп бердим. Ошондо ал:

– Чындыгында, ал Жебирейил периште болчу. Силерге диниңерди үйрөткөнү келген эле - деп айтты». [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Умар ибн аль-Хаттабка (Аллах андан ыраазы болсун) Жебирейил периште сахабаларга белгисиз бир кишинин кейпинде келгендигин кабарлап жатат. Ал кишинин сыпаттары – кийими өтө аппак, чачы өтө кара. Чарчагандай, чаң баскандай, чачы жүдөгөй, кийими кирдегендей болуп сапардын белгиси көрүнбөйт. Ал жерде отургандардын эч кимиси аны тааныбайт. Алар Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен бирге отурганда, ал киши Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) алдына үйрөнүүчү катары отуруп, андан Ислам жөнүндө сурады. Ошондо Пайгамбар ага эки күбөлүккө моюн сунуу, беш убак намазды окуу, татыктууларга зекет берүү, Рамазан айынын орозосун кармоо жана мүмкүнчүлүгү барларга ажылык парзын аткаруу сыяктуу Ислам түркүктөрүн айтып жооп берди.

Суроо узаткан: Туура айттың деп айтты. Ошондо, сахабалар анын бул суроолорду билбестигинен сурап анан аны тастыктап жатканына таң калышты.

Андан кийин ал киши Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыйман

жөнүндө сурады. Ошондо ал Аллах Тааланын бар экенин жана Анын сыпаттарына ыйман келтирүү тууралуу, жаратуу сыяктуу иштерде Аллах жалгыз экенин, ибадат Жалгыз Ага гана болоорун айтты. Жана Аллах нурдан жараткан периштелер алар Аллах Таалага каршы чыгышпайт, Анын буйругу менен иш кылышат, ар дайым ибадатта болушат деп аларды айтты. Жана Пайгамбарларга Аллах Тааладан түшүрүлгөн Куран, Тоорат, Инжил ж.б. китептерге жана Аллахтын динин Аллахтын атынан жеткирген элчилерге, алардын арасынан Нух, Ибрахим, Муса, Иса, жана акыркы пайгамбар Мухаммадка (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ж.б. пайгамбарларга жана элчилерге ыйман келтирүү деп айтты. Жана Акырет күнүнө ыйман келтирүүнү айтты. Акырет күнүнө ыйман келтирүүгө өлгөндөн кийин кабырда боло турган нерселер, Барзах ааламындагы жашоо, адамдын өлгөндөн кийин кайра тирилүүсү, сурак берээри жана анын кайра барар жери Бейиш же Тозок болоору ж.б.у.с. нерселер кирээрин айтты. Жана Аллахтын бардык нерселерди Өзүнүн алдын ала билгенине, даанышмандыгына, жазуусуна жараша тагдыр кылганына ыйман келтирүүнү айтты. Жана ал нерселер Аллахтын каалоосу менен болоору жана алардын ишке ашуусу

Аллахтын тагдыр кылганына жана жаратканына жараша болooруна ыйман келтирүү деп алты түркүктүн баарын айтып жооп берди. Андан кийин ал киши Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ихсан жөнүндө сурады. Ага Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ихсан бул Аллахты көрүп тургандай ибадат кылуу экенин айтты. Эгерде ал ихсандын бул даражасына жетпесе, анда Аллах Таала аны көрүп тургандай ибадат кылсын. Ихсандын биринчи даражасы – бул Аллахты көрүп тургандай ибадат кылуу. Ал эң жогору даража. Ал эми экинчи даражасы – бул Аллах Таала аны көзөмөлдөп тургандай ибадат кылуу.

Андан кийин ал киши Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Кыямат качан болорун сурады. Ошондо Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Кыяматтын качан болорун билүү Аллахтын Өз илимине жашырылган нерсе экенин жана аны макулуктардан эч ким, жада калса ал жөнүндө суралуучу да, сурап жаткан да билбей турганын баяндады.

Андан кийин Пайгамбардан Кыяматтын белгилери жөнүндө сурады. Кыяматтын белгилеринен күң аялдардын жана алардын балдарынын көптүгү, же

күңгө мамиле кылгандай энелерине баш ийбеген балдардын көптүгү. Жана Акыр заманда чабандар жана кедейлер үчүн дүнүйө кеңейип, алар имараттарды жасалгалоо жана куруу менен сыймыктанышы тууралуу айтты.

Андан кийин Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул суроону сахабаларга ушул акыйкат динди үйрөтүү үчүн келген Жебирейил периште экенин айтты.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жакшы кулк-мүнөзү жана анын сахабалары менен отурушу жана сахабалар аны менен бирге отурушу.

2. Тынчсызданбай, коркпой сураш үчүн суроо берүүчүгө боорукер болуу жана аны жакын тутууга шарт түзүү.

3. Мугалим менен болгон адеп. Бул Жебирейил периштенин Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, алдына андан илим алуу үчүн адептүү болуп отурушу.

4. Исламдын түркүгү бешөө, ал эми ыймандын негиздери алтоо.

5. Ислам менен ыйман сүйлөмдө чогуу келгенде Ислам тышкы иштерди, ал эми ыйман ички иштерди түшүндүрөт.

6. Динде ар кандай даражалар бар экенин баяндоо.

7. Биринчи даража: Ислам, экинчи: Ыйман жана үчүнчү даража: Ихсан. Бул ихсан даражалардын эң жогоркусу.

8. Суроочудагы негизги нерсе бул билимсиздик. Сабатсыздык суроо бөрүүгө түрткү болот. Ошондуктан сахабалар ал кишинин суроо берип анан аны тастыктаганына таң калышты.

9. Эң негизги нерседен баштоо. Анткени Исламды чечмелөөдө эки күбөлүк келиме менен башталып, ыйманды чечмелөөдө Аллахка ыйман келтирүү менен башталды.

10. Суроо узаткан адам башкалар билсин деп билген нерсесин аалымдардан суроосу.

11. Кыяматтын качан болорун билүү илими – бул Аллах сактап койгон илим.

(4563)

(4) – عَنْ عَبْدِ اللهِ بنِ عُمَر رضي الله عنهما قال: قال رسولُ الله صلى الله عليه وسلم: «بُنِيَ الْإِسْلَامُ عَلَى خَمْسٍ: شَهَادَةِ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَأَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ، وَإِقَامِ الصَّلَاةِ، وَإِيتَاءِ الزَّكَاةِ، وَحَجِّ الْبَيْتِ، وَصَوْمِ رَمَضَانَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(4) – Абдулла бин Умар (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ислам беш нерсеге (түркүккө) негизделген: Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок, Мухаммад Анын кулу жана элчиси деп күбөлүк берүү, намаз окуу, зекет берүү, (Каабага) ажылык кылуу, Рамазанда орозо кармоо". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Исламды бекем курулушка окшоткон. Ал курулушту кармап турган түркүктөрү Исламдын беш түркүгү, ал эми Исламдын башка жөрөлгөлөрү курулушту толуктап бүтүрөт. Бул түркүктөрдүн биринчиси: эки күбөлүк; Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок жана Мухаммад Анын элчиси деген күбөлүктөр. Бул экөө бири-биринен ажырагыс

болгон бир түркүк. Пенде бул эки күбөлүктү Аллахтын жалгыздыгын, Ал гана ибадатка татыктуу экендигин, Андан башка ибадатка татыктуу жоктугун моюндап айтат. Бул күбөлүктүн талабын аткарып амал кылат. Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) алып келген динине ишенип, анын артынан ээрчийт. Экинчи түркүк: Намаз окуу. Бул бир сутка ичинде окула турган беш убак парз намаз. Алар: Багымдат, бешим, дигер, шам жана куптан. Намаз окуганда анын (сырткы) шарттары, (ички) үрүкүн-парздары жана ваажыбдары толук аткарылуусу керек. Үчүнчү түркүк: Парз болгон зекетти берүү. Бул шариятта чектелип көрсөтүлгөн чек-өлчөмгө жеткен малдан милдеттүү түрдө бериле турган байлыкка тиешелүү ибадат. Зекет аны алууга ылайыктуу болгон адамдарга берилет. Төртүнчү түркүк: Ажы кылуу. Бул Аллахка кулчулук кылуу үчүн Меккени максат кылып барып, анда ажылыктын талап, тартиптерин аткаруу. Бешинчи түркүк: Рамазан айында орозо тутуу. Бул таң аткандан баштап, күн батканга чейин Аллахка кулчулук кылуу ниети менен жегенден, ичкенден ж.б. орозону буза турган иштерден сактануу.

## Хадистин пайдалары:

1. Эки күбөлүктү бекем кармоо зарыл, алардын бири болбосо, экинчиси жарактуу болбойт, ошон үчүн экөө бир түркүк болуп эсептелет.
2. Бул эки күбөлүк диндин негизи, бул экөөсүз сөз дагы, амал дагы кабыл кылынбайт.

(65000)

(5) – عَنْ مُعَاذٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ، قَالَ: كُنْتُ رِدْفَ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ عَلَى حِمَارٍ يُقَالُ لَهُ عُفَيْرٌ، فَقَالَ: «يَا مُعَاذُ، هَلْ تَدْرِي حَقَّ اللَّهِ عَلَى عِبَادِهِ، وَمَا حَقُّ العِبَادِ عَلَى اللَّهِ؟»، قُلْتُ: اللَّهُ وَرَسُولُهُ أَعْلَمُ، قَالَ: «فَإِنَّ حَقَّ اللَّهِ عَلَى العِبَادِ أَنْ يَعْبُدُوهُ وَلا يُشْرِكُوا بِهِ شَيْئًا، وَحَقَّ العِبَادِ عَلَى اللَّهِ أَنْ لا يُعَذِّبَ مَنْ لا يُشْرِكُ بِهِ شَيْئًا»، فَقُلْتُ: يَا رَسُولَ اللَّهِ أَفَلاَ أُبَشِّرُ بِهِ النَّاسَ؟ قَالَ: «لا تُبَشِّرْهُمْ، فَيَتَّكِلُوا». [صحيح] - [متفق عليه]

(5) – Муаз (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен Уфайр аттуу эшектин үстүндө учкашып бара жаткам. Ошондо Пайгамбар айтты: "Эй, Муаз! Сен пенделердин Аллахка болгон акыларын жана Аллахтын пенделерине болгон акысын билесиңби?" - деп сурады. Мен: "Аллах жана Анын Элчиси жакшы билет" - деп

айттым. Ал: "Пенделердин Аллахка болгон акылары - жалгыз Ага гана сыйынуулары жана Ага эч кимди шерик кылбоосу - деп айтты. Ошондой эле Аллахтын пенделерине болгон акысы - ал Өзүнө шерик кошпогон пендесин азапка салбоосу" - деди. Мен: "О, Аллахтын Элчиси! Мен бул кабарды элге айтып сүйүнчүлөсөм кандай?" - дедим. Ал: "Аларды сүйүнчүлөбөй эле кой. Андай кылсаң алар ушуга таянып алышат" - деп айтты.

[Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтын пенделердеги акысын жана пенделердин Аллахтагы акысын баяндап берди. Аллахтын пенделердин үстүндөгү акысы – алар жалгыз Ага ибадат кылуулары жана Ага эч нерсени шерик кылбоо экендигин айтты. Ал эми пенделердин Аллахтагы акысы – Ага эч нерсени шерик кошпой, жалгыз Өзүнө сыйынган пенделерин азаптабашы. Андан кийин Муаз айтты: Оо, Аллахтын Элчиси, мен адамдарга сүйүнчүлөп, алар бул жакшылыкка кубанып, сүйүнүшпөсүнбү? - деп сурады. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): **«Ушуга гана таянып калышат»** - деп коркуп, аны тыйды.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллах Таала парз кылган пенделердин Аллахка болгон акыларын түшүндүрдү. Ал акылары - Аллахка гана сыйынуулары жана эч кимди шерик кошпоолору.

2. Аллах Өзүнүн пазилети жана жакшылыгы менен Өзүнө милдет кылган пенделеринин акысы - аларды эч бир азапка салбай бейишке киргизүү

3. Бул хадисте Аллах Таалага эч нерсени шерик кошпогон муваххидтерге, алардын акыбети бейишке кирүү экендигине чоң сүйүнчү бар.

4. Бул хадисти Муаз (Аллах андан ыраазы болсун) өлөр алдында айткан. Анткени ал илимди жашыруу күнөөсүнөн коркуп элге айткан.

5. Сөзсүз аткарыла турган өкүмдөрдү жана шарияттын чектерин камтыбаган кээ бир хадистерди анын маанисин түшүнбөгөн адамдар башкача мааниде түшүнүп алуусунан коркуп, кээ бир адамдарга айтпаса болот.

6. Ал эми күнөөкөр муваххидтер Аллахтын каалоосунун астында. Ал кааласа азаптайт, кааласа кечирет. Бирок алардын акыркы бара турган жайы бейиш болот.

(65007)

(6) – عن أنس بن مالك رضي الله عنه: أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ وَمُعَاذٌ رَدِيفُهُ عَلَى الرَّحْلِ قَالَ: «يَا مُعَاذُ بْنَ جَبَلٍ»، قَالَ: لَبَّيْكَ يَا رَسُولَ اللهِ وَسَعْدَيْكَ، قَالَ: «يَا مُعَاذُ»، قَالَ: لَبَّيْكَ يَا رَسُولَ اللهِ وَسَعْدَيْكَ، ثَلَاثًا، قَالَ: «مَا مِنْ أَحَدٍ يَشْهَدُ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ وَأَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللهِ صِدْقًا مِنْ قَلْبِهِ إِلَّا حَرَّمَهُ اللهُ عَلَى النَّارِ»، قَالَ: يَا رَسُولَ اللهِ، أَفَلَا أُخْبِرُ بِهِ النَّاسَ فَيَسْتَبْشِرُوا؟ قَالَ: «إِذًا يَتَّكِلُوا». وَأَخْبَرَ بِهَا مُعَاذٌ عِنْدَ مَوْتِهِ تَأَثُّمًا. [صحيح] - [متفق عليه]

(6) – Анас бин Малик (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Муазды улоосуна учкаштырып баратып: "Муаз бин Жабал!" - деди. Ал: "Кызматыңызга даярмын, о, Аллахтын элчиси!" - деди. "Муаз!" - деди дагы. "Кызматыңызга даярмын, о, Аллахтын элчиси!" - деди ал. Ушунтип үч жолу айткандан кийин: " Ким чын жүрөгү менен: "Лаа илааха иллаллооху, ва анна Мухамммадан аъбдуху ва расуулух" - деп күбөлүк берсе, Аллах анын тозокко кирүүсүн арам кылат" - деди. "О, Аллахтын элчиси, муну адамдарга айтып

сүйүнчүлөйүнбү?" - деди Муаз. "Андай кылсаң, ушуга таянып алышат" - деди. Бул хадисти Муаз өлөр алдында хадисти айтпай жашырып кетүүдөн корккону үчүн айтты. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Муаз (Аллах андан ыраазы болсун) Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) артында, анын улоосуна учкашып бараткан. Аны: "Эй, Муаз!" - деп үч жолу чакырган, анткени ага айта турган сөзү өтө маанилүү экенин билдирген.

Анын ар бир чакырыгына Муаз (Аллах андан ыраазы болсун) "Лаббайка, я расуулуллоохи, ва саъдайка" деп "Сизге кайра-кайра жооп кайтарууга даярмын, о Аллахтын элчиси, сизге жооп берүү мен үчүн бакыт алып келет деп үмүт кылам" - деп жооп берип жатты.

Ошондон кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким "Лаа илааха иллаллоох" деп т.а. Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок, Мухаммад болсо Аллахтын элчиси деп жалган эмес, чын жүрөгүнөн

күбөлүк берсе, анан ошол абалында өтүп кетсе, Аллах аны тозокко киргизбестигин кабарлады.

Муаз (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) анын айтканын адамдарга кабарлап, аларды кубантып сүйүнчүлөйүнбү деп сурайт.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдар ошого үмүт артып, башка амалдарын таштап коёбу деп чочулайт.

Муаз (Аллах андан ыраазы болсун) бул хадисти өлүм сааты жакындаганга чейин эч кимге айткан эмес. Өлүмүнө жакын хадисти айтпай жашырганы үчүн күнөөкөр болуп калуудан коркуп айткан.

## Хадистин пайдалары:

1. Муазды улоосуна учкаштырып алганы пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кичи пейил, жөнөкөйлүгүнөн.

2. Айта турган сөзүнө жакшы көңүл бурдуруу үчүн Муазга кайра-кайра кайрылганы пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) таалим берүүдөгү мыкты ыкмаларынан.

3. Күбөлүк келмесинин шарттарынын бири: Лаа илааха иллаллоооху ва анна Мухаммадан расуулуллохи келмесин айтуучу жалгандан эмес, шектенбей, бекем ишеним менен чын жүрөктөн айтышы керек.
4. Бир кудайга сыйынуу ишеними менен өткөн адамдар тозокто түбөлүк калбайт. Эгер күнөө себептүү тозокко кирсе да, тазалангандан кийин андан чыгып бейишке кирет.
5. Чын жүрөгү менен айткан адамга бул эки күбөлүктүн артыкчылыгы чоң.
6. Эгер туура эмес түшүнүктү пайда кыла турган болсо, кээ бир абалдарда хадисти жашырып айтпай турган оң.

(10098)

(7) – عن طارق بن أشيم الأشجعي رضي الله عنه قال: سمعت رسول الله صلى الله عليه وسلم يقول: «مَنْ قَالَ: لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَكَفَرَ بِمَا يُعْبَدُ مِنْ دُونِ اللهِ حَرُمَ مَالُهُ وَدَمُهُ، وَحِسَابُهُ عَلَى اللهِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(7) – Таарик бин Ашйам ал-Ашжаъи (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип

айтканын уктум: "Ким: Лаа илааха иллаллоох" деп айтып, Аллахтан башка ибадат кылынган нерселерден баш тартса, анын мал-мүлкү жана каны арам болот. Ал эми сурагы Аллахка таандык". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Алллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким "лаа илааха иллаллоох" деп тактап айтканда, Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок деп тили менен айтса, күбөлүк берсе, анан Аллахтан башка сыйынып жүргөн нерселеринен баш тартса, Исламдан башка бардык диндерден баш тартса, анын каны жана малы мусулмандарга арам болорун кабарлаган. Биз анын сырткы амалына гана карайбыз, анын малы тартып алынбайт, каны төгүлбөйт. Бирок кокус кылмыш кылып, же жазага кириптер болуп калса гана Ислам өкүмдөрү менен кылмышына жараша өкүм чыгарылат.

Ал эми анын эсеп-кысабын кыямат күнү Аллах жүргүзөт, эгер айтканында чынчыл болсо сообун алат, эгер эки жүздүүлүк кылып жалган айткан болсо жазасын алат.

## Хадистин пайдалары:

1. "Лаа илааха иллаллоох" деп тил менен айтуу жана Аллахтан башка сыйынып жүргөн нерселерин таштоо Исламга кирүүнүн шарты.
2. (Лаа илааха иллаллоохунун мааниси, Аллахтан башка кабыр, таш-буркан ж.б. сыйынылып жүргөн нерселерден баш тартуу, ибадат кылууда Аллахты жалгыздоо.
3. Ким тавхидди айтып, анын шарттарын сырткы көрүнүшүндө карманса, мунун каршысы андан ачык дайын болмоюнча ага тийишпөө важиб.
4. Мусулмандын малы, каны жана абийири арам, бирок жазыгы болсо арам эмес.
5. Бул дүйнөдө адамдын сырткы амалдарына карай өкүм чыгарылат, акыретте болсо ниетине жана максатына каралат.

(6765)

(8) – عَنْ جَابِرٍ رضي الله عنه قَالَ: أَتَى النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ رَجُلٌ فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللهِ، مَا الْمُوجِبَتَانِ؟ فَقَالَ: «مَنْ مَاتَ لَا يُشْرِكُ بِاللهِ شَيْئًا دَخَلَ الْجَنَّةَ، وَمَنْ مَاتَ يُشْرِكُ بِاللهِ شَيْئًا دَخَلَ النَّارَ» [صحيح] - [رواه مسلم]

(8) – Жабир (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир киши келип: Оо, Аллахтын Элчиси, милдет болгон негизги эки нерсе эмне? - деп айтты. Ал айтты: «Ким Аллахка шерик кошпой өлсө бейишке кирет, ал эми ким шерик кошуп өлсө тозокко кирет». [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Бир киши Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өзгөчө эки маселе туурасында сурады. Алар: Бейишке киргизген амал жана тозокко түшүргөн амал. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага: "Бейишке киргизген нерсе - ал адам Аллахка сыйынып жана ага эч нерсени шерик кылбай өтүшү" - деп жооп берди. Ал эми тозокко түшүүгө себеп болгон нерсе - бул адам Аллахка шерик кошуп өлгөндө, бирөөнү Аллахка тең же Анын улухуятында, же рубубиятында, же Анын ысымдары менен сыпаттарында окшош деп эсептегенде болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Тавхиддин пазилети. Анткени кимде-ким Аллахка эч нерсени шерик кылбай ыймандуу болуп өлсө, бейишке кирет.
2. Ширк келтирүүнүн коркунучу. Анткени ким Аллахга шерик кылып өлсө, тозокко кирет.
3. Ал эми күнөөкөр муваххидтер Аллахтын каалоосунун астында. Ал кааласа азаптайт, кааласа кечирет. Бирок акырында алардын барар жери бейиш болот.

(65008)

(9) – عَنْ عَبْدِ اللهِ بنِ مَسْعُودٍ رضي الله عنه قال: قَالَ النَّبِيُّ صلى الله عليه وسلم كَلِمَةً وَقُلْتُ أُخْرَى، قَالَ النَّبِيُّ صلى الله عليه وسلم: «مَنْ مَاتَ وَهُوَ يَدْعُو مِنْ دُونِ اللهِ نِدًّا دَخَلَ النَّارَ» وَقُلْتُ أَنَا: مَنْ مَاتَ وَهُوَ لَا يَدْعُو لِلهِ نِدًّا دَخَلَ الْجَنَّةَ. [صحيح] - [متفق عليه]

(9) – Абдуллах бин Масуъд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир сөздү айткан, мен болсо андан башкасын айттым. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): " Ким Аллахтан башкага кудай деп дуба кылып жүрүп өлсө, тозокко кирет" - деди. Мен болсо: Ким Аллахтан башканы кудай деп дуба кылбастан өлсө, бейишке кирет - дедим. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оездон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким Аллах Таалага аткарыла турган кайсы бир ишти, мисалы Аллахтан башкага дуба кылуу, Андан башкадан жардам суроо сыяктуу иштерди кылса жана ошентип жүрүп дүйнөдөн өтүп кетсе, ал тозоктун тургуну болорун кабарлаган. Ал эми Абдуллах бин Масуъд (Аллах андан ыраазы болсун) буга кошумчалап, кимде-ким Аллахка эч нерсени шерик кылбай (Аллахтын өзүнө ибадат кылып) жүрүп дүйнөдөн өтсө, анын турагы бейиш болорун айткан.

## Хадистин пайдалары:

1. Дуба - бул, Аллахтан башкага аткарылбай турган ибадат.

2. Тавхиддин б.а. бир Аллахка сыйынуу ишениминин артыкчылыгы айтылган, анткени ким тавхид менен өлсө, кээ бир күнөөлөрү үчүн азапталса да, акыры бейишке кирет.

3. Ширктин коркунучтуулугу айтылган, анткени ким шерик кошуп жүрүп дүйнөдөн өтүп кетсе, тозокко кирет.

(3419)

(10) – عَنِ ابْنِ عَبَّاسٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ لِمُعَاذِ بْنِ جَبَلٍ، حِينَ بَعَثَهُ إِلَى الْيَمَنِ: «إِنَّكَ سَتَأْتِي قَوْمًا أَهْلَ كِتَابٍ، فَإِذَا جِئْتَهُمْ فَادْعُهُمْ إِلَى أَنْ يَشْهَدُوا أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَأَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللهِ، فَإِنْ هُمْ أَطَاعُوا لَكَ بِذَلِكَ، فَأَخْبِرْهُمْ أَنَّ اللهَ قَدْ فَرَضَ عَلَيْهِمْ خَمْسَ صَلَوَاتٍ فِي كُلِّ يَوْمٍ وَلَيْلَةٍ، فَإِنْ هُمْ أَطَاعُوا لَكَ بِذَلِكَ، فَأَخْبِرْهُمْ أَنَّ اللهَ قَدْ فَرَضَ عَلَيْهِمْ صَدَقَةً تُؤْخَذُ مِنْ أَغْنِيَائِهِمْ فَتُرَدُّ عَلَى فُقَرَائِهِمْ، فَإِنْ هُمْ أَطَاعُوا لَكَ بِذَلِكَ، فَإِيَّاكَ وَكَرَائِمَ أَمْوَالِهِمْ، وَاتَّقِ دَعْوَةَ الْمَظْلُومِ، فَإِنَّهُ لَيْسَ بَيْنَهُ وَبَيْنَ اللهِ حِجَابٌ». [صحيح] - [متفق عليه]

(10) – Ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Муьаз ибну Жабалды Йеменге жөнөтүп жатканда ага мындай деп айтты: «Сен китеп ээлеринен болгон коомго барасын. Аларга барганыңда аларды: «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Аллахтын элчиси» - деп күбөлүк берүүгө чакыр. Эгер алар аны кабыл кылышса, анда Аллах аларга бир күндө беш убак намазды парз кылгандыгын кабар бергин. Эгер алар аны кабыл кылышса, анда Аллах алардын байларынан алынып кедейлерине бериле турган зекетти парз кылгандыгын кабар бергин.

Эгерде алар аны кабыл кылышса, зекетке алардын эң жакшы малын алып коюудан алыс бол. Зулум чеккен адымдын дубасынан сактан. Анткени анын дубасы менен Аллахтын ортосунда тосмо жок. **[Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]**

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Муъаз ибн Жабалды (Аллах андан ыраазы болсун) Йемен жергесине Аллахка чакыруу үчүн жана динди үйрөтүү үчүн жиберип жатканда, ал христиан коому менен жолугушаарын жана алар менен жолугууга даяр болуусун кабарлады. Андан кийин аларга даават кылганда эң маанилүүсүнөн баштаарын айтты. Ошондуктан Муъаз ибну Жабал баштап аларды: **«Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок, Мухаммад Аллахтын элчиси»** - деп күбөлүк беришип, акыйдаларын оңдоого чакырды. Анткени алар бул келимени айтуу менен Исламга киришет. Муъаз ибну Жабал алар Исламды кабыл алышканда аларды намаз окууга буйурду. Анткени намаз таухид келимесинен кийинки эң улуу парз. Андан кийин алар намазды окушканда, алардын

байларына мал-мүлктөрүнүн зекетин кедейлерине берүүгө буйурду. Андан кийин зекетке малдын эң жакшысын алуудан тыйды. Анткени малдын орточосунан алуу важип. Андан кийин Муьаз бин Жабалга зулум чеккен адам дуба кылбоо үчүн Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага зулумдук кылуудан сактанууну насаат кылды. Анткени зулум чеккен адамдын дубасы сөзсүз кабыл болот.

## Хадистин пайдалары:

1. **«Лаа илааха иллаллах»** келимесинин мааниси жалгыз Аллахка гана ибадат кылуу жана Андан башкага ибадат кылууну таштоо.

2. **«Мухаммад расулуллах»** келимесинин мааниси; Пайгамбарга, анын алып келген динине ыйман келтирип, аны тастыктоо жана ал Аллахтын адамзатка жиберген элчилеринин эң акыркысы экенине ыйман келтирүү.

3. Аалымдын динде шек-күмөнү бар адам менен сүйлөшүүсү сабатсыз адам менен сүйлөшкандөй болбошу керек. Ошондуктан Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Муьазга: **«Сен китеп**

**эзлеринен болгон коомго барасын»** - деп эскертти.

4. Мусулман адам шек-күмөндөн жана туура эмес түшүнүктөн арылуу үчүн илим алуу менен өз динин билүүсү зарыл.

5. Яахудийлердин жана христиандардын дини Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жиберилгенден кийин жараксыз болду. Алар Ислам динин кабыл алып, Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыйман келтирмейинче кыямат күнү тозоктон кутула алышпайт.

(3390)

(11) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه أَنَّهُ قَالَ: قِيلَ: يَا رَسُولَ اللهِ، مَنْ أَسْعَدُ النَّاسِ بِشَفَاعَتِكَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ؟ قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «لَقَدْ ظَنَنْتُ يَا أَبَا هُرَيْرَةَ أَنْ لَا يَسْأَلَنِي عَنْ هَذَا الْحَدِيثِ أَحَدٌ أَوَّلُ مِنْكَ؛ لِمَا رَأَيْتُ مِنْ حِرْصِكَ عَلَى الْحَدِيثِ، أَسْعَدُ النَّاسِ بِشَفَاعَتِي يَوْمَ الْقِيَامَةِ، مَنْ قَالَ لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ خَالِصًا مِنْ قَلْبِهِ أَوْ نَفْسِهِ». [صحيح] - [رواه البخاري]

(11) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: «Оо, Аллахтын элчиси! «Кыямат күнү сенин шапаатың менен эң бактылуу адам

ким?» - деп сураганда, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): «Оо, Абу Хурайра! Сенин хадиске болгон кызыгууңду көргөнүмдө бул хадисти сенден алдын эч ким сурабайт деп ойлогонмун. Кыямат күнү менин шапаатым менен эң бактылуу болгон адам ал «Лаа илааха иллаллах» келимесин чын ыклас менен жүрөгүнөн же напсисинен айткан адам» - деп айтты». [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кыямат күнү анын шапааты менен эң бактылуу адам: **«Лаа илааха иллаллах, б.а. Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок»** - деп эл көрсүн дебей жана ширк кылбастан, чын ыклас менен жүрөгүнөн айткан адам экендигин кабар берип жатат.

## Хадистин пайдалары:

1. Акыретте Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) шапаат берилээрин жана ал бир гана чыныгы муаххидтер (2) үчүн болоору тастыкталып жатат.

2. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) шапааты бул - тозокко кирүүгө татыктуу болгон момундардын

тозокко кирбештиги үчүн, эгерде тозокко кирген болсо ал жактан чыгуусу үчүн Аллах менен алардын ортосуна түшкөн Пайгамбардын ортомчулугу.

3. Калыс Аллах Таала үчүн айтылган таухид келимесинин пазилети жана анын чоң таасири.

4. Таухид келимесин ишке ашыруу анын маанисин билүү жана анын талабына ылайык амал кылуу менен болот.

5. Абу Хурайранын (Аллах андан ыраазы болсун) пазилети жана илимге болгон кызыгуусу.

(3414)

(12) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم:

«الْإِيمَانُ بِضْعٌ وَسَبْعُونَ -أَوْ بِضْعٌ وَسِتُّونَ- شُعْبَةً، فَأَفْضَلُهَا قَوْلُ لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَأَدْنَاهَا إِمَاطَةُ الْأَذَى عَنِ الطَّرِيقِ، وَالْحَيَاءُ شُعْبَةٌ مِنَ الْإِيمَانِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(12) – Абу Хурайра (ага Алллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактосу болсун) минтип айткан: "Ыйман жетимиш канча, же алтымыш канча бутактан турат. Анын эң бийиги "Лаа илааха иллаллоох" сөзү, эң төмөнү жолдон зыяндуу нерсени алып

таштоо .Уяттуулук да ыймандын бир бутагы". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыймандын амалды, ишенимди жана сөздү ичине камтыган бир канча бутактары жана түрлөрү бар экенин кабарлады.

Ыймандын түрлөрүнүн эң абзели: "Лаа илааха иллаллоох" келменин маанисин түшүнүү менен, талабын аткарып амал кылуу менен айтуу. Чынында, Аллах Таала ибадат кылууга татыктуу Жалгыз Кудай, Андан башка ибадатка татыктуу кудай жок.

Ыймандын амалдарынын эң азы адамдарга зыянын тийгизе турган нерселерди алардын жолунан тазалап алып таштоо.

Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) уяттуулук да ыймандын бир бөлүгү экенин айткан. Уяттуулук бул жаман ишти таштап, жакшы ишти кылууга түрткү болгон кулк-мүнөз.

## Хадистин пайдалары:

1. Ыймандын биринен бири өйдө болгон даражалары бар.
2. Ыйман - бул тилде, амалда жана жүрөктө болот.

3. Аллах Тааладан уялуу деген - ал Сени тыйган жерде Аллах сени көрбөстүгү, сага буйруган иште Ал сени жоготпостугу.

4. Сандардын айтылуусу ушунча санда деген маани эмес, бул жөн эле ыйман амалдарынын көптүгүн билдирет. Арабтарда кайсы бир нерсеге санды айтышса, андан башка санды жокко чыгарбайт.

(6468)

(13) – عَنْ عَبْدِ اللهِ بنِ مَسْعُودٍ رضي الله عنه قال: سَأَلْتُ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: أَيُّ الذَّنْبِ أَعْظَمُ عِنْدَ اللهِ؟ قَالَ: «أَنْ تَجْعَلَ لِلهِ نِدًّا وَهُوَ خَلَقَكَ» قُلْتُ: إِنَّ ذَلِكَ لَعَظِيمٌ، قُلْتُ: ثُمَّ أَيُّ؟ قَالَ: «وَأَنْ تَقْتُلَ وَلَدَكَ؛ تَخَافُ أَنْ يَطْعَمَ مَعَكَ» قُلْتُ: ثُمَّ أَيُّ؟ قَالَ: «أَنْ تُزَانِيَ حَلِيلَةَ جَارِكَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(13) – Абдуллах бин Масуъд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Кайсы күнөө Аллах үчүн өтө оор? - деп пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сурадым. "Ал сени жаратканына карабай, Ага башканы шерик кошууң" - деди. Ырас, бул өтө оор. Андан кийин кайсы күнөө? - деп сурадым. "Өзүң менен бирге аны багуудан коркуп, балаңды өлтүрүүң" - деди. Андан кийин кайсы? - дедим. "Кошунаңдын аялы менен ойноштук

кылууң" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эң чоң күнөөлөр тууралуу суралды эле, ал мындай деди: Күнөөнүн эң чоңу - чоң ширк. Чоң ширк - бул, Аллахка Анын улухиятына же рубубиятына же ысым-сыпаттарына башканы окшоштуруп, шерик кылып алуу. Бул күнөөнү Аллах Таала тообо аркылуу гана кечирет. Эгер ширк кылып жүргөн адам тообо кылбай өтүп кетсе, анда ал тозокто түбөлүк калат. Андан кийинкиси багуудан коркуп баласын өлтүрүү. Адам өлтүрүү арам. Ал эми өлтүрүлгөн адам өлтүрүүчүнүн канынан бүткөн адам болсо, анын күнөөсү мындан да оор. Анан да эгер өлтүрүүчүнүн өлтүрүүдөгү максаты өзүн ырыскы берүүдө Аллахка шерик кылып алып, ырыскы бере албайм деп коркон учурда болсо күнөө ого бетер оорлойт. Андан кийинкиси кошунасынын аялы менен зына кылуусу, кошунасынын аялына кыянаттык кылуу менен зына кылып, аны өзүнө көндүрүп алуу. Зына кылуу арам. Бирок шарият жакшылык кылууга жана жакшы мамиледе болууга үндөгөн кошунанын аялы менен зына кылуу күнөөнү ого бетер оорлотот.

## Хадистин пайдалары:

1. Ийги иш-амалдар (сообунун) артыкчылыгында айырмаланган сыяктуу, күнөөлөр да чоңдугуна жараша айырмаланат.

2. Күнөөлөрдүн эң чоңу: Аллах Таалага ширк кылуу, андан кийинкиси өзүң менен бирге багуудан коркуп балаңды өлтүрүүң, андан кийинкиси кошунаңдын аялы менен зынаа кылууң.

3. Ырыскы Аллахтын колунда, жаратылгандардын баарынын ырыскысын Ал Өз моюнуна алган.

4. Кошунанын укугу жогору. Ага зыян тийгизүү башкага зыян тийгизүүдөн оор күнөө.

5. Жаратуучу, Ал гана ибадат кылынууга татыктуу, Ал жалгыз, Анын шериги да жок.

(5359)

(14) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «قَالَ اللهُ تَبَارَكَ وَتَعَالَى: أَنَا أَغْنَى الشُّرَكَاءِ عَنِ الشِّرْكِ، مَنْ عَمِلَ عَمَلًا أَشْرَكَ فِيهِ مَعِي غَيْرِي تَرَكْتُهُ وَشِرْكَهُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(14) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) рываят кылган хадисте Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун)

айтты: «Улуу Аллах Таала айтты: «Мен ширк келтирген шериктерге муктаж эмесмин. Ким Мага иш-аракетти кылууда башканы шерик кошсо, анда Мен аны да, ошол ширкин да таштаймын. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала ширк келтирген шериктерге муктаж эмес. Бардык нерсе Аллахка муктаж. Ал эч бир нерсеге муктаж эмес экендигин баяндап жатат. Эгерде инсан кандайдыр бир ибадат кылып, ниетинде Аллах үчүн жана башка бирөө үчүн болсо, анда Аллах аны кабыл кылбастан, аны таштап, ширкин кайра ээсине кайтарып коёрун кабарлап жатат. Ошондуктан иш-аракеттерди ихлас менен Аллах үчүн кылуу зарыл. Анткени Аллах ихлас менен аткарылган иш-аракеттерди гана кабыл кылат.

## Хадистин пайдалары:

1. Ширктин бардык түрүнөн алыс болуу. Ширк себептүү иш-аракеттер кабыл болбойт.
2. Аллах улуу жана эч кимге муктаж эмес экендигин эстеп жүрүү иш-аракеттерди ихлас менен аткарууга жардам берет.

(3342)

(15) – عن أبي هريرة رضي الله عنه أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال: «كُلُّ أُمَّتِي يَدْخُلُونَ الْجَنَّةَ إِلَّا مَنْ أَبَى»، قَالُوا: يَا رَسُولَ اللهِ، وَمَنْ يَأْبَى؟ قَالَ: «مَنْ أَطَاعَنِي دَخَلَ الْجَنَّةَ، وَمَنْ عَصَانِي فَقَدْ أَبَى». [صحيح] - [رواه البخاري]

(15) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Менин үммөтүмдөн баш тарткандардан башкасынын баары бейишке кирет. Ошондо: «Оо, Аллахтын Элчиси, ким баш тартат?»** - деп айтышат. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): «Ким мага моюн сунса, Бейишке кирет. Ким мага моюн сунбаса, анда баш тарткан болот» - деп айтты». [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үммөтүнүн тыйылгандардан башкасынын баары бейишке кире турганын кабарлап жатат.

Сахабалар: **«Ким бейишке кирүүдөн тыйылат, эй Аллахтын Элчиси?»** - деп сурашат.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларга мындай деп жооп берди: Ким Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу

болсун) моюн сунса, ээрчисе жана ага баш ийсе, бейишке кирет. Ал эми кимде-ким шариятка моюн сунбаса жана баш ийбесе, анда жаман иш-аракеттери себебинен бейишке кирүүсүнө тыюу салынат.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) моюн сунуу – Аллахка моюн сунуу. Ал эми ага баш ийбөө – Аллахка баш ийбөө болуп саналат.

2. Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) баш ийүү бейишке алып барат. Ал эми ага баш ийбөө тозокко алып барат.

3. Бул үммөттүн моюн сунуучулары үчүн сүйүнчү. Аллахка жана Анын элчисине баш ийбегендерден башкасынын баары бейишке киришет.

4. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үммөтүнө боорукер болгон жана аларга туура жолду көрсөтүүгө катуу умтулган.

(4947)

(16) – عَن عُمَرَ بنِ الخَطَّابِ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قال: سَمِعْتُ النَّبِيَّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «لَا تُطْرُونِي كَمَا أَطْرَتِ النَّصَارَى ابْنَ مَرْيَمَ؛ فَإِنَّمَا أَنَا عَبْدُهُ، فَقُولُوا: عَبْدُ اللهِ وَرَسُولُهُ». [صحيح] - [رواه البخاري]

(16) – Умар ибн Аль-Хаттаб (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: Мен Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: **«Мени христиандар Марямдын баласын чектен ашып улуктагандай улуктабагыла. Чындыгында, мен Анын (Аллахтын) кулумун. Силер мени: «Аллахтын кулу жана элчиси»** - деп айткыла».
[Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Христиандар Иса пайгамбарды Аллахка таандык сыпаттар менен сүрөттөгөндөй, Пайгамбарыбыз өзүн шарияттын чегинен ашып мактоо жана Аллахка таандык сыпаттар менен сүрөттөп ага ибадат кылуудан кайтарып жатат. Жана Пайгамбар кайыпты билет деп же Христиандар Марям уулу Иса пайгамбарга дуба кылышкандай Аллах менен кошо Пайгамбарга дуба кылуудан тыйып жатат. Андан соң Пайгамбар Аллахтын кулдарынын бири экендигин баяндап, аны: «Аллахтын кулу жана элчиси» - деп айтуубузду буйруду.

## Хадистин пайдалары:

1. Шарият койгон чектен ашып мактоодон жана улуктоодон эскертти. Анткени бул ширк кылууга алып барат.

2. Тилекке каршы Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эскерткен нерсе бул үммөттө да болуп жатат. Ошондуктан кээ бирөөлөр Аллахтын элчисини, кээ бирөөлөр ахлу байтти, (1) кээ бирөөлөр олуяларды чектен ашып улукташып ширк кылып жатышат.

3. Раббинин өзгөчөлүктөрнөн болгон сыпаттарды пайгамбарга арноо туура эместигин жана пайгамбар да Аллахтын пендеси экендигин баяндоо үчүн Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өзүн Аллахтын кулу деп сыпаттады.

4. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах тараптан жиберилген элчи экендигин жана аны ээрчип, аны тастыктоо важип экендигин баяндоо үчүн ал өзүн Аллахтын Элчиси деп сыпаттады.

(3406)

(17) – عن أنس رضي الله عنه قال: قال النبي صلى الله عليه وسلم: «لَا يُؤْمِنُ أَحَدُكُمْ حَتَّى أَكُونَ أَحَبَّ إِلَيْهِ مِنْ وَالِدِهِ وَوَلَدِهِ وَالنَّاسِ أَجْمَعِينَ».

[صحيح] - [متفق عليه]

(17) – Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мынтип айткан: "Силердин эч бириңер мен ага атасынан, баласынан, жалпы эле адамдардан сүйүктүү болмоюнча толук ыймандуу боло албайт" . [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулман киши ага болгон махабатын энесинин, атасынын, баласынын, кызынын, деги эле бардык адамдардан да жакшы көрмөйүнчө толук ыймандуу боло албастыгын бизге кабарлаган. Бул жакшы көрүү ага баш ийүү, (сүннөтүн жайылтууга) жардам берүү, ага күнөө кылууну таштоо аркылуу болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахтын элчисин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сүйүү жана ага болгон сүйүүнү бардык жаратылгандардын сүйүүсүнөн алдыга коюу важиб.

2. Ага болгон сүйүүнүн толуктугу: Аллахтын элчисинин сүннөтүнө жардам беруү жана ага өзүн арнап, мал-мүлкүн жумшоо.

3. Аллахтын элчисин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сүйүү анын буйруктарына баш ийүүнү, ал айткандарга ишенип тастыктоону, ал тыйган нерселерден тыйылууну жана ага эргешип, бидаатты таштоону ичине камтыйт.

4. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) акысы бардык адамдардын акысынан улук жана маанилүү. Анткени, ал биздин туура жолго түшүүбүзгө, тозоктон кутулуубузга, бейишке кирүүбүзгө себеп болот.

(5953)

(18) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه عَنِ النَّبِيِّ صلى الله عليه وسلم قَالَ: «دَعُونِي مَا تَرَكْتُكُمْ، إِنَّمَا هَلَكَ مَنْ كَانَ قَبْلَكُمْ بِسُؤَالِهِمْ وَاخْتِلَافِهِمْ عَلَى أَنْبِيَائِهِمْ، فَإِذَا نَهَيْتُكُمْ عَنْ شَيْءٍ فَاجْتَنِبُوهُ، وَإِذَا أَمَرْتُكُمْ بِأَمْرٍ فَأْتُوا مِنْهُ مَا اسْتَطَعْتُمْ». [صحيح] - [متفق عليه]

(18) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген: "Мен силерге айтпаган нерсени ошол бойдон калтыргыла!

Анткени, силерден мурдагылар керексиз көп суроо бергени жана пайгамбарларына каяша кылганы үчүн кыйрап жок болгон. Ошондуктан, эгер мен силерди бир нерседен тыйсам, андан алыс болгула. Эгер кайсы бир ишке буйрусам, аны чамаңардын жетишинче аткаргыла". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) шарият өкүмдөрү үч түрдүү болорун айтты: эч нерсе айтылбаган, тыюу салынган, буйрулган.

Биринчиси: Шариятта ага карата эч нерсе айтылган эмес, эч кандай өкүм жок. Негизи аткарылуусу милдет болбогон иштерге карата болот. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) доорунда суроонун себебинен Аллах Таала ал нерсени важиб же арам кылып коюу коркунучу болгондуктан, али боло элек нерсени сурабоо важиб болгон. Анткени, ал нерсени Аллах Таала пенделериине ырайым кылып айтпай калтырган болушу мүмкүн. Ал эми пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дүйнөдөн өткөндөн кийин фатва алуу же жөн эле билип алуу үчүн дин иштери тууралуу

суроого тыюу жок, тескерисинче сурап алуу зарыл. А эгер көктүк кылып, өзүн жана суралган адамды кыйноо үчүн ар кандай суроолорду берсе, анда бул жогорудагы хадиске кирет. Мындай көп суроо берүү Исраил урпактарынын башына түшкөн сыяктуу мүшкүлгө салат. Аларга уй сойгула деген буйрук болгондо, каалаган уйду соё койсо болмок, бирок алар улам сурай берип өздөрүнө-өздөрү кыйынчылык жаратып алышты.

Экинчиси: тыюу салынган иштер: мындай иштерди кылбагандар соопко ээ болот, кылгандар күнөөкөр болот. Мындай иштердин баарынан алыс болуу важиб.

Үчүнчүсү: буйрулган иштер: мындай иштерди аткаргандар соопко ээ болот, аткарбагандар күнөөкөр болот. Мындай иштерди чамасынын жетишинче аткаруу важиб.

## Хадистин пайдалары:

1. Өтө зарыл болуп турган ишти аткаруу менен алек болуп, учурда муктаждыгы жок ишти коё турган оң. Ошондой эле али болбогон нерсени суроонун кереги жок.

2. Түйүндүү маселеге алып бара турган жана арада ар кандай келишпестиктерге эшик ача турган суроолорду суроо арам (тыюу салынган).

3. Тыюу салынган нерсенин баарын таштоо керек. Анткени, тыюу салынган ишти аткарбай коюуда эч кандай кыйынчылык жаралбайт.

4. Ал эми буйрулган ишти ар ким өз чамасына жараша аткаруусу керек. Анткени, кээде аны аткаруу бирөөлөргө оор болуп, машакат жаратуусу мүмкүн. Ошондуктан, буйрулган иштерди ар ким чамасына жараша аткарууга буйрулган.

5. Көп суроо берүүдөн тыюу боюнча аалымдар суроолорду эки түргө бөлүшөт: биринчиси, дин иштеринин кайсы бирин билип алуу үчүн берилген суроо. Буга сахабалардын сурагандары кирет, мындай суроолорду берүү шариятта буйрулган. Экинчиси: өзүнө-өзү оорлук жаратуу үчүн, көктүк кылып атайын берилген суроолор. Мына ушундай суроолорго тыюу салынган.

6. Мурдагы үммөттөрдө болгон сыяктуу, бул үммөткө пайгамбарына каршы чыгуу катуу эскертилди.

7. Кереги жок нерселер тууралуу көп суроо берүү жана пайгамбарына каяша кылуу

кыйрап жок болууга себеп болот. Айрыкча, аткарууга жана түшүнүүгө мүмкүн болбогон нерселер тууралуу суроо. Мисалы: Аллахтан башка эч ким билбеген кайып нерселер, кыяматтагы боло турган иштер ж.б.

8. Татаал маселелер тууралуу суроо берүүдөн кайтаруу. Имам Авзаъи минтип айткан: "Эгерде Аллах Таала пендесин илимдин берекесинен куру калтырууну кааласа, анын тилине адаштыруучу сөздөрдү салат. Чынында, мындайлар адамдардын эң илими азы болорун көрдүм". Ибн Вахб минтип айткан: "Илимдеги талашуу - кишинин жүрөгүнөн илимдин нурун кетирет".

(4295)

(19) – عن عبد الله بن عمرو رضي الله عنهما أن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «بَلِّغُوا عَنِّي وَلَوْ آيَةً، وَحَدِّثُوا عَنْ بَنِي إِسْرَائِيلَ وَلَا حَرَجَ، وَمَنْ كَذَبَ عَلَيَّ مُتَعَمِّدًا فَلْيَتَبَوَّأْ مَقْعَدَهُ مِنَ النَّارِ». [صحيح] - [رواه البخاري]

(19) – Абдулла бин Амр (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Менден бир аят болсо да жеткиргиле. Бану-**

**Исраилдин окуяларын айта бергиле, анда эч кандай күнөө жок. Ким менин атымдан атайылап жалган айтса, анда тозоктон жайын даярдай берсин»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өзүнүн атынан Куран же сүннөт илимдерин, ал бир аят же бир хадис болсо да жеткирүүгө буйруп жатат. Аларды элге жеткирүүдө эмнени жеткирип жатканын жана эмнеге чакырып жатканын билүүсү шарт. Андан соң Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Бану-Исраилдин шариятыбызга каршы келбеген окуяларын айтуунун зыяны жок экенин баяндады. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жалган айтуудан тыйды. Ким анын атынан атайылап жалган айтса, анда өзүнө тозоктон жайын алып коёо берсин».

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахтын шариятын жеткирүүгө кызыктыруу. Албетте бир адам аз болсо да түшүнгөн жана жаттаган нерселерин башкаларга жеткирүүсү керек.

2. Аллахка туура ибадат кылуу үчүн жана шариятты туура жеткирүү үчүн дин илимин үйрөнүү важип.

3. Хадисте келген катуу эскертүүгө кирип калбоо үчүн хадисти жеткирерден алдын же жайылтуудан алдын анын сахих (туура) экенин тактоо важип.

4. Айрыкча, Аллахтын динине тиешелүү сөздөрдө жалганга түшүп калбоо үчүн сүйлөгөндө чынчыл болууга жана абайлап сүйлөөгө үндөдү.

(3686)

(20) – عن المقدام بن معدِيْكَرِب رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «أَلَا هَلْ عَسَى رَجُلٌ يَبْلُغُهُ الْحَدِيثُ عَنِّي وَهُوَ مُتَّكِئٌ عَلَى أَرِيكَتِهِ فَيَقُولُ: بَيْنَنَا وَبَيْنَكُمْ كِتَابُ اللهِ، فَمَا وَجَدْنَا فِيهِ حَلَالًا اسْتَحْلَلْنَاهُ، وَمَا وَجَدْنَا فِيهِ حَرَامًا حَرَّمْنَاهُ، وَإِنَّ مَا حَرَّمَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ كَمَا حَرَّمَ اللهُ». [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي وابن ماجه]

(20) – Аль-Микдам бин Маъдийкариб (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, ал айтты: Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Бир кишиге менин бир хадисим жетсе, ал сөөрүсүндө жөлөнүп отуруп**

**алып: «Силер менен биздин ортобузда Аллахтын Китеби бар. Андан адал деп тапканыбызды адал кылабыз, арам деп тапканыбызды арам кылабыз. Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) арам кылган нерсени Аллах арам кылган»** - деп айтуусуна жакын калбадыбы?!. **[Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи жана Ибн Маажа жазып калтырган]**

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) хадистерин укса да ал сөөрүсүндө жатып алып: **«Биз менен силерди бөлүп турган нерсе – бул Ыйык Куран жана ал бизге жетиштүү. Анда эмнени адал деп тапсак, ага ылайык амал кылабыз, ал эми эмнени арам деп тапсак, андан алыс болобуз»** - деп айткан адамдар чыккан замандын жакындаганынан Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабар берди. Андан кийин Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сүннөтүндө арам кылган иштер же тыюу салган нерселердин баары Аллах Өз Китебинде тыюу салган нерселердин өкүмүнө

окшош экенин баяндады. Анткени ал Раббисинин буйруктарын жеткирүүчү гана.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбарыбыздын сүннөтүн Куран катары урматтоо жана кабыл алуу.
2. Пайгамбарга баш ийүү – Аллахка баш ийүү, ал эми ага баш ийбөө – Аллах Таалага баш ийбөө.
3. Сүннөттүн далил катары алынуусу жана сүннөттү четке каккандарга жооп.
4. Ким сүннөттөн жүз буруп, Куран менен гана чектелем десе, анда ал сүннөттөн жана Курандан да баш тарткандыгынын белгиси болот. Ошондой эле ал Куранга амал кылам деген сөзүндө жалганчы болот.
5. Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбарлыгынын бир далили – келечекте боло турган бир нерсени айтуусу. Чындыгында Пайгамбардын айтканындай болду.

(65005)

(21) – عن عائشة أم المؤمنين وعبد الله بن عباس رضي الله عنهما قالا: لَمَّا نَزَلَ بِرَسُولِ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ طَفِقَ يَطْرَحُ خَمِيصَةً لَهُ عَلَى وَجْهِهِ، فَإِذَا اغْتَمَّ بِهَا كَشَفَهَا عَنْ وَجْهِهِ، فَقَالَ وَهُوَ كَذَلِكَ: «لَعْنَةُ اللَّهِ عَلَى اليَهُودِ وَالنَّصَارَى، اتَّخَذُوا قُبُورَ أَنْبِيَائِهِمْ مَسَاجِدَ» يُحَذِّرُ مَا صَنَعُوا. [صحيح] - [متفق عليه]

(21) – Айша жана Абдулла бин Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте ал экөөсү айтты: "Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өлүм жакындаганда жүзүнө чүпүрөк жаап, өлүм азабынан дем алуусу кыйындаганда, аны жүзүнөн алып салып жатты. Ал ошондой оор абалда жатып: "Аллах яхудийлерди жана христиандарды каргыштады. Алар өздөрүнүн пайгамбарларынын мүрзөлөрүн мечит кылып алышкан" - деп алардын кылгандарынан эскертип жатты". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Бул хадисте Айша жана Ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) мындай деп кабарлап жатат: "Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өлүм жакындаганда жүзүнө чүпүрөк жаап, өлүм азабынан дем алуусу кыйындаганда аны жүзүнөн алып салып жатты.

Ошондой оор абалда жатып мындай деди: "Аллах яхудийлерди жана христиандарды каргыштады жана аларды Өз ырайымынан алыстатты. Себеби, алар өздөрүнүн пайгамбарларынын мүрзөлөрүнө мечиттерди салышкан". Эгер бул иштин коркунучтуулугу болбогондо, Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай кыйын абалда аны эскертмек эмес. Ошондуктан ал мына ошого окшош иштерден үммөтүнө тыюу салды. Анткени ал яхудийлер менен христиандардын кылганы жана Аллах Таалага ширк кылууга алып баруучу жол.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбарлардын жана салихтердин мүрзөлөрүн Аллах үчүн намаз окулуучу мечит кылып алуудан Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тыйды. Анткени бул ширкке алып баруучу жол.

2. Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул ишке катуу көңүл буруусу, анын тавхидке болгон камкордугу жана кабырларды улуктоодон коркушу. Анткени бул ширкке алып барат.

3. Яхудийлерге, христиандарга жана алар сыяктуу мүрзөлөрдү куруп, аларды мечит кылып алгандарга каргыш айтууга уруксат.
4. Мүрзөлөргө курулуш куруу яхудийлердин жана христиандардын үрп-адаттарынын бири. Ал эми бул хадисте аларга окшошууга тыюу салынган.
5. Мечит курулбаса да, кабырларды намаз окуучу жай кылып алуудан жана кабырда намаз окуудан тыюу салынган.

(3330)

(22) – عن أبي هريرة رضي الله عنه عن النبي صلى الله عليه وسلم:

**«اللهُمَّ لَا تَجْعَلْ قَبْرِي وَثَنًا، لَعَنَ اللهُ قَوْمًا اتَّخَذُوا قُبُورَ أَنْبِيَائِهِمْ مَسَاجِدَ»**.

[صحيح] - [رواه أحمد]

(22) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Оо, Аллах, менин кабырымды адамдар сыйына турган эстеликке (идол) айлантпа. Аллах пайгамбарларынын кабырын мечитке айланткан коомду каргыштады»**.

[Сахих (ишенимдүү)] - [Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) раббисинен дуба кылып, анын кабырын адамдар улуктап, ага сажда кылып өөп сыйынуусунан сактоону сурады. Андан кийин Аллах Пайгамбарлардын кабырын мечитке (ибадат жайына) айланткан адамдарды Өз мээриминен алыстатты жана чыгарып салды. Анткени пайгамбарлардын кабырларын мечит кылып алуу аларга ибадат кылууга жана алар пайда жана зыян берет деп ишенүүгө жол ачат.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбарлардын жана солих инсандардын кабырын шарият койгон чектен чыгып улуктап жиберүү аларга ибадат кылууга, башкача айтканда Аллахтан башкага ибадат кылууга алып барат. Ошондуктан ширкке алып баруучу жолдордон алыс болуу керек.
2. Кабырда жаткан адам канчалык Аллахка жакын инсан болбосун анын кабырынын алдында ибадат кылууга жана кабырларды улуктоого тыюу салынат.

3. Кабырлардын үстүнө мечит куруу арам.
4. Кабырлардын жанында жаназа намазын гана окууга болот, андан башка намаздарды окуу арам кылынган.

(3336)

(23) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «لَا تَجْعَلُوا بُيُوتَكُمْ قُبُورًا، وَلَا تَجْعَلُوا قَبْرِي عِيدًا، وَصَلُّوا عَلَيَّ؛ فَإِنَّ صَلَاتَكُمْ تَبْلُغُنِي حَيْثُ كُنْتُمْ». [حسن] - [رواه أبو داود]

(23) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) рываят кылган хадисте Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Үйүңөрдү мүрзөгө айлантып албагыла. Менин кабырымды кез-кезде ибадат кылуучу жай кылып албагыла. Мага салават айткыла. Чындыгында, силер кайсыл жерде болсоңорда силердин салаватыңар мага жетип турат»**. [Хасан (жакшы)] - [Абу Дауд жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үйлөрдө намаз окулбай калуудан тыйды. Үйлөрдө намаз окулбай калса, анда алар намаз окулбаган кабырлар сыяктуу болуп калат. Ошондой эле кабырын кайра-кайра зыярат кылуудан жана анын

тегерегинде кез-кезде жыйналууну адат кылуудан тыйды. Анткени бул нерселер ширк кылууга жол ачат. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жердин кайсыл бурчунан болбосун салават айтууга буйруду. Анткени айтылган салават алыстан же жакындан болсун, ага жетип турат. Салават айтуу үчүн Пайгамбардын кабырына баруунун зарылчылыгы жок.

## Хадистин пайдалары:

1. Үйлөрдө Аллахка ибадат кылбай калуудан тыйды.

2. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабырын зыярат кылуу үчүн сапар кылуу тыюу салынган. Анткени Пайгамбар салават айтууга буйруган жана кайсыл жерден салават айтылбасын, ага жетип турарын кабар берген. Чындыгында, пайгамбардын мечитин жана анда намаз окууну ниет кылгандыгы үчүн ал мечитке сапар кылынат.

3. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабырын, ошондой эле башка кабырларды өзгөчөлөп, өзгөчө бир убакыттарда кез-кези менен аларды кайра-кайра зыярат кылуу тыюу салынган.

4. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтын алдында өтө чоң кадыр-баркка ээ болгондуктан ага бардык учурда, ар тараптан салават айтууга шариятта уруксат берилди.
5. Сахабалардын учурунда мүрзөдө намаз окууга бекемделип тыюу салынган. Ошондуктан Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үйлөрдө намаз окулбастан мүрзө сыяктуу болуп калуудан кайтарган.

(3350)

(24) – عَنْ عَائِشَةَ أُمِّ المؤمنين رضي الله عنها: أَنَّ أُمَّ سَلَمَةَ ذَكَرَتْ لِرَسُولِ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ كَنِيسَةً رَأَتْهَا بِأَرْضِ الْحَبَشَةِ، يُقَالُ لَهَا مَارِيَةُ، فَذَكَرَتْ لَهُ مَا رَأَتْ فِيهَا مِنَ الصُّوَرِ، فَقَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «أُولَئِكَ قَوْمٌ إِذَا مَاتَ فِيهِمُ الْعَبْدُ الصَّالِحُ، أَوِ الرَّجُلُ الصَّالِحُ، بَنَوْا عَلَى قَبْرِهِ مَسْجِدًا، وَصَوَّرُوا فِيهِ تِلْكَ الصُّوَرَ، أُولَئِكَ شِرَارُ الْخَلْقِ عِنْدَ اللهِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(24) – Ыймандуулардын энеси Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Умму Салама Эфиопия жеринде "Мария" деп аталган чиркөөнү көргөнүн, анын ичинде (ар түрдүү) сүрөттөр бар экенин Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кеп кылат. Аллахтын элчиси (ага

Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Эгер арасындагы ийги иш-амалдарды кылган пенде (же киши) дүйнөдөн өтсө, анын кабырына мечит куруп. Анан ага жанагындай сүрөттөрдү тартышат. Мына ошолор Аллахтын алдындагы эң жаман калайык" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Ыймандуулардын энеси Умму Салама (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Эфиопия жеринде болгондо "Мария" деп аталган чиркөөнү көргөнүн, анда картиналар, оймо-чиймелер, сүрөттөр бар экенин таң калып айтат. Анан пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай сүрөттөрдү коюуунун себептерин түшүндүрөт. Сен айтып жаткан адамдар, эгер алардын арасындагы ийги иш-амал кылган кишилерден бирөөсү дүйнөдөн өтсө, анын кабырына намаз окуй турган мечит куруп алышат. Анан ага жанагындай сүрөттөрдү тартышат - дейт. Ошондой эле, мындай ишти кылгандар Аллахтын алдындагы эң жаман адамдар экенин айтат. Анткени мындай иштер Аллах Таалага ширк кылууга түртөт.

## Хадистин пайдалары:

1. Кабырга мечит куруу, анда намаз окуу, же өлүктөрдү мечиттерге көмүү арам, тыюу салынган. Ширкке алып баруудан тосуу үчүн.

2. Кабырга мечит куруу, ага сүрөттөрдү коюу, бул жөөттөрдүн жана христиандардын иши, ким мындай кылса, ошолорго окшогон болот.

3. Жандуулардын сүрөтүн алып жүрүү (тартуу, жасоо ж.б.) арам.

4. Ким кабырга мечит курса жана ага сүрөттөрдү тартса, ал Аллах Тааланын калктарынын эң жаманы.

5. Ширкке алып бара турган бардык жолдорду тосуу аркылуу шарият тавхидди толук коргоп турат.

6. Ийги иш-амал кылган адамдарды урматтоодо чектен чыгып кетүүдөн тыят, анткени бул ширк кылууга түрткү, себеп болот.

(10887)

(25) – عن جندب رضي الله عنه قال: سَمِعْتُ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَبْلَ أَنْ يَمُوتَ بِخَمْسٍ وَهُوَ يَقُولُ «إِنِّي أَبْرَأُ إِلَى اللهِ أَنْ يَكُونَ لِي مِنْكُمْ خَلِيلٌ فَإِنَّ اللهَ تَعَالَى قَدِ اتَّخَذَنِي خَلِيلًا كَمَا اتَّخَذَ إِبْرَاهِيمَ خَلِيلًا، وَلَوْ كُنْتُ مُتَّخِذًا مِنْ أُمَّتِي خَلِيلًا لَاتَّخَذْتُ أَبَا بَكْرٍ خَلِيلًا! أَلَا وَإِنَّ مَنْ كَانَ قَبْلَكُمْ كَانُوا يَتَّخِذُونَ قُبُورَ أَنْبِيَائِهِمْ وَصَالِحِيهِمْ مَسَاجِدَ، أَلَا فَلَا تَتَّخِذُوا الْقُبُورَ مَسَاجِدَ! إِنِّي أَنْهَاكُمْ عَنْ ذَلِكَ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(25) – Жундуб (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: «Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көзү өтөөрдөн беш күн алдын мындай деп айтканын укканмын: «Аллахтан силердин араңардан кимдир бирөө мага халил (1) болуусунан коргоо сураймын. Чындыгында, Аллах Ибрахим, алейхис саламды, Өзүнө халил кылып алгандай мени да өзүнө халил кылып алды. Эгерде мен үммөтүмдөн кимдир бирөөнү өзүмө халил кылып ала турган болсом, анда Абу Бакрды халил кылып алмакмын. Силерден алдыңкы коомдор пайгамбарларынын жана солих адамдарынын кабырларын мечит кылып алышпадыбы?!. Силер кабырларды мечит кылып албагыла. Мен силерди андай кылуудан тыямын». [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтын алдында халил макамына ээ экенин, ал халил макамы жакшы көрүүнүн эң жогорку даражасы экенин жана ага Ибрахим пайгамбар жеткендей пайгамбарыбыз да жеткенин кабар берди. Ошондуктан Пайгамбар өзүнө Аллахтан башканы халил болуусун тыйган. Анткени анын жүрөгү Аллах Тааланы сүйүүгө, улуктоого, жана Аны таанып билүүгө толгон болчу. Ошондуктан ал жүрөгүнө Аллахтан башка эч кимди батырган эмес. Эгерде Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдардан кимдир бирөөнү халил кылып ала турган болсо, анда Абу Бакрды (Аллах андан ыраазы болсун) халил кылып алмак. Андан кийин Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бирөөнү жакшы көрүүдө уруксат берилген чектен Яхудийлер жана христиандар сыяктуу ашып кетүүдөн эскертти. Алар пайгамбарларын жана салих адамдарын чектен чыгып сүйгөндүктөрү себептен алардын кабырын сыйынуучу кудайча кылып алышты. Алардын кабырларына мечиттерди жана ибадатканаларды тургузушту. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үммөтүнү яхудийлер жана христиандар аткарган нерселерден кайтарды.

## Хадистин пайдалары:

1. Абу Бакрдын (Аллах андан ыраазы болсун) пазилеттүүлүгү жана сахабалардын арасынан эң абзели. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көз жумгандан кийин жалпы адамдардын арасынан анын ордуна халиф болууга татыктуу адам.

2. Кабырдын үстүнө мечит куруу мурунку өткөн коомдордо да тыюу салынган иштерден.

3. Адамдар ширкке түшүп калуу коркунучу болгондуктан кабырды ибадат кылуучу жайга айландыруу, анын жанында же ага карап намаз окуу жана анын үстүнө мечит куруу же күмбөз тургузуу тыюу салынган.

4. Салих адамдарды чектен ашырып сыйлоо ширкке алып баргандыгы үчүн андан сактануу керек.

5. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эскерткен күнөөлөрдүн акыбети өтө коркунучтуу болгондуктан, өлүмүнөн беш күн алдын үммөтүн бул күнөөлөрдөн кескин тыйып баса белгиледи.

(3347)

(26) – عن أبي الهيَّاج الأسدي قال: قَالَ لِي عَلِيُّ بْنُ أَبِي طَالِبٍ: أَلَا أَبْعَثُكَ عَلَى مَا بَعَثَنِي عَلَيْهِ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ؟ أَنْ لَا تَدَعَ تِمْثَالًا إِلَّا طَمَسْتَهُ، وَلَا قَبْرًا مُشْرِفًا إِلَّا سَوَّيْتَهُ. [صحيح] - [رواه مسلم]

(26) – Абу ал-Хаййаж ал-Асадий айтат: Али бин Абу Талиб мага: Мен сени Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мени буйруган нерсеге буйруйунбу? Эстелик, сүрөттү көрсөң талкалап жок кыл, кабыр үстүнө коюлган нерсени көрсөң тегиздеп түздөгүн - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларын эстеликтерди калтырбоого (жандуулардын сүрөтү, денеси болсо, болбосо айырмасы жок) талкалап же өчүрүп жоготууга жөнөтөт эле.

Ошондой эле жерден бийик көтөрүлгөн кабырларды тегиздөөгө, кабыр үстүнө курулган нерселерди сындырууга, же аларды алып кабырдын үстүн тегиздеп, бир карыштай гана көтөрүп коюуга буйруган.

## Хадистин пайдалары:

1. Жандуу нерселердин сүрөтүн тартуу арам, анткени бул ширктин пайда болуусуна алып келет.
2. Бийлиги же кудурети жеткен адамга туура эмес иштерди колу менен кайтаруусу шариятта буйрулган.
3. Сүрөт тартуу, эстелик жасоо, кабыр үстүнө бир нерсе куруу сыяктуу исламга чейинки доордон калган жаман адаттарды жок кылууга пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аракет кылган.

(5934)

(27) – عَنْ عَبْدِ اللهِ بْنِ مَسعودٍ رضي الله عنه عن رَسولِ اللهِ صلى الله عليه وسلم قال: «الطِّيَرَةُ شِرْكٌ، الطِّيَرَةُ شِرْكٌ، الطِّيَرَةُ شِرْكٌ، -ثلاثًا-»، وَمَا مِنَّا إِلَّا، وَلَكِنَّ اللهَ عَزَّ وَجَلَّ يُذْهِبُهُ بِالتَّوَكُّلِ. [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي وابن ماجه وأحمد]

(27) – Абдуллах бин Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Жамандыкка жоруу - ширк, жамандыкка жоруу - ширк, жамандыкка жоруу - ширк" деп үч жолу

(айткан). Бизде бул (жоруму жаман ырымдар) бар, бирок тобокел кылуу менен Аллах аны кетирет. [Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) куш учуруудан (ырым кылуудан) катуу эскертип тыйган. Бул, уккан-көргөн нерсенин баарынан жаман жышаан издөө, мисалы: куштардан, айбанаттардан, майыптардан, сан-санактан, күндөрдөн ж.б. нерселерден. Ал эми куш учуруу деп баса берлгилеп айтканынын себеби, исламга чейинки доордо жоромол кылуунун ушул түрү өтө кенен жыйылган болчу. Мунун негизи мындай: Бирөө сапарга чыкмакчы болсо же соодо кылмакчы болсо, жа дагы башка бир ишке киришерде куш учуруп көрөт. Эгерде койо берген кушу оң тарапка учуп кестсе, аны жакшылыкка жоруп, ишине кирише берген. А эгер куш сол тарапка учуп кетсе, аны жамандыкка жоруп, баштай турган ишин кылбай токтотуп койгон. Мындай кылуу ширк экенин кабарлаган. Чынында, жаман

жышаан издөө ширк. Анткени, жакшылыкты Аллах Таала гана берет, жамандыкты да бир гана эч шериги жок Жалгыз Аллах кетирет.

Анан Ибн Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) кээде мусулман адамдын дилине деле мындай жамандыкка жоруу кылт этип келээрин, бирок аны Аллахка тобокел кылуу жана себептерин аткаруу менен жок кылуу керектигин эскерип өткөн.

## Хадистин пайдалары:

1. Жамандыкка жоруу - ширк; анткени, мында жүрөк Аллахтан башкага байланып калат.
2. Жүрөктөргө жетип, бекем орун алуусу үчүн маанилүү маселенин кайра-кайра кайталап айтуунун зарылдыгы.
3. Жаман жышаан издеген (ишеним) ырымдарды Аллахка болгон тобокелчилик жок кылат.
4. Жалгыз Аллахка гана тобокел кылып, жүрөктү Ага байлоо керек.

(3383)

(28) – عن عمران بن حصين رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «لَيْسَ مِنَّا مَنْ تَطَيَّرَ أَوْ تُطُيِّرَ لَهُ، أَوْ تَكَهَّنَ أَوْ تُكُهِّنَ لَهُ، أَوْ سَحَرَ أَوْ سُحِرَ لَهُ، وَمَنْ عَقَدَ عُقْدَةً، وَمَنْ أَتَى كَاهِنًا فَصَدَّقَهُ بِمَا يَقُولُ فَقَدْ كَفَرَ بِمَا أُنْزِلَ عَلَى مُحَمَّدٍ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ». [حسن] - [رواه البزار]

(28) – Имран бин Хусейн (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Куш учурган жана учурткан, көзү ачыктык кылган жана көзү ачыктык кылдырткан, сыйкырлаган жана сыйкыр кылдырган, түйүн түйүп ырым кылган адамдар бизден эмес. Ким көзү ачыкка барып анын айтканына ишенсе, Мухаммадка (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түшкөн нерсеге каапырлык кылыптыр". [Хасан (жакшы)] - [Ал-Базар жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) "бизден эмес" деген сөзү менен үммөтүнөн кээ бир (жаман) иштерди кылгандарга катуу эскертүү берген:

Биринчиси: "Куш учурган жана учурткан киши". Бул мындай: кайсы бир ишти баштаарда, сапарга чыгарда, соода кыларда ж.б. куш учуруп ырым кылат.

Эгер коё берген куш оң тарапка учса, каалаган ишин баштай берет. А эгер куш сол тарапка учуп кетсе, жаман ырым кылып ишин баштабайт. Мындайды өзү кылууга да болбойт, мындайды жасаган адамга барып жасатууга да болбойт. Буга ушул сыяктуу ырымдардын баары кирет, мейли ал куш аркылуу болсун, же айбанаттар, же майып адамдар, же сандар, же күндөр аркылуу болсун айырмасы жок.

Экинчиси: "Көзү ачыктык кылган жана кылдырткан киши". Жылдыздар же башка нерсе аркылуу кайып илимин билем деп айтса, же ушундай көзү ачыктык кылган сыяктууларга барып, алардын кайып илими тууралуу айтканына ишенип тастыктаса, Мухаммадка (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түшкөн нерсеге (Куранга) каапыр болот.

Үчүнчүсү: "Сыйкырлаган жана сыйкыр кылдырган..." бул сыйкырчылык менен алек болгон адам, же бирөөгө пайда-зыян берүү үчүн ушундайларды пайдаланган адамдар. Ошондой эле жипти түйүн кылып түйүп ага тыюу салынган сөздөр менен дем салып сыйкыр кылган адамдар.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллах Таалага тобокел кылуу, Анын жазган тагдырына ыйман келтирүү важиб. Куш учуруу,

жаман ырым кылуу, сыйкырчылык кылуу, көзү ачыктык кылуу жана ушуларга барып жардам суроо тыюу салынган арам иштерден.

2. Кайып илимин билем деп айтуу – тавхидке каршы келген ширк амалдарынан.
3. Көзү ачыкка баруу, анын айтканын тастыктоо тыюу салынган арам иш. Буга алаканга карап, чыныдагы сууга карап, жылдыз белгилерине (зодиак, гороскопко) карап кайыпты айтуу жана буга жөн эле кызыгып кароо да кирет.

(5981)

(29) – عَنْ أَنَسِ بْنِ مَالِكٍ رضي الله عنه عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «لَا عَدْوَى، وَلَا طِيَرَةَ، وَيُعْجِبُنِي الْفَأْلُ» قَالَ قِيلَ: وَمَا الْفَأْلُ؟ قَالَ: «الْكَلِمَةُ الطَّيِّبَةُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(29) – Анас бин Маликтин (Аллах андан ыраазы болсун) риваятында пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Ooру жукпайт, жамандыкка жоруу да жок. Мага фаьл жагат". Фаьл деген эмне? деп сурашканда: "Бул жакшы сөз" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) исламга чейинки доордогу адамдардын, ooру Аллахтын тагдырысыз эле бирөөдөн бирөөгө жугат деген ишеними туура эмес экенин айткан. Ошондой эле жамандыкка жоруу да туура эмес. Ал угулган же көрүлгөн кайсы бир нерсе менен ырым кылуу, мисалы куштар, жан-жаныбар, майып адамдар, сандар, күндөр ж.б. нерселер менен ырым кылып жамандыкка жоруу. Ал эми куш учуруу деп баса белгилеп айтканынын себеби, исламга чейинки доордо жамандыкка жоруунун ушул түрү өтө кенен жыйылган болчу. Мунун негизи мындай: Бирөө сапарга чыкмакчы болсо же соода кылмакчы болсо, же дагы башка бир ишке киришерде куш учуруп көрөт. Эгерде койо берген кушу оң тарапка учуп кетсе, аны жакшылыкка жооруп, ишине кирише берген. А эгер куш сол тарапка учуп кетсе, аны жамандыкка жооруп, баштай турган ишин кылбай токтотуп койгон. Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аны фаьл таң калтырарын айткан. Бул кайсы бир жакшы сөздү угуу аркылуу инсандын жүрөгүнө кубаныч кирип, Аллах жөнүндө жакшы ойдо болуусуна себеп болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахка тобокел кылуу, анткени жакшылыкты алып келген да жамандыкты кетирген да Аллах Таала.
2. Ырым кылып, жамандыкка жооруудан кайтарган. Ал жамандыкка жооруп, амалдан тоскон бардык нерсени өз ичине камтыйт.
3. Фаьл кылуу тыюу салынган ырымдардан эмес, ал Аллах жөнүндө жакшы ойдо болуу.
4. Бардык нерсе шериги жок, Жалгыз Аллах Тааланын тагдыры менен болот.

(3422)

(30) – عَنْ زَيْدِ بْنِ خَالِدٍ الْجُهَنِيِّ رضي الله عنه أَنَّهُ قَالَ: صَلَّى لَنَا رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ صَلَاةَ الصُّبْحِ بِالْحُدَيْبِيَةِ عَلَى إِثْرِ سَمَاءٍ كَانَتْ مِنَ اللَّيْلَةِ، فَلَمَّا انْصَرَفَ أَقْبَلَ عَلَى النَّاسِ، فَقَالَ: «هَلْ تَدْرُونَ مَاذَا قَالَ رَبُّكُمْ؟» قَالُوا: اللهُ وَرَسُولُهُ أَعْلَمُ، قَالَ: «أَصْبَحَ مِنْ عِبَادِي مُؤْمِنٌ بِي وَكَافِرٌ، فَأَمَّا مَنْ قَالَ: مُطِرْنَا بِفَضْلِ اللهِ وَرَحْمَتِهِ، فَذَلِكَ مُؤْمِنٌ بِي وَكَافِرٌ بِالْكَوْكَبِ، وَأَمَّا مَنْ قَالَ: بِنَوْءِ كَذَا وَكَذَا، فَذَلِكَ كَافِرٌ بِي وَمُؤْمِنٌ بِالْكَوْكَبِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(30) – Зайд бин Халид Аль-Жухани (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: Аллахтын Элчиси (ага

Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аль-Худайбияда жамгыр жааган түнү биз менен бирге багымдат намазын окуду. Ал намаздан кийин элге кайрылып: «Раббиңер эмне дегенин билесиңерби?» - деди. Алар: «Аллах жана Анын Элчиси жакшы билет» - деп айтышты. Пайгамбар айтты: «Раббиңер: Менин пенделеримдин арасынан Мага ыйман келтиргени жана Мага каапыр болгону бар» - деди. Кимде-ким: «Бизге Аллахтын пазилети жана ырайымы менен жамгыр жаады» деген болсо, анда алар Мага ыйман келтирди жана жылдыздарга каапырлык кылышты. Ал эми: «Бизге баланча же түкүнчө жылдыздын таасиринен жамгыр жаады» деген болсо, анда ал Мага каапыр болду жана жылдыздарга ыйман келтирди» - деп айтты. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түнү жамгыр жаагандан кийин Меккеге жакын жайгашкан Аль-Худайбия кыштагында багымдат намазын окуду. Салам берип, намазын бүтүргөн соң элге кайрылып: **«Улуу Раббиңер эмне дегенин билесиңерби?»** – деп сурады. Сахабалар: «Аллах жана Анын Элчиси

жакшы билет» - деп жооп беришти. Пайгамбар айтты: "Жамгыр жааганда Аллах Таалага ыйман келтиргендер жана Аллах Таалага каапыр болгондор болуп адамдар экиге бөлүнөрүн Аллах таала баяндады". Ал эми **«бизге Аллахтын ырайымы жана пазилети менен жамгыр жаады»** деп жамгыр жааганын Аллах Таалага таандык кылса, анда ал жамгыр жаадырган Жаратуучуга, ааламдагы бүткүл иштерди Башкаруучу Аллахка ыйман келтирген болот жана жылдыздарга каапырлык кылган болот. Ал эми **«бизге баланча жылдыздын таасиринен жамгыр жаады»** деп жамгыр жааганын кайсыл бир жылдыздарга таандык кылса, анда ал Аллахка капырлык кылды жана жылдыздарга ыйман келтирди. Андыктан жамгырды жылдыздарга таандык кылуу - бул динден чыгарбаган кичине капырлык. Анткени Аллах Таала жамгыр жааганына жылдыздар таасирин тийгизүүсүнө тагдыр жактан себеп кылган эмес жана шариятында да айткан эмес. Кимде-ким жамгыр жааганын жана башка окуяларды жылдыздардын кыймылдарына жана чыккан жерине таандык кылса же аларды чыныгы таасир берүүчү деп эсептесе, анда ал динден чыгарган чоң каапырлык кылган болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Жамгырдан кийин: "Аллахтын пазилети жана ырайымы менен жамгыр жаады" - деп айтуу мустахаб иштерден.
2. Ким жамгырдын жана башка кубулуштардын жаратылганын жана болуп өткөндүгүн жылдыздарга толук таандык кылса, анда ал чоң каапырлык менен каапыр болот.

   А эгерде жылдыздарды себеп катары көрсө, анда ал кичи каапырлык кылган болот.

   Анткени жылдыздардын жамгыр жааганына физикалык жактан да шарияттык көз караш менен да таасири жок.
3. Аллахтын берген жакшылыгына шүгүр келтирбесе, анда ал каапырлыкка себеп болот. А эгерде шүгүр келтирсе, анда ыймандуулукка себеп болот.
4. «Бизге баланча жылдыздын таасиринен жамгыр жаады» деп айтууга тыюу салынат. Ширк коркунучуна бөгөт коюу үчүн бир убакытты билдирген максатта айтса да болбойт.
5. Жүрөк жакшылыктарга жетүүдө жана балээлерден сактанууда Аллах Таалага байлануусу керек.

(65010)

(31) – عَنْ عُقْبَةَ بْنِ عَامِرٍ الْجُهَنِيِّ رضي الله عنه: أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ أَقْبَلَ إِلَيْهِ رَهْطٌ، فَبَايَعَ تِسْعَةً وَأَمْسَكَ عَنْ وَاحِدٍ، فَقَالُوا: يَا رَسُولَ اللهِ، بَايَعْتَ تِسْعَةً وَتَرَكْتَ هَذَا؟ قَالَ: «إِنَّ عَلَيْهِ تَمِيمَةً»، فَأَدْخَلَ يَدَهُ فَقَطَعَهَا، فَبَايَعَهُ، وَقَالَ: «مَنْ عَلَّقَ تَمِيمَةً فَقَدْ أَشْرَكَ». [حسن] - [رواه أحمد]

(31) – Укба бин Аамир аль-Жуханий (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын эчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) он чакты адам келип, ал алардын тогузу менен убада-келишим кылып, онунчусуна келишим кылбай койду. О, Аллахтын элчиси, тогузу менен келишим кылып, бирөөн калтырып койдуң го? - дешти эле, ал: "Анын тагынган тумары бар экен" - деди. Тиги киши коюнуна колун салып, тумарын жулуп таштады эле, аны менен убада-келишим кылып, анан: "Тумар тагынган адам, чынында ширк кылган болот" – деди.
[Хасан (жакшы)] - [Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир жамаат адам келет, алардын саны он болчу. Алардын тогузу менен исламга кирүүгө жана аны ээрчүүгө келишим-убадасын алат. Бирөөсү менен андай келишим кылбай койот. Мунун себебин сураганда, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай дейт: Анын

тумары бар экен. Тумар дегени, мончок, же дагы башка бир нерселерди жипке байлап, көз тийүүдөн жана башка зыяндан сактайт деп тагынып алуу. Ошенткенде тиги киши колун салып тумарын кесип алып таштайт. Ошондон кийин гана пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аны менен келишим кылат. Анан тумар тагынуудан тыйып, эскертип, аны тагынуунун өкүмүн баяндайт: "Тумар тагынган киши чынында ширк кылган болот".

## Хадистин пайдалары:

1. Ким Аллахтан башкага таянса, Аллах анын максатына карама-каршы мамиле кылат.
2. Тумар тагынуу жамандыктан, көз тийүүдөн сактоого себеп болот деп ишенүү кичине ширк. Ал эми тумар өзү жамандыктан сактайт деп ишенүү чоң ширк.

(6762)

(32) – عن عبد الله بن مسعود رضي الله عنه قال: سمعت رسول الله صلى الله عليه وسلم يقول: «إِنَّ الرُّقَى والتَمائِمَ والتِّوَلَةَ شِرْكٌ». [صحيح] - [رواه أبو داود وابن ماجه وأحمد]

(32) – Абдулла бин Масууд (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун)

мындай деп айтканын уктум: **«Рукия, тумарлар жана тивала ширк»**. **[Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, Ибн Мааже жана Ахмад жазып калтырган]**

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ширк иштерин баяндады. Алар:

Биринчи: Рукия. Бул - Исламга чейинки доордо жашаган элдердин шыпаа табуу үчүн колдонгон ширк аралашкан сөздөрү жана дубалары.

Экинчиси: Мончоктордон жана ушул сыяктуу нерселерден жасалган тумарлар. Муну жаман көздөн сактануу үчүн балдарга, жаныбарларга жана башкаларга тагышат.

Үчүнчүсү: Тивала. Бул - жубайларды бирини экинчисине сүйдүрүү үчүн жасалат.

Бул иштердин баары ширк. Анткени ширк шариятта далилденбеген бир нерсени же тажрыйба менен далилденбеген бир нерсени себеп кылуудан болот. Ал эми Куран окуу сыяктуу шариятта бар себептер же тажрыйба менен далилденген дарылар сыяктуу көзгө көрүнгөн себептерге келсек, пайда менен зыян Аллахтын колунда деген ишеним менен аларды себеп деп эсептесе болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Тавхидди жана Ислам акыйдасын бузуудан сактоо керек.
2. Ширк аралашкан рукияны окууга, тумарларды тагууга жана тиваланы колдонууга тыюу салынат.
3. Адамдын бул үч себепке ишениши – бул кичине ширк. Себеби ал шариятта себеп болбогон нерсени себеп кылды. Ал эми алардын өзүнө пайда жана зыяны бар деп ишенсе, анда бул чоң ширк.
4. Ширк жана арам себептерди кылуудан сактануу керек.
5. Ширк аралашкан рукия окуу арам болот. Шариятта келген рукия окуудан башкасынын баары ширк болуп саналат.
6. Жүрөк бир гана Аллахка байлануусу керек. Анткени бардык зыян жана пайда андан гана болот. Ал Жалгыз, Анын шериги жок. Ошондуктан Аллахтан башка эч ким жакшылык алып келе албайт. Андан башка эч ким жамандыкты кайтара албайт.
7. Ислам шариятындагы рукия окуу үч шартты камтып алат:

8. 1- Рукия окуу болгону бир себеп. Аллахтын уруксатысыз пайда бербейт деп ишенүү керек.
9. 2- Рукия окуу - бул Куран окуу менен, Аллахтын ысым-сыпаттарын окуу менен, пайгамбар айткан дубаларды окуу менен жана шариятта келген дубаларды окуу менен болушу керек.
10. 3-Рукия түшүнүктүү тилде болушу керек. Рукия дубалары таласим, башкача айтканда түшүнүксүз жазуулар жазылган дуба жана шаавaза, башкача айтканда сыйкырдын түрлөрү менен болбошу керек.

(5273)

(33) – عن بعض أزواج النبي صلى الله عليه وسلم عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «مَنْ أَتَى عَرَّافًا فَسَأَلَهُ عَنْ شَيْءٍ لَمْ تُقْبَلْ لَهُ صَلَاةٌ أَرْبَعِينَ لَيْلَةً». [صحيح] - [رواه مسلم]

(33) – Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аялдарынын биринин риваятында, пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ким төлгөчүгө барып андан бир нерсе тууралуу сураса,

кырк күнгө чейин анын намазы кабыл болбойт".
[Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) төлгөчүгө барууга болбостугун эскерткен. Төлгөчү дегени, көзү ачык, жылдыз кароочу, пал ачуучу ж.б. ушундайларды пайдаланып кайыпты билерине далил кылган адамдардын жалпы аталышы. Мындайлардан кайып ишти бир эле жолу сурап койсо, Аллах Таала сураган кишини кырк күндүк намазынын сообунан куру калтырат, бул анын ушундай чоң күнөөгө барганынын акыбети.

## Хадистин пайдалары:

1. Көзү ачыктык кылуу жана ага барып кайыпты суроо тыюу салынган арам иш.
2. Кылган күнөөсү себептүү адам жакшы амалдарынын cооп-сыйынан куру калышы мүмкүн.
3. Жылдыз төлгөсү деп аталган төлгө жана ага кароо, ошондой эле алаканга, чыныга жөн эле кызыгып кароо да ушул хадистин

ичине кирет. Анткени мунун баары көзү ачыктыкка жана кайып илимин билем дегендикке жатат.

4. Төлгөчүгө баруунун эле жазасы ушундай болсо, анда төлгөчүнүн өзүнүн жазасы кандай болорун ойлоп көр?
5. Кырк күндүк намаз окулган болуп эсептелет, анын казасы окулбайт, бирок сообу болбойт.

(5986)

(34) – عن ابْنِ عُمَرَ رضي الله عنهما أنه سَمِعَ رَجُلًا يَقُولُ: لَا وَالْكَعْبَةِ، فَقَالَ ابْنُ عُمَرَ: لَا يُحْلَفُ بِغَيْرِ اللَّهِ، فَإِنِّي سَمِعْتُ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «مَنْ حَلَفَ بِغَيْرِ اللهِ فَقَدْ كَفَرَ أَوْ أَشْرَكَ». [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي وأحمد]

(34) – Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) бир кишинин мындай деп айтып жатканын угуп калат. Ал киши: **«Жок, Каабага ант болсун!»** - дейт. Ошондо Ибн Умар мындай деп айтат: **«Аллахтан башкага ант ичилбейт. Чындыгында, мен Аллахтын Элчисинин** (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) **мындай деп айтканын укканмын: «Ким Аллахтан башкага ант ичсе, анда ал каапырлык кылган болот же ширк кылган болот»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтан жана анын ысым-сыпаттарынан башкага ант ичкен адам Аллахка каапырлык кылганын же ширк кылганын кабар берип жатат. Себеби ант ичүү ант ичкен нерсени улуктоону талап кылат. Чындыгында, бардык улуулук Жалгыз Аллахка гана таандык. Ошондуктан бир гана Аллахка же анын ысым-сыпаттары менен гана ант ичүүгө болот. Аллахтан башкага ант ичүү кичине ширк (2) болот. Эгерде ант ичкен адам ант ичкен нерсесин Аллахты улуктагандай же андан ашырып улуктаса, анда ал учурда чоң ширк болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Улуктап ант ичүү Аллах Тааланын акысы болгондуктан, Аллах жана анын ысым-сыпаттары менен гана ант ичүүгө болот.
2. Сахабалар жакшылыкка чакырып жамандыктан кайтарууга өтө дилгир болушкан, өзгөчө ал каапырлыкка же ширкке байланыштуу жаман иштер болсо.

(3359)

(35) – عَنْ أَبِي مُوسَى الأَشْعَرِيِّ رضي الله عنه قَالَ: أَتَيْتُ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِي رَهْطٍ مِنَ الأَشْعَرِيِّينَ أَسْتَحْمِلُهُ، فَقَالَ: «وَاللَّهِ لاَ أَحْمِلُكُمْ، مَا عِنْدِي مَا أَحْمِلُكُمْ» ثُمَّ لَبِثْنَا مَا شَاءَ اللَّهُ فَأُتِيَ بِإِبِلٍ، فَأَمَرَ لَنَا بِثَلاَثَةِ ذَوْدٍ، فَلَمَّا انْطَلَقْنَا قَالَ بَعْضُنَا لِبَعْضٍ: لاَ يُبَارِكُ اللَّهُ لَنَا، أَتَيْنَا رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ نَسْتَحْمِلُهُ فَحَلَفَ أَنْ لاَ يَحْمِلَنَا فَحَمَلَنَا، فَقَالَ أَبُو مُوسَى: فَأَتَيْنَا النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَذَكَرْنَا ذَلِكَ لَهُ، فَقَالَ: «مَا أَنَا حَمَلْتُكُمْ، بَلِ اللَّهُ حَمَلَكُمْ، إِنِّي وَاللَّهِ -إِنْ شَاءَ اللَّهُ- لا أَحْلِفُ عَلَى يَمِينٍ، فَأَرَى غَيْرَهَا خَيْرًا مِنْهَا، إِلَّا كَفَّرْتُ عَنْ يَمِينِي، وَأَتَيْتُ الَّذِي هُوَ خَيْرٌ». [صحيح] - [متفق عليه]

(35) – Абу Муса (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Ашари уруусунан бир канча адам болуп Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мингенге улоо сурап бардык. Ал: "Аллахка ант болсун, силерге улоо бере албаймын. Менде силерге бере турган улоо жок" - деди. Арадан бир аз өткөндөн кийин ага олжого түшкөн төө келип калып, бизге үч төө берүүгө буйруду. Биз төөнү алып кетип жатканда бири-бирибизге: Бизди Кудай урду го, Аллахтын элчисине улоо сурап барып ал бизге улоо бербеймин деп Аллахтын атына касам ичип, анан кайра улоо берип койду го деп сөз кылдык. Абу Муса (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Анан Аллахтын

элчисине кайра келип оюбузду айттык. Ал: "Силерге төөнү мен берген жокмун, Аллах Таала берди. Аллах кааласа, мен касам ичип кийин андан жакшы ишти көрсөм, касамымды бузуп, жакшы ишти аткара берем" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Абу Муса Ашари (Аллах андан ыраазы болсун) уруусундагы бир канча адам менен Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келет. Максаты казатка минүү үчүн Аллахтын элчисинен төө суроо эле. Аллахтын элчиси касам ичип, аларга бере турган төө жок экенин айтат. Алар кайтып кетишет. Бир канча убакыт өткөндөн кийин Аллахтын элчисине олжодон түшкөн төөнү алып келишет. Ошол төөнү аларга берет. Төөнү алгандан кийин бири-бирине: бул төөнүн берекеси болбой калат го, анткени Аллахтын элчиси төө бербеймин деп касам ичти эле, андан кийин кайра берип койду дешет. Анан кайра келип мунун жагдайын сурашат. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларга мындай деди: Силерге

төөнү Аллах Таала берди; анткени аны ырыскы кылып, насип кылган Аллах. Мен болгону аны ишке ашырган себепчимин. Анан дагы мындай деп кошумчалады: Аллахка ант болсун, мен Аллах кааласа, кайсы нерсеге кыламын же кылбаймын деп касам ичпейин, касам ичкен нерсеге караганда жакшы ишти көрсөм, жакшы ишти аткарамын. Касамымдан кайтып анын кафаратын аткарам.

## Хадистин пайдалары:

1. Айтып жаткан сөздү бекемдөө үчүн ал келечектин иши болсо да ал үчүн касам ичүүгө болот.

2. Касамдан кийин "Аллах кааласа" деген сөз менен ажыратып айтууга болот. Анткени бул ажыратууну касам менен бирге ниет кылса, экөө чогуу айтылып касамын бузган адамга каффарат болбойт.

3. Эгерде касам ичкен иишине караганда жакшы, пайдалуу ишти көрсө, касамын бузуп жакшы ишти аткаруу абзел.

(2961)

(36) – عَنْ حُذَيْفَةَ رضي الله عنه أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «لَا تَقُولُوا: مَا شَاءَ اللهُ وَشَاءَ فُلَانٌ، وَلَكِنْ قُولُوا: مَا شَاءَ اللهُ ثُمَّ شَاءَ فُلَانٌ». [صحيح بمجموع طرقه] - [رواه أبو داود والنسائي في الكبرى وأحمد]

(36) – Хузайфанын (Аллах андан ыраазы болсун) риваятында, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Аллах каалады жана баланча каалады" деп айтпагыла. Анын ордунда: "Аллах каалады андан кийин баланча каалады" - дегиле". [Сахих бимажмуъи тарикихи (бардык жолдорун эске алганда ишенимдүү хадис)] - [Абу Дауд менен ан-Насааи "Ал-Кубро" китебинде жазып калтырган жана Ахмад дагы жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулман адамды: "Аллах каалады жана баланча каалады" деп айтуудан тыйган. Же Аллах жана баланча каалады деп айтуудан; Мунун себеби, Аллахтын каалоосу жана каалоосун ишке ашыруусу абсолюттук түрдө Анын Өзүнө гана тиешелүү, ага эч ким шерик боло албайт. Жана деген маанини билдирген (Вав) байламтасын колдонгондо, кимдир бирөөнүн

Аллахка шерик болгону жана Аны менен бирдей болуп калды деген маани туюунулат. Тескерсинче: Аллах каалады, кийин баланча каалады деп айтуу керек. "Вав" деген тамаганын ордуна кийин деген маанини билдирген "сумма" деген тамганы колдонсо, пенденин каалоосу Аллахтын каалоосунан кийин болгонун билдирет, анткени "сумма" бир иштин экинчи иштен бираздан кийин (дароо эмес) болгонун туюндурат.

## Хадистин пайдалары:

1. "Аллах каалады жана сен кааладың" деп айтууга тыюу салынган (арам). Жана башка ушул сыяктуу "вав" байламтасы менен айтылган сөздөр, сөзгө тиешелүү ширктерден болгону үчүн айтууга тыюу салынган.

2. "Аллах каалады анан сен кааладың" деп айтуу жайыз, уруксат. Жана башка ушул сыяктуу "сумма" деген байламта менен айтылган сөздөр, аларга тыюу салынбаганы үчүн айтууга уруксат.

3. Аллахтын да каалоосу бар, пенденин да каалоосу бар. Пенденин калоосу Аллахтын каалоосунан кийин аны ээрчүүчү каалоо.

4. Аллахтын каалоосуна калайыкты сөз менен болсо да шерик кылууга тыюу салынган.

5. Сүйлөөчү адам эгер пенденин каалоосу Аллах Тааланын каалоосу сыяктуу, ар тараптуу жана абсолюттук жагынан ага барабар деп ишенип, этикат кылса же пенденин өз алдынча каалоосу бар деп ишенип этикат кылса, анда бул чоң ширк болот. Ал эми эгер пенденин каалоосу Аллах Тааланын каалоосунан төмөн деп ишенип этикат кылса, бул кичине ширк болот.

(3352)

(37) – عَنْ مَحْمُودِ بْنِ لَبِيدٍ رضي الله عنه أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «إِنَّ أَخْوَفَ مَا أَخَافُ عَلَيْكُمُ الشِّرْكُ الْأَصْغَرُ» قَالُوا: وَمَا الشِّرْكُ الْأَصْغَرُ يَا رَسُولَ اللهِ؟ قَالَ: «الرِّيَاءُ، يَقُولُ اللهُ عز وجل لَهُمْ يَوْمَ الْقِيَامَةِ إِذَا جُزِيَ النَّاسُ بِأَعْمَالِهِمْ: اذْهَبُوا إِلَى الَّذِينَ كُنْتُمْ تُرَاؤُونَ فِي الدُّنْيَا، فَانْظُرُوا هَلْ تَجِدُونَ عِنْدَهُمْ جَزَاءً؟». [حسن] - [رواه أحمد]

(37) – Махмуд бин Лабид (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деди: "Менин силер үчүн корккон нерселеримдин эң коркунучтуусу - кичине ширк". "Кичине ширк деген

эмне?" - дешти. Аллахтын элчиси мындай деди: "Рия. Кыямат күнү адамдар иш-амалдарынын жаза, сыйын алганда, Улук Аллах Таала аларга: "Дүйнө жашоосунда иш-амалдарыңарды рия кылып көрсөткөн адамдарга барып карагылачы, аларда силерге бере турган сыйды таба алар бекенсиңер!?" дейт. [Хасан (жакшы)] - [Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үммөтү үчүн эң корккон иш: кичине ширк экенин кабарлаган. Ал: Рия, б.а. адамдар үчүн амал кылуу. Андан кийин рия кылган адамдардын кыямат күнүндөгү жазасын кабарлаган. Аларга "Ким үчүн амал кылган болсоңор, ошого баргыла жана карагыла, алар силерге амалыңарга жараша сооп бере алар бекен" деп айтылат.

## Хадистин пайдалары:

1. Амалды Аллахка чын ыклас менен аткаруу жана риядан сактануу ваажыб.
2. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үммөтүнө өтө боорукер болгон жана аларга туура жолду көрсөтүүгө, насаат кылууга катуу умтулган.

3. Салихтердин башында турган сахабаларга пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушинтип айтып, корккон болсо, анда алардан кийинкилерге андан да коркунучтуу.

(3381)

(38) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «اثْنَتَانِ فِي النَّاسِ هُمَا بِهِمْ كُفْرٌ: الطَّعْنُ فِي النَّسَبِ، وَالنِّيَاحَةُ عَلَى الْمَيِّتِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(38) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Адамдарда каапырлыктын белгилеринен болгон эки белги бар: Ата-текти кемсинтүү жана өлүккө өкүрүп ыйлоо". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эки ишти каапырлардын амалы, Исламга чейинки доордон калган ахлак деп кабарлаган. Ал экөө:

Биринчиси: Адамдардын тегин кемсинтип, аларды басынтып, текеберлик кылуу.

Экинчиси: өлүм болгондо тагдырга наразы болуп, үнүн көтөрүп өкүрүп ыйлоо, же сабырсыздыктан улам кийимин тытып ыйлоо.

## Хадистин пайдалары:

1. Кичи пейил болууга, адамдарга текеберленбөөгө кызыктыруу.
2. Жоготуу кайгысы болгондо сабыр кылып, тагдырга ачууланбоо важыб.
3. Бул иштер кичине каапырлыктан, буларды кылган адам каапыр боло турган каапырлыктын бир бутагын кылган болуп эсептелбейт. Адамды диинден чыгара турган каапырлык бул чоң каапырлык болот.
4. Ислам дини мусулмандардын ортосунда бөлүнүүгө алып келе турган бардык иштен тыят. Мисалы, тегин кемсинтүү ж.б.у.с.

(6361)

(39) – عن أبي مَرْثَدٍ الغَنَوِيّ رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «لَا تَجْلِسُوا عَلَى الْقُبُورِ، وَلَا تُصَلُّوا إِلَيْهَا». [صحيح] - [رواه مسلم]

(39) – Абу Марсад ал-Ганави (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

"Кабырлардын үстүнө отурбагыла жана анда намаз окубагыла!" [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабырлардын үстүнө отурууга тыюу салган.

Ошондой эле кабырда намаз окууга жана кыбыла тарабындагы кабырга жүздөнүп намаз окууга тыюу салган. Анткени, бул ширкке алып баруучу иштерден.

## Хадистин пайдалары:

1. Кабырдын ичинде, кабырлардын арасында, же кабырга жүздөнүп намаз окууга болбойт. Бир гана жаназа намазын окууга болору сүннөттө айтылган.

2. Кабырларга намаз окуудан тыюу - ширкти пайда кылчу иштерден тосот.

3. Ислам дини кабыр тууралуу чектен чыгуудан жана аны кордоодон тыят. Аша чабууга да, шалаакылык кылууга да болойт.

4. Мусулмандын урматы ал өлгөндөн кийин да сакталат, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Өлүктүн сөөгүн сындыруу - тирүү кезинде сындыргандай эле (күнөө)" - деген.

(10647)

(40) – عَنْ أَبِي طَلْحَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «لاَ تَدْخُلُ المَلاَئِكَةُ بَيْتًا فِيهِ كَلْبٌ وَلاَ صُورَةٌ». [صحيح] - [متفق عليه]

(40) – Абу Талха (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ит жана сүрөт бар үйгө периштелер кирбейт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ырайым периштелери ит бар жана жандуулардын сүрөтү илинген үйлөргө кирбестигин кабарлаган. Мунун себеби, жандуу нерселердин сүрөтүн тартуу чоң күнөө. Сүрөт тартуу Аллахтын жаратуучулугун тууроо жана ширк кылууга ортомчу болот. Кээ бир сүрөттөргө

сыйынып, ибадат кылгандар бар. Ал эми ит жашаган үйгө периштелердин кирбегенине иттердин ыплас, нажасаттарды жегени жана кээ бир иттердин шайтан деп эсептелгени себеп. Периштелер шайтандын душманы. Ошондой эле иттердин жыты да жагымсыз. Периштелер жагымсыз жытты жактырбайт. Алар андай жерге баруудан тыйылган. Ошондуктан үйүнө ит кармаган адамдар ырайым периштелеринин үйүнө кирүүсүнөн, ага салават айтуусунан, кечирим тилөөсүнөн, береке алып келүүсүнөн жана шайтанды кубалоосунан куру калат.

## Хадистин пайдалары:

1. Итти аңчылык же кароолчулук үчүн гана кармоого уруксат. Башка максатта ит кармоо арам.

2. Үйгө жандуу нерселердин сүрөтүн, эстелигин ж.б. коюп алуу периштелерди качыра турган жаман адат. Үйүнө ит кармаган адам сыяктуу эле сүрөт койгон адам да периштелердин көп жакшылыгынан куру калат.

3. Ит жана сүрөт бар үйгө кирбеген периштелер ырайым периштелери. Ал эми иш-амалдарды

жазып туруучу, же өлүм периштеси сыяктуу аткара турган милдеттери бар периштелер мындай үйлөргө деле кире берет.

4. Жандуу нерселердин сүрөтүн дубалга илип алуу же көрүнөө жерге коюп коюу арам.
5. Ал-Хаттаабий минтип айткан: Периштелер багууга тыюу салынган ит багылган жана коюуга тыюу салынган сүрөт коюлган үйгө гана кирбейт. Ал эми аңчылык же кароолчулук үчүн ит багылган үйгө же ичине сүрөттүү материал менен капталган төшөк, жаздыктары бар үйлөргө кирүүдөн тыйылган эмес.

(8950)

(41) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ:

«لَا تَصْحَبُ الْمَلَائِكَةُ رُفْقَةً فِيهَا كَلْبٌ وَلَا جَرَسٌ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(41) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Периштелер ит жана коңгуроо бар кербенге (жолоочуларага) жолдош болбойт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кербенде ити бар, же жаныбарлар басканда шыңгырап турчу коңгуроосу бар адамдарга периштелер сапарда жолдош болбостугун айткан.

## Хадистин пайдалары:

1. Итти багууга жана аны жолго ээрчитүүгө тыюу салынган. Бирок аңчылык жана кароолчулук үчүн багылса уруксат.
2. Адамдарга жолдош болбой койгон периштелер булар ырайым периштелери. Ал эми сактоочу (жазуучу) периштелер, алар адамдар үйдө болобу, жолдо болобу эч ажырабайт.
3. Коңгуроо тагууга тыюу салынган. Анткени, ал шайтандын кернейи, мында христиандардын коңгуроосуна окшоштук бар.
4. Мусулман адамга аны периштелерден алыстата турган иштердин баарынан этият болуусу зарыл.

(8951)

(42) – عَن أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «يَأْتِي الشَّيْطَانُ أَحَدَكُمْ فَيَقُولُ: مَنْ خَلَقَ كَذَا؟ مَنْ خَلَقَ كَذَا؟ حَتَّى يَقُولَ: مَنْ خَلَقَ رَبَّكَ؟ فَإِذَا بَلَغَهُ فَلْيَسْتَعِذْ بِاللهِ وَلْيَنْتَهِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(42) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат. Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Шайтан силердин бириңерге келип: «Баланчаны ким жаратты? Муну ким жаратты?»** - деген ойлорду салат. Акырында: «Раббиңди ким жаратты?» - деген азгырык суроо салат. Эгерде кимдир бирөөгө мындай азгырык ойлор келсе, анда ал Аллахтан коргоо сурасын жана андай ойлонуусун токтосун». [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) шайтандын момунга салган азгырык суроолоруна кандай түрдө мамиле кылууну айтты. Шайтан адамга: **«Муну ким жаратты? Тигини ким жаратты? Асманды ким жаратты? Жерди ким жаратты?»** - деген ойлорду салат. Ыймандуу адам ага шарият, таза табият жана акыл менен Аллах деп жооп берет.

Бирок шайтан азгырууда бул чекте гана токтоп калбайт. Ал адамга: «Раббиңди ким жаратты?» - деген ойго чейин алып барат. Ошондо момун адам бул азгырыкты үч нерсе менен кайтарат:

Аллахка ыйман келтирүү менен

Аллахтан шайтандын азгырыгынан коргоону сурануу менен.

Шайтандын салган азгырыктарын токтотуу менен.

## Хадистин пайдалары:

1. Шайтандын азгырыктарынан жана адамга салган азгырык ойлорунан баш тартуу жана алар жөнүндө ойлонбоо керек. Ошондой эле аларды кетирүү үчүн Аллах Таалага кайрылуу зарыл.

2. Адамдын жүрөгүнө шариятка карама-каршы келген ойлордун баары шайтандан.

3. Аллахтын заты жөнүндө ойлонуу тыюу салынган иштерден. Бирок Анын маклуктары жана аяттары жөнүндө ой жүгүртүүбүз керек.

(65013)

(43) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «إِنَّ اللَّهَ قَالَ: مَنْ عَادَى لِي وَلِيًّا فَقَدْ آذَنْتُهُ بِالحَرْبِ، وَمَا تَقَرَّبَ إِلَيَّ عَبْدِي بِشَيْءٍ أَحَبَّ إِلَيَّ مِمَّا افْتَرَضْتُ عَلَيْهِ، وَمَا يَزَالُ عَبْدِي يَتَقَرَّبُ إِلَيَّ بِالنَّوَافِلِ حَتَّى أُحِبَّهُ، فَإِذَا أَحْبَبْتُهُ: كُنْتُ سَمْعَهُ الَّذِي يَسْمَعُ بِهِ، وَبَصَرَهُ الَّذِي يُبْصِرُ بِهِ، وَيَدَهُ الَّتِي يَبْطِشُ بِهَا، وَرِجْلَهُ الَّتِي يَمْشِي بِهَا، وَإِنْ سَأَلَنِي لَأُعْطِيَنَّهُ، وَلَئِنِ اسْتَعَاذَنِي لَأُعِيذَنَّهُ، وَمَا تَرَدَّدْتُ عَنْ شَيْءٍ أَنَا فَاعِلُهُ تَرَدُّدِي عَنْ نَفْسِ المُؤْمِنِ، يَكْرَهُ المَوْتَ وَأَنَا أَكْرَهُ مَسَاءَتَهُ». [صحيح] - [رواه البخاري]

(43) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Чынында, Аллах Таала мындай деди: "Ким Менин досума душмандык кылса Мен ага согуш жарыя кыламын. Пендемди мага жакындата турган Мен ага парыз кылган амалдардан өткөн амал жок.

Пендем Мага напил амалдар аркылуу жакындаган сайын, Мен аны жакшы көрөм. А Мен аны жакшы көрсөм, анын уга турган кулагы, көрө турган көзү, кармай турган колу жана баса турган буту болом. Эгер менден сураса, берем, Эгер Мени менен сактанса, сактайм. Мен кылган иштеримден момундун жанын алганда экиленгендей экиленген эмесмин, ал өлүмдү жек көрөт, Мен аны кыйнаган нерсени жек көрөм". [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Улук Аллах Таала кудусий хадисте минтип айтканын кабарлайт: Ким менин досторумдан бирине ыза берсе, ачууландырса, же аны жек көрсө, мен ага билдирем жана ага согуш жарыялайм.

Дос дегени: такыба ыймандуу адам. Пендеде ыйман жана такыбылыктан канча болсо, Аллахка достугу ошончолук болот. Мусулманды Раббисине жакындата турган эң жакшы иш - ибадаттарды аткаруу жана күнөөлөрдөн тыйылуу сыяктуу ага важыб, парз кылынган иштер. Мусулман адам парз ибадаттар менен бирге напил ибадаттарды аткарган сайын Раббисине жакындап, Анын сүйүүсүнө жетет. Аллах аны жакшы көрүп калгандан кийин анын төмөнкү төрт мүчөсүн күнөөдөн Өзү сактайт:

Угуусун сактайт, Аллах ыраазы боло турган сөздөрдү гана угуп калат.

Көрүүсүн сактайт, Аллах кароосун жакшы көргөн жана ыраазы болгон нерсени гана карап калат.

Колун сактайт, колу менен Аллах ыраазы боло турган иштерди гана жасайт.

Буттарын сактайт, Аллах ыраазы боло турган жерлерге гана басат, жакшылык бар нерсеге гана аракет кылат.

Аны менен бирге Аллахтан эмнени сураса, Аллах ага сураганын берет. Дубасы кабыл болуучу киши болот. Эгер Аллах менен сактанып, Андан коргоо тилесе, Аллах аны корккон нерсесинен сактап, коргойт.

Андан кийин Аллах Таала айтат: Мен кылган иштеримдин ичинен ыймандуу адамга ырайым кылып анын жанын алганда экиленгендей эч экиленбеймин; анткени ал өлүм учурунда катуу оору болгону үчүн аны жек көрөт, Аллах болсо ыймандуу адамды кыйнаган нерсени жек көрөт.

## Хадистин пайдалары:

1. Бул хадис пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Раббисинен риваят кылган хадистерден. Мындай хадистер кудсий же илахий хадис деп аталат. Анын сөзү жана мааниси Аллахтан, бирок кудсий хадис Курандын башкалардан айырмаланып турган өзгөчөлүктөрүнө ээ эмес. Мисалы, Куранды окуу ибадат, аны даарат менен кармоо керек, ал сыяктууну алып келүүгө атаандаштыкка чакыруу, анын муъжизалыгы ж.б.

2. Аллахтын досторуна ыза берүүдөн тыйып, алардын артыкчылыгын моюнга алып, аларды жакшы көрүүгө үндөө.

3. Аллахтын душмандарына душман болууга буйруган. Алар менен дос болуу арам.

4. Ким өзүн Аллахтын досумун деп эсептесе, бирок Анын шариятын аткарбаса, анда ал айтканында жалганчы.

5. Аллахтын достугуна буйруктарды аткаруу, арамдардан тыйылуу аркылуу гана жетүүгө болот.

6. Аллахтын сүйүүсүнө ээ болуунун жана дубасы кабыл боло турган адам болуунун себептеринин бири, парз амалдарды аткаруу менен бирге напил амалдарды да аткаруу жана арам иштерден тыйылуу.

7. Аллахтын досторунун шарапаты улук, даражасы бийик экенине далил.

(6337)

(44) – عن العِرْباضِ بن ساريةَ رضي الله عنه قال: قام فينا رسول الله صلى الله عليه وسلم ذات يوم، فوَعَظَنا مَوعظةً بليغةً وَجِلتْ منها القلوبُ، وذَرَفتْ منها العيونُ، فقيل: يا رسول الله، وعظتَنَا موعظةَ مُودِّعٍ فاعهد إلينا بعهد. فقال: «عليكم بتقوى الله، والسمع والطاعة، وإن عبدًا حبشيًّا، وسترون من بعدي اختلافًا شديدًا، فعليكم بسنتي وسنة الخلفاء الراشدين المهديين، عَضُّوا عليها بالنواجِذ، وإياكم والأمور المحدثات، فإن كل بدعة ضلالة». [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي وابن ماجه وأحمد]

(44) – Ал-Ирбаз бин Сария (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Бир күнү Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) туруп, бизге аябай жеткиликтүү насаат айтты. Андан жүрөктөр титиреп, көздөр жашылданды. О, Аллахтын элчиси, бизге коштошуп жаткандай насаат айттың, эми бизге бир келишимди (дайыма аткарып жүрүү үчүн) осуят кыл - дешти. Ал мындай деди: " Аллахтан корккула! Башчыңар хабаший (ынды кара) кул болсо да аны уккула жана моюн сунгула! Менден кийин көптөгөн карама-карышылыктарды көрөсүңөр. Ошондо менин жана менин туура жол көрсөтүүчү халифтеримдин сүннөт жолун бекем кармагыла! Ага азууңар менен жармашкыла! Жаңы пайда болгон иштерден сак болгула! Анткени, бардык жаңы иштер адашуу". [Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар ага (Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларына жеткиликтүү насаат айтып, андан жүрөктөр коркуп титиреп, көздөрдөн жаш агып кетет. Анан алар: О, Аллахтын элчиси, сен бизге коштошкондой насаат айттың - дешет. Насааттын өтө жеткиликтүү айтылганынан улам алар муну байкаган болчу. Анан ал өткөндөн кийин такай аткарып жүрө турган ишти осуят кылуусун андан суранышат. Ал: Улуу Аллах Таалага такыба болгула - дейт. Такыбалык ваажыб, буйруктарды аткаруу жана арам, тыюу салынган иштерден тыйылуу менен болот. "Уккула жана баш ийгиле" - дейт. Т.а. башчыларга баш ийгиле. Эгерде силерге кул башчы болуп же өкүмдарлык кылса, ага да баш ийгиле. Мындайча айтканда, калайыктын ичинен даражасы эң төмөн адам башчы болсо да, аны теңсинбей койбой, ага баш ийгиле, фитна, бүлгүндөн этият болуу үчүн. Анткени, кимдин өмүрү узун болсо келечекте көп келишпестиктерди көрөт. Андан кийин аларга мындай келишпестиктерден алып чыга турган жолду баяндады. Бул - ал өткөндөн кийин анын жана анын туура жол көрсөтүүчү

халифтеринин сүннөт жолун бекем кармоо. Булар Абу Бакр Сыддык, Умар бин Хаттаб, Усман бин Аффан жана Али бин Абу Талиб (Аллах алардан ыраазы болсун). Ушул жолду азуу тиштери менен бекем тиштөөгө үндөдү. Б.а. сүннөттү бекем тутуп, аны менен жүрүүгө тырышууга үндөдү. Ошондой эле аларга динде жаңыдан пайда болгон иштерден этият болууну эскертти, анткени бардык жаңыдан пайда болгон иштер адашуута алып барат.

## Хадистин пайдалары:

1. Сүннөттү кармоо жана аны ээрчүүнүн зарылдыгы.
2. Насаат айтууга жана жүрөктү жумшартуучу нерселерге көңүл буруу.
3. Өзүнөн кийинки туура жолго баштоочу төрт халифти ээрчүүгө буюруусу. Алар Абу Бакр, Умар, Усман, Али (Аллах алардан ыраазы болсун).
4. Динде жаңы ишти пайда кылуудан тыюу. Анткени, бардык жаңы иштер - адашуу.
5. Ыймандууларга башчы болгон адамды күнөө эмес иштерде угуу жана ага баш ийүү.

6. Бардык учурда жана бардык абалда Улук Аллах Таалага такыба болуунун зарылдыгы.
7. Бул үммөттө келишпестиктер сөзсүз болот. Мындайлар пайда болгондо Аллахтын элчисинин жана туура жолго баштоочу халифтердин сүннөт жолуна кайтуу лаазым.

(65057)

(45) – عن أبي هريرة رضي الله عنه عن النبي صلى الله عليه وسلم أنه قال: «مَنْ خَرَجَ مِنَ الطَّاعَةِ، وَفَارَقَ الْجَمَاعَةَ فَمَاتَ، مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً، وَمَنْ قَاتَلَ تَحْتَ رَايَةٍ عِمِّيَّةٍ، يَغْضَبُ لِعَصَبَةٍ، أَوْ يَدْعُو إِلَى عَصَبَةٍ، أَوْ يَنْصُرُ عَصَبَةً، فَقُتِلَ، فَقِتْلَةٌ جَاهِلِيَّةٌ، وَمَنْ خَرَجَ عَلَى أُمَّتِي، يَضْرِبُ بَرَّهَا وَفَاجِرَهَا، وَلَا يَتَحَاشَى مِنْ مُؤْمِنِهَا، وَلَا يَفِي لِذِي عَهْدٍ عَهْدَهُ، فَلَيْسَ مِنِّي وَلَسْتُ مِنْهُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(45) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Кимде-ким (башчыларга) баш ийүүсүнөн тайып, жамааттан бөлүнүп өлсө, ал жахилияттын өлүмү менен өлөт. Ким сокур желектин астында согушса, уруусу же улуту үчүн өзгөчө катуу берилип ачууланса, же улутчулдукка чакырса, же аларга жардам берип жүрүп өлсө, анда жахилият өлүмү менен өлөт. Ким менин үммөтүмө каршы чыкса, салихине да, бузукусуна да сокку урса жана ыймандууларды

(өлтүрүү азабынан) коркпосо жана берилген убаданы аткарбаса, анда ал менден эмес жана мен андан эмесмин". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) хадисте мындайча баяндады: "Кимде-ким башчыларга баш ийүүсүнөн тайып, имамга байъат кылууну макулдашкан Ислам жамаатынан бөлүнүп кетсе жана баш ийбесе, ошол бөлүнүп жүргөн абалында өлсө, анда ал жахилият (5) элинин өлүмүндөй өлөт. Алар мусулмандардын башчысына баш ийбей, жамаатка кошулбагандар. Тактап айтканда алар бири-бири менен согушкан топтор".

Жана Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) чындыктын жүзү ачык көрүнбөгөн туунун астында согушкан, дин жана чындык үчүн эмес, өз элине же уруусуна өзгөчө катуу берилгендерге ачууланарын кабар берди. Алар көрөгөчтүгү жана илими жок, өз элине же уруусуна өзгөчө катуу берилип согушат. Эгер алар ошол абалда өлтүрүлсө, жахилият элинин өлүмүндөй өлөт.

Кимде-ким Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үммөтүнө каршы чыкса, анын салих жана бузуку элине сокку урса, кылган иштерине маани бербесе жана ыймандууларды өлтүрүү азабынан коркпосо жана каапырлар же

башчылар менен болгон келишимин аткарбаса, тескерисинче ал келишимди бузса, анда анын бул кылганы чоң күнөөлөрдүн бири болуп саналат. Ким аны кылса, анда ал катуу азапка татыктуу болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллах Таалага күнөө болбогон иштерде башчыларга моюн сунуу важиб.
2. Хадисте башчыга баш ийүүдөн тайып, мусулман коомунан бөлүнүп кеткендерге катуу эскертүү камтылган. Эгер алар ушул абалда өлсө, жахилият элинин жолунда өлөт.
3. Хадисте уруусу үчүн өзгөчө катуу берилип согушуудан тыйды.
4. Убадаларды аткаруу важиб.
5. Жамаатка моюн сунууда жана ар дайым жамаат менен болууда көп жакшылык, коопсуздук, бейпилдик жана жакшы шарттар бар.
6. Жахилият элинин абалдарына окшошуп калуудан тыюу бар.
7. Ар дайым мусулман жамааты менен болууга буюрулган.

(58218)

(46) – عن مَعقِلِ بن يَسار المُزَنِيّ رضي الله عنه قال: إني سمعت رسول الله صلى الله عليه وسلم يقول: «مَا مِنْ عَبْدٍ يَسْتَرْعِيهِ اللهُ رَعِيَّةً، يَمُوتُ يَوْمَ يَمُوتُ وَهُوَ غَاشٌّ لِرَعِيَّتِهِ، إِلَّا حَرَّمَ اللهُ عَلَيْهِ الْجَنَّةَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(46) – Маъкил бин Ясар Аль-Музани (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылып айтты: Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай дегенин уктум: **«Аллах жоопкер кылып койгон пенде, ал өлөөр күнүнө чейин карамагындагыларды алдап жүрүп өлсө, Аллах аны бейишке кирүүсүн арам кылат»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала ар бир адамды башкаруучу жана адамдарга жооптуу кылып койгонун кабарлап жатат. Амир сыяктуу жалпы башкаруучу болобу, же өз үйүндөгү эркек жана өз үйүндөгү аял сыяктуу жеке башкаруучу болобу, айтор, ал өз кол алдындагы адамдын акысында кемчилик кетирип, аны алдап, ага насаат айтпай, анын диний жана дүйнөлүк акыларын текке кетирсе, анда ал бул катуу жазага татыктуу болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Бул азап имамга жана анын орун басарларына гана тиешелүү эмес. Тескерисинче, Аллах Таала жоопкер кылып койгон бардык адамдарга жалпы тиешелүү.
2. Мусулмандардын иштерине жооптуу болгон ар бир башчы адамдарга насаат айтуу, аманатты кайтарууга аракет кылуу, кыянат кылуудан сактануу парз.
3. Башкаруу чоң болобу же кичи болобу, жалпы болобу же жекече болобу, ар бир башчынын жоопкерчилиги чоң.

(5335)

(47) – عَنْ أُمِّ سَلَمَةَ أُمِّ المُؤمنين رضي الله عنها: أَنَّ رَسُولَ اللهِ صلى الله عليه وسلم قَالَ: «سَتَكُونُ أُمَرَاءُ فَتَعْرِفُونَ وَتُنْكِرُونَ، فَمَنْ عَرَفَ بَرِئَ، وَمَنْ أَنْكَرَ سَلِمَ، وَلَكِنْ مَنْ رَضِيَ وَتَابَعَ» قَالُوا: أَفَلَا نُقَاتِلُهُمْ؟ قَالَ: «لَا، مَا صَلَّوْا». [صحيح] - [رواه مسلم]

(47) – Ыймандуулардын энеси Умму Салама (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Келечекте силер алардын кээ бир ишине ыраазы болуп, кээ бир ишинен кайтара турган башчылар

чыгат. Ким алардын жаман ишин (жүрөгү менен) жактырбаса, (күнөөдөн же эки жүздүүлүктөн) кутулат. Ким аларды (тили же колу менен) кайтарса, алар менен чогуу болуудан өзүн куткарат. Бирок (алар менен күнөө жана азапта бирге болот) ким аларга ыраазы болуп, ээрчисе ". "Аларга каршы чыгалыбы?" - дешти. "Жок, намаз окушса (аларга каршы чыкпагыла)" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келечекте бизге чыга турган башчылар жөнүндө кабар берген. Алардын кээ бир иштери шариятка дал келгендиктен аларды аткарабыз. Кээ бир иштери шариятка каршы келгендиктен, аларды аткарбайбыз. Ким туура эмес ишти кайтарууга кудурети жетпегендиктен жүрөгү менен жек көрүп, четке какса, ал күнөөдөн жана эки жүздүүлүктөн кутулат. Ал эми колу же тили менен кайтарууга кудурет жетип аларды кайтарса, күнөөдөн жана аларга шериктеш болуп калуудан саламат болот. Ал эми ким аларга ыраазы болуп, алардын жаман иштерин кошо аткарса, алар туш болгон азапка туш болот.

Ошенткенде сахабалар: "Ушундай сыпаты бар башчыларга каршы чыгалыбы?" деп сурашты.

Аларды андай кылуудан тыйып: "Жок, араңарда намаз окуп турушканда (аларга каршы чыкпагыла)" - деди.

## Хадистин пайдалары:

1. Келечектеги кайып иштердин кабарын берип, кийин ошол иштердин болуусу - бул, пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбарлыгына далил болгон иштердин бири.

2. Шариятка каршы келген ишке ыраазы болууга жана ага шериктеш болууга болбойт, тескерисинче, андан кайтаруу важиб.

3. Эгерде башчылар шариятка каршы келген жаңы бир ишти пайда кылса, андай иште аларга баш ийүүгө болбойт.

4. Мусулман башчыларга каршы чыгууга болбойт; мындан баш аламандык, кан төгүлүү, бейпилсиздик пайда болуусу мүмкүн. Күнөөкөр башчылардын туура эмес иштерине чыдоо жана алардын ыза-кордугуна сабыр кылуу кан төгүлүү ж.б.у.с. жамандыктардан жеңил.

5. Намаздын орду жогору, ал каапырлык менен Исламды ажыратып турат.

(3481)

(48) – عَنِ ابْنِ مَسْعُودٍ رضي الله عنه عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «سَتَكُونُ أَثَرَةٌ وَأُمُورٌ تُنْكِرُونَهَا» قَالُوا: يَا رَسُولَ اللَّهِ فَمَا تَأْمُرُنَا؟ قَالَ: «تُؤَدُّونَ الحَقَّ الَّذِي عَلَيْكُمْ، وَتَسْأَلُونَ اللَّهَ الَّذِي لَكُمْ». [صحيح] - [متفق عليه]

(48) – Ибн Масуъддун (Аллах андан ыраазы болсун) риваятында, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деди: "Келечекте өзүмчүл башчылар жана диниңерде жек көргөн иштер болот". О, Аллахтын элчиси, (ал учурда) бизди эмне кылууга буйруйсуң - дешти (сахабалар). "Силердин моюнуңардагы милдетиңерди аткара бергиле, акыңарды Аллахтан сурагыла" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келечекте мусулмандарга алардын мал-мүлкүнө ж.б. дүйнө иштерине кыянат кыла турган башчылар башчылык кыларын кабарлаган. Ал башчылар алардын мал-мүлкүн каалагандай жумшап, мусулмандардын акысынан тыят. Ошондой эле аларда динде четке кагылган иштер пайда болот. Сахабалар (Аллах алардан ыраазы болсун) ошол учурда эмне кылуу керектигин сурайт. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) алардын

мал-мүлктү каалагандай жумшоосу, силерди башчыны угуп, ага баш ийүү милдетинен тыйып койбоосу керектигин айтат. Тескерисинче, сабыр кылгыла, уккула, баш ийгиле, алардан бийликти талашпагыла, өзүңөргө тиешелүү акыны, башчыларды оңдоп-түзөөнү, алырдын жамандыгын жана зулумдугун жок кылууну Аллахтан сурагыла - деди.

## Хадистин пайдалары:

1. Бул хадис пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбарлыгынын далили. Келечекте үммөтүндө боло турган нерсени айткан, анан дал ошондой болду.

2. Сыноого туш болуучу адамга ал кабыла турган сыноону айтса болот; ал өзүн даярдап, сыноо келгенде ага сабырдуу болуп, сооп үмүт кылуусу үчүн.

3. Куран менен сүннөткө таянуу фитна жана келишпестиктерден чыгаруучу жол.

4. Жакшылык иштерде башчыларды угуп, аларга баш ийүүгө, алардан зулумдук көрүшсө да, аларга каршы чыкпоого, үндөө.

5. Фитна учурунда сүннөткө ээрчип, даанышмандыкты пайдалануу керек.

6. Эгер ага зулумдук кылынып жатса да, инсанга анын моюнундагы милдет-акыны аткаруу зарыл.
7. Хадисте төмөнкү эрежеге далил бар: Жамандыктардын жеңили, зыяндардын кичиги тандалат.

(3156)

Баарыңар кайтаруучусуңар жана кайтарганыңарга жоопкерсиңер

(49) – عَنْ عَبْدِ اللَّهِ بنِ عُمرَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُما أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «كُلُّكُمْ رَاعٍ فَمَسْئُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ، فَالأَمِيرُ الَّذِي عَلَى النَّاسِ رَاعٍ وَهُوَ مَسْئُولٌ عَنْهُمْ، وَالرَّجُلُ رَاعٍ عَلَى أَهْلِ بَيْتِهِ وَهُوَ مَسْئُولٌ عَنْهُمْ، وَالمَرْأَةُ رَاعِيَةٌ عَلَى بَيْتِ بَعْلِهَا وَوَلَدِهِ وَهِيَ مَسْئُولَةٌ عَنْهُمْ، وَالعَبْدُ رَاعٍ عَلَى مَالِ سَيِّدِهِ وَهُوَ مَسْئُولٌ عَنْهُ، أَلاَ فَكُلُّكُمْ رَاعٍ وَكُلُّكُمْ مَسْئُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(49) – Абдуллах бин Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Баарыңар кайтаруучусуңар жана кайтарганыңарга жоопкерсиңер. Адамдарга кайтаруучу болгон башчы аларга жоопкер. Эркек киши үй-бүлөсүн кайтаруучу, ал аларга жоопкер. Аял киши күйөөсүнүн үйүнө жана балдарына кайтаруучу, ал аларга жоопкер. Кул кожоюнунун мал-мүлкүнө кайтаруучу, ал ага жоопкер. Билип алгыла, баарыңар кайтаруучусуңар жана

баарыңар жоопкерсиңер". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) коомчулуктагы ар бир мусулмандын кам көрүшү жана көтөрүүсү керек болгон жоопкерчилик жүктөлгөндүгүн кабар берет. Имам же башчы Аллах ага башкартып койгон адамдар үчүн кайтаруучу, анын моюнуна алардын шариятын сактоо, аларга зулумдук кылгандардан коргоо, душмандарына каршы күрөшүү жана укуктарын коргоо жүктөлгөн. Эркек киши үй-бүлөсүндө аларды каржылоого, жакшы мамиле жасоого, таалим-тарбия берүүгө, адеп берүүгө милдеттүү. Аял киши күйөөсүнүн үйүндө үй иштерин жакшы жүргүзүүгө, балдарына жакшы тарбия берүүгө милдеттүү. Ал ушул нерселер тууралуу суралат. Кызматчы же мандикер иштеген адам кожоюндун анын колунда турган мал-келин сактоого жана кылган кызматына жоопкер, ал ушулар үчүн суралат. Ар ким өзүнө тапшырылган нерсенин кайтаруучусу жана алар тууралуу сөзсүз суралат.

## Хадистин пайдалары:

1. Мусулман коомундагы жоопкерчилик жалпыга бирдей, ар ким өз абалына, өз кудуретине, өз жоопкерчилигине жараша суралат.
2. Аял кишинин жоопкерчилиги жогору, ал күйөөсүнүн үйүнүн акысын сактоого жана балдарына тиешелүү милдеттерин аткарууга тийиш.

(5819)

(50) – عن عائشة رضي الله عنها قالت: سمعتُ من رسول الله صلى الله عليه وسلم يقول في بيتي هذا: «اللَّهُمَّ مَنْ وَلِيَ مِنْ أَمْرِ أُمَّتِي شَيْئًا فَشَقَّ عَلَيْهِمْ فَاشْقُقْ عَلَيْهِ، وَمَنْ وَلِيَ مِنْ أَمْرِ أُمَّتِي شَيْئًا فَرَفَقَ بِهِمْ فَارْفُقْ بِهِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(50) – Айша (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте мындай деп айтты: Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менин үйүмдө минтип айтканын уктум: **«Оо, Аллах! Кимде-ким менин үммөтүмдүн иштерин башкарып, аларды кыйнаса, анда ага кыйынчылык бер. Кимде-ким менин үммөтүмдүн иштерин башкарып, аларга жылуу мамиле кылса, анда ага боорукерлик кыл»**.

[Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулмандын иштерин башкарган адам жаш болсун же улгайган болсун, алардын баарына дуба кылды. Жана бул башкаруу жалпы башкаруу болсун же жеке башкаруу болсун, ал башчы аларга жылуу мамиле кылбай машакат туудурган болсо, анда Аллах Таала аны кылган ишине жараша машакатка салып коёт.

Кимде-ким аларга жылуу мамиле кылса жана алардын иштерин жеңилдетсе, анда Аллах ага боорукерлик кылат жана анын иштерин жеңилдетет.

## Хадистин пайдалары:

1. Кимде-ким мусулмандардын кайсы бир иштеринде башчылык кылса, анда колунан келишинче аларга жылуу мамиле кылышы келек.

2. Иш-аракеттердин түрүнө жараша сооп-сыйлык же жаза болот.

3. Жылуу мамиле же катаал мамиле деп эсептелген мамилелердин чен-өлчөмү Куранга жана сүннөткө каршы келбеши керек.

(5330)

(51) – عن تميم الداري رضي الله عنه أن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «الدِّينُ النَّصِيحَةُ» قُلْنَا: لِمَنْ؟ قَالَ: «لِلهِ وَلِكِتَابِهِ وَلِرَسُولِهِ وَلِأَئِمَّةِ الْمُسْلِمِينَ وَعَامَّتِهِمْ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(51) – Тамим ад-Даари (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Дин — бул насаат»** - деп айтты. Ошондо биз: «Оо, Аллахтын Элчиси, ким үчүн?» - деп сурадык. Ал: «Аллах үчүн, Анын Китеби үчүн, Анын Элчиси үчүн, мусулмандардын башчылары үчүн жана жалпы мусулмандар үчүн» - деп айтты». **[Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]**

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Ислам динин кармануу - чын ыкластуулукка жана чынчылдыкка негизделгенин, Аллах буйругандай толук, кемчиликсиз жана алдамчылыксыз менен аткарылышын айтты.

Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): **«Насаат кимге берилет?»** - деп сурашканда ал мындай деп айтты:

Биринчиси: Насаат Аллах Таала үчүн б.а. чын-ыкластан Аллах үчүн иш-аракеттерди аткаруу, Ага

шерик кошпоо. Ага рубубиятта, улухиятта жана ысым-сыпаттарында ыйман келтирүү, Анын буйругун бийик тутуп аткаруу жана Ага ыйман келтирүүгө чакыруу.

Экинчиси: Насаат Анын Китеби үчүн, ал Ыйык Куран б.а. бул Аллахтын сөзү, китептеринин акыркысы экендигине жана ал Куран өзүнөн мурунку бардык шарият мыйзамдарын жокко чыгарганына ишенүүбүз, Аны урматтообуз жана аны туура окуубуз керек. Андагы мухкам аяттарга амал кылуубуз жана муташабих аяттарга моюн сунуубуз. Аны бурмалоочулардын чечмелөөсүнөн коргообуз. Анын насааттарын, анын илимин таралуусун жана ага чакырууну  этибарга алуубуз керек.

Үчүнчүсү: Насаат Аныын элчиси Мухаммад (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үчүн б.а. ал элчилердин акыркысы экенине ишенүүбүз жана ал алып келген нерсени тастыктообуз, анын буйруктарына баш ийүүбүз жана тыюу салган нерселеринен сактануубуз, ал алып келген нерсе менен гана Аллахка ибадат кылуубуз, анын акысын улуктообуз, урматтообуз, анын даават, шарият мыйзамын жайылтуубуз жана Ага коюлган дооматтарды четке кагуубуз керек.

Төртүнчүсү: Насаат мусулмандардын башчылары үчүн б.а. бул мусулмандардын башчыларына акыйкатты жайылтууда жардам берүү, алар менен бир иштерде талашып-тартышпоо жана Аллахка ибадат кылууда аларды угуп жана аларга моюн сунуу керек.

Бешинчиси: Насаат жалпы мусулмандар үчүн б.а. бул жалпы мусулмандарга жакшылык кылуу жана аларга даават кылуу, аларга зыян жеткирүүдөн тыйылуу, аларга жакшылыктын жетүүсүн жакшы көрүү жана алар менен жакшылыкта жана такыбалыкта жардамдашуу.

## Хадистин пайдалары:

1. Насаат кылууга буйруу бардык адамдар үчүн.
2. Ислам дининдеги насаат макамынын улуулугу.
3. Ислам дини ички ишенимдерди, тил амалдарын жана дене амалдарын камтыйт.
4. Насаат – бул насаат кылынган адамды алдамчылыктан тазалап, ага жакшылык каалоо.
5. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) таалимди жакшы берүүсү. Анткени Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир

нерсени жалпылап айтып, андан соң аны майда-чүйдөсүнө чейин айтып берген.

6. Негизги нерселердин эң негизгисинен баштоо. Мына ошондуктан Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) насаат Аллах үчүн андан кийин Анын Китеби үчүн, андан кийин Анын Элчиси үчүн, андан кийин мусулмандардын башчылары үчүн, андан кийин жалпы мусулмандар үчүн деп эң негизгисинен баштады.

(4309)

(52) – عَنْ عَائِشَةَ رَضِيَ اللهُ عَنْهَا قَالَتْ: تَلَا رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ هَذِهِ الْآيَةَ: {هُوَ الَّذِي أَنْزَلَ عَلَيْكَ الْكِتَابَ مِنْهُ آيَاتٌ مُحْكَمَاتٌ هُنَّ أُمُّ الْكِتَابِ وَأُخَرُ مُتَشَابِهَاتٌ فَأَمَّا الَّذِينَ فِي قُلُوبِهِمْ زَيْغٌ فَيَتَّبِعُونَ مَا تَشَابَهَ مِنْهُ ابْتِغَاءَ الْفِتْنَةِ وَابْتِغَاءَ تَأْوِيلِهِ، وَمَا يَعْلَمُ تَأْوِيلَهُ إِلَّا اللَّهُ، وَالرَّاسِخُونَ فِي الْعِلْمِ يَقُولُونَ آمَنَّا بِهِ كُلٌّ مِنْ عِنْدِ رَبِّنَا وَمَا يَذَّكَّرُ إِلَّا أُولُو الْأَلْبَابِ} [آل عمران: ٧]. قَالَتْ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «فَإِذَا رَأَيْتِ الَّذِينَ يَتَّبِعُونَ مَا تَشَابَهَ مِنْهُ فَأُولَئِكَ الَّذِينَ سَمَّى اللهُ، فَاحْذَرُوهُمْ». [صحيح] - [متفق عليه]

(52) – Айша (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: «Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул аятты окуду:

«Ал сага (теңдешсиз) Китеп түшүргөн Зат. Анын ичинен Китептин энеси (маңызы) болгон мухкам-анык аяттар жана алардан башка муташабих (түшүнүлүшү оор) аяттар орун алган. Ал эми жүрөгүндө илдет-ийрилик болгон адамдар аны (өз каалоолоруна ылайыктап) түшүндүрүүнү жана бузукулукту үмүт кылып, муташабих аяттарды ээрчишет. Ал муташабих аяттын түшүндүрмөсүн Аллахтан бөлөк эч ким анык билбейт. Ошондуктан терең илимдүү адамдар: «Биз Куранга ыйман келтиргенбиз. Анын аяттарынын бардыгы Раббибибизден келген» - дешет. Акылдуу адамдар гана андан эскертме алышат». (Аали Имран, 7) Андан соң Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): «Эгерде андагы түшүнүүгө оор болгон аяттарды өзүнүн максатына ылайыктап түшүнгөн адамдарды көрсөң, анда алар Аллах бул аятта айткан адамдар. Алардан сак бол» - деп айтты». [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): **«Ал сага (теңдешсиз) Китеп түшүргөн Зат. Анын ичинен Китептин энеси**

**(маңызы) болгон мухкам-анык аяттар жана алардан башка муташабих (түшүнүлүшү оор) аяттар орун алган. Ал эми жүрөгүндө илдет-ийрилик болгон адамдар аны (өз каалоолоруна ылайыктап) түшүндүрүүнү жана бузукулукту үмүт кылып муташабих аяттарды ээрчишет. Ал муташабих аяттын түшүндүрмөсүн Аллахтан башка эч ким анык билбейт. Ошондуктан терең илимдүү адамдар: «Биз Куранга ыйман келтиргенбиз. Анын аяттарынын бардыгы Раббибибизден келген»** - дешет. Акылдуу адамдар гана андан эскертме алышат» деген аятын окуду. Бул аятта Аллах Таала Куранды Өзүнүн Пайгамбарына түшүргөн Зат экендигин айтты. Ошондой эле анда ачык маанидеги, өкүмдөрү белгилүү жана ачык-айкын болгон аяттарды камтыганын айтты. Бул аяттар Курандын негизги өкүмдөрү жана таяна турган аяттары болуп саналат. Куранда жана башка аяттар да бар, алар бир нече мааниге ээ болушу мүмкүн, кээ бир адамдарга ал аяттардын маанилери оор келип карама-каршы маанилер чыгат деп ойлошот. Андан соң Аллах бул аяттарды түшүнүүдө адамдардын туура эмес мамилесин баяндап берди. Алардын жүрөгүндө акыйкаттан кыйшаюу бар болгонун айтты. Алар чечүүчү, ачык аяттарды

таштaшып эки ара мааниде болгон окшош аяттарды алышып, элди күмөнгө салып, адамдарды адаштырышат. Алар ал аяттарды өз каалоолоруна жараша чечмелөөгө умтулушат. Ал эми илимге бекем болгондор бул окшош аяттарды билишет жана аны чечүүчү аяттарга кайтарышат жана анын Аллахтан келгенине ишенишет. Алар бул аяттар түшүнүксүз же карама-каршылыктуу болушу мүмкүн эмес деп билишет. Бирок бул аяттардан бир гана тунук акылдуу адамдар сабак жана эскертме алышат. Ошондо Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыймандуулардын энеси Айшага (Аллах андан ыраазы болсун) эгерде ал окшош аяттарды ээрчигендерди көрсө, анда аларды укпай сак болууну айтты. Мына ошолор Аллах Таала: **«Ал эми жүрөгүндө илдет-ийрилик болгондор»** - деп айткан адамдар экендигин айтты.

## Хадистин пайдалары:

1. Курандын Мухкам аяттары: Мааниси ачык болгон жана бир мааниде чечмеленген аяттар. Ал эми Муташабих аяттар: Бирден ашык мааниге ээ болгон жана ойлонууну жана түшүнүүнү талап кылган аят.

2. Адашкандар, бидъатчылар жана адамдарды адаштырып, күмөнгө салуу үчүн маселе айткандар менен аралашуудан сактануу керек.

3. Аяттын аягында Аллах Таала мындай дейт: **«Жана акылдуулардан башка эч ким эскертме албайт»**. Бул жүрөгү куттуларды жемелегени, илимге бекемдерди мактаганы ачык болду. Тагыраак айтканда бул аяттардан эскертме, насаат албаган жана напсилерине ээрчиген адамдар акылдуулардан эмес экендигин айтты.

4. Муташабих аяттардын туура эмес маанилерин ээрчип жүрүү - жүрөктүн тайкы болушуна себеп болот.

5. Мааниси түшүнүксүз болушу мүмкүн болгон Муташабих аяттарды Мухкам аяттарга кайтаруу важиб болот.

6. Ыйман ээлери менен адашкандарды айырмалоо үчүн жана адамдарды сыноо үчүн Аллах Таала Курандын кээ бир аяттарын Мухкам, кээ бир аяттарын Муташабих кылып койгон.

7. Куранда муташабих аяттардын болушу - Аалымдардын башка адамдардан артыкчылыгын көрсөттү. Канчалык тунук акыл болбосун, анын кемчиликтүү экендигин билдирди. Мындан улам адам баласы өзүнүн алсыздыгын Жаратуучусунун алдында мойнуна алат.

8. Илим алууда туруктуу болуунун пазилети жана алган илимге бекем болуунун зарылчылыгы.

9. Тафсирчилер **«Анын маанилерин Аллах гана билет жана илимде бекем аалымдар»** деген аяттын **«Аллах»** деген сөзүндө токтоп туруп тилават кылууда эки түрдүү пикирлери бар. Эгерде тилават кылганда «Аллах» деген сөздө токтоп туруп анан улантып окуп кетсе, анда Муташабих аяттардын маанилерин Аллахтан башка эч ким билбейт деген маани чыгат. Ошондой эле Тавил деген сөздөн - бизге белгисиз нерселердин чыныгы акыйкаты жана кейпи максат кылынат. Мисалы адамдын руху, кыяматтын кандай болушу сыяктуу Аллах белгисиз кылган маселелер кирет. Ал эми аалымдар бул маселелерди Аллахка кайтарышат жана

Андан гана келген деп ишенишет. А эгерде бул аяттын «Аллах» деген сөзүндө токтобой аятты улантып окуп кетсе, анда Тавилден тафсир жана ачыктоо деген маани чыгат. Анда Муташабих аяттарды Аллах билет жана илимде бекем аалымдар да билет деген маани чыгат. Алар бул аяттарга ишенишет жана Мухкам аяттарга кайтарышат.

(65062)

(53) – عن أبي سعيد الخُدْريِّ رضي الله عنه قال: سمعت رسول الله صلى الله عليه وسلم يقول: «مَنْ رَأَى مِنْكُمْ مُنْكَرًا فَلْيُغَيِّرْهُ بِيَدِهِ، فَإِنْ لَمْ يَسْتَطِعْ فَبِلِسَانِهِ، فَإِنْ لَمْ يَسْتَطِعْ فَبِقَلْبِهِ، وَذَلِكَ أَضْعَفُ الْإِيمَانِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(53) – Абу Саид аль-Худри (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: "Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: **«Силердин кимиңер күнөө ишти көргөн болсо, анда аны колу менен токтотсун! А эгерде колу менен токтото албаса, анда тили менен токтотсун! Ал эми тили менен да токтото албаса, анда жүрөгүнөн жек көрсүн! Мына бул ыймандын эң алсыздыгы»**. **[Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]**

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жамандыкты, б.а. Аллах жана Анын Элчиси тыюу салган нерселердин бардыгынан адамдын мүмкүнчүлүгүнө жараша токтотууга буйруйт. Эгерде бир күнөө ишти көрсө, аны токтотууга күчү жетсе, анда колу менен токтотушу керек. Эгерде ага кудурети жетпесе, анда күнөөкөрдү тыйып, күнөөнүн зыянын түшүндүрүп жана бул жамандыктын ордуна жакшылык ишти көрсөтүп, аны тили менен токтотсун. Эгерде бул даражага жете албаса, анда бул жамандыкты жүрөгү менен жек көрсүн. Эгерде аны токтотууга кудуретим жеткенде, ошондой кылмакмын деген ниетте болсун. Жүрөгүнөн жек көрүү – жамандыкты токтотуудагы ыймандын эң алсыз даражасы.

## Хадистин пайдалары:

1. Бул хадис – жамандыкты токтотуунун даражаларын баяндоодо негиз болуп саналат.
2. Акырындык менен жамандыктан кайтаруу буйругу ар кимисинин өз жөндөмүнө жана мүмкүнчүлүгүнө жараша болот.

3. Жамандыктан кайтаруу – бул диндеги улуу иштерден. Бул иш эч кимдин жоопкерчилигинен түшпөйт жана ар бир мусулманга өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша милдет болот.

4. Жакшылыкка буюруу жана жамандыктан кайтаруу ыймандын белгилеринен. Анткени ыйман көбөйөт жана азаят.

5. Жамандыктан кайтаруунун шарттарынан: Иштин күнөө экенин билүү.

6. Жамандыктан кайтаруунун шарты: Андан чоң жамандык алып келбеши керек.

7. Жамандыктан кайтаруунун мусулман сөзсүз түрдө үйрөнө турган адептери жана шарттары бар.

8. Жамандыктан кайтаруу үчүн шарияттык саясат, билим жана көрөгөчтүк керек.

9. Аткарылып жаткан күнөөнү көрүп жүрөк менен жек көрбөгөндүк - ал ыймандын алсыздыгын көрсөтөт.

(65001)

(54) – عَنِ النُّعْمَانِ بْنِ بَشِيرٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «مَثَلُ القَائِمِ عَلَى حُدُودِ اللَّهِ وَالوَاقِعِ فِيهَا، كَمَثَلِ قَوْمٍ اسْتَهَمُوا عَلَى سَفِينَةٍ، فَأَصَابَ بَعْضُهُمْ أَعْلاَهَا وَبَعْضُهُمْ أَسْفَلَهَا، فَكَانَ الَّذِينَ فِي أَسْفَلِهَا إِذَا اسْتَقَوْا مِنَ المَاءِ مَرُّوا عَلَى مَنْ فَوْقَهُمْ، فَقَالُوا: لَوْ أَنَّا خَرَقْنَا فِي نَصِيبِنَا خَرْقًا وَلَمْ نُؤْذِ مَنْ فَوْقَنَا، فَإِنْ يَتْرُكُوهُمْ وَمَا أَرَادُوا هَلَكُوا جَمِيعًا، وَإِنْ أَخَذُوا عَلَى أَيْدِيهِمْ نَجَوْا، وَنَجَوْا جَمِيعًا». [صحيح] - [رواه البخاري]

(54) – Ан-Нуъман бин Баширдин (Аллах алардан ыраазы болсун) риваятында, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Аллахтын чегинде турган жана ага кирип кеткен адамдын мисалы, бир адамдарга окшойт, алар кемеге чыгарда чүчү кулак кылып, кээ бири үстүнкү кабатына, кээ бири астына жайгашат. Астына жайгашкандар суу алмакчы болгондо үстүндөгүлөрдү аралап өтөт. Анан алар өзүнчө: Эгер биз өзүбүздүн энчибизге кеменин түбүн тешип алсак, үстүндөгүлөргө зыяныбызды тийгизбейбиз - деп айтышат. Эгерде аларды каалаганын кыла берсин деп тек коюшса, баары чөгүп кетет. А эгер аларды колдон кармап токтотуп калышса, алар өздөрү да (өлүмдөн) кутулат жана баары кутулушат. [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтын чегинде туруучуларга, Аллахтын буйругун такай аткаруучуларга, жакшылыкка чакырып, жамандыктан тыйуучуларга мисал келтирди. Жакшылыкка чакырууну таштап, жамандыкка берилип Аллахтын чегине кирип кеткендер жана алардын коомчулуктун ийгилигине тийгизген таасиринин мисалы, кемеге түшкөн бир топ адамдын мисалына окшош. Алар кеменин үстүнкү кабатына ким жайгашат, астына ким жайгашат деп чүчү кулак кармашат. Анан кээ бири үстүн, кээ бири астын ээлейт. Астына жайгашкандар суу алмакчы болгондо, үстүнө чыгып андагыларды аралап өтөт. Астынкы кабаттагылар өз ара сүйлөшүп: Эгер биз ушул астынан өзүбүзгө суу ала турган тешик тешип алсак, үстүндөгүлөрдү убайма кылбайбыз - дешет. Эгерде үстүндөгүлөр аларды ушундай кыла бергиле деп таштап койсо, алардын баары кеме менен чөгүп кетет. А эгер аларды мындай кылуудан кайтарып, тыйышса, эки топ тең аман калат.

## Хадистин пайдалары:

1. Коомчулукту сактоодо, анын жамандыктан оолак болуусуна жакшылыкка чакыруу жана жамандыктан кайтаруунун ролу чоң.

2. Таалим берүүнүн (таасирдүү) жолдорунун бири мисал келтирип салыштыруу. Мындайда даана сүрөттөө болгондуктан, маани акылга бат жетет.

3. Эч кандай тыюусуз ачык аткарылып жаткан жаман иш - коомго зыянын тийгизе турган бузукулук болуп эсептелет.

4. Коомчулуктун кыйроосу - жер бетинде бузукулукту тараткан жаман иш кылуучуларды тыйбай коюунун натыйжасы.

5. Ниет туура болуп туруп, туура эмес аракет кылуу амалдын туура экендигин билдирбейт.

6. Мусулман коомундагы жоопкерчилик жалпы баарына тиешелүү, жеке бир адамга байланган эмес.

7. Жеке аткарылган күнөөнү эч ким тыйбаса, анын азабы жалпыга бирдей болот.

8. Жаман иштерди кылуучулар кылган иштерин коомчулукка жакшы иш катары көрсөтүшөт, эки жүздүүлөр сыяктуу.

(3341)

(55) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «مَنْ دَعَا إِلَى هُدًى كَانَ لَهُ مِنَ الْأَجْرِ مِثْلُ أُجُورِ مَنْ تَبِعَهُ، لَا يَنْقُصُ ذَلِكَ مِنْ أُجُورِهِمْ شَيْئًا، وَمَنْ دَعَا إِلَى ضَلَالَةٍ كَانَ عَلَيْهِ مِنَ الْإِثْمِ مِثْلُ آثَامِ مَنْ تَبِعَهُ، لَا يَنْقُصُ ذَلِكَ مِنْ آثَامِهِمْ شَيْئًا». [صحيح] - [رواه مسلم]

(55) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ким туура жолго чакырса, ал аны ээрчиген адамдардай эле сооп алат, мындан тигилердин сообу да кемип калбайт. Ал эми ким адашуууга чакырса, аны ээрчип адашкандардын күнөөсүндөй күнөөгө батат, мындан тигилердин күнөөсү да кемибейт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): Ким адамдарды туура жолго колу менен болобу, тили менен болобу багыт берип үндөсө, же кызыктырса, аны ээрчиген адамдар ала тургандай соопко ээ болорун, мындан ал көрсөткөн жолго түшкөндөрдүн сообу кемибестигин баяндап айткан. Ал эми ким адамдарды колу менен же тили менен, күнөөгө же адал эмес иштерге алып бара

турган туура эмес жаман жолго багыт берип, жол көрсөтсө, аны ээрчиген адамдар ала тургандай күнөөгө ээ болот. Мындан ал көрсөткөн жолго түшүп алгандардын күнөөсү да кемибейт.

## Хадистин пайдалары:

1. Азбы, көппү, жол көрсөтүп туура жолго үндөөнүн артыкчылыгы. Кайсы бир ишке жол көрсөтүүчү ошол ишти иш жүзүндө аткарган адамдай эле сооп алат. Бул Аллахтын пазилетинин улуулугу жана берешендигинин толуктугунун белгиси.
2. Азбы, көппү, адаштыра турган жолго үндөөнүн корунучтуулугу. Анткени, мындай жолго чакырган адам, ошол ишти кылган адамдын күнөөсүндөй эле күнөөкөр болот.
3. Жаза - иштин жынысына жараша болот. Ким жакшы ишке үндөсө, аны аткарган адамдын сообундай сооп алат. Ал эми ким жаман ишке үндөсө, аны аткарган адамдын күнөөсүндөй күнөөгө батат.
4. Мусулман адам башкалардын көзүнчө күнөө кылып, анан аны бирөө туурап алуусунан

этият кылуусу керек. Анткени, аны тууураган адамды ал күнөөгө үндөбөсө деле, анын себебинен күнөөкөр болуп калат.

(3373)

(56) – عن أبي مسعود الأنصاري رضي الله عنه قال: جَاءَ رَجُلٌ إِلَى النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَقَالَ: إِنِّي أُبْدِعَ بِي فَاحْمِلْنِي، فَقَالَ: «مَا عِنْدِي»، فَقَالَ رَجُلٌ: يَا رَسُولَ اللهِ، أَنَا أَدُلُّهُ عَلَى مَنْ يَحْمِلُهُ، فَقَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «مَنْ دَلَّ عَلَى خَيْرٍ فَلَهُ مِثْلُ أَجْرِ فَاعِلِهِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(56) – Абу Масууд Аль-Ансари (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) алдына бир киши келип: «Менин улоом өлүп калды, мага мени мингизип алып жүргөнү улоо берчи» десе, Пайгамбар ага: «Менде жок» - деди. Башка бир киши: «Оо, Аллахтын Элчиси, мен ага аны ким мингизип аларын көрсөтөм» - деди. Ошондо Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): «Ким жакшылыкка жол көрсөтсө, анда ага аны аткарган адамдын сообундай сооп болот» - деп айтты. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир киши келип: **«Менин төөм өлүп калды, мени мингизип алып кеткени мага бир улоо бергиле»** - деди. Ошондо, Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) андан үзүр сурады, анткени аны мингизе турган эч нерсеси жок болчу. Ошол жерде турган бир адам айтты: **«Оо, Аллахтын Элчиси, мен аны ким мингизээрин айтам»** - деди. Ошондо Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) садака бергендин сообуна шерик болорун айтты. Анткени ал муктажга жардам берүүчү адамды көрсөтүп койду.

## Хадистин пайдалары:

1. Жакшылыкты көрсөтүүгө кызыктыруу.
2. Жакшылыкка үндөө – мусулман коомчулугунун ынтымагын жана бири-биринин кемчилигин толуктоо себептеринин бири.
3. Аллах Тааланын пазилети кең.
4. Хадисте жалпы эреже бар. Ошондуктан ага бардык жакшы амалдар кирет.

5. Эгер адам суроочунун каалоосун орундата албаса, анда анын суроосун орундата турган башка бирөөнү көрсөтүү керек.

(5354)

(57) – عَنْ سَهْلُ بْنُ سَعْدٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ يَوْمَ خَيْبَرَ: «لَأُعْطِيَنَّ هَذِهِ الرَّايَةَ غَدًا رَجُلًا يَفْتَحُ اللَّهُ عَلَى يَدَيْهِ، يُحِبُّ اللَّهَ وَرَسُولَهُ وَيُحِبُّهُ اللَّهُ وَرَسُولُهُ»، قَالَ: فَبَاتَ النَّاسُ يَدُوكُونَ لَيْلَتَهُمْ أَيُّهُمْ يُعْطَاهَا، فَلَمَّا أَصْبَحَ النَّاسُ غَدَوْا عَلَى رَسُولِ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ كُلُّهُمْ يَرْجُو أَنْ يُعْطَاهَا، فَقَالَ: «أَيْنَ عَلِيُّ بْنُ أَبِي طَالِبٍ؟» فَقِيلَ: هُوَ يَا رَسُولَ اللَّهِ يَشْتَكِي عَيْنَيْهِ، قَالَ: «فَأَرْسِلُوا إِلَيْهِ»، فَأُتِيَ بِهِ فَبَصَقَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِي عَيْنَيْهِ وَدَعَا لَهُ، فَبَرَأَ حَتَّى كَأَنْ لَمْ يَكُنْ بِهِ وَجَعٌ، فَأَعْطَاهُ الرَّايَةَ، فَقَالَ عَلِيٌّ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، أُقَاتِلُهُمْ حَتَّى يَكُونُوا مِثْلَنَا؟ فَقَالَ: «انْفُذْ عَلَى رِسْلِكَ حَتَّى تَنْزِلَ بِسَاحَتِهِمْ، ثُمَّ ادْعُهُمْ إِلَى الإِسْلاَمِ، وَأَخْبِرْهُمْ بِمَا يَجِبُ عَلَيْهِمْ مِنْ حَقِّ اللَّهِ فِيهِ، فَوَاللَّهِ لَأَنْ يَهْدِيَ اللَّهُ بِكَ رَجُلًا وَاحِدًا، خَيْرٌ لَكَ مِنْ أَنْ يَكُونَ لَكَ حُمْرُ النَّعَمِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(57) – Сахл бин Саъд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Хайбар күнү минтип айткан: "Бул тууну эртең Аллахтын каалоосу менен жеңишке жете турган адамдын колуна карматам. Ал Аллахты жана Анын элчисин жакшы көргөн адам. Аллах жана Анын элчиси да аны жакшы көрөт". Бул түнү

адамдардын баары тууну кимисине берер экен деп ойлонуп чыгышты. Эртеси таңда баары мага берип калар бекен деген үмүт менен Аллахтын элчисинин жанына чогулушту. Ал: "Али бин Абуталиб кайда жүрөт?" - деп сурады. Анын көзү ооруп калыптыр - деди бирөөлөр. "Аны чакырып келгенге бирөөнү жөнөткүлө" - деди. Алини чакырып келишти эле, пайгамбарыбыз куттуу шилекейин анын көзүнө сүртүп, дуба кылды. Көзү такыр оорубагандай болуп, дароо айыгып калды. Анан анын колуна тууну карматты. Али: О, Аллахтын элчиси, алар биз сыяктуу мусулман болгонго чейин согуша берейинби? - деп сурады. "Алардын чептерине жеткениңден кийин аларга Исламга кирүүсүн сунуш кыл. Эгер кабыл кылышса, аларга тиешелүү Аллахтын акыларын айтып түшүндүр. Аллахка ант берип айтамын, Аллах сенин себебиң менен бир адам туура жолго салса, бул сага кызыл төөлөргө ээ болгонуңдан да жакшы" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эртең Хайбардагы жөөттөр жеңилерин кабарлап, бул жеңиш ал берген тууну

кармаган адамдын кол алдында болорун айтат. Туу - бул, жоокерлер согушта өз эн белгилери катары көтөрүп жүргөн желек. Тууну бере турган кишинин сыпаты мындай: ал Аллахты жана анын элчисин жакшы көрөт. Аллах менен Анын элчиси да аны жакшы көрөт. Мындай улук сый-урматка жетүүгө кызыккан сахабалардын баары түнү менен ал ким болор экен деп сүйлөшүп, самап чыгышат. Эртеси бул улук сыйды үмүт кылып баары Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жанына келишти.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Али бин Абуталиб кайда экенин сурады.

Анын көзү ооруп жатканын айтышты.

Аны чакарып келгенге бирөөнү жиберип, ал Алини чакырып келди. Анан шилекейин Алинин көзүнө сүртүп, ага шыпаа тилеп дуба кылды. Анын көзү эзели оорубагандай болуп айыгып калды. Анан ага тууну карматып, душмандын чеп, сепилдерине жеткенге чейин эч кимге зыян тийгизбей барып, аларга жеткенден кийин исламга кирүүнү сунуш кылууну, эгер сунушту кабыл кылышса, алардын моюнуна кандай парздар милдет болорун эскертүү керектигин айтат.

Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Алиге Аллахтын динине чакыруунун артыкчылыгын эскертип, эгер адам бирөөнүн динге кирүүсүнө себепкер болуп калса, арабтар үчүн эң баалуу болгон кызгылт төөгө ээ болуудан да же ошондой төөнү садага кылгандан да артык сооптуу иш экенин айтат.

## Хадистин пайдалары:

1. Мындан Алинин (Аллах андан ыраазы болсун) артыкчылыгын билебиз. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ал Аллах менен Анын элчисин жакшы көрөрүн, Аллах менен Аллахтын элчиси аны жакшы көрөрүн күбөлүк берип айткан.

2. Мындан сахабалардын жакшылыкка умтулушканын, жарышканын көрөбүз.

3. Согушка жөнөгөндө өз адебин сактоо керек, керексиз ызы-чуунун, кыйкырыктын, ышкырыктын зарылдыгы жок.

4. Жөөттөрдүн жеңилерин алдын ала айтканы жана Алинин көзүн айыктырганы

булар пайгамбардын чыныгы пайгамбар экенин билдирген белгилер.

5. Аллах жолундагы күрөштүн негизги максаты - адамдарды Исламга киргизүү.
6. Аллахтын динине чакыруу бир баскычтан экинчи баскычка өтүү менен болуугa тийиш. Оболу каапырлардан келме айтып динге кирүү талап кылынат. Динге киргенден кийин аларга парздарды аткаруу буйрулат.
7. Исламга чакыруунун пайдасы зор. Чакырган адам да, чакырылган адам да жакшылыкка жетет. Чакырылган адам туура жолду табат, чакырган адам болсо үлкөн сооп-сыйга жетет.

(3409)

(58) – عن ابنِ عُمَرَ رضي الله عنهما قال: قال رسولُ الله صلَّى الله عليه وسلم: «مَن تَشَبَّهَ بِقَوْمٍ فَهُوَ مِنْهُمْ». [حسن] - [رواه أبو داود وأحمد]

(58) – Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, ал айтты: Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Ким бир коомго өзүн окшотсо, анда ал ошолордон»**.

[Хасан (жакшы)] - [Абу Дауд жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким каапыр, бузуку же жакшы бир коомго өзүн окшотуп, аларга тиешелүү болгон акыйдаларынан, ибадаттарынан же үрп-адаттарынан бир нерсени аткарса, анда ал алардан болот. Анткени аларга өзүн-өзү сыртынан окшотуу алардын ички дүйнөсүнө да окшошуп калууга алып барат. Адамдарды тууроо аларга суктануунун натыйжасы экени талашсыз. Бул аларды сүйүүгө, аларды улуулоого, аларга таянууга алып келиши мүмкүн. Ал тургай ички ишениминде да жана ибадатта да аларга окшошууга алып келиши мүмкүн. Аллах андай болуудан сактасын.

## Хадистин пайдалары:

1. Каапырларга жана бузукуларга өзүн окшоштурууга тыюу салды.

2. Өзүн салих адамдарга окшотууга жана алардан үлгү алууга үндөдү.

3. Сыртынан ага окшошуу анын ички дүйнөсүн сүйүүнү пайда кылат.

4. Адам өзүн бузукуларга окшотуу жана анын түрүнө жараша күнөөгө жана азапка дуушар болот.

5. Каапырларды386 дининде жана алардын өзгөчө үрп-адаттарында аларга окшошууга тыюу салынган. Ал эми кол өнөрчүлүк жана башка ушул сыяктуу нерселерди үйрөнүүгө тыюу салынган эмес.

(5353)

(59) – عن أبي هريرة رضي الله عنه أَن النبيَّ صَلّى اللهُ عَلَيْهِ وسَلَّم قَالَ:

«الرَّجُلُ عَلَى دِينِ خَلِيلِهِ، فَلْيَنْظُر أَحَدُكُم مَنْ يُخَالِل». [حسن] - [رواه أبو داود والترمذي وأحمد]

(59) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Адам досунун дининде болот. Ошондуктан ар киминң ким менен дос болоруна карасын". [Хасан (жакшы)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдын жүрүм-туруму,

адаттары жакын досуна окшошуп каларын айткан. Достук адамдын жүрүм-турумуна, адеп-ахлагына, иш-аракеттерине таасирин тийгизет. Ошон үчүн досту жакшылап карап тандоого чакырган. Жакшы адам досунун ыйманына, туура жолдо жүрүүсүнө жана жакшы иштерди кылуусуна далил болот жана аны колдоп турат.

## Хадистин пайдалары:

1. Жакшы адамдар менен болуп, алар менен маектешип жүрүүгө буйруп, жаман адамдарга жакын болуудан тыйган.

2. Мында жакын тууган жөнүндө эмес, дос жөнүндө гана айтылган. Анткени, досту тандоого болот. Ал эми тууганды тандай албайсың.

3. Кимдир бирөөгө жоро-жолдош болуудан мурда пикир кылып, ойлонуу керек.

4. Ыймандуу адамдар менен бирге болуп, алар менен маектешкен адам динин бекемдейт. Ал эми фасык жана бузуку адамдар менен маектешкен адамдын дини алсыздайт.

(3122)

(60) – عن تَميم الداري رضي الله عنه، قال: سمعتُ رسول الله صلى الله عليه وسلم يقول: «لَيَبْلُغَنَّ هَذَا الأَمْرُ مَا بَلَغَ اللَّيْلُ وَالنَّهَارُ، وَلَا يَتْرُكُ اللهُ بَيْتَ مَدَرٍ وَلَا وَبَرٍ إِلَّا أَدْخَلَهُ اللهُ هَذَا الدِّينَ، بِعِزِّ عَزِيزٍ أَوْ بِذُلِّ ذَلِيلٍ، عِزًّا يُعِزُّ اللهُ بِهِ الإِسْلَامَ، وَذُلًّا يُذِلُّ اللهُ بِهِ الكُفْرَ» وَكَانَ تَمِيمٌ الدَّارِيُّ يَقُولُ: قَدْ عَرَفْتُ ذَلِكَ فِي أَهْلِ بَيْتِي، لَقَدْ أَصَابَ مَنْ أَسْلَمَ مِنْهُمُ الْخَيْرُ وَالشَّرَفُ وَالْعِزُّ، وَلَقَدْ أَصَابَ مَنْ كَانَ مِنْهُمْ كَافِرًا الذُّلُّ وَالصَّغَارُ وَالْجِزْيَةُ. [صحيح] - [رواه أحمد]

(60) – Тамим ад-Даари (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын уктум: "Бул дин түндүн караңгылыгы менен күндүн нуру жеткен жердин баарына жетет. Аллах Таала бул динди киргизбеген же ылайдан салынган, же кийизден жасалган үй калбайт. Ал бирөөлөрдү ызаттуу кылса, бирөөлөрдү кор кылат. Исламды кабыл кылгандарды Аллах ызаттуу кылат. Каапыр болгондорду Аллах кор кылат" Тамим ад-Даари айтат: Бул хадисте айтылганды мен өзүмдүн жакындарымдан көрдүм. Алардын арасынан динди кабыл кылгандары жакшылыкка жетип, кадыры артып, ызаттуу болду. Динди кабыл кылбай каапыр болгондору кордук тартып, кор болушуп, салык төлөп калышты. [Сахих (ишенимдүү)] - [Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жакында Ислам дини бүт жер бетине жайыларын, түн менен күн жеткен жердин баарына жетерин айткан. Аллах Таала шаардагы, айыл-кыштактагы, атүгүл жайлоодогу үйлөргө чейин бул динди киргизет. Кимде-ким Исламды кабыл кылып, ага ыйман келтирсе, Исламдын ызаты менен ызаттуу болот. Кимде-ким Исламдан баш тартса, ишенбей каапырдык кылса, кор болот.

Хадисти айткан сахаба Тамим ад-Даари (Аллах андан ыраазы болсун) Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан бул кабарды турмушта өзүнүн жакындарынан көргөнүн айтат. Жакындарынын арасынан кимиси динди кабыл кылса, ал жакшылыкка жетип, кадыр-барктуу болуп ызатка ээ болду. Ал эми динди кабыл кылбагандары кор болушту. Анткени, алар салык катары мусулмандарга мал-мүлкүнөн төлөп жашашкан.

## Хадистин пайдалары:

1. Хадисте мусулмандарга чоң сүйүнчү кабар: жакын арада алардын дини бүт ааламга жайылары айтылган.

2. Ызаттуулук Исламда жана мусулмандарда. Кордук баш ийбестикте жана каапырлыкта.

3. Бул хадис пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбарлыгына анык далил. Анткени, анын алдын ала айтканы ишке ашты.

(11220)

(61) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه عَنْ رَسُولِ اللهِ صلى الله عليه وسلم أنه قال: «وَالَّذِي نَفْسُ مُحَمَّدٍ بِيَدِهِ لَا يَسْمَعُ بِي أَحَدٌ مِنْ هَذِهِ الْأُمَّةِ يَهُودِيٌّ وَلَا نَصْرَانِيٌّ، ثُمَّ يَمُوتُ وَلَمْ يُؤْمِنْ بِالَّذِي أُرْسِلْتُ بِهِ إِلَّا كَانَ مِنْ أَصْحَابِ النَّارِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(61) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Мухаммаддын жаны колунда турган Аллахка ант болсун, яхудий болобу, христиан болобу бул үммөттөн ким мен (жөнүндө) угуп, кийин мен жиберилген динге ишенбей өлүп кетсе, тозок ээлеринен болот". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтын аты менен касам ичип,

яхудий болобу, христиан болобу, же анын даават, чакырыгы жеткен башка дин өкүлү болобу, аны угуп, бирок ага ишенбей бул дүйнөдөн өтүп кетсе, тозоктун тургуну болуп, анда түбөлүк каларын айткан.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбарлыгы бүткүл ааламга жалпы тиешелүү экендигин, аны ээрчүү да баарына бирдей важиб болгондугун жана анын шарияты келгенден кийин башка шарияттардын баары күчүн жоготкондугун билдирет.

2. Пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ишенбеген адамга, анын андан башка пайгамбарларга (аларга Аллахтын тынчтыгы болсун) ишенем деген оюу эч кандай пайда бербейт.

3. Пайгамбарыбызды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) укпаган жана Ислам даават, чакырыгы жетпеген адамдар кечиримдүү (себептүү). Акыретте аларга кандай өкүм чыгаруу Аллахтын колунда.

4. Өлүмгө аз калган учурда болсо да, катуу ооруп жаткан учурунда болсо да, өлүм сааты кекиртекке келгенге чейин Исламды моюндап пайдаланып калуу зарыл.

5. Каапырлардын динин, анын ичинде яхудий жана христиандардын динин да туура деп эсептөө - каапырлык.

6. Хадисте яхудий жана христиандарды айткан себеби, башкаларга эскертүү. Анткени, яхудий жана христиандардын (илахий, асман) китеби бар. Китеби бар диндер ушундай болгон соң, булардан башка китепсиз "диндер" андан бетер экени маалым. Булардын баарына пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) динине кирип, ага моюн сунуу важиб.

(3272)

(62) – عَنْ ابْنِ عَبَّاسٍ رضي الله عنهما قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ غَدَاةَ الْعَقَبَةِ وَهُوَ عَلَى نَاقَتِهِ: «الْقُطْ لِي حَصًى» فَلَقَطْتُ لَهُ سَبْعَ حَصَيَاتٍ، هُنَّ حَصَى الْخَذْفِ، فَجَعَلَ يَنْفُضُهُنَّ فِي كَفِّهِ وَيَقُولُ: «أَمْثَالَ هَؤُلَاءِ فَارْمُوا» ثُمَّ قَالَ: «أَيُّهَا النَّاسُ، إِيَّاكُمْ وَالْغُلُوَّ فِي الدِّينِ، فَإِنَّما أَهْلَكَ مَنْ كَانَ قَبْلَكُمْ الْغُلُوُّ فِي الدِّينِ». [صحيح] - [رواه ابن ماجه والنسائي وأحمد]

(62) – Ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Акабада таша ата турган күнү эртең менен төөсүнө минип бара жатып Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Мага таш алып берчи" - деди. Мен ага манжалары менен ыргыта тургандай жети таш алып бердим. Ал таштарды алаканына салып: "Ушундай (кичинекей) таштар менен (шайтанды) аткыла"- деди. Анан: "Эй, адамдар, динде аша чаап кетүүдөн сактангыла. Анткени, силерден мурдагылар динде аша чапканы үчүн кыйрап жок болгон" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Ибн Маажа, ан-Насааи жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Ибн Аббас (Аллах андан ыраазы болсун), коштошуу ажылыгында, курбандык күнү эртең менен Акабада таш атууга пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен бирге

барганын айтат. Аны жерден шайтанга атчу таштардан алып берүүгө буйруйт. Ал жети таш алып берет. Анын ар бири мысыр буурчагы же фундук көлөмүндө болчу. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларды колуна алып, ары-бери кыймылдатып, анан мындай дейт: Атканда ушундай өлчөмдөгү таштар менен аткыла. Андан кийин пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дин иштеринде аша чабуудан, оорлотуудан жана чектен чыгуудан тыйып эскертти. Анткени, өткөн үммөттөрдөн (кээ бири) динде чектен чыкканы жана ыгы жок оорлоткону үчүн кыйрап жок болгон.

## Хадистин пайдалары:

1. Динде чектен чыгуудан тыйган жана анын жаман акыбетин баяндаган. Ал кыйрап жок болууга себеп болот.

2. Алар кетирген катадан сактануу үчүн бизден мурда өткөн үммөттөрдөн этибар, сабак алуу (зарыл).

3. Сүннөттү бекем кармоого үндөө.

(3395)

(63) – عن عبد الله بن مسعود قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم:

«هَلَكَ الْمُتَنَطِّعُونَ» قالها ثلاثًا. [صحيح] - [رواه مسلم]

(63) – Абдуллах ибн Масьуд (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): **«Чектен ашкандар кыйроого учурады»** - деп үч жолу айтты. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дүйнөдө жана динде, ошондой эле сөздөрүндө жана иштеринде илимсиздик менен Пайгамбар алып келген шарияттын чегинен чыгып, чектен ашкандардын зыянга учураарын кабар берип жатат.

## Хадистин пайдалары:

1. Бардык иште аша чаап кетүүдөн тыюу салынат жана бардык иште аша чаап кетүүдөн алыс болууга кызыктыруу керек. Өзгөчө ибадатта жана салих адамдарды ашыра улуктоого тыюу салынган.

2. Ибадатты толук түрдө аткаруу макталган жакшы иш, бирок шарият көрсөткөн жол менен болуусу зарыл.

3. Маанилүү жана өтө зарыл иштерди Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үч жолу кайталап эскерткендей бекемдеп эскертүү мустахаб.
4. Ислам дини оңой жана жеңил.

(3420)

(64) – عَنْ عَدِيِّ بْنِ حَاتِمٍ عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «الْيَهُودُ مَغْضُوبٌ عَلَيْهِمْ، وَالنَّصَارَى ضُلَّالٌ». [صحيح] - [رواه الترمذي]

(64) – Адий бин Хаатимдин (Аллах андан ыраазы болсун) риваятында, пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Жөөттөр - алар каарга калган, христиандар болсо - адашкан". [Сахих (ишенимдүү)] - [Ат-Тирмизи жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жөөттөр Аллах аларга каарданган коом экенин кабарлаган. Анткени, алар акыйкатты билип туруп, аны иш жүзүнө ашырган жок (ага амал кылган жок). Христиандар адашкан адамдар; анткени алар билбей эле амал кылышты.

## Хадистин пайдалары:

1. Илим менен амалдын бирге болуусу - каарга калуудан да, адашуудан да сактайт.

2. Жөөттөр менен христиандардын жолунан этият болуп, туруктуу, түз жол болгон Исламды бекем кармануу зарыл.
3. Жөөттөр да, христиандар да, адашууда жана каарга калууда бирдей эле. Бирок жөөттөрдүн конкреттүү сыпаты - каарга калуу. Ал эми христиандардын конкреттүү сыпаты - адашуучулук.

(65061)

(65) – عَنْ عَبْدِ اللهِ بْنِ عَمْرِو بْنِ الْعَاصِ رضي الله عنهما قَالَ: سَمِعْتُ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «كَتَبَ اللهُ مَقَادِيرَ الْخَلَائِقِ قَبْلَ أَنْ يَخْلُقَ السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضَ بِخَمْسِينَ أَلْفَ سَنَةٍ، قَالَ: وَعَرْشُهُ عَلَى الْمَاءِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(65) – Абдуллах бин Амр (Аллах ал экөөнөн ыраазы болсун) риваят кылат: **«Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: «Аллах асмандар менен жерди жаратардан элүү миң жыл мурда бардык макулуктардын тагдырларын жазып койгон. Анан мындай деп айтты: Анын (Аллахтын) аршы суунун үстүндө болгон».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Аллах Таала бүткүл маклуктардын жашоо, өлүм, ырыскы ж.б.у.с тагдырлары боюнча эмне болоорун асмандарды жана жерди жаратардан элүү миң жыл мурда Лавхул-Махфуз китебинде майда-чүйдөсүнө чейин жазганын Пайгамбарыбыз кабарлайт. Ал нерселердин баары Аллах жазган тагдырдын нугунда гана жүрөт. Кандай гана нерсе болбосун - ал Аллахтын жазган тагдырдын негизинде болот. Адамга жеткен нерсе, андан башкага өтүп кетпейт. Андан өтүп кеткен нерсе, ага кайра жетпейт.

## Хадистин пайдалары:

1. Тагдырга ыйман келтирүүнүн зарылдыгы.
2. Тагдыр - ал Аллахтын нерселерди билүүсү, аны жазуусу, анын учуру келгенде анын болуусун каалоосу жана аны жаратуусу.
3. Тагдырдын асмандар жана жер жаралуудан мурда жазылганына ишенүү - тагдырга ыраазы болууга жана ага моюн сунууга алып барат.
4. Чындыгында жер менен асмандар жаралардан мурда Аллахтын аршы суунун үстүндө болгон.

(66) – عَنْ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ مَسْعُودٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ: حَدَّثَنَا رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ وَهُوَ الصَّادِقُ المَصْدُوقُ: «أَنَّ خَلْقَ أَحَدِكُمْ يُجْمَعُ فِي بَطْنِ أُمِّهِ أَرْبَعِينَ يَوْمًا وَأَرْبَعِينَ لَيْلَةً، ثُمَّ يَكُونُ عَلَقَةً مِثْلَهُ، ثُمَّ يَكُونُ مُضْغَةً مِثْلَهُ، ثُمَّ يُبْعَثُ إِلَيْهِ المَلَكُ، فَيُؤْذَنُ بِأَرْبَعِ كَلِمَاتٍ، فَيَكْتُبُ: رِزْقَهُ وَأَجَلَهُ وَعَمَلَهُ وَشَقِيٌّ أَمْ سَعِيدٌ، ثُمَّ يَنْفُخُ فِيهِ الرُّوحَ، فَإِنَّ أَحَدَكُمْ لَيَعْمَلُ بِعَمَلِ أَهْلِ الجَنَّةِ حَتَّى لاَ يَكُونُ بَيْنَهَا وَبَيْنَهُ إِلَّا ذِرَاعٌ، فَيَسْبِقُ عَلَيْهِ الكِتَابُ، فَيَعْمَلُ بِعَمَلِ أَهْلِ النَّارِ فَيَدْخُلُ النَّارَ، وَإِنَّ أَحَدَكُمْ لَيَعْمَلُ بِعَمَلِ أَهْلِ النَّارِ حَتَّى مَا يَكُونُ بَيْنَهَا وَبَيْنَهُ إِلَّا ذِرَاعٌ، فَيَسْبِقُ عَلَيْهِ الكِتَابُ، فَيَعْمَلُ عَمَلَ أَهْلِ الجَنَّةِ فَيَدْخُلُهَا». [صحيح] - [متفق عليه]

(66) – Абдуллах ибн Масуъд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: **«Чындыкты айткан жана айтканы тастыкталган Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бизге мындайча баяндап берди: «Чындыгында, силердин ар бириңер энесинин ичинде кырк күн тамчы түрүндө топтолот. Андан кийин ошончо убакытта уюган кан түрүндө болот. Андан кийин ошончо убакытта бир үзүм эт түрүндө болот. Андан кийин Аллах периштени жөнөтүп ага жан салынат. Андан кийин ал периште төрт нерсени жазууга буйрулат: анын ырыскысын, ажалын, кыла турган иш-аракеттерин, бактылуу же бактысыз болушун.**

**Чындыгында, силерден бирөө бейиш менен анын ортосунда бир чыканактай аралык калгыча бейиш ээлеринин амалдарын кылат. Бирок анын жазылган китеби озуп кетет да тозок ээлерининин амалдарын кыла баштайт. Ошентип ал тозокко кирет. Ошондой эле силерден бирөө тозок менен анын ортосунда бир чыканактай аралык калгыча тозок ээлеринин амалдарын кылат. Бирок анын жазылган китеби озуп кетет да бейиш ээлеринин амалдарын кыла баштайт. Ошентип ал бейишке кирет»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Ибн Масуъд: **«Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ал айтканында чынчыл жана тастыкталган»** - деп айтты. Анткени ал Аллах Таала тарабынан тастыкталган эле. Пайгамбар айтты: **«Силердин жаралууңар бир канча күндө бириктирилет»**. Себеби эркек аялы менен жакындык кылса, анын чачылган уругу аялдын жатынында кырк күндө жыйналат. Анан ал **«Алака»** болот. Ал коюу, катуу кан. Бул экинчи кырк күндүк убакытта болот. Анан ал

бир кесим этке айланат. Бул үчүнчү кырк күндүк убакытта болот. Андан кийин Аллах ага периштени жиберет. Ал периште үчүнчү кырк күндөн кийин ага рух үйлөйт. Периште төрт сөздү жазууга буйрулат: Анын ырыскысы. Ал бул жашоосунда канчалык өлчөмдө ала турган ырыскысы жазылат. Анын ажалы жана анын бул дүйнөдө жашай турган мөөнөтү жазылат. Ал эми анын иш-аракеттери жана анын кандай иш-аракет экендиги жазылат. Ошондой эле анын бактысыз же бактылуу экендиги жазылат. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ант ичип мындай деп айтты: «Бир адам бейиш ээлеринин амалдарын жасайт жана анын амалдары адамдарга салих амалдар болуп көрүнөт. Аны менен бейиштин ортосунда бир чыканактай аралык калгыча ал жакшы амалдарды аткарып жүрөт». Ал менен Бейиштин ортосундагы бир чыканактай гана аралык калгандан кийин жазылган китеби жана белгиленген тагдыры ага үстөмдүк келип, ал тозок элинин амалын кылат жана ал амалдары анын жашоосундагы акыркы амалдары болуп тозокко кирет. Анткени, анын кылган иш-аракеттеринин кабыл болушунун шарты – аны туруктуу, өзгөртпөй аткарып жүрүүсү керек. Ал эми адамдардын кээ бирлери тозок ээлеринин амалдарын тозокко кирүүгө жакындаганга чейин аткарат жана

тозок менен анын ортосунда чыканактай аралык калат. Ошондо жазылган китеби жана белгиленген тагдыры үстөмдүк кылат. Ошондо ал бейиш ээлеринин амалдарын жасап, бейишке кирет.

## Хадистин пайдалары:

1. Бардык иш-аракеттердин акыры - башында тагдыр кылынганына жараша жана жазылган китеби боюнча өтөт.
2. Иш-аракеттердин тышкы сүрөттөрүнө алданып калуудан эскертүү болду. Анткени иш-аракеттер акырына карап бааланат.

(65037)

(67) – عن ابن مسعود رضي الله عنه قال: قال النبي صلى الله عليه وسلم: «الْجَنَّةُ أَقْرَبُ إِلَى أَحَدِكُمْ مِنْ شِرَاكِ نَعْلِهِ، وَالنَّارُ مِثْلُ ذَلِكَ».

[صحيح] - [رواه البخاري]

(67) – Ибн Масуъд (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Бейиш силерге бут кийиминердин боосунан да жакыныраак жана тозок да ошол сыяктуу».**

[Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бейиш менен тозок бутка байланган боо сыяктуу адамга өтө жакын экендигин кабар берди. Анткени адам баласы бир ибадатты Аллахтын ыраазылыгы үчүн аткарып, ошол себептен бейишке кирүүсү мүмкүн же бир күнөө себептен тозокко түшүүсү мүмкүн.

## Хадистин пайдалары:

1. Жакшылык аз болсо да ага кызыктыруу жана жамандык аз болсо да андан алыстоого үндөө керек.
2. Мусулман бул жашоосунда үмүт менен коркуунун ортосунда жашоосу зарыл. Ошондой эле өзүнө ишенип текеберленип кетпештиги үчүн Аллахтан дуба кылып туура жолдо бекем кылуусун сурануусу зарыл.

(3581)

(68) – عن أبي هريرة رضي الله عنه أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال:

«حُجِبَتِ النَّارُ بِالشَّهَوَاتِ، وَحُجِبَتِ الْجَنَّةُ بِالْمَكَارِهِ». [صحيح] - [رواه البخاري]

(68) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты. **«Тозок напсинин кумарлары менен курчалган. Ал эми бейиш кыйынчылыктар менен курчалган»**.

[Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тозок напсиге жага турган арам иштер менен же аткарылбай калган парз амалдардын күнөөлөрү менен курчалып, сакталып тураарын баяндап жатат. Ким напсиси каалаганын ээрчисе, тозокко кирүүгө татыктуу болот. Ал эми бейиш Аллахтын буйруктарын ар дайым аткаруу, күнөөлөрдү таштоо жана ага сабыр кылуу сыяктуу напси жактырбаган нерселер менен курчалган. Эгер напсинин каалоосу менен күрөшүп, ага каршы бекем турса, анда бейишке кирүүгө татыктуу болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Напсинин кумарына туткун болуунун себептеринин бири – шайтандын күнөө иштерди жана жийиркеничтүү иштерди, напси аларды жакшы көрүп ага карай ыкталып калганга чейин коооздоп көрсөтүүсү.

2. Напсинин арам кумарларынан алыс болууга буйруду. Анткени ал тозоктун жолу. Жана кыйынчылыктарга сабыр кылууга буйруду. Анткени ал бейиштин жолу.

3. Напси менен күрөшүүнүн жана ибадаттагы тырышчаактыктын пазилети.
4. Ибадаттарды курчап алган кыйынчылыктарга жана машакаттарга сабыр кылуунун пазилети.

(3702)

(69) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه عَنْ رَسُولِ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «لَمَّا خَلَقَ اللَّهُ الْجَنَّةَ وَالنَّارَ أَرْسَلَ جِبْرِيلَ عَلَيْهِ السَّلَامُ إِلَى الْجَنَّةِ، فَقَالَ: انْظُرْ إِلَيْهَا وَإِلَى مَا أَعْدَدْتُ لِأَهْلِهَا فِيهَا. فَنَظَرَ إِلَيْهَا فَرَجَعَ، فَقَالَ: وَعِزَّتِكَ لَا يَسْمَعُ بِهَا أَحَدٌ إِلَّا دَخَلَهَا. فَأَمَرَ بِهَا فَحُفَّتْ بِالْمَكَارِهِ، فَقَالَ: اذْهَبْ إِلَيْهَا فَانْظُرْ إِلَيْهَا وَإِلَى مَا أَعْدَدْتُ لِأَهْلِهَا فِيهَا. فَنَظَرَ إِلَيْهَا، فَإِذَا هِيَ قَدْ حُفَّتْ بِالْمَكَارِهِ، فَقَالَ: وَعِزَّتِكَ لَقَدْ خَشِيتُ أَنْ لَا يَدْخُلَهَا أَحَدٌ. قَالَ: اذْهَبْ فَانْظُرْ إِلَى النَّارِ وَإِلَى مَا أَعْدَدْتُ لِأَهْلِهَا فِيهَا. فَنَظَرَ إِلَيْهَا فَإِذَا هِيَ يَرْكَبُ بَعْضُهَا بَعْضًا، فَرَجَعَ فَقَالَ: وَعِزَّتِكَ لَا يَدْخُلُهَا أَحَدٌ. فَأَمَرَ بِهَا فَحُفَّتْ بِالشَّهَوَاتِ، فَقَالَ: ارْجِعْ فَانْظُرْ إِلَيْهَا. فَنَظَرَ إِلَيْهَا فَإِذَا هِيَ قَدْ حُفَّتْ بِالشَّهَوَاتِ، فَرَجَعَ وَقَالَ: وَعِزَّتِكَ لَقَدْ خَشِيتُ أَنْ لَا يَنْجُوَ مِنْهَا أَحَدٌ إِلَّا دَخَلَهَا». [حسن] - [رواه أبو داود والترمذي والنسائي]

(69) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Аллах бейиш менен тозокту жаратканда Жебирейил периштени бейишке жөнөтүп: «Бейишке көз салып көр, мен ал**

**үчүн эмнелерди гана даярдаганымды кара»** - деди. Жебирейил периште бейишти көрүп чыгып: «Сенин улуулугуңа ант болсун, аны ким гана уккан болсо, анда ага сөзсүз аракет кылып кирет" - деди. Ошондо Аллах бейишти кыйынчылыктар менен курчоого буйруду. Анан Жебирейил периштеге: «Бейишке баргын да, бейишти жана Мен анда анын эли үчүн эмнелерди даярдап койгонумду карагын» - деп жөнөттү. Жебирейил периште бейишке келип караса, анын айланасы кыйынчылыктар менен курчалган экен. Жебирейил периште Раббисине келип мындай деп айтты: «Сенин кудуретиңе ант болсун, ага эч ким кире албайтко деп корктум». Аллах ага: «Сен баргын да, тозокту жана анын эли үчүн эмнени даярдап койгонумду көр» - деп буйруду. Периште тозокко барып караса, алар биринин алоолонгон отунан экинчисинин оту өйдө болуп жанып жаткан экен, анан кайра кайтып келип: «Сенин улуулугуңа ант болсун, ага эч ким кирбейт» – деп айтат. Ошондо Аллах аны азгырыктар менен курчоого буйруйт. Анан Жебирейилге: «Артка кайтып барып, аны кайрадан карагын» - деп кайра карап келүүгө буйруйт. Жебирейил периште барып караса, анын айланасы азгырыктар менен курчалган болот. Ал Аллахка кайтып барып: «Сенин улуулугуңа ант болсун, мен андан эч ким кутула албайт деп коркуп турам» - деп айтат». [Хасан (жакшы)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи жана ан-Насааи жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: Аллах бейиш менен тозокту жаратканда Жебирейил, алайхис саламга: **«Бейишке бар да аны карап келгин»** - деп айтты. Ошондо ал барып, аны карап, анан кайра кайтып келди. Жебирейил айтты: **«Оо, Раббим, Сенин улуулугуңа ант болсун! Ким болбосун анда (бейиш) кандай жыргалчылык, сый-урмат жана ырыскы бар экенин уга турган болсо, анда ал ага кирүүнү көксөп калат жана ал жанын бергиче аракетин кылат»**. Андан кийин Аллах бейишти курчап, аны буйруктарды аткаруунун жана арамдардан сактануунун кыйынчылыктары менен курчап койду. Ага кирүүнү каалагандар ошол кыйынчылыктардан өтүшү керек. Бейиш кыйынчылыктар менен курчалгандан кийин Аллах Таала: **«Эй, Жебирейил! Баргын, бейишти кайрадан карап келгин»** - деп айтты. Ошентип, ал барып, аны карап келип: **«Оо, Раббим, Сенин улуулугуңа ант болсун! Мен анын жолунда турган кыйынчылыктар себептүү эч ким ага кирбей калатко деп корком»** - деп айтты. Аллах тозокту жаратканда: **«Эй, Жебирейил! Бар да, тозокко көз салып кел»** - деп айтканда

Жебирейил тозокко барып көрүп келди. Анан келип, Жебирейил айтты: **«Оо, Раббим, Сенин улуулугуңа ант болсун! Ким гана болбосун андагы азап, кайгы жана кордукту уккан болсо, анда ал жерге түшүүнү жек көрүп жана анын түшүрүүчү себептеринен алыс болот. Ошондо Улуу Аллах Таала тозокко алып баруучу жолдорду азгырыктар жана ырахаттар менен курчап: «Эй, Жебирейил, кайрадан барып кара»** - деди. Жебирейил periште барып, аны карап, анан келип: **«Оо, Раббим, Сенин кудуретиңе ант болсун! Анын айланасындагы курчалган азгырыктар жана ырахаттарды көрүп мен андан эч ким качып кутула албайт деп корктум»** - деди.

## Хадистин пайдалары:

1. Бейиш менен тозок азыркы учурда бар экенине ишенүү
2. Динде айтылган кайып кабарларга жана Аллахтан жана Анын Элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келген бардык кабарларга ишенүү важиб.
3. Кыйынчылыктарга сабыр кылуунун зарылдыгы, анткени ал бейишке алып баруучу жол.

4. Күнөө иштерден алыс болуунун зарылдыгы. Анткени ал тозоко алып баруучу жол.

5. Бейишти кыйынчылыктар менен жана тозокту азгырыктар менен курчоо - бул дүйнө жашоосундагы сыноонун маңызы.

6. Бейишке баруучу жол татаал жана түйшүктүү, ага жетүү үчүн ыймандуулук жана сабыр кылуу зарыл болот. Ал эми тозокко баруучу жол бул дүйнөдөгү ырахаттарга жана азгырыктарга толгон.

(65034)

(70) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «نَارُكُمْ جُزْءٌ مِنْ سَبْعِينَ جُزْءًا مِنْ نَارِ جَهَنَّمَ»، قِيلَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، إِنْ كَانَتْ لَكَافِيَةً. قَالَ: «فُضِّلَتْ عَلَيْهِنَّ بِتِسْعَةٍ وَسِتِّينَ جُزْءًا كُلُّهُنَّ مِثْلُ حَرِّهَا». [صحيح] - [متفق عليه]

(70) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: Силердин күйгүзгөн отуңар – тозок отунун жетимиш бөлүгүнүн бири. Анда: «Оо, Аллахтын Элчиси! Бул дүйнөнүн оту болсо да жетиштүү болмок» - деп айтылды. Пайгамбар: **«Тозоктун оту бул дүйнөнүн отунан алтымыш тогуз эсе**

**ысык болду. Анын баары бул дүйнөнүн отунун ысыгындай ысык».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул дүйнөнүн оту тозок отунун жетимиш бөлүгүнүн бири экенин айтты. Акырет оту бул дүйнөнүн отунун ысыгына караганда, анын температурасы алтымыш тогуз эсе жогору болгонун айтты. Ошондой эле анын ар бир бөлүгү бул дүйнөнүн отунун ысыгына барабар. **«Оо, Аллахтын Элчиси, бул дүйнөнүн оту тозокко кирген адамды азаптоого жетиштүү эле»** - деп айтылды. Пайгамбар: **«Тозок оту бул дүйнөнүн отунан алтымыш тогуз бөлүккө көп жана алардын ар биринин ысыктыгынын күчтүүлүгү бул дүйнө отундай ысык»** - деп айтты.

## Хадистин пайдалары:

1. Адамдарды тозок отуна алып келе турган иштерден алыс кылуу үчүн тозок менен катуу эскертти.

2. Тозоктун катуу азабын жана температурасынын күчтүүлүгүнүн кабарын айтты.

(65036)

(71) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: سَمِعْتُ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «يَقْبِضُ اللَّهُ الأَرْضَ، وَيَطْوِي السَّمَوَاتِ بِيَمِينِهِ، ثُمَّ يَقُولُ: أَنَا المَلِكُ، أَيْنَ مُلُوكُ الأَرْضِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(71) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын уктум: "Аллах жерди кармап, асмандарды түрүп, оң колуна алып, анан: "Мен - Падышамын, жердин падышалары кайда?!" - дейт. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кыямат күнү жерди чеңгелдеп чогултуп, асманды оң колу менен түрүп, биринин-үстүнө бирин жыйып, аны кетирип жок кылат. Кийин: Мен - Падышамын, жердин падышалары кайда?! - дейт.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахтын Падышалыгы түбөлүктүү, Андан башканын падышалыгы жок болуучу экенин эскерткен.
2. Аллахтын Улуктугу, Анын Кудуретинин жана Бийлигинин Күчтүүлүгү, Падышалыгынын кемчиликсиздиги (айтылган).

(65028)

(72) – عَنْ عَائِشَةَ أُمِّ المُؤمنينَ رضي الله عنها قَالَتْ: دَخَلَ عَلَيَّ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، وَقَدْ سَتَرْتُ سَهْوَةً لِي بِقِرَامٍ فِيهِ تَمَاثِيلُ، فَلَمَّا رَآهُ هَتَكَهُ وَتَلَوَّنَ وَجْهُهُ وَقَالَ: «يَا عَائِشَةُ، أَشَدُّ النَّاسِ عَذَابًا عِنْدَ اللهِ يَوْمَ الْقِيَامَةِ الَّذِينَ يُضَاهُونَ بِخَلْقِ اللهِ» قَالَتْ عَائِشَةُ: «فَقَطَعْنَاهُ فَجَعَلْنَا مِنْهُ وِسَادَةً أَوْ وِسَادَتَيْنِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(72) – Ыймандуулардын энеси Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Мага Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кирди. Мен сүрөттөрү бар, жука, жүн кездемени (текчеге) парда кылып тартып койгон элем. Аны көрүп, өңү өзгөрүп кетти да, илинген жеринен сыйрып алды. Анан: "Айша! Кыямат күнү Аллахтын алдында азабы катуу боло турган адамдар - Аллахтын жараткан нерселерине окшоштору тарткандар" - деди. Айша энебиз айтат: Анан биз аны кесип алып, бирби, экиби жаздык жасап койдук. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оаздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Айша энебиздин бөлмөсүнө кирип, ал буюм-терим койгон текчесине жандуулардын сүрөттөрү бар кездемени парда кылып тартып койгонун көрөт. Аллах үчүн ага ачууланып өңү өзгөрүп, аны сыйрып алып мындай дейт: Кыямат күнү катуу азаптала турган адамдар Аллахтын жаратканына

окшош нерселерди тарткан адамдар. Айша энебиз: анан андан бир же эки жаздык жасап койдук - дейт.

## Хадистин пайдалары:

1. Туура эмес ишти тыюуда андан чоңураак зыян келбесе, көрөр замат дароо тыюу керек.
2. Күнөөгө жараша кыяматтагы азаптар да ар түрдүү болот.
3. Жандуу нерселердин сүрөтүн тартуу чоң күнөөлөрдөн.
4. Сүрөт тартуунун арамдыгынын себептеринин бири: аны Аллахтын жаратуучулугуна окшотууда, сүрөтчү мейли ушундай ниетте болсун, же жөн эле тартсын айырмасы жок.
5. Арам кылынган нерседен тыйгандан кийин, шарият мал-мүлктү туура пайдаланып, сактап калууга үндөйт.
6. Жандуулардын сүрөтүн тартуу кандай шекилде болсо да, мейли ал кордолгон, жек көрүндү болсо да баары бир тыюу салынган.

(5931)

(73) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ، لَيُوشِكَنَّ أَنْ يَنْزِلَ فِيكُمْ ابْنُ مَرْيَمَ حَكَمًا مُقْسِطًا، فَيَكْسِرَ الصَّلِيبَ، وَيَقْتُلَ الخِنْزِيرَ، وَيَضَعَ الجِزْيَةَ، وَيَفِيضَ المَالُ حَتَّى لاَ يَقْبَلَهُ أَحَدٌ». [صحيح] - [متفق عليه]

(73) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Жаным Анын колунда турганга (Аллахка) ант ичип айтам, силерге Мариямдын уулу түшүп, адилеттүү өкүмдар болоруна аз калды. Ал крестти сындырат, чочкону өлтүрөт, салыкты (жизя) жок кылат, мал-мүлк аябай көбөйүп, аны эч ким албай калат". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Мариямдын уулу Иса пайгамбар адамдарга адилеттүү жана Мухаммаддын шарияты менен өкүм кылуу үчүн жерге түшөрүнө аз калганын Аллахтын аты менен ант ичип айткан. Ал христиандар ыйык санаган крестти сындырат. Иса пайгамбар чочкону өлтүрөт. Ал салыкты жок кылат, адамдардын баарын Ислам динине кирүүгө түртөт. Байлык көбөйүп, аны эч ким кабыл кылбай калат; бул байлыктын көптүгүнөн, ар ким өз колундагыдан

башкага муктаж болбогондуктан, береке жааганынан жана катар-катар жакшылыктар болгондуктан улам.

**Хадистин пайдалары:**

1. Иса пайгамбардын түшүүсүн бекемдөө, бул кыяматтын белгилеринен бири.
2. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) шариятын башка шарият жокко чыгарбайт.
3. Акыр заманда мал-мүлккө береке түшөрү, адамдар ага кызыкпай топуктуу болуп калары анык.
4. Ислам дини түбөлүк калары тууралуу сүйүнчү айтылган, ал тургай Иса пайгамбар да акыр заманда Ислам менен өкүм кылат.

(65025)

(74) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ لِعَمِّهِ: «قُلْ: لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، أَشْهَدُ لَكَ بِهَا يَوْمَ الْقِيَامَةِ»، قَالَ: لَوْلَا أَنْ تُعَيِّرَنِي قُرَيْشٌ، يَقُولُونَ: إِنَّمَا حَمَلَهُ عَلَى ذَلِكَ الْجَزَعُ لَأَقْرَرْتُ بِهَا عَيْنَكَ. فَأَنْزَلَ اللهُ: {إِنَّكَ لا تَهْدِي مَنْ أَحْبَبْتَ وَلَكِنَّ اللهَ يَهْدِي مَنْ يَشَاءُ} [القصص: ٥٦]. [صحيح] - [رواه مسلم]

(74) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: «Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) амекисине: «Аллахтан башка

сыйынууга татыктуу кудай жок деп айтыңыз. Кыямат күнү мен сизге күбө болом» - деп айтканда, ал айтты: «Эгерде Курайш башчылары «бул өлүмдөн коркуп келимени айтты» дешип жемелөөлөрү болбогондо, анда мен сенин көзүңдү сүйүнтмөкмүн». Ошондо Аллах бул аятты түшүрдү: «Чындыгында, сен жакшы көргөн адамыңды туура жолго алып келе албайсың. Бирок Аллах каалаган пендесин туура жолго алып келет». (Касас, 56) [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) агасы Абу Талиб өлүм алдында жатканда кыяматта ага шапаат кылуусу үчүн «Лаа илааха иллаллах» деп айтуусун суранат. Ошондой эле амекиси Исламда экендигине күбөлүк берүү үчүн келимени айтууну суранат. Бирок Курайш уруусунун башчыларынын жемесинен коркуп, күбөлүк келмесин айтуудан баш тартат. Курайш башчылары **«ал өлүмдөн коркуп, алсыздыктан Исламды кабыл алды»** деген сөздү айтпасын деп келимени айтпай коёт. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) амекиси Абу Талиб ага мындай деп айтат: **«Эгер андай болбогондо, мен күбөлүк келимесин айтып сенин жүрөгүңдү**

**сүйүнтмөкмүн жана сен ыраазы болгонго чейин тилегиң аткарылат эле»**. Ошентип, Аллах Таала Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Исламга киргизе турган хидаятка ээ эмес, бирок Аллах Таала кимге кааласа, туура жолго салат деген аятты түшүрөт. Бирок Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдарды түз жолго чакыруу жана туура жолду ачыктап берүү хидаятына ээлик кылат.

## Хадистин пайдалары:

1. Элдин сөзүнөн коркуп чындык четте калбай айтылыш керек.
2. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) туура жолго салууга ээ эмес, ачыктап берүүгө жана багыт берүүгө ээ боло алат.
3. Оорулуу каапырды Исламга чакыруу үчүн зыярат кылуунун уруксат экендиги баяндалды.
4. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бардык жагдайларда Аллах Таалага чакырууга умтулган.

(65069)

(75) – عَنْ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ عَمْرٍو رضي الله عنهما قَالَ: قالَ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «حَوْضِي مَسِيرَةُ شَهْرٍ، مَاؤُهُ أَبْيَضُ مِنَ اللَّبَنِ، وَرِيحُهُ أَطْيَبُ مِنَ المِسْكِ، وَكِيزَانُهُ كَنُجُومِ السَّمَاءِ، مَنْ شَرِبَ مِنْهَا فَلاَ يَظْمَأُ أَبَدًا». [صحيح] - [متفق عليه]

(75) – Абдулла бин Амр (Аллах ал экөөнөн ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Менин Хаудум бир айлык жолдун алыстыгындай чоң. Анын суусу сүттөн ак, жыты мисктен жыттуу. Анын идиштери асмандагы жылдыздардын санындай. Андан ичкен адам эч качан суусабайт»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Кыямат күнү анын узундугу жана туурасы бир айлык жол болгон Хауду тууралуу кабар берди. Ал эми анын суусу сүттөн ак. Жана анын таттуу жыты мисктин жытынан жакшыраак. Анын кумуралары асмандагы жылдыздардай көп. Ким ошол кумуралар менен Хауддан ичсе, анда ал эч качан суусабайт.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Хауду – Кыямат күнү анын үммөтүнүн ыймандуулары келе турган чоң топтолгон суу.
2. Анын Хаудунан ичкен адам эч качан суусабай чоң жакшылыкка жетишет.

(65030)

(76) – عَنْ أَبِي سَعِيدٍ الخُدْرِيِّ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «يُؤْتَى بِالْمَوْتِ كَهَيْئَةِ كَبْشٍ أَمْلَحَ، فَيُنَادِي مُنَادٍ: يَا أَهْلَ الجَنَّةِ، فَيَشْرَئِبُّونَ وَيَنْظُرُونَ، فَيَقُولُ: هَلْ تَعْرِفُونَ هَذَا؟ فَيَقُولُونَ: نَعَمْ، هَذَا المَوْتُ، وَكُلُّهُمْ قَدْ رَآهُ، ثُمَّ يُنَادِي: يَا أَهْلَ النَّارِ، فَيَشْرَئِبُّونَ وَيَنْظُرُونَ، فَيَقُولُ: وهَلْ تَعْرِفُونَ هَذَا؟ فَيَقُولُونَ: نَعَمْ، هَذَا المَوْتُ، وَكُلُّهُمْ قَدْ رَآهُ، فَيُذْبَحُ ثُمَّ يَقُولُ: يَا أَهْلَ الجَنَّةِ خُلُودٌ فَلاَ مَوْتَ، وَيَا أَهْلَ النَّارِ خُلُودٌ فَلاَ مَوْتَ، ثُمَّ قَرَأَ: {وَأَنْذِرْهُمْ يَوْمَ الحَسْرَةِ إِذْ قُضِيَ الأَمْرُ وَهُمْ فِي غَفْلَةٍ} [مريم: ٣٩]، وَهَؤُلاَءِ فِي غَفْلَةٍ أَهْلُ الدُّنْيَا {وَهُمْ لاَ يُؤْمِنُونَ} [مريم: ٣٩]». [صحيح] - [متفق عليه]

(76) – Абу Саид аль-Худри (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Өлүм ала түстүү кочкордун кейпиндей болуп алып**

**келинет. Ошондо бир чакыруучу: «Эй, бейиш ээлери»** - деп чакырат. Алар баштарын көтөрүп карап калышат. Ошондо ал: «Силер муну билесиңерби?» - дейт. Алар: «Ооба, бул өлүм» - дешет, аны баары көрүшөт. Анан ал: «Эй, тозок ээлери» - деп чакырат. Алар баары баштарын көтөрүп карашат. Ал: «Силер муну тааныйсыңарбы?» дейт. Алар: «Ооба, бул өлүм» - дешет, аны баары көрүшөт. Ошондо аны союп: «Эй, бейиш ээлери! Түбөлүккө каласыңар, өлүм жок» – деп айтат. Эй, тозок ээлери! Түбөлүккө каласыңар, өлүм жок» - деп бул аятты окуду: «Аларды зыянга учураган күн менен эскерткин. Алар капылет абалда болгон учурда Кыямат болот». (Мариям: 39) **Дүйнө ээлери алар ушундай капылетте болушат. «Алар ыйман келтиришпейт» - деген аятты окуду.** [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оуздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Кыямат күнү өлүмдүн ак жана кара түстүү болгон кочкордун сүрөтүндө алып келерин баяндады. Чакыруучу: **«Эй бейиш ээлери!»** - деп чакырат. Алар моюндарын сунуп, баштарын көтөрүп карашат. Аларга: «Силер муну билесиңерби?» - деп айтат. Алар: «Ооба, бул өлүм»

- деп айтышат. Алардын баары аны көрүшөт жана билишет. Жарчы: **«Эй тозок ээлери!»** - деп жар салат. Алар моюндарын сунуп, баштарын көтөрүп карашат. Аларга: «Силер муну билесиңерби?» - деп айтат. Алар: «Ооба, бул өлүм» - деп айтышат. Алардын баары аны көрүшөт жана билишет. Андан кийин ал союлат, анан жарчы айтат: **«Эй бейиш ээлери, өлүм болбойт, түбөлүк каласыңар. Эй тозок ээлери, өлүм болбойт, түбөлүк каласыңар»**. Мына ушул момундардын жыргалчылыгын арттыруу жана каапырлардын азабын көбөйтүү үчүн болот. Андан кийин Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул аятты окуду: **«Аларды зыянга учураган күн менен эскерткин. Алар капылет жана ишенбеген абалда болгон учурда Кыямат болот».** (Мариям: 39) Кыямат күнү бейиш менен тозок ээлерин бөлүп коёт. Алардын баары барган жерлеринде түбөлүккө калышат. Ошондо күнөө кылып жүргөн адам жакшылык иштерин кылбаганы үчүн, ал эми ибадаттарга бекем болбогон адам жакшылык иштерин көбөйтпөгөнү үчүн катуу өкүнүшөт.

## Хадистин пайдалары:

1. Адамдын акыреттеги бара турган жери түбөлүктүү бейиш же тозок болот.

2. Кыямат күнүнүн коркунучтуулугу жана кайгыруу жана өкүнүчтүү күн экенин катуу эскертти.
3. Бейиш ээлеринин түбөлүк бактылуулугу жана тозок элинин түбөлүк кайгысы баяндалды.

(65035)

(77) – عن عمر بن الخطاب رضي الله عنه قال: إنه سمع نبي الله صلى الله عليه وسلم يقول: «لَو أَنَّكُمْ تَتَوَكَّلُونَ عَلَى اللهِ حَقَّ تَوَكُّلِهِ، لَرَزَقَكُمْ كَمَا يَرْزُقُ الطَّيْرَ، تَغْدُو خِمَاصًا وَتَرُوحُ بِطَانًا». [صحيح] - [رواه الترمذي وابن ماجه وأحمد]

(77) – Умар ибн аль-Хаттаб (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат. Ал Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай дегенин укту: **«Эгерде силер Аллахка чыныгы таваккүль (таянуу) кылганыңарда, Аллах силерге эртең менен курсагы ач чыгып, кечинде курсагы ток кайткан чымчыкка ырыскы бергендей ырыскы бермек».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бизди дүйнөлүк жана диний иштерде пайда алып келүү жана зыяндан сактануу үчүн Аллах

Таалага таянууга үндөп жатат. Анткени Аруу Аллах Тааладан башка эч ким бере да албайт, тыйып да коё албайт жана зыян да, пайда да жеткире албайт. Качан биз пайда алып келе турган жана зыяндан сактай турган себептерди Аллахка чын ыкластан таянып аткарсак, анда Аллах бизге эртең менен курсагы ач чыгып, кечинде курсагы ток кайткан чымчыкка ырыскы бергендей ырыскы берип коёт. Чымчыктын бул кылганы - башкаларга таянбастан, жалкоолук кылбастан ырыскы издөөдөгү себептердин бир түрү.

## Хадистин пайдалары:

1. Чыныгы таваккүль кылуунун пазилети. Чыныгы таваккүль кылуу ырыскы талап кылуудагы эң чоң себептердин бири.
2. Тобокел кылуу менен себептерди аткаруу бири-бирине каршы келбейт. Анткени чыныгы тобокел кылуу эртең менен жана кечинде ырыскы издөөгө каршы келбестигин кабарланган.
3. Жүрөктөрдүн амалдарына Ислам шарияты көңүл бурат. Анткени таваккүль кылуу – бул жүрөктүн амалы.

4. Себептерге гана байлануу – анын дининин кемчилдиги. Ал эми себептерден баш тартуу – акылынын кемчилиги.

(4721)

(78) – عَن أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ:
«يُسَلِّمُ الرَّاكِبُ عَلَى المَاشِي، وَالمَاشِي عَلَى القَاعِدِ، وَالقَلِيلُ عَلَى الكَثِيرِ».
وَلِلبُخَارِي: «يُسَلِّمُ الصَّغِيرُ عَلَى الكَبِيرِ، وَالمَارُّ عَلَى القَاعِدِ، وَالقَلِيلُ عَلَى الكَثِيرِ».
[صحيح] - [متفق عليه]

(78) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Улоодо бара жаткан адам, жөө бара жаткан адамга, жөө бара жаткан адам, отурган адамга, аз сандагы адам, көп сандагы адамга салам айтат". Бухарийде: "Жашы кичүү адам, жашы улууга, өтүп бара жаткан адам, отурган адамга, аз сандагы адам, көп сандагы адамга салам айтат" деп келген. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистиулуугa,н ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдар арасында минтип салам берүүнүн адебин көрсөткөн: "Ассалааму алайкум

ва рахматуллоохи ва баракатуху". Жашы кичине жаш улууга, улоодогу жөөгө, басып бараткан отурганга, саны аз саны көпкө салам айтат.

## Хадистин пайдалары:

1. Хадисте келгендей салам айтуу жакшы, а эгер жөө бараткан адам улоодогу адамга салам айтса, же жогоруда айтылгандардын кайсы бири тескерисинче болуп калса, эч нерсе эмес. Бирок жакшы жана абзел болгонго каршы келет.

2. Хадисте айтылгандай тартипте салам айтып жайылтуу жакшы көрүүгө жана мээримдүүлүккө себеп болот.

3. Эгер жогоруда айтылгандар салам берүүдө бирдей болуп калса, анда озунуп салам айтканы алардын жакшысы болуп эсептелет.

4. Адам баласы эмнеге муктаж болсо, анын баарын баяндаган (Ислам) шарияты кемчиликсиз, толук.

5. Ар бир адамга өз акысын берүүнү жана саламдашуунун адебин үйрөтөт.

(4243)

(79) – عن أبي ذر رضي الله عنه: عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِيمَا رَوَى عَنِ اللهِ تَبَارَكَ وَتَعَالَى أَنَّهُ قَالَ: «يَا عِبَادِي إِنِّي حَرَّمْتُ الظُّلْمَ عَلَى نَفْسِي، وَجَعَلْتُهُ بَيْنَكُمْ مُحَرَّمًا، فَلَا تَظَالَمُوا، يَا عِبَادِي كُلُّكُمْ ضَالٌّ إِلَّا مَنْ هَدَيْتُهُ، فَاسْتَهْدُونِي أَهْدِكُمْ، يَا عِبَادِي كُلُّكُمْ جَائِعٌ إِلَّا مَنْ أَطْعَمْتُهُ، فَاسْتَطْعِمُونِي أُطْعِمْكُمْ، يَا عِبَادِي كُلُّكُمْ عَارٍ إِلَّا مَنْ كَسَوْتُهُ، فَاسْتَكْسُونِي أَكْسُكُمْ، يَا عِبَادِي إِنَّكُمْ تُخْطِئُونَ بِاللَّيْلِ وَالنَّهَارِ وَأَنَا أَغْفِرُ الذُّنُوبَ جَمِيعًا فَاسْتَغْفِرُونِي أَغْفِرْ لَكُمْ، يَا عِبَادِي إِنَّكُمْ لَنْ تَبْلُغُوا ضَرِّي فَتَضُرُّونِي، وَلَنْ تَبْلُغُوا نَفْعِي فَتَنْفَعُونِي، يَا عِبَادِي لَوْ أَنَّ أَوَّلَكُمْ وَآخِرَكُمْ وَإِنْسَكُمْ وَجِنَّكُمْ كَانُوا عَلَى أَتْقَى قَلْبِ رَجُلٍ وَاحِدٍ مِنْكُمْ مَا زَادَ ذَلِكَ فِي مُلْكِي شَيْئًا، يَا عِبَادِي لَوْ أَنَّ أَوَّلَكُمْ وَآخِرَكُمْ وَإِنْسَكُمْ وَجِنَّكُمْ كَانُوا عَلَى أَفْجَرِ قَلْبِ رَجُلٍ وَاحِدٍ مَا نَقَصَ ذَلِكَ مِنْ مُلْكِي شَيْئًا، يَا عِبَادِي لَوْ أَنَّ أَوَّلَكُمْ وَآخِرَكُمْ وَإِنْسَكُمْ وَجِنَّكُمْ قَامُوا فِي صَعِيدٍ وَاحِدٍ فَسَأَلُونِي فَأَعْطَيْتُ كُلَّ إِنْسَانٍ مَسْأَلَتَهُ مَا نَقَصَ ذَلِكَ مِمَّا عِنْدِي إِلَّا كَمَا يَنْقُصُ الْمِخْيَطُ إِذَا أُدْخِلَ الْبَحْرَ، يَا عِبَادِي إِنَّمَا هِيَ أَعْمَالُكُمْ أُحْصِيهَا لَكُمْ ثُمَّ أُوَفِّيكُمْ إِيَّاهَا، فَمَنْ وَجَدَ خَيْرًا فَلْيَحْمَدِ اللهَ، وَمَنْ وَجَدَ غَيْرَ ذَلِكَ فَلَا يَلُومَنَّ إِلَّا نَفْسَهُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(79) – Абу Зар (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кудсий хадисте Аллах Тааланын мындай деп айтканын айтты: «Эй, пенделерим! Чындыгында, Мен зулумдук кылууну Өзүмө арам кылдым жана аны силерге да арам кылдым.

Ошондуктан силер, эч качан бири-бириңерге зулумдук кылбагыла! Эй, пенделерим! Чындыгында силердин баарыңар адашуудасыңар, бир гана Мен туура жолго салып койгон адамдар гана туура жолдо. Мына ошондуктан силер Менден туура жол сурагыла! Ошондо Мен силерди туура жолго саламын. Эй, пенделерим! Чындыгында, бардыгыңар ачкасыңар, Мен ырыскы берген адамдар гана ток болушат. Ошондуктан менден ырыскы сурагыла, Мен силерге ырыскы беремин. Эй, пенделерим! Акыйкатта силердин араңардан, Мен кийинтип койгон адамдардан башка баарыңар жылаңачсыңар. Ошондуктан силер – Менден гана кийиндирүүнү сурангыла, Мен силерди кийимдүү кылам. Эй, пенделерим! Силер эртеден кечке күнөө кыласыңар. Ал эми Мен күнөөлөрдүн бүт баарын кечиремин. Ошондуктан силер – Менден кечирим сурагыла! Мен силерди кечиремин. Эй, пенделерим! Мага зыян бергенге аракет кылып көргүлө. Бирок силер – эч качан Мага зыян бере албайсыңар. Эй, пенделерим! Силер Мага пайда бергенге да аракет кылып көргүлө. Бирок силер – эч качан Мага пайда бере албайсыңар. Эй, пенделерим! Эгерде силерден алгачкыңардан баштап акыркыңарга чейинки адамдардын жана жиндердин

бүт баарысынын жүрөктөрү силердин араңардан эң такыбалуу бир кишинин жүрөгүндөй болуп бир деңгээлде такыба болсоңор да, бул нерсе Менин мүлкүмдөн эч нерсени көбөйтпөйт. Эй, пенделерим! Эгерде силерден алгачкыңардан баштап акыркыңарга чейинки адамдардын жана жиндердин бүт баарысынын жүрөктөрү, силердин араңардан эң жаман бир кишинин жүрөгүндөй болуп бир деңгээлде жаман болсоңор да, бул нерсе Менин мүлкүмдөн эч нерсени азайтпайт. Эй, пенделерим! Эгерде силерден алгачкыңардан баштап акыркыңарга чейинки адамдардын жана жиндердин бүт баарысы бир жерге чогулушуп туруп, Менден муктаждыктарын сураса, Мен алардын ар бирине сураган нерселерин берсем да бул нерселер – ийне деңизге салынып алынганда деңиздин суусун ийне азайткан сыяктуу менин мүлкүмдөн ошончолук деңгээлде гана кемите алат. Эй, пенделерим! Чындыгында, алар силердин кылган иш-аракеттериңер. Ал иш-аракеттериңерди эсеп-кысап кылам. Анан ошого жараша силерге сооп же жаза берем. Кимде-ким өзүн жакшы абалда тапса, анда ал Аллахка мактоо айтсын. Ал эми кимде-ким өзүн жакшы абалда таппаса, анда ал өзүнөн башка эч кимди күнөөлөбөсүн». **[Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]**

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала зулумду Өзүнө арам кылганын жана зулумду Өзүнүн макулуктарынын арасында арам кылганын баяндап жатат. Ошондуктан эч ким башкага зулумдук кылбашы керек. Аллах туура жолго салып ага ийгилик берген адамдардан башкасынын баары акыйкат жолунан адашкандар. Ким Аллахтын туура жолго салуусун сураса, анда Аллах аны туура жолго салып ага ийгилик берет. Адамдар Аллахтын алдында кедей. Алар бардык муктаждыктарын орундатууда Аллахка гана муктаж. Ким Аллахтан сураса, анда Аллах анын муктаждыктарын орундатат жана ага жетиштүү болот. Алар күнү-түнү күнөө кылышат. Ал эми Аллах Таала пендеси кечирим сураганда, алардын күнөөлөрүн жаап, кечирип коёт. Адамдар Аллахка зыян да же бир нерсе менен пайда да бере алышпайт. А эгерде алар бир адамдын жүрөгүндөй такыба болушса да алардын такыбалыгы Аллахтын мүлкүн көбөйтө албайт. А эгерде алар бир адамдын жүрөгүндөй болуп бузуку болушса да, анда алардын жамандыгы Анын мүлкүнөн эч нерсе азайта албайт. Анткени алар Аллахтын алдында алсыз жана жакыр.

Алар ар кандай абалда, убакта жана жерде Ага муктаж. Аллах муктаж эмес, Аруу Зат. Эгерде алардын алгачкыларынан баштап акыркыларына чейинки адамдардын жана жиндердин бүт баарысы бир жерге чогулушуп Аллахтан муктаждыктарын сураса, Аллах алардын ар бирине сураган нерселерин берсе да бул нерселер ийне деңизге салынып алынганда деңиздин суусунан эч нерсе азайбагандай Аллахтын алдындагы нерселерден эч нерсе азайбайт.

Аллах Таала Өзүнүн пенделеринин амалдарын эсептеп, сактап коёт да андан кийин аларды Кыямат күнү ээлерине кайтарат. Ошондуктан кимде-ким кылган жакшылыгынын сообун тапса, анда Аллах анын моюн сунуусуна ийгилик бергендиги үчүн Аллахка мактоо-шүгүрлөрдү айтсын. Ал эми кимде-ким андан башка кылган ишинин жазасын тапса, анда өзүнүн жамандык менен зыянга баштаган нафсисин күнөөлөсүн.

## Хадистин пайдалары:

1. Бул хадис Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Раббиси тарабынан риваят кылган хадистерден. Ал кудсий хадис же илахий хадис деп аталат.

Анын айтылышы жана мааниси Аллахтан болот. Бирок кудсий хадис Курандын өзгөчөлүктөрүнө ээ эмес. Куран Аны окуу менен ибадат болуусу, Аны даарат менен кармоо, душмандардын чакырыгын алсыз калтырган муъжизасы жана кереметтүүлүгү ж.б.у.с нерселер менен айырмаланып турат.

2. Пенделердин илим алуусу же туура жолго түшүүсү Аллах аларды туура жолго салуусу жана үйрөтүүсү менен болот.

3. Пенденин башына келген жакшылык Аллах Тааланын пазилетинен. Ал эми ага жеткен жамандык өзүнөн жана өз напсисинин каалоосунан.

4. Кимде-ким жакшылык кылса, анда Аллахтын ага ийгилик берүүсү менен болот жана аны сыйлоо Аллахтын пазилети менен болот. Ошондуктан Аллахка мактоолор болсун. Кимде-ким жамандык кылса, анда ал өзүнөн башка эч кимди күнөөлөбөсүн.

(4810)

(80) – عَنْ جَابِرِ بْنِ عَبْدِ اللهِ رضي الله عنهما أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «اتَّقُوا الظُّلْمَ، فَإِنَّ الظُّلْمَ ظُلُمَاتٌ يَوْمَ الْقِيَامَةِ، وَاتَّقُوا الشُّحَّ، فَإِنَّ الشُّحَّ أَهْلَكَ مَنْ كَانَ قَبْلَكُمْ، حَمَلَهُمْ عَلَى أَنْ سَفَكُوا دِمَاءَهُمْ وَاسْتَحَلُّوا مَحَارِمَهُمْ».

[صحيح] - [رواه مسلم]

(80) – Жаабир бин Абдуллах (Аллах алардан ыраазы болсун) Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Зулумдуктан сактангыла! Себеби зулумдук - кыяматтагы караңгылык. Ач көздүктөн сактангыла! Анткени, силерден мурдагылар ач көздүктүн айынан кыйроого учураган. Ач көздүк аларды кан төгүүгө, арамды адал кылууга түрткөн". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) зулумдук кылуудан тыйып, эскерткен. Зулумдук: адамдарга зулум кылуу, өзүнө-өзү зулум кылуу жана Аллах Тааланын акысында зулум кылуу (болуп бөлүнөт). Зулумдук - бул, ар бир акы ээсине акысын бербей койуу. Адамдын кылган зулумдук кыямат күнү анын башына кыйынчылык жана оор абалдар менен коштолуп каран күн түшүрөт. Ошондой эле ач көздүктөн тыйган. Ач көздүк бул суктук жана сараңдык. Мал-мүлккө тиешелүү бирөөлөрдүн акысын бербей коюу, дүнүйөгө өтө

берилип суктук кылууда ач көздүккө кирет. Зулумдуктун ушул түрү бизден мурда жашап өткөн кээ бир коомдорду кыйратып жок кылган, аларды бири-бирин өлтүрүүгө түрткөн, Аллах арам кылган нерселерди адалдаштырууга алып барган.

## Хадистин пайдалары:

1. Мал-мүлктөн каралашуу, бир туугандар менен тең бөлүшүү, бири-бирин жакшы көрүүгө жана байланышты бекемдөөгө себеп болот.
2. Сараңдык жана ач көздүк бузукулукка, ката кетирүү жана күнөө кылууга алып барат.
3. Мурда жашап өткөн үммөттөрдүн абалын да этибарга ала жүрүү зарыл.

(5787)

(81) – عن أبي موسى رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «إِنَّ اللهَ لَيُمْلِي لِلظَّالِمِ، حَتَّى إِذَا أَخَذَهُ لَمْ يُفْلِتْهُ» قَالَ: ثُمَّ قَرَأَ: «{وَكَذَلِكَ أَخْذُ رَبِّكَ إِذَا أَخَذَ الْقُرَى وَهِيَ ظَالِمَةٌ إِنَّ أَخْذَهُ أَلِيمٌ شَدِيدٌ}[هود: ١٠٢]» [صحيح] - [متفق عليه]

(81) – Абу Муса ал-Ашари (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Чынында Аллах Таала заалымга убакыт берет, анан аны кармаганда такыр коё бербейт". Анан бул аятты окуду: "Раббиң

шаарларды азабына алганда  мына ушундай азаптайт. Алар заалым болчу. Анын азабы чынында оорутуучу, катуу" (Худ: 102-аят). [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ширк жана күнөөлөр аркылуу зулумдукту уланта берүүдөн жана адамдардын акысына зулумдук кылуудан тыйып эскерткен. Аллах Таала заалымга убакыт берип, кечиктирип, анын өмүрүн, мал-мүлкүн узартып, аны жазалоого шашылбайт. Эгер ушул мөөнөттө да тиги тообо кылбаса, анда аны азабына алып, такыр бошотпойт жана көп зулум кылганы үчүн аны жазасыз калтырбайт.

Андан кийин пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Раббиң шаарларды азабына алганда мына ушундай азаптайт. Алар заалым болчу. Анын азабы чынында оорутуучу, катуу" - деген аятты окуду (Худ: 102-аят).

## Хадистин пайдалары:

1. Акылдуу адам тообо кылууга шашылуусу керек, эгер заалымдык кылып жүргөн болсо, Аллахтын айла-амалынан аман калбайт.

2. Эгер тообо кылышпаса, алардын азабын дагы көбөйтүү үчүн Аллах Таала заалымдарды азаптоого шашылбайт, аларга күнөөсүн улантууга убакыт берет.

3. Зулумдук себебинен Аллах Таала канчалаган коомдорду азабына салат.

4. Аллах Таала арасында ыймандуу адамдар да бар шаарларды талкалап жок кылса, кыямат күнү алар аткарып жаткан жакшы амалдары менен тирилет, аларга аларды ороп алган азаптын зыяны тийбейт.

(5811)

(82) – عن ابن عباس رضي الله عنهما عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِيمَا يَرْوِي عَنْ رَبِّهِ عَزَّ وَجَلَّ قَالَ: قَالَ: «إِنَّ اللهَ كَتَبَ الْحَسَنَاتِ وَالسَّيِّئَاتِ، ثُمَّ بَيَّنَ ذَلِكَ، فَمَنْ هَمَّ بِحَسَنَةٍ فَلَمْ يَعْمَلْهَا كَتَبَهَا اللهُ لَهُ عِنْدَهُ حَسَنَةً كَامِلَةً، فَإِنْ هُوَ هَمَّ بِهَا فَعَمِلَهَا كَتَبَهَا اللهُ لَهُ عِنْدَهُ عَشْرَ حَسَنَاتٍ إِلَى سَبْعِمِائَةِ ضِعْفٍ، إِلَى أَضْعَافٍ كَثِيرَةٍ، وَمَنْ هَمَّ بِسَيِّئَةٍ فَلَمْ يَعْمَلْهَا كَتَبَهَا اللهُ لَهُ عِنْدَهُ حَسَنَةً كَامِلَةً، فَإِنْ هُوَ هَمَّ بِهَا فَعَمِلَهَا كَتَبَهَا اللهُ لَهُ سَيِّئَةً وَاحِدَةً». [صحيح] - [متفق عليه]

(82) – Ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылат. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Улуу Раббисинен риваят

кылган хадисте мындай деп айтты: «Чындыгында, Аллах жакшылыктарды да, жамандыктарды да жазып анан аны ачык баяндады. Кимде-ким бир жакшылык кылууну каалап, аны аткара албай калса, анда Аллах Өзүндө ага толук жакшылык жазат. А эгерде ал ниет кылып аны аткарса, анда Аллах Өзүндө ага он эседен жети жүз эсеге чейин, бир канча эселетип жазат. Кимде-ким бир жамандык кылууну ниет кылып, аны кыла албай калса, анда Аллах ага толук жакшылык жазат. А эгерде ниет кылып аны аткарган болсо, анда Аллах Өзүндө ага бир жамандыкты гана жазат». [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтын жакшылыктар менен жамандыктарды тагдыр кылып, анан аларды эки периштеге кантип жазууну көрсөткөнүн баяндады.

Демек, кимде-ким бир жакшылык кылууну кааласа, ниет кылса жана аны аткарууга чечкиндүү киришсе, анда аны аткара албай калса деле ага бир жакшылык жазылат. А эгерде аны аткарса, анда он эседен жети жүз эсеге чейин бир канча эсе көбөйтүлүп жазылат. Бир канча эсе көбөйүү бул

жүрөктөгү ыкластуулукка, пайданын келишишне ж.б.у.с. нерселерге жараша болот.

Ал эми кимде-ким бир жамандык кылууну каалап, ниет кылып, чечкиндүү киришип анан аны Аллах үчүн таштаса, анда ага бир жакшылык жазылат. Эгерде анын себептерин кылбай, алек болуп таштап койсо, анда ага эч нерсе жазылбайт. А эгерде ал колунан келбей аны таштаса, анда анын ниети жазылат. А эгерде аны аткарса, анда ага бир жамандык эле жазылат.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахтын бул үммөткө жакшылыктарды көбөйтүп, Аны Өзүнүн алдында жазып, жамандыктарды көбөйтпөөдөгү улуу пезилетин баяндоо.

2. Иш-аракеттерди аткаруудагы ниеттин маанилүүлүгү жана анын таасири.

3. Аллах Тааланын пазилети, боорукердиги жана жакшылыгы бул кимде-ким бир жакшылык кылууга ниет кылып, аны аткара албай калса, анда Аллахтын ага жакшылык жазуусу.

(4322)

(83) – عَنِ ابْنِ مَسْعُودٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ، قَالَ: قَالَ رَجُلٌ: يَا رَسُولَ اللهِ، أَنُؤَاخَذُ بِمَا عَمِلْنَا فِي الْجَاهِلِيَّةِ؟ قَالَ: «مَنْ أَحْسَنَ فِي الْإِسْلَامِ لَمْ يُؤَاخَذْ بِمَا عَمِلَ فِي الْجَاهِلِيَّةِ، وَمَنْ أَسَاءَ فِي الْإِسْلَامِ أُخِذَ بِالْأَوَّلِ وَالْآخِرِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(83) – Ибн Масуд (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: Бир киши: Оо, Аллахтын Элчиси, жахилият кезинде кылган иштерибиз үчүн жазаланабызбы? - деп сурады. Анда Пайгамбарыбыз айтты: **«Ким Исламда жакшылык кылса, жахилиятта кылган иши үчүн жазаланбайт, ал эми ким Исламда жүрүп жаман иштерди кылса, биринчи жана акыркысы үчүн жазаланат».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Исламга кирүүнүн пазилеттерин ачыктап айтып берди. Ошондой эле ким Исламды кабыл алып, такыба мусулман болуп, ыкластуу жана чынчыл болсо, анда жахилиятта кылган күнөөлөрү үчүн жооп бербейт. Ал эми ким Исламда жүрүп эки жүздүү болсо же динден чыгып кетсе, анда ал каапырлык кезинде кылган иштери үчүн жана Исламдагы кылган күнөөлөрү үчүн жооп берет.

## Хадистин пайдалары:

1. Сахабалардан Аллах ыраазы болсун. Алар жахилият (1) учурунда кылган иш-аракеттеринен коркушкан жана ал иш-аракеттери аларды катуу ойлондурган.
2. Исламда бекем болууга чакыруу.
3. Исламга кирүүнүн пазилети жана ал мурунку жаман иш-аракеттерди жок кылат.
4. Исламдан чыккан адам жана мунафык жахилиятта мурда жасаган ар бир иши үчүн жана Исламда кылган ар бир күнөөсү үчүн жооп берет.

(65002)

(84) – عَنِ ابْنِ عَبَّاسٍ رَضِيَ اللهُ عَنْهُمَا: أَنَّ نَاسًا مِنْ أَهْلِ الشِّرْكِ، كَانُوا قَدْ قَتَلُوا وَأَكْثَرُوا، وَزَنَوْا وَأَكْثَرُوا، فَأَتَوْا مُحَمَّدًا صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَقَالُوا: إِنَّ الَّذِي تَقُولُ وَتَدْعُو إِلَيْهِ لَحَسَنٌ، لَوْ تُخْبِرُنَا أَنَّ لِمَا عَمِلْنَا كَفَّارَةً، فَنَزَلَ {وَالَّذِينَ لا يَدْعُونَ مَعَ اللهِ إِلَهًا آخَرَ وَلا يَقْتُلُونَ النَّفْسَ الَّتِي حَرَّمَ اللهُ إِلا بِالْحَقِّ وَلا يَزْنُونَ}[الفرقان: ٦٨]، وَنَزَلَت: {قُلْ يَا عِبَادِيَ الَّذِينَ أَسْرَفُوا عَلَى أَنْفُسِهِمْ لا تَقْنَطُوا مِنْ رَحْمَةِ اللهِ} [الزمر: ٥٣]. [صحيح] - [متفق عليه]

(84) – Ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылат: Көп киши өлтүргөн, көп зына кылган

кээ бир мушриктер Мухаммадка (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келишип: "Чындыгында, сенин айтканың жана чакырганың жакшы. Бизге кабар берчи. Биз аткарып койгон нерселердин каффараты барбы?" - дешти. Ошондо бул аяттар түштү. Аллах Таала айтты: "Алар Аллахтан башка кудайларга дуба кылышпайт, Аллах өлтүрүүгө тыюу салган жанды укуксуз (шарияттын талаптарысыз) өлтүрүшпөйт. Акысы (өчү) бар болгондо гана (өлтүрүүсү адал болот). Алар зына кылышпайт. (Фуркан сүрөсү, 68-аят). Аллах Таала айтты: "(Оо, Мухаммад, Менин пенделериме) айт: "Оо, Менин, өздөрүнө ысырап кылып (көп күнөө) кылган пенделерим! Аллахтын ырайымынан үмүтсүз болбогула!". (Аз-Зумар сүрөөсү, 53). [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Көп киши өлтүрүп, зына кылган кээ бир мушриктер Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келишип, ага: "Силердин Исламга жана аны үйрөрүүгө чакырып жатканыңар жакшы нерсе. Бирок биздин абалыбыз кандай болот? Биз аткарып койгон ширк жана чоң күнөөлөрүбүздүн каффараты барбы?" - дешти.

Ошондо Аллах Таала эки аят түшүрдү. Бул аятта Аллах адамдардын күнөөлөрүнүн көптүгүнө жана чоңдугуна карабастан, алардын тообосун кабыл кылганы айтылган. Эгерде андай болбогондо, алар каапырлык жана зулумдуктарын уланта беришмек жана алар бул динге кирмек эмес.

## Хадистин пайдалары:

1. Исламдын пазилети жана улуулугу. Жана Ислам өзүнөн мурунку күнөөлөрдү өчүрөт.
2. Аллахтын пенделерине болгон ырайымы, кечиримдүүлүгү жана күнөөлөрдү жууп кетирүүсү.
3. Ширктин арамдыгы, арам өлтүрүүнүн арамдыгы, зына кылуунун арамдыгы жана бул күнөөлөрдү кылгандарга азаптар бар.
4. Ыклас жана жакшы амалдар менен бирге чын ыкластан тообо кылуу бардык чоң күнөөлөрдү, анын ичиндеги Аллах Таалага каапыр болгондорду да кечирет.
5. Аллах Тааланын мээриминен үмүтсүздүктөн жана үмүт үзүүдөн тыюу салынат.

(65071)

(85) – عَنْ حَكِيمِ بْنِ حِزَامٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ، قَالَ: قُلْتُ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، أَرَأَيْتَ أَشْيَاءَ كُنْتُ أَتَحَنَّثُ بِهَا فِي الجَاهِلِيَّةِ مِنْ صَدَقَةٍ أَوْ عَتَاقَةٍ، وَصِلَةِ رَحِمٍ، فَهَلْ فِيهَا مِنْ أَجْرٍ؟ فَقَالَ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «أَسْلَمْتَ عَلَى مَا سَلَفَ مِنْ خَيْرٍ». [صحيح] - [متفق عليه]

(85) – Хаким бин Хизам (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: Мен: «Оо, Аллахтын Элчиси, айтыңызчы, мен Исламга чейинки доордо азат кылган, садака берген жана тууганыдк мамиле кылган иштерим үчүн соопторду аламбы?» - деп айттым. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): «Сендеги болгон жакшылык иштериң менен бирге Исламды кабыл алгансың» - деп айтты. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Эгерде каапыр Ислам динине кирсе, анда ал жахилият учурунда берген садакаларына, кулдарды азат кылганына жана тууганчылык байланыштарына соопторду аларын Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ачыктап кетти.

## Хадистин пайдалары:

1. Каапыр адам бул дүйнөдөн каапыр болуп өлсө, анда ал бул дүйнөдө кылган жакшылыгы үчүн акыретте сооп берилбейт.

(86) – عَنْ أَنَسِ بْنِ مَالِكٍ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «إِنَّ اللهَ لَا يَظْلِمُ مُؤْمِنًا حَسَنَةً، يُعْطَى بِهَا فِي الدُّنْيَا وَيُجْزَى بِهَا فِي الْآخِرَةِ، وَأَمَّا الْكَافِرُ فَيُطْعَمُ بِحَسَنَاتِ مَا عَمِلَ بِهَا لِلَّهِ فِي الدُّنْيَا، حَتَّى إِذَا أَفْضَى إِلَى الْآخِرَةِ، لَمْ تَكُنْ لَهُ حَسَنَةٌ يُجْزَى بِهَا». [صحيح] - [رواه مسلم]

(86) – Анас бин Малик (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Аллах ыймандуу адамдын жасаган жакшылыгынын сыйлыгын бербей коюп зулумдук кылбайт. Ага бул дүйнөдө жакшылыгын жана, акыретте болсо толук соопсыйлыгын берет. Ал эми каапыр болсо, бул дүйнөдө кудай деп кылган жакшылыктарына сыйлыгын алат. Ал эми акыретке барганда, ал эч бир жакшылыгынын сообун албайт».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтын ыймандууларга болгон пазилеттүүлүгүн, ал эми каапырларга адилеттүүлүгүн баяндады. Ал эми ыймандуу адамдын, кылган жакшылыгынын сообу кемибейт. Тескерисинче, ага моюн сунгандыгы үчүн бул дүйнөдө жакшылык

берилет жана акыретте анын сообу толугу менен сакталат. Ошондой эле ал бүт соопту акыретте гана алышы мүмкүн. Ал эми каапыр болсо, Аллах ага бул дүйнөдөгү жакшылыктары үчүн сыйлыгын берет. Акыретке барганда, ал үчүн sooп-сыйлыктар болбойт. Анткени жакшы иштерге эки дүйнөдө тең сыйлыгын алуу үчүн адам сөзсүз ыймандуу болушу керек.

## Хадистин пайдалары:

1. Ким каапыр болуп өлсө, анда ага кылган иштери пайда бербейт.

(65015)

(87) – عَنْ أَنَسِ بْنِ مَالِكٍ رضي الله عنه قَالَ: سَمِعْتُ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «قَالَ اللَّهُ تَبَارَكَ وَتَعَالَى: يَا ابْنَ آدَمَ إِنَّكَ مَا دَعَوْتَنِي وَرَجَوْتَنِي غَفَرْتُ لَكَ عَلَى مَا كَانَ فِيكَ وَلاَ أُبَالِي، يَا ابْنَ آدَمَ لَوْ بَلَغَتْ ذُنُوبُكَ عَنَانَ السَّمَاءِ ثُمَّ اسْتَغْفَرْتَنِي غَفَرْتُ لَكَ، وَلاَ أُبَالِي، يَا ابْنَ آدَمَ إِنَّكَ لَوْ أَتَيْتَنِي بِقُرَابِ الأَرْضِ خَطَايَا ثُمَّ لَقِيتَنِي لاَ تُشْرِكُ بِي شَيْئًا لأَتَيْتُكَ بِقُرَابِهَا مَغْفِرَةً». [حسن] - [رواه الترمذي]

(87) – Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын уктум: "Улуу Аллах Таала минтип айткан: "Эй, адам баласы! Эгер Мага дуба кылып, анын кабыл болуусун үмүт кылсаң, сенден болгон күнөөнүн баарын кечирип коюу Мага эч нерсе эмес. Эй, адам баласы! Эгер күнөөлөрүң асманды

тиреп калса да сен Менден кечирим тилесең, сени кечирип коюу Мага оор эмес. Эй, адам баласы! Сен мага жер бети толо күнөө менен келип, бирок Мага эч нерсени шерик кылбай жолуксаң, Мен сага жер бети толо кечирим менен бармакмын". [Хасан (жакшы)] - [Ат-Тирмизи жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала кудсий хадисте минтип айтканын баяндайт: Эй, адам баласы! Сен Мага дуба кылып, Менин ырайымымды үмүт кылсаң жана үмүтүңдү үзбөсөң, сенин айыбыңды жашырып, күнөөңдү кечирип коюу Мага жеңил. Атүгүл, күнөөлөрүңдүн арасында чоң күнөөлөр болсо да кечирем. Эй, адам баласы! Эгерде күнөөлөрүң асман менен жердин ортосун толтуруп, анын жетер чегине жетсе, анан сен Менден кечирим тилесең; анын көптүгүнө карабай баарын кечирип, өчүрүп саламын.

Эй, адам баласы! Сен өлгөндөн кийин Мага жер бети толо күнөө, ката менен келсең, бирок Мага эч нерсени шерик кылбай, жалгыздап жүрүп өлгөн болсоң; сенин күнөө-каталарыңды жер бети толо кечирим менен тосуп алам. Анткени, Менин кечиримим кенен, ширктен башка бардык күнөөнү кечиремин.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллах Тааланын кечирими, ырайымы жана берешендиги кенен.
2. Бир Аллахка сыйынуу ишенимин кармануу артыкчылыктуу иш. Бир Аллахка сыйынуу ишеними менен өткөн адамдын күнөө, каталарын Аллах кечирет.
3. Ширк өтө коркунучтуу күнөө, анткени Аллах Таала аны кечирбейт.
4. Ибн Ражаб айтат: "Бул хадис күнөөлөрдүн кечирилүүсүнө себеп боло турган үч ишти баяндаган, биринчиси: үмүт кылуу менен бирге дуба кылуу, экинчиси: кечирим тилеп, тообо кылуу, үчүнчүсү: бир Аллахка сыйынуу ишеними менен жашап өтүү".
5. Бул хадис пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Раббисинен риваят кылган хадистерден. Мындай хадистер кудсий же илахий хадис деп аталат. Анын айтылышы жана мааниси Аллахтан, бирок кудсий хадис Курандын башкалардан айырмаланып турган өзгөчөлүктөрүнө ээ эмес. Мисалы, Куранды окуу ибадат экендиги, аны даарат менен кармоо, андайды эч ким жаза албастыгы, муъжизалыгы ж.б.

6. Күнөөлөрдүн үч түрү бар: биринчиси: Аллахка шерик кошуу, бул күнөөнү Аллах Таала кечирбейт. Аллах Таала минтип айткан: "Кимде-ким Аллахка шерик кошсо, Аллах аны бейишке киргизбейт". Экинчиси: пенденин Раббиси менен өзүнүн ортосундагы иштерде өзүнө зулум кылып жасаган күнөөлөрү, мындай күнөөлөрдү Аллах Таала кааласа кечирип жиберет. Үчүнчүсү: Аллах Таала таштап койбой турган күнөөлөр, бул пенделердин бири-бирине кылган зулум күнөөлөрү, мындай күнөөлөрдүн өчү алынат.

(5456)

(88) – عن أبي هريرة رضي الله عنه عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، فِيمَا يَحْكِي عَنْ رَبِّهِ عَزَّ وَجَلَّ، قَالَ: «أَذْنَبَ عَبْدٌ ذَنْبًا، فَقَالَ: اللَّهُمَّ اغْفِرْ لِي ذَنْبِي، فَقَالَ تَبَارَكَ وَتَعَالَى: أَذْنَبَ عَبْدِي ذَنْبًا، فَعَلِمَ أَنَّ لَهُ رَبًّا يَغْفِرُ الذَّنْبَ، وَيَأْخُذُ بِالذَّنْبِ، ثُمَّ عَادَ فَأَذْنَبَ، فَقَالَ: أَيْ رَبِّ اغْفِرْ لِي ذَنْبِي، فَقَالَ تَبَارَكَ وَتَعَالَى: عَبْدِي أَذْنَبَ ذَنْبًا، فَعَلِمَ أَنَّ لَهُ رَبًّا يَغْفِرُ الذَّنْبَ، وَيَأْخُذُ بِالذَّنْبِ، ثُمَّ عَادَ فَأَذْنَبَ، فَقَالَ: أَيْ رَبِّ اغْفِرْ لِي ذَنْبِي، فَقَالَ تَبَارَكَ وَتَعَالَى: أَذْنَبَ عَبْدِي ذَنْبًا، فَعَلِمَ أَنَّ لَهُ رَبًّا يَغْفِرُ الذَّنْبَ، وَيَأْخُذُ بِالذَّنْبِ، اعْمَلْ مَا شِئْتَ فَقَدْ غَفَرْتُ لَكَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(88) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кудсий хадисте Аллах

Тааланын мындай деп айтканын айтты: «Бир адам күнөө кылып: «Оо, Аллах! Менин күнөөмдү кечире көр»  деди. Ошондо Аллах Таала: «Менин пендем күнөө кылды. Андан кийин ал күнөөлөрдү кечире турган жана күнөө үчүн азаптай турган Раббиси бар экенин билди» - деп айтты. Андан кийин ал адам кайра күнөө кылып: «Оо, Раббим! Менин күнөөмдү кечир» - деди. Ошондо Аллах Таала: «Менин пендем күнөө кылды. Ал күнөөлөрдү кечире турган жана күнөө үчүн азаптай турган Раббиси бар экенин билди» - деп айтты. Андан кийин ал адам кайра күнөө кылып: «Оо, Раббим, менин күнөөмдү кечир» - деп айтты. Ошондо Аллах Таала: «Менин пендем күнөө кылды. Ал күнөөлөрдү кечире турган жана күнөө үчүн азаптай турган Раббиси бар экенин билди» - деди да: «Каалаганыңды кыл, анткени Мен сени кечирдим» - деп айтты. **[Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]**

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кудсий хадисте Аллах Тааланын мындай деп айтканын айтты: **«Бир адам күнөө кылып, андан кийин: «Оо, Аллах! Менин**

**күнөөмдү кечире көр»** - деп айтса, анда Аллах Таала: **«Менин пендем күнөө кылды. Ал күнөөлөрдү кечирип жашыра турган, күнөөлөрдү кетире турган жана күнөө үчүн азаптай турган Раббиси бар экенин билди»** деди да: **«Мен сенин күнөөлөрүңдү кечирдим»** - деп айтты. Андан кийин ал адам кайра күнөө кылып: «Оо, Аллах! Менин күнөөмдү кечире көр» - деп айтты. Ошондо Аллах Таала: «Менин пендем күнөө кылды. Ал күнөөлөрдү кечирип жашыра турган, күнөөлөрдү кетире турган жана күнөө үчүн азаптай турган Раббиси бар экенин билди» - деди да: **«Мен кулумду кечирдим»** - деп айтты. Андан кийин кайра ал адам күнөө кылып: «Оо, Аллах! Менин күнөөмдү кечире көр» - деп айтты. Ошондо Аллах Таала: «Менин пендем күнөө кылды. Ал күнөөлөрдү кечирип жашыра турган, күнөөлөрдү кетире турган жана күнөө үчүн азаптай турган Раббиси бар экенин билди» - деди да: **«Мен кулумду кечирдим. Ал ар бир күнөө кылган сайын күнөөсүн таштап, өкүнүп, кайра ага кайтпоону чечип бирок напси аны жеңип кайра күнөөгө батса, анда каалаганын кылсын. Ал күнөө кылып анан тообо кылып ушундай кыла берсе, анда Мен аны кечирем. Анткени тообо андан мурункуларды жок кылат»** - деп айтты.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахтын пенделерине болгон ырайымы кең. Пенде кандай күнөө кылбасын, эмне кылбасын, эгер ага тообо кылып Ага кайрылса, Аллах анын тообосун кабыл кылат.

2. Аллах Таалага ыйман келтирген адам Раббисинин кечириминен үмүт кылат, Анын азабынан коркот. Ошондуктан тообо кылууга шашат жана күнөө кылууну токтотот.

3. Чыныгы тообо кылуунун шарттары: күнөөсүн таштоо, өкүнүү жана кайра күнөөгө барбоого ниет кылуу. Ал эми пенделердин мал мүлкүн тартып алып, намысын тепсеп же напсисин кордоп зулумдук кылган болсо, анда анын тообо кылуусуна төртүнчү шарт кошулат. Ал - Акы ээлери акысын кечүү үчүн алардан ыраазычылык суроо же алардын акысын берүү.

4. Аллах тууралуу илим алуу эң зарыл. Ал илим пендени дин маселелерини билүүчү кылып коёт. Ошондуктан ал пенде ката кетирген сайын тообо кылат, Аллахтан үмүтүн үзбөйт жана күнөөсүн кайра уланта бербейт.

(4817)

(89) – عن عَلِيٍّ قَالَ: إِنِّي كُنْتُ رَجُلًا إِذَا سَمِعْتُ مِنْ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ حَدِيثًا نَفَعَنِي اللهُ مِنْهُ بِمَا شَاءَ أَنْ يَنْفَعَنِي بِهِ، وَإِذَا حَدَّثَنِي رَجُلٌ مِنْ أَصْحَابِهِ اسْتَحْلَفْتُهُ، فَإِذَا حَلَفَ لِي صَدَّقْتُهُ، وَإِنَّهُ حَدَّثَنِي أَبُو بَكْرٍ، وَصَدَقَ أَبُو بَكْرٍ، قَالَ: سَمِعْتُ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «مَا مِنْ رَجُلٍ يُذْنِبُ ذَنْبًا، ثُمَّ يَقُومُ فَيَتَطَهَّرُ، ثُمَّ يُصَلِّي، ثُمَّ يَسْتَغْفِرُ اللهَ، إِلَّا غَفَرَ اللهُ لَهُ»، ثُمَّ قَرَأَ هَذِهِ الْآيَةَ: {وَالَّذِينَ إِذَا فَعَلُوا فَاحِشَةً أَوْ ظَلَمُوا أَنْفُسَهُمْ ذَكَرُوا اللهَ فَاسْتَغْفَرُوا لِذُنُوبِهِمْ} [آل عمران: ١٣٥].

[صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي والنسائي في الكبرى وابن ماجه وأحمد]

(89) – Али мындай дейт: Мен Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) хадис уксам, Аллах андан Өзү каалаганча пайдаландырчу. Эгер анын сахабаларынан бирөө-жарымы андан хадис айтса, мен аны касам ичтирчүмүн да, касам ичсе ага ишенчүмүн. Ал эми бул хадисти мага Абу Бакр айткан. Абу Бакр чын сүйлөйт. Ал: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын уктум дейт: "Кайсы бир киши күнөө кылып, кийин туруп тазаланып (даарат алып), анан намаз окуса, анан Аллахтан (күнөөсүнө) кечирим тилесе, Аллах аны кечирет". Андан кийин бул аятты окуду: "(Ал такыбалар) кокус ыплас иш кылып алса, же (күнөө менен) өзүнө зулум кылса, дароо Аллахты эстеп, күнөөсүнө кечирим

тилейт...". (Аалу Имран, 135-аят). [Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи, ан-Насааи "Ал-Кубро" китебинде жазып калтырган жана Ибн Маажа менен Ахмад да жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кайсы бир пенде күнөө кылып алса, анан жакшылап даарат алып, анан бул күнөөсүнө тообо кылуу ниети менен эки ирекет намаз окуса, анан Аллахтан кечирим тилесе, Аллах аны кечирерин кабарлаган. (Бул хадисти айткандан) кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Тааланын бул аятын окуйт: "(Ал такыбалар) кокус ыплас иш кылып алса, же (күнөө менен) өзүнө зулум кылса, дароо Аллахты эстеп, күнөөсүнө кечирим тилейт. Күнөөнү Аллахтан башка ким кечирет. Алар билип туруп жасаган (күнөө) ишин кайра кайталабайт". (Аалу Имран, 135-аят).

## Хадистин пайдалары:

1. Күнөө кылып алгандан кийин намаз окуп, истигфар айтууга үндөө.
2. Аллах Тааланын кечирими кенен жана тообо, истигфарды кабыл кылуучу.

(65063)

(90) – عَنْ أَبِي مُوسَى رضي الله عنه عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «إِنَّ اللهَ عَزَّ وَجَلَّ يَبْسُطُ يَدَهُ بِاللَّيْلِ لِيَتُوبَ مُسِيءُ النَّهَارِ، وَيَبْسُطُ يَدَهُ بِالنَّهَارِ لِيَتُوبَ مُسِيءُ اللَّيْلِ، حَتَّى تَطْلُعَ الشَّمْسُ مِنْ مَغْرِبِهَا». [صحيح] - [رواه مسلم]

(90) – Абу Муса Ашаринин (Аллах андан ыраазы болсун) риваятында, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Чынында, Аллах Таала күндүзү күнөө кылгандардын тобосун кабыл кылуу үчүн түнү колун созот. Түндө күнөө кылгандардын тобосун кабыл кылуу үчүн күндүзү колун созот. Анын мындай ырайымы күн батыштан чыкканча уланат. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала пенделеринин тообосун кабыл кыларын айтат. Эгер пенде күндүзү күнөө кылып, кечинде күнөөсүнө тообо кылса, Аллах Таала анын тообосун кабыл кылат. Эгер түндө күнөө кылып, күндүзү күнөөсүнө тообо кылса, Аллах Таала аны кабыл кылат. Аллах Таала пендесинин тообо кылганын сүйүнүп, кабыл кылуу үчүн колун созот. Ушинтип тообонун эшиги жабылуусу бул дүйнөнүн бүткөнүнөн кабар берет, бирок тообо эшиги күн

батыштан чыкканга чейин ачык турат. Күн батыштан чыкканда, тообонун эшиги жабылат.

## Хадистин пайдалары:

1. Тообо эшиги ачык турган чакта бардык тооболор кабыл болот. Анын эшиги күн батыштан чыкканда жабылат. Адам кекиртегине өлүмдүн гаргарасы келгенге чейин, тагыраагы жан кекиртекке келгенге чейин тообо кылуусу керек.

2. Күнөөнүн кечирилүүсүнөн үмүт үзүү - күнөө кылууга себеп болот. Аллах Тааланын кечирими жана ырайымы кенен. Тообонун эшиги дайыма ачык.

3. Тообонун шарттары: биринчи, күнөөнү токтотуу. Экинчи, кылган күнөөсүнө өкүнүү. Үчүнчү, күнөөнү кайра эч качан кайталабоого чечим чыгаруу. Бул үч шарт пенденин Аллахтын акысына тиешелүү болгон күнөөлөрүнүн шарттары. Ал эми пенденин акысына тиешелүү күнөө болсо, анда тообо толук болуусу үчүн кимдин акысын бузган болсо, анын акысын берүү шарт, же акынын ээси (зулум чеккен адам) кечириши керек.

(4318)

(91) – عن أبي هريرة رضي الله عنه: أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال: «يَنْزِلُ رَبُّنَا تَبَارَكَ وَتَعَالَى كُلَّ لَيْلَةٍ إِلَى السَّمَاءِ الدُّنْيَا حِينَ يَبْقَى ثُلُثُ اللَّيْلِ الْآخِرُ، يَقُولُ: «مَنْ يَدْعُونِي فَأَسْتَجِيبَ لَهُ؟ مَنْ يَسْأَلُنِي فَأُعْطِيَهُ؟ مَنْ يَسْتَغْفِرُنِي فَأَغْفِرَ لَهُ؟»». [صحيح] - [متفق عليه]

(91) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Раббибиз Улук Аллах Таала ар бир түнү түндүн акыркы үчүнчү бөлүгү калганда дүйнө асманына түшөт. Анан: "Мага дуба кыла турган барбы, Мен жооп берем? Менден сурай турган барбы, Мен беремин? Менден кечирим тилей турган барбы, Мен аны кечиремин?" - дейт. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала ар бир түнү түндүн акыркы үчүнчү бөлүгү калганда дүйнө асманына түшөрүн баяндаган. Анан дуба кылгандын дубасын кабыл кыларын айтып, пенделерин Ага дуба кылууга үндөйт. Сурагандын сураганын берерин айтып, аларды каалаган нерсесин суроого кызыктырат.

Ыймандуу пенделерин кечире тургандыгын айтып, аларды күнөөлөрү үчүн кечирим тилөөгө буйруйт.

## Хадистин пайдалары:

1. Түндүн акыркы үчүнчү бөлүгү жана анда анмаз окуу, дуба кылуу, истигфар айтып кечирим тилөө артыкча сооптуу.
2. Бул хадисти уккан адам дубасы кабыл боло турган убактарды текке кетирбөөгө тырышуусу зарыл.

(10412)

(92) – عن النُّعمان بن بَشير رضي الله عنه قال: سَمِعْتُ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ -وَأَهْوَى النُّعْمَانُ بِإِصْبَعَيْهِ إِلَى أُذُنَيْهِ-: «إِنَّ الْحَلَالَ بَيِّنٌ وَإِنَّ الْحَرَامَ بَيِّنٌ، وَبَيْنَهُمَا مُشْتَبِهَاتٌ لَا يَعْلَمُهُنَّ كَثِيرٌ مِنَ النَّاسِ، فَمَنِ اتَّقَى الشُّبُهَاتِ اسْتَبْرَأَ لِدِينِهِ وَعِرْضِهِ، وَمَنْ وَقَعَ فِي الشُّبُهَاتِ وَقَعَ فِي الْحَرَامِ، كَالرَّاعِي يَرْعَى حَوْلَ الْحِمَى يُوشِكُ أَنْ يَرْتَعَ فِيهِ، أَلَا وَإِنَّ لِكُلِّ مَلِكٍ حِمًى، أَلَا وَإِنَّ حِمَى اللهِ مَحَارِمُهُ، أَلَا وَإِنَّ فِي الْجَسَدِ مُضْغَةً، إِذَا صَلَحَتْ صَلَحَ الْجَسَدُ كُلُّهُ، وَإِذَا فَسَدَتْ فَسَدَ الْجَسَدُ كُلُّهُ، أَلَا وَهِيَ الْقَلْبُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(92) – Ан-Нууман бин Башир (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат. Нууман эки манжасы менен кулагынына ишара кылып: **«Мен Аллахтын**

**Элчисинин** (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) **мындай деп айтканын уктум»** - дейт. Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Чындыгында, адал нерселер белгилүү, арам нерселер да белгилүү. Ал эми ал экөөнүн ортосунда көптөгөн адамдар билбеген күмөндүү нерселер бар. Ким ошондой күмөндүү нерселерден сактанса, анда ал динин жана намысын таза сактаптыр. Ким күмөндүү нерселерди кылган болсо, анда ал арамга түшүп калышы мүмкүн. Бул бирөөнүн корук-жайына жакын малын жайып жүргөн чабан сыяктуу. Ал малын карап турбаса, корук-жайга кирип кетүүсү мүмкүн. Ар бир падышанын корук-жайы болот. Аллахтын корук-жайы – Ал арам кылган нерселер. Чындыгында, денеде бир үзүм эт бар, эгерде ал оңолсо, дененин баары оңолот. Эгерде ал бузулса, анда дененин баары бузулат. Мына ошол бир үзүм эт – ал жүрөк»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) нерселерге байланыштуу жалпы айтылган эрежени ачыктап жатат. Ал эреже

шариятта үчкө бөлүнөт: Ачык-айкын адал, ачык-айкын арам жана өкүмдө адалдык жана арамдык жагынан ачык-айкын болбогон күмөндүү иштер. Анын өкүмүн көп адамдар биле бербейт.

Демек кимде-ким ошол күмөндүү нерселерди таштаса, анда анын дини аны арамга түшүп калуудан сактайт жана анын намысы бул күмөндүү иштерди жасаган себебинен аны айыптаган адамдардын сөзүнөн аман болот. Кимде-ким күмөндүү нерселерден алыстабаса, анда ал же арамга түшүп калат, же адамдар анын намысына тийишет. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) күмөндүү нерселерди аткарып койгон адамдын абалын баяндоо үчүн мисал келтирди. Бул кожоюну коргогон жердин жанында малын жайып жүргөн чабанга окшош. Чабандын малы бул коруктун жанына жакын жайгашкандыктан, жайылып ага өтүп кетүүсүнө аз калат. Ошондой эле, кимде-ким күмөндүү бир ишти кылса, анда ал арамга жакындайт да ал арамга түшүп калышына аз калат. Андан кийин Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) денеде бир үзүм эт бар экенин, (ал жүрөк) ал оңолсо, дененин баары оңолоорун жана ал бузулса, дененин баары бузулаарын кабар берди.

## Хадистин пайдалары:

1. Өкүмү тактала элек күмөндүү нерселерди таштоого үндөдү.

(4314)

(93) – عَنْ أَبِي سَعِيدٍ الخُدْرِيِّ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: قَالَ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «لاَ تَسُبُّوا أَصْحَابِي، فَلَوْ أَنَّ أَحَدَكُمْ أَنْفَقَ مِثْلَ أُحُدٍ ذَهَبًا مَا بَلَغَ مُدَّ أَحَدِهِمْ، وَلاَ نَصِيفَهُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(93)–Абу Саид Худрий (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Менин сахабаларыма тил тийгизбегиле! Силерден бирөөңөр Ухуд тоосундай каржы берсе, анысы сахабаларымдын бир кочуш же анын жарымындай каржысына татыбайт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларга тил тийгизип сөгүүдөн тыйган. Айрыкча, динди алгачкылардан болуп кабыл кылган мухажир жана ансарларды. Эгер адамдардын бири Ухуд тоосундай алтынды каржы кылып берсе,

анысы бир сахабанын кочуштап берген же жарым кочуш азыгына да татыбастыгын айткан. Мунун себеби сахабалардын ыкласынын күчтүүлүгү, ниетинин түздүгү, каржылары жана согуштары Мекленин ачылышынан мурда, аябай муктаждык болуп турган учурда болгону үчүн.

## Хадистин пайдалары:

1. Сахабаларга тил тийгизүү арам, чоң күнөө.

(11000)

(94) – عن ابن عباس رضي الله عنهما قال: كُنْتُ خَلْفَ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَوْمًا، فَقَالَ: «يَا غُلَامُ، إِنِّي أُعَلِّمُكَ كَلِمَاتٍ، احْفَظِ اللهَ يَحْفَظْكَ، احْفَظِ اللهَ تَجِدْهُ تُجَاهَكَ، إِذَا سَأَلْتَ فَاسْأَلِ اللهَ، وَإِذَا اسْتَعَنْتَ فَاسْتَعِنْ بِاللهِ، وَاعْلَمْ أَنَّ الْأُمَّةَ لَوِ اجْتَمَعَتْ عَلَى أَنْ يَنْفَعُوكَ بِشَيْءٍ، لَمْ يَنْفَعُوكَ إِلَّا بِشَيْءٍ قَدْ كَتَبَهُ اللهُ لَكَ، وَلَوِ اجْتَمَعُوا عَلَى أَنْ يَضُرُّوكَ بِشَيْءٍ، لَمْ يَضُرُّوكَ إِلَّا بِشَيْءٍ قَدْ كَتَبَهُ اللهُ عَلَيْكَ، رُفِعَتِ الْأَقْلَامُ وَجَفَّتِ الصُّحُفُ». [صحيح] - [رواه الترمذي]

(94) – Ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) айтты: «Күндөрдүн биринде мен пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) артында учкашып бара жатсам ал мага мындай деп айтты: «Эй, бала! Мен сага ушундай сөздөрдү үйрөтөм: Аллахтын (шариятын) сакта! Аллах сени сактайт. Аллахтын

(дайыма шариятын) сактап жүр! Мына ошондо Аллах сени бардык жакшылыктарга жолдогонун табасың. Эгерде сурай турган болсоң, анда Аллахтан сура. А эгер жардам сурай турган болсоң, анда Аллахтан сура. Билгиниң! Эгерде бүткүл үммөт сага пайда берүү үчүн бириксе да, алар сага Аллах тагдырыңа жазганчалык гана пайда бере алышат. Ошондой эле үммөттүн бардыгы сага зыян берүү үчүн бириксе, алар сага Аллах тагдырыңа жазганчалык гана зыян бере алышат. Калемдер көтөрүлгөн, барактар кургаган». [Сахих (ишенимдүү)] - [Ат-Тирмизи жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Ибн Аббас (Аллах андан ыраазы болсун) ал жаш кезинде Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) артында учкашып бара жатканын кабарлап жатат. Ошондо Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага: **«Мен сага Аллах сага пайда бере турган иштерди жана нерселерди үйрөтөм»** - деди.

Аллахтын буйруктарын аткаруу менен жана тыюу салган нерселериннен сактануу менен Аллахтын шариятын сакта. Ошондо сен Аллахты өзүңө жакын тутуп жатканыңда, Ага ибадат кылып жатканыңда табасын жана Андан баш тартканыңда,

күнөө кылып жатканыңда Аны таппайсын. Эгер ушундай кылсаң, сага сыйлык - Аллах сени бул дүйнө жана акырет балээлеринен сактап, кайда барбагын зарыл иштериңде жардам берет.

А эгер бир нерсе сурагың келсе, анда Аллахтан гана сура, анткени сурагандарга Ал гана жооп берет.

А эгер жардам кааласаң, анда Аллахтан гана жардам сура.

Сенде ушундай ишенич болсун эгерде бүткүл жер жүзүндөгү бардык адамдар сага пайда берүү үчүн бириксе да алар сага Аллах тагдырыңа жазганчалык гана пайда бере алышат. Ошондой эле бүткүл жер жүзүндөгү бардык адамдар сага зыян берүү үчүн бириксе, алар сага Аллах тагдырыңа жазганчалык гана зыян бере алышат.

Чындыгында, бул иш Аллах Таала тарабынан жазылган жана Анын даанышмандыгынын жана илиминин талабына ылайык тагдыр кылынган. Аллах жазып койгон нерседе эч кандай өзгөртүү болбойт.

## Хадистин пайдалары:

1. Жаштарга жана жаш балдарга таухидти жана адеп-ахлакты ж.б. дин иштеринен окутуу зарыл.

2. Иш-аракеттердин түрүнө жараша соопсыйлык болот же жаза болот.

3. Иштер Аллахка таянуу менен жана Ага гана таваккүль кылуу менен болот. Ал эң жакшы Кепилдике Алуучу.

4. Тагдырга жана тагдырдын ишке ашуусуна ыйман келтирүү жана ага ыраазы болуу. Чындыгында, Аллах Таала бардык нерсени тагдыр кылган.

5. Ким Аллахтын буйругунда кемчилик кетирсе, анда Аллах аны адаштырат жана аны сактабайт.

(4811)

(95) – عَنْ سُفْيان بنِ عَبْدِ اللهِ الثَّقَفِيّ رضي الله عنه قال: قُلْتُ: يَا رَسُولَ اللهِ، قُلْ لِي فِي الْإِسْلَامِ قَوْلًا لَا أَسْأَلُ عَنْهُ أَحَدًا غَيْرَكَ، قَالَ: «قُلْ: آمَنْتُ بِاللهِ، ثُمَّ اسْتَقِمْ». [صحيح] - [رواه مسلم وأحمد]

(95) – Суфян бин Абдулла ас-Сакафи (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Мен: О, Аллахтын элчиси, мага Исламдагы бир сөздү үйрөт, ал жөнүндө сенден башка эч кимден сурабаймын, - дедим. Ал: "Аллахка ыйман келтирдим" дегин, анан түз жүргүн" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Суфян бин Абдулла деген сахаба (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага жалпы Ислам маанисин камтыган сөздү үйрөтүүсүн суранып, аны бекем кармап, ал жөнүндө башка эч кимден сурабастыгын айтат. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага: Аллахты жалгыз деп билем, Ал менин Раббим, Кудайым, Жаратуучум жана эч шериги жок Ибадат кылуучум деп айткын - деди. Кийин Аллахтын парз буйруктарын аткарып, Ал тыйган тыюулардан тыйылып, Аллахка баш ийүүгө, анан ушул жолдо такай жүрүүгө буйруду.

## Хадистин пайдалары:

1. Диндин негизи - бул, Аллахка Анын рубубиятына, улухиятына жана ысым сыпаттарына ыйман келтирүү.
2. Ыймандан кийин эле түз жолдо такай жүрүү, ибадатты дайыма аткаруу жана ушунда бекем болуу зарыл.
3. Ыйман - амалдардын кабыл болуусунун бир шарты.

4. Аллахка ыйман келтирүү өз ичине ыйман ишенимдеринен жана негиздеринен ишенүү важиб болгон иштерди камтыйт. Ошондой эле буга тиешелүү жүрөк амалдарын жана ички амалдарда да, сырткы көрүнүштө да Аллахка баш ийип, Ага өзүн тапшырууну камтыйт.

5. Истикоома б.а. түз жолдо такай жүрүү - буйруктарды аткарып, тыюулардан тыйылып түз жолдо жүрүү дегенди билдирет.

(65018)

(96) – عَنِ النُّعْمَانِ بْنِ بَشِيرٍ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «مَثَلُ الْمُؤْمِنِينَ فِي تَوَادِّهِمْ وَتَرَاحُمِهِمْ وَتَعَاطُفِهِمْ مَثَلُ الْجَسَدِ، إِذَا اشْتَكَى مِنْهُ عُضْوٌ تَدَاعَى لَهُ سَائِرُ الْجَسَدِ بِالسَّهَرِ وَالْحُمَّى». [صحيح] - [متفق عليه]

(96) – Нуъман бин Башир (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ыймандуулар бири-бирин жакшы көрүүдө, ырайым кылууда жана жардам берүүдө бир бүтүн дене сыяктуу, дененин бир мүчөсү ооруса, уйкусуздукта жана ысытмада ага бардык мүчөлөр шерик болот". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дене мүчөлөрүнөн бир мүчө ооруса, башка мүчөлөрү да уйкусуздукта жана ысытмалоодо ага шерик болгондой, мусулмандар да бири-бирине жакшылык кылууда, ырайым кылууда, жардам берип, көмөктөшүүдө, бирине зыян тийсе аны сезүүдө бир дене сыяктуу болуу керек экендигин айткан.

## Хадистин пайдалары:

1. Мусулмандардын укугун сактоо, аларга жардам берүү жана бири-бири менен тыгыз мамиледе болуу зарыл.
2. Ыймандуулардын ортосунда махабат жана көмөктөштүк болууга тийиш.

(4969)

(97) – عن عثمان بن عفان رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «مَنْ تَوَضَّأَ فَأَحْسَنَ الْوُضُوءَ خَرَجَتْ خَطَايَاهُ مِنْ جَسَدِهِ حَتَّى تَخْرُجَ مِنْ تَحْتِ أَظْفَارِهِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(97) – Усман бин Аффан (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мынтип айткан: "Ким даарат алганда

жеткиликтүү жакшы даарат алса, денесинен күнөөлөрү төгүлүп, тырмактарынын астынан чыгып кетет". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким сүннөт жана мустахаб амалдарына көңүл буруп даарат алса, бул анын күнөөлөрүнүн кечирилүүсүнө, каталарынын өчүрүлүүсүнө себеп болорун кабарлаган. Күнөө-каталары тырмактарынын астынан чыгып кеткенче өчүрүлөт.

## Хадистин пайдалары:

1. Дааратты анын сүннөтү, мустахабы менен үйрөнүүгө аракеттенүү жана аны иш жүзүндө аткаруу зарыл.

2. Дааратын артыкчылыгы, ал майда күнөөлөргө каффарат (кечирим) болот. Ал эми чоң күнөөлөргө тообо кылуу менен гана кечирилет.

3. Каталардын өчүүсүнүн шарты - дааратты жеткиликтүү алуу жана пайгамбарыбыз (ага

Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабарлагандай кемчиликсиз аткаруу.

4. Бул хадистеги күнөөлөрдүн кечирилүүсү чоң күнөөлөргө жакындабоого жана ага тообо кылууга байланышкан. Анткени, Аллах Таала: "Эгер тыюу салынган чоң күнөөлөрдөн алыс болсоңор, силердин майда күнөөлөрүңөрдү кечиребиз" - деген. (Ниса, 31-аят).

(6263)

(98) – عَن أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: سَأَلَ رَجُلٌ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللهِ، إِنَّا نَرْكَبُ البَحْرَ، وَنَحْمِلُ مَعَنَا القَلِيلَ مِنَ الْمَاءِ، فَإِنْ تَوَضَّأْنَا بِهِ عَطِشْنَا، أَفَنَتَوَضَّأُ مِنَ الْبَحْرِ؟ فَقَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «هُوَ الطَّهُورُ مَاؤُهُ، الحِلُّ مَيْتَتُهُ». [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي والنسائي وابن ماجه وأحمد]

(98) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Бир киши Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) суроо берип мындай деди: О Аллахтын элчиси, биз деңизде жүрөбүз. Жаныбызда аз гана суу болот. Эгер ал сууга даарат алсак, ичкенге суубуз жок чаңкап калабыз. Деңиз суусуна даарат алсак болобу? Аллахтын элчиси (ага Аллахтын

тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Деңиздин суусу таза, өлүмтүгү адал" - деп жооп берди. [Сахих (ишенимдүү)] - [رواه أبو داود والترمذي والنسائي وابن ماجه وأحمد]

## Түшүндүрмө:

Бир киши Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип сурайт: Биз балык уулап, же соода кылып же башка иштер менен кемеде көп жүрөбүз. Жаныбызда иче турган таза суубуз аз болот. Эгер ал сууну даарат же гусул үчүн пайдалансак, ичкенге суу таппай калабыз. Бизге деңиздин суусунан даарат алганга болобу?

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип жооп берди: Деңиздин суусу таза, тазалаганга да жарактуу. Ага даарат алууга да, жуунууга да болот. Суу бетине чыгып калган кит, балык жана башка деңиз жандыктары жегенге да адал. Кармалбай, өлүп суу бетине калкып чыгып калса деле адал.

## Хадистин пайдалары:

1. Сууда жашаган жаныбарлардын өлүмтүгү адал. Өлүмтүк дегени, сууда гана жашаган жандыктардын өлүмтүгү адал.

2. Толук пайдалуу болсун үчүн суроого ашыгы менен жооп берүү жакшы.

3. Таза нерсенин аралашуусу менен суунун даамы, түсү, же жыты өзгөрсө деле, эгер суулук табияты сакталса, ал суу таза эсептелет. Эгер анын шору, же ысыктыгы же сууктугу артса деле.

4. Деңиздин суусу кичи дааратка да, чоң даратка да (гусулга) жарактуу. Денедеги, кийимдеги жана башка ыплас нажасты тазалоого да жарактуу.

(8355)

(99) – عَن عَبْدِ اللَّهِ بْنِ عُمَرَ رضي الله عنهما قَالَ: سُئِلَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ عَنِ الْمَاءِ وَمَا يَنُوبُهُ مِنَ الدَّوَابِّ وَالسِّبَاعِ، فَقَالَ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «إِذَا كَانَ الْمَاءُ قُلَّتَيْنِ لَمْ يَحْمِلِ الْخَبَثَ». [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي والنسائي وابن ماجه وأحمد]

(99) – Абдулла бин Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айбанаттар жана жырткычтар ичүү үчүн келген суу тууралуу сурашты. "Эгер суу эки кулла (чоң кумара) чыга турган болсо, ал нажас болбойт". [Сахих (ишенимдүү)] - [رواه أبو داود والترمذي والنسائي وابن ماجه وأحمد]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айбанаттар жана жырткычтар ичүү ж.б.у.с нерсе үчүн келген суунун тазалыгы тууралуу сурашты. Ал минтип жооп берди: Эгер суу эки чоң кумура чыга турган болсо, (болжолдо 210 литр) ал суу көп деп эсептелет жана нажас болбойт. Бирок түсү, даамы, же жыты өзгөрүп кетсе, анда нажас болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Суунун үч касиети түсү, даамы, жыты нажас нерсе аралашуу менен өзгөрүп кетсе анда нажас эсептелет. Хадис көпчүлүк учурду эске алган, так чектеп айткан эмес.

2. Аалымдардын бир ооздон айткан пикиринде эгер сууну нажас нерсе аралашып өзгөртүп жиберсе, суу мейли аз болсун, мейли көп болсун нажас болуп эсептелет.

(8357)

(100) – عَنْ أَبِي أَيُّوبَ الأَنْصَارِيِّ رضي الله عنه أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «إِذَا أَتَيْتُمُ الغَائِطَ فَلاَ تَسْتَقْبِلُوا القِبْلَةَ، وَلاَ تَسْتَدْبِرُوهَا وَلَكِنْ شَرِّقُوا أَوْ غَرِّبُوا» قَالَ أَبُو أَيُّوبَ: فَقَدِمْنَا الشَّأْمَ فَوَجَدْنَا مَرَاحِيضَ بُنِيَتْ قِبَلَ القِبْلَةِ فَنَنْحَرِفُ، وَنَسْتَغْفِرُ اللَّهَ تَعَالَى. [صحيح] - [متفق عليه]

(100) – Абу Айуб Ансари (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Даарат ушатууга барганыңарда кыбалага жүздөнүп отурбагыла, артыңарды да салбагыла. Чыгышка же батышка жүздөнүп отургула". Абу Айуб айтат: Биз Шам тарапка барганда ал жакта даараткананы кыбылага каратып салынган экен, биз бурулуп отуруп, анан Аллахтан кечирим айтып жүрдүк. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) заара кылганы же заңдаганы даарат ушатууга барган адамды кыбылага, Кааба тарапка карап отуруудан жана ал жакка артын салып отуруудан тыйган. Тескерисинче, күн чыгышка же батышка бурулуп отурууга буйруган. Бул кыбыласы Мединанын кыбыласы сыяктуу болгон жерлерге тиешелүү. Анан Абу Айуб (Аллах андан ыраазы болсун) алар Шамга барганда, атайын даарат ушатуу үчүн курулган

дааратканалар кыбыла тарапка карап курулганын көргөнүн айтат. Ошондо алар башка бир тарапка бурулуп отуруп жүрүшкөнүн, ошого карабай Аллахтан кечирим тилеп жүрүшкөнүн айтат.

## Хадистин пайдалары:

1. Мунун негизги сыры ыйык Каабаны улуктоо жана урматтоо.
2. Даарат ушатып чыккандан кийин истигфар айтуу керек.
3. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) таалиминин өзгөчөлүгүн байкайбыз. Ал бир нерсеге тыюу салса, тыюу салынбаган жолун кошо айтчу.

(3078)

(101) – عَنْ أَبِي قَتَادَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «لَا يُمْسِكَنَّ أَحَدُكُمْ ذَكَرَهُ بِيَمِينِهِ وَهُوَ يَبُولُ، وَلَا يَتَمَسَّحْ مِنَ الْخَلَاءِ بِيَمِينِهِ، وَلَا يَتَنَفَّسْ فِي الْإِنَاءِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(101) – Абу Катада (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Эч кимиңер заара кылганда мүчөсүн оң колу менен кармабасын. Даарат ушатканда оң колу менен тазалабасын. Ичкенде идиштин ичине демин чыгарбасын". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кээ бир адептерди баяндаган; заара кылган учурда мүчөсүн оң кол менен кармоодон тыйды. Алды жагын, арты жагын оң кол менен тазалоодон тыйды. Анткени, оң кол жакшы иштерди кылууга дайындалган. Ошондой эле суусундук ичкен идиштин ичине демин чыгаруудан тыйган.

## Хадистин пайдалары:

1. Ислам дининин адепте жана тазалыкта алда канча алдында экендиги баяндалды.
2. Ыплас нерселерден этият болуу керек. Эгер тазалоо зарылдыгы болсо, сол кол менен тазалоо керек.
3. Оң тараптын шарапаттуулугу жана сол тараптан артыкчылыгы бар экени айтылган.
4. Ислам шариятынын толуктугу жана анын таалим-тарбиясынын ар тараптуулугу айтылган.

(3079)

(102) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «إِذَا اسْتَيْقَظَ أَحَدُكُمْ مِنْ مَنَامِهِ فَلْيَسْتَنْثِرْ ثَلَاثَ مَرَّاتٍ، فَإِنَّ الشَّيْطَانَ يَبِيتُ عَلَى خَيَاشِيمِهِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(102) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Силерден бирөөңөр уйкудан турганда мурдун үч жолу кеңилжээрине чейин тазалап жуусун. Анткени шайтан мурундун кеңилжээринде түнөйт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) уйкудан турган адамды мурдун үч жолу жууга үндөйт. Мурунду жуу дегени, сууну мурунга киргизе тартып кайра чимкирүү. Мындай кылуунун себеби, шайтан мурундун кеңилжээринде түнөгөнү үчүн. Бул жалпы мурундун ичи.

## Хадистин пайдалары:

1. Уйкудан турган ар бир адам үчүн мурундун ичин үч жолу тазалап жууп, шайтандын

изин кетирүү шарияттын талабы. Эгер даарат ала турган болсо, анда мурунду сөзсүз жуу керек.

2. Мурунду чимкирүү, мурунга суу алууну толуктайт. Анткени суу алуу мурундун ичин тазалайт, чимкирүү мурун ичиндеги ыплас нерсени сыртка чыгарат.
3. Мурунду тазалоону түнкү уйкуга чектеген себеби хадисте шайтан түнөйт деп айтылгандыктан. Анткени, түнкү уйку терең жана узун болот.
4. Хадисте адам сезбеген абалда ага шайтан жакындаарына далил бар.

(8377)

(103) – عَنْ أَنَسٍ رضي الله عنه قَالَ: كَانَ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَغْسِلُ، أَوْ كَانَ يَغْتَسِلُ، بِالصَّاعِ إِلَى خَمْسَةِ أَمْدَادٍ، وَيَتَوَضَّأُ بِالْمُدِّ. [صحيح] - [متفق عليه]

(103) – Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жуунганда бир саадан беш мудга чейин өлчөмдөгү сууга жуунчу. Даарат алганда бир муд сууга даарат алчу. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жунубтуктан жуунганда бир саадан төрт мудга чейинки өлчөмдөгү сууга жуунчу. Дааратты бир муд сууга алчу. Саа дегени - төрт муд. Бир муд - болжолдо, адамдын кочушуна толо суу. (Эки колун бириктирип кочуштап сузуп алганчалык, болжолдо жети жүз, жети жүз элүү мл. суу болот)

## Хадистин пайдалары:

1. Шарият, суу кенен агып жатса да дааратта жана гусулда сууну үнөмдөөгө, ысырап кылбоого буйруйт.

2. Гусул жана дааратта сууну аз иштетүү мустахаб. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көрсөткөн жолу ушундай.

3. Гусулда жана дааратта сууну ысырап кылбай, же өтө үнөмдөп жибербей сүннөттү жана адепти сактоонун максаты суунун аз убагына да, кенен убагына да жана бардык убактарга тиешелүү.

4. Уруктук суусу кумарлануу менен атып чыккан же жыныстык катнаш кылган адамды жунуб деп айтышат. Жунубдук же жанабат дегендин мааниси алыс болуу дегенди билдирет. Анткени, жунуб болуп калган адам тазаланып жуунганга чейин намаз ж.б. ибадаттарга жакындабай алыс болот.
5. Саа - белгилүү өлчөм бирдиги. Саа дегенден максат пайгамбардын өлчөмү, анын салмагы таза буудайда 480 мискал, суюктукта 3 литр.
6. Муд - шарияттагы салмак өлчөмдөрүнүн бири. Чоң адам эки колун бириктирип кочуштап алганчалык өлчөм. Муд саанын төрттөн бири болорун баардык аалымдар бир ооздон бекемдешкен. Болжолдо 750 мл.

(8387)

(104) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه عَنِ النَّبِيِّ صلى الله عليه وسلم قَالَ: «لَا يَقْبَلُ اللهُ صَلَاةَ أَحَدِكُمْ إِذَا أَحْدَثَ حَتَّى يَتَوَضَّأَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(104) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген: "Силерден бирөөңөрдүн даараты бузулса, даарат алмайынча Аллах намазын кабыл кылбайт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намаздын туура болуусунун бир шарты даарат экенин кабарлаган. Дааратты буза турган заңдоо, зааралоо, уктоо ж.б. иштердин бири болгондон кийин, намаз окумакчы болгон адам сөзсүз даарат алуусу зарыл.

## Хадистин пайдалары:

1. Даараты жок адам, эгер чоң даааратсыздыкта болсо, жуунуп тазаланмайынча, кичине даааратсыздыкта болсо даарат алмайынча окуган намазы кабыл болбойт.

2. Даарат бул, сууну алып оозуна ууртап, кайра чыгаруу, анан мурундун ичине сууну киргизип, кайра чыгарып, чимкирүү, андан кийин үч жолу бетин жуу, анан колун чыканактары менен бирге үч жолу жуу, анан башына толук бир жолу масх тартуу, акырында бутун томуктары менен бирге үч жолу жуу.

(3534)

(105) – عَنْ جَابِرٍ رضي الله عنه قال: أَخْبَرَنِي عُمَرُ بْنُ الْخَطَّابِ: أَنَّ رَجُلًا تَوَضَّأَ فَتَرَكَ مَوْضِعَ ظُفُرٍ عَلَى قَدَمِهِ فَأَبْصَرَهُ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَقَالَ: «ارْجِعْ فَأَحْسِنْ وُضُوءَكَ» فَرَجَعَ، ثُمَّ صَلَّى. [صحيح بشواهده] - [رواه مسلم]

(105) – Жаабир (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Мага Умар бин Хаттаб минтип айтты: Бир киши даарат алып бутун жууганда тырмак ордундай жерине суу тийбей калды эле аны көрүп калган пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Кайра кайт да, дааратыңды жакшылап ал" - деди. Тиги кайра даарат алып, анан намаз окуду. [Сахих бишаваахидихи (башка ишенимдүү айтымдары бар хадис)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Умар (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир адам даарат алып бүткөндө, бутунун тырмактай жерине суу тийбей калганын көрүп, анын суу тийбеген жерин көрсөтүп: барып жакшылап даарат ал, толук кыл, ар бир мүчөңө суу жеткир деп айтат. Тиги киши барып дааратын толук алып келет да, анан намазын окуйт.

## Хадистин пайдалары:

1. Жакшы ишке буйрууга шашылуу, билбеген жана капылеттеги адамга туура ишти көрсөтүү важиб, айрыкча ал кылып жаткан туура эмес иш ибадатын буза турган болсо.
2. Дааратта жуулусу зарыл болгон дене мүчөлөрдүн баарына суу жеткирүү важиб. Ким кайсы бир мүчөсүнөн бир бөлүгүн суу тийгизбей калтырып койсо, эгер ал кичине болсо да, анын дааратыжарактуу болбойт, ага дааратын кайталап алуу лаазым болот.
3. Даараттыжакшы алуу шарияттын талабы. Жакшы алуу бул шарият буйругандай толук, жеткиликтүү алуу.
4. Эки бут да дааратта жуула турган мүчөлөрдөн, аларды суулап сүртүп коюу жетишсиз, толук жуу зарыл.
5. Дааратта жуула турган мүчөлөрдү катары менен жуу керек, тагыраагы, ар бир мүчөнү андан мурда жуулган мүчө кургап калганга чейин жуу зарыл.
6. Билбестик же унутуп калуу важибти моюндан сакыт кылбайт. Болгону күнөөнү сакыт кылат. Тиги билбестиктен улам дааратын

чала алган кишиден пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) важибти, б.а. даараттты сакыт кылбады, аны кайра даарат алууга буйруду.

(8386)

(106) – عَنْ عَبْدِ اللهِ بْنِ عَمْرٍو رَضِيَ اللهُ عنهما قَالَ: رَجَعْنَا مَعَ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ مِنْ مَكَّةَ إِلَى الْمَدِينَةِ حَتَّى إِذَا كُنَّا بِمَاءٍ بِالطَّرِيقِ تَعَجَّلَ قَوْمٌ عِنْدَ الْعَصْرِ، فَتَوَضَّؤُوا وَهُمْ عِجَالٌ، فَانْتَهَيْنَا إِلَيْهِمْ وَأَعْقَابُهُمْ تَلُوحُ لَمْ يَمَسَّهَا الْمَاءُ فَقَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «وَيْلٌ لِلْأَعْقَابِ مِنَ النَّارِ أَسْبِغُوا الْوُضُوءَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(106) – Абдуллах ибн Амр (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен бирге Меккеден Мединага келе жатканбыз. Сууга жеткенибизде адамдар асыр намазына шашылып даарат ала баштаашты. Биз алардын жанына келип, кээ бирлери согончогуна суу жеткирбей кургак калып даарат алып жатканын көрдүк. Ошондо пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Суу жетпеген согончокторго азап болот, даараттты жеткиликтүү алгыла!" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабалары менен Меккеден Мединага келе жаткан. Жолдо сууга туш келип, асыр намазын өз убагында окуу үчүн шашылып даарат ала башташат. Сахабалардын кээ бири шашылып даарат алгандыктан, согончокторуна суу жеткирбей, караган адамга кургак калып жатканы көрүнөт. Ошондо пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) даарат алганда кемчиликтүү алып, согончокторуна суу жеткирбей кургак калтырган адамдарга тозокто азап болорун айтып, аларды дааратты жакшы, толук алууга буйруйт.

## Хадистин пайдалары:

1. Даарат алганда эки бутту жууш парз. Жылаң аяк бутка масх тартуу жарабайт. Анткени согончокторун жуубай калтырган адамга тозоктун азабы болору айтылган.

2. Дааратта жуула турган дене мүчөлөрүн толук жуу зарыл. Жуу зарыл болгон мүчөлөрдүн бир аз бөлүгүнө атайын же маани бербей суу тийгизбей койсо, намазы жарактуу болбойт.

3. Билбеген адамга үйрөтүп, туура багыт берүү зарыл.

4. Парз же сүннөт амалды туура эмес аткарып жаткан кишини көргөндө, билген адам аны өзүнө ылайык жол менен эскертип тыйышы керек.

5. Мухаммад Исхак ад-Дахлави минтип айткан: "Дааратты жеткиликтүү алуу үч түрдүү болот: жууй турган мүчөнү бир жолу жуу - парз. Үч жолуу жуу - сүннөт. Үч жолу жууганда жуулчу мүчөнүн жуула турган чегинен ашыра жуу - мустахаб".

(66392)

(107) – عن عَمْرُو بْنُ عَامِرٍ عَنْ أَنَس بن مالك قَالَ: كَانَ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَتَوَضَّأُ عِنْدَ كُلِّ صَلَاةٍ، قُلْتُ: كَيْفَ كُنْتُمْ تَصْنَعُونَ؟ قَالَ: يُجْزِئُ أَحَدَنَا الْوُضُوءُ مَا لَمْ يُحْدِثْ. [صحيح] - [رواه البخاري]

(107) – Амр бин Аамир Анас бин Маликтен риваят кылып айтты: "Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар бир намазга даарат алчу"- деди. Ошондо (Амр бин Аамир) Мен: "Силер кандай кылат элеңер?" - деп сурадым. Ал Анас бин Малик: "Даарат бузулбаса, ар бирибизге бир даарат менен (бир нече намаз окууга) болот" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) даараты бузулбаса да, ар бир парз намазына даарат алчу. Даараттын сооп-сыйлыгына жана пезилетине жетүү үчүн ушундай кылат эле.

Даараты сынбаса, ошол бир даараты менен бирден ашык парз намаз окуса болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эң көп амалы даараттын толук сообуна жетүү үчүн ар бир намазга даарат алуусу болгон.

2. Ар бир намазда даарат алуу сооптуу.

3. Бир даарат менен бир нече намаз окууга болот.

(65080)

(108) – عَنِ ابْنِ عَبَّاسٍ رضي الله عنهما قَالَ: تَوَضَّأَ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ مَرَّةً مَرَّةً. [صحيح] - [رواه البخاري]

(108) – Ибн Аббас (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылып айтты: "Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир жолудан, бир жолудан жууп даарат алды". [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Кээде Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) даарат алып жатканда ар бир даарат мүчөсүн бир жолу жууп, ооз менен мурунду чайкап, бетти, колу-бутун бир жолу жуучу. Бул бир жолудан жууш важиб.

## Хадистин пайдалары:

1. Дааратта мүчөлөрдү бир жолудан жууш важиб, андан ашыкча жууш мустахаб.
2. Кээ бир абалда мүчөлөрдү бир жолудан жууп даарат алса да болот.
3. Дааратта башка масх тартуу бир жолу эле болот.

(65081)

(109) – عَنْ عَبْدِ اللهِ بْنِ زَيْدٍ رضي الله عنه: أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ تَوَضَّأَ مَرَّتَيْنِ مَرَّتَيْنِ. [صحيح] - [رواه البخاري]

(109) – Абдулла бин Зайд (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылып айтты: "Чындыгында. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эки жолудан, эки жолудан жууп даарат алды". [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Кээде Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) даарат алганда, мүчөлөрүн ар бирин эки жолудан жуучу. Ооз менен мурунду чайкап, бетин, эки колун жана эки бутун эки жолудан жуучу.

## Хадистин пайдалары:

1. Дааратта мүчөлөрдү бир жолудан жууш важиб, андан ашыкча жууш мустахаб.
2. Кээ бир абалда мүчөлөрдү эки жолудан жууп даарат алса да болот.
3. Дааратта башка масх тартуу бир жолу эле болот.

(65082)

(110) – عَنْ حُمْرَانَ مَوْلَى عُثْمَانَ بْنِ عَفَّانَ رضي الله عنه: أَنَّهُ رَأَى عُثْمَانَ بْنَ عَفَّانَ دَعَا بِوَضُوءٍ، فَأَفْرَغَ عَلَى يَدَيْهِ مِنْ إِنَائِهِ، فَغَسَلَهُمَا ثَلَاثَ مَرَّاتٍ، ثُمَّ أَدْخَلَ يَمِينَهُ فِي الْوَضُوءِ، ثُمَّ تَمَضْمَضَ وَاسْتَنْشَقَ وَاسْتَنْثَرَ، ثُمَّ غَسَلَ وَجْهَهُ ثَلَاثًا، وَيَدَيْهِ إِلَى الْمِرْفَقَيْنِ ثَلَاثًا، ثُمَّ مَسَحَ بِرَأْسِهِ، ثُمَّ غَسَلَ كُلَّ رِجْلٍ ثَلَاثًا، ثُمَّ قَالَ: رَأَيْتُ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَتَوَضَّأُ نَحْوَ وُضُوئِي هَذَا، وَقَالَ: «مَنْ تَوَضَّأَ نَحْوَ وُضُوئِي هَذَا ثُمَّ صَلَّى رَكْعَتَيْنِ لَا يُحَدِّثُ فِيهِمَا نَفْسَهُ غَفَرَ اللهُ لَهُ مَا تَقَدَّمَ مِنْ ذَنْبِهِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(110) – Усман ибну Аффандын (Аллах андан ыраазы болсун) кулу Хумрон айтат: “Усман ибну Аффан (Аллах андан ыраазы болсун) даарат алганга суу

алдырды да идиштеги суудан эки колуна куюп, колдорун үч жолу жууду. Андан кийин оң колу менен идиштен суу алып оозу менен мурдун чайкады. Андан соң бетин үч жолу жана колдорун чыканакка чейин үч жолу жууду. Андан кийин башына масх тартты да эки бутун үч жолудан жууду. Анан мындай деп айтты: “Мына мен ушундай даарат алганымдай Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) даарат алып жатканын көрдүм”. Анан айтты: “Ким менин даарат алганымдай даарат алып, эч нерсени сүйлөбөй эки рекет намаз окуса, Аллах Таала анын өткөн күнөөлөрүн кечирет”. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Усман (Аллах андан ыраазы болсун) Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) даааратынын сыпатталышын иш-жүзүндө, өтө ачык болсун деп үйрөттү. Ошентип, ал идишке суу алдырды да үч жолу эки колун жууп, андан кийин оң колун идишке салып, сууну алып, оозуна айлантып, кайрадан сууну чыгарды. Андан кийин сууну мурдунун ичине чейин тартып, анан аны чыгарып чимкирди. Анан үч жолу жүзүн жууду, анан эки колун чыканактары менен үч жолу

жууду. Анан суу болгон колу менен башына бир жолу масх тартты. Андан кийин үч жолу кызыл ашыгы менен кошо бутун жууду.

Усман (Аллах андан ыраазы болсун) даарат алып бүткөндөн кийин Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушундай даарат алып жатканын көргөнүн айтып, аларга Пайгамбар мындай деп сүйүнчүлөгөнүн да айтты: "Ким Пайгамбар даарат алган сыяктуу даарат алып, эки рекет намазды тынчтанып, жүрөгүн Улуу Раббисине тапшырып окуса, анда Аллах таала бул толук даараты үчүн жана бул чын ыклас менен окулган намаз үчүн анын мурунку күнөөлөрүн кечирүү менен сыйлайт".

## Хадистин пайдалары:

1. Дааратын башталышында колду идишке салуудан мурда, уйкудан турбаган болсо да эки колду жууш сооптуу амалдардан. А эгерде түнкү уйкудан турган болсо, анда эки колун сөзсүз жууш керек.

2. Мугалим окуучу үчүн билимди түшүндүрүүдө жана бекем илим алууда эң мыкты ыкмаларды тандашы керек. Мына ошол түшүндүрүү ыкмаларынан иш жүзүндө көрсөтүп үйрөтүү.

3. Намаз окуп жаткан адам дүнүйө иштерине байланыштуу ойлордон алыс болушу керек. Ошондуктан намаздын толук бүтүшү жана кемчиликсиз болушу андагы жүрөктүн даярдыгына жараша болот. Антпесе, ойлордон сактана албайт. Ал өзүнүн напсине каршы күрөшүп, ага алданып калбашы керек.

4. Оң жактан баштап даарат алуу мустахаб (3) амалдардан.

5. Оозду чайкоо менен мурунга суу алып кайра чыгаруунун ортосундагы тартиптин шарият мыйзамына киргизилүүсү.

6. Бетти, эки колду, эки бутту үч жолудан жууш мустахаб амалдардан. Ал эми бир жолу жууш важиб.

7. Аллахтын өткөн күнөөлөрдү кечирип жибериши эки нерсенин негизинен келип чыгат. Алар: хадисте айтылган сыпаттарга ылайык даарат алуу жана эки рекет намаз окуу.

8. Даарат алып жатканда ар бир мүчөнүн жуулучу чеги бар. Демек даарат алып жаткандагы беттин чеги: баштын чач чыккан

жеринен баштап сакал менен ээктин астына чейин жана туурасынан кулактан кулакка чейин. Колдун чеги: манжалардын учунан чыканакка чейин, бул билек менен колдун үстүнкү мууну. Баштын чеги: баштын чач чыккан жеринен баштап беттин капталынан моюндун өйдө жагына чейин. Эки кулакка масх тартуу да баштын чегине кирет. Ал эми буттун чеги: бут менен балтырдын ортосундагы кызыл ашыкка чейин.

(3313)

(111) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «إِذَا تَوَضَّأَ أَحَدُكُمْ فَلْيَجْعَلْ فِي أَنْفِهِ ثُمَّ لِيَنْثُرْ، وَمَنِ اسْتَجْمَرَ فَلْيُوتِرْ، وَإِذَا اسْتَيْقَظَ أَحَدُكُمْ مِنْ نَوْمِهِ فَلْيَغْسِلْ يَدَهُ قَبْلَ أَنْ يُدْخِلَهَا فِي وَضُوئِهِ، فَإِنَّ أَحَدَكُمْ لاَ يَدْرِي أَيْنَ بَاتَتْ يَدُهُ».

ولفظ مسلم: «إِذَا اسْتَيْقَظَ أَحَدُكُمْ مِنْ نَوْمِهِ فَلَا يَغْمِسْ يَدَهُ فِي الْإِنَاءِ حَتَّى يَغْسِلَهَا ثَلَاثًا، فَإِنَّهُ لَا يَدْرِي أَيْنَ بَاتَتْ يَدُهُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(111) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Силердин бирөөңөр даарат алса, мурдуна суу алып, анан кайра чимкирсин. Аврет жерлерин тазаласа так санда

тазаласын. Силерден бирөөңөр уйкудан ойгонуп турганда, даарат алчу сууна кол салбай туруп колун жууп алсын. Анткени, эч кимиңер колу кайда түнөп чыкканын билбейт". Муслимдин риваятында: "Силердин бирөөңөр уйкудан ойгонуп турганда, үч жолу жуумайынча колун идиштеги суугa сала койбосун. Анткени, ал колу кайда түнөгөнүн билбейт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дааратын кээ бир өкүмдөрүн баяндаган, алар: Биринчиси: даарат алган кишиге мурдуна сууну тартуу, кийин кайра чимкирип чыгаруу зарыл. Экинчиси: заң чыккан жерин суу менен эмес, таш же ушул сыяктуу башка нерсе менен тазалаган адам так санда тазалайт. Анын азы үч, көбү чыккан нерсе жоголуп, ошол жай таза болгонго чейин. Үчүнчүсү: түнкү уйкудан турган киши колун идиштин сыртында үч жолу жуумайынча даарат алуу үчүн колун идиштеги суугa салбайт. Себеби, ал колу түндө кайсы жерде турганын билбейт. Ал ыплас болуп калуусу мүмкүн. Ага шайтан үйлөп коюусу жана да инсанга зыяндуу же сууну булгай турган нерсени салып коюусу мүмкүн.

## Хадистин пайдалары:

1. Дааратта истиншак кылуу важиб: ал мурунга абаны тартуунун жардамы менен сууну киргизүү.
2. Ошондой эле истинсар кылуу да важиб: ал абанын жардамы менен мурундан сууну чыгаруу.
3. Истижмарды, б.а. тазаланууну так санда кылуу жакшы.
4. Түнкү уйкудан турганда колду үч жолу жуу шарият кылынган.

(3033)

(112) – عَنِ ابْنِ عَبَّاسٍ رضي الله عنهما قَالَ: مَرَّ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ بِقَبْرَيْنِ، فَقَالَ: «إِنَّهُمَا لَيُعَذَّبَانِ، وَمَا يُعَذَّبَانِ فِي كَبِيرٍ، أَمَّا أَحَدُهُمَا فَكَانَ لاَ يَسْتَتِرُ مِنَ البَوْلِ، وَأَمَّا الآخَرُ فَكَانَ يَمْشِي بِالنَّمِيمَةِ» ثُمَّ أَخَذَ جَرِيدَةً رَطْبَةً، فَشَقَّهَا نِصْفَيْنِ، فَغَرَزَ فِي كُلِّ قَبْرٍ وَاحِدَةً، قَالُوا: يَا رَسُولَ اللَّهِ، لِمَ فَعَلْتَ هَذَا؟ قَالَ: «لَعَلَّهُ يُخَفِّفُ عَنْهُمَا مَا لَمْ يَيْبَسَا». [صحيح] - [متفق عليه]

(112) – Ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эки мүрзөнүн жанынан өтүп баратып: "Бул экөө азапталып жатат. (Өздөрүнүн оюндагы) чоң эмес күнөө себептүү азапталып жатат.

Экөөнүн бири заарасынан тазаланбайт эле. Ал эми экинчиси ушак-айың таратып басып жүрчү" - деди. Анан кургай элек бутакты алып, тең ортосунан жарды да, эки мүрзөнүн ар бирине бир-бирден сайып койду. О, Аллахтын элчиси, эмне үчүн мындай кылдың? - деп сурашты. "Ушул бутактар соолуп калганга чейин алардын азабы жеңилдесе ажеп эмес" деди ал. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эки мүрзөнүн жанынан өтүп баратып, мындай деди: Бул эки мүрзөдөгү адамдар азапталып жатат; силердин көз карашыңарда чоң болбогон, Аллахтын алдында чоң болгон күнөө себептүү азапталып жатышат, Ал экөөнүн бири кажетин өтөгөн учурда, кийимин да, денесин да заарадан сактоого кам жеген эмес. Экинчиси адамдардын ортосунда ушак таратып жүргөн. Зыян жеткирүү максатында, адамдардын ортосунда келишпестикти жана жек көрүүнү пайда кылуу үчүн бирөөнүн айткан сөзүн бирөөгө айтып келген.

## Хадистин пайдалары:

1. Ушак айтуу жана заарадан тазаланбоо чоң күнөөлөрдүн бири жана бул мүрзөдө азапталууга себеп болот.

2. Аллах Таала пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбарлыгынын белги, далили катары, кабыр азабы сыяктуу кээ бир кайып иштерин ачыкка чыгарган.

3. Бутактарды жарып, кабырлардын үстүнө сайуу, бул пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жеке өзүнө тиешелүү иштерден; анткени Аллах Таала ага тиги эки кабырдагы адамдын абалын билдирди. Башкаларды ага салыштырып кыяс кылууга болбойт. Себеби, эч ким кабырдагы адамдардын абалын билбейт.

(3010)

(113) – عَنْ أَنَسٍ رضي الله عنه قَالَ: كَانَ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ إِذَا دَخَلَ الخَلَاءَ قَالَ: «اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنَ الخُبُثِ وَالخَبَائِثِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(113) – Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ажатканага кирээрде: "Аллахым, жиндердин эркек, ургаачысынын жамандыгынан сактоону Өзүңдөн тилейм" деп айтчу. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) заара же заңдоо үчүн ажетин өтөй турган жерге кирүүнү каалаганда, Аллахтан коргоо тилөөчү жана шайтандын эркек жана ургаачысынын жамандыгынан сактагын деп Ага сүйөнчү. Ал-Хубс вал-Хабааис деген сөздөр, жамандык жана ыпластык деп да чечмеленет.

## Хадистин пайдалары:

1. Ажатканага кирээрде ушул дубаны айтуу жакшы.
2. Бардык калайык-макулуктар ар кандай абалда аларга зыян тийгизүүчү же ыза берүүчү нерседен сактанууда Раббисине муктаж.

(3150)

(114) – عَنْ عَائِشَةَ أُمِّ المؤْمنينَ رَضيَ اللهُ عنها: أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ كَانَ إِذَا خَرَجَ مِنَ الغَائِطِ قَالَ: «غُفْرَانَكَ». [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي وابن ماجه وأحمد]

(114) – Ыймандуулардын энеси Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун)

ажатканадан чыкканда: "Гуфранака" деп айтчу. [Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ажатын өтөп чыкканда: "О, Аллах, мени кечирүүңдү сураймын" - деп айтчу.

## Хадистин пайдалары:

1. Ажатканадан чыкканда "Гуфранака" деп айтуу сүннөт.
2. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бардык абалдарында Аллахка истигфар айтып, кечирим тилеген.
3. Ажатканадан чыкканда кечирим тилөөнүн себеби: Аллахтын көптөгөн нээматтарына, анын ичинде заң жана заараның жеңил чыкканына шүгүр айтылбай калганы үчүн. Ажат өтөп жаткан учурда Сага шүгүр келтире албаганым үчүн мени кечир деген маани дешкен.

(10046)

(115) – عن عائشة رضي الله عنها قالت: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «السِّوَاكُ مَطْهَرَةٌ لِلْفَمِ، مَرْضَاةٌ لِلرَّبِّ». [صحيح] - [رواه النسائي وأحمد]

(115) – Айша (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Мисвак колдонуу оозду тазартат жана Раббимдин ыраазылыгына жеткирет»**. **[Сахих (ишенимдүү)] - [Ан-Насааи жана Ахмад жазып калтырган]**

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул хадисте аль-Арак дарагынын таякчасы, б.а. мисвак менен тишти тазалоону жана ал мисвак ооздон жагымсыз жыттарды кетире турганын бизге кабарлап жатат. Мисвак колдонуу Аллахтын пендесинен ыраазы болушунун себептеринин бири. Анткени пенде мисвакты Аллахка моюн сунганы үчүн жана Анын буйругуна жооп бергени үчүн колдонуп жатат. Жана аны колдонууда Аллах Таала сүйгөн тазалык бар.

## Хадистин пайдалары:

1. Мисвактын көп пайдасы бар жана Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы

жана мактоосу болсун) өз үммөтүн мисвакты көп колдонууга кызыктыруусу.

2. Арак дарагынын шактарынан жасалган мисвакты колдонуу жакшыраак. Бирок тиш щеткасын жана пастасын колдонуу мисвактын ордуна жарайт.

(3588)

(116) – عَنْ حُذَيْفَةَ رضي الله عنه قَالَ: كَانَ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ إِذَا قَامَ مِنَ اللَّيْلِ يَشُوصُ فَاهُ بِالسِّوَاكِ. [صحيح] - [متفق عليه]

(116) – Хузайфа (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түндө турганда, оозун мисвак менен тазалайт эле. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мисвакты көп колдончу жана колдонууга буйручу. Мисвакты колдонууну кээ бир убактарга бекемдеп айтчу. Мисалы: түндө уйкудан турган учурда. Бул учурда өзү да мисвак менен оозун тазалачу.

## Хадистин пайдалары:

1. Уйкудан турганда оозду мисвак менен тазалоо зарыл. Анткени, уйкуда ооз жыттанып калат, ал эми мисвак аны жакшы тазалайт.
2. Ушуга карай, ооз жыттанган учурдун баарында мисвак колдонуу шарияттын талабы.
3. Негизи эле оозду таза кармоо шарияттын талабы. Бул пайгамбардын сүннөтү жана жакшы адеп.
4. Мисвак менен оозду тазалоо тишке, тилге, тиштин мүлктөрүнө тиешелүү.
5. Мисвак - Арак деп аталган дарактын тамырынан жасалат. Ал оозду жаман жыттан арылтууга, тишти тазалоого, оозго жакшы жыт берүү үчүн пайдаланат.

(3063)

(117)– عن أبي هريرة قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «حَقٌّ عَلَى كُلِّ مُسْلِمٍ أَنْ يَغْتَسِلَ فِي كُلِّ سَبْعَةِ أَيَّامٍ يَوْمًا، يَغْسِلُ فِيهِ رَأْسَهُ وَجَسَدَهُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(117) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун)

айтты: "Ар бир мусулман жети күндө бир жуунууга милдеттүү, ошол күндөрдө башын жана денесин жууйт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабар берди: "Ар бир акыл-эси жайында болгон бойго жеткен мусулман үчүн жуманын жети күнүндө бир күн жуунуп туруу жана бул күнү тазалыкка умтулуу менен башын жана денесин жууп туруу – мусулмандын милдети. Ал эми бул күндөрдүн биринчиси, кээ бир риваяттарда айтылгандай жума күн. Бейшемби күнү жуунуп алса да жума күнү намаздан мурда жуунуу бекемделген мустахаб (9) амал. Жума күнү жуунуу важиб деген өкүмдөн буруучу нерсе ал Айшанын (Аллах андан ыраазы болсун) сөзү: "Адамдар өз иштери менен алектенишчү, жума намазга барганда кадимки көрүнүшү менен барышчу. Ошондуктан аларга мындай деп айтылды: "Жуунсаңар болмок". Имам Бухари риваят кылган. Ал эми Имам Бухаринин башка риваятында: "Алар жыттанып турчу" б.а. тер жана ушуга окшогондордун жыты бар эле. Ошого карабастан, аларга: "Жуунсаңар болмок» - деп эле айтылган болсо, анда алардан башкаларга айтуу да ылайыктуураак.

## Хадистин пайдалары:

1. Ислам дини тазалыкты сактайт жана ага көңүл бурат.
2. Жума күнү намазга жуунуу бекемделген мустахаб амал.
3. Хадисте дене жөнүндө сөз болсо дагы "башты" деп өзүнчө айтылуусу ага көңүл бурууну түшүндүрүп турат.
4. Кимден жагымсыз жыт келип, андан адамдар зыян тартып турса, анда ага жуунуу важиб болот.
5. Жуунуу үчүн эң жакшы күн – бул жума күнү, жума күнү пазилеттүү болгону үчүн.

(65084)

(118) – عن أبِي هريرة رضي اللَّه عنه: سمعتُ النبِيّ صلى الله عليه وسلم يقول: «الفِطْرَةُ خمسٌ: الخِتَانُ والاستحدادُ وقصُّ الشَّارِبِ وتقليمُ الأظفارِ وَنَتْفُ الآبَاطِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(118) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте ал айтты: Мен Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: Беш нерсе бул адамдын табияттык тазалыгынан. Алар: сүннөткө отургузуу, уяттуу жерлердеги

түктөрдү кыруу, мурутту кыскартуу, тырмактарды алуу жана колтуктун түктөрүн жулуу. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Ислам dinindeги беш сыпатты жана элчилердин сүннөттөрүн баяндады.

Биринчиси: сүннөткө отургузуу. Бул балдардын жыныс мүчөсүнүн баш жагындагы ашыкча терисин жана кыздардын жыныс мүчөсүнүн кынынан жогору жагынан кесип алуу.

Экинчиси: жыныс мүчөлөрдүн айланасындагы түктөрдү кыруу.

Үчүнчүсү: мурутту кыскартуу. Эрин көрүнгүдөй кылып эркектин үстүнкү эрининен жогорунда өскөн мурутту кыскартып алуу.

Төртүнчүсү: тырмактарды алуу.

Бешинчи: колтуктагы түктөрдү жулуу.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллах сүйгөн, ыраазы болгон жана буйруган пайгамбарлардын сүннөттөрү кемчиликсиздикке, тазалыкка жана сулуулукка чакырат.

2. Бул нерселерге ар дайым көңүл буруу шарияттын талабы жана аларды көз жаздымда калтырбоо.
3. Бул сыпаттардын диний жана дүнүйөлүк пайдалары бар, алар: сырткы көрүнүштү жакшыртуу, денени тазалоо, тазалыкка чараларды көрүү, каапырларга каршы болуу жана Аллахтын буйругуна моюн сунуу.
4. Бул беш сыпаттан башка адамдын табиятындагы кошумча сыпаттар башка хадистерде да айтылган. Мисалы: сакал коюу, тишти мисвак менен тазалоо ж.б. сыпаттар.

(3144)

(119) – عَنْ عَلِيٍّ رضي الله عنه قَالَ: كُنْتُ رَجُلًا مَذَّاءً وَكُنْتُ أَسْتَحْيِي أَنْ أَسْأَلَ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ لِمَكَانِ ابْنَتِهِ فَأَمَرْتُ الْمِقْدَادَ بْنَ الْأَسْوَدِ فَسَأَلَهُ فَقَالَ: «يَغْسِلُ ذَكَرَهُ وَيَتَوَضَّأُ».

وَلِلبُخَارِيِّ: فَقَالَ: «تَوَضَّأْ وَاغْسِلْ ذَكَرَكَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(119) – Али (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Мен маази суусу көп аккан киши элем. Анын күйөө баласы болгонум үчүн пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) (бул тууралуу) суроодон уялып жүрдүм. Анан Микдад бин ал-Асвадды сурап келүүгө жибердим. (Сураса), ал:

"Аспабын жууп, анан даарат алат" - дептир. Бухариде: "Даарат ал жана аспабыңды жуу" - деп келген. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Али бин Абу Талиб (Аллах андан ыраазы болсун) ал маази суусу көп аккан киши болгонун айтат. Маази суусу - ак түстө, суюк, илешкээк суу, ышкы кумары козголгондо же жыныстык катнаштан мурда агып чыгат. Ал маази суусу агып чыккандан кийин эмне кылуу керектигин билбей, ал тууралуу пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) суроодон уялат. Анткени аялы Фатима пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кызы эле. Анан ал тууралуу пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сурап келүүнү Микдад бин ал-Асваддан суранат. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): Аспабын жууп анан даарат алсын - деп жооп берет.

## Хадистин пайдалары:

1. Алинин (Аллах андан ыраазы болсун) артыкчылыгы белгилүү болот, анын уялуусу ортомчу аркылуу болсо да суроодон тыйган жок.

2. Фатва суроодо бирөөнү жиберүү жайыз.
3. Көпчүлүктүн пайдасы үчүн өзү тууралуу уяттуу нерсени айтуу жайыз.
4. Маази суусу булганыч (нажас), ал жуккан денени жана кийимди жуу керек.
5. Маази суусунун чыгуусу даарatты бузуучулардын бири.
6. Эркектик мүчөнү жана эки жумуртканы жуу важиб, бул тууралуу башка хадисте айтылган.

(3348)

(120) – عَنْ عَائِشَةَ أُمِّ المؤمنين رضي الله عنها قَالَتْ: كَانَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ إِذَا اغْتَسَلَ مِنَ الجَنَابَةِ، غَسَلَ يَدَيْهِ، وَتَوَضَّأَ وُضُوءَهُ لِلصَّلاَةِ، ثُمَّ اغْتَسَلَ، ثُمَّ يُخَلِّلُ بِيَدِهِ شَعَرَهُ، حَتَّى إِذَا ظَنَّ أَنَّهُ قَدْ أَرْوَى بَشَرَتَهُ، أَفَاضَ عَلَيْهِ المَاءَ ثَلاَثَ مَرَّاتٍ، ثُمَّ غَسَلَ سَائِرَ جَسَدِهِ، وَقَالَتْ: كُنْتُ أَغْتَسِلُ أَنَا وَرَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ مِنْ إِنَاءٍ وَاحِدٍ، نَغْرِفُ مِنْهُ جَمِيعًا. [صحيح] - [رواه البخاري]

(120) – Ыймандуулардын энеси Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жунубдуктан жуунганда, алгач эки колун жууп, анан намазга даарат алгандай даарат алчу да, андан кийин толук жуунчу. Кийин чачтарынын арасына

колун салып, терисине чейин суу жеткени анык болгонго чейин аралатчу. Башына сууну ич ирет куйчу. Анан бүт денесин (суу куюп) жуучу. (Айша) дагы кошумчалайт: Мен, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) экөөбүз теӊ чогуу сузуп алып, бир идиштен жуунат элек. [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жунубдуктан жуунмакчы болгондо, колдорун жуудан баштаган. Кийин намазга даарат алгандай даарат алган. Андан кийин бүт денесине суу куйган. Кийин чачтарынын арасына колун салган. Чачтарынын түбүнө, терисине чейин суу жетти деп ишенгенге чейин колун салып аралаткан. Башына сууну үч жолу куйган, анан бүт денесине суу куюп жууган. Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Мен, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) экөөбүз теӊ чогу сузуп алып, бир идиштен жуунат элек.

## Хадистин пайдалары:

1. Жуунуу эки түрдүү болот: Толук жуунуу, жарым-жартылай жуунуу. Жарым-жартылай жууну дегени, мында киши тазаланууну (даараттты) ниет кылат, анан оозу, мурдун

чайкоо менен бирге бүт денесине суу тийгизет. Ал эми толук жуунуу дегени, жогорудагы хадисте айтылган пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жуунуусундай жуунуу.

2. Уруктук суусу түшкөндө, же жыныстык катнаш кылып, бирок уруктугу түшпөсө да жунубдук пайда болот.
3. Жубайлар бири-биринин авретин караса жана бир идиштен жуунса жайыз.

(3316)

(121) – عَنْ عَمَّارِ بنِ ياسِرٍ رضي الله عنه قال: بَعَثَنِي رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِي حَاجَةٍ، فَأَجْنَبْتُ فَلَمْ أَجِدِ الْمَاءَ، فَتَمَرَّغْتُ فِي الصَّعِيدِ كَمَا تَمَرَّغُ الدَّابَّةُ ثُمَّ أَتَيْتُ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، فَذَكَرْتُ ذَلِكَ لَهُ فَقَالَ: «إِنَّمَا كَانَ يَكْفِيكَ أَنْ تَقُولَ بِيَدَيْكَ هَكَذَا» ثُمَّ ضَرَبَ بِيَدَيْهِ الْأَرْضَ ضَرْبَةً وَاحِدَةً، ثُمَّ مَسَحَ الشِّمَالَ عَلَى الْيَمِينِ، وَظَاهِرَ كَفَّيْهِ وَوَجْهَهُ. [صحيح] - [متفق عليه]

(121) – Аммар бин Ясир (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мени кайсы бир ишке жумшады. Мен жунуб болуп калып, жуунгага суу таппай койдум. Анан жан-жаныбарлар оонаган сыяктуу топуракка оонап,

буланып (намаз окудум). Кийин Аллахтын элчисине келгенде ушуну айтсам, ал: "Сага колдоруңду мына ушинтсең жетиштүү болмок" - деп, алакандары менен жерди бир жолу чаап, анан оң жана сол колунун үстүнө, анан бетине сүртүп койду. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сапарда баратып, Аммар бин Ясирди бир ишке жумшайт. Ал аялына кошулуппу, же (түшүркөп) кумарлануу менен уруктугу чыгып кетиппи, айтор жунуб болуп калат. Анан жунубдуктан жуунганга суу таба албайт. Ал жунубдукка таямум кылуунун өкүмүн билбейт эле. Кичи даааратка таямум кылуунун өкүмүн билчү. Анан өзүнчө изилденип ижтихад кылып, кичи даааратка таямум кылганда жуула турган мүчөлөрүнө топурак сүрткөн сыяктуу, жунубдукка таямум кылганда бүт денеге топурак сүртүү керек го деп ойлойт. Анан денеси менен топуракка буланып, намаз окуйт. Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келгенде, кылганы туура, же туура эмес экенин билүү үчүн аны пайгамбарга айтат. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага заара

ушатуу сыяктуу жеңил даараттсыздыктан да, жунубдук сыяктуу оор даараттсыздыктан да таямум менен тазалануунун жолун үйрөтүп баяндап берет: ал мындай кылат, алгач эки алаканын топуракка чаап, анан сол колу менен оң колун сылап, эки колунун үстүн жана бетин сылайт.

## Хадистин пайдалары:

1. Таямум кылбастан мурда суу издөө важиб.
2. Жунуб болуп, суу таба албаган адамга таямум кылуу шариятта уруксат.
3. Оор, же чоң даараттсыздыктын таямуму деле кичине даараттсыздыктын таямуму сыяктуу.

(3461)

(122) – عَنْ المُغِيرَةِ رضي الله عنه قَالَ: كُنْتُ مَعَ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِي سَفَرٍ، فَأَهْوَيْتُ لِأَنْزِعَ خُفَّيْهِ، فَقَالَ: «دَعْهُمَا، فَإِنِّي أَدْخَلْتُهُمَا طَاهِرَتَيْنِ» فَمَسَحَ عَلَيْهِمَا. [صحيح] - [متفق عليه]

(122) – Мугира (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен сапарда бирге болдум. (Даарат аларда) анын маасыларын тартмакчы болсом, ал: "Аларды тек кой, анткени мен аларды

даарат алып анан кийгенмин" - деди. Анан аларга масх тартып койду. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сапарларынын биринде баратып даарат алат. Даарат алып бутун жубарга келгенде, пайгамбар бутун жуууштугу үчүн Мугира бин Шуъба (Аллах андан ыраазы болсун) анын бутундагы маасыларын чечүү үчүн колун созот. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): Ал экөөнү жөн кой, чечпегин, себеби мен буларды бутума кийгенде даарат алып анан кийгенмин дейт. Анан пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) буттарын жуунун ордуна маасыларына масх тартып койот.

## Хадистин пайдалары:

1. Эки маасыга масх тартуу кичине даараттсыздыкка даарат алган учурда жарайт. Ал эми чоң даараттсыздыктан жуунуп тазаланууда буттарды да жуу зарыл.

2. Масх сууланган манжанын учу менен маасынын үстүнө бир ирет тартылат, асты жагына тартылбайт.

3. Масх туртуу үчүн суу менен эки бут жуулуп, толук даарат алынгандан кийин маасынын кийилүүсү шарт. Маасы таза, буттун жабылуусу парз болгон өлчөмүн жаап турган болуусу керек. Ошондой эле масх кичине дааратсыздыкка тартылуусу керек, жунубдуктан же жуунууну важиб кылган иштерден кийин тартылбайт. Дагы масх тартуу чектелген убактын ичинде болуусу керек. Бул убакыттын чеги үйдөгү адам үчүн бир күн, бир түн. Ал эми жолоочу адам үчүн үч күн, үч түн.

4. Бутту жапкан жороп сыяктуулардын баары маасыга кыяс кылынат, аларга да масх тартуу жайыз.

5. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мүнөзүнүн жана таалим берүүсүнүн жакшылыгы. Мугираны анын маасыларын чечүүдөн тыйып, ага: аларды толук даарат менен кийгенин айтып, себебин түшүндүрдү. Анын көөнү тынчып, өкүмдү билип алуусу үчүн.

(3014)

(123) – عَنْ عَائِشَةَ أُمِّ المؤمنين رضي الله عنها أَنَّ فَاطِمَةَ بِنْتَ أَبِي حُبَيْشٍ سَأَلَتِ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَتْ: إِنِّي أُسْتَحَاضُ فَلاَ أَطْهُرُ، أَفَأَدَعُ الصَّلاَةَ؟ فَقَالَ: «لَا، إِنَّ ذَلِكِ عِرْقٌ، وَلَكِنْ دَعِي الصَّلاَةَ قَدْرَ الأَيَّامِ الَّتِي كُنْتِ تَحِيضِينَ فِيهَا، ثُمَّ اغْتَسِلِي وَصَلِّي». [صحيح] - [متفق عليه]

(123) – Ыймандуулардын энеси Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Фатима бинт Абу Хубайш пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип сурады: Менден такай кан келип турат, эч таза болбоймун. Намазды таштап койомунбу? Ал минтти: "Жок, бул тамыр (жарылгандан чыккан кан). Сен этек кир көргөн күндөрдүн эсебинче намазыңды токтот да, андан кийин жуунуп намаз окуй бер". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Фатима бинт Абу Хубайш пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) суроо сурап: Менден эч токтобой кан келип турат, атүгүл этек кир келбей турган убакта да токтобойт. Ушул учурлар да этек кир келген учурдун өкүмүндө болобу? Мен намазды таштап койомбу? - дейт. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага минтет: Бул истихааза каны, бул ооруу себептүү жатындагы

тамырлардын жарылуусунан улам чыккан кан, этек кирдин каны эмес, Сен истихаза канын көрө турган ооруу менен ооруй электеги, ай сайын этек кир келе турган адатыңдагы күндөр келген учурда намаз, орозо жана башка этек кири келген убакта аял киши аткарбай турган иштерди токтот. Бул мөөнөт өткөндөн кийин сен этек кирден тазаланган болосуң, анан кандын ордун жууп тазала, анан даараtсыздыкты кетирүү үчүн дене-башыңды толук жууп жуун, анан намаз окуй бер.

## Хадистин пайдалары:

1. Аял кишиге этек кир көргөн күндөрү бүткөндөн кийин жуунуу важиб.
2. Истихаза канын көрүп жаткан аялдын намазды окуй берүүсү важиб.
3. Айыз (этек кир): балакат жаш курагына жеткен аялзатынын жатыны анын кыны аркылуу койо бере турган табигый кан. Бул кан белгилүү күндөрдө келет.
4. Истихаза каны: Жатындын үстүнөн белгилүү бир мөөнөтү жок агып чыгуучу кан.
5. Этек кир каны менен истихаза канынын айырмасы: этек кирдин каны карамтыл,

коюу, анан жагымсыз жыты болот. Ал эми истихаза каны кызгылт, суюк, жагымсыз жыты болбойт.

(3029)

(124) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «إِذَا وَجَدَ أَحَدُكُمْ فِي بَطْنِهِ شَيْئًا، فَأَشْكَلَ عَلَيْهِ أَخَرَجَ مِنْهُ شَيْءٌ أَمْ لَا، فَلَا يَخْرُجَنَّ مِنَ الْمَسْجِدِ حَتَّى يَسْمَعَ صَوْتًا، أَوْ يَجِدَ رِيحًا». [صحيح] - [رواه مسلم]

(124) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Эгерде силердин бирөөңөр курсагындагы желдин чыкканын билсе жана андан жел чыктыбы же чыкпадыбы деп күмөн санаса, ал желдин үнүн укмайынча же жытын жыттамайынча мечиттен чыкпасын". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындайча баяндады. Намаз окуган адамды курсагындагы жел экилентсе, ал курсагынан чыктыбы же чыкпадыбы деп шектенип калса, анда ал дааратын буза турган нерсе бар экенине б.а. желдин үнүн угуп, же жытын жыттап ынанмайынча, даарат

алуу үчүн намазды токтотпосун жана бузбасын. Анткени анык болгон нерсе күмөн менен бузулбайт. Ал намаз окуучунун даараты бар экени анык, бирок даааратынын бузулганында күмөн бар.

## Хадистин пайдалары:

1. Бул хадис Исламдын негиздеринин бири жана фикх эрежелеринин бири болуп саналат. Бул эреже: Анык болгон нерсе күмөн менен жок болбойт. Негизги принцип - башкасы анык болмоюнча, болгон нерсе ошол бойдон кала берет.
2. Күмөндөнүү дааратттын бар экенине таасир этпейт. Намаз окуган адам даааратынын бузулганын анык билмейинче, анда даараты бар бойдон кала берет.

(65083)

(125) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: إِنَّ رَسُولَ اللهِ صلى الله عليه وسلم قَالَ: «إِذَا شَرِبَ الْكَلْبُ فِي إِنَاءِ أَحَدِكُمْ فَلْيَغْسِلْهُ سَبْعًا».

ولمسلم: « أولاهُنَّ بالتُّراب». [صحيح] - [متفق عليه]

(125) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Эгерде бирөөңөрдүн

идишине ит башын салса, ал идишти жети жолу жууп тазаласын". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ит жалаган идишти жети жолу жууп тазалоого буйруган. Жетинин биринчисинде идишти топурак менен тазалап алуу керек. Андан кийин суу менен жууса ыплас, зыяндуу микробдордон тазаланат.

## Хадистин пайдалары:

1. Иттин шилекейи оор нажас (өтө ыплас).
2. Ит жалаган идиш да, андагы суу да ыплас болот.
3. Топурак менен тазалап, анан жети жолу жуу иттин шилекейи тийген нерсеге тиешелүү. Анын тезегине, сийдигине ж.б. булганычтарына эмес.
4. Идишти топурак менен тазалоо мындай таризде болот: алгач идишке топуракты салат, анан анын үстүнө бир аз суу куюп, эзилген ылай менен идишти ышкап жууйт.
5. Хадисте айтылган өкүм бардык иттерге тиешелүү. Шариятта аңчылык кылууга,

кароолчулукка жана кайтаруучулук үчүн багууга уруксат берилген иттерге да тиешелүү.

6. Самын ж.б. идиш жуучу каражаттар топурактын ордуна өтпөйт. Анткени, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) топурак деп баса белгилеп айткан.

(3143)

(126) – عن عمر بن الخطاب رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «إِذَا قَالَ الْمُؤَذِّنُ: اللهُ أَكْبَرُ اللهُ أَكْبَرُ، فَقَالَ أَحَدُكُمْ: اللهُ أَكْبَرُ اللهُ أَكْبَرُ، ثُمَّ قَالَ: أَشْهَدُ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، قَالَ: أَشْهَدُ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، ثُمَّ قَالَ: أَشْهَدُ أَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللهِ، قَالَ: أَشْهَدُ أَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللهِ، ثُمَّ قَالَ: حَيَّ عَلَى الصَّلَاةِ، قَالَ: لَا حَوْلَ وَلَا قُوَّةَ إِلَّا بِاللهِ، ثُمَّ قَالَ: حَيَّ عَلَى الْفَلَاحِ، قَالَ: لَا حَوْلَ وَلَا قُوَّةَ إِلَّا بِاللهِ، ثُمَّ قَالَ: اللهُ أَكْبَرُ اللهُ أَكْبَرُ، قَالَ: اللهُ أَكْبَرُ اللهُ أَكْبَرُ، ثُمَّ قَالَ: لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، قَالَ: لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ مِنْ قَلْبِهِ دَخَلَ الْجَنَّةَ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(126) – Умар Ибн аль-Хаттаб (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Эгерде азанчы: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - десе, силер да: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Ашхаду ал-лаа илааха иллаллах" - десе, силер да: "Ашхаду ал-лаа илааха

иллаллах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Ашхаду анна Мухаммадар-расуулуллах" - десе, силер да: "Ашхаду анна Мухаммадар-расуулуллах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Хаййя алас-солаах" - десе, силер: "Лаа хаула уа лаа куввата илла бил-лаах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Хаййя алаль-фалаах, хаййя алаль-фалаах" - десе, силер: "Лаа хаула уа лаа куввата илла бил-лаах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - десе, силер да: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Лаа иляха иллааллах" - десе, силер да: "Лаа иляха иллааллах" - деп чын жүрөктөн айтсаңар, анда Аллах силерди бейишке киргизет”. (7) [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Азан – намаз убагы киргенин элге кабарлоо. Азандын сөздөрү ыйман акыйдасын толук камтып алган сөздөр.

Бул хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) азанды укканда эмнелер айтылаарын баяндады. Бул азан угуучу азанчынын айтканын айткандай айтуу. Эгер азанчы "Аллаху акбар" десе, угуучу: "Аллаху акбар" - дейт ж.б.у.с. Бирок азанчы: "Хаййя алас-

солах" жана "Хаййя алал фалах" - десе, угуучу: "Лаа хаула уа лаа куввата илли биллах" - деп айтат.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ким азанчы айтканын чын жүрөктөн кайталаса, анда ал бейишке кирээрин баяндады.

Азандын сөздөрүнүн маанилери: "Аллаху акбар": Ал бардык кемчиликтен аруу Аллах - эң улуу, эң урматтуу жана баарынан бийик.

"Ашхаду ал лаа илааха иллаллах": Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок экендигине күбөлүк берем.

"Ашхаду анна Мухамман расуулуллах": Мухаммад Аллах Тааланын элчиси экенине, Аллах Таала аны жибергенине жана ага моюн сунуу важиб экендигине тилим жана жүрөгүм менен ынанып күбөлүк берем.

"Хаййя алас-солаах": Намазга келгиле.

Азан угуучунун сөзү: "Лаа хаула уа лаа куввата илла биллах": Аллах Таала ийгилик бербесе ибадат кылуудагы тоскоолдуктардан кутулууга эч кандай жол жок, ибадат кылууда эч кандай күч-кубат да жок, ал нерселерге эч кимдин кудурети да жетпейт. Бардык нерсе Аллах Тааланын колдоосу менен гана болот.

"Хаййя алал фалаах": Кутулуунун себептерин аткарууга келгиле. Ал кутулуу бул - бейишке кирүү жана тозоктон кутулуу.

## Хадистин пайдалары:

1. Азанчы айткандай айтып кайталоонун пазилети бар жана азанчы "хаййя алас-солаах" жана "Хаййя алал фалах" сөздөрүн айтканда, угуучу: "Лаа хаула уа лаа куввата илли биллах" - деп айтуунун пазилети бар.

(65086)

(127)– عَنْ عَبْدِ اللهِ بْنِ عَمْرِو بْنِ الْعَاصِ رضي الله عنها أَنَّهُ سَمِعَ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «إِذَا سَمِعْتُمُ الْمُؤَذِّنَ فَقُولُوا مِثْلَ مَا يَقُولُ، ثُمَّ صَلُّوا عَلَيَّ، فَإِنَّهُ مَنْ صَلَّى عَلَيَّ صَلَاةً صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ بِهَا عَشْرًا، ثُمَّ سَلُوا اللهَ لِيَ الْوَسِيلَةَ، فَإِنَّهَا مَنْزِلَةٌ فِي الْجَنَّةِ، لَا تَنْبَغِي إِلَّا لِعَبْدٍ مِنْ عِبَادِ اللهِ، وَأَرْجُو أَنْ أَكُونَ أَنَا هُوَ، فَمَنْ سَأَلَ لِيَ الْوَسِيلَةَ حَلَّتْ لَهُ الشَّفَاعَةُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(127) – Абдулла бин Амр бин Аль-Аас (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте ал Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай дегенин укту: "Эгер силер азанчыны уксаңар анын айтканын айткыла, андан соң мага салават айткыла. Анткени ким мага бир салават айтса, анда Аллах ал себептен ага он салават айтат. Андан кийин мага Аллахтан васила (10) сурагыла. Анткени ал васила бейиштеги улуу макам. Ал макам бир гана Аллахтын кулуна ылайыктуу. Ал мен болом деп үмүттөнөм.

Ошондуктан ким мен үчүн васила сураса, ага шапаат уруксат болот". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким намазга азан айткан азанчыны укса, анын артынан кайталоону, бир гана эки хаяя-аладан кийин башка сөздү айтууну үйрөткөн. Анткени эки хаяя-аладан кийин мындай дейт: "Лаа хаула уа лаа куввата илли биллах". Анан азан айтылып бүткөндөн кийин Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) салават айтат. Анткени ким ага бир жолу салават айтса, анда Аллах ага ошол себептен он салават айтат. Аллахтын пендеге айткан салаватынын мааниси: Аллах Тааланын периштелердин алдында пендени мактоосу. Андан кийин Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үчүн Аллахтан васила суроону буйруду. Ал бейиштеги улуу макам. Ал бейиштин эң бийик даражасы. Бул орун Аллах Тааланын бардык пенделеринен бир пендесине гана ылайыктуу. Ал менмин деп үмүттөнөм. Бирок Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аны кичипейилдиктен айтты. Анткени бул жогорку даража бир гана адамга таандык болсо, анда

ал бир адам андан башка эч ким боло албайт. Анткени, ал Пайгамбар адам затынын эң абзели.

Андан кийин Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ким Пайгамбар үчүн васила сурап дуба кылса, анда ал Пайгамбардын шапаатына ээ болот деп түшүндүрдү.

## Хадистин пайдалары:

1. Азанчынын айтканын айтып, ага жооп берүүгө кызыктырды.
2. Азанчыга жооп бергенден кийин Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) салават айтуунун пазилети чоң.
3. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) салават айткандан кийин ал үчүн васила суроого үндөдү.
4. Аллахтын бир гана пендесине ылайыктуу болгон василанын маанисин жана анын даражасын улуулугун баяндап жатат.
5. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ошол жогорку даражага ээ болгондугунун пазилетин түшүндүрүп жатат.

6. Ким Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үчүн васила сурап дуба кылса, анда ал Пайгамбардын шапаатына ээ болот.

7. Бул бейиштеги бийик даража анын макамы болсо да ал ушундай даражага жетүү үчүн өзүнүн үммөтүнөн дуба кылуусун сураганы анын кичипейилдигин баяндайт.

8. Аллахтын пазилети жана ырайымы кенен. Ошондуктан бир жакшылык он эсе көбөйтүлүп берилет.

(65087)

(128) – عَنْ سَعْدِ بْنِ أَبِي وَقَّاصٍ رضي الله عنه عَنْ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ أَنَّهُ قَالَ: «مَنْ قَالَ حِينَ يَسْمَعُ الْمُؤَذِّنَ أَشْهَدُ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ وَحْدَهُ لَا شَرِيكَ لَهُ، وَأَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ، رَضِيتُ بِاللهِ رَبًّا وَبِمُحَمَّدٍ رَسُولًا، وَبِالْإِسْلَامِ دِينًا، غُفِرَ لَهُ ذَنْبُهُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(128) – Саъд бин Абу Ваккастын (Аллах андан ыраазы болсун) риваятында Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ким азанчынын үнүн укканда: "Ашхаду ан лаа илааха иллаллаахy вахдаху лаа шарика лах, ва анна Мухаммаддан абдуху ва

расуулух, розийту биллаахи роббан, ва бил ислаами диинан" деп айтса, анын күнөөлөрү кечирилет". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) азанчынын үнүн уккан адам төмөнкү сөздөрдү айтса күнөөсү кечирилерин айткан: "Ашхаду ан лаа илааха иллаллааху вахдаху лаа шарика лах" Күбөлүк берем, тастыктаймын, моюнга алам Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок, андан башка сыйынылган нерсенин баары батыл, жалган. "Ва анна Мухаммадан абдуху ва расуулух" Мухаммад Аллахтын кулу жана элчиси, ага ибадат кылынбайт. Ал жалган айтпаган элчи. "Розийту биллахи роббан" Аллахтын рубубиятына, улухиятына, ысым-сыпаттарына баарына ыраазымын. "Ва би Мухаммадин расуулан" Ал алып келген диндин баарына жана бизге жеткиргенине ыраазымын. "Ва бил Ислам" Исламдын бардык буйруктарына жана өкүмдөрүнө, "Диинан" дин болгонуна ишенүү жана баш ийүү менен ыраазымын. (ушинтип айтса) анын кичине күнөөлөрү кечирилет.

## Хадистин пайдалары:

1. Азанды укканда ушул дубаны кайталап айтуу күнөөлөрдү кетирүүчү иштерден.

(6272)

(129) – عَنْ أَنَسِ بْنِ مَالِكٍ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «الدُّعَاءُ لاَ يُرَدُّ بَيْنَ الأَذَانِ وَالإِقَامَةِ». [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي والنسائي]

(129) – Анас бин Малик (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Азан жана икооматтын ортосунда айтылган дуба артка кайтарылбат". [Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи жана ан-Насааи жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) азан менен икооматтын ортосунда дуба кылуунун артыкчылыгын баяндаган. Бул дуба артка кайтарылбайт жана кабыл болууга жакын. Ушул убакта Аллахка дуба кылгыла.

## Хадистин пайдалары:

1. Дуба кылуу үчүн ушул убак артыкчылыктуу.

2. Дуба кылуучу адам дубанын адебин сактап, дуба кабыл боло турган оруңдарды жана убактарды максат кылып, Аллахка күнөө кылуудан алыс болуп, шек-күмөндөн напсисин этияттап, дубам кабыл болот деп Аллахка жакшы күмөн кылып дуба кылса, Аллахтын уруксаты менен анын дубасы кабыл болууга татыктуу болот.

3. Ал-Мунавий дубанын кабыл болуусу жөнүндө минтип айткан: Б.а. дубанын шарттарын, рүкүндөрүн, адептерин бүт аткаргандан кийин дуба кабыл болот. Эгер булардын кайсы бири аткарылбай калса, адам өзүн гана айыптасын.

4. Дубанын кабыл болуусу: же анын сураганы дароо берилет, же анын ордуна андан бир жамандык арылтылат, же акыретке калтырылат. Мунун баары Аллахтын ырайымы жана даанышмандыгы менен болот.

(5479)

(130) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: أَتَى النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ رَجُلٌ أَعْمَى، فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللهِ، إِنَّهُ لَيْسَ لِي قَائِدٌ يَقُودُنِي إِلَى الْمَسْجِدِ، فَسَأَلَ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ أَنْ يُرَخِّصَ لَهُ فَيُصَلِّيَ فِي بَيْتِهِ، فَرَخَّصَ لَهُ، فَلَمَّا وَلَّى دَعَاهُ، فَقَالَ: «هَلْ تَسْمَعُ النِّدَاءَ بِالصَّلَاةِ؟» فَقَالَ: نَعَمْ، قَالَ: «فَأَجِبْ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(130) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактооосу болсун) сокур адам келип: "О, Аллахтын элчиси, мени мечитке жетелеп келе турган адам жок болуп жатат" - деп Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага намазды үйүндө окууга

уруксат сурады. Ага уруксат берди. Ал кайрылып кетип бара жатканда, кайра чакырып: "Намазга айтылган азанды угасыңбы?" - деп сурады. "Ооба" - деди тиги киши. "Анда ага жооп бер" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Көзү көрбөгөн киши пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келип: "О, Аллахтын элчиси, мага жардам берип, мени беш убак намазга мечитке алып келе турган эч ким жок" - дейт. Б.а. ал пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага жамаатка келбей эле коюуга уруксат берүүсүн каалаганын билдирет. Ага уруксат берет. Ал кетип бара жатканда кайра чакырып, намазга чакырган азанды угасыңбы деп сурайт. "Ооба" - дейт ал. "Анда азанга жооп кылып мечитке келгин" - дейт.

## Хадистин пайдалары:

1. Намазды жамаат менен окуу важиб. Анткени важиб жана лаазым иштерден гана уруксат суралат.
2. Азанды уккан адамга карата айтылган "Жооп бер" деген сөзү намазды жамаат менен окуунун важибтигине далил. Анткени буйрук важибге негизделген.

(11287)

(131) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه أَنَّهُ سَمِعَ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «أَرَأَيْتُمْ لَوْ أَنَّ نَهَرًا بِبَابِ أَحَدِكُمْ يَغْتَسِلُ فِيهِ كُلَّ يَوْمٍ خَمْسًا، مَا تَقُولُ ذَلِكَ يُبْقِي مِنْ دَرَنِهِ؟» قَالُوا: لَا يُبْقِي مِنْ دَرَنِهِ شَيْئًا، قَالَ: «فَذَلِكَ مِثْلُ الصَّلَوَاتِ الخَمْسِ، يَمْحُو اللَّهُ بِهِ الخَطَايَا». [صحيح] - [متفق عليه]

(131) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын уктум: "Эгерде силерден кимдир бирөөнүн эшик алдында дарыя агып, анан ал ошол дарыяга бир күндө беш жолу жуунса, анын денесинде кир калабы?" Кирден эч нерсе калбайт - дешти (сахабалар). Ал: "Беш убак намаз да ушул сыяктуу, Аллах намаз аркылуу күнөөлөрдү жуурйт" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) күнүмдүк беш убак намазды майда күнөөлөрдү жана каталарды өчүрүүдө бирөөнүн эшигинин алдында агып жаткан дарыяга окшоштурган. Ал киши дарыяга бир күндө беш жолу жуунса, денесинде эч кандай кир калбайт.

## Хадистин пайдалары:

1. Бул артыкчылык майда күнөөлөргө эле тиешелүү, ал эми чоң күнөөлөргө тообо кылуу зарыл.
2. Беш убак намазды шарттары, үрүкүндөрү, важиптери жана сүннөттөрү менен калтырбай толук аткаруу ушундай артыкчылыктуу иш.

(4968)

(132) – عَنْ عَبْدِ اللَّهِ بِن مَسْعُودٍ رضي الله عنه قَالَ: سَأَلْتُ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: أَيُّ العَمَلِ أَحَبُّ إِلَى اللَّهِ؟ قَالَ: «الصَّلاَةُ عَلَى وَقْتِهَا»، قَالَ: ثُمَّ أَيٌّ؟ قَالَ: «ثُمَّ بِرُّ الوَالِدَيْنِ» قَالَ: ثُمَّ أَيٌّ؟ قَالَ: «الجِهَادُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ» قَالَ: حَدَّثَنِي بِهِنَّ، وَلَوِ اسْتَزَدْتُهُ لَزَادَنِي. [صحيح] - [متفق عليه]

(132) – Абдуллах бин Масуъд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): Аллахка кайсы иш-амал көбүрөөк жагат? - деп сурадым. "Өз убагында окулган намаз" - деди ал. Андан кийиничи? - дедим. "Андан кийин ата-энеге жакшы мамиле кылуу" - деди. Андан кийинчи? - деди. "Аллахтын жолунда жихадга чыгуу" - деди. Ушинтип мага ушул иш-амалдарды айтты. Эгер мен дагы сураганымда, ал дагы айтмак. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Иш-амалдардын кайсысы Аллахка көбүрөөк жагымдуу? деп суралды. Так шариятта көрсөтүлгөн убактысында окулган парз намаз - деди ал. Андан кийин ата-энеге жакшылык кылып, алардын акысын өтөп, аларды наараазы кылып каарына калбай, жакшы мамиле кылуу. Андан кийин Аллахтын сөзү бийик болуусу үчүн, исламды жана мусулмандарды коргоо үчүн жана анын шариятын ачыкка чыгаруу үчүн малы жана жаны менен Аллахтын жолунда жихадга чыгуу.

Ибн Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Ал мага ушул иш-амалдар тууралуу айтты. Эгер мен: андан кийинчи? - деп, дагы сураганымда, ал мага дагы айтмак.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахка жагымдуулугуна карай иш-амалдар бири-биринен артыкча болот.

2. Мусулман адамды иш-амалдардын абзелирээгин аткарганга кызыктыруу керек.

3. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) иш-амалдардын абзелдиги тууралуу жооптору, адамдардын өзгөчөлүгүнө жана алардын абалдарына жараша, алардын кимисине кайсы иш-амал пайдалуурак экенине карай ар түрдүү болгон.

(3365)

(133) – عَنْ عُثْمَانَ رضي الله عنه قَالَ: سَمِعْتُ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «مَا مِنَ امْرِئٍ مُسْلِمٍ تَحْضُرُهُ صَلَاةٌ مَكْتُوبَةٌ فَيُحْسِنُ وُضُوءَهَا وَخُشُوعَهَا وَرُكُوعَهَا، إِلَّا كَانَتْ كَفَّارَةً لِمَا قَبْلَهَا مِنَ الذُّنُوبِ، مَا لَمْ يُؤْتِ كَبِيرَةً، وَذَلِكَ الدَّهْرَ كُلَّهُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(133) – Усман (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын уктум: "Кайсы бир мусулман пенде, ага парз намаздын убактысы келгенде дааратын жеткиликтүү алып, жүрөгү менен берилип, үрүкүлөрүн жакшы аткарып намаз окуса, андан мурдагы (майда) күнөөлөрүн кетирет, эгер ал чоң күнөө кылбаган болсо. Бул ар дайым ушундай". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип баяндайт: ага парз болгон

намаз убактысы киргенде мусулман адам жакшылап, толук даарат алса, анан жүрөгү менен да, дене мүчөлөрү менен да Аллахка берилип, Анын улуктугун сезип намаз окуса, намаздын үрүкү, сажда ж.б.у.с. амалдарын толук аткарса, анда анын бул намазы ага чейин жасаган майда күнөөлөрүнө каффарат болот, б.а. күнөөлөрүн кетирет. Бирок ал чоң күнөөлөрдү кылбоосу шарт. Мындай артыкчылык бардык заманга жана бардык намаздарга тиешелүү.

## Хадистин пайдалары:

1. Күнөөлөрдүн кечирилүүсүнө себеп болгон намаз: Пенденин дааратын жеткиликтүү алып, Аллахтын ыраазылыгын үмүт кылып, жүрөгү менен берилип окуган намазы.

2. Ибадаттарды токтотпой улантуу артыкчылыктуу иш, анткени ал майда күнөөлөрдүн кечирилүүсүнө себеп болот.

3. Дааратты жеткиликтүү алуу, намазды берилүү менен жакшы окуу артыкчылыктуу иштерден.

4. Майда күнөөлөр кечирилүүсү үчүн чоң күнөөдөн оолак болуу зарыл.

5. Ал эми чоң күнөөлөр тообо кылуу менен гана кечирилет.

(6254)

(134) – عن أبي هريرة رضي الله عنه أن رسول الله صلى الله عليه وسلم كان يقول: «الصَّلَوَاتُ الْخَمْسُ، وَالْجُمُعَةُ إِلَى الْجُمُعَةِ، وَرَمَضَانُ إِلَى رَمَضَانَ، مُكَفِّرَاتٌ مَا بَيْنَهُنَّ إِذَا اجْتَنَبَ الْكَبَائِرَ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(134) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айткан эле: **«Беш убак намаз бири-бирине чейинки, жума намазы келерки жумага чейинки, Рамазан айы келерки Рамазан айына чейинки кичине күнөөлөрдүн кечирилишине себеп болот, эгерде чоң күнөөлөрдөн алыс болсо»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) чоң күнөөлөрдөн алыс болуу шарты менен бир күндөгү беш убак парз намаздардын ортосундагы, ар бир аптадагы жума намазы менен кийинки жума намазын ортосундагы жана жыл сайын рамазан айындагы орозо менен кийинки орозонун ортосундагы кичине күнөөлөрдүн кечирилишин кабарлап жатат. Ал эми зына жана арак ичүү, ж.б.у.с. чоң күнөөлөр тооба менен гана кечирилет.

## Хадистин пайдалары:

1. Күнөөлөр чоң жана кичине болуп бөлүнөт.
2. Чоң күнөөлөрдөн алыс болуу шарты менен гана кичине күнөөлөр кечирилет.
3. Чоң күнөө - бул дүйнөдө анын жазасы баяндалган. Акыретте анын азапталышы тууралуу жана Аллахтын ага ачуулануусу тууралуу убада келген. Аны кылган адамга экертүү керек же ал Аллахтын каргышына калат. Чоң күнөөлөр зына же арак ичүү, ж.б.у.с.

(3591)

(135) – عن عمرو بن شُعيب عن أبيه عن جدِّه قال: قال رسولُ الله صلى الله عليه وسلم: «مُرُوا أولادكم بالصلاةِ وهم أبناءُ سبعِ سِنينَ، واضرِبوهم عليها وهم أبناءُ عَشرٍ، وفرِّقوا بينهم في المَضاجِعِ». [حسن] - [رواه أبو داود]

(135) – Амир бин Шуъайб атасынан чон атасынын айтканын минтип айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Балдарыңарды жети жашка чыкканда намаз окууга буйругула, он жашка чыкканда (окубаса, эскертүү үчүн акырын) ургула жана (кыз менен баланын) жаткан орундарын бөлгүлө". [Хасан (жакшы)] - [Абу Дауд жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ата балдарын (уулбу, кызбы айырмасы жок) жети жашында намазга буйруусун жана намаз окуу үчүн эмнени билиш керек болсо, аны үйрөтүү керектигин айткан. Ал эми он жашка чыкканда да намаз окубаса буйругандан сырткары уруу керектигин жана (ушул жашка чыккан уул бала менен кыз баланын) төшөгүн ажыратуу керектигин айткан.

## Хадистин пайдалары:

1. Балдар балакат жаш курагына жеткенге чейин эле дин иштерин үйрөтүү зарыл, бул иштердин эң маанилүүсү - намаз.

2. Баланы уруу аны азаптоо эмес, ага адеп берүү үчүн, б.а. аны абалына жараша гана урат.

3. Шарият намысты сактоого жана бузукулукка алып бара турган бардык жолдорду тосууга көңүл бурат.

(5272)

(136) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللهُ عنه سَمِعْتُ رَسُولَ اللهِ صلى الله عليه وسلم يَقُولُ: «قَالَ اللهُ تَعَالَى: قَسَمْتُ الصَّلَاةَ بَيْنِي وَبَيْنَ عَبْدِي نِصْفَيْنِ، وَلِعَبْدِي مَا سَأَلَ، فَإِذَا قَالَ الْعَبْدُ: {الْحَمْدُ لِلهِ رَبِّ الْعَالَمِينَ}، قَالَ اللهُ تَعَالَى: حَمِدَنِي عَبْدِي، وَإِذَا قَالَ: {الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ}، قَالَ اللهُ تَعَالَى: أَثْنَى عَلَيَّ عَبْدِي، وَإِذَا قَالَ: {مَالِكِ يَوْمِ الدِّينِ}، قَالَ: مَجَّدَنِي عَبْدِي، -وَقَالَ مَرَّةً: فَوَّضَ إِلَيَّ عَبْدِي-، فَإِذَا قَالَ: {إِيَّاكَ نَعْبُدُ وَإِيَّاكَ نَسْتَعِينُ}، قَالَ: هَذَا بَيْنِي وَبَيْنَ عَبْدِي وَلِعَبْدِي مَا سَأَلَ، فَإِذَا قَالَ: {اهْدِنَا الصِّرَاطَ الْمُسْتَقِيمَ، صِرَاطَ الَّذِينَ أَنْعَمْتَ عَلَيْهِمْ غَيْرِ الْمَغْضُوبِ عَلَيْهِمْ وَلَا الضَّالِّينَ}، قَالَ: هَذَا لِعَبْدِي وَلِعَبْدِي مَا سَأَلَ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(136) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылып айтты: "Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: Аллах таала айтты: "Намазды Менин жана пендемдин ортосунда экиге бөлдүм, ошондой эле пендеме сураган нерсеси (берилет). Эгерде пенде: "Альхамду лиллахи Роббиль ааълямиин" - деп айтса, Аллах айтат: "Пендем Мага шүгүрлөрдү айтты". Эгерде пенде: "Ар-Рахманир Рахийм" - деп айтса, Аллах айтат: "Пендем Мага мактоолорду айтты". Эгер пенде: "Маалики яумуддиин" - деп айтса, Аллах айтат: "Пендем Мени улуктады". Эгерде пенде: "Иййака наьбуду ва иййака настаьийн" - деп айтса, Аллах айтат: "Бул Мени

менен пендемдин ортосундагы (нерсе) жана Пендеме сураган нерсеси (берилет)". Эгерде пенде: "Ихдинас сиротоль мустакийм. Сиротоль лязиина анъамта аълайхим гойриль магдууби алайхим уа ляд-дооооллиин" - деп айтса, Аллах айтат: "Бул пендем үчүн, пендеме сураган нерсеси (берилет)". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) хадиси кудсийде, Аллах Тааланын айтканын кабар берди: "Мен Фатиха сүрөөсүн намазда Өзүм менен пендемдин ортосунда экиге бөлдүм, жарымы мен үчүн, жарымы ал үчүн".

Биринчи жарымы: Аллахка шүгүрлөр, мактоолор жана улуктоо жана аны эң жакшы сыйлык менен сыйлоо.

Экинчи жарымы: дуба жана жалбаруу. Аллах Таала айтты: "Мен ага жооп берем жана сураганын берем" - деди.

Намаз окуган адам: "Альхамду лиллахи Раббиль ааълямиин" - десе, Аллах айтат: "Менин пендем мага шүгүрлөрдү айтты". Эгер ал: "Ар-Рахманир Рахийм" - десе, Аллах айтат: «Менин пендем Мени мактады жана Мага шүгүрлөрөрдү айтты. Менин жаратканыма

болгон жакшылыктарды жалпылай моюнга алды". Эгер ал: "Маалики яумуддиин" - десе, Аллах айтат: "Менин пендем Мени улуктады, бул эң чоң сыймык".

Эгер намаз окуган адам: "Иййака наьбуду ва иййака настаьийн" - десе, Аллах: "Бул Мен менен пендемдин ортосунда" - дейт.

Бул аяттын биринчи жарымы Аллахка таандык. Ал аят: "Иййака наьбуду". Бул - ибадат Аллахка гана болоорун моюнга алуу жана Ага гана ибадат кылууну кабыл алуу. Ушул менен Аллахка тиешелүү жарымы бүтөт.

Ал эми аяттын экинчи жарымы пенде үчүн. Ал аят: "Иййака настаьийн". Бул - Аллахтан жардам суроо жана Анын жардам берүүгө болгон убадасы.

Эгерде намаз окуучу: "Ихдинас сиротоль мустакийм. Сиротоль лязиина анъамта аълайхим гойриль магдууби алайхим уа ляд-доооолиин" - десе, Аллах айтат: "Бул Менин пендемдин дубасы жана жалбаруусу. Пендемдин сураганы берилет жана мен анын дубасын кабыл кылдым".

## Хадистин пайдалары:

1. Фатиха сүрөөсүнүн эң чоң мааниси – Аллах Таала аны намаз (Солах) деп атаган.

2. Аллах Тааланын Өзүнүн пендесине жардам берээрин баяндап жатат. Анткени Аллах Таала аны мактоо-шүгүрлөрдү айтканы себептен жана улуктаганы себептен мактады жана сураганын берем деп убада берди.

3. Бул ыйык сүрө Аллахка мактоо-шүгүрлөрдү айтууну, Кыямат күнүн эскертүүнү, Аллахка дуба кылууну, Ага гана чын ыкластан ибадат кылууну, туура жолго салууну суроону жана бузуку жолдордон сактанууну камтып алган.

4. Намаз окуучу бул хадистин маанисин түшүнсө Фатиха сүрөөсүн окуган кезде анын намаздагы коркуп туруусу күчөйт.

(65099)

(137) – عن بريدة رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «إِنَّ الْعَهْدَ الَّذِي بَيْنَنَا وَبَيْنَهُمُ الصَّلَاةُ، فَمَنْ تَرَكَهَا فَقَدْ كَفَرَ».

[صحيح] - [رواه الترمذي والنسائي وابن ماجه وأحمد]

(137) – Бурайда (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Чындыгында, биз менен алардын ортосундагы келишим намаз, ким аны таштаса, каапыр болот". [Сахих (ишенимдүү)] - [Ат-Тирмизи, ан-Насаав, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулмандар менен каапырлар жана мунафыктар ортосундагы келишим намаз экенин жана ким аны таштаса, каапыр болоорун баяндады.

## Хадистин пайдалары:

1. Намаздын мааниси чоң. Чындыгында, намаз ыймандуу менен каапырды айырмалап турат.
2. Ислам өкүмдөрү адамдын ички дүйнөсүнө эмес сырткы абалына карап бекитилет.

(65094)

(138) – عن جابرٍ رضي الله عنه قال: سمعت النبي صلى الله عليه وسلم يقول:

«إِنَّ بَيْنَ الرَّجُلِ وَبَيْنَ الشِّرْكِ وَالْكُفْرِ تَرْكَ الصَّلَاةِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(138) – Жабир (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, ал айтты: "Мен Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтып жатканын уктум: "Чындыгында, адам менен ширк, каапырлыктын ортосунда намазды таштоо гана турат". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) парз намазды таштоодон сактанууну эскертти. Жана адам менен ширкке жана куфрга түшүп калуунун ортосунда намазды таштоо гана тураарын кабар берди. Намаз Исламдын экинчи түркүгү, анын Исламдагы мааниси чоң. Кимде-ким намазды таштаса, анын парз экенин четке какса, мусулмандардын ижмаъсына ылайык каапыр болот. Эгер шалаакылык жана жалкоолук менен аны толугу менен таштаса, анда ал каапыр болуп саналат жана бул жөнүндө сахабалардын ижмаъсы кабарланган. Ал эми намазды кээде калтырып, кээде окуса, анда ал катуу азапка дуушар болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Намазга көңүл буруу жана аны калтырбай окуунун маанилүүлүгү бул куфр менен ыйманды айырмалап турат.

2. Намазды калтыруу жана аны толугу менен таштоодон катуу эскертүү келди.

(65093)

(139) – عن سالم بن أبي الجَعْدِ قال: قال رجل: ليتني صَلَّيتُ فاسترحْتُ، فكأنّهم عابُوا ذلك عليه، فقال: سمعتُ رسولَ الله صلى الله عليه وسلم يقول: «يا بلالُ، أَقِمِ الصَّلاةَ، أَرِحْنا بها». [صحيح] - [رواه أبو داود]

(139) – Салим бин Абу аль-Жаад риваят кылат: "Бир адам айтты: "Мен намаз окуп, эс алсам кана" - деди эле сахабалар бул үчүн аны айыптагандай болушту. Ошондо ал айтты: "Мен Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: "Эй, Билал, намазга чакыр жана намаз менен бизди эс алдыр".

[Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Сахабалардан бир киши: "Мен намаз окуп, эс алсам кана" - деди. Анын айланасындагылар аны жемелеп жаткандай болушту. Ошондо ал айтты: "Мен Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай дегенин уктум: "Эй Билал! Азан айт жана намазга такбир айт! Биз намазда эс алабыз. Себеби анда Аллах Таалага кайрылуу жана рух менен жүрөктүн эс алуусу бар".

## Хадистин пайдалары:

1. Жүрөктүн эс алуусу намаз аркылуу болот. Анткени анда Аллах Таалага кайрылуу бар.
2. Ибадаттарга кайдыгер кароодон кайтаруу керек.
3. Кимде-ким өз милдетин аткарса жана анын жоопкерчилигин өтөсө, анда ал ырахат алат жана бейпилдикти сезет.

(65095)

(140) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: كَانَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، إِذَا كَبَّرَ فِي الصَّلَاةِ، سَكَتَ هُنَيَّةً قَبْلَ أَنْ يَقْرَأَ، فَقُلْتُ: يَا رَسُولَ اللهِ بِأَبِي أَنْتَ وَأُمِّي أَرَأَيْتَ سُكُوتَكَ بَيْنَ التَّكْبِيرِ وَالْقِرَاءَةِ، مَا تَقُولُ؟ قَالَ «أَقُولُ: اللهُمَّ بَاعِدْ بَيْنِي وَبَيْنَ خَطَايَايَ كَمَا بَاعَدْتَ بَيْنَ الْمَشْرِقِ وَالْمَغْرِبِ، اللهُمَّ نَقِّنِي مِنْ خَطَايَايَ كَمَا يُنَقَّى الثَّوْبُ الْأَبْيَضُ مِنَ الدَّنَسِ، اللهُمَّ اغْسِلْنِي مِنْ خَطَايَايَ بِالثَّلْجِ وَالْمَاءِ وَالْبَرَدِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(140) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) такбир айтып намазга киргенден кийин (Фатиханы) окуганга чейин бир саамга унчукпай турчу. Ошондо мен: О, Аллахтын элчиси, ата-энем сага курман болсун, такбир менен кырааттын ортосунда унчукпай турдуңуз, ал

учурда эмнени окуйсуз? - деп сурадым. Ал: "Аллахумма баъид байни ва байна хотойайа камаа баъадта байнал машрики вал магриб, Аллахумма наккини мин хотойайа камаа йунаккас савбул абйазу минад-данаси, Аллахуммаг силнии мин хотойайа бис-салжи вал-мааи вал-баради" деп айтамын" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) такбир айтып намазга киришкенден кийин фатиханы окуганга чейин бир азга унчукпай туруп калчу. Б.а. намазды кайсы бир дубаны окуп баштачу. Анын окуган дубасы мындай эле: О, Аллах! Мен менен менин каталарымдын арасын батыш менен чыгыштын арасын узак кылгандай узак кыл! О, Аллах! Ак кийим кирден таза болгондой мени да каталарымдан тазарта көр! О, Аллах! Менин каталарымды кар, суу жана шүүдүрүм менен жуба көр! Ал күнөө кылбастыгы үчүн күнөөлөрү менен анын ортосун чыгыш менен батыш бири-бирине жолуга албагандай эч жолуга албай турган алыс кылгын деп дуба кылган. Кокус ага жолугуп калса б.а.

күнөө кылып калса, анда аны ак кийимдин кирин кетирип тазалагандай таптаза кылуусун, күнөөсүн эң жакшы муздак тазалоочу суу, кар жана шүүдүрүм менен тазалагандай тазалап анын табын жана ысыгын кетирүүсүн суранып дуба кылган.

## Хадистин пайдалары:

1. Намаз жарыя окулчу намаз болсо да, намазга киришкенде айтылчу бул дуба купуя окулат.

2. Сахабалар пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар бир кыймылына жана унчукпай турганына кызыгып, ошол учурда эмне деп жатканын билүүгө кызыктар болушкан.

3. Намазды баштоо дубасынын башкача айтылгандары да бар. Жакшысы, анык пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан бул дубалардын баарын билип, кээде бирин, кээде башкасын айтып жүрүүсү керек.

(3104)

(141) – عَن ابْنِ عُمَرَ رضي الله عنهما: أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ كَانَ يَرْفَعُ يَدَيْهِ حَذْوَ مَنْكِبَيْهِ إِذَا افْتَتَحَ الصَّلَاةَ، وَإِذَا كَبَّرَ لِلرُّكُوعِ، وَإِذَا رَفَعَ رَأْسَهُ مِنَ الرُّكُوعِ، رَفَعَهُمَا كَذَلِكَ أَيْضًا، وَقَالَ: «سَمِعَ اللَّهُ لِمَنْ حَمِدَهُ، رَبَّنَا وَلَكَ الحَمْدُ»، وَكَانَ لاَ يَفْعَلُ ذَلِكَ فِي السُّجُودِ. [صحيح] - [متفق عليه]

(141)–Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазды баштаганда эки колун эки ийининин тушуна чейин көтөрчү. Рүкү кылуу үчүн такбир айтканда, рүкүдөн башын өйдө кылганда эки колун ошондой көтөрчү. Анан: "Самиъа Аллаху лиман хамидах, роббанаа лакал хамду" деп айтчу. Саждада мындай кылчу эмес. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазда үч учурда колун ийин тушуна чейин: далы менен акырек сөөгүнүн тушуна чейин көтөргөн.

Биринчи учур: намазды баштагандагы биринчи такбирде.

Экинчиси: рүкүгө эңкейгендеги такбирде.

Үчүнчүсү: рүкүдөн башын көтөргөндө. Ушул учурда: Самиъа Аллаху лиман хамидах, роббанаа ва лакал хамд деп айткан.

Сажда кыларда да, саждадан өйдө болордо да колун көтөргөн эмес.

## Хадистин пайдалары:

1. Намазда колун көтөрүүнүн сыры - намазга кооздук жана Аллах Тааланы улуктоо.
2. Мындан сырткары Абу Хумайд ас-Саъидинин Абу Дауд ж.б. айтылган хадисинде пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дагы бир учурда колун көтөргөнү айтылган. Бул үч жана төрт ирекеттүү намаздарда биринчи ташахуддан турган учур.
3. Дагы пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) колдорун кулак тушуна чейин көтөргөнү бирок кулагына тийгизбегени айтылган. Маалик бин Хувайристин эки ишенимдүү хадистер топтомунда айтылган хадисинде: "Аллахтын элчиси (Аллаху Акбар деп) такбир айтканда эки колун кулактарынын тушуна чейин көтөргөн" деп айтылат.
4. Самиъа Аллаху лиман хамидах деп айтуу имамга анан өзү жалгыз намаз окуган кишиге тиешелүү. Ал эми имамга уюган киши: Роббана ва лакал хамду деп айтат.

5. Пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтылган "Роббана ва лакал хамду" деген сөз төрт түрдө айтылат. Бири ушул. Жакшысы бул дубаны жана башкасын билип, кээде бирин, кээде башкасын айтып туруу керек.

(3095)

(142) – عَنْ عُبَادَةَ بْنِ الصَّامِتِ رضي الله عنه أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «لَا صَلَاةَ لِمَنْ لَمْ يَقْرَأْ بِفَاتِحَةِ الكِتَابِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(142) – Убада бин Саамит (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деди: "Фатиханы окубаган адамдын намазы жок". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Фатиха сүрөсү окулбаса, адамдын окуган намазы жарактуу болбостугун айткан. Фатиханы окуу намаздын ар бир ирекетинде аткарылчу рүкүндөрдүн бири.

## Хадистин пайдалары:

1. Фатиха сүрөсүн окууга мүмкүнчүлүгү болуп туруп анын ордуна башка сүрөнү окуса, анын ордуна өтпөйт.

2. Фатиха сүрөсү окулбаган ирекет батыл, б.а жакраксыз, мейли атайлап окубасын, мейли билбестен же унутуп окубасын, айырмасы жок. Анткени, ал рүкүн, рүкүндөр кандай шартта болсо да моюндан түшпөйт.
3. Имамга жүктөгөн адам имам үрүкү кылган учурда жетишип калса, Фатиханы окуу анын моюнунан сакыт болот.

(5378)

(143) – عن أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه: أنه كَانَ يُكَبِّرُ فِي كُلِّ صَلَاةٍ مِنَ الْمَكْتُوبَةِ وَغَيْرِهَا، فِي رَمَضَانَ وَغَيْرِهِ، فَيُكَبِّرُ حِينَ يَقُومُ، ثُمَّ يُكَبِّرُ حِينَ يَرْكَعُ، ثُمَّ يَقُولُ: سَمِعَ اللهُ لِمَنْ حَمِدَهُ، ثُمَّ يَقُولُ: رَبَّنَا وَلَكَ الْحَمْدُ، قَبْلَ أَنْ يَسْجُدَ، ثُمَّ يَقُولُ: اللهُ أَكْبَرُ حِينَ يَهْوِي سَاجِدًا، ثُمَّ يُكَبِّرُ حِينَ يَرْفَعُ رَأْسَهُ مِنَ السُّجُودِ، ثُمَّ يُكَبِّرُ حِينَ يَسْجُدُ، ثُمَّ يُكَبِّرُ حِينَ يَرْفَعُ رَأْسَهُ مِنَ السُّجُودِ، ثُمَّ يُكَبِّرُ حِينَ يَقُومُ مِنَ الْجُلُوسِ فِي الِاثْنَتَيْنِ، وَيَفْعَلُ ذَلِكَ فِي كُلِّ رَكْعَةٍ، حَتَّى يَفْرُغَ مِنَ الصَّلَاةِ، ثُمَّ يَقُولُ حِينَ يَنْصَرِفُ: وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ، إِنِّي لَأَقْرَبُكُمْ شَبَهًا بِصَلَاةِ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، إِنْ كَانَتْ هَذِهِ لَصَلَاتَهُ حَتَّى فَارَقَ الدُّنْيَا. [صحيح] - [متفق عليه]

(143) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: "Чындыгында, Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) ар бир парз намазда жана башка убакта, Рамазанда жана башка убакта рүкү кылып жатканда: "Аллаху Акбар" - деп такбир

айтып, рүкүдөн турганда: “Самиьаллаху лиман хамидах” - деп айтып, андан кийин саждага барардан мурда "Раббанаа лакал хамду" деп айтчу. Андан кийин саждага жыгылганда "Аллаху акбар" деп такбир айтып, саждадан башын көтөргөндө "Аллаху акбар" деп такбир айтып, андан кийин кайра сажда кылып жатканда "Аллаху акбар" деп такбир айтып, андан кийин саждадан башын көтөргөндө "Аллаху акбар" деп такбир айтчу. Андан кийин эки сажданын ортосуна отурганы турганда “Аллаху акбар” деп такбир айтчу. Ал намазды бүтүргөнгө чейин ар бир рекетте ушундай кылган". Намазын окуп бүткөндөн кийин: "Менин жаным Анын колунда болгон Затка касам! Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазына эң жакын окшоштурдум. Чындыгында Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дүйнөнү таштап кеткенге чейинки намазы ушул болгон" - деп айткан". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазынын сүрөттөлүшүнүн бир бөлүгүн риваят кылып мындайча кабарлап айткан: "Ал

намазга турганда “Аллаху Акбар” деп такбиратул ихрамды айткан. Андан кийин “Аллаху Акбар” деп рүкү кылганда, саждага барганда, саждадан башын өйдө көтөргөндө, экинчи саждага барганда, саждадан башын көтөргөндө жана үч же төрт рекет намазда биринчи ташаххудга отургандан кийин алгачкы эки рекеттен турганда такбир айткан. Андан соң бардык намаздарды бүткүчө мына ошондой кылып окучу. Рүкүдөн далысын көтөргөндө: "Самиьаллаху лиман хамидах" - деп, андан кийин рүкүдөн тик турганда: "Раббанаа лакал хамд" - деп айткан".

Анан Абу Хурайра намазын окуп бүткөндөн кийин мындай дейт: "Менин жаным Анын колунда болгон Затка касам! Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазына эң жакын окшоштурдум. Чындыгында Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дүйнөнү таштап кеткенге чейинки намазы ушул болгон" - деп айткан".

## Хадистин пайдалары:

1. Ар бир рүкүгө эңкейип жаткан учурда жана рүкүдөн көтөрүлүп жаткан учурда такбир айтылат. Ал эми рүкүдөн тик турган учурда: "Самиьаллааху лиман хамидах" - деп айтылат.

2. Сахабалар Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үлгү алууга жана анын сүннөттөрүн сактоого өтө ынтызар болушкан.

(65098)

(144) – عن ابنِ عَبَّاسٍ رضي الله عنهما عن النبيِّ صلى الله عليه وسلم قال: «أُمِرْتُ أَنْ أَسْجُدَ عَلَى سَبْعَةِ أَعْظُمٍ: عَلَى الْجَبْهَةِ وَأَشَارَ بِيَدِهِ عَلَى أَنْفِهِ، وَالْيَدَيْنِ، وَالرُّكْبَتَيْنِ، وَأَطْرَافِ الْقَدَمَيْنِ، وَلَا نَكْفِتَ الثِّيَابَ وَالشَّعَرَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(144) – Ибн Аббастын (Аллах алардан ыраазы болсун) риваятында, пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Жети мүчөмдү жерге тийгизип сажда кылууга: Бешене, анан колу менен мурдун көрсөтүп ишаара кылды, эки кол, эки тизе жана эки буттун учу. Ошондой эле кийимди кымтыланбоого жана чачты байлап албоого буйрулдум". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оуздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала аны сажда кылганда жети мүчөсү менен сажда кылууга буйруганын айтат. Алар:

Биринчи: бешене, ал: эки көз менен мурундун өйдө жагындагы жүздүн жайык жери. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мурун менен бешене экөө биригип жети мүчөнүн бири экенин баяндап жана сажда кылган адам мурдун жерге тийгизүүсү зарыл экенин бышыктап, мурдун колу менен ишаара кылып көрсөткөн.

Экинчи жана үчүнчү мүчөлөр: эки кол.

Төртүнчү жана бешинчиси: эки тизе.

Алтынчы жана жетинчиси: эки буттун манжалары.

Анан бизди жерге сажда кылган учурда этияттап чачыбызды байлап алуудан, кийимди бирине-бирин киргизип кымтылануудан тыйган. Тескерисинче, аларды жөн таштап койобуз, башка мүчөлөрдөй эле жерге тийип сажда кылуусу үчүн.

## Хадистин пайдалары:

1. Намазда сажда жети мүчө менен кылынуусу важиб.
2. Намазда кийимди, чачты кымтылап байлоо макирөө.
3. Намаз окуучу адамга намазда бейпил, тынч болуусу важиб. Бул саждадагы жети мүчөнү

жерге тегиз тийгизип, шариятта айтылган зикр-дубаларды айтканча саждада шашпай туруу менен болот.

4. Чачты байлоодон тыюу эркектерге гана тиешелүү. Анткени аял киши намазда толук жамынып окууга буйрулган.

(10925)

(145) – عَن أَبِي أُمَامَةَ قَالَ: حَدَّثَنِي عَمْرُو بْنُ عَبَسَةَ رضي الله عنه أَنَّهُ سَمِعَ النَّبِيَّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «أَقْرَبُ مَا يَكُونُ الرَّبُّ مِنَ العَبْدِ فِي جَوْفِ اللَّيْلِ الآخِرِ، فَإِنْ اسْتَطَعْتَ أَنْ تَكُونَ مِمَّنْ يَذْكُرُ اللَّهَ فِي تِلْكَ السَّاعَةِ فَكُنْ». [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي والنسائي]

(145) – Абу Умама айтат: Мага Амр бин Абаса (Аллах андан ыраазы болсун) Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) укканын минтип айтты: "Аллахтын пендеге эң жакын боло турган учуру - түндүн акыркы бөлүгү. Эгер колуңдан келсе, ошол убакта Аллахты зикир кылуучулардан бол". [Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи жана ан-Насааи жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: түндүн акыркы

үчүнчү бөлүгүндө Аллах Таала пендеге эң жакын болгон учуру. О, ыймандуу пенде, эгер ушул убакта намаз окуп, зикир чалып, тообо кылуучу адамдардын катарында болууга чамаң жетип, колуңдан келип турса, анда бул убакты текке кетирбей, аны пайдаланып калуугa тырыш.

## Хадистин пайдалары:

1. Түндүн акыркы бөлүгүндө зикир кылуу зарыл.
2. Зикир, дуба жана намаз ибадаттары аткарыла турган артыкчылыктуу убактар бар.
3. Муайрик минтип айткан: "Аллах пендеге эң жакын болгон учур" деген хадис менен "Пенде Раббисине эң жакын болгон учур анын сажда кылган учуру" деген хадистин бири-биринен айырмасы мындай: биринчисинде Аллах Тааланын пендеге эң жакын боло турган убакыт жөнүндө айтылган. Бул убакыт түндүн акыркы бөлүгү. Ал эми экинчисинде пенденин Аллахка жакын боло турган абалы тууралуу айтылган. Бул абал пенденин саждадагы абалы.

(3236)

(146) – عن جَرِيْر بنِ عبدِ الله رضي الله عنه قال: كُنَّا عِنْدَ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، فَنَظَرَ إِلَى الْقَمَرِ لَيْلَةً -يَعْنِي الْبَدْرَ- فَقَالَ: «إِنَّكُمْ سَتَرَوْنَ رَبَّكُمْ كَمَا تَرَوْنَ هَذَا الْقَمَرَ، لَا تُضَامُونَ فِي رُؤْيَتِهِ، فَإِنِ اسْتَطَعْتُمْ أَنْ لَا تُغْلَبُوا عَلَى صَلَاةٍ قَبْلَ طُلُوعِ الشَّمْسِ وَقَبْلَ غُرُوبِهَا فَافْعَلُوا» ثُمَّ قَرَأَ: «{وَسَبِّحْ بِحَمْدِ رَبِّكَ قَبْلَ طُلُوعِ الشَّمْسِ وَقَبْلَ الْغُرُوبِ}» [صحيح] - [متفق عليه]

(146) – Жарир бин Абдуллах (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Биз Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жанында элек. Ал түнкү айга, тагыраак айтканда, толуп турган айга карап: "Раббиңерди ушул айды көрүп турган сыяктуу көрөсүңөр, Аны көрүүдө эч кыйналбайсыңар. Эгер күн батардагы жана күн чыгардагы намазга тоскоолдуктарды жеңе аласаңар, анда ушул эки намазды аткаргыла" - деди да, анан: "Күн чыгардан мурда жана күн батарда Раббиңе мактоо айтуу менен Аны аруула" деген аятты окуду. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Бир түнү сахабалар Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен бирге отурганда, ал он төртүнө толуп турган айга

карап мындай дейт: Чынында ыймандуу пенделер Раббисин акыйкат, өз көздөрү менен эч шексиз көрүшөт. Аллах Тааланы көрүүдө аларда тыгын да, кыйынчылык да, чарчоо да болбойт. Андан кийин Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай дейт: Эгер багымдат жана дигер намазынан силерди алагды кыла турган себептерди жогото алсаңар, анда ошондой кылгыла, бул эки намазга өз убагында жамаат менен окууга келгиле. Анткени бул Улук Аллах Тааланын жүзүн көрүүгө себеп болот. Андан кийин Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул аятты окуду: "Күн чыгардан мурда жана күн батарда Раббиңе мактоо айтуу менен Аны аруула".

## Хадистин пайдалары:

1. Ыйман ээлерине бейиште Аллах Тааланы көрөрү тууралуу сүйүнчү кабар.

2. Бышыктап айтуу, кызыктыруу жана мисал келтирүү - булар, дааваттын услуб-ыкмаларынан.

(5657)

(147) – عن أَبِي مُوسَى الأَشْعَرِيِّ رضي الله عنه: أَنَّ رَسُولَ اللهِ صلى الله عليه وسلم قَالَ: «مَنْ صَلَّى الْبَرْدَيْنِ دَخَلَ الْجَنَّةَ» [صحيح] - [متفق عليه]

(147) – Абу Муса Ашари (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ким эртең мененки жана кеч курунку намазды окуса, бейишке кирет". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) багымдат намазы менен асыр намазын калтырбай, өз убагынан кечиктирбей окууга үндөгөн. Кимде-ким бул эки намазды талаптагыдай, өз убактысында, жамаат менен окуса, бул намаздар анын бейишке кирүүсүнө себеп болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Багымдат намазы менен асыр намазын калтырбай окууда чоң артыкчылык бар; Анткени, багымдат намазы уйку аябай татуу болгон учурга дал келет. Асыр болсо иш аябай кызыган учурда. Ошондуктан,

бул эки намазды калтырбай окуу башка намаздарга караганда зарылыраак.

2. Бул эки намаз "бардайни" деп аталат, "суукта окулчу эки намаз" деген мааниде. Багымдат намазы түндүн суугунда, дигер намазы күндүн табы кайтып калганда окулганы үчүн ушинтип аталышы мүмкүн. Ысык мезгилде болсо деле, асыр убагы андан мурунку убакка караганда салкындап калган учур болот эмеспи. Же жөн эле басымдуулугун эске алып ушинтип атаган болушу да мүмкүн. Мисалы, Күн менен Айды арабдар "эки Ай" деп атаган сыяктуу.

(4198)

(148) – عن جُندب بن عبد الله القَسْرِي رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «مَنْ صَلَّى صَلَاةَ الصُّبْحِ فَهُوَ فِي ذِمَّةِ اللهِ، فَلَا يَطْلُبَنَّكُمُ اللهُ مِنْ ذِمَّتِهِ بِشَيْءٍ، فَإِنَّهُ مَنْ يَطْلُبْهُ مِنْ ذِمَّتِهِ بِشَيْءٍ يُدْرِكْهُ، ثُمَّ يَكُبَّهُ عَلَى وَجْهِهِ فِي نَارِ جَهَنَّمَ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(148) – Жундуб бин Абдулла Аль-Касри (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Кимде-ким багымдат намазын окуса, анда ал Аллахтын коргоосунда болот. Ошондуктан Аллах**

**силерден Өзүнүн коргоосундагы адам тууралуу эч нерсени талап кылбасын. Анткени Аллах кимден Өз коргоосундагы адам тууралуу бир нерсени талап кылса, анда Аллах ага сөзсүз жетет. Андан кийин аны бети менен тозоко ыргытат».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким багымдат намазын окуса, анда ал Аллахтын сактоосунда, көзөмөлүндө жана коргоосунда болоорун кабарлап жатат. Аллах Таала аны душмандан сактайт жана аларга үстөмдүк кылат.

Андан кийин Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) багымдат намазын калтырып же багымдат намазын окугандарга кол салып, аларга душмандык кылып, Аллах коргоосуна алган адам менен Аллахтын ортосундагы бул келишимди бузгандарга, аны жараксыз кылгандарга катуу эскертти. Анткени кимде-ким бул келишимди бузса, анда Аллахтын коргоосун бузган болот. Ал Аллахтын коргоосундагы адамдын акысына душмандык кылганы себептүү ал катуу азапка татыктуу болот. Аллах кимден Өз коргоосундагы адам тууралуу бир

нерсени талап кылса, анда Аллах ага сөзсүз жетет. Андан кийин аны бети менен тозокко ыргытат».

## Хадистин пайдалары:

1. Багымдат намазынын маанилүүлүгү жана анын пазилети баяндалды.
2. Багымдат намазын окугандар үчүн жамандык кылган адамдарга катуу азап болоорун эскертип жатат.
3. Аллахтын салих пенделерине душмандык кылгандардан Аллах алардын өчүн алып берет.

(5435)

(149) – عن بريدة بن الحصيب رضي الله عنه أنه قال: بَكِّرُوا بِصَلَاةِ الْعَصْرِ، فَإِنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «مَنْ تَرَكَ صَلَاةَ الْعَصْرِ فَقَدْ حَبِطَ عَمَلُهُ». [صحيح] - [رواه البخاري]

(149) – Бурайда (Аллах андан ыраазы болсун) минтип айткан: Асыр намазын эртерээк окугула, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): " Ким асыр намазын калтырса, анын амалы текке кетет" - деген. [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) асыр намазын убактысынан атайлап кечиктирүүдөн эскерткен. Ким кечиктирсе иш-амалдары жокко чыгып, текке кетерин айтты.

## Хадистин пайдалары:

1. Асыр намазын абалкы убактысында окуу жана ушуга аракет кылуу керек.
2. Асыр намазын калтырган жана убактысынан кечиктирген адамга катуу эскертүү бар. Аны кечиктирүү башка намаздарды кечиктирүүдөн оор күнөө. Анткени ал Аллах Таала: "Намазыңарды, айрыкча ортоңку намазды бекем сактагыла" - деп баса белгилеген ортоңку намаз. (Бакара, 238-аят).

(6261)

(150) – عن أنس بن مالك رضي الله عنه عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «مَنْ نَسِيَ صَلَاةً فَلْيُصَلِّ إِذَا ذَكَرَهَا، لَا كَفَّارَةَ لَهَا إِلَّا ذَلِكَ: {وَأَقِمِ الصَّلَاةَ لِذِكْرِي} [طه: ١٤]». [صحيح] - [متفق عليه]

(150) – Анас бин Малик (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун)

айтты: "Ким бир намазды унутса, аны эстегенде окусун. Ага андан башка каффарат (8) жок. Аллах таала айтты: "Мени эстөө үчүн намаз оку" [Таха: 14]". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким кайсы бир парз намазды окууну убактысы бүткүчө унутуп калса, аны эстеген замат казасын окууга шашылуусу керек экенин баяндады. Эгер мусулман унуткан намазын эстегенде окубаса кайдыгерликтин күнөөсү кечирилбейт жана өчүрүлбөйт. Анткени Аллах Таала Өзүнүн ыйык китебинде айтты: "Мени эстөө үчүн намаз оку". [Таха: 14]". Мааниси: унутулган намазды эстеген кезде оку.

## Хадистин пайдалары:

1. Намаздын маанилүүлүгүн түшүндүрүү жана аны окууда жана казасын окууда кайдыгерлик кылбоо.

2. Намазды үзүрсүз атайылап мөөнөтүнөн кечиктирүүгө болбойт.

3. Унуткан адам эстеген кезде, уктап калган адам ойгонгон кезде намазды окуп алуусу парз.
4. Каза болгон намаздарды тыюу салынган учурларда да дароо казасын окуу парз.

(65088)

(151) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «إِنَّ أَثْقَلَ صَلَاةٍ عَلَى الْمُنَافِقِينَ صَلَاةُ الْعِشَاءِ وَصَلَاةُ الْفَجْرِ، وَلَوْ يَعْلَمُونَ مَا فِيهِمَا لَأَتَوْهُمَا وَلَوْ حَبْوًا، وَلَقَدْ هَمَمْتُ أَنْ آمُرَ بِالصَّلَاةِ فَتُقَامَ، ثُمَّ آمُرَ رَجُلًا فَيُصَلِّيَ بِالنَّاسِ، ثُمَّ أَنْطَلِقَ مَعِي بِرِجَالٍ مَعَهُمْ حُزَمٌ مِنْ حَطَبٍ إِلَى قَوْمٍ لَا يَشْهَدُونَ الصَّلَاةَ، فَأُحَرِّقَ عَلَيْهِمْ بُيُوتَهُمْ بِالنَّارِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(151) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтты: "Мунафыктар үчүн эң оор намаз – куптан жана багымдат намаздары. Эгер алар ал намаздарда эмне бар экенин билишкенде, анда жөрмөлөп болсо да келишмек. Мен намаз окууга буйрук берип, намаз окулуп, бир кишини адамдарга имам болуп намаз окууга буюруп, анан мен отун көтөргөн кишилер менен намазга келбеген адамдарга барып алардын үйлөрүн өрттөөнү кааладым". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мунафыктар жана алардын намазга өзгөчө куптан жана багымдат намаздарына барuудагы жалкоолугу жөнүндө кабар берип жатат. Эгер алар мусулман жамааты менен болуудагы сооп-сыйлыктардын кадырын билишкенде, анда бала колу жана тизеси менен жөрмөлөгөндөй жөрмөлөп болсо да келишмек.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намаз окууга буйрук кылып намаз окулуп, өзүнүн ордуна башка бирөөнү адамдарга имам болууга дайындап андан соң жамаат намазга келбеген эркектерге отун көтөргөн бирөө менен барып, алар жамаатка келбей оор күнөө кылышканы үчүн үйлөрүн өрттөп жиберүүнү каалады. Бирок ал муну кылган жок. Анткени үйлөрдө эч кандай күнөөсү жок аялдар, балдар жана башка үзүрлүү адамдар бар болчу.

## Хадистин пайдалары:

1. Мечитте жамаат менен намаз окубай калуу коркунучтуу.
2. Мунафыктар ибадат кылышканда эл көрсүн жана атак-даңкты гана максат

кылышкан. Ошондуктан адамдар аларды көргөндө гана намазга келишкен.

3. Жамаат менен окулган куптан жана багымдат намаздарынын сообу чоң. Куптан жана багымдат намаздары жөрмөлөп болсо да барып жамаат менен окууга татыктуу.

4. Куптан жана багымдат намаздарын жамаат менен окуу эки жүздүүлүктөн сактайт. Ал эми эки намазды жамаат менен окубоо мунафыктардын сыпаттарынан.

(3366)

(152) – عَنِ ابْنِ أَبِي أَوْفَى رضي الله عنه قَالَ: كَانَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ إِذَا رَفَعَ ظَهْرَهُ مِنَ الرُّكُوعِ قَالَ: «سَمِعَ اللهُ لِمَنْ حَمِدَهُ، اللَّهُمَّ رَبَّنَا لَكَ الْحَمْدُ، مِلْءَ السَّمَاوَاتِ وَمِلْءَ الْأَرْضِ وَمِلْءَ مَا شِئْتَ مِنْ شَيْءٍ بَعْدُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(152) – Ибн Аби Авфа (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) рүкүдөн далысын көтөргөндө: "Самиьаллаахy лиман хамидах. Аллахумма Раббанаа лакал хамд, мил ассамааваати, уа мил ал арди, уа мил а маа ши та мин шай ин баьд" - деп айтчу. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) рүкүдөн далысын көтөргөндө: "Самиьаллаах у лиман хамидах" - деп айтчу. Мааниси: Ким Аллах Таалага мактоолорду айтса, Аллах Таала анын дубасын кабыл кылат жана анын мактоо-шүгүрлөрүн кабыл кылып, ага сооп-сыйлыктарды берет. Андан кийин Аллах Таалага ушул сөздөр менен мактоо-шүгүрлөрдү айтат: Оо, Аллах! Раббибиз, Сага асман толо жана жер толо, андан кийин каалаган нерсең менен толтура мактоолор болсун. Асмандарды, жерди жана алардын ортосундагы бардык нерселерди толтурган мактоолор болсун жана Аллах каалагандай мактоолор болсун.

## Хадистин пайдалары:

1. Намаз окуган адам рүкүдөн башын көтөргөндө эмнени айтуусу сооптуу экени баяндалды.
2. Рүкүдөн тургандан кийин түз жана бейпил туруу шариятта бар. Анткени ал түз жана бейпил турмайынча бул зикирди айтуу мүмкүн эмес.
3. Бул зикир парз болобу, нафил болобу бардык намаздарда айтылыш керек.

(65101)

(153) – عن حُذَيْفَةَ رضي الله عنه: أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ كَانَ يَقُولُ بَيْنَ السَّجْدَتَيْنِ: «رَبِّ اغْفِرْ لِي، رَبِّ اغْفِرْ لِي». [صحيح] - [رواه أبو داود والنسائي وابن ماجه وأحمد]

(153) – Хузайфа (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эки сажданын ортосунда: "Раббигфир ли, Раббигфир ли" - деп айтчу. [Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ан-Насааи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эки сажданын ортосунда отурганда: "Раббигфир ли, Раббигфир ли" - деп кайра-кайра кайталайт эле.

"Раббигфир ли" - дегендин мааниси: пенденин Раббисинен анын күнөөлөрүн кечирүүнү жана айыбын жабууну сурануусу.

## Хадистин пайдалары:

1. Парз жана нафил намаздардагы эки сажданын ортосунда отурганда бул дубаны айтуу шариятта каралган.
2. "Раббигфир ли" деп бир жолу айтуу важиб. Ал эми кайталап айтуу мустахаб.

(65104)

(154) – عن ابن عباس رضي الله عنهما: كان النبي صلى الله عليه وسلم يقول بين السجدتين: «اللَّهمَّ اغْفِرْ لي، وارْحَمْني، وعافِني، واهْدِني، وارزقْني».
[حسن بشواهده] - [رواه أبو داود والترمذي وابن ماجه وأحمد]

(154) – Ибн Аббас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эки сажданын ортосунда: "Аллахуммагфир лии, вархамнии, ва аъфинии, вахдинии, варзукнии" - деп айтчу. [Хасан бишаваахидихи (башка жакшы айтымдары бар хадис)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактооосу болсун) намазда эки сажданын ортосунда ушул беш нерсени, мусулман пенде өтө муктаж боло турган, дүйнө жана акыреттин жакшылыктарын ичине камтыган нерселерди сурап дуба кылчу. Биринчи: Күнөөлөрүн кечирүүнү, айып-кемчилигин жашырууну жана ал үчүн жазалабоону. Экинчи: Кенен ырайымын. Үчүнчү: Шектүү иштерден, ышкы-кумардан, оору-сыркоодон сактоону. Төртүнчү: Ак жолду жана ал жолдон адаштырбай алып жүрүүнү. Бешинчи: Ыйман, илим, жакшы амал жана адал ырыскысын берүүнү.

## Хадистин пайдалары:

1. Эки сажданын ортосунда ушул дубаны айтуу шариятта көрсөтүлгөн.

2. Дүйнө жана акыреттин жакшылыктарын ичине камтыганы үчүн бул дубанын артыкчылыгы чоң.

(10930)

(155) – عَنْ حِطَّانَ بْنِ عَبْدِ اللهِ الرَّقَاشِيِّ قَالَ: صَلَّيْتُ مَعَ أَبِي مُوسَى الْأَشْعَرِيِّ صَلَاةً، فَلَمَّا كَانَ عِنْدَ الْقَعْدَةِ قَالَ رَجُلٌ مِنَ الْقَوْمِ: أُقِرَّتِ الصَّلَاةُ بِالْبِرِّ وَالزَّكَاةِ، قَالَ: فَلَمَّا قَضَى أَبُو مُوسَى الصَّلَاةَ وَسَلَّمَ انْصَرَفَ فَقَالَ: أَيُّكُمُ الْقَائِلُ كَلِمَةَ كَذَا وَكَذَا؟ قَالَ: فَأَرَمَّ الْقَوْمُ، ثُمَّ قَالَ: أَيُّكُمُ الْقَائِلُ كَلِمَةَ كَذَا وَكَذَا؟ فَأَرَمَّ الْقَوْمُ، فَقَالَ: لَعَلَّكَ يَا حِطَّانُ قُلْتَهَا؟ قَالَ: مَا قُلْتُهَا، وَلَقَدْ رَهِبْتُ أَنْ تَبْكَعَنِي بِهَا، فَقَالَ رَجُلٌ مِنَ الْقَوْمِ: أَنَا قُلْتُهَا، وَلَمْ أُرِدْ بِهَا إِلَّا الْخَيْرَ، فَقَالَ أَبُو مُوسَى: أَمَا تَعْلَمُونَ كَيْفَ تَقُولُونَ فِي صَلَاتِكُمْ؟ إِنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ خَطَبَنَا فَبَيَّنَ لَنَا سُنَّتَنَا وَعَلَّمَنَا صَلَاتَنَا، فَقَالَ: «إِذَا صَلَّيْتُمْ فَأَقِيمُوا صُفُوفَكُمْ، ثُمَّ لِيَؤُمَّكُمْ أَحَدُكُمْ فَإِذَا كَبَّرَ فَكَبِّرُوا، وَإِذْ قَالَ: {غَيْرِ الْمَغْضُوبِ عَلَيْهِمْ وَلَا الضَّالِّينَ} [الفاتحة:٧]، فَقُولُوا: آمِينَ، يُجِبْكُمُ اللهُ، فَإِذَا كَبَّرَ وَرَكَعَ فَكَبِّرُوا وَارْكَعُوا، فَإِنَّ الْإِمَامَ يَرْكَعُ قَبْلَكُمْ، وَيَرْفَعُ قَبْلَكُمْ»، فَقَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «فَتِلْكَ بِتِلْكَ، وَإِذَا قَالَ: سَمِعَ اللهُ لِمَنْ حَمِدَهُ، فَقُولُوا: اللَّهُمَّ رَبَّنَا لَكَ الْحَمْدُ، يَسْمَعِ اللهُ لَكُمْ، فَإِنَّ اللهَ تَبَارَكَ وَتَعَالَى قَالَ عَلَى لِسَانِ نَبِيِّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: سَمِعَ اللهُ لِمَنْ حَمِدَهُ، وَإِذَا كَبَّرَ وَسَجَدَ فَكَبِّرُوا وَاسْجُدُوا، فَإِنَّ الْإِمَامَ يَسْجُدُ قَبْلَكُمْ وَيَرْفَعُ قَبْلَكُمْ»، فَقَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «فَتِلْكَ بِتِلْكَ، وَإِذَا كَانَ عِنْدَ الْقَعْدَةِ فَلْيَكُنْ مِنْ أَوَّلِ قَوْلِ أَحَدِكُمْ: التَّحِيَّاتُ الطَّيِّبَاتُ الصَّلَوَاتُ لِلهِ، السَّلَامُ عَلَيْكَ أَيُّهَا النَّبِيُّ وَرَحْمَةُ اللهِ وَبَرَكَاتُهُ، السَّلَامُ عَلَيْنَا وَعَلَى عِبَادِ اللهِ الصَّالِحِينَ، أَشْهَدُ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ وَأَشْهَدُ أَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(155) – Хаттан бин Абдуллах Ар-Ракаши риваят кылган хадисте: "Мен Абу Муса аль-Ашари менен

намаз окудум, ал каадада отурганда элден бир киши: "Намаз такыбалык жана зекет менен орундалган" - дейт. Абу Муса намазды бүтүрүп салам бергенден кийин аларга барып: "Силердин кимиңер мындай сөздү айтты?" – деди. Ошондо адамдар унчукпай турушту. Андан кийин кайра: "Силердин кимиңер тигиндей деген сөздү айтты?" - деди. Кайра эле адамдар унчукпай турушту". Андан кийин: "Балким, сен, Хаттан, ушинтип айткандырсың?" - деди. Хаттан: "Мен айткан жокмун, сен мени катуу урасын деп корктум" - деди. Ошондо элден бир киши: "Мен айттым, мен муну менен жакшылыкты гана каалададым" - деди. Ошондо Абу Муса айтты: "Намазда кантип айтууну билбейсиңерби? Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) хутбада бизге сүннөтүбүздү түшүндүрүп, намазыбызды үйрөтүп мындай деп айткан: «Намаз окуганыңарда катарыңарды түздөп тургула, анан силердин бириңер намазда имам болсун. Ал имам: "Аллаху Акбар" - деп такбир айтса, анда силер да "Аллаху Акбар" деп такбир айткыла. Эгерде имам: «Гайрил магдууби алайхим уалад-дооооллиин" - деп айтса, анда силер: "Аамиин" - деп айтсаңар, Аллах Таала силерди жакшы көрөт. [Фатиха: 7] Эгерде имам такбир айтып рүкү кылса, анда силер да такбир айтып рүкү кылгыла. Анткени имам силерден алдын рүкү кылып, силерден алдын рүкүдөн тик турат. Ошондуктан Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Тиги тигини ээрчийт" - деп айткан. Эгерде имам: "Самиаллааху

лиман хамидах" - десе, анда силер: "Аллахумма Раббана лакал хамду" - десеңер, Аллах силерди угуп турат. Анткени Аллах Таала Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тили менен: "Самиьаллааху лиман хамидах, Аллах мактоо шүгүр айткандарды угат" - деген. Эгерде имам такбир айтып сажда кылса, анда силер да такбир айтып сажда кылгыла. Анткени имам силерден алдын сажда кылып, кайрадан саждадан турат. Ошондуктан Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Тиги тигини ээрчийт" - деп айткан. Имам каадага отурганда силердин биринчи айткан сөзүңөр: "Аттахиятут-тойййибаатус-салавaату Лиллахи. Ассаламу алайка аййухан набиййу уа рахматуллахи уа баракатух. Ассалааму алайна уа алаа ибаадиллахис-саалихиин. Ашхаду аллаа илааха иллаллааху уа ашхаду анна Мухаммадан абдуху уа расуулух" - сөзү болсун. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Сахаба Абу Муса аль-Ашари (Аллах андан ыраазы болсун) намаз окуп жатып ташаххуд айтып каадада отурганда анын артында намаз окугандардан бир киши: "Намаз Куранда такыбалык жана зекет менен салыштырылган" - деди. Абу Муса (Аллах андан ыраазы болсун) намазын окуп бүткөндөн кийин, артында намаз

окугандарга кайрылып: “Силердин кимиңер: “Намаз Куранда жакшылык жана зекет менен салыштырылган” - деген сөздү айтты?" - деп алардан сурады. Адамдар унчукпай калышты, алардан эч кимиси жооп берген жок. Ал суроону кайра аларга кайталаса да ага эч ким жооп бербеди. Ошондо Абу Муса (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: "Балким, Хаттан, сен айткандырсың!" - деди. Абу Мусага болгон тайманбастыгы жана жакындыгы жана аны менен болгон байланышы, анын доомаclub Хаттанга зыян келтирбей тургандыгы үчүн жана иштин чыныгы жайын моюнга алууга түрткөндүктөн, Хаттан муну четке какты да мындай деди: "Мен айтты деп ойлоп, мени урушуп кетесиңби деп корктум". Мына ошол учурда элден бир киши: "Мен муну айттым, мен муну менен жакшылыктан башканы максат кылганым жок" - деди. Абу Муса ага үйрөтүү үчүн: "Намазда кантип айтууну билбейсиңерби?!" - деди. Абу Муса мындайды жактырбады. Андан кийин Абу Муса айтты: "Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир жолу аларга хутба айтып, алардын шарияттарын түшүндүрүп жана аларга намаздарын үйрөтүп мындай деди:

Намаз окуганыңарда катарды түздөп түз тургула. Анан алардын бири элге имамдык кылат. Эгерде имам такбиратул ихрамды (ачылыш такбирин) айтса, имам сыяктуу такбиратул ихрамды айткыла. Эгерде имам Фатиха сүрөөсүн окуп: "Гойриль магдууби алейхим уаладдооооллиин" - десе, анда силер: "Аамиин!" - деп айткыла. Эгерде силер ушундай кылсаңар, Аллах дубаңарды кабыл кылат. Эгерде имам такбир айтып рүкү кылса, анда силер да такбир айтып рүкү кылгыла. Имам сенден алдын рүкү кылат жана сенден алдын рүкүдөн турат. Андыктан имамдан ашып кетпегиле. Анткени имамдын рүкүдө сенден мурда кылган учуру сени бир аз рүкүнү кечирээк кылууга мажбурлайт. Ошондуктан ал учур ошол эле учур болот да сенин рүкүңдүн өлчөмү анын рүкүсүнүн өлчөмүнө тең келет. Эгерде имам: "Самиьаллаху лиман хамидах" - десе, анда силер: "Аллахумма Раббанаа лакал хамд" - деп айткыла. Намаз окуган адамдар ушинтип айтышса, Аллах Таала алардын дубасын жана сөздөрүн угуп турат. Анткени Аллах Таала Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тили менен: "Аллах мактоо-шүгүр айткандарды угат" - деген. Эгерде имам такбир айтып сажда кылса, анда артындагы адамдар да такбир айтып сажда кылышсын. Анткени имам алардан

алдын сажда кылып, кайра алардан алдын саждадан турат. Ошондуктан ал учур ошол эле учур болот да алардын саждасынын өлчөмү имамдын саждасынын өлчөмүнө тең келет. Имам каадага отурганда намаз окуп жаткандардын биринчи айткан сөзү: "Аттахиятут-тоййибаатус-салаваату Лиллахи" болсун. Башкаруу, түбөлүктүүлүк жана улуулук баарысына Аллах гана татыктуу. Ошол сыяктуу эле беш убак намаздын баары Аллах үчүн гана болот. Ассаламу алайка аййухан набиййу уа рахматуллахи уа баракатух. Ассалааму алайна уа алаа ибаадиллахис-саалихиин. Ар бир кемчиликтен, балээден, жетишсиздиктен жана бузукулуктан сактоосун Аллахтан тилегиле. Жана Пайгамбарыбыз Мухаммадка (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) салам айтып, андан кийин өзүбүзгө салам айтабыз. Андан соң Аллах Тааланын акысын жана Аллахтын пенделерине важип болгон укуктарын аткарган Аллахтын салих пенделерине салам айтабыз. Андан соң: "Ашхаду аллаа илааха иллаллааху уа ашхаду анна Мухаммадан абдуху уа расуулух" - деп Аллахтан башка кудай жок экендигине күбөлүк беребиз жана Мухаммад Анын кулу жана элчиси экендигине күбөлүк беребиз.

## Хадистин пайдалары:

1. Ташаххуддун түрлөрүнүн бирин баяндалды.
2. Намаздын амалдары жана сөздөрү Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келген нерселерден болушу керек. Сүннөттө келбеген бир сөздү жана амалды намазга бидаат кылып киргизүү эч кимге туура болбойт.
3. Имам менен жарышуу же андан өтө эле артта калуу туура эмес. Имамдын артында турган адамдар имамдын кылган амалын ээрчисе болот.
4. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жеткирүүгө жана үммөтүнө диндин өкүмдөрүн үйрөтүүгө болгон кызыгуусун айтты.
5. Имам артында намаз окуган адамга үлгү болот. Ошондуктан намазда имам менен жарышуу да, аны менен тең аткаруу да, көп артта калуу да туура эмес. Тескерисинче, ал имам өзү каалаган амалды тастыктап аткарууга киришкенден кийин аны ээрчиш керек. Имамды намазда ээрчүү сүннөт.

6. Намазда саптарды түз алып туруу шариятта каралган.

(65097)

(156) – عَنِ ابْنَ مَسْعُودٍ رضي الله عنه قَالَ: عَلَّمَنِي رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، وَكَفِّي بَيْنَ كَفَّيْهِ، التَّشَهُّدَ، كَمَا يُعَلِّمُنِي السُّورَةَ مِنَ القُرْآنِ: «التَّحِيَّاتُ لِلَّهِ، وَالصَّلَوَاتُ وَالطَّيِّبَاتُ، السَّلاَمُ عَلَيْكَ أَيُّهَا النَّبِيُّ وَرَحْمَةُ اللَّهِ وَبَرَكَاتُهُ، السَّلاَمُ عَلَيْنَا وَعَلَى عِبَادِ اللَّهِ الصَّالِحِينَ، أَشْهَدُ أَنْ لاَ إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ، وَأَشْهَدُ أَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ».

وفي لفظ لهما: «إِنَّ اللهَ هُوَ السَّلَامُ، فَإِذَا قَعَدَ أَحَدُكُمْ فِي الصَّلَاةِ فَلْيَقُلْ: التَّحِيَّاتُ لِلَّهِ وَالصَّلَوَاتُ وَالطَّيِّبَاتُ السَّلَامُ عَلَيْكَ أَيُّهَا النَّبِيُّ وَرَحْمَةُ اللهِ وَبَرَكَاتُهُ، السَّلَامُ عَلَيْنَا وَعَلَى عِبَادِ اللهِ الصَّالِحِينَ، فَإِذَا قَالَهَا أَصَابَتْ كُلَّ عَبْدٍ لِلَّهِ صَالِحٍ فِي السَّمَاءِ وَالْأَرْضِ، أَشْهَدُ أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَأَشْهَدُ أَنَّ مُحَمَّدًا عَبْدُهُ وَرَسُولُهُ، ثُمَّ يَتَخَيَّرُ مِنَ الْمَسْأَلَةِ مَا شَاءَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(156) – Ибн Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менин алаканымды эки алаканын ортосуна кармап, ташахудду мага куду Курандын сүрөлөрүн үйрөткөндөй үйрөттү : "Саламдар, намаздар, жакшы сөздөр жана жакшы иш-аракеттер Аллахка таандык. (Аллахтын) тынчтыгы, ырайымы жана берекеси сага болсун, о, пайгамбар. Бизге да, Аллахтын салих

пенделерине да Аллахтын тынчтыгы болсун. Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок, Мухаммад Анын кулу жана элчиси" деп күбөлүк берем". Хадистин башка бир версиясында: "Чындыгында Аллах - бардык айып-кемчиликтерден Таза. Качан силердин бириңер намазда отурганда минтип айтсын: "Саламдар, намаздар, жакшы сөздөр жана жакшы иш-аракеттер Аллахка таандык. (Аллахтын) тынчтыгы, ырайымы жана берекеси сага болсун, о, пайгамбар. Бизге да, Аллахтын салих пенделерине да Аллахтын тынчтыгы болсун". Ушуну айтса, Аллахтын асман-жердеги бардык кулдарына жетет. "Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок, Мухаммад Анын кулу жана элчиси" деп, андан кийин каалагандай дуба кылууга ыктыярдуу". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Абдуллах бин Масъудга (Аллах андан ыраазы болсун) намазда айтыла турган ташахудду үйрөттү. Ибн Масъуддун көңүлүн буруу үчүн анын колун кармады. Курандын кайсы бир сүрөсүн үйрөткөндөй үйрөткөнү, пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул ташахуддун маанисине да, айтылышына да зор маани бергенине далил. Анан ал мындай деди: "Аттахияту лиллаах": Бул, улуктукту билдирген бардык иштер

жана сөздөр, булардын баары Аллах Таалага ылайык деген маани. "Ас-Солавааату": Бул, белгилүү болгон парз жана напил намаздар Аллах үчүн деген маани. "Ат-Тоййибаат": Бул, толуктукту билдирген сөздөр, иштер, сыпаттар баары Аллахка ылайык деген маани. "Ас-Салааму алайка аййухан-Набиййу ва рахматуллохи ва баркатух". Ага (пайгамбарга) апаат жана жамандыктардан саламаттыкты тилеп жана ага бардык жакшылыктын көбөйүп, мол болуусун суранып дуба кылуу. "Ас-Салааму алайнаа ва ъалаа ъибаадиллаахис-Соолихиийн": Намаз окуучуга жана асман-жердеги бардык салих пенделерге саламаттык тилеген дуба. "Ашхаду аллаа илааха ил-лаллооху": Аллахтан башка ибадатка татыктуу жок деп тастыктаймын. "Ва анна Мухаммадан ъабдуху ва расуулуху": Анын (пайгамбардын) пенде жана акыркы элчи экендигин тастыктаймын.

Муну айткандан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намаз окуучуну каалаган дубасын кылууга үндөдү.

## Хадистин пайдалары:

1. Бул ташахудду айта турган учур бардык намаздардын акыркы саждасынан кийинки отуруш жана үч, төрт ирекеттүү намаздардын экинчи ирекетинен кийинки отуруш.

2. Ташахудда ат-тахияуну окуу важиб, пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтылган ташахуддун кайсы айтылышы болсо да айта берсе жайыз.
3. Намазда өзүнө жаккан, бирок күнөө эмес нерсени дуба кылуу жайыз.
4. Дуба кылганда биринчи өзүнөн баштаган жакшы.

(3096)

(157) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: كَانَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَدْعُو وَيَقُولُ: «اللَّهُمَّ إِنِّي أَعُوذُ بِكَ مِنْ عَذَابِ القَبْرِ، وَمِنْ عَذَابِ النَّارِ، وَمِنْ فِتْنَةِ المَحْيَا وَالمَمَاتِ، وَمِنْ فِتْنَةِ المَسِيحِ الدَّجَّالِ».

وفِي لَفْظٍ لِمُسْلِمٍ: «إِذَا فَرَغَ أَحَدُكُمْ مِنَ التَّشَهُّدِ الْآخِرِ، فَلْيَتَعَوَّذْ بِاللهِ مِنْ أَرْبَعٍ: مِنْ عَذَابِ جَهَنَّمَ، وَمِنْ عَذَابِ الْقَبْرِ، وَمِنْ فِتْنَةِ الْمَحْيَا وَالْمَمَاتِ، وَمِنْ شَرِّ الْمَسِيحِ الدَّجَّالِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(157) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дуба кылып, минтип айтаар эле: "Аллахым, кабыр азабынан, тозок азабынан, жашоонун жана өлүм фитна-бүлгүнүнөн жана масих Дажжалдын фитна-бүлгүнүнөн сактоону Өзүңдөн сурананм". Муслимдин риваятында: "Акыркы ташаххудду

окугандан кийин төрт нерседен сактоону Аллахтан сурангыла: тозоктун азабынан, кабырдын азабынан, жашоонун жана өлүм фитна-бүлгүнүнөн, масих Дажжалдын жамандыгынан" деп келген. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазда акыркы ташаххуддан кийин, салам берүүдөн мурда төрт нерседен сактоосун Аллахтан суранат эле жана бизди да ушул нерселерден сактоону Аллахтан суранууга буйруган.

Биринчи: Мүрзөдөгү азаптан.

Экинчи: тозоктогу азаптан, бул кыямат күнүнө тиешелүү.

Үчүнчү: тирүүлөрдүн фитна, азгырыгынан, тыюу салынган дүйнөлүк ышкы кумарлардан жана дүйнөнүн адаштыруучу шек-күмөндүү иштеринен. Ошондой өлүм фитнасынан, т.а. өлүм саатынан, ислам же сүннөттөн четтеп (өлүп) кетүүдөн, эки периштенин сурагы сыктуу мүрзөдөгү сыноолордон.

Төртүнчү: акыр заманда чыга турган масих Дажжалдын фитна, азгырыгынан. Аллах ал

аркылуу пенделерин сынайт. Анын жеке өзүн зикир кылып айтканы, анын фитнасы жана адаштыруусу коркунучтуу болгондугу үчүн.

## Хадистин пайдалары:

1. Бул сактануу сөздөрү дубанын эң зарылы жана толугу. Анткени, бул сөздөр дүйнөнүн да, акыреттин да жамандыктарынан сактоону өз ичине камтыйт.

2. Кабыр азыбынын бардыгына далил, кабыр азабынын болору ак.

3. Фитнанын коркунучтуулугу, андан кутулуу үчүн Аллахка дуба кылуу, Андан жардам тилөө зарыл.

4. Дажжалдын чыгуусу жана анын фитна-азгырыгынын күчтүүлүгү.

5. Бул дубаны акыркы ташахуддан кийин айтуу жакшы.

6. Ийги иш-амалдардын артынан дуба кылуу жакшы.

(3103)

(158) – عَنْ مَعْدَانَ بْنِ أَبِي طَلْحَةَ الْيَعْمَرِيِّ قَالَ: لَقِيتُ ثَوْبَانَ مَوْلَى رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، فَقُلْتُ: أَخْبِرْنِي بِعَمَلٍ أَعْمَلُهُ يُدْخِلُنِي اللهُ بِهِ الْجَنَّةَ؟ أَوْ قَالَ قُلْتُ: بِأَحَبِّ الْأَعْمَالِ إِلَى اللهِ، فَسَكَتَ. ثُمَّ سَأَلْتُهُ فَسَكَتَ. ثُمَّ سَأَلْتُهُ الثَّالِثَةَ فَقَالَ: سَأَلْتُ عَنْ ذَلِكَ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، فَقَالَ: «عَلَيْكَ بِكَثْرَةِ السُّجُودِ لِلَّهِ، فَإِنَّكَ لَا تَسْجُدُ لِلَّهِ سَجْدَةً، إِلَّا رَفَعَكَ اللهُ بِهَا دَرَجَةً، وَحَطَّ عَنْكَ بِهَا خَطِيئَةً» قَالَ مَعْدَانُ: ثُمَّ لَقِيتُ أَبَا الدَّرْدَاءِ فَسَأَلْتُهُ فَقَالَ لِي: مِثْلَ مَا قَالَ لِي: ثَوْبَانُ. [صحيح] - [رواه مسلم]

(158) – Маъдан бин Абу Талха Йаъмари (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кызматчысы Савбанга жолугуп: Анын себеби менен Аллах мени бейишке киргизе турган амалды айтчы? - деп айттым. Же Аллахка эң сүйкүмдүү амалды айтчы деп сурадым окшойт. Ал унчукпай койду. Мен дагы сурадым. Ал бул жолу да унчукпады. Үчүнчү жолу сураганымда, ал: Бул амал тууралуу Аллахтын элчисинен мен да сураганмын. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Аллах Таалага көп сажда кылгын. Сажда кылганың сайын сенин даражаңды көтөрүп, катаңды өчүрөт". Маъдан айтат: Кийин Абу Дардага жолугуп, андан да ошол эле суроону сурадым. Ал мага Саубан айткандай эле жооп берди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бейишке кирүүгө себеп боло турган же Аллах Таалага сүйкүмдүү болгон амал тууралуу сурашты.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): Көбүрөөк сажда кылууга аракет кыл. Сен Аллахка ар бир сажда кылганыңда, ал үчүн сенин даражаңды көтөрүп, күнөөңдү өчүрөт - деди.

## Хадистин пайдалары:

1. Мусулман адам парз жана нафил намаздарды такай окушу керек, анткени намаздын ичинде сажда бар.

2. Сахабалар бейишке Аллахтын ырайымынан кийин амал аркылуу гана жетүүгө болорун жакшы билишкен.

3. Намаздын ичиндеги саждалар - даражанын көтөрүлүшүнө жана күнөөлөрдүн өчүрүлүшүнө чоң себеп болот.

(3732)

(159) – عن عَائِشَةَ رضيَ الله عنها قالت: إِنِّي سمعْتُ رسولَ الله صلى الله عليه وسلم يقول: «لَا صَلَاةَ بِحَضْرَةِ الطَّعَامِ، وَلَا هُوَ يُدَافِعُهُ الْأَخْبَثَانِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(159) – Айша (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, ал айтты: Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: "Тамак келгенде намаз болбойт жана эки нажас келип калган абалда туруп да намаз окулбайт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тамак келгенде намаз окуудан тыйган. Анткени намаз окуп жаткан адам тамакты эңсеп, жүрөгү ага байланып калат.

Ошол сыяктуу эле Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эки нажасты; чоң заара жана кичи заара келген абалда намаз окуудан тыйган. Анткени андай учурда намаз окуучу даарытын кармоо менен алек болуп калат.

## Хадистин пайдалары:

1. Намаз окуучу намазын баштаардан алдын намаз учурунда аны алаксыта турган нерселердин баарын алып салышы керек.

(3088)

(160) – عن عُثْمَانَ بْنَ أَبِي الْعَاصِ رضي الله عنه: أنه أَتَى النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللهِ، إِنَّ الشَّيْطَانَ قَدْ حَالَ بَيْنِي وَبَيْنَ صَلَاتِي وَقِرَاءَتِي يَلْبِسُهَا عَلَيَّ، فَقَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «ذَاكَ شَيْطَانٌ يُقَالُ لَهُ خِنْزَبٌ، فَإِذَا أَحْسَسْتَهُ فَتَعَوَّذْ بِاللهِ مِنْهُ، وَاتْفُلْ عَلَى يَسَارِكَ ثَلَاثًا»، قَالَ: فَفَعَلْتُ ذَلِكَ فَأَذْهَبَهُ اللهُ عَنِّي. [صحيح] - [رواه مسلم]

(160) – Усман бин Абу аль-Аас (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: Усман бин Абу аль-Аас (Аллах андан ыраазы болсун) Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келип: "Оо, Аллахтын Элчиси, мен намазда Куран окуп жатканымда шайтан аралашып, мени адаштырууга аракет кылып жатат" - деди. Ошондо Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Бул "Ханзаб" деп аталган шайтан. Эгерде аны сезсең, анда Аллахтан андан коргоо тилегин жана үч жолу сол тарабыңа түкүргүн". Усман бин Абу аль-Аас (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: "Ошондо мен ушундай кылдым, Аллах Таала аны менден кетирди". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Усман бин Абу аль-Аас (Аллах андан ыраазы болсун) Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) келип: "Оо, Аллахтын Элчиси, мен намаз окуп жатканымда шайтан азгырып мени хушуу (11) менен окуудан тосуп жатат. Мен Куран окуп жатканымда чаташтырып, күмөнгө салып жатат." - деп айтты. Ошондо Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага мындай деди:" Бул Ханзаб деген шайтан. Эгерде муну билип, сезсең, анда Аллахтан коргоо суран, Аллахтан андан коргоо сура жана сол тарабыңа үч жолу аз шилекейиң менен түкүрүп жибер. Усман айтты: Ошентип, мен Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эмнени буйруса, ошону аткардым. Ошондуктан Аллах аны менден кетирди.

## Хадистин пайдалары:

1. Намазды кичи пейилдик менен окуу жана жүрөктү намаз окууга даярдоо маанилүү. Шайтан намазда ага калакат берүүгө жана шек салууга аракет кылат.
2. Шайтан намазда азгырганда, сол жагына үч жолу түкүрүп, Аллахтын шайтандан коргоосун суроо сооптуу.

3. Сахабалар (Аллах алардан ыраазы болсун) өздөрүнүн арасында болгон көйгөйлөрдү чечүү үчүн, Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кайрылышканын баяндалды.
4. Сахабалардын жүрөктөрүнүн жашоосу жана алардын акыретке кам көрүүсү баяндалды.

(65105)

(161) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «أَسْوَأُ النَّاسِ سَرَقَةً الَّذِي يَسْرِقُ صَلَاتَهُ» قَالَ: وَكَيْفَ يَسْرِقُ صَلَاتَهُ؟ قال: «لَا يُتِمُّ رُكُوعَهَا، وَلَا سُجُودَهَا». [صحيح] - [رواه ابن حبان]

(161) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) рываят кылган хадисте Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Адамдардын эң жаманы – өзүнүн намазынан уурдаган адам" - деди. Абу Хурайра айтты: "Намазын кантип уурдай алат?". Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Намазынын рүкүсүн да, саждасын да толук кылбайт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Ибн Хаббан жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) уурулук кылган адамдын эң жаманы, намазынан уурдаган адам экенин баяндады. Себеби, башка бирөөнүн акчасын алуу, бул дүйнөдө ага пайда алып келиши мүмкүн. Намазын уурдаган ууру бул уурудан айырмаланып турат. Анткени ал өзүнүн сооп-сыйлыгын уурдап алат. Сахабалар: "Оо, Аллахтын Элчиси, ал намазынан кантип уурдайт?" - деп айтышты. Ошондо Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Намазынын рүкүсүн да, саждасын да толук кылбайт" - деп айтты. Себеби, ал рүкүдө жана саждада шашып, эки рекет намазын толук түрдө аткарбай калат.

## Хадистин пайдалары:

1. Намазды жакшы окуу жана намаздын түркүктөрүн бейпилдүүлүк менен жана тынчтануу менен аткаруу маанилүү.

2. Рүкүнү жана сажданы толук аткарбаган адамды ууру деп сыпаттоо - аны ошондой кылып намаз окуудан коркутуу жана андай окуунун арамдыгы тууралуу эскертүү.

3. Намазда рүкү менен сажданы толук кылуу жана ал экөөнү бирдей аткаруу важиб болот.

(65100)

(162) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «أَمَا يَخْشَى أَحَدُكُمْ - أَوْ: لاَ يَخْشَى أَحَدُكُمْ - إِذَا رَفَعَ رَأْسَهُ قَبْلَ الإِمَامِ، أَنْ يَجْعَلَ اللَّهُ رَأْسَهُ رَأْسَ حِمَارٍ، أَوْ يَجْعَلَ اللَّهُ صُورَتَهُ صُورَةَ حِمَارٍ». [صحيح] - [متفق عليه]

(162) – Абу Хурайранын (Аллах андан ыраазы болсун) риваятында, пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген: "Силердин бириңер башын имамдан мурда көтөрүп алса, Аллах анын башын эшектин башындай, же анын кейпин эшектин кейпиндей кылып коюусунан коркпойбу". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) башын имамдан мурда көтөрүп алган адамга катуу эскертүүнү баян кылган. Аллах анын башын эшектин башындай кылып коюусун, же анын кейпин эшектин кейпиндей кылып коюусун эскерткен.

## Хадистин пайдалары:

1. Имамга уюган кишиде төрт абал болот: анын үчөөсүнө тыюу салынган, булар: алдыга озуп кетүү, аны менен бирдей кылуу, өтө кечигип калуу. Шариятка ылайыгы: имамды ээрчип аткаруу.

2. Намазда уюган адам имамды ээрчүүсү важиб.
3. Имамдан мурда башын өйдө кылган адамдын сүрөтү эшектин сүрөтүнө айланып калат деген жаман убада боло турган иш, бул кубултуу.

(3086)

(163) – عَنْ أَبِي سَعِيدٍ الْخُدْرِيِّ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «إِذَا شَكَّ أَحَدُكُمْ فِي صَلَاتِهِ، فَلَمْ يَدْرِ كَمْ صَلَّى ثَلَاثًا أَمْ أَرْبَعًا، فَلْيَطْرَحِ الشَّكَّ، وَلْيَبْنِ عَلَى مَا اسْتَيْقَنَ، ثُمَّ يَسْجُدُ سَجْدَتَيْنِ قَبْلَ أَنْ يُسَلِّمَ، فَإِنْ كَانَ صَلَّى خَمْسًا شَفَعْنَ لَهُ صَلَاتَهُ، وَإِنْ كَانَ صَلَّى إِتْمَامًا لِأَرْبَعٍ كَانَتَا تَرْغِيمًا لِلشَّيْطَانِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(163) – Абу Саид ал-Худри (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Эгерде силерден бирөөңөр намаз окуп жатып үч рекетпи же төрт рекетпи окуганын билбей шектенип калса, шектенип турганын эмес, анык болуп турганын улантып окуй берсин. Анан намаздын акырында салам берүүдөн мурда эки жолу сажда кылсын. Эгер беш рекет кылып бир рекет ашыкча окуп алса, ошол эки сажда менен ал жуп болуп калат. А эгер төрт рекет болуп намаз так болуп калса, анда эки сажда шайтанга сокку болот". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эгер намаз окуп жаткан адам үчүнчү рекетти окудумбу же төртүнчү рекетти окудумбу деп эки анжы ойдо калса, күмөнсүрөп жатканын, тагыраагы төртүнчү рекет деген оюн таштап, анык болгон үчүнчү рекетти окудум деген ойго токтоп, анан дагы бир рекет кошуп окусун, акырында кошумча эки сажда кылсын деп айткан.

Эгер төртүнчү рекетти окуган болсо, анда кошуп окуган рекети бешинчи болуп, бир рекет ашыкча болот. Анын артынан аткарылган кошумча эки сажда бир рекет намаздын ордуна эсептелип, намазы алты рекет б.а. так эмес, жуп намаз болуп жарактуу болот. Эгерде кошумча окуган бир рекети менен биригип намазы төрт рекет болсо, анда ашык-кеми жок төрт ирекет намазын окуган болот.

Ал эми намаздын соңундагы эки кошумча саждасы шайтанды кор кылып, аны максатынан куру калтырган курал болот. Анткени, шайтан пендени намаздан алагды кылды, намазын бузууга аракет кылды, бирок пенде Аллахтын буйругун аткарып, убагында Ибилис Адамга сажда кылбай күнөөкөр болгон эки сажданы аткарып намазын кайра оңдоп алды.

## Хадистин пайдалары:

1. Намаз окуп жаткан адам канчанчы рекетти окуп жатканын билбей эки анжы болуп калса, шектүүнү таштап, шеги жокту б.а. рекеттин азын алып, намазын уланта берет. Акырында салам бербей туруп, эки жолу кошумча сажда кылат.

2. Бул эки сажда намазды өз калыбына келтирүүнүн жолу жана шайтанды кор кылып, максатынан алыстатуу.

3. Хадисте айтылып жаткан шек бул эч кандай аныктыгы жок эки анжылыкка тиешелүү. А эгер шек пайда болуп бирок аныктык басымдуулук кылып турса, анда басымдуу болгонун аткара берет.

4. Шарият буйруктарын аткаруу менен шайтандын васваса азгырыгын кубалоого болот.

(11231)

(164) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «خَيْرُ يَوْمٍ طَلَعَتْ عَلَيْهِ الشَّمْسُ يَوْمُ الْجُمُعَةِ، فِيهِ خُلِقَ آدَمُ، وَفِيهِ أُدْخِلَ الْجَنَّةَ، وَفِيهِ أُخْرِجَ مِنْهَا، وَلَا تَقُومُ السَّاعَةُ إِلَّا فِي يَوْمِ الْجُمُعَةِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(164) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Жаркырап күн чыгып жаткан күндөрдүн эң жакшысы бул - жума күн. Бул күнү Адам ата жаратылган. Ушул күнү ал бейишке киргизилген. Ушул күнү бейиштен чыгарылган. Кыямат дагы дал ушул күнү болот". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) күн чыгып башталган күндөрдүн эң жакшысы жума күнү экенин баяндады. Жума күнүнүн өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр: Аллах Таала Адам атаны жума күнү жараткан. Аны жума күнү бейишке киргизген. Кийин жума күнү кайра бейиштен чыгарган жана жер бетине түшүргөн. Кыямат жума күнү башталат.

## Хадистин пайдалары:

1. Жума күнү аптанын башка күндөрүнөн артык.
2. Жума күнү жакшы иш-амалдарды көбүрөөк кылуу керек.

3. Жогоруда хадисте айтылган жума күнүнүн өзгөчөлүктөрү тууралуу кээ бир китептерде: булар жума күнүнүн артыкчылыктары катары айтылган эмес, анткени, Адам атанын бейиштен чыгарылуусу, кыяматтын башталышы артыкчылыктуу иштер эмес деп айтылган.

   Бирок чынында булар жуманын артыкчылыктары, анткени Адам атанын бейиштен чыгуусу менен анын урпагы уланып пайгамбар, элчилер жана салих адамдар чыкты. Ал эми кыяматтын болушу салих адамдардын сыйлык алуусу жана Аллахтын аларга даярдап койгон бейишине кирүүсү жакындаганын билдирет деп да айтылат.

4. Бул риваяттан башка да жума күндүн өзгөчөлүктөрү тууралуу риваяттар бар. Алардын кээ бири төмөнкүлөр: жума күнү Адам атанын тообосу кабыл болгон, жума күнү дүйнөдөн өткөн, бул күнү намаз окуган пенде дуба кылганда, дубасы дал келип калса сөзсүз кабыл боло турган бир убакыт бар.

5. Жыл ичиндеги күндөрдүн эн жакшысы - арафа күнү. Жыл ичиндеги эң жакшы күн -

курмандык чалуу күнү деген айтым да бар. Аптанын ичиндеги эң жакшы күн - жума күнү. Түндөрдүн эң жакшысы - кадыр түнү.

(3711)

(165) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «مَنِ اغْتَسَلَ يَوْمَ الجُمُعَةِ غُسْلَ الجَنَابَةِ ثُمَّ رَاحَ، فَكَأَنَّمَا قَرَّبَ بَدَنَةً، وَمَنْ رَاحَ فِي السَّاعَةِ الثَّانِيَةِ، فَكَأَنَّمَا قَرَّبَ بَقَرَةً، وَمَنْ رَاحَ فِي السَّاعَةِ الثَّالِثَةِ، فَكَأَنَّمَا قَرَّبَ كَبْشًا أَقْرَنَ، وَمَنْ رَاحَ فِي السَّاعَةِ الرَّابِعَةِ، فَكَأَنَّمَا قَرَّبَ دَجَاجَةً، وَمَنْ رَاحَ فِي السَّاعَةِ الخَامِسَةِ، فَكَأَنَّمَا قَرَّبَ بَيْضَةً، فَإِذَا خَرَجَ الإِمَامُ حَضَرَتِ المَلاَئِكَةُ يَسْتَمِعُونَ الذِّكْرَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(165) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кимде-ким жума күнү жунуптуктан жуунгандай жуунуп, анан эртелеп мечитке барса, төөнү курмандыкка чалгандай сооп алат. Андан кийинки убакта барган адам уйду курмандыкка чалгандай сооп алат. Андан кийинки убакта барган адам мүйүздүү кочкорду курмандыкка чалгандай сооп алат. Андан кийинки убакта барган адам тоокту садака кылгандай сооп алат. Андан кийинки убакта барган адам жумуртканы садака кылгандай сооп алат. Имам кутпа айтуу үчүн

минбарга чыкканда periштелер зикирди угуу үчүн чогулат". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жума намазына эртелеп баруунун артыкчылыгы тууралуу айткан. Намазга баруу убактысы – ошол күнү Күн чыккан убактан имам кутпа айтуу үчүн минбарга чыкканга чейин созулат. Бул аралыкты беш саатка бөлсөк болот. Б.а. күн чыккандан баштап имам минбарга чыкканга чейинки убакты беш бөлүккө бөлөбүз:

Биринчиси: кимде-ким жунуптуктан жуунгандай тазаланып жуунуп, биринчи саатта мечитке барса, төөнү садака кылгандай соопко ээ болот.

Экинчиси: экинчи саатта барган адам уйду садака кылгандай соопко ээ болот.

Үчүнчүсү: үчүнчү саатта барган адам мүйүздүү кочкорду садака кылгандай соопко ээ болот.

Төртүнчүсү: төртүнчү саатта барган адам тоокту садака кылгандай соопко ээ болот.

Бешинчиси: бешинчи саатта барган адам жумуртканы садака кылгандай соопко ээ болот.

Ошентип имам кутпа айтуу үчүн минбарга чыкканда мечитке келгендерди катары менен жазып жаткан периштелер жазганын токтотуп, зикир жана кутпаны угуу үчүн чогулушат.

## Хадистин пайдалары:

1. Жума күнү намазга барардан мурда жуунуу зарыл.
2. Жума намазына күндүн алгачкы бөлүгүндө эртелеп баруу артыкчылыктуу иш.
3. Ийги иш-амалдарды аткарууга шашылуу керек.
4. Жума намазына периштелер да келет жана кутпаны угат.
5. Жума намазына келгендерди периштелер катары менен жазып турат.
6. Ибн Ражаб айтат: Хадистеги "Кимде-ким жума күнү жуунуп, анан эртелеп мечитке жөнөсө..." дегени жума үчүн жуунуунун абалкы учуру күн чыккан учур, акыркы учуру жумага жөнөгөн учур".

(5393)

(166) – عن ثَوْبَانَ رضي الله عنه قال: كَانَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ إِذَا انْصَرَفَ مِنْ صَلَاتِهِ اسْتَغْفَرَ ثَلَاثًا، وَقَالَ: «اللَّهُمَّ أَنْتَ السَّلَامُ، وَمِنْكَ السَّلَامُ، تَبَارَكْتَ ذَا الْجَلَالِ وَالْإِكْرَامِ»، قَالَ الْوَلِيدُ: فَقُلْتُ لِلْأَوْزَاعِيِّ: كَيْفَ الْاسْتِغْفَارُ؟ قَالَ: تَقُولُ: أَسْتَغْفِرُ اللهَ، أَسْتَغْفِرُ اللهَ. [صحيح] - [رواه مسلم]

(166) – Савбан (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намаз окуп бүткөндө үч жолу истигфар айтып, анан: "Аллахумма антас-салам, ва минкас-салам, табааракта зал жалаали вал икрам" деп айтчу. Валид айтат: Авзаъийден: Истигфарды кантип айтат? - деп сурасам, ал: Астагфируллох, астагфируллох... деп айтасың - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазын бүткөндө: "Астагфируллох, астагфируллох, астагфируллох" - деп айткан.

Андан кийин Аллах Тааланы улуктап: "Аллахумма антас-салам, ва минкас-салам, табааракта зал жалаали вал икрам" - деп айткан. Аллахтын Салам-тынчтык сыпаты толук, бардык айып-кемчиликтерден таза. Анын ушул сыпаты менен Анын Өзүнөн гана дүйнө жана акыреттин

жамандыктарынан саламаттыкты сурайт. Аллах Тааланын жакшылыгы эки дүйнөдө тең көп, Ал улуулук жана жакшылыктын ээси.

## Хадистин пайдалары:

1. Намаздан кийин истигфар айтуу жана аны дайыма улантуу жакшы.
2. Ибадаттагы жана баш ийүүдөгү кемчиликтерди толтуруу үчүн истигфар айтуу жакшы.

(10947)

(167) – عَنْ أَبِي الزُّبَيْرِ قَالَ: كَانَ ابْنُ الزُّبَيْرِ يَقُولُ فِي دُبُرِ كُلِّ صَلَاةٍ حِينَ يُسَلِّمُ: «لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ وَحْدَهُ لَا شَرِيكَ لَهُ، لَهُ الْمُلْكُ وَلَهُ الْحَمْدُ وَهُوَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ، لَا حَوْلَ وَلَا قُوَّةَ إِلَّا بِاللهِ، لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَلَا نَعْبُدُ إِلَّا إِيَّاهُ، لَهُ النِّعْمَةُ وَلَهُ الْفَضْلُ وَلَهُ الثَّنَاءُ الْحَسَنُ، لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ مُخْلِصِينَ لَهُ الدِّينَ وَلَوْ كَرِهَ الْكَافِرُونَ» وَقَالَ: «كَانَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يُهَلِّلُ بِهِنَّ دُبُرَ كُلِّ صَلَاةٍ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(167) – Абу Зубайр айтат: Ибн Зубайр бардык парз намаздын соңунда салам бергенден кийин: "Лаа илааха иллаллоохy вахдаху лаа шарика лах, лахул мулку ва лахул хамду ва хува аълаа кулли шайиң кодир, лаа хавла ва лаа куввата илла биллах, лаа илааха иллаллоохy, ва лаа наъбуду илла ийяху, лахун-ниъмату ва лахул-фадлу ва лахус-санааул

хасан, лаа илааха иллаллооху мухлисиина лахуддина ва лав карихал каафируун" деп айтып, анан: " Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушул сөздөрдү ар бир намаздан кийин айтчу" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар бир парз намазында салам айткандан кийин ушул улук зикирди айтчу.

"Лаа илааха иллаллооху": Аллахтан башка ибадат кылууга татыктуу кудай жок деген маани.

"Вахдаху лаа шарикалах": Ал Жалгыз, Анын шериги жок. Тактап айтканда, улухиятта, рубубиятта жана ысым-сыпаттарында Анын шериги жок.

"Лахул мулку": Бардык мүлк Аныкы, тактап айтканда, асман-жердин жана алардын ортосундагы жалпы, толук, бардык мүлк Ага таандык.

"Ва лахул хамду": Алкыш-мактоолор да Ага жарашат, тактап айтканда, Ал кемчиликсиз толук сыпыттар менен сыпатталган, толук сүйүү менен макталган, баардык абалдарда жыргалда да, кыйынчылыкта да улукталган.

"Ва хува аълаа кулли шайиң кодиир": Ал бардык нерсеге Кудуреттүү. Кудурети бардык жааттан жетиштүү, толук, эч нерсеге күчү жетпей калбайт, эч кайсы иш Ага тоскоолдук жарата албайт.

"Лаа хавла ва лаа куввата илла биллаахи": Бир абалдан экинчи абалга, күнөөдөн таат-ибадатка кайтуу да, күч-кубат да Аллахтан, Ал жардам Берүүчү, тобокел Ага гана болот.

"Лаа илааха иллаллааху, ва лаа наъбуду илла ийяху": Ширкти кетирүүчү жана улухияттыкты бекемдөөчү сөз, анткени Андан башка ибадатка татыктуу зат жок.

"Лахун-ниъмату ва лахул фадлу": Нээмат-жакшылыкты жаратып ага ээлик кылган Аллах, пенделеринен кимге кааласа жакшылыкты ашыгы менен берет.

"Ва лахус-Санааул хасан": Аллахтын затына, сыпатына, иштерине, нээматына жана бардык абалда Ага алкыш-мактоо болсун.

"Лаа илааха иллаллооху, мухлисина лахуд-диин": Б.а. ибадатты көрсөтүү же угузуу үчүн эмес калыс Аллах үчүн Анын Өзүнө гана аткарылат.

"Ва лав карихал каафируунa": Каапырлар жаман көрсө да, Аллахты жалгыздоодо жана Ага ибадат кылууда бекем турушат.

## Хадистин пайдалары:

1. Ар бир парз намаздан кийин ушул зикирди айтуу жакшы.
2. Мусулман адам дини менен ызаттуу болот, анын ибадаттарын ачык аткарат, каапырлар аны жактырбай жатса да.
3. Эгерде хадисте "Дубр ас-солаати" "намаздын артынан" деген сөз келсе жана бул хадисте зикир тууралуу айтылса, анда бул зикир саламдан кийин дароо айтылат дегенди билдирет. А эгер дуба тууралуу айтылса, анда бул дуба салам берүүдөн мурда айтылат дегенди билдирет.

(6203)

(168) – عَنْ وَرَّادٍ كَاتِبِ الْمُغِيرَةِ بْنِ شُعْبَةَ قَالَ: أَمْلَى عَلَيَّ الْمُغِيرَةُ بْنُ شُعْبَةَ فِي كِتَابٍ إِلَى مُعَاوِيَةَ: أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ كَانَ يَقُولُ فِي دُبُرِ كُلِّ صَلَاةٍ مَكْتُوبَةٍ: «لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ وَحْدَهُ لَا شَرِيكَ لَهُ، لَهُ الْمُلْكُ وَلَهُ الْحَمْدُ، وَهُوَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ، اللَّهُمَّ لَا مَانِعَ لِمَا أَعْطَيْتَ، وَلَا مُعْطِيَ لِمَا مَنَعْتَ، وَلَا يَنْفَعُ ذَا الْجَدِّ مِنْكَ الْجَدُّ». [صحيح] - [متفق عليه]

(168) – Аль-Мугира бин Шуъбанын катчысы Варраддан риваят кылынат. Ал мындай дейт: "Мугира бин Шуъба мага Муавияга жазган катында айтты:

"Чындыгында, Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар бир парз намаздын аягында мындай деп айтчу: “Лаа илааха иллаллаху, уахдаху лаа шариика лаху, лахул мулку, уа лахул хамду, уа хува алаа кулли шай ин Кадиир. Аллахумма лаа мааниьа лимаа аьтойта уа лаа муутиьа лимаа манаьта, уа лаа йанфаьу зал жадди минкал жадду". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар бир парз намаздын аягында мындай деп айтат эле: “Лаа илааха иллаллаху, уахдаху лаа шариика лаху, лахул мулку, уа лахул хамду, уа хува алаа кулли шай ин Кадиир. Аллахумма лаа мааниьа лимаа аьтойта уа лаа муутиьа лимаа манаьта, уа лаа йанфаьу зал жадди минкал жадду".

Мааниси: "Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок деген тавхид сөзүн тастыктаймын жана аны моюнга алам. Мен чыныгы ибадатты Аллахка кыламын жана андан башкага ибадат кылууну жокко чыгарамын. Анткени Аллахтан башкага сыйынууга татыктуу кудай жок. Чыныгы жана толук башкаруу Аллахка гана таандык экенин тастыктаймын. Асмандар жана жердеги адамдардын бардык мактоолору Аллах Таалага таандык. Анткени Аллах

бардык нерсеге Кудуреттүү. Аллах эмне нерсени берүүнү же эмнени кайтарууну тагдыр кылса, аны эч ким кайтара албайт. Аллахтын алдында байдын байлыгы эч кандай пайда бербейт, бирок жакшы иш-аракеттер гана пайда берет".

## Хадистин пайдалары:

1. Намаздан кийинки бул зикирди айтуу сооптуу. Анткени анда тавхид жана мактоо сөздөрү бар.
2. Сүннөткө баш ийүүгө жана аны жайылтууга шашылуу керек.

(65102)

(169) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه عَنْ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «مَنْ سَبَّحَ اللهَ فِي دُبُرِ كُلِّ صَلَاةٍ ثَلَاثًا وَثَلَاثِينَ، وَحَمِدَ اللهَ ثَلَاثًا وَثَلَاثِينَ، وَكَبَّرَ اللهَ ثَلَاثًا وَثَلَاثِينَ، فَتْلِكَ تِسْعَةٌ وَتِسْعُونَ، وَقَالَ: تَمَامَ الْمِائَةِ: لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ وَحْدَهُ لَا شَرِيكَ لَهُ، لَهُ الْمُلْكُ وَلَهُ الْحَمْدُ وَهُوَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ غُفِرَتْ خَطَايَاهُ وَإِنْ كَانَتْ مِثْلَ زَبَدِ الْبَحْرِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(169) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кимде-ким ар бир парз намаздан кийин отуз үч жолу Аллахка тасбих айтса,

отуз үч жолу алкыш-мактоо айтса, отуз үч жолу такбир айтса, жалпы токсон тогуз болуп, жүзүнчүсүн: "Лаа илаха иллаллааху вахдаху лаа шарикалах, лахул мулку, ва лахул хамду, ва хува алаа кулли шайин кодиир" деп жыйынтыктаса, деңиздин көбүгүндөй көп күнөөсү болсо да кечирилет". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким парз намаздардан кийин төмөнкү зикир-дубаларды айтса:

Отуз үч жолу "Субханаллаах" десе, бул Аллахты кемчиликсиз деп аруулоо.

Отуз үч жолу "Алхамду лиллаахи" десе, бул Аллахты жакшы көрүп, аны улуктап айткан алкыш-мактоо.

Отуз үч жолу "Аллаху Акбар" десе, бул Аллах Таала бардык нерседен Улуу жана Бийик деген сөз.

Жүзүнчүсүндө: "Лаа илааха иллаллооху вахдаху лаа шарикалах, лахул мулку валахул хамду ва хува аълаа кулли шайин кодиир" деп айтса, бул сөздүн мааниси: Жалгыз, эч шериги жок Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок, бир гана Кемчиликсиз Аллах Таала толук мүлктүн ээси, Ага гана улуктоо жана сүйүү менен айтылган алкыш-мактоого ылайык, Андан башка эч ким буга ылайык эмес, Ал бардык нерсеге Кудуреттүү, Ал аткара албай кала турган эч нерсе жок дегенди билдирет.

Мына ушул сөздөрдү айткан адамдын күнөөлөрү деңиз суусу толкуганда жээкте пайда болгон аппак көбүктөрдөй көп болсо да кечирилет.

## Хадистин пайдалары:

1. Парз намаздардан кийин ушул зикирлерди айтуу жакшы.
2. Бул зикирлер күнөөлөрдүн кечирилүүсүнө себеп болот.
3. Аллах Тааланын улуктугу, ырайымы жана кечирими кенен.
4. Бул зикирлер күнөөлөрдүн кечирилүүсүнө себеп болот дегени, майда күнөөлөргө тиешелүү. Ал эми чоң күнөөлөр тообо кылуу менен гана кечирилет.

(10948)

(170) – عَنْ أَبِي أُمَامَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «مَنْ قَرَأَ آيَةَ الْكُرْسِيِّ فِي دُبُرِ كُلِّ صَلَاةٍ مَكْتُوبَةٍ لَمْ يَمْنَعْهُ مِنْ دُخُولِ الْجَنَّةِ إِلَّا أَنْ يَمُوتَ». [صحيح] - [رواه النسائي في الكبرى]

(170) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кимде-ким ар бир парз намазынан кийин "Аят ал-Курси" деген

аятты окуп жүрсө, анын бейишке кирүүсүн өлүмү гана тосуп турат". [Сахих (ишенимдүү)] - [رواه النسائي في الكبرى]

**Түшүндүрмө:**

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар бир парз намаздан кийин "аят ал-Курсини" окуп жүргөн адамды өлүм эле бейиштен тосуп турарын айткан. Бул аят Бакара сүрөсүнүн ичинде. Ал аятта Аллах минтип айткан: "Аллахтан башка эч бир сыйынууга татыктуу кудай жок. Өзү гана бар. (Ал) - түбөлүк Тирүү, ар нерсени башкарып Туруучу. Аны үргүлөө да, уйку да кармабайт. Асмандардагы жана жердегинин баары Аныкы! Анын алдында Анын уруксаты болмоюнча эч ким (эч кимге) шапаат-колдоочулук кыла албайт. Ал алардын (бардык макулуктардын) келечегиндеги жана өтмүшүндөгү нерселерди билет. Ал эми алар болсо, Анын илиминен Ал Өзү каалагандан башка эч нерсени билишпейт. Анын курсийи асмандар жана жерден да кенен. Ал экөөнү (асмандар менен жерди) сактап туруу Аны такыр чарчатпайт жана Ал - эн Жогорку жана эн Улук!" (Бакара, 255-аят).

## Хадистин пайдалары:

1. Бул аятта Аллах Тааланын көркөм ысымдары, улуу сыпаттары айтылгандыктан, аяттын артыкчылыгы да көп.
2. Ар бир парз намаздан кийин бул аятты окуу жакшы.
3. Жакшы амалдар - бейишке кирүүгө себеп болот.

(10950)

(171) – عَنِ ابْنِ عُمَرَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا قَالَ: حَفِظْتُ مِنَ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ عَشْرَ رَكَعَاتٍ: رَكْعَتَيْنِ قَبْلَ الظُّهْرِ، وَرَكْعَتَيْنِ بَعْدَهَا، وَرَكْعَتَيْنِ بَعْدَ المَغْرِبِ فِي بَيْتِهِ، وَرَكْعَتَيْنِ بَعْدَ العِشَاءِ فِي بَيْتِهِ، وَرَكْعَتَيْنِ قَبْلَ صَلاَةِ الصُّبْحِ، وَكَانَتْ سَاعَةً لاَ يُدْخَلُ عَلَى النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِيهَا، حَدَّثَتْنِي حَفْصَةُ أَنَّهُ كَانَ إِذَا أَذَّنَ المُؤَذِّنُ وَطَلَعَ الفَجْرُ صَلَّى رَكْعَتَيْنِ، وَفِي لَفْظٍ: أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ كَانَ يُصَلِّي بَعْدَ الْجُمُعَةِ رَكْعَتَيْنِ. [صحيح] - [متفق عليه بجميع رواياته]

(171) – Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: "Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) он ирекет намазын эстеп калдым: бешимден мурда эки ирекет, бешимден кийин эки ирекет окуганын. Шамдан кийин үйүндө эки ирекет окуганын. Куптандан кийин да эки ирекет үйүндө

окуганын. Дагы багымдат намазынан мурда эки ирекет окуганын. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жанына кирбей турган да убак бар болчу. Мага Хафса да минтип айткан: Азанчы азан чакырып, таң сүргөндө (пайгамбар) эки ирекет намаз окучу. Башка риваятта: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жума намазынан кийин эки ирекет намаз окур эле - деп келген. [Сахих (ишенимдүү)] - [Бардык айтымдарынын ишенимдүүлүгүнө макулдашылган]

## Түшүндүрмө:

Абдуллах бин Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эстеп калган, сунан раватиб деп аталган напил намаздар он ирекет экенин баяндайт. Эки ирекет бешимден мурда, эки ирекет андан кийин. Шамдан кийин үйүндө эки ирекет. Куптандан кийин үйүндө эки ирекет. Багымдаттан мурда эки ирекет. Ушуну менен он ирекет болду. Ал эми жума намазынан кийин эки ирекет окуган.

## Хадистин пайдалары:

1. Бул раватиб намаздарды ар дайым окуп жүрүү жакшы көрүлгөн амалдардан.

2. Сүннөт намаздарды үйдө окуу шариятка ылайык.

(3062)

(172) – عَنْ عَبْدِ اللهِ بْنِ مُغَفَّلٍ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ النَّبِيُّ صلى الله عليه وسلم: «بَيْنَ كُلِّ أَذَانَيْنِ صَلَاةٌ، بَيْنَ كُلِّ أَذَانَيْنِ صَلَاةٌ» ثُمَّ قَالَ فِي الثَّالِثَةِ: «لِمَنْ شَاءَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(172) – Абдулла бин Мугаффал (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Бардык эки азандын ортосунда намаз бар. Бардык эки азандын ортосунда намаз бар". Анан: "Каалагандар үчүн" - деп кошумчалаган. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар бир азан менен икооматтын ортосунда напил намаз окуу керектигин айткан. Муну үч жолу кайталап, анан каалаган адамга гана мустахаб деп кошумчалаган.

## Хадистин пайдалары:

1. Азан менен икооматтын ортосунда напил намаз окуу мустахаб.
2. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) таалим берүүдөгү ыкмасы, маанилүү ишти айтарда аны бир канча жолу кайталаган.

3. Эки азан дегени: азан менен икоомат. Көбүнчө буга эки азан деп айтылат. Күн менен айды "эки ай", Абу Бакр менен Умарды "эки Умар" деген сыяктуу.
4. Азан намаздын убактысы киргенин билдирүү үчүн айтылат. Икоомат болсо, намаздын башталгандыгын билдирүү үчүн айтылат.

(65479)

(173) – عَنْ أَبِي قَتَادَةَ السَّلَمِيِّ رضي الله عنه أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «إِذَا دَخَلَ أَحَدُكُمُ الْمَسْجِدَ فَلْيَرْكَعْ رَكْعَتَيْنِ قَبْلَ أَنْ يَجْلِسَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(173) – Абу Катада ас-Сулами (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Силердин бирөөңөр мечитке киргенде отурар алдында эки рекет намаз окусун". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ким мечитке каалаган убакта жана каалаган максатта келип-кирсе, отурардан мурда эки рекет намаз окууга үндөгөн. Ал эки рекет тахиййатул-масжид намазы.

## Хадистин пайдалары:

1. Мечитке киргенде отураардан алдын тахиййатул-масжид деген эки рекет намаз окуу сооптуу.
2. Бул эки рекет тахиййатул-масжид намазын окуу мечитте отургусу келгендер үчүн. Ал эми ким мечитке кирсе жана отура электе чыгып кетсе, тахиййатул-масжид намазын окубаса да болот.
3. Эгер намаз окууну каалаган адам мечитке киргенде адамдар намаз окуп жатса, анда алар менен бирге намаз окуйт. Алар менен намаз окуусу менен ал эки рекет тахиййатул-масжид намазына жетиштүү болот.

(65091)

(174) – عن أَبِي هُرَيرَةَ رضي الله عنه أنَّ رسول الله صلى الله عليه وسلَمَ قال: «إذا قُلْتَ لِصَاحِبِكَ: أَنْصِتْ، يومَ الجمعةِ، والْإِمامُ يَخْطُبُ، فَقَدْ لَغَوْتَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(174) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Эгер жаныңдагы адамга жума күнү имам кутба айтып жаткан маалда: "Тынчтанып ук» - десең да, анда куру сөз сүйлөгөн болосуң". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жума хутбасына келгендер үчүн жума хутбасындагы важиб адептердин бири хутбаны түшүнүү үчүн тынч олтуруп угуу экенин баяндап жатат. Кимде-ким имам хутба айтып жатканда кыска болсо да сүйлөп, башкага: "Тынч бол, ук" - десе, анда жума намазынын пазилетинен куру калган болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Хутба угуп жатканда жамандыктан кайтаруу же саламга алик алуу жана чүчкүргөнгө жооп берүү менен болсо да сүйлөөгө тыюу салынган.
2. Бир гана  имамга кайрылган адамга же имам ага кайрылган адамга сүйлөө болот.
3. Зарыл учурда эки кутбанын ортосунда сүйлөөгө уруксат.
4. Имам хутба айтып жатканда Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эскерилсе, анда ал үчүн купуя салават айтыңыз, ошондой эле дубада "аамиин" деп айтсаңыз да болот.

(3107)

(175) – عن عمران بن حصين رضي الله عنه قال: كَانَتْ بِي بَوَاسِيرُ، فَسَأَلْتُ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ عَنِ الصَّلَاةِ، فَقَالَ: «صَلِّ قَائِمًا، فَإِنْ لَمْ تَسْتَطِعْ فَقَاعِدًا، فَإِنْ لَمْ تَسْتَطِعْ فَعَلَى جَنْبٍ». [صحيح] - [رواه البخاري]

(175) – Имран бин Хусайн (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Менин гемморой оруум бар эле. Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазды кантип окуу тууралуу сурасам, ал: "Туруп оку, эгер анте албасаң, анда отуруп оку. Эгер анте да албасаң, анда жатып оку" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазды негизи туруп окуу керектигин баяндаган. А эгер туруп окууга мүмкүнчүлүгү чектелген абал болсо, анда отуруп окуса болот. А эгер отуруп окууга да алы келбесе, анда жатып окуса жарай турганын кабарлады.

## Хадистин пайдалары:

1. Адамдын акылы жайында турган учурда намаз анын моюнунан түшүп калбайт, мүмкүнчүлүгүнө жараша абалдан абалга өтүп намазын окушу керек.

2. Пенденин ибадатты мүмкүнчүлүгүнө жараша аткарганы - Исламдын жеңил жана кечирим дин экендигин кабарлайт.

(10951)

(176) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللهُ عَنْهُ: أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «صَلَاةٌ فِي مَسْجِدِي هَذَا خَيْرٌ مِنْ أَلْفِ صَلَاةٍ فِيمَا سِوَاهُ إِلَّا الْمَسْجِدَ الْحَرَامَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(176) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Менин бул мечитимде окулган намаз, Харам мечитинен башка бардык мечиттерде окулган миң намаздан жакшыраак". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оездон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өзүнүн мечитинде намаз окуунун пазилеттүүлүгүн түшүндүрүп, Меккедеги Харам мечитинен башка жер жүзүндөгү мечиттерде миң намаз окугандан да сооптуураак экенин баяндады. Меккедеги Харам мечитинде окулган намаз Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мечитинде окулган намаздан жакшыраак.

## Хадистин пайдалары:

1. Харам мечитинде жана Пайгамбардын мечитинде намаз окуунун сообу көп.
2. Харам мечитинде окулган намаз башка мечиттердеги жүз миң намаздан жакшыраак.

(65090)

(177) – عَنْ مَحْمُودِ بْنِ لَبِيدٍ رضي الله عنه: أَنَّ عُثْمَانَ بْنَ عَفَّانَ أَرَادَ بِنَاءَ الْمَسْجِدِ فَكَرِهَ النَّاسُ ذَلِكَ، وَأَحَبُّوا أَنْ يَدَعَهُ عَلَى هَيْئَتِهِ، فَقَالَ: سَمِعْتُ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «مَنْ بَنَى مَسْجِدًا لِلهِ بَنَى اللهُ لَهُ فِي الْجَنَّةِ مِثْلَهُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(177) – Махмуд бин Лабид (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: Чындыгында, Усман бин Аффан мечитти кургусу келгенде адамдар муну жактырбай, аны ошол бойдон калтырып койгонун жакшы көрүштү. Ошондо Усман бин Аффан айтты: "Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: "Ким Аллах үчүн мечит курса, Аллах ал үчүн бейиште ошол мечиттей курат". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оездон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Усман бин Аффан (Аллах андан ыраазы болсун) Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мечитин анын биринчи курулушунан да жакшыраак кылып кайра курууну кааласа, адамдар Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) доорундагы мечиттин курулушу өзгөргөнү үчүн муну жактырышпады. Ал мечит ылайдан курулган, анын шыбы пальма дарагынын шактары менен жабылган. Бирок Усман аны таш жана гипс менен тургузгусу келген. Ошондуктан Усман (Аллах андан ыраазы болсун) аларга Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) укканын ушинтип айтты: "Кимде-ким мактаныш үчүн да, атак-даңк үчүн да эмес, Аллах Тааланын ыраазылыгын көздөп мечит курса, Аллах Таала аны жасаган эмгегиндей эң жакшы сыйлык менен сыйлайт. Бул сыйлык – Аллах аны бейиште ага окшош курулуш менен сыйлайт".

## Хадистин пайдалары:

1. Мечиттерди курууга үндөө керек жана анын пазилети чоң.
2. Мечитти кеңейтүү жана оңдоп-түзөө мечит кургандын пазилетине кайсыл бир деңгээлде ээ боло берет.

3. Бардык иштерди Аллах Таала үчүн чын ыкластан аткаруунун маанилүүлүгү.

(65089)

(178) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «مَا مِنْ صَاحِبِ ذَهَبٍ وَلَا فِضَّةٍ، لَا يُؤَدِّي مِنْهَا حَقَّهَا، إِلَّا إِذَا كَانَ يَوْمُ الْقِيَامَةِ، صُفِّحَتْ لَهُ صَفَائِحُ مِنْ نَارٍ، فَأُحْمِيَ عَلَيْهَا فِي نَارِ جَهَنَّمَ، فَيُكْوَى بِهَا جَنْبُهُ وَجَبِينُهُ وَظَهْرُهُ، كُلَّمَا بَرَدَتْ أُعِيدَتْ لَهُ، فِي يَوْمٍ كَانَ مِقْدَارُهُ خَمْسِينَ أَلْفَ سَنَةٍ، حَتَّى يُقْضَى بَيْنَ الْعِبَادِ، فَيَرَى سَبِيلَهُ، إِمَّا إِلَى الْجَنَّةِ، وَإِمَّا إِلَى النَّارِ»

قِيلَ: يَا رَسُولَ اللهِ، فَالْإِبِلُ؟ قَالَ: «وَلَا صَاحِبُ إِبِلٍ لَا يُؤَدِّي مِنْهَا حَقَّهَا، وَمِنْ حَقِّهَا حَلَبُهَا يَوْمَ وِرْدِهَا، إِلَّا إِذَا كَانَ يَوْمُ الْقِيَامَةِ، بُطِحَ لَهَا بِقَاعٍ قَرْقَرٍ، أَوْفَرَ مَا كَانَتْ، لَا يَفْقِدُ مِنْهَا فَصِيلًا وَاحِدًا، تَطَؤُهُ بِأَخْفَافِهَا وَتَعَضُّهُ بِأَفْوَاهِهَا، كُلَّمَا مَرَّ عَلَيْهِ أُولَاهَا رُدَّ عَلَيْهِ أُخْرَاهَا، فِي يَوْمٍ كَانَ مِقْدَارُهُ خَمْسِينَ أَلْفَ سَنَةٍ، حَتَّى يُقْضَى بَيْنَ الْعِبَادِ، فَيَرَى سَبِيلَهُ إِمَّا إِلَى الْجَنَّةِ، وَإِمَّا إِلَى النَّارِ»

قِيلَ: يَا رَسُولَ اللهِ، فَالْبَقَرُ وَالْغَنَمُ؟ قَالَ: «وَلَا صَاحِبُ بَقَرٍ، وَلَا غَنَمٍ، لَا يُؤَدِّي مِنْهَا حَقَّهَا، إِلَّا إِذَا كَانَ يَوْمُ الْقِيَامَةِ بُطِحَ لَهَا بِقَاعٍ قَرْقَرٍ، لَا يَفْقِدُ مِنْهَا شَيْئًا، لَيْسَ فِيهَا عَقْصَاءُ، وَلَا جَلْحَاءُ، وَلَا عَضْبَاءُ تَنْطَحُهُ بِقُرُونِهَا وَتَطَؤُهُ بِأَظْلَافِهَا، كُلَّمَا مَرَّ عَلَيْهِ أُولَاهَا رُدَّ عَلَيْهِ أُخْرَاهَا، فِي يَوْمٍ كَانَ مِقْدَارُهُ خَمْسِينَ أَلْفَ سَنَةٍ، حَتَّى يُقْضَى بَيْنَ الْعِبَادِ، فَيَرَى سَبِيلَهُ إِمَّا إِلَى الْجَنَّةِ، وَإِمَّا إِلَى النَّارِ»

قِيلَ: يَا رَسُولَ اللهِ، فَالْخَيْلُ؟ قَالَ: «الْخَيْلُ ثَلَاثَةٌ: هِيَ لِرَجُلٍ وِزْرٌ، وَهِيَ لِرَجُلٍ سِتْرٌ، وَهِيَ لِرَجُلٍ أَجْرٌ، فَأَمَّا الَّتِي هِيَ لَهُ وِزْرٌ، فَرَجُلٌ رَبَطَهَا رِيَاءً وَفَخْرًا وَنِوَاءً عَلَى أَهْلِ الْإِسْلَامِ، فَهِيَ لَهُ وِزْرٌ، وَأَمَّا الَّتِي هِيَ لَهُ سِتْرٌ، فَرَجُلٌ رَبَطَهَا فِي سَبِيلِ اللهِ، ثُمَّ لَمْ يَنْسَ حَقَّ اللهِ فِي ظُهُورِهَا وَلَا رِقَابِهَا، فَهِيَ لَهُ سِتْرٌ وَأَمَّا الَّتِي هِيَ لَهُ أَجْرٌ، فَرَجُلٌ رَبَطَهَا فِي سَبِيلِ اللهِ لِأَهْلِ الْإِسْلَامِ، فِي مَرْجٍ وَرَوْضَةٍ، فَمَا أَكَلَتْ مِنْ ذَلِكَ الْمَرْجِ، أَوِ الرَّوْضَةِ مِنْ شَيْءٍ، إِلَّا كُتِبَ لَهُ، عَدَدَ مَا أَكَلَتْ حَسَنَاتٌ، وَكُتِبَ لَهُ، عَدَدَ أَرْوَاثِهَا وَأَبْوَالِهَا، حَسَنَاتٌ، وَلَا تَقْطَعُ طِوَلَهَا فَاسْتَنَّتْ شَرَفًا، أَوْ شَرَفَيْنِ، إِلَّا كَتَبَ اللهُ لَهُ عَدَدَ آثَارِهَا وَأَرْوَاثِهَا حَسَنَاتٍ، وَلَا مَرَّ بِهَا صَاحِبُهَا عَلَى نَهْرٍ، فَشَرِبَتْ مِنْهُ وَلَا يُرِيدُ أَنْ يَسْقِيَهَا، إِلَّا كَتَبَ اللهُ لَهُ، عَدَدَ مَا شَرِبَتْ، حَسَنَاتٍ»

قِيلَ: يَا رَسُولَ اللهِ، فَالْحُمُرُ؟ قَالَ: «مَا أُنْزِلَ عَلَيَّ فِي الْحُمُرِ شَيْءٌ، إِلَّا هَذِهِ الْآيَةَ الْفَاذَّةُ الْجَامِعَةُ»: {فَمَنْ يَعْمَلْ مِثْقَالَ ذَرَّةٍ خَيْرًا يَرَهُ، وَمَنْ يَعْمَلْ مِثْقَالَ ذَرَّةٍ شَرًّا يَرَهُ} [الزلزلة: ٨]. [صحيح] - [متفق عليه]

(178) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Алтыны жана күмүшү бар адам, ал экөөнүн акысын бербесе, кыямат күнү болгондо, алтын-күмүшү оттон болгон тактайчага айланат жана ал отко кызытылат, анан аны менен ээсинин капталына, бешенесине жана артына үтүктөлүп белги салынат. Ал муздаган сайын кайра кайталанып турат. Бул күндүн узактыгы элүү миң

жылга тете болот. Ошентип качан адамдарга өкүм чыгып, бара турган жерин же бейишти, же тозокту көргөнгө чейин азапталат". Бирөө: О Аллахтын элчиси, төөсү болсочу? - деп сурады. Ал: "Төөсү бар адам анын акысын бербесе, анын бир акысы суугa келгенде саап (сүтүнөн муктаждарга берүү), кыямат күнү болгондо, кенен, жайык жерге жүз төмөн ташталат да, бир ботосу да калбай келип, буттары менен ээсин тебелеп, тиштери менен тиштеп өтөт. Эң акыркысы тебелеп өткөндөн кийин, биринчиси кайра тебелей баштайт. Бул күндүн узактыгы элүү миң жылга тете болот. Ошентип качан адамдарга өкүм чыгып, бара турган жерин же бейишти, же тозокту көргөнгө чейин азапталат". - деди. Дагы бирөө: О Аллахтын элчиси, уюю жана коюу бар кишичи? -деп сурады. Ал: "Уюю жана коюу бар киши алардын акысын бербесе, кыямат күнү болгондо кенен жерге жүз төмөн жаткырылып, бири калбай баары келип, баарынын мүйүзү түптүз, эч бири мүйүзү жок токол же мүйүзү сынык эмес, баары мүйүздүү болуп, мүйүзү менен жерге таптап сүзүп, туягы менен жерге ныгыра басып өтөт. Алардын эң акыркысы өтүп бүткөндө биринчиси келип сүзүп, тебелей баштайт. Бул күндүн узактыгы элүү миң жылга тете болот. Ошентип качан адамдарга өкүм чыгып, бара турган жерин же

бейишти, же тозокту көргөнгө чейин азапталат". - деди. Дагы бирөө: О Аллахтын элчиси, аты бар кишичи? - деп сурады. Ал: Ат үч түрдүү болот: бири ээсине күнөө алып келет. Экинчиси ээсине (сурануудан тоскон) көшөгө болот. Үчүнчүсү ээсине сооп алып келет. Эми ээсине күнөө алып келгенине кайтсак, ээси ал атты рия үчүн, мактаныч үчүн, же мусулмандарга каршы колдонуу үчүн кармап багат. Ал ага күнөө алып келет. Ал эми көшөгө боло турган атка кайтсак, ээси аны Аллах жолунда багат. Анын акысын берүүнү да унутпайт. Мындай ат ага көшөгө болот. Ал эми сооп алып келүүчү атка келсек, ээси аны Аллах жолунда мусулмандар жихадга минсин үчүн жайытта, бакчада багат. Анын ал жерлерден жеген чөбү үчүн да сооп жазылат. Анын таштаган тезегине жана заарасына да сооп жазылат. Эгер ал арканын үзүп ой-кырды ашып чуркаса, канча жерди басса ошончо сооп жазылат. Ээси аны дарыядан алып өтүп, аны сугарууну каалабаса деле ал канча суу ичсе ошончо сооп жазылат". Дагы бирөө: О Аллахтын элчиси, эшеги бар адамчы? - деп сурады. Ал: "Эшек жөнүндө мага эч кандай аян-кабар түшпөдү. Бирок бардык нерсени камтыган төмөнкү аят түшкөн: "Кимде-ким кымындын салмагындай жакшылык кылса, аны көрөт. Кимде-ким кымындын

салмагындай жамандык кылса, аны көрөт" - деп жооп берди. (Зилзала: 7-8) [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир канча малдын түрүн атап, алардын акысын (зекетин) бербеген адамдын кыяматтагы абалы кандай болорун баяндаган. Алар төмөнкүлөр:

Биринчи: алтын-күмүш жана ушулардын өкүмүндө пайдаланылган соода буюмдары жана акча бирдиктери. Булар зекеттин өлчөмүнө жеткенде ээси зекет бербесе, кыямат күнү отко ээритилип жалпак тактайдын калыбына келтирилет. Анан аны отко кызытылып, ээси ошону менен азапталат. Анын капталдары, бешенеси жана арты үтүктөлөт. Тактай сууган сайын аны кайра кызытып, кайра азапташат. Мындай азап узундугу элүү миң жылга тете болгон кыямат күнү бүткөнчө, Аллах Таала калайыкка өкүм кылып, бейишке кирчүлөр бейишке, тозокко кирчүлөр тозокко киргенге чейин уланат.

Экинчи: Төөсүнүн зекетин жана акысын бербеген адам. Төөнүн акысынын бири келген муктаждарга аны саап сүтүн берип туруу да кирет. Кыямат күнү төөлөрү чоң жана семиз болуп, бири калбай баары келет. Анан

алардын ээсин ээн, тегиз талаага жүз төмөн жаткырып, төөлөр аны тебелеп, тиштеп азаптайт. Биринин артынан бири келип, айланып азаптай беришет. Мындай азап узундугу элүү миң жылга тете болгон кыямат күнү бүткөнчө, Аллах Таала калайыкка өкүм кылып, бейишке кирчүлөр бейишке, тозокко кирчүлөр тозокко киргенге чейин уланат.

Үчүнчү: Уй жана кой-эчкисинин зекетин бербеген адам. Кыямат күнү булар да бири калбай келет. Анан ээсин ээн, тегиз талаага жүз төмөн жаткырып, баары мүйүздүү, мүйүздөрү түптүз малдар мүйүзү менен сүзүп, туягы менен жерге таптап тебелеп, биринин артынан бири келип азаптай берет. Мындай азап узундугу элүү миң жылга тете болгон кыямат күнү бүткөнчө, Аллах Таала калайыкка өкүм кылып, бейишке кирчүлөр бейишке, тозокко кирчүлөр тозокко киргенге чейин уланат.

Төртүнчү: жылкы баккан адам. Бул үч түрдүү болот:

Биринчиси: Бакканы үчүн күнөөкөр болот. Анткени, ал элге көрүнүү, мактаныч жана мусулмандарга каршы согушка колдонуу үчүн баккан.

Экинчиси: Бакканы үчүн аты ага көшөгө болот. Анткени ал аны Аллах жолунда багып, жем-чөбүн берип караган. Тукум улоо үчүн айгырларды камсыздоо да акылардан болуп эсептелет.

Үчүнчүсү: Бакканы үчүн сооп алат. Анткени, аны Аллах жолунда жихадга чыгуу үчүн баккан. Ал аттын жайытта же бакчада жеген чөбүнө да жакшылык жазылат. Анын таштаган тезегине жана заарасына да жакшылык жазылат. Эгер арканы үзүлүп дөбө, дөңсөөлөргө чуркап чыкса анын ар бир изине жана тезегине жакшылык жазылат. Ээси аны дарыядан алып өтүп, аны сугарууну каалабаса деле ал канча суу ичсе ошончо сооп жазылат.

Андан кийин пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үй эшектери тууралуу сурашты.

Ал мындай деди: Эшек тууралуу эч кандай аян-кабар айтылбады. Бирок жалпы таат жана күнөөлөр тууралуу мындай аят түшкөн: "Кимде-ким кымындын салмагында жакшылык кылса, аны (сыйын) көрөт. Кимде-ким кымындын салмагындай жамандык кылса, аны (жазасын) көрөт" (Зилзала, 8-аят). Ким эшек бакканда аны жакшылыкка пайдаланса, сообун көрөт. Эгер күнөө ишке пайдаланса, анын жаман акыбетин көрөт. Бул аят жалпы иштерге тиешелүү.

## Хадистин пайдалары:

1. Зекетти өз убагында берүү важиб. Бербеген адамга катуу азап убада кылынган.

2. Жакшы маани бербей зекетин чыгарбай жүргөн адам каапыр деп эсептелбейт, бирок бул өтө коркунутуу.
3. Адам жакшылыктын негизин максат кылса, таат-ибадаттын майда-чүйдөсүнө да сооп жазыла берет. Ал бул майда-чүйдөнү максат кылбаса деле.
4. Мал-келде анын зекетинен башка да акылары болот.
5. Төөнүн акыларынын бири ал суу ичкени келген ордунда сүтүн саап муктаждарга берүү. Мындай кылуу муктаждар үчүн жеңил, төөлөргө да ыңгайлуу болот. Ибн Баттал минтип айткан: Малдын эки акысы бар: анык парз болгон жана андай болбогон. Сүтүн саап берүү бул анык парз эмес, бирок жакшы ахлакты билдирген акылардан.
6. Төө, уй жана койдун важиб болгон акысынын бири эгер талап кылса акысыз уруктандыруу.
7. Эшектин өкүмү ж.б. айтылбаган нерселердин баарынын өкүмү "Кимде-ким кымындын салмагындай жакшылык кылса, аны көрөт. Кимде-ким кымындын

салмагындай жамандык кылса, аны көрөт" деген аяттын ичинде камтылган.

8. Аятта жакшылыкты аз болсо да кылууга үндөө, жамандыкты аз болсо да сактанууга эскертүү бар.

(6611)

(179) – عن أبي هريرة رضي الله عنه عن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال: «مَا نَقَصَتْ صَدَقَةٌ مِنْ مَالٍ، وَمَا زَادَ اللهُ عَبْدًا بِعَفْوٍ إِلَّا عِزًّا، وَمَا تَوَاضَعَ أَحَدٌ لِلهِ إِلَّا رَفَعَهُ اللهُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(179) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Берилген садакадан пенденин мал-дүнүйөсү кемибейт. Пенде башкаларды кечирүү менен Аллах анын кадыр-баркын көтөрөт. Кимдир бирөө Аллах үчүн кичипейил болсо, анда Аллах аны жогору кылат»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) берилген садакадан пенденин мал-дүнүйөсү кемибейт, тескерисинче, садака кылган адамдан балээлерди кетирет деп баяндап жатат.

Садака кылган адамга Аллах чоң жакшылык менен анын ордун толуктап берет. Демек, садака берүүдөн анын мал-дүнүйөсү кемибейт, кайра көбөйөт.

Өч алуу же ээсин жазалоо мүмкүнчүлүгү болсо да аны кечирүү күч-кубатты жана ар-намысты арттырат.

Ким болбосун, бирөөдөн коркконунан, сылык-сыпаалыгынан, же пайда үмүт кылбастан, Аллахтын жүзү үчүн гана кичипейил, жөнөкөй болсо, анда анын сыйлыгы катары даражасы өйдө болууга жана кадыр-баркка жетүүгө татыктуу болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Жакшылык жана ийгиликти кээ бирөөлөр башкача деп ойлошсо да, жакшылык жана ийгилик шариятка баш ийип, жакшылык кылууда болот.

(5512)

(180) – عن أبي هريرة رضي الله عنه أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال: «قَالَ اللَّهُ: أَنْفِقْ يَا ابْنَ آدَمَ أُنْفِقْ عَلَيْكَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(180) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Аллах Таала: "О, Адам баласы! Нафака бер, сага да нафака беремин" деген". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Тааланын: "О, Адам баласы, важиб жана мустахаб болгон нафакаңды бергин. Ошондо сага ырыскыңды кеңейтем, сенин бергениңдин ордуна берем жана аны сага берекелүү кылам" - дегенин кабарлаган.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллах жолунда садака жана нафака берүүгө кызыктырат.

2. Кайрымдуулук кылып каржылоо ырыскынын берекелүү болуусунун, көбөйүүсүнүн жана пенденин бергенине Аллахтын кайтарып берүүсүнүн негизги себеби.

3. Бул хадис пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Раббисинен риваят кылган хадистерден. Мындай хадистер кудсий же илахий хадис деп аталат. Анын айтылышы жана мааниси Аллахтан, бирок кудсий хадис Курандын башкалардан айырмаланып турган өзгөчөлүктөрүнө ээ эмес. Мисалы, Куранды окуу ибадат экендиги, аны даарат менен кармоо, андайды эч ким жаза албастыгы, мужизалыгы ж.б.

(5805)

(181) – عن أبي مسعود رضي الله عنه عن النبي صلى الله عليه وسلم قال:

«إِذَا أَنْفَقَ الرَّجُلُ عَلَى أَهْلِهِ يَحْتَسِبُهَا فَهُوَ لَهُ صَدَقَةٌ». [صحيح] - [متفق عليه]

(181) – Абу Масуъддун (Аллах андан ыраазы болсун) риваятында, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Эгер киши үй-бүлөсүн сооп үмүт кылуу менен каржыласа, анын каржысы садака болуп эсептелет". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оуздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эгер эркек киши каржылай турган үй-бүлөсүн, аялын, ата-энесин, балдарын ж.б. каржыласа, ал муну менен Аллахка жакындарын, анын бергенине садака бергендин сообу берилерин кабарлаган.

## Хадистин пайдалары:

1. Үй-бүлөсүн каржылоо менен сооп-сыйлыкка да жетүүгө болот.
2. Ыймандуу адам кайсы ишинде Аллахтын ыраазылыгын көздөсө, ошол ишинде сооп болот.

3. Бардык иштерде ниетти түздөө зарыл, ушул иштердин бири үй-бүлөсүн каржылап жаткан учур.

(6460)

(182) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه أَنَّ رَسُولَ اللهِ صلى الله عليه وسلم قَالَ: «إِذَا مَاتَ الْإِنْسَانُ انْقَطَعَ عَنْهُ عَمَلُهُ إِلَّا مِنْ ثَلَاثَةٍ: إِلَّا مِنْ صَدَقَةٍ جَارِيَةٍ، أَوْ عِلْمٍ يُنْتَفَعُ بِهِ، أَوْ وَلَدٍ صَالِحٍ يَدْعُو لَهُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(182) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: “Адам өлгөндө, анын иш-аракеттери бүт токтойт. Бирок үч ишинин гана сообу токтобой улана берет. Алар: эл пайдасын көргөн, сообу үзүлбөгөн садакалары; бирөөлөргө үйрөтүп кеткен пайдалуу илим-билими; артынан дуба кылган ыймандуу баласы” .[Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адам өлгөндө анын иш-амалдары токтоп каларын кабарлаган. Өлгөн адамга анын себеби менен ишке ашкан төмөнкү үч иштин гана сообу жетип турат:

Биринчи: Вакфка берген мүлкү, же салып койгон мечити, же казып суу чыгарып койгон кудугу сыяктуу сообу токтобой агып туруучу садага иштери.

Экинчи: Адамдар пайдалана турган илими. Илим жолунда жазган китептери, же кимдир бирөөнү окутуп үйрөткөн илими. Ал өлгөндөн кийин анын жазган китеби окулган сайын, же ал илим берген адам башкаларга илимин тараткан сайын сообу ага жазыла берет.

Үчүнчү: Ата-энесине дуба кылган ыймандуу, саалих баланын дубасы.

## Хадистин пайдалары:

1. Аалымдар адам өлгөндөн кийин анын артынан сообу жете турган иштерге сообу токтобогон садагалар, башкалар пайдасын көрө турган илимдер жана дубалар деп айтышкан. Башка хадисте буларга кошумча ажылык ибадаты да айтылган.

2. Хадисте ушул үч ишти айтып, ушуларды аткарууга үндөгөн. Анткени, булар жакшылыктын негизи, пазилеттүү адамдар артына калтырып кетүүнү максат кылган иштер.

3. Бардык эле пайдалуу илимдер үчүн сооп берилет. Бирок илимдердин эң башында жана биринчи сабында шарият илими жана шариятка тиешелүү илимдер турат.

4. Бул үч иштин ичинен эң пайдалуусу илим таратуу. Анткени, үйрөнгөн адам пайдалана турган илим шариятты сактай турган жалпы калайыкка пайдасы тие турган илим. Бул илим бул дүйнө жашоосуна да, акырет жашоосуна да зарыл нерселерди камтыган илим.

5. Хадис, саалих ыймандуу балдарды тарбиялоого үндөйт. Мындай балдар дуба аркылуу ата-энесинин акыретине да пайдасын тийгизет.

6. Ошондой эле, ата-эненин көзү өткөндөн кийин да аларга жакшылык кылууга үндөйт. Бул дагы балага пайдасы тие турган жакшы иштерден болуп эсептелет.

7. Өлгөн адамга баласынан башкалардын дубасы деле пайдасын тийгизет. Хадисте баласын айтканынын себеби, башкаларга караганда баласы ата-энесин көбүрөөк эстеп, көбүрөөк дуба кылат.

(65566)

(183) – عَنْ مَالِكِ بْنِ أَوْسِ بْنِ الْحَدَثَانِ أَنَّهُ قَالَ: أَقْبَلْتُ أَقُولُ مَنْ يَصْطَرِفُ الدَّرَاهِمَ؟ فَقَالَ طَلْحَةُ بْنُ عُبَيْدِ اللهِ وَهُوَ عِنْدَ عُمَرَ بْنِ الْخَطَّابِ رضي الله عنهما: أَرِنَا ذَهَبَكَ، ثُمَّ ائْتِنَا، إِذَا جَاءَ خَادِمُنَا، نُعْطِكَ وَرِقَكَ، فَقَالَ عُمَرُ بْنُ الْخَطَّابِ: كَلَّا، وَاللهِ لَتُعْطِيَنَّهُ وَرِقَهُ، أَوْ لَتَرُدَّنَّ إِلَيْهِ ذَهَبَهُ، فَإِنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «الْوَرِقُ بِالذَّهَبِ رِبًا، إِلَّا هَاءَ وَهَاءَ، وَالْبُرُّ بِالْبُرِّ رِبًا، إِلَّا هَاءَ وَهَاءَ، وَالشَّعِيرُ بِالشَّعِيرِ رِبًا، إِلَّا هَاءَ وَهَاءَ، وَالتَّمْرُ بِالتَّمْرِ رِبًا، إِلَّا هَاءَ وَهَاءَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(183) – Малик бин Аус бин Хадасан айтат: Мен жанымдагыларга кайрылып: Ким мага алтын теңгелерди күмүш акчага алмаштырып берет? - деп сурадым. Талха бин Убайдулла: Алтындарыңды бизге (берчи) көрөлү, анан кийин кызматчыбыз келгенде келсең, сага күмүш акча беребиз - деди. Ал жерде Умар бин Хаттаб да турган. Ал: Жок, мындай болбойт. Аллахка ант болсун, сен ага акчаны дароо беришиң керек, же алтындарын кайтарып бересиң. Анткени Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген: "Күмүштү алтынга алмаштыруу сүткордук болот, бирок колмо-кол болсо эч нерсе эмес. Буудайды буудайга алмаштыруу сүткордук болот, бирок колмо-кол болсо эч нерсе эмес. Арпаны арпага алмаштыруу сүткордук болот, бирок колмо-кол болсо эч нерсе эмес. Курманы курмага алмаштыруу сүткордук болот. Бирок колмо-

кол болсо эч нерсе эмес". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оуздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Таабийиндердин бири Малик бин Аус айтат: Анда алтын динарлары болгон. Ал динарын күмүш дирхамга алмаштырмакчы болот. Талха бин Убайдулла ага: Алтындарыңды бизге бер, карап көрөлү - деп, анан аны ала турган болгондон кийин: Бизди күтө тур, кызматчыбыз келгенден кийин келсең күмүш акчаларды сага беребиз - дейт. Бул отурушта Умар (Аллах андан ыраазы болсун) да отурган. Ал мындай соодалашууну четке кагып, Аллахка ант берип, Талханы күмүш дирхамдарды дароо берүүгө же алтындарын кайра кайтарып берүүгө буйруйт. Анан мунун себебин түшүндүрүп, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) алтынды күмүшкө же күмүштү алтынга соода кылганда дароо колмо-кол алуу важиб экенин айтканын, эгер мындай болбосо, арам сүткордук болорун, мындай соода жараксыз экенин эскерткенин айтат. Алтынды күмүшкө же күмүштү алтынга соода кылганда колмо-кол соода кылып кабыл кылып алуу керек. Ошондой эле буудайды буудайга, арпаны арпага, курманы курмага соода кылганда, өзүндөй, салмагын, өлчөмүн

бирдей кылып колмо-кол соода кылуу керек. Булардын бирин да кийинкиге калтырып насыя соода кылууга болбойт. Ошондой эле колмо-кол өткөрүп алмайынча ажырап кетүүгө болбойт.

## Хадистин пайдалары:

1. Бул хадисте беш түрдүү нерсе айтылган: алтын, күмүш, буудай, арпа, курма. Мына ушул нерселерди ушул эле нерселерге алмаштырганда (сатканда), сооданын жарактуу болуусу үчүн эки шарт табылуусу зарыл: келишим болгон жерде товарды кабыл кылып алуу. Салмагы бирдей болуу. Мисалы алтынды алтынга алганда салмагы бирдей болушу керек. Бул шарттардын бири табылбаса риба фаазил, ашыкча сүткордук болот. А эгер күмүштү данга алмаштыруу сыяктуу жынсы ар түрдүү нерсе болсо, анда анын жарактуу болуусу үчүн бир эле шарт бар: акысын келишим кылынган жерде төлөө. Эгер андай болбосо бул риба насия, насыя сүткордук болуп калат.

2. Келишим түзүлгөн отуруш дегени, соода болгон жер. Мейли алар отуруп соода кылсын, басып баратып соода кылсын, же улоонун үстүндө баратып соода кылсын айырмасы жок. Ал эми ажырап кетүү дегени, адамдардын жашаган жериндеги үрп адатта ажыроо кандай болсо, ошондой эсептелет.

3. Хадистеги тыюу алтын менен күмүштүн бардык түрүнө, иштетилген жана иштетилбегенине тиешелүү.

4. Азыркы замандагы акча бирдиктерине да алтын менен күмүшкө тиешелүү шарттар каралат.

   Башкача айтканда, риалды дирхамга алмаштырууну каалasaң, эки тарап ыраазы болгон курста алмаштырылат, бирок алмаштыруу соодалашкан орунда болуусу важиб.

   Эгер андай болбосо, соода жараксыз болуп, арам деп эсептелеген сүткордук болуп калат.

5. Сүткордук менен алмаштыруу, эгер эки тарап тең ыраазы болуп турса да жараксыз. Анткени Ислам дини жеке адамдын да, коомчулуктун да акысын коргойт. Өз акысын кечкенине каралбайт.

6. Колунан келген адамга башкаларды жамандыктан кайтаруусу милдет.
7. Кайсы бир иштен кайтарганда, кайтарган нерсесинин далилин келтирүү зарыл. Умар бин Хаттаб (Аллах андан ыраазы болсун) хадисти далил кылганы сыяктуу.

(5889)

(184) – عَنْ عَبْدُ اللَّهِ بْنُ سَلَامٍ رضي الله عنه قَالَ: لَمَّا قَدِمَ النَّبِيُّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ الْمَدِينَةَ انْجَفَلَ النَّاسُ قِبَلَهُ، وَقِيلَ: قَدِمَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، قَدِمَ رَسُولُ اللَّهِ، قَدِمَ رَسُولُ اللَّهِ، ثَلَاثًا، فَجِئْتُ فِي النَّاسِ لِأَنْظُرَ، فَلَمَّا تَبَيَّنْتُ وَجْهَهُ، عَرَفْتُ أَنَّ وَجْهَهُ لَيْسَ بِوَجْهِ كَذَّابٍ، فَكَانَ أَوَّلُ شَيْءٍ سَمِعْتُهُ تَكَلَّمَ بِهِ أَنْ قَالَ: «يَا أَيُّهَا النَّاسُ، أَفْشُوا السَّلَامَ، وَأَطْعِمُوا الطَّعَامَ، وَصِلُوا الْأَرْحَامَ، وَصَلُّوا بِاللَّيْلِ وَالنَّاسُ نِيَامٌ، تَدْخُلُوا الْجَنَّةَ بِسَلَامٍ». [صحيح] - [رواه الترمذي وابن ماجه وأحمد]

(184) – Абдуллах бин Салам (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Мадинага келген күнү, адамдардын баары ал келе жаткан тарапка чуркап, бирөө "Аллахтын элчиси келди!" деп үч жолу кыйкырды. Мен дагы эл менен бирге аны көрүүгө чуркадым. Анын жүзү мага даана көрүнгөндө, жүзүнөн дароо эле анын жалган сүйлөбөстүгүн байкадым. Анын айткан сөздөрүнөн эң биринчи укканым ушул болду: "Эй, адамдар! Саламыңарды

жайылткыла. Ачкаларды тоюндургула! Туугандар менен катташкыла! Түндө башкалар уктап жатканда силер намаз окугула! Ошондо эч жамандыкка учурабай бейишке киресиңер!" .[Сахих (ишенимдүү)] - [Ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз Мединага келгенде анын карааның көргөн адамдар ага бет алып чуркашты. Аны утурлай чуркагандардын арасында жөөттөрдөн Абдуллах бин Салам да бар эле. Ал пайгамбардын жүзүн көргөндө эле ал жүздүн жалган айтпастыгын сезет. Анткени анын жүзүнөн нур, чырай, айбат жана чынчылдыктын белгиси көрүнүп турган. Анын пайгамбардан уккан эң биринчи сөзү, адамдын бейишке кирүүсүнө себеп боло турган амалдар жөнүндө айтканы болду. Ал амалдар төмөнкүлөр:

Биринчи: саламды жайылтуу, көбөйтүү, тааныган адамга да, таанылбаган адамга да ачык салам айтуу.

Экинчи: коноктоп же белек кылып, же садага катары ачка адамдарга тамак берүү.

Үчүнчү: ата жагынан болобу, эне жагынан болобу туугандык байланышы бар жакын туугандар менен карым-катышта болуу.

Төртүнчү: адамдар уктап жатканда түнкү напил намаздарды окуу.

## Хадистин пайдалары:

1. Мусулмандардын арасында салам айтууну жайылтуу жакшы. Ал эми мусулман эмес адамга озунуп салам айтууга болбойт. Эгер ал Ассаламу алайкум (сага тынчтык болсун) деп салам берсе, ва алайкум (сага дагы) деп жооп кайтаруу керек.

(5520)

(185) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «أَيُّهَا النَّاسُ، إِنَّ اللهَ طَيِّبٌ لَا يَقْبَلُ إِلَّا طَيِّبًا، وَإِنَّ اللهَ أَمَرَ الْمُؤْمِنِينَ بِمَا أَمَرَ بِهِ الْمُرْسَلِينَ، فَقَالَ: {يَا أَيُّهَا الرُّسُلُ كُلُوا مِنَ الطَّيِّبَاتِ وَاعْمَلُوا صَالِحًا، إِنِّي بِمَا تَعْمَلُونَ عَلِيمٌ} [المؤمنون: ٥١] وَقَالَ: {يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا كُلُوا مِنْ طَيِّبَاتِ مَا رَزَقْنَاكُمْ} [البقرة: ١٧٢] ثُمَّ ذَكَرَ الرَّجُلَ يُطِيلُ السَّفَرَ أَشْعَثَ أَغْبَرَ، يَمُدُّ يَدَيْهِ إِلَى السَّمَاءِ: يَا رَبِّ، يَا رَبِّ، وَمَطْعَمُهُ حَرَامٌ، وَمَشْرَبُهُ حَرَامٌ، وَمَلْبَسُهُ حَرَامٌ، وَغُذِيَ بِالْحَرَامِ، فَأَنَّى يُسْتَجَابُ لِذَلِكَ؟». [صحيح] - [رواه مسلم]

(185) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Оо, адамдар! Аллах Аруу-Таза, таза нерселерди гана кабыл кылат. Аллах Таала ыймандууларга пайгамбарларга буйруган нерсени буйруган. Ал минтип айткан: "Оо, пайгамбарлар! Таза, адал нерседен жегиле! Ийги иш-амалдарды кылгыла! Чынында, эмне кылганыңарды

Мен билүүчүмүн" (Муминун, 51-аят). Ошондой эле: "Оо, ыйман келтиргендер! Биз силерге берген ырыскылардын таза-адалынан жегиле...”!" деген (Бакара, 172-аят). Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) алыс сапарга чыгып, чачы саксайып жүдөгөн, үстү-башын чаң баскан адам колун өйдө көтөрүп: “ “Оо, Раббим, оо, Раббим” деп дуба кылганын эскерип, анан мындай деди: “Анын жегени арам, ичкени арам, кийгени арам, арамдан азыктанат. Анан анын дубасы кантип кабыл болсун?!” [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабарлайт: Аллах Таала Таза, Ыйык, айып, кемчиликтерден аруу, толук сыпаттар менен сыпатталган. Сөздөрдүн, амалдардын, ишенимдердин тазасын гана кабыл кылат. Мындай ибадаттар калыс Аллах үчүн анан пайгамбардын көрсөткөн тартибинде болушу керек. Аллах Таалага ушндай жол менен гана жакындоого болот. Ыймандуу адам үчүн анын эң таза амалы - таза, адал ырыскы менен азыктануусу. Ошон үчүн Аллах Таала ыймандууларды пайгамбарларды буйругандай таза, адал тамактанууга жана жакшы амалдарды аткарууга буйруган. Ал минтип айткан: "Оо,

пайгамбарлар! Таза, адал нерседен жегиле! Ийги иш-амалдарды кылгыла! Чынында, эмне кылганыңарды Мен билүүчүмүн". Ошондой эле: "Оо, ыйман келтиргендер! Биз силерге берген ырыскылардын таза-адалынан жегиле...”!" деген.

Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким арамдан ырыскы жесе, анысы аткарган амалын бузуп, анын сырткы көрүнүшү кабыл боло тургандай көрүнсө да, кабыл болбой каларын эскерткен. Кабыл боло тургандай көрүнгөн сырткы көрүнүштөр булар:

Биринчи: Ажылык, жихад, же туугандар менен байланышуу сыяктуу Аллахка таат кылуу максатында болгон узун сапарлар.

Экинчи: таралбай чатышып калган чачы, чаң басып калган кийими, анын муктаж экендигинен кабар берет.

Үчүнчү: Колун асманга сунуп дуба кылганы.

Төртүнчү: Аллахтын ысымдарын ортого салып, Оо, Раббим! Оо, Раббим! - деп жалбарганы.

Ушундай себептердин болуусуна карабай анын дубасы кабыл болбойт. Анткени, анын жегени, ичкени, кийгени баары арамдан. Арам менен азыктанган. Мындай адамдын дубасы кайдан кабыл болмок эле.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллах Таала затында, сыпаттарында, иштеринде жана өкүмдөрүндө кемчиликсиз толук.
2. Амалдар калыс Аллах үчүн, анан пайгамбар көрсөткөн тартипте болуусу буйрулган.
3. Амал кылууга үндөгөн учурда шыктандыруучу сөздөрдү пайдаланууга болот. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Аллах Таала элчилерди буйруган нерсеге ыймандууларды да буйруган" - деп айтты. Ыймандуулар аларга буйрулуп жаткан иштер пайгамбарларга да буйрулганын билген соң ошол амалдарды кылууга шыктанып, аракет кылышат.
4. Дубанын кабыл болуусун тыйып койо турган иштердин бири - арам тамактануу.
5. Дубанын кабыл болуусуна себеп боло турган иштер бешөө:

   Бириничиси: Адамга кыйынчылык жараткан алыс сапар;

   Экинчиси: Адамдын жалбарган абалы; Үчүнчүсү: Колду асманга көтөрүү; Төртүнчүсү: Аллахтын рубубиятын кайталап Аллахка кайрылуу. Мындай кылуу дуба кабыл болуу

үчүн өтө зарыл иштердин бири; Бешинчиси: жеген-ичкенинин адал, таза болуусу.

6. Адалдан тамактануу жакшы иш-амалдарды аткарууга жардам бере турган иштерден.
7. Ал-Каади (Ияд) минтип айткан: Таза ыпластын тескериси, эгер таза деген сыпат Аллах Таалага карата айтылса, бардык кемчиликтен таза, апааттардан алыс деген маани. А эгер бул сыпат менен пенде сыпатталса, жаман ахлактардан, бузук амалдардан таза, анын тескериси менен кооздолгон деген мааниде. Эгер мал-жандыктар сыпатталса жакшы мал-жандыктын адалдары максат кылынат.

(4316)

(186) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «مَنْ أَنْظَرَ مُعْسِرًا، أَوْ وَضَعَ لَهُ، أَظَلَّهُ اللهُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ تَحْتَ ظِلِّ عَرْشِهِ يَوْمَ لَا ظِلَّ إِلَّا ظِلُّهُ». [صحيح] - [رواه الترمذي وأحمد]

(186) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Кимде-ким кедейдин карызын төлөө мөөнөтүн кечиктирсе, же карызынын баарын же бир бөлүгүн кечип салса, анда Аллах аны Кыямат**

**күнү Өз Аршынын көлөкөсүндө башка эч кандай көлөкө жок болгон күнү көлөкө кылат».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Ат-Тирмизи жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп кабар берди: Кимде-ким карыздар адамдын карызын төлөө мөөнөтүн кечиктирсе, же карызынын бир бөлүгүн кечип салса, анда анын сыйлыгы Аллах аны Өз Аршынын астына, Кыямат күнү күн пенделердин башына жакындай турган күнү көлөкөсүнө алат. Ал күнү күндүн ысыгы аларга катуу тийген кез болот. Демек Аллах көлөкөсүнө алган адамдан башка эч ким көлөкө таба албайт.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллах Тааланын пенделери үчүн жеңилдетүүнүн пазилети жана адамдарга жеңилдик берүү - Кыямат күнүнүн коркунучтуу азабынан кутулуунун себептеринин бири.

2. Иш-аракеттердин түрүнө жараша соop-сыйлыктар да ошол түрдөн берилет.

(4186)

(187) – عن جابر رضي الله عنه أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال: «رَحِمَ اللَّهُ رَجُلًا سَمْحًا إِذَا بَاعَ، وَإِذَا اشْتَرَى، وَإِذَا اقْتَضَى». [صحيح] - [رواه البخاري]

(187) – Жабир (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты. **«Сатканда, сатып алганда жана өз акысын талап кылганда жоомарт адамды Аллах ырайымына алсын»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) соода-сатыкта жеңил, кечиримдүү жана берешен болгон адамга ырайым тилеп дуба кылды. Ал адам кардарга бааны көтөрбөстөн, ага жакшы кулк-мүнөз менен сылык мамиле кылышы керек. Эгерде сатып алчу болсо, анда товардын баасын төмөндөтпөй жана арзандатпай жеңил, жоомарт, берешендик менен сатып алсын. Карыздарын талап кылганда карыздар адам кедей же муктаж болсо, анда ага оор мамиле кылбай, жумшак жана сылык мамиле кылыш керек. Эгерде карызын төлөй албаса, анда ага кошумча убакыт берип күтүү керек.

## Хадистин пайдалары:

1. Адамдардын ортосундагы өз ара мамилелерин оңдоочу нерселерди сактоо - бул шарияттын негизги максаттарынын бири.
2. Адамдардын ортосундагы соода сатык сыяктуу өз ара мамилелеринде жакшы адеп-ахлак менен мамиле кылууга үндөө керек.

(3716)

(188) – عن أبي هريرة رضي الله عنه أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال: «كان رجلٌ يُدَايِنُ الناسَ، فكان يقول لفتاه: إذا أتيتَ مُعسِرًا فتجاوز عنه، لعل اللهَ يَتجاوزُ عنا، فلقي اللهَ فتجاوز عنه». [صحيح] - [متفق عليه]

(188) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты. **«Бир киши адамдарга ар дайым карыз берет эле. Ал карызды чогулткан жаш жигитине: «Эгерде кедей карыздар адамга жолугуп калсаң, анда анын карызын кечип жибер. Балким Аллах бизди да кечирээр»** - деп айтат эле. Ошондуктан ал көз жумуп Аллахка жолукканда Аллах Таала аны кечирди». [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдарга карыз берип жакшы мамиле кылган киши жөнүндө же аларга бир нерсени сатканда бир канча мөөнөттөн кийин төлөөгө макул болуп саткан киши жөнүндө кабар берип жатат. Ал адамдардагы карыздарын чогулткан кызматкерине минтип айтат эле: **«Эгерде карызды чогулткан учурда карыздар адам өтө муктаж болгондуктан алган карызын төлөй албай турган болсо, анда анын карызын же кечип жибер же болбосо кошумча убакыт бер жана аны шаштырба»**. Же болбосо карыздын канчасын төлөй алса ошону алып, калганын кечип жибер».

Ал киши бул кылган иштери аркылуу Аллахтан кечирүүсүн үмүт кылган. Ошондуктан ал өлгөндө Аллах анын күнөөлөрүн кечирип, жамандыктарын жоюп салды.

## Хадистин пайдалары:

1. Адамдарга жакшы мамиле кылуу, аларга кечиримдүү болуу жана кедейдин карызын кечип жиберүү - бул кыямат күнү пенденин азаптан кутулуусунун эң чоң себептеринен болот.

2. Адамдарга жакшылык кылуу, Аллахка ыкластуу болуу жана анын ырайымын үмүт кылуу - бул күнөөлөрдүн кечирилишине себеп болот.

(3753)

(189) – عن خَولة الأنصاريةِ رضي الله عنها قالت: سمعت النبي صلى الله عليه وسلم يقول: «إِنَّ رِجَالًا يَتَخَوَّضُونَ فِي مَالِ اللهِ بِغَيْرِ حَقٍّ، فَلَهُمُ النَّارُ يَوْمَ الْقِيَامَةِ». [صحيح] - [رواه البخاري]

(189) – Хавла аль-Ансарийа (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: Мен Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: **«Аллахтын мүлкүн адилетсиздик менен иштеткен эркектер, алар Кыямат күнү тозокто болушат».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулмандардын мал-мүлкүн алдамчылык менен иштетип, аны адилетсиз алып жаткан адамдар жөнүндө айтып жатат. Мунун мааниси мал-мүлктү адал эмес жолдор менен табуу, аларды жыйноо жана туура эмес жерлерге сарптоо жагынан жалпыга тиешелүү. Буга жетимдердин жана вакф фонддорунун акчасын

жеп, аманаттарды четке кагуу, коомдук фонддон негизсиз каражаттарды алуу кирет.

Андан кийин Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) алардын жазасы Кыямат күнү тозок болорун айтты.

## Хадистин пайдалары:

1. Адамдардын колундагы мал-мүлк Аллахтын мүлкү. Аллах Таала аны шарият жолу менен сарптоолору жана алдамчылык менен иштетүүдөн сактануулары үчүн адамдарга берди. Бул башчыларга жана алардан башка адамдардын баарына тиешелүү.

2. Жалпы адамдардын мал-мүлкүнө болгон шарияттын катуу өкүмү. Ким мусулмандардын мал-мүлкүнө башчылык кылса, анда Кыямат күнү аны чогултканы жана сарптаганы үчүн жоопберет.

3. Бул азапка өзүнүн же башка бирөөнүн мал-мүлкүн шарияттын мыйзамысыз иштеткендер кирет.

(5331)

(190) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «قَالَ اللَّهُ: كُلُّ عَمَلِ ابْنِ آدَمَ لَهُ، إِلَّا الصِّيَامَ، فَإِنَّهُ لِي وَأَنَا أَجْزِي بِهِ، وَالصِّيَامُ جُنَّةٌ، وَإِذَا كَانَ يَوْمُ صَوْمِ أَحَدِكُمْ فَلاَ يَرْفُثْ وَلاَ يَصْخَبْ، فَإِنْ سَابَّهُ أَحَدٌ أَوْ قَاتَلَهُ، فَلْيَقُلْ إِنِّي امْرُؤٌ صَائِمٌ، وَالَّذِي نَفْسُ مُحَمَّدٍ بِيَدِهِ، لَخُلُوفُ فَمِ الصَّائِمِ أَطْيَبُ عِنْدَ اللَّهِ مِنْ رِيحِ المِسْكِ، لِلصَّائِمِ فَرْحَتَانِ يَفْرَحُهُمَا: إِذَا أَفْطَرَ فَرِحَ، وَإِذَا لَقِيَ رَبَّهُ فَرِحَ بِصَوْمِهِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(190) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Аллах Таала айтат: "Адам баласынын бардык амалы өзү үчүн. Бир гана орозосу андай эмес. Анын орозосу Мен үчүн жана анын сооп-сыйын Мен Өзүм берем". Орозо - бул, калканч. Кимдир бирөөңөр орозо кармасаңар, ал күндө жаман сөздөрдү сүйлөбөгүлө, кыйкырып, талашып-тартышпагыла. Эгер орозо адамды бирөө тилдеп же мушташмакчы болсо, ага "мен орозо кишимин" деп айтсын. Мухаммаддын жаны колунда турган Аллахка ант берип айтам, орозо кармаган адамдын оозунан чыккан жыт Аллахтын алдында мисктин жытынан да жыттуу. Орозо туткан адамдын сүйүнө турган эки убагы бар: биринчиси, ооз ачкан убакта кубанат. Экинчиси, Раббисине жолуккан учурда бул дүйнөдө орозо тутканына кубанат". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Тааланын кудусий хадисте минтип айтканын кабарлайт:

Адам баласынын бардык амалдарынын сообу он барабардан жети жүз барабарга чейин көбөйтүлөт. Бирок орозо андай эмес. Анткени, орозодо эл көрсүн деген ниет болбойт, орозону Мен үчүн гана кармайт. Ошон үчүн анын сооп-сыйын Мен Өзүм гана билген өлчөмдө беремин.

Анан минтип айтты: (Орозо - бул, калканч) тозоктон сактаган коргон, көшөгө, сактоочу. Анткени орозо шахваттардан тыйып, күнөөдөн тосот. Ал эми тозок шахваттар менен курчалган.

(Орозо кармаган адам бузук ишке барбасын) бузук сөздөрдү сүйлөбөсүн, жыныстык катыш же ага алып бара турган иштерди кылбасын.

(Талашып-тартышпасын) талаш-тартыш, үнүн көтөрүп кыйкырышкандан этият болсун.

Орозо айында (эгер аны бирөө сөгүп, же мушташмакчы болсо), мен орозо туткан кишимин деп айтсын. Ошентсе, уруштан тыйылып калат. Эгер тыйылбай кол салса, мүмкүн болушунча жеңилирээк коргонсун.

Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жаны колунда турган Аллахтын аты менен касам ичип, орозо кармаганы себептүү оозунун жыты өзгөрүп калса, кыямат күнү ал Аллахтын алдында мисктин жытынан да жыттуу болорун, жума намаздарында жа зикир кылынган отуруштарда колдонуулусу мустахаб болгон мисктин сообунан көп сооп бериле тургандыгын айткан.

Орозо кармаган адам үчүн эки учурда кубаныч болот: ооз ачкан учурда, ооз ачууга уруксат берилип, чаңкоосу жана ачкалыгы кеткени үчүн. Орозосун бүтүргөнүнө, ибадатын толук кылганына, Раббисинен жеңилдик болгонуна жана кийинки күндүн орозосун кармоого жардам болгондугуна кубанат.

(Раббисине жолукканда, орозо тутканы үчүн кубанат) Анын сыйына жана соопторуна жеткени үчүн.

## Хадистин пайдалары:

1. Орозонун артыкчылыгы өзгөчө. Ал адамды бул дүйнөдө кумар каалоосунан сактайт. Акыретте болсо, тозок отунан сактайт.

2. Орозонун негизги адептеринин бири, жаман, бузук жана пайдасыз сөздөрдү таштоо. Ага карата айтылган сөздөргө же жаман мамилелерге сабыр жана жакшылык менен жооп берүү.

3. Орозо кармаган адам, же кайсы эле ибадатты аткарган адам ибадатын жакшы, толук аткаргандыгы үчүн бул дүйнөдө сүйүнсө, ал үчүн ибадатынын акыреттеги сооптору кемип калбайт.

4. Чыныгы толук кубаныч, орозо кармоочулар жана сабырдуулар эсеп-кысапсыз сооп-сыйын алган Кыямат күндө Аллах Таалага жолуккан учурда болот.

5. Зарылчылыкта же пайдасы тие турган учурда жасап жаткан ибадатын элге жарыя кылып айтуу рия (элге көрүнүү) эмес. Анткени: хадисте (мен орозо кармаган кишимин деп айтсын) деп айтылган.

6. Чыныгы орозосу толук кармалган адам, дене мүчөлөрү күнөөдөн тыйылган, тили жалгандан, бузук сөздөрдөн, жалган күбөлүк берүүдөн тыйылган, курсагы тамак-аш жана суусундуктан тыйылган адам.

7. Орозо адамдын кыйкырып, урушуп, талашып тартышуудан тыйылуусу, бул орозо адамга бышыктоо иретинде айтылган. Болбосо, мындай иштер орозо эмес адамга да тыюу салынган.

8. Бул хадис пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Раббисинен риваят кылган хадистерден. Мындай хадистер кудсий же илахий хадис деп аталат. Анын айтылышы жана мааниси Аллахтан, бирок кудсий хадис Курандын башкалардан айырмаланып турган өзгөчөлүктөрүнө ээ эмес. Мисалы, Куранды окуу ибадат экендиги, аны даарат менен кармоо, андайды эч ким жаза албастыгы, мужизалыгы ж.б.

(3546)

(191) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم:

«مَنْ صَامَ رَمَضَانَ إِيمَانًا وَاحْتِسَابًا غُفِرَ لَهُ مَا تَقَدَّمَ مِنْ ذَنْبِهِ» [صحيح] - [متفق عليه]

(191) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Кимде-ким Рамазанды ыйман келтирип жана сооп үмүт кылып орозо кармаса, анда анын мурунку күнөөлөрү кечирилет»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп кабарлап жатат: Кимде-ким Рамазан айында Аллахка ыйман келтирип жана орозонун парздыгын тастыктап орозо кармаса, анда Аллах Таала орозо кармагандар үчүн сыйлыктарды жана сооторду даярдап койгон. Ал бул орозосун Аллах Тааланын ыраазычылыгы үчүн, жоро көрсүн жана эл уксун дебестен кармаса, анда анын мурунку күнөөлөрү кечирилет.

## Хадистин пайдалары:

1. Ыкластуулуктун пазилети, ыкластуулуктун Рамазан орозосунда жана башка жакшы иш-аракеттердеги маанилүүлүгү.

(4196)

(192) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: أَوْصَانِي خَلِيلِي صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ بِثَلاَثٍ: صِيَامِ ثَلاَثَةِ أَيَّامٍ مِنْ كُلِّ شَهْرٍ، وَرَكْعَتَيِ الضُّحَى، وَأَنْ أُوتِرَ قَبْلَ أَنْ أَنَامَ. [صحيح] - [متفق عليه]

(192) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Эң сүйүктүү досум (пайгамбар) (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мага үч ишти осуят кылды: ар айда үч күндөн орозо кармоону; (күн сайын) эки рекеттен чашке намазын окууну; уктаардан мурда витр намазын

окуп жатууну". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) сүйүктүү пайгамбары жана жолдошу (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага үч ишти осуят кылып эскерткенин кабарлайт:

Биринчиси: ар бир айда үч күн орозо кармоо.

Экинчиси: күн сайын эки рекет чашке намазын окуу.

Үчүнчүсү: уктаардан мурда витр намазын окуу. Витр намаз мындай убакта окуу уйкудан ойгонбой калам деп корккон адамдар үчүн.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларына айткан осуяттарынын ар түрдүү болуусуна сахбаларынын абалын жакшы билгени себеп.

   Алардын кимиси эмнеге ылайык экенин жакшы билген. Күчтүү адам жихад кылууга ылайык. Ибадаткөй адам ибадат кылганга ылайык. Аалым адам илим таратканга ылайык, ж.б.

2. Ибн Хажар ал-Аскалани минтип айткан: ай сайын үч күндөн кармалуучу орозо дегени, ай толгон учурдагы, б.а. хижра жыл санагы боюнча он үч, он төрт жана он бешинчи күндөгү орозолор.

3. Ибн Хажар ал-Аскалани дагы мындай деген: Мында витр намазын уйкудан мурда окуу жакшы экени айтылган. Мындай кылуу уйкудан кайра ойгоно албай калам деп корккон адамдар үчүн.

4. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир канча сахабасына ушундай осуят кылгандыктан, бул үч амалдын өтө зарылдыгын билебиз.

5. Ибн Дакик ал-Ийд "Эки рекет чашке" намазы тууралуу мындай дейт: балким аткарылышы зарыл болгон эң аз сан айтылгандыр. Бул чашке намазынын абзелдигине жана анын эң аз өлчөмү эки рекет экендигине ишарат кылат.

6. Чашке намазынын убактысы: Күн чыккандан болжолдуу он беш мүнөт өткөндөн баштап, чак түшкө он мүнөт

калганга чейин. Ирекеттеринин саны: азы эки ирекет, көбү жөнүндө кайчы пикирлер бар. Кээ бирлер сегиз ирекет деген. Кээ бирлер көбүнө такталган чек жок дешет.

7. Витр намазынын убактысы: Куптан намазынан кийин башталып, таң сүргөнгө чейин. Азы бир ирекет, көбү он бир ирекет.

(4538)

(193) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم:

**«مَنْ يَقُمْ لَيْلَةَ الْقَدْرِ إِيمَانًا وَاحْتِسَابًا غُفِرَ لَهُ مَا تَقَدَّمَ مِنْ ذَنْبِهِ»** [صحيح] - [متفق عليه]

(193) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Кимде-ким Кадыр түндү ыйман келтирген абалда жана сооп үмүт кылып (ибадат менен) өткөрсө, анда анын өткөн күнөөлөрү кечирилет»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Рамазан айынын акыркы он күнүндө болгон Кадыр түндү тосуунун пазилетин кабарлады. Ошондой эле кимде-ким ал түндө намаз окуу, дуба кылуу, Куран окуу жана зикир кылуу менен алек болуп, Кадыр түндүн болоруна, ал

тууралуу келген пазилеттерине ыйман келтирип, кылган иш-аракеттери үчүн Аллахтан гана сооп-сыйлык үмүт кылып, жоро көрсүн жана эл уксун дебестен өткөрсө, анда анын мурунку күнөөлөрү кечирилишин кабарлады.

**Хадистин пайдалары:**

1. Кадыр түндүн пазилети жана аны тосууга үндөө.
2. Жакшы иш-аракеттер туура ниет кылуу менен гана кабыл болот.
3. Аллахтын пазилеттүүлүгү жана Анын ырайымдуулугу. Анткени кимде-ким Кадыр түндүн болоруна ыйман келтирип жана сооп үмүт кылып өткөрсө, анда анын өткөн күнөөлөрү кечирилет.

(4202)

(194)– عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: سمعت النبي صلى الله عليه وسلم يقول:

«مَنْ حَجَّ لِلهِ فَلَمْ يَرْفُثْ وَلَمْ يَفْسُقْ رَجَعَ كَيَوْمِ وَلَدَتْهُ أُمُّهُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(194) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылып айтат: Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: **«Кимде-ким Аллах үчүн аялы менен жыныстык катнаш кылбай жана**

**бузукулук иштерди кылбай ажылык кылса, анда ал энеден төрөлгөндөй күнөөлөрүнөн таза болуп кайтат».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): **«Кимде-ким Аллах үчүн аялы менен жыныстык катнаш кылбай ажылык кылса»** - деген сөзүндөгү жыныстык катнаш – бул жыныстык катнаш кылуу жана ага киришүүдөн алдынкы өбүшүү жана кармалашуу экендигин баяндап жатат. Жана жыныстык катнаш – бул жаман сөздөр деп да айтылат. Ошондой эле анын **«бузукулук иштерди аткарбай»** деген сөзү – бул жаман иштерди жана күнөө иштерди аткарбоо экендигин баяндап жатат. Жана Ажылык учурунда тыюу салынган (1) иштерди кылуу да бузукулук иштерден болот. Кимде-ким Аллах үчүн ушуларды кылбай ажылык кылса, анда ажылыктан энеден төрөлгөндөй күнөөлөрүнөн таза ымыркай сыяктуу күнөөсү кечирилген абалда кайтарын баяндап жатат.

## Хадистин пайдалары:

1. Бузукулук иштерди кылуу бардык учурда тыюу салынат. Ошондуктан ажылык амалдарын улуктугу үчүн ажылык учурунда бузукулук иштерден тыюу бекемделип жатат.

## 2. Инсан күнөөсүз төрөлөт жана ал өзүнөн башкалардын күнөөсүн көтөрбөйт.

(2758)

(195) – عن ابن عباس رضي الله عنهما قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «ما مِنْ أيَّامٍ العمَلُ الصَّالِحُ فيها أحبُّ إلى اللهِ مِن هذه الأيام» يعني أيامَ العشر، قالوا: يا رسُولَ الله، ولا الجهادُ في سبيلِ الله؟ قال: «ولا الجهادُ في سبيلِ الله، إلا رجلٌ خَرَجَ بنفسِه ومالِه فلم يَرْجِعْ من ذلك بشيءٍ». [صحيح] - [رواه البخاري وأبو داود، واللفظ له]

(195) – Ибн Аббас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Аткарылган жакшы амалдары Аллахка сүйкүмдүү болгон мына ушул күндөрдөн өткөн башка күн жок" т.а. Зулхижжанын баштапкы он күнү" . Сахабалар: О, Аллахтын элчиси, Аллах жолундагы жихад да буга жетпейби? - деп сурады. "Аллах жолундагы жихад да жетпейт. Бир гана өз мал-жаны менен чыгып, кайра кайтпай калган адамдын сообу буга жетет" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Ал-Бухари жана Абу Дауд жазып калтырган, бул айтым Абу Даудга тиешелүү]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Зулхижжа айынын баштапкы он күнүндөгү жакшы амалдар жылдын башка учурларынан абзел экенин кабарлаган.

Сахабалар бул күндөрдөн башка күндөрү Аллах жолунда жихадга чыгуунун сооп-сыйлыгы тууралуу, бул амал абзелби, же ушул күндөрдөгү жакшы амалдар абзелби деп сурашат. Анткени аларда жихад иш-амалдардын эң абзели экени белгилүү эле.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларга минтип жооп берип: бул күндөрдөгү жакшы амалдар башка күндөгү жихаддан да сооптуу, бирок бирөө Аллах жолунда жихадга өз мал-мүлкү менен чыкса жана мал-мүлкү түгөнүп, өзү да шейит болуп кетсе, ушул адамдын гана сооп-сыйлыгы жогору болорун айтат. Бул күндөрдөгү жакшы амалдарды абзел кылган мына ушул.

## Хадистин пайдалары:

1. Зулхижжа айынын баштапкы он күнүндөгү жакшы амалдардын артыкчылыгы, мусулман адамга бул күндөрдү пайдаланып калуунун, ибадаттарды көбөйтүүнүн зарылдыгы айтылган. Аллахты зикир кылуу, Куран окуу, такбир, тахлил, тахмид айтуу, намаз окуу,

садага берүү, орозо кармоо ж.б. бардык жакшы амалдарды көбөйтүү керек.

(6255)

(196) – عَنْ أَبِي الحَوْرَاءِ السَّعْدِيِّ قَالَ: قُلْتُ لِلْحَسَنِ بْنِ عَلِيٍّ رضي الله عنهما: مَا حَفِظْتَ مِنْ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ؟ قَالَ: حَفِظْتُ مِنْ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «دَعْ مَا يَرِيبُكَ إِلَى مَا لاَ يَرِيبُكَ، فَإِنَّ الصِّدْقَ طُمَأْنِينَةٌ، وَإِنَّ الكَذِبَ رِيبَةٌ». [صحيح] - [رواه الترمذي والنسائي وأحمد]

(196) – Абу Хавра Саъидий айтат: Хасан бин Алиге (Аллах алардан ыраазы болсун): Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) угуп эстеп калган хадистериң барбы? - дедим. Ал: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай дегенин эстеп калгам: "Шек-күмөн жаратып турган ишти таштап, шек-күмөнү жок ишти аткар. Чынчылдык - бейкуттукту, жалган айтуу болсо, шектенүүнү алып келет". [Сахих (ишенимдүү)] - [رواه الترمذي والنسائي وأحمد]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамга шек-күмөн жараткан сөз болсун же иш болсун аны таштоого буйруган. Мейли ага тыюу салынган болсун, мейли тыюу салынбасын,

мейли арам, мейли адал болсун. Анын ордуна шек-күмөнү жок, адалдыгы, жакшылыгы анык болгонду алсын. Ошондо жүрөк тынчтанат. Ал эми шектүү нерсе жүрөктү тынчсыздандыра берет.

## Хадистин пайдалары:

1. Мусулман адам өз ишин ачык-айкындыкка негиздеп, күмөндүү нерселерди ташташы керек. Дининде көрөгөч болуусу зарыл.
2. Шек-күмөндүү иштерге кирүүгө тыюу салынган.
3. Эгер бейпилдикти, ырахатты кааласаң, шектүү нерселерди таштап, аларды четке ыргыт.
4. Пенделерин жан дүйнөнү эс алдырган иштерге буйруп, тынчын кетирген иштерден тыйганы Аллах Тааланын ырайымдуулугунан.

(4564)

(197) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «إِنَّ اللَّهَ تَجَاوَزَ عَنْ أُمَّتِي مَا حَدَّثَتْ بِهِ أَنْفُسَهَا، مَا لَمْ تَعْمَلْ أَوْ تَتَكَلَّمْ». [صحيح] - [متفق عليه]

(197) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Аллах Таала менин үммөтүмдүн ой-санаасына келген,

бирок аткарбаган жана эч кимге айтпаган күнөөлөрүн кечирет". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабарлайт: мусулман адам напсисине келген жаман ойду ишке ашырбаса жана эч кимге айтпаса, ал үчүн жазаланбайт. Аллах Таала аны кечирет. Мухаммад пайгамбардын үммөтүнөн эч ким кыялына келген жаман ишти аткарууда эки анжы болуп, аны аткарууга толук бел байламайынча ага жооп бербейт. Эгер жүрөгү менен текеберликке, менменсинүүгө, эки жүздүүлүккө же кайсы бир дене мүчөсү менен күнөө кылууга толук чечим кылса же тили менен айтса, анда анысына жооп берет.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллах Таала мусулмандын кыялына келген жаман пикир, туура эмес ойлорду кечирет.
2. Эгер адам талакты пикир кылса, кыялына келтирсе, бирок аны айтпаса жана жазып бербесе, бул талак болуп эсептелбейт.
3. Кыялына келген иш канчалык чоң күнөө иш болсо да эгер аны ишке ашырууга бел байлабаса, аткарбаса жана айтпаса, ал үчүн күнөөкөр болбойт.

4. Мурдагы үммөттөрдөн айырмаланып, Мухаммад пайгамбардын үммөтүнүн кыялындагы иш үчүн айыпталбаганы, бул үммөттүн артыкчылыгын билдирет.

(58144)

(198) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «إِنَّ اللهَ لَا يَنْظُرُ إِلَى صُوَرِكُمْ وَأَمْوَالِكُمْ، وَلَكِنْ يَنْظُرُ إِلَى قُلُوبِكُمْ وَأَعْمَالِكُمْ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(198) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Чындыгында, Аллах силердин келбетиңерге жана байлыгыңарга карабайт, бирок жүрөгүңөргө жана иш-аракетиңерге карайт».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Тааланын пенделеринин келбеттерине, алардын денелерине, алар сулуубу же сулуу эмесби, бул чоңбу же кичинеби, же ден соолугу тазабы же оорулуубу? - деп карабай турганын баяндады. Жана Аллах алардын акчасынын аз же көп экендигине карабайт. Аллах Таала пенделерин бул иштерден жана алардагы айырмачылыктары үчүн аларды азаптабайт. Бирок Аллах алардын

жүрөктөрүнө жана жүрөктөрүндөгү такыбалыкка, ишеничке, чынчылдыкка, ыкластуулукка, же жоро көрсүн жана эл уксун деген максатына карайт.

## Хадистин пайдалары:

1. Жүрөктү оңдоого кам көрүү жана аны ар кандай жаман сыпаттардан тазалоо.
2. Жүрөк ыкластуулук менен оңолот, ал эми иш-аракеттер Пайгамбарды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ээрчүү менен оңолот. Аллах Тааланын алдында ушул экөөсү эске алынат жана аларга көңүл бурулат.
3. Адам акчасына, сулуулугуна, денесине жана бул дүйнөнүн көрүнүштөрүнө алданбашы керек.
4. Ички дүйнөнү оңдобостон, сырткы көрүнүшкө таянып калуудан эскертүү.

(4555)

(199) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قال: قال رَسُولُ الله صلى الله عليه وسلم: «إِنَّ اللهَ يَغَارُ، وَإِنَّ الْمُؤْمِنَ يَغَارُ، وَغَيْرَةُ اللهِ أَنْ يَأْتِيَ الْمُؤْمِنُ مَا حَرَّمَ عَلَيْهِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(199) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Чынында, Аллах кызганат. Чынында ыймандуу пенде да кызганат. Аллахтын кызгануусу ыймандуу пенде Анын тыюу

салган ишине барганда болот". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыймандуу пенде кызганып, жек көрүп, жийиркенген сыяктуу Аллах Таала да кызганарын, жек көрөрүн жана жийиркенерин кабарлаган. Аллах Таалынын кызгануусуна, ыймандуу пенденин арак ичүү, уурулук кылуу, бачабаздык кылуу, зына жана башка ушулар сыяктуу Аллах тыюу салган ыплас иштерге баруусу себеп болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Анын арам чектерин бузууда Аллахтын каарынан жана азабынан сактануу зарылдыгы айтылган.

(3354)

(200) – عن أبي هريرة رضي الله عنه عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «اجْتَنِبُوا السَّبْعَ الْمُوبِقَاتِ»، قَالُوا: يَا رَسُولَ اللهِ وَمَا هُنَّ؟ قَالَ: «الشِّرْكُ بِاللهِ، وَالسِّحْرُ، وَقَتْلُ النَّفْسِ الَّتِي حَرَّمَ اللهُ إِلَّا بِالْحَقِّ، وَأَكْلُ الرِّبَا، وَأَكْلُ مَالِ الْيَتِيمِ، وَالتَّوَلِّي يَوْمَ الزَّحْفِ، وَقَذْفُ الْمُحْصَنَاتِ الْمُؤْمِنَاتِ الْغَافِلَاتِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(200) – **Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте** Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Кыйратуучу жети күнөөдөн алыс болгула»**. Ошондо сахабалар:

«Оо, Аллахтын элчиси! Алар кайсылар?» — деп сурашты. Аллахтын элчиси: «Аллахка ширк кылуу, сыйкырчылык, Аллах өлтүрүүнү арам кылган жанды эч бир акысыз өлтүрүү, сүткорлук кылуу, жетимдин мал-мүлкүн жегендик, согуш учурунда артка качуу жана күнөө кылуудан капилетте калган, абийирдүү жана ыймандуу аялдарга бузуку деп жалаа жабуу» - деп айтты». [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үммөтүн жети кыйратуучу күнөөлөрдөн алыс болууга буйруп жатат. Жана андан күнөөлөр жөнүндө **«алар кайсылар?»** деп суралганда төмөндөгүчө баяндады:

Биринчиси: Аллах Таалага ширк кылуу. Бул бир нерсенин кандай түрү болбосун Аллах Таалага окшотуу жана Аллах Тааланы ал нерселерге окшоштуруу менен Ага шерик кошуу. Ибадаттарды Аллахтан башкага кылуу. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ширктен баштады. Анткени бул күнөөлөрдүн эң чоңу.

Экинчиси: Сыйкырчылык. Бул түйүндү дубалоо, кара дуба окуу, дары-дармектерди дубалап коюу

жана түтөткү түтөтүү. Бул нерселер адамга өлүм же оору менен зыян берет же күйөөсү менен аялын ажыраштырат. Бул сыйкыр шайтандын иши. Сыйкырдын көпчүлүгүнө ширк кылуу менен, жиндердин жакшы көргөн нерселери аркылуу жиндерге жакын болуу менен гана сыйкырчылыка жетишүүгө болот.

Үчүнчүсү: Аллах өлтүрүүнү арам кылган жанды эч бир акысыз өлтүрүү. Өлтүрүү шарияттагы себеп (1) менен болсо гана казы сот аркылуу ишке ашырат.

Төртүнчүсү: Сүткорлук кылуу. Бул сүткорлук менен жан багуу же андан башка иштерде сүткорлук менен пайда алып келүү.

Бешинчиси: Жетимдин мал-мүлкүн жегендик. Бул бойго жете элек, атасы каза болгон жетимдин байлыгын зулумдук менен пайдалануу.

Алтынчы: Согуш учурунда артка качуу. Бул каапырлар менен болгон согушта артка качуу.

Жетинчиси: Күнөө кылуудан капилетте калган, абийирдүү жана ыймандуу аялдарга бузуку деп жалаа жабуу. Бул күнөөдөн таза аялдарды жана эркектерди зынакор деп жалаа жабуу.

## Хадистин пайдалары:

1. Чоң күнөөлөр хадисте эскерилген жети күнөөгө чектелбейт. Хадисте эскерилген күнөөлөр өтө чоң жана өтө коркунучтуу болгондуктан өзгөчөлөнүп эскерилди.
2. Кисас(1), ридда(2), үйлөнгөн адамдын зына кылуусу ж.б.у.с. себептер менен адамды өлтүрүүгө укуктуу кылат жана өлүм жазасын казылар гана ишке ашырышат.

(3331)

(201) – عن أبي بكرة رضي الله عنه قال: قال النبي صلى الله عليه وسلم: «أَلَا أُنَبِّئُكُمْ بِأَكْبَرِ الْكَبَائِرِ؟» ثَلَاثًا، قَالُوا: بَلَى يَا رَسُولَ اللهِ، قَالَ: «الْإِشْرَاكُ بِاللهِ، وَعُقُوقُ الْوَالِدَيْنِ» وَجَلَسَ وَكَانَ مُتَّكِئًا، فَقَالَ: «أَلَا وَقَوْلُ الزُّورِ»، قَالَ: فَمَا زَالَ يُكَرِّرُهَا حَتَّى قُلْنَا: لَيْتَهُ سَكَتَ. [صحيح] - [متفق عليه]

(201) – Абу Бакра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Силерге чоң күнөөлөрдүн эң оору жөнүндө кабар берейинби?"- деп үч жолу айтты. Ошондо сахабалар: "Ооба, оо, Аллахтын Элчиси!" - дешти. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Аллахка шерик кошуу жана ата-энени нараазы кылуу". Ошондо Пайгамбар

жөлөнүп жаткан жеринен отура калып: "Жалган күбөлүк берүү!" - деп кайра-кайра айтып, биз: "Токтотсо экен" дегенге чейин кайталай берди". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларына күнөөлөрдүн эң чоңу жөнүндө кабар берип жатып, бул үчөөнү айтты:

1. Аллахка шерик кошуу деген - ал ибадаттын кандай түрүн болсо да Аллахтан башкага кылуу жана Аллахтан башканы улухияда, рубубияда, Аллахтын ысым-сыпаттарында Аллах менен теңөө болуп саналат.

2. Ата-энени нараазы кылуу - бул ата-энеге сөз менен болсо да, кыймыл аракет менен болсо да зыян жеткирүү жана аларга жакшылык кылууну таштоо.

3. Жалган күбөлүк берүү жана жалгандан күбөлүккө өтүү. Бул акчасын алып, ар-намысына шек келтирип, же башка ушул сыяктуу нерселер менен айыпка жыгып каралоо максатында жалган айтылган сөздөр.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир нече жолу жалгандан күбөлүк берүүдөн кайра-кайра эскертип, анын жамандыгынан жана анын коомго тийгизген терс таасиринен эскертип жатканда Сахабалар

Пайгамбарга боорлору ооруп, аны кыйнаган нерсени жек көрүшүп: **«Пайгамбар токтосо экен»** деп айтышты.

## Хадистин пайдалары:

1. Эң чоң күнөө – бул Аллахка ширк кылуу. Анткени Аллах Таала аны чоң күнөөлөрдүн башаты жана күнөөлөрдүн эң чоңу экенин баяндап, бул сөзүндө бекемдеди: "Албетте, Аллах Өзүнө шерик кошулуусун кечирбейт. Мындан башка күнөөнү Өзү каалаган пендесинен кечирет".

2. Ата-эненин акысынын улуулугу. Анткени Пайгамбар алардын акыларын Аллах Тааланын акысы менен бирге айтты.

3. Күнөөлөр чоң жана кичине күнөөлөр болуп экиге бөлүнөт. Чоң күнөө - бул худуд жана каргыш айтышуу сыяктуу бул дүйнөдө жазасы бар ар бир күнөө же тозок азабы сыяктуу акыретте жазасы бар күнөө. Албетте чоң күнөөлөрдүн даражалары бар.

   Чоң күнөөлөрдүн кээ бирлери кээ бирлеринен арамдык жагынан оор. Ал эми чоң күнөөлөрдөн башкалары алар кичине күнөөлөр.

(2941)

(202) – عن عبد الله بن عمرو بن العاص رضي الله عنهما عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «الْكَبَائِرُ: الْإِشْرَاكُ بِاللهِ، وَعُقُوقُ الْوَالِدَيْنِ، وَقَتْلُ النَّفْسِ، وَالْيَمِينُ الْغَمُوسُ». [صحيح] - [رواه البخاري]

(202) – Абдуллах бин Амр бин Аль-Аас (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Чоң күнөөлөр: Аллахка шерик кошуу, ата-энеге ак болуу, адам өлтүрүү жана жалган ант берүү". [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул хадисте чоң күнөөлөрдү баяндап жатат. Ал чоң күнөөлөрдү аткарган адам бул дүйнөдө да, акыретте да катуу азап менен азапталат.

Чоң күнөөлөрдүн биринчиси: "Аллахка шерик кошуу". Бул ибадаттын кандай түрүн болсо да Аллахтан башкага арноо жана Аллахтан башканы Аллахтын сыпаттары болгон улухияда, рубубияда, Аллахтын ысым-сыпаттарында Аллах менен теңөө.

Экинчиси: Ата-энени нараазы кылуу. Ата-энеге сөз менен болсо да, кыймыл аракет менен болсо да зыян жеткирүү жана аларга жакшылык кылууну таштоо.

Үчүнчүсү: Душмандык кылып жана зулумдук менен адам өлтүрүү сыяктуу адилетсиздик менен адам өлтүрүү.

Төртүнчүсү: Жалгандан касам ичүү. Бул калп айтып жатканын билип туруп жалгандан касам ичүүсү. Ушул "жалгандан касам ичүү" деп аталат. Анткени ал жалгандан касам ичип жаткан адамды күнөөгө же тозокко батырып салат.

## Хадистин пайдалары:

1. Жалгандан касам ичүү өтө коркунучтуу жана кылмыш болгону үчүн анын каффараты жок, бирок андан тообо кылуу бар.

2. Хадисте бул төрт чоң күнөө өзгөчө оор болгондуктан гана эскерилди, чоң күнөөлөр ошолор менен гана чектелгендиктен эмес.

3. Күнөөлөр чоң жана кичине күнөөлөр болуп экиге бөлүнөт. Чоң күнөө - бул худуд жана каргыш айтышуу сыяктуу бул дүйнөдө жазасы бар ар бир күнөө же тозок азабы сыяктуу акыретте жазасы бар күнөө. Албетте чоң күнөөлөрдүн даражалары бар. Чоң күнөөлөрдүн кээ бирлери кээ бирлеринен арамдык жагынан оор. Ал эми чоң күнөөлөрдөн башкалары алар кичине күнөөлөр.

(3044)

(203) – عَنْ عَبْدِ اللهِ بنِ مَسْعُودٍ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «أَوَّلُ مَا يُقْضَى بَيْنَ النَّاسِ يَوْمَ الْقِيَامَةِ فِي الدِّمَاءِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(203) – Абдуллах бин Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кыямат күнү адамдар арасындагы иштерден эң биринчи териштириле тургany - кан жөнүндө болот". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кыямат күнү адамдардын бири-бирине кылган зулумдугунан эң биринчи өкүм кылына турганы кан тууралуу болорун эскерткен. Мисалы: өлтүрүү, жаракаттандыруу ж.б.

## Хадистин пайдалары:

1. Кандын иши оор, анткени (өкүмдүн) башталышы маанилүү нерсе менен башталат.

2. Күнөөлөр тийгизген зыянына жараша оорлой берет. Жазыксыз жанды кыюу эң оор бузук күнөө. Мындан оор каапырлык менен Аллахка шерик кылуу күнөөлөрү гана бар.

(2962)

(204) – عن عبد الله بن عمرو رضي الله عنهما عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «مَنْ قَتَلَ مُعَاهَدًا لَمْ يَرَحْ رَائِحَةَ الْجَنَّةِ، وَإِنَّ رِيحَهَا تُوجَدُ مِنْ مَسِيرَةِ أَرْبَعِينَ عَامًا». [صحيح] - [رواه البخاري]

(204) – Абдулла бин Амр (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Кимде-ким муаахадты (6) өлтүргөн болсо, анда бейиштин жытын жыттабайт. Анын жыты кырк жылдык алыстан жыттанып турат". [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) муаахадты өлтүргөн адамга катуу азап болоорун баяндап жатат. Муаахад: Ислам жергесине коопсуздук келишимин алып кирген каапыр адам. Кимде-ким аны өлтүрсө, бейиштин жытын жыттабайт. Бейиштин жыты кырк жылдык аралыктан келип турат.

## Хадистин пайдалары:

1. Каапырлардын арасынан муаахадты, зиммийлерди жана мустаьманды өлтүрүүгө тыюу салынган. Аларды өлтүрүү чоң күнөөлөрдөн.

2. Муаахад: Ислам жергесине коопсуздук келишимин алып кирген каапыр адам. Ал өз өлкөсүндө жашайт, мусулмандарга каршы согушпайт жана мусулмандар деле аны менен согушпайт.

 Зиммий: ал мусулмандардын жеринде отурукташып, салык төлөгөн адам.

 Мустаьман: белгилүү бир убакытка чейин мусулмандардын жерине коопсуздук келишимин алып кирген каапыр адам.

3. Мусулман эместер менен болгон келишимге кыянатчылык кылуудан эскертүү.

(64637)

(205) – عن جُبَير بن مُطْعِم رضي الله عنه أنه سمع النبي صلى الله عليه وسلم يقول: «لَا يَدْخُلُ الْجَنَّةَ قَاطِعُ رَحِمٍ». [صحيح] - [متفق عليه]

(205) – Жубайр бин Мутьим (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте ал Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай дегенин укту: **«Тууганчылык байланышты үзгөн адам бейишке кирбейт»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким жакындарынын важип акысын өтөбөсө, же аларга жамандык кылса, анда ал бейишке кирбөөгө татыктуу экенин билдирген.

## Хадистин пайдалары:

1. Тууганчылык байланышты үзүү чоң күнөөлөрдөн.
2. Тууганчылык байланыш каада-салтка жараша болот. Ал жерге, заманга, адамдарга жараша айырмаланып турат.
3. Тууганчылык байланыш зыярат кылуу, садака берүү, аларга жакшылык кылуу, оорулууларды зыярат кылуу, жакшылыкка буюруу, жамандыктан кайтаруу ж.б.у.с. мамиле менен болот.
4. Туугандык байланыштын үзүлүшү канчалык жакын туугандар менен болсо, күнөөсү ошончолук чоң болот.

(5367)

(206) – عن أنس بن مالك رضي الله عنه أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال:

«مَنْ أَحَبَّ أَنْ يُبْسَطَ لَهُ فِي رِزْقِهِ، وَيُنْسَأَ لَهُ فِي أَثَرِهِ، فَلْيَصِلْ رَحِمَهُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(206) – Анас бин Малик (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Кимде-ким ырыскысы кенен болушун кааласа, өмүрүн узун болушун кааласа, анда тууганчылык байланышын бекемдесин».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тууганчылык байланышты зыярат кылуу менен, сый-урмат жана материалдык, ж.б.у.с сыйлыктар менен бекемдөөгө чакырып жатат. Тууганчылык байланышты бекемдөө ырыскынын мол болушуна, өмүрдүн узун болушуна себеп болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Тууганчылык – бул ата менен эне тараптан болгон жакындар. Ал канчалык жакын болсо, ошончолук байланышка татыктуу болот.

2. Иш-аракеттин түрүнө жараша сооп-сыйлык болот же жаза болот. Ошондуктан кимде-ким тууганчылык байланышын жакшылык менен жана кайрымдуулук менен бекемдесе,

анда Аллах Таала анын өмүрүн узартып, ырыскысына береке берет.

3. Туугандык байланышты бекемдөө – ырыскынын кеңейишине жана өмүрүнүн узун болушуна себеп болот. Ал эми ажал жана ырыскы чектелген болсо да, бирок анын ырыскысында жана өмүрүндө береке болушу мүмкүн. Ырыскысында жана өмүрүндө береке болушу – жашоосунда башкаларга караганда пайдалуу жана көп нерселерди аткаруу менен болот. Чынында ырыскысы көбөйүп, өмүрү узарат деген да сөздөр бар. Аллах Билүүчү.

(5372)

(207) – عن عبد الله بن عمرو رضي الله عنهما عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «لَيْسَ الْوَاصِلُ بِالْمُكَافِئِ، وَلَكِنِ الْوَاصِلُ الَّذِي إِذَا قُطِعَتْ رَحِمُهُ وَصَلَهَا». [صحيح] - [رواه البخاري]

(207) – Абдулла ибн Амр (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Өзүнө жараша мамиле кылуу тууганчылык байланышты бекемдөөгө жатпайт. Тууганчылык байланыш үзүлгөндө аны байланыштырган адам**

**туунганчылык байланышты бекемдеген адам болот».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) хадисте мындай деп кабар берип жатат. Тууганчылык байланышты толук кандуу аткарган адам жана жакындарына жакшылык кылган адам - ал көргөн жакшылыкка жараша жакшылык менен жооп берген адам эмес. Тескерисинче, ал жакын туугандары аны менен тууганчылык байланышты үзүп ага жамандык кылышса да алар менен тууганчылык байланышты күчөтүп, тууганчылык байланышты толук кандуу бекемдеген адам. Анткени ал жакын туугандарына жакшылык менен жооп берип жатат.

## Хадистин пайдалары:

1. Шариятта этибарга алынган туугандык байланышты бекемдөө - сенден мамилесин үзгөн туугандар менен мамиле кылууң, сага зулумдук кылганды кечирүүң жана сенден бир нерселерди тыйып койсо да сен ага берүүң. Туугандык байланышты бекемдөө

жакшылыкка жараша гана жакшылык кылуу эмес, тескерисинче, бардыгы менен бирдей жакшы мамиледе болуу.

2. Туугандык байланышты бекемдөө – бул жакын туугандарга колдон келген мал-дүйнөдөн жакшылык кылып берүү, аларга дуба кылуу, аларды жакшылыкка чакырып жамандыктан кайтаруу ж.б.у.с. жакшылыктарды кылуу. Ошондой эле мүмкүн болушунча аларды жамандыктардан сактоо керек.

(3854)

(208) – عن أبي هريرة رضي الله عنه أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال: «أَتَدْرُونَ مَا الْغِيبَةُ؟»، قَالُوا: اللهُ وَرَسُولُهُ أَعْلَمُ، قَالَ: «ذِكْرُكَ أَخَاكَ بِمَا يَكْرَهُ»، قِيلَ: أَفَرَأَيْتَ إِنْ كَانَ فِي أَخِي مَا أَقُولُ؟ قَالَ: «إِنْ كَانَ فِيهِ مَا تَقُولُ فَقَدِ اغْتَبْتَهُ، وَإِنْ لَمْ يَكُنْ فِيهِ فَقَدْ بَهَتَّهُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(208) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Гыйбат эмне экенин билесиңерби?" - деди. Алар: «Аллах жана Анын Элчиси жакшы билет»** - дешти. Ал айтты: «Бир тууганыңды ал жактырбаган жагын айтууң» - деди. Ага: «Билесиңби, менин бир

тууганымда менин айтканым бар болсочу?» - деп айтылганда Пайгамбар: «Эгер айтканың бар болсо, анда сен аны гыйбат кылган болосуң. Эгер болбосо, анда ага жалаа жапкан болосун» - деп айтты. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) шариятта тыюу салынган гыйбатты мындайча түшүндүрүп жатат: Мусулмандын артынан анын жаратылышындагы же адеп-ахлагындагы жек көргөн нерсесин айтуу. Мисалы: Кылый, алдамчы, жалганчы жана ушуга окшогон жаман сыпаттарын айтуу, эгер ошол сыпаттары анда бар болсо да.

Ал эми анда ал сыпат жок болсо, анда бул гыйбат кылуудан да жаман. Бул жалаа б.а. адамда жок нерсе менен жалаа жабуу.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жакшы таалими. Ал суроо жолунда маселелерди айтуусу.
2. Сахабалардын: «Аллах жана Анын Элчиси жакшы билет» - деп айтышкан сөздөрүндөгү Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен болгон жакшы адептери.

3. Билбегени үчүн жооп берип жатканда: **«Туурасын Аллах билет»** - деп айтуу.
4. Алардын арасындагы укуктарды жана бир туугандыкты сактоо менен коом үчүн шариятты сактоо керек.
5. Кээ бир учурларда жалпы адамдардын пайдасы үчүн гыйбат кылуу арам болбойт. Мисалы: Зулумдукту кайтаруу. Зулум чеккен адам акысын алуу үчүн акысын алып бере ала турган адамга: **«Мага баланча зулумдук кылды, же мага баланча ушундай кылды»** - деп зулум кылган адамды айтса болот. Жана түгөй издөөдө, шериктештик иштерде же коңшулук маселеси боюнча ж.б.у.с. кеңешүү иштеринде боло берет.

(5326)

(209) – عن ابن عمر رضي الله عنهما قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم:

«كل مُسْكِرٍ خَمْرٌ، وكل مُسْكِرٍ حرام، ومن شرِب الخمر في الدنيا فمات وهو يُدْمِنُهَا لَمْ يَتُبْ، لَمْ يَشْرَبْهَا في الآخرة». [صحيح] - [رواه مسلم وأخرج البخاري الجملة الأخيرة منه]

(209) – Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтты: "Бардык

мас кылуучу ичимдиктер арак. Ал эми бардык мас кылуучу ичимдиктер арам. Кимде-ким бул дүйнөдө арак ичип жүрүп тообо кылбастан өтүп кетсе, акыретте аны иче албайт". [Сахих (ишенимдүү)] - [رواه مسلم وأخرج البخاري الجملة الأخيرة منه]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамды акылынан тайдырып, эсин кетире турган нерсенин баары, мейли ал суюк ичимдик болсун, мейли жей турган нерсе болсун, мейли жыттай турган түтүн болсун, баары хамр, мас кылуучу деп эсептелерин айткан. Акылдан кетире турган нерсенин баарына Аллах Таала тыюу салып, азын да, көбүн да арам кылган. Мындай мас кылуучулардын кайсы түрү болбосун, аны колдонуп, токтотпостон ичип жүрүп, тообо кылбай дүйнөдөн өтүп кетсе, ал бейиштеги насибинен куру калтырылып Аллахтын азабына дуушар болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Арактын арам болуусунун себеби анын мас кылгандыгында. Ошондуктан, бардык мас кылуучу нерселер арам.
2. Аллах Таала арактты анын коомду буза турган зыяны чоң болгону үчүн арам кылган.

3. Бейиште арактты ичүү анын ырахытынын жана нээмат жакшылыктарынын кемчиликсиздигинен кабар берет.
4. Кимде-ким бул дүйнөдө арак ичүүдөн напсисин тыя албаса, Аллах Таала бейиште аны ичүүдөн куру калтырат, анткени жаза күнөөнүн түрүнө жараша болот.
5. Өлүм сааты келгенге чейин күнөөлөргө тообо кылууга шашылуу зарыл.

(58259)

(210) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: لَعَنَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ الرَّاشِيَ وَالْمُرْتَشِيَ فِي الْحُكْمِ. [صحيح] - [رواه الترمذي وأحمد]

(210) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылып айтты: Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) каалаган өкүмгө жетүү максатында пара берүүчүгө жана пара алуучуга каргыш айтты. [Сахих (ишенимдүү)] - [Ат-Тирмизи жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пара берген жана пара алган

адамга Аллах Тааланын ырайымынан чыксын жана алыс болсун деп дуба кылган.

Мына ошол пара - бул соттор өкүмдү бурмалоосу үчүн аларга төлөнүүчү нерсе. Пара берүүчү адам каалаган максатына адилетсиздик менен жетиши үчүн пара берет.

## Хадистин пайдалары:

1. Пара берүүгө, алууга, аларга ортомчу болууга жана аларга жардам берүүгө тыюу салынат. Анткени ал зулумдукка жардам берген болуп калат.

2. Пара алуу чоң күнөө. Анткени Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пара алганга да жана пара бергенге да каргыш айткан.

3. Сотто жана өкүм чыгарууда пара алуу эң чоң кылмыш жана эң чоң күнөө. Анткени анда Аллах түшүргөн өкүмдөн башкасы менен өкүм чыгаруу бар жана зулумдук бар.

(64689)

(211) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «لَا تَحَاسَدُوا، وَلَا تَنَاجَشُوا، وَلَا تَبَاغَضُوا، وَلَا تَدَابَرُوا، وَلَا يَبِعْ بَعْضُكُمْ عَلَى بَيْعِ بَعْضٍ، وَكُونُوا عِبَادَ اللهِ إِخْوَانًا الْمُسْلِمُ أَخُو الْمُسْلِمِ، لَا يَظْلِمُهُ وَلَا يَخْذُلُهُ، وَلَا يَحْقِرُهُ التَّقْوَى هَاهُنَا» وَيُشِيرُ إِلَى صَدْرِهِ ثَلَاثَ مَرَّاتٍ «بِحَسْبِ امْرِئٍ مِنَ الشَّرِّ أَنْ يَحْقِرَ أَخَاهُ الْمُسْلِمَ، كُلُّ الْمُسْلِمِ عَلَى الْمُسْلِمِ حَرَامٌ، دَمُهُ، وَمَالُهُ، وَعِرْضُهُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(211) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген: "Бири-бириңе көралбастык кылбагыла. Бири-бириң менен (адамдарды алдоо үчүн) жасалма соода кылбагыла. Бири-бириңерди жек көрбөгүлө. Бири-бириңерден жүз буруп артыңарды салып кетпегиле. Бириңдин соодасынын үстүнөн экинчиң соода кылбагыла. Бир тууган Аллахтын пенделери болгула! Мусулман мусулмандын бир тууганы. Ага зулум кылбайт, аны таштап койбойт, аны кемсинтпейт. Такыбалык ушул жерде" деп анан колу менен үч жолу көкүрөгүн көрсөттү. Анан: "Мусулман бир тууганын кемсинтүү кишиге жетиштүү күнөө болот. Ар бир мусулмандын каны, малы, ар-намысы экинчи мусулманга арам" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулман экинчи мусулман бир тууганына жакшылык кылуусун осуят кылып, кээ бир аткаруусу зарыл болгон важибтерди жана адептерди баян кылган. Алар төмөнкүлөр: Биринчи осуяты: бирөөдөгү жакшылыктарды көралбай, андан кетүүсүн самап көралбастык кылбоого. Экинчиси: өзү сатып алууну каалабай туруп буюмдун баасын көтөрүп, сатуучуга пайда, сатып алуучуга зыян келтирген жасалма соода кылбоого. Үчүнчүсү: жек көрбөгүлө деди. Бул - жамандык каалоо, жакшы көрүүнүн тескериси. Жек көрүү Аллах үчүн болсо гана болот. Бул учурда важиб болуп калат. Төртүнчүсү: бири-биринен жүз буруп, артын салып тескени карап кетпөөгө. Бешинчиси: Бирөөнүн соодасынын үстүнө соода кылбоого. Мисалы, буюмду сатып алып жаткан кишиге келип "менде ушул эле нерсе баасы арзаныраак бар" деп бузбоого. Анан Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жалпылай мындай осуятын айтты: жогоруда айтылган жаман сыпаттарды таштап, мээрим, сүйүү, жумшактык менен бири-

бириңди колдоп, таза жүрөк, жакшы насыйкаттар менен жакшылыкта жардам берип, бир туугандай болгула. Бул бир туугандык талап кылган иштер: Мусулман бир тууганына зулумдук жана душмандык кылбоо. Мусулман бир тууганын зулумдукка кабылтып, өзү жардам бере ала турган абалда туруп ага жардам көрсөтпөй таштап койбоо. Мусулман бир тууганын кемсинтип, ага жаман көз караш менен карабашы керек. Мындай мамиле жүрөктөгү текебердиктен чыгат. Андан кийин Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үч жолу такыбалык жүрөктө болорун айтты. Кимдин жүрөгүндө Аллахтан коркууну, жакшы ахлакты камтыган такыбалык болсо, ал башка мусулманды кемсинтпейт. Текебер жүрөктөн чыкчу, мусулман бир тууганын кемсинте турган жаман мүнөздөн сактайт. Андан кийин Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир мусулмандын экинчи мусулманга арам болгон үч нерсесин бекемдеп айтты: каны, душмандык кылып өлтүрүү же жаракат алдыруу, уруу ж.б. Мал-дүйнөсү: анын мал-мүлкүн акысыз алуу. Ар-намысы: анын өзүнө же ата тегине шек келтирүү.

## Хадистин пайдалары:

1. Ыймандагы бир тууганчылыгы талап кылган бардык нерселерди аткарууга буйруп, ага каршы келген сөздөр менен иштердин баарынан тыят.

2. Такыбалыктын негизи — жүрөктө Аллахты таануу, Анын алдында коркуу жана дайыма көзөмөлдөп жатканын сезүү. Ушул такыбалыктан жакшы амалдар келип чыгат.

3. Көзгө көрүнгөн адашуу (күнөө иштерге киришүү) жүрөктөгү такыбалыктын алсыздыгына далил болот.

4. Мусулманга сөз менен болобу, иш менен болобу зыян тийгизүүнүн бардык түрүнөн тыюу.

5. Мусулмандын башка бир мусулмандагы жакшылыктын кетүүсүн самабай, жөн гана ошол сыяктуу болууну каалаганы көралбастык эмес. Бул гыбта - суктануу деп аталат. Жакшылык иште жарышууну пайда кылганы үчүн буга уруксат берилет.

6. Адам табиятынан башканын өзүнөн артык болуп кеткенин жактырбайт. Эгер башкадагы

жакшылыктын жок болуп кетүүсүн самаса, бул жек көрүлгөн көралбастык. Эгер аны менен жакшылыкта жарышууну кааласа, бул уруксат болгон суктануу.

7. Эгер сатып алуучуга соодада катуу алданып жатканын эскертип айтса, бул сооданын үстүнө соода кылып бузганга кирбейт. Бул насыйкат болуп эсептелет. Бирок мунун шарты: айткан адамдын ниетинде сатып алуучуга эскертип айтуу гана болушу керек, сатуучуга зыян жеткирүү ниети болбош керек. Амалдар ниетке жараша бааланат.

8. Эгер сатуучу менен алуучу баада келише албаса, бири-бирине ыраазы болбосо, бул учурда да башка бирөөнүн соодага аралашуусу сооданын үстүнө соода кылганга кирбейт.

9. Аллах үчүн жек көрүү, бул хадисте айтылган жек көрүүгө кирбейт. Анткени, Аллах үчүн жек көрүү важиб, ыймандын бекем туткасы.

(4706)

(212) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه عَنِ النَّبِيِّ صلى الله عليه وسلم قَالَ: «إِيَّاكُمْ وَالظَّنَّ؛ فَإِنَّ الظَّنَّ أَكْذَبُ الْحَدِيثِ، وَلَا تَحَسَّسُوا، وَلَا تَجَسَّسُوا، وَلَا تَحَاسَدُوا، وَلَا تَدَابَرُوا، وَلَا تَبَاغَضُوا، وَكُونُوا عِبَادَ اللهِ إِخْوَانًا». [صحيح] - [متفق عليه]

(212) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтты, пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Күмөн саноодон сактангыла! Анткени, күмөн саноо сөздөрдүн жалганы. Адамдардын айыбын издебегиле, тыңчылык кылбагыла, бири-бириңерге көралбастык кылбагыла, кол үзүп кетпегиле, жек көрүп калбагыла! Эй, Аллахтын пенделери, бир tуган болгула!" [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулмандардын арасын бөлүп жара турган жана ортодо душмандыкты пайда кыла турган кээ бир жаман адаттардан тыйып, эскерткен. Мындай адаттардын кээ бири төмөнкүлөр:

(Жаман күмөн саноо) бул эч кандай далили жок эле жүрөктө пайда болгон доомат, шек-күмөн, муну сөздөрдүн эң жалганы деп баяндаган.

(Тахассус, аңдуу): көзү менен да, кулагы менен да адамдардын айыбын аңдып, изденүү.

(Тажассус, баканооздук кылуу): жашыруун иштерди билүү үчүн атайын тыңчылык кылуу, көбүнчө жаман иштерге тыңчылык кылууга айтылат.

(Хасад, көралбастык) башкаларга кандайдыр бир жакшылыктын болуусун жаман көрүү, ичи тардык кылуу.

(Тадаабур, жүз үйрүп кетүү) биринен бири жүз буруп кетүү, саламдашпай калуу, мусулман бир тууганынан кабар албай коюу.

(Табаагуз, жек көрүү) жаман көрүү, жактырбоо, кабагын чытуу, жакшы кабыл кылбоо.

Анан акырында мусулмандардын абалын оңдой турган көп жактуу сөздү айтты: (Аллахтын пенделери, бир тууган болуп жашагыла). Бир туугандык - аны менен адамдардын алакасы бекемделе турган, алардын араларында махабат, мээрди пайда кыла турган байланыш.

## Хадистин пайдалары:

1. Кайсы бир жамандыктын белгиси ачык билинип турган адамга жаман күнөө кылуунун зыяны жок. Ыймандуу пенде баамчыл, көрөгөч болуусу керек, бузуку, жаман адамдарга алданбоосу кажет.

2. Тыюу салынып жаткан күмөн (доомат) бул дайыма жүрөктө турган жана дайыма боло бере турган күмөн. Ал эми напсиге бир келип, кайра кете берген күмөнгө адам жооп бербейт.
3. Тыңчылык, көралбастык, ж.б. сыяктуу мусулман коомчулугундагы адамдардын ортосуна бөлүнүүгө, карым-катышты токтотууга себеп боло турган иштер арам, тыюу салынган.
4. Мусулмандар мамилесинде (бири-бирине) насаат айтып, боордоштук кылып, бир туугандык мамиледе болуусун осуят кылган.

(5332)

(213) – عن حذيفة رضي الله عنه قال: سمعت النبي صلى الله عليه وسلم يقول: «لَا يَدْخُلُ الْجَنَّةَ قَتَّاتٌ». [صحيح] - [متفق عليه]

(213) – Хузайфа (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте ал айтты: **«Мен Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: «Ушакчылар бейишке кирбейт»»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдардын арасында бузукулук

кылууну көздөп сөз ташыган ушакчы бейишке кирбестен жазага татыктуу экенин кабарлап жатат.

## Хадистин пайдалары:

1. Ушак айтуу чоң күнөөлөрдүн бири.
2. Жеке адамдар жана жамааттын ортосунда бузукулук жана зыян болгондугу үчүн ушак айтууга тыюу салынган.

(5368)

(214) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: سَمِعْتُ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «كُلُّ أُمَّتِي مُعَافًى إِلَّا المُجَاهِرِينَ، وَإِنَّ مِنَ المُجَاهَرَةِ أَنْ يَعْمَلَ الرَّجُلُ بِاللَّيْلِ عَمَلًا، ثُمَّ يُصْبِحَ وَقَدْ سَتَرَهُ اللَّهُ عَلَيْهِ، فَيَقُولَ: يَا فُلَانُ، عَمِلْتُ البَارِحَةَ كَذَا وَكَذَا، وَقَدْ بَاتَ يَسْتُرُهُ رَبُّهُ، وَيُصْبِحُ يَكْشِفُ سِتْرَ اللَّهِ عَنْهُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(214) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын уктум: "Күнөөсүн жарыя кылгандардан башка үммөтүмдүн баары ккечирилет. Жарыя кылуу мындай, бир адам түн ичинде күнөө кылып, Аллах анын жасаганын жашырат. Тиги болсо күндүзү: "О, баланча, мен түнү мындай, тигиндей иш кылдым" деп өзү жарыя кылат. Түндө аны Раббиси

жашырган эле, Аллах жашырганды күндүзү өзү жарыя кылат". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулман кишинин кылган күнөөсү кечирилерине үмүт бар экенин баяндайт. Бирок мактаныч менен кылган күнөөсүн уялбай жарыя кылган адам кечиримге ылайык эмес. Түнү күнөө кылат, аны Аллах жашырып койсо, эртеси бирөөлөргө түндө мындай күнөө кылдым деп өзү ашкере кылат. Түндө Аллах аны жашырган эле, күндүзү ал өзү Аллах жашырганды ашкере кылды.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллах жашырган күнөөнү жарыя кылуу өтө жаман иш.
2. Күнөөнү жарыя кылуу ыймандуулардын арасында бузукулукту жайылтат.
3. Аллах бул дүйнөдө кимдин күнөөсүн жашырса, акыретте да анын күнөөсүн жашырат. Бул Аллахтын пенделерине болгон ырайымынын кеңдиги.

4. Күнөө кылган адам күнөөсүн жашырып, Аллахка тообо кылышы керек.
5. Күнөөлөрдү ачык кылып, кечиримден куру калгандардын күнөөлөрүнүн өтө оор экендиги баяндалат.

(3756)

(215) – عَنِ ابْنِ عُمَرَ رضي الله عنهما: أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ خَطَبَ النَّاسَ يَوْمَ فَتْحِ مَكَّةَ، فَقَالَ: «يَا أَيُّهَا النَّاسُ، إِنَّ اللهَ قَدْ أَذْهَبَ عَنْكُمْ عُبِّيَّةَ الْجَاهِلِيَّةِ وَتَعَاظُمَهَا بِآبَائِهَا، فَالنَّاسُ رَجُلَانِ: بَرٌّ تَقِيٌّ كَرِيمٌ عَلَى اللهِ، وَفَاجِرٌ شَقِيٌّ هَيِّنٌ عَلَى اللهِ، وَالنَّاسُ بَنُو آدَمَ، وَخَلَقَ اللهُ آدَمَ مِنْ تُرَابٍ، قَالَ اللهُ: {يَا أَيُّهَا النَّاسُ إِنَّا خَلَقْنَاكُمْ مِنْ ذَكَرٍ وَأُنْثَى وَجَعَلْنَاكُمْ شُعُوبًا وَقَبَائِلَ لِتَعَارَفُوا إِنَّ أَكْرَمَكُمْ عِنْدَ اللهِ أَتْقَاكُمْ إِنَّ اللهَ عَلِيمٌ خَبِيرٌ} [الحجرات:١٣]». [صحيح] - [رواه الترمذي وابن حبان]

(215) – Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылып айтты: Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Меккени фатх кылган күнү элге кайрылып мындай деди: «Эй адамдар! Чындыгында, Аллах силерден Исламга чейинки доордун текебердигин жана ата-бабалары менен сыймыктануун алып салды. Эй адамдар, Аллах силерден жахилияттын жүгүн жана анын ата-бабаларына болгон текебердигин алып салды. Адамдар эки түрдүү болот: салих, такыба жана Аллахтын алдында урматтуу жана бузуку, бактысыз,

Аллахтын алдында эң төмөн. Бардык адамдар Адам атанын балдары. Аллах Таала Адам атаны топурактан жараткан. Аллах Таала айтты: "Оо, адамдар! Биз силерди бир эркек жана бир аялдан (Адам ата менен Обо энеден) жараттык жана бири-бириңерди таанып-билишиңер үчүн силерди элдерге жана урууларга бөлдүк. Чындыгында, Аллахтын алдында силердин эң урматтууңар - эң такыбаңар. Чындыгында, Аллах Билүүчү, Кабардар!". (Аль-Хужурат сүрөөсү, 13-аят)
[Сахих (ишенимдүү)] - [Ат-Тирмизи жана Ибн Хаббан жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Меккени фатх кылган күнү элге кайрылып, мындай деди: Оо, адамдар! Аллах силерден Исламга чейинки доордогу текебердикти жана Исламга чейинки доордун сыймыгы жана ата-баба менен сыймыктанууну көтөрдү жана аларды жок кылды. Тактап айтканда адамдар эки түргө бөлүнөт:

Алар Аллах Таалага ибадат кылган салих, такыба, моюн сунуучу болот. Мындай адамдар эл ичинде теги, тукуму болбосо да Аллахтын алдында урматтуу болот.

Же бузуку жана бактысыз каапыр болот. Мындай адамдар бийик даражалуу, кадыр-баркы жана бийлиги бар болсо да Аллахтын алдында эч нерсеге татыбаган, кор жана төмөн болушат.

Бардык адамдар Адам атанын балдары. Аллах Таала Адам атаны топурактан жараткан. Теги топурактан болгон адамдын текеберленип өзүнө суктануусу туура эмес. Буга Аллах Тааланын сөздөрү далил. Аллах Таала айтты: "Оо, адамдар! Биз силерди бир эркек жана бир аялдан (Адам ата менен Обо энеден) жараттык жана бири-бириңерди таанып-билишиңер үчүн силерди элдерге жана урууларга бөлдүк. Чындыгында, Аллахтын алдында силердин эң урматтууңар - эң такыбаңар. Чындыгында, Аллах Билүүчү, Кабардар!". (Аль-Хужурат сүрөөсү, 13-аят)

## Хадистин пайдалары:

1. Теги жана тукуму менен сыймыктанууга тыюу салынган.

(65074)

(216) – عن عائشة رضي الله عنها عن النبي صلى الله عليه وسلم قال:

«إِنَّ أَبْغَضَ الرِّجَالِ إِلَى اللهِ الْأَلَدُّ الْخَصِمُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(216) – Айша (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Чындыгында, Аллахтын алдында адамдардын эң жаманы – өтө талашчаак адам»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Тааланын бизге өтө талашчаак жана көп талашып-тартышкан адамдарды жана талашып аны коргоого аракет кылган адамды жек көрөрүн кабар берип жатат. Аллах Таала акыйкат менен талашып, бирок талаш-тартышты көбүртүп-жабыртып, чектен чыгып, билимсиз талашкан адамды жаман көрөт.

## Хадистин пайдалары:

1. Юридикалык кайрылуу жолу менен зулум чеккен адамдын укугун талап кылуу айыптуу талаштардын катарына кирбейт.

2. Мусулмандардын арасында бөлүнүүгө жана душмандашууга себеп болгон тилдин балээлеринин бири – талашуу жана араздашуу.

3. Талашып-тартышуу акыйкат жөнүндө болсо жана анын ыкмасы жакшы болсо, анда мактоого татыктуу болот. Ал эми талашып-тартышуу акыйкатты жокко чыгаруу жана батылды орнотуу үчүн болсо же далилсиз болсо, анда жамандалган болот.

(217) – عن أبي بَكرة رضي الله عنه قال: سمعت رسول الله صلى الله عليه وسلم يقول: «إِذَا الْتَقَى الْمُسْلِمَانِ بِسَيْفَيْهِمَا فَالْقَاتِلُ وَالْمَقْتُولُ فِي النَّارِ»، فَقُلْتُ: يَا رَسُولَ اللهِ هَذَا الْقَاتِلُ، فَمَا بَالُ الْمَقْتُولِ؟ قَالَ: «إِنَّهُ كَانَ حَرِيصًا عَلَى قَتْلِ صَاحِبِهِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(217) – Абу Бакра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылып айтат: **«Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: «Эки мусулман бири-бири менен кылычташып урушканда, өлтүргөн да жана өлгөн да тозоко түшөт. Ошондо мен: «Аллахтын Элчиси, бул киши өлтүргөн адам, а бирок өлтүрүлгөн адамда эмне күнөө?»** - деп айттым. Аллахтын Элчиси: «Ал да шеригин өлтүргүсү келген» - деди». [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эгерде эки мусулман бири-бирин жок кылууну көздөп кылычташып урушса, анда өлтүргөн киши экинчисин түздөн-түз өлтүргөндүктөн тозоко түшөөрүн кабарлады. Өлтүрүлгөн адам туурасында сахабалар: **«Ал тозокко кандай түшөт?»**

- деп сурашканда, Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ал да шеригин өлтүргүсү келгени үчүн кылычын көтөрүп чыкканын айтты. Андыктан ал да тозоко түшөөрүн, аны өлтүрүүдөн башка эч кандай максаты болбогондугун жана аны шериги өлтүрүп койгондугун кабар берди.

## Хадистин пайдалары:

1. Адам ниетинде күнөө кылууну чечип, күнөөнүн себептерин аткарса, анда ал жазага татыктуу болот.

2. Мусулмандар менен согушууга жана алар менен согушкандардын тозокко түшөөрүн катуу эскертти.

3. Мусулмандардын ортосунда акыйкат үчүн согушууда, мисалыга: падышага каршы чыккандар менен жана бузукулар менен согушууда эскертилген азапка дуушар болбойт.

4. Чоң күнөө кылган адам капыр болбойт. Анткени Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) согушкан эки адамды мусулмандар деп атады.

5. Эгер эки мусулман киши өлтүрүүгө мүмкүн болгон кандайдыр бир куралдар менен жолугушуп, бири экинчисин өлтүрсө, анда өлтүргөн адам да жана өлгөн адам да тозокко түшөт. Бул хадисте кылыч мисал катары айтылган.

(4304)

(218) – عن أبي موسى الأشعري رضي الله عنه عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «مَنْ حَمَلَ عَلَيْنَا السِّلَاحَ فَلَيْسَ مِنَّا». [صحيح] - [متفق عليه]

(218) – Абу Муса Аль-Ашари (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Ким бизге каршы курал көтөрсө, анда ал бизден эмес". **[Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]**

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулмандарга каршы курал алып жүрүүдөн, аларды коркутуп-үркүтүүдөн же талап-тоноодон эскертүүдө. Ким муну акыйкатты тургузуу үчүн кылбаса, анда чоң кылмыш жана чоң күнөө кылган болот. Ошондой эле бул оор азапка татыктуу болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Мусулман мусулман бир туугандары менен согушуусунан катуу эскертти.
2. Жер жүзүндөгү эң чоң жийиркеничтүү иштердин жана чоң бузукулуктардын бири – мусулмандарга курал көтөрүү жана өлтүрүү менен бузукулук кылуу.
3. Жогоруда айтылган катуу эскертүү акыйкатты тургузуу үчүн күрөшкөндөрдү камтыбайт. Алар мисалы: эл башчысына каршы чыккандар менен согушкандар, бузукулар менен согушкандар ж.б.
4. Мусулмандарды тамаша иретинде болсо да курал же башка нерсе менен коркутууга тыюу салынган.

(2997)

(219) – عن عائشة رضي الله عنها قالت: قال النبي صلى الله عليه وسلم:

«لَا تَسُبُّوا الْأَمْوَاتَ، فَإِنَّهُمْ قَدْ أَفْضَوْا إِلَى مَا قَدَّمُوا». [صحيح] - [رواه البخاري]

(219)–Айша (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: Өлгөндөрдү тилдебегиле. Анткени алар өздөрү аткарган иш-аракеттерине жетишти.
[Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өлгөндөрдү тилдөөнү жана алардын ар-намысына тийүүнүн арам экенин баяндап жатат. Бул тилдөө адеп-ахлактын терс жактарынын бири. Анткени алар аткарган жакшы же жаман иш-аракеттерине жетишкен. Ошондой эле бул тилдөө аларга жетпейт. Анткени ал тилдөө тирүүлөргө гана зыян жеткирет.

## Хадистин пайдалары:

1. Бул хадис өлгөндөрдү тилдөө арам экендигине далил болот.
2. Тирүүлөрдүн кызыкчылыгын эске алуу менен өлгөндөрдү тилдөөнү таштап, коомду чыр-чатактан, жек көрүүдөн сактоо керек.
3. Аларды тилдөөдөн тыюунун хикматы – алар мурда кылган иш-аракетине жеткендиктен аларды тилдөөдө пайда жок. Бирок алардын тирүү туугандары зыян тартат.
4. Адам пайдасы жок нерсени айтпашы керек.

(5364)

(220) – عن أبي أيوب الأنصاري رضي الله عنه أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال: «لَا يَحِلُّ لِرَجُلٍ أَنْ يَهْجُرَ أَخَاهُ فَوْقَ ثَلَاثِ لَيَالٍ، يَلْتَقِيَانِ، فَيُعْرِضُ هَذَا وَيُعْرِضُ هَذَا، وَخَيْرُهُمَا الَّذِي يَبْدَأُ بِالسَّلَامِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(220) – Абу Айюб Аль-Ансари (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Кимдир бирөө бир тууганын үч түндөн ашык жүз буруп таштап коюусу туура эмес. Ошентип, ал мындан жүз бурат, бул андан жүз бурат. Алардын эң жакшысы саламды биринчи баштаганы болот»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулман бир тууганын үч күндөн ашык таштап, бири-бири менен жолукканда саламдашпай жана сүйлөшпөй коюуларына тыюу салган.

Бул эки урушкан адамдардын эң жакшысы – жүз буруп таштап коюуну таштоого аракет кылганы жана саламды биринчи баштаганы. Бул жерде таштоо дегени – напси үчүн таштоо. Ал эми Аллах Тааланын акысы үчүн таштоо – бул Аллахка баш ийбегендерди, бидъатчыларды жана жаман досторду таштоо. Бул таштоо убакыт менен

чектелбейт. Тескерисинче, таштоонун пайдасына байланган. Эгерде аларга таштоо пайда берсе, анда тоштоону четке кагып мамиле кыла берет.

## Хадистин пайдалары:

1. Адамдын табиятын эске алуу менен үч күн же андан аз убакыттын ичинде жүз буруп таштап коюу уруксат. Капачылык кетүүсү үчүн үч күн жүз буруп таштап коюу кечирилген.

2. Салам айтуунун пазилети көп. Ал салам айтуу напсиге тийген такты кетирет жана ал жакшы көрүүнүн белгиси.

3. Ислам дини мусулмандардын ортосундагы бир туугандыкка жана ынак мамилеге кызыктырат.

(5365)

(221) – عن سهل بن سعد رضي الله عنه عن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال:

«مَنْ يَضْمَنْ لِي مَا بَيْنَ لَحْيَيْهِ وَمَا بَيْنَ رِجْلَيْهِ أَضْمَنْ لَهُ الْجَنَّةَ». [صحيح] - [رواه البخاري]

(221) – Сахл ибн Саьд (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Кимде-ким мага эки жаагы менен эки**

**бутунун ортосундагы (мүчөлөрүн күнөөлөрдөн) сактаймын деп кепилдик берсе, анда мен анын Бейишке кирүүсүнө кепилдик беремин».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулман адам эки нерсеге бекем болсо, бейишке киреерин кабарлап жатат.

Биринчиси: Тилди Аллахтын каарын келтире турган сөздөрдөн сактоо.

Экинчиси: Жыныстык мүчөнү зынадан сактоо.

Анткени көптөгөн күнөөлөр ушул эки мүчө аркылуу болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Тилди жана жыныстык мүчөнү күнөөдөн сактоо бейишке кирүүгө себеп болот.
2. Бул дүйнө жана акыретте балээнин көпчүлүгү тил жана жыныстык мүчө себептүү болгондуктан хадисте ал экөөсүн өзгөчөлөп айтты.

(3475)

(222) – عَنْ أَبِي سَعِيدٍ الخُدْرِيَّ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ -وَكَانَ غَزَا مَعَ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ ثِنْتَيْ عَشْرَةَ غَزْوَةً- قَالَ: سَمِعْتُ أَرْبَعًا مِنَ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، فَأَعْجَبْنَنِي، قَالَ: «لاَ تُسَافِرِ المَرْأَةُ مَسِيرَةَ يَوْمَيْنِ إِلَّا وَمَعَهَا زَوْجُهَا أَوْ ذُو مَحْرَمٍ، وَلاَ صَوْمَ فِي يَوْمَيْنِ: الفِطْرِ وَالأَضْحَى، وَلاَ صَلاَةَ بَعْدَ الصُّبْحِ حَتَّى تَطْلُعَ الشَّمْسُ، وَلاَ بَعْدَ العَصْرِ حَتَّى تَغْرُبَ، وَلاَ تُشَدُّ الرِّحَالُ إِلَّا إِلَى ثَلاَثَةِ مَسَاجِدَ: مَسْجِدِ الحَرَامِ، وَمَسْجِدِ الأَقْصَى، وَمَسْجِدِي هَذَا». [صحيح] - [متفق عليه]

(222) – Абу Саъид ал-Худри (Аллах андан ыраазы болсун), пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен бирге он эки казатка катышкан, ал айтат: Мен Аллахтын элчисинен уккан бул төрт нерсе мени таң калтырды: "Аял киши эки күндүк жолго күйөөсү же махрамы менен гана чыгат. Эки күндө орозо кармоого болбойт: орозо айтта жана курбан айтта. Таңкы намаздан кийин күн чыкканча намаз окууга болбойт, дигерден кийин күн батканча намаз окууга болбойт. Үч гана мечитке атайын сапар кылып барууга болот: Харам мечитине, Акса мечитине жана менин ушул мечитиме (Набави мечитине)". **[Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]**

**Түшүндүрмө:**

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) төрт ишке тыюу салган:

Биринчиси: Аял кишини эки күндүк аралыктагы сапарга күйөөсү же махрамы жок баруудан тыйган. Махрам дегени, ага нике жүрбөгөн жакын туугандары, атасы, баласы, ага-инисинин же эже-сиңдисинин баласы, атасы менен бир тууганы, тагасы ж.б.

Экинчиси: Орозо айт күнү жана Курман айт күнү орозо кармоодон тыйган. Мейли бул күнү кармаган орозосу назири болсун, напил болсун, каффарат болсун, айырмасы жок, кандай орозо болсо да кармоого болбойт.

Үчүнчүсү: Дигер намазынан кийин күн батканга чейин жана таңкы намаздан кийин күн чыкканга чейин напил намаз окуудан тыйган.

Бир жерден экинчи жерди абзел деп, же анын жакшылыгы артык деп атайлап сапар кылуудан тыйган. Болгону үч гана мечитке намаз окуу үчүн атайын сапар кылып чыгууга болот. Анткени, сооп ушул үч эле мечитте эселеп көбөйөт. Бул мечиттер: (Меккедеги) Харам мечити, (Мединадагы) Набави мечити, (Палестинадагы) Акса мечити.

## Хадистин пайдалары:

1. Аял кишиге махрамсыз сапарга чыгууга уруксат жок.
2. Сапарда аял аялга махрам болбойт, пайгамбарыбыз : "Күйөөсү же махрамы..." деп айтканы үчүн.
3. Сапар деп аталган аралыктын баарына аял киши махрамы менен гана бара алат. Ал эми бул хадисте эки күндүк сапар деп айтылганы, суроочунун абалына жана мекенине карата айтылган.
4. Аялдын махрамы - анын күйөөсү. Же жакын тууганды себептүү нике жүрбөгөн адамдар, мисалы атасы, баласы, атасы менен бир тууганы, апасы менен бир тууганы, же эмчектештик жактан жакыны, мисалы сүт атасы (сүт эненин жолдошу), сүт атанын бир тууганы, же кайын журт жагынан жакыны, мисалы күйөөсүнүн атасы. Махрам болгон адам мусулман, балакат жаш курагына жеткен, акылы жайында, ишеничтүү адам болуусу керек. Анткени, махрам болуп баруудан максат аялды коргоо жана ага кам көрүү.
5. Ислам шарияты аялзатын коргойт, колдойт жана кам көрөт.

6. Багымдат жана дигер намазынан кийин бардык напил намаздарды окуу жарактуу эмес. Бир гана ошол күнкү парз намаздын казасын окууга жана тахият ал-масжид сыяктуу себептүү намаздарды окууга уруксат.

7. Күн чыгып жатканда намаз окуу арам болот. Күн найза бою көтөрүлгөндөн кийин, он мүнөттөн он беш мүнөткө чейин убакыт өткөндөн кийин окуу керек.

8. Дигер намазынын убактысы күн батканга чейин созулат.

9. Үч мечитти зыярат кылуу үчүн сапарга чыгууга уруксат.

10. Үч мечиттин артыкчылыгы жана алардын башка мечиттерден өзгөчөлүгү айтылган.

11. Кабырларды атайын зыярат кылып барууга болбойт, мейли ал кабыр пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабыры болсо да. Медина шаарындагыларга же ал шаарга шариятта уруксат берилген иш үчүн баргандарга пайгамбардын кабырын зыярат кылууга уруксат.

(10603)

(223) – عن أسامة بن زيد رضي الله عنهما عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «مَا تَرَكْتُ بَعْدِي فِتْنَةً أَضَرَّ عَلَى الرِّجَالِ مِنَ النِّسَاءِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(223) – Усама бин Зайд (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Мен өткөндөн кийин эркектерге аялдардан өткөн фитна-азгырык болбойт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчыгы жана мактоосу болсун) өзүнөн кийин эркектерге аялдардын азгырыгынан өткөн зыяндуу сыноо болбостугун айткан. Эгер аял эркектин үй-бүлөсүнөн болсо, шариятка тескери иштерде аны ээрчип кетет. Эгер аял жат болсо, аларга аралашуу, жалгыз калуу менен натыйжасы бузук ишке алып барат.

## Хадистин пайдалары:

1. Мусулман адамга аялдардын фитнасынан сактануу зарыл, фитнага алып бара турган жолдордун баарын тосуу керек.
2. Ыймандуу адам фитнадан саламат болууда Аллахка таянуусу зарыл.

(5830)

(224) – عَن عَبْدِ اللَّهِ بنِ مَسْعُودٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: كُنَّا مَعَ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، فَقَالَ: «مَنِ اسْتَطَاعَ البَاءَةَ فَلْيَتَزَوَّجْ، فَإِنَّهُ أَغَضُّ لِلْبَصَرِ، وَأَحْصَنُ لِلْفَرْجِ، وَمَنْ لَمْ يَسْتَطِعْ فَعَلَيْهِ بِالصَّوْمِ، فَإِنَّهُ لَهُ وِجَاءٌ». [صحيح] - [متفق عليه]

(224) – Абдуллах бин Масуд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен бирге болчубуз. Бир маалда ал мындай деди: "Кимде-ким никенин акысын бере алса, анда үйлөнсүн. Анткени үйлөнүү көзгө көшөгө жана зынадан коргоочу болот. Кимде-ким никенин акысын бере албаса, анда ага орозо кармоо зарыл, анткени орозо аны бычкан сыяктуу шакыбатын токтотот". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аялынын жыныстык кумарын кандырууга жарактуу жана аны каржылоого мүмкүнчүлүгү бар жигиттерди батыраак үйлөнүүгө үндөгөн. Анткени, үйлөнүү адамды көзүн арамга артуудан, зынага же башка бузук ишке баруудан сактайт. Ал эми нике менен бүлөсүн каржылоого мүмкүнчүлүгү жок бирок жыныстык катнашка жарактуу болсо, анда аны орозо кармоого үндөйт. Анткени, орозо адамдын кумар каалоосун басаңдатат.

## Хадистин пайдалары:

1. Ислам дини жаман, бузуку иштерден сак болууну алдын алат.

2. Ошондой эле никенин акысын бере албагандарды орозо кармоого үндөгөн; анткени орозо адамдын кумар каалоосун басаңдатат.

3. Орозону "бычып коюуга" окшоткону, бычканда уруктук чыгуучу бездер алып салынып аны менен кошо кумар каалоосу жоголот. Ошол сыяктуу орозо да кумар каалоону алсыздатат.

(5863)

(225) – عَنْ أَبِي سَعِيدٍ الْخُدْرِيِّ رضي الله عنه عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ:
«إِنَّ الدُّنْيَا حُلْوَةٌ خَضِرَةٌ، وَإِنَّ اللهَ مُسْتَخْلِفُكُمْ فِيهَا، فَيَنْظُرُ كَيْفَ تَعْمَلُونَ، فَاتَّقُوا الدُّنْيَا وَاتَّقُوا النِّسَاءَ، فَإِنَّ أَوَّلَ فِتْنَةِ بَنِي إِسْرَائِيلَ كَانَتْ فِي النِّسَاءِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(225) – Абу Саъид ал-Худринин (Аллах андан ыраазы болсун) риваятында, пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген: "Чынында, дүйнө - таттуу, көрүмдүү. Аллах Таала анда силерди бириңердин артынан бириңерди келтирип турат. Анан кандай иш-амал кылганыңарга карайт. Дүйнөдөн сак болгула жана аялдардан сак болгула.

Анткени Исраил урпактарында алгачкы фитна-бүлгүн аялдардан болгон". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул дүйнө даамдаганга таттуу, караганга көрүмдүү экенин, инсан ага алданып, аны менен алек болуп, аны негизги максатына айлантып аларын баяндаган. Ошондой эле, Аллах Таала биздин кандай амал кыларыбызды, Ага таат-ибадат кылабызбы, же күнөө кылабызбы, ушуну кароо үчүн, бизди бул дүйнө жашоосунда бирибиздин артынан бирибиз келе турган кылганын баяндады. Андан кийин: Силерди дүйнөлүк пайдалар жана анын көркөмдүгү алдап коюусунан этият болгула - деди. Бул, силерди Аллах буйруган нерсени таштоого, Ал тыйган нерсеге кирип кетүүгө алып барат. Бул дүйнөдөгү этият болуп, сактануусу зарыл болгон эң чоң фитна - аялдардын фитнасы. Ал Исраил урпактары кабылган эң биринчи фитна болгон.

## Хадистин пайдалары:

1. Такыбылыкты бекем кармоого жана дүйнөнүн сырткы көрүнүшүнө жана коздугуна берилип албоого үгүт, үндөө бар.

2. Аялдардын фитнасынан, т.а. аларды кароо, бөтөн эркектер менен аралашып жүрүүсүнө маани бербөө, ж.б.у.с. фитналардан сактануу зарыл.

3. Аялдардын фитнасы дүйнөдөгү эң чоң фитна.

4. Өткөн үммөттөрдөн сабак, үлгү-өрнөк алуу зарыл. Исраил урпактарында болгон нерсе башкаларда да болору мүмкүн.

5. Аялдардын фитнасы мындай: эгер аял жубайы болсо, ал күйөөсүн таакаты жетпеген каржыга мажбурлап, аны дин иштеринен алагды кылат. Дүйнө талап кылуу иштери менен аны чарчатат. Эгер бөтөн аял болсо, алардын фитнасы, сыртка чыкканда жана эркектерге аралашканда, аларды азгырып, туура жолдон тайдыруу менен болот, айрыкча, алар ачык кийинген жана жасанып алган аялдар болсо. Бул зынанын ар кайсы түрүнө алып барат. Ыймандуу адамга Аллахка таянуу жана аялдардын фитнасынан сактоону Андан сурануу зарыл.

(3053)

(226) – عَنْ عُقْبَةَ بْنِ عَامِرٍ رضي الله عنه أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «إِيَّاكُمْ وَالدُّخُولَ عَلَى النِّسَاءِ» فَقَالَ رَجُلٌ مِنَ الأَنْصَارِ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، أَفَرَأَيْتَ الحَمْوَ؟ قَالَ: «الحَمْوُ المَوْتُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(226) – Укба бин Аамир (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Бөтөн аялдардын жанына киргенден сак болгула". Ансарлардан бир киши: Оо, Аллахтын элчиси, кайын журттан болсочу (аялдын кайниси, кайнагасы)" деп сурады. Ал: "Кайын журттан болсо - бул, өлүмгө тете" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бөтөн аял менен жалгыз калууга болбостугун эскертип: Бөтөн аялдын жанына кирүүдөн, же бөтөн аял силердин жаныңарга кирүүсүнөн сак болгула деди.

Ансарлардан бир адам минтип сурады: Эгер эркектин жакын туугандары болсо, мисалы, күйөөсүнүн ага-иниси же ага-инисинин баласы, атасы менен бир тууганы, же атасы менен бир туугандын баласы, же эжесинин баласы сыяктуу аялга нике жүрө турган адамдар кирсе боло береби?

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): Андан өлүмдөн корккондой корккула! - деди. Анткени, мындай жакын адамдар менен ээн калуу фитнага, диндеги кыйроого алып келет. Күйөөнүн аталары менен балдарынан башка туугандары жат адамга караганда көбүрөөк тыйылуусу зарыл. Жат адамга караганда күйөөнүн туугандары менен ээн калуу көп кездешет. Башкаларга караганда булардан жамандык көбүрөөк жана фитнанын болуусу да көбүрөөк мүмкүн. Себеби аял менен байланышуу жана аны менен ээн калуу жеңил. Адатта эркек кишинин ага-инисинин аялы менен жалгыз калуусуна коомчулук кайдыгер карашат. Башынан эле сактанып, алыс болгон чоочун эркекке салыштырмалуу күйөөнүн бир тууганы менен жалгыз калуу өлүм сыяктуу.

## Хадистин пайдалары:

1. Жаман ишке (зынага) кириптер болуп калуунун алдын алуу үчүн жат, бөтөн аялдын жанына кирүүдөн жана аны менен жалгыз калуудан тыйган.

2. Бул бардык жат адамдарга, айрыкча аялга махрам болбогон күйөөнүн туугандарына тиешелүү. Ал эми аялга кирүү дегени аны менен жалгыз ээн калбоо деген сөз, эгер жанында башка адамдар болсо эч нерсе эмес.

3. Жамандыкка кириптер болуп калбоо үчүн бардык эле адашуу мүмкүн болгон орундардан алыс болгон жакшы.

4. Имам Ан-Навави минтип айткан: Бардык тилчи илимпоздор араб тилиндеги "ал-ахмаау" деген сөз күйөөнүн жакын туугандарын билдирерин айтышкан. Алар күйөөнүн атасы, атасы менен бир тууганы, ага-иниси, ага-инисинин балдары, атасы менен бир тууганынын балдары ж.б. "Ахтан" б.а. төркүн деген сөз күйөөнүн аялынын жакындарына айтылат. Ал эми "Асхаар" кайын журт деген сөз, экөөнө тең тиешелүү.

5. "Хамув" (күйөөнүн жакындары) дегенди өлүмгө окшоткон себеби тууралуу Ибн Хажар минтип айткан: Арабтар жаман нерсенин баарын өлүм деп сыпаттайт. Мисалы күнөөнү диндин өлүмү, күнөө кылып жазага татыктуу болгонду жан дүйнөнүн өлүмү, кызганычтан улам талакка татыктуу болгон аялды – аялдын өлүмү деп айтышат.

(5888)

(227) – عن أبي موسى رضي الله عنه أن النبي صلى الله عليه وسلم قال:

«لا نِكَاحَ إِلَّا بِوَلِيٍّ». [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي وابن ماجه وأحمد]

(227) – Абу Муса (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Валий болбосо нике болбойт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аялдын никесинде валий жок болсо никеси жараксыз экенин баяндады.

## Хадистин пайдалары:

1. Валийдин никеде болушу никенин жарактуу болушунун шарты болуп саналат. Ошондуктан эгерде аялдын валийи жок болсо, же аял өзү эле нике кыйдырып алса, анда никеси жарабайт.

2. Валий аялга эң жакын эркек туугандарынан болот. Ошондуктан аялдын жакын туугандарынан болгон валийи бар болсо, анда алыс туугандарынан болгон валийи аны никелеп турмушка бере албайт.

3. Валий болуунун шарттары: валий шарият өкүмдөрүн аткара алышы, эркек киши болуусу, никенин жол-жобосун айырмалап билүүсү жана аял менен валийдин дини бир болушу керек. Кимде-ким бул сапаттар менен мүнөздөлбөсө, анда никеде валий болууга жарактуу эмес.

(58066)

(228) – عن عقبة بن عامر رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «أَحَقُّ الشُّرُوطِ أَنْ تُوفُوا بِهِ مَا اسْتَحْلَلْتُمْ بِهِ الْفُرُوجَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(228) – Укба бин Аамир (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "(Нике окулуп) аялды адал кылган учурда коюлган шарттар - сөзсүз аткарыла турган шарттардан". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аткарылуусу зарыл болгон шарттар булар аялга кошулуунун адал болуусуна себеп болгон шарттар экенин баяндаган. Бул шарттар нике келишими учурунда аял эркектен талап кылган мубах (ыктыярдуу) шарттар.

## Хадистин пайдалары:

1. Жубайлар бири-бирине койгон шарттарды аткаруулары важиб, бирок арамды адал, адалды арам кылуучу шарттар болуп калса, аткарылбайт.
2. Нике келишиминдеги шарттар башка шарттарга караганда аткарылуусу зарыл. Анткени бул шарттар аял менен кошулууну адал кылуучу шарттар.
3. Исламда үйлөнүүнүн (жубайлыктын) орду маанилүү, карасаң андагы шарттардын аткарылуусу да бекемделген.

(6021)

(229) – عن عبد الله بن عمرو رضي الله عنهما أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال: «الدُّنْيَا مَتَاعٌ، وَخَيْرُ مَتَاعِ الدُّنْيَا الْمَرْأَةُ الصَّالِحَةُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(229) – Абдуллах бин Амр (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Дүйнө убактылуу ырахаттардан турат. Дүйнө ырахатынын эң жакшысы саалиха аял". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул дүйнө андагы нерселер убактылуу пайдаланылып, анан жок болуп кете тургандыгын айткан. Ошол пайдалана турган нерселердин эң абзели салиха аял: күйөөсү анын жүзүнө караса кубантат, бир нерсеге буйруса баш ийет, күйөөсү жокто анын мал-мүлкүн жана өзүнүн абийирин таза сактайт.

## Хадистин пайдалары:

1. Дүйнө жашоосунда Аллах Таала адал кылган таза нерселерди ысырап кылбастан, текеберленбестен пайдаланууга уруксат.
2. Аял тандоодо салиха аялды тандоого кызыктыруу, анткени Раббисине таат-ибадат кылууда ал күйөөсүнө жардам берет.
3. Дүйнөдөгү убактылуу пайдалана турган нерселердин жакшысы Аллахка таат-ибадат кылган же таат-ибадат кылууга жардам берген нерсе.

(5794)

(230) – عَنْ جَرِيرِ بْنِ عَبْدِ اللهِ رَضِيَ اللهُ عنه قَالَ: سَأَلْتُ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ عَنْ نَظَرِ الْفُجَاءَةِ فَأَمَرَنِي أَنْ أَصْرِفَ بَصَرِي. [صحيح] - [رواه مسلم]

(230) – Жарир бин Абдуллах (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кокустан арамга көз салып алуу тууралуу сурадым. Ал көзүмдү дароо буруп кетүүгө буйруду. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Жарир бин Абдуллах (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бөтөн аялга атайлабай, кокустан көз чаптырып алуу тууралуу сурайт. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындайда дароо башка тарапка жүз буруп кетүү керектигин айтат. Ошондо ага эч кандай күнөө жазылбайт.

## Хадистин пайдалары:

1. Көздү сактоо важиб.
2. Кароого тыюу салынган нерсеге кокустан көз түшүп калса, аны көпкө тигилип карап туруп алуудан тыйган.

3. Бөтөн аялга тигиле кароонун арамдыгы сахабалардын арасында калыптанган тыюу болгон. Буга Жарир бин Абдуллахтын (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бөтөн аялга атайлабастан көз салып алгандын өкүмү атайлап карагандын өкүмүндөйбү деп сураганы далил.

4. Хадистен шарият адамдардын оңолуусуна кам көрөрүн байкайбыз. Анткени анда бөтөн аялга кароодон тыйып арам кылып жатат. Бөтөн аялга кароо адамдардын дүйнө жашоосуна да, акыретине да зыянын тийгизе турган бузук иш.

5. Сахабалар өздөрүнө шек-күмөн жараткан маселе пайда болсо, дароо пайгамбарыбызга барып сурачу. Жалпы карапайым эл шек-күмөндүү иштерди аалымдарга барып сурап билип алуусу зарыл.

(8902)

(231) – عَنْ أَنَسٍ رَضِيَ اللهُ عنه قَالَ: ضَحَّى النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ بِكَبْشَيْنِ أَمْلَحَيْنِ أَقْرَنَيْنِ، ذَبَحَهُمَا بِيَدِهِ، وَسَمَّى وَكَبَّرَ، وَوَضَعَ رِجْلَهُ عَلَى صِفَاحِهِمَا. [صحيح] - [متفق عليه]

(231) – Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мүйүздүү эки ак кочкорду курмандыкка чалып, Аллахтын атын атап, такбир айтып, анан бутун кочкорлордун моюнуна такап туруп өз колу менен муураздады. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Анас (Аллах андан ыраазы болсун) курман айт күнү пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мүйүздүү, бир аз кара аласы бар эки ак кочкорду курмандыкка чалганын айтат. Аларды мууздардан алдын: Бисмиллахи Аллаху Акбар деп, анан алардын моюнуна бутун такап туруп мууздайт.

## Хадистин пайдалары:

1. Курмандык чалуу бардык мусулмандардын пикиринде шарият кызыктырган иштерден.
2. Курмандыкка чалына турган мал-жандыктын эң абзели пайгамбарыбыз (ага Аллахтын

тынчтыгы жана мактоосу болсун) курмандык чалган кочкорлордой сыпаттагы кочкор. Анткени, мындай кочкордун көрүнүшү жакшы жана эт, майы да даамдуу болот.

3. Ан-Навави (ага Аллах ырайым кылсын) минтип айткан: Ар бир адам курмандыкты өз колу менен чалганы абзел. Кандайдыр бир үзүр, себеп болсо гана ордуна башка бирөөнү дайындаса болот. Бирөөнү дайындаган учурда да анын мууздаганына өзүнүн күбө болгону жакшы. Ордуна мусулман адамды сурануу эч кандай талашы жок жарактуу иш.

4. Ибн Хажар минтип айткан: Курмандык чаларда Аллахты атоо менен бирге такбир айтуу мустахаб. Ошондой эле чалынып жаткан жандыктын моюнунун оң жагына бутту коюп туруп мууздоо да мустахаб. Ушундай кылганда союп жаткан адамга бычакты оң колуна алып, сол колу менен жандыктын башын кармап туруу ыңгайлуу болот.

5. Курмандыктын мүйүздүү болгону мустахаб. Бирок мүйүзү жок токол болсо деле курмандыкка жарай берет.

(2971)

(232) – عَن عَبْدِ الرَّحْمَنِ بْنِ أَبِي لَيْلَى أَنَّهُمْ كَانُوا عِنْدَ حُذَيْفَةَ، فَاسْتَسْقَى فَسَقَاهُ مَجُوسِيٌّ، فَلَمَّا وَضَعَ القَدَحَ فِي يَدِهِ رَمَاهُ بِهِ، وَقَالَ: لَوْلاَ أَنِّي نَهَيْتُهُ غَيْرَ مَرَّةٍ وَلاَ مَرَّتَيْنِ -كَأَنَّهُ يَقُولُ: لَمْ أَفْعَلْ هَذَا-، وَلَكِنِّي سَمِعْتُ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «لاَ تَلْبَسُوا الحَرِيرَ وَلاَ الدِّيبَاجَ، وَلاَ تَشْرَبُوا فِي آنِيَةِ الذَّهَبِ وَالفِضَّةِ، وَلاَ تَأْكُلُوا فِي صِحَافِهَا، فَإِنَّهَا لَهُمْ فِي الدُّنْيَا وَلَنَا فِي الآخِرَةِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(232) – Абдурахман инб Абу Лайланын риваятында, алар Хузайфанын жанына барышат. Ал суу сурап, бир отпарас киши ага суу алып келет. Чөйчөктү колуна алып, анан аны ыргытып жиберет. Анан: Мен муну бир-эки жолу эле айтсам экен... - деп ачууланды б.а. мурда эскертпегенимде минтип ыргытпайт элем деген маанини айтты. Бирок мен пайгамбарыбыздын мындай деп айтканын укканмын: "Жибек жана парчаны кийбегиле. Алтын жана күмүш идиштерден ичпегиле. Жана алардан жасалган табактан тамак жебегиле. Булар бул дүйнөдө каапырлар үчүн, акыретте биз үчүн". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эркектерди жибектин кайсы түрү болбосун, андан тигилген кийимдерди кийүүдөн тыйган. Ошондой эле эркектерди жана аялдарды

алтын жана күмүш идиштерден ичип-жегенден тыйган. Мусулмандар Аллахка баш ийип, дүйнө жашоосунда алтын менен күмүштөн жасалган идиштерди пайдаланбаганы үчүн акыретте мындай идиштер мусулмандар үчүн гана болорун кабарлаган. Ал эми каапырларга акыретте алтын күмүштөр берилбейт. Анткени, алар бул дүйнө жашоосунда аларды пайдаланышты жана Аллахтын буйругуна каршы болушту.

## Хадистин пайдалары:

1. Жибектин бардык түрүн кийүүдөн тыюу эркектерге гана тиешелүү. Кийген адамга катуу азап болору убада кылынган.
2. Жибектин түрлөрүн жан парча кийимдерин кийүү аялдарга уруксат.
3. Алтын жана күмүш идиштерден ичип, жегендик эркектерге да, аялдарга да тыюу салынган арам иш.
4. Хузайфанын (Аллах андан ыраазы болсун) чөйчөктү ыргытып, катуу тыюу салганынын себеби, ал буга чейин бир канча жолу эскерткен болчу, бирок тигилер дагы эле тыйылган эмес.

(2985)

(233) – عن علي رضي الله عنه عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «رُفِعَ الْقَلَمُ عن ثلاثة: عن النائم حتى يَسْتَيْقِظَ، وعن الصبي حتى يَحْتَلِمَ، وعن المجنون حتى يَعْقِلَ». [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي والنسائي في الكبرى وابن ماجه وأحمد]

(233) – Али (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Үч түрдүү адамдан калем көтөрүлгөн (б.а. күнөө жазылбайт): уктап жаткан киши ойгонгонго чейин. Жаш бала балакат курагына жеткенге чейин. Акылынан айныган адам акылына келгенге чейин". [Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи, ан-Насаай "Ал-Кубро" китебинде жазып калтырган жана Ибн Маажа менен Ахмад да жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) төмөнкү үч түрдүү адамдан башкаларына жоопкерчилик жүктөлөрүн айткан:

Жаш бала чоңоюп, балакат курагына жеткенге чейин.

Акылынан айнып жинди болуп калган адам кайра акылына келгенге чейин.

Уктап жаткан адам ойгонгонго чейин.

Булардан жоопкерчилик алынган. Булардын кылган күнөөсү жазылбайт. Бирок жаш баланын жакшы иштеринин сообу жазылат. Жинди болгон

адам менен уктап жаткан адамга жакшы иштеринин сообу да жазылбайт. Анткени, өздөрү эмне кылып жатканын билбегендиктен, алар ибадаттары кабыл болбой турган адамдар болуп эсептелет.

## Хадистин пайдалары:

1. Инсан аны уйку баскан учурда ибадат кылууга жараксыз болот. Же жашы кичүү мезгилинде жараксыз болот. Же акылынан айнып жинди болуп калган учурда жараксыз болот. Аллах Таала Өзүнүн адилеттүүлүгү жана ырайымдуулугу менен ушул үч учурда инсандын жасаган күнөө иштерин кечирип жиберет.

2. Аларга күнөөнүн жазылбоосу аларга тиешелүү кээ бир дүнүйөлүк өкүмдөргө каршы келбейт. Мисалы жинди адам бирөөнү өлтүрүп койсо, ага өч алуу да, акы-төлөм да болбойт. Эгер акылы төп болсо, кун (дият) берилмек.

3. Балакат жаш курагына жеткендин үч белгиси бар: түшүркөп же башка себеп менен уруктук суунун түшүүсү. Же аврат жерлерге түктөрдүн чыгуусу. Же он беш жашка толуусу. Ал эми аялзатына төртүнчү белги: айыздын келүүсү кошулат.

4. Ас-Субки минтип айткан: "Сабий-жаш бала дегени, гулам деп айтылат". Дагы бирөөлөр минтип айткан: "Эненин ичиндеги бала жанин (түйүлдүк) деп аталат. Төрөлгөндө сабий (бөбөк) деп аталат. Эмчектен чыккандан баштап жети жашка чейин гулам (тестиер) деп аталат. Он жашка чейин йафиъ (жеткинчек) деп аталат. Он беш жашка чейин хазур (өспүрүм) деп аталат". Ас-Суйути болсо: "Ушул курактардын баарында баланы гулам деп атайт" деген.

(58148)

(234) – عن ابن عمر رضي الله عنهما: أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ نَهَى عَنِ الْقَزَعِ. [صحيح] - [متفق عليه]

(234) – Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көкүл коюудан тыйган. **[Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]**

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) чачтын бир жерин кырып, бир жерин калтырып коюудан тыйган.

Бул тыюу эркектердин баарына, чоңуна да, кичинесине да тиешелүү. Ал эми аялдарга чачын кырдырууга болбойт.

## Хадистин пайдалары:

1. Ислам шарияты адамдын сырткы көрүнүшүнө да кам көрөт.

(8914)

(235) – عن ابن عمر رضي الله عنهما عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «أَحْفُوا الشَّوَارِبَ وأَعْفُوا اللِّحَى». [صحيح] - [متفق عليه]

(235) – Ибн Умар (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Мурутуңарды кыскарткыла жана сакалыңарды өстүргүлө". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мурутту өстүрбөй алууга, кыскартууга буйруган жана кыскартууга катуу көңүл бурган.

Сакалды өстүрүүгө жана кенен калтырууга буйруган хадистери өтө көп кездешет.

## Хадистин пайдалары:

1. Сакалды кырууга тыюу салынат.

(3279)

(236) – عَنْ أَبِي سَعِيدٍ الْخُدْرِيِّ رضي الله عنه أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «لَا يَنْظُرُ الرَّجُلُ إِلَى عَوْرَةِ الرَّجُلِ، وَلَا الْمَرْأَةُ إِلَى عَوْرَةِ الْمَرْأَةِ، وَلَا يُفْضِي الرَّجُلُ إِلَى الرَّجُلِ فِي ثَوْبٍ وَاحِدٍ، وَلَا تُفْضِي الْمَرْأَةُ إِلَى الْمَرْأَةِ فِي الثَّوْبِ الْوَاحِدِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(236) – Абу Саид ал-Худри (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Эркек киши эркек кишинин авретине карабайт. Аял киши да аял кишинин авретине карабайт. Бир эркек киши башка эркек киши менен, аял киши да башка аял киши менен бир жамынчыга оронуп жылаңачтанып жатпайт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

**Түшүндүрмө:**

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эркек кишини эркек кишинин авретин кароодон тыйган. Аял кишини аял кишинин авретин кароодон тыйган.

Аврет: бул ачылып калса уяла турган мүчөлөр. Эркектин аврети киндигинен тизесине чейин. Ал эми аял киши бөтөн эркектин алдында бүт денеси аврет. А, аялдардын жана өзүнө махрам болгон эркектердин алдында адатта үйдө иштеп жүргөн учурда көрүнүүгө уруксат болгон жеринен башка жерлери аврет.

Ошондой эле пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эркек киши эркек киши менен бир кийимдин же бир жамынчынын астында жылаңачтанган абалда калуусунан тыйган. Аял киши аял киши менен бир кийимдин же бир жамынчынын астында жылаңачтанган абалда калуусунан тыйган. Анткени, мындайда алар бири-биринин авретине кол тийгизип алуусу мүмкүн. Авретти кармоо, аны кароодой эле тыюу салынган арам иш. Балким, кармоо кароого караганда катуурак тыйылган, анткени бул чоң бузукулукка түртөт.

## Хадистин пайдалары:

1. Күйөөсүнөн жана аялынан башканын авретин кароого тыюу салынат.
2. Ислам дини коомдун тазалыгына жана бузук ишке алып бара турган бардык эшиктерди жабууга кызыкдар.
3. Дарылоо сыяктуу зарыл учурларда авретти кумарланбастан кароого уруксат.
4. Мусулман адам өзүнүн авретин жабууга жана башкалардын авретинен көзүн сактоого буйрулган.
5. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эркек эркектин, аял

аялдын деп өз-өзүнчө айтканы, булар бири-бирине кароого жана авреттерин ачык коюуга көп маани беришпейт.

(8904)

(237) – عن عبد الله بن عمرو رضي الله عنهما قال: لَمْ يَكُنِ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَاحِشًا وَلَا مُتَفَحِّشًا، وَكَانَ يَقُولُ: «إِنَّ مِنْ خِيَارِكُمْ أَحْسَنَكُمْ أَخْلَاقًا». [صحيح] - [متفق عليه]

(237) – Абдуллах бин Амр (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жаман сөз сүйлөгөн эмес жана андайга жол берген эмес. Ал: " Силердин жакшыңар - ахлагыңар жакшыңар" - деп айтчу. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Жаман сүйлөө же жаман иш кылуу пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ахлагынан эмес. Ал мындайды максат да кылган эмес, мындайга макул да болгон эмес. Ал (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өтө көркөм кулктун ээси болгон.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчыгы жана мактоосу болсун): Аллахтын алдында силердин жакшырагыңар - кулк-мүнөзү жакшыңар - деп

айтчу. Б.а. жакшылыкты көп кылган, жүзү жарык, эч кимге зыянын тийгизбеген жана адамдарга сылык-сыпаа мамиле кылган адам.

## Хадистин пайдалары:

1. Ыймандуу адам жаман сөз сүйлөөдөн жана жаман иштен алыс болуусу зарыл.

2. Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кулк-мүнөзү толук болчу. Ал жалаң гана жакшы амалдарды жасап, жагымдуу сөздөрдү сүйлөчү.

3. Мүнөздүн жакшылыгы атаандаша турган иш, ким алдыга озсо, ал ыймандуулардын жакшысы жана ыйманы толугу болот.

(5803)

(238) – عن عائشة رضي الله عنها قالت: سمعت رسول الله صلى الله عليه وسلم يقول: «إِنَّ الْمُؤْمِنَ لَيُدْرِكُ بِحُسْنِ خُلُقِهِ دَرَجَةَ الصَّائِمِ الْقَائِمِ».

[صحيح بشواهده] - [رواه أبو داود وأحمد]

(238) – Айша энебиз (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын уктум: "Чынында, ыймандуу адам жакшы кулк-мүнөзү менен (күндүзү) орозо туткан, (түнү) намаз окуган адамдын даражасына

жетет". [Сахих бишаваахидихи (башка ишенимдүү айтымдары бар хадис)] - [Абу Дауд жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кулк-мүнөздүн жакшылыгы дайыма күндүзү орозо кармап, түнү намазга туруп жүргөн адамдын даражасына жеткирерин баяндаган. Жакшы кулк-мүнөз жакшылыкты көп кылуу, сылык-сыпаа сүйлөө, маанайын ачык алып жүрүү, эч кимге зыян тийгизбөө жана адамдардын зыянына чыдоо ж.б. ичине алат.

## Хадистин пайдалары:

1. Адеп-ахлактуулукка тарбиялоо жана ахлакты толуктоо Ислам камкордугунун улуктугун билдирет.
2. Жакшы кулк-мүнөздүүлүктүн артыкчылыгы. Пенде жакшы мүнөзү менен ооз ачпаган орозо тутуучунун, чарчабаган намаз окуучунун даражасына жетет.
3. Күндүзү орозо кармоо, түнү намазга туруу напсиге оор келген иштер, бул экөөнүн даражасына жакшы мамилеге напсисин

тарбиялаганы үчүн кулк-мүнөзү жакшы адам гана жете алат.

(5799)

(239) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «أَكْمَلُ الْمُؤْمِنِينَ إِيمَانًا أَحْسَنُهُمْ خُلُقًا، وَخَيْرُكُمْ خَيْرُكُمْ لِنِسَائِهِمْ». [حسن] - [رواه أبو داود والترمذي وأحمد]

(239) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ыймандуулардын ыйманы толугу - кулк-мүнөзү жакшысы. Силердин эң жакшыңар - аялзатына жакшы мамиле кылганыңар". [Хасан (жакшы)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдардын ичинен ыйманы толугу кулк-мүнөзү жакшысы экенин айткан. Кулк-мүнөздүн жакшылыгы жарык маанайда болуу, жакшылыктарды кылуу, сылык-сыпаа сүйлөө жана эч кимге зыян бербөө менен билинет.

Ошондой эле ыймандуулардын жакшысы аялдарга жакшы мамиле кылгандары экенин айткан. Б.а. аялына, кызына, эже-карындашына,

жакын аял тууганларына жакшылык кылуусу керек. Анткени адамдардын арасынан алар жакшы мамилеге муктажыраак болушат.

**Хадистин пайдалары:**

1. Жакшы кулк-мүнөздүн артыкчылыгы, анткени ал ыймандан болуп эсептелет.
2. Иш-аракеттер ыймандан болуп эсептелет, ыйман көбөйөт жана азаят.
3. Ислам дини аял-затынын сый-урматын көтөрөт жана аларга жакшылык кылууга үндөйт.

(5792)

(240) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: سُئِلَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ عَنْ أَكْثَرِ مَا يُدْخِلُ النَّاسَ الْجَنَّةَ، فَقَالَ: «تَقْوَى اللهِ وَحُسْنُ الْخُلُقِ»، وَسُئِلَ عَنْ أَكْثَرِ مَا يُدْخِلُ النَّاسَ النَّارَ فَقَالَ: «الْفَمُ وَالْفَرْجُ». [حسن صحيح] - [رواه الترمذي وابن ماجه وأحمد]

(240) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат. Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдарды бейишке эң көп эмне киргизе тургандыгы жөнүндө суралганда, ал: «Аллахка такыбалык кылуу жана жакшы адеп-ахлак» - деп айтты. Андан кийин адамдарды тозокко эң көп эмне киргизе тургандыгы жөнүндө суралганда: «Ооз жана жыныстык мүчө» -

деп жооп берди. [Хасан Сахих (жакшы, ишенимдүү хадис)] - [Ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бейишке киргизе турган эң чоң себептер экөө экендигин баяндады. Алар:

Аллахка такыбалык кылуу жана жакшы адеп-ахлак.

Аллахка такыбалык кылуу - бул сени менен Аллахтын азабынын  ортосундагы сактануу. Ал Аллахтын буйруктарын аткаруу жана тыюу салган нерселеринен тыйылуу.

Ал эми жакшы адеп-ахлак - бул жылуу жүздүү болуу, жакшылык кылуу жана зыян берүүнү токтотуу.

Тозокко киргизе турган эң чоң себептер экөө. Алар:

Тил жана уяттуу жерлер.

Башкача айтканда тилдин күнөөлөрү. Бул - жалган айтуу, гыйбат кылуу, ушак айтуу ж.б.

Ал эми уяттуу жерлердин күнөөлөрү - бул зына кылуу, гомосексуализм ж.б.

## Хадистин пайдалары:

1. Бейишке кирүүнүн Аллах Таалага байланыштуу себептери бар. Ал Аллахка такыбалык кылуу. Жана Адамдарга тиешелүү себептер, ал жакшы адеп-ахлак.

2. Тилдин ээсине жеткирген коркунучу бар жана ал тозокко киргизүүчү себептердин бири болот.
3. Напсинин кумарларынын жана бузукулуктун адам үчүн коркунучу бар жана ал тозокко киргизүүчү эң көп себептердин бири болот.

(5476)

(241) – عن أنس بن مالك رضي الله عنه قال: كَانَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ أَحْسَنَ النَّاسِ خُلُقًا. [صحيح] - [متفق عليه]

(241) – Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдардын ичинен мүнөзү эң жакшысы эле. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдардын ичинен кулк-мүнөзү эң толугу эле. Ал бардык кулк-мүнөздүүлүктө жана жакшылыктарда алдында болчу, мисалы, сөзүнүн сылыктыгы, жакшылыкты көп кылганы, жүзүнүн жарыктыгы, эч кимге зыян бербегени, башкалардын зыянына чыдаганы ж.б. иштерде алдында болчу.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кулк-мүнөзү жакшылыктарды камтыган толук болгон.
2. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кулк-мүнөздө үлгү алууда толук үлгү боло алат.
3. Көркөм кулк-мүнөздө пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үлгү алуу зарыл.

(6180)

(242) – قال سعد بن هشام بن عامر -عندما دخل على عائشة رضي الله عنها-: يَا أُمَّ الْمُؤْمِنِينَ، أَنْبِئِينِي عَنْ خُلُقِ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، قَالَتْ: أَلَسْتَ تَقْرَأُ الْقُرْآنَ؟ قُلْتُ: بَلَى، قَالَتْ: فَإِنَّ خُلُقَ نَبِيِّ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ كَانَ الْقُرْآنَ. [صحيح] - [رواه مسلم في جملة حديثٍ طويلٍ]

(242) – Саъд бин Хишам бин Аамир Айша энебизге (Аллах андан ыраазы болсун) кирип, мындай деди: "О, ыймандуулардын энеси, мага Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кулк-мүнөзү тууралуу айтып бериңизчи". Ошондо ал: "Сен Куран окубайсыңбы?" - деп сурады. Ал: "Окуймун" -

деди. "Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мүнөзү Куран эле" - деди Айша энебиз.

[Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим узун хадис боюнча жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Ыймандуулардын энеси Айшадан (Аллах андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мүнөзү тууралуу суралат. Ал мааниси терең бир сөз менен жооп берет. Суроочунун көңүлүн бардык толук сыпаттарды камтыган Куранга буруп: "Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Курандын ахлагын алган эле" - дейт. Куран эмнеге буйруса аны аткарган, Куран эмнеден тыйса, андан сактанган, мүнөзү ага амал кылуу менен болгон, чектеринен чыккан эмес, адебинен адеп алган, мисалдарынан жана окуяларынан сабак алган.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Куран ахлактарынан алганынан үлгү алуу зарыл.

2. Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мүнөзү мактоого

татыктуу, анын ахлагы аян-кабардын маңызынан болчу.

3. Куран бардык жакшы ахлактардын башаты.
4. Ислам ахлагы буйруктарды аткарып, тыюулардан тыйылуу менен бардык динди ичине камтыйт.

(8265)

(243) – عَنْ عَائِشَةَ أُمِّ الْمُؤمنينَ رضي الله عنها قَالَتْ: كَانَ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يُعْجِبُهُ التَّيَمُّنُ، فِي تَنَعُّلِهِ، وَتَرَجُّلِهِ، وَطُهُورِهِ، وَفِي شَأْنِهِ كُلِّهِ. [صحيح] - [متفق عليه]

(243) – Ыймандуулардын энеси Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бут кийим кийгенде, чач-сакалын тараганда, даарат алганда, деги ар бир ишинде оң жагынан баштоону жакшы көрөт эле. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жакшы иштердин баарын оң колу менен баштаганды артык көрчү. Мисалы: Бут кийимин кийгенде он бутун биринчи кийчү.

Чачын, сакалын тараганда же майлаганда оң жагынан баштачу. Даарат алып колдорун жана буттарын жууганда оң жагын биринчи жуучу.

## Хадистин пайдалары:

1. Навави минтип айткан: "Шарияттагы оң жактан баштоо эрежеси, ошол нерсени кадырлоо болуп эсептелет. Мисалы: кийим кийүүдө, мечитке кирүүдө, мисвак колдонууда, көзгө сурма коюуда, тырмактарды алууда, мурутту кыскартууда, чачты тароодо, колтуктун жүнүн алууда, чач алганда, намазды бүтүрүп салам бергенде, дааратта дене мүчөлөрүн жууганда, дааратканадан чыкканда, жегенде, ичкенде, көрүшкөндө, Каабада кара ташты сылаганда ж.б. иштерде оң жагынан баштоо. Ал эми мунун тескерисинде, дааратканага киргенде, мечиттен чыкканда, чимкиргенде, истинжа кылганда, кийимин, шымын, маасысын ж.б. кийимин чечкенде сол жагынан баштоо жакшы. Мунун баары оң жактын артыкчылыгы үчүн.
2. "Оң жакты жакшы көрөт эле" дегени, кыймылды оң кол жана оң бут менен баштоону, оң тарапты (оң жакта отуруу, оң

жакты карап жатуу, саламдашканда оң жактагы кишиден баштап саламдашуу ж.б.) жана бир нерсени бергенде оң тараптагы адамдан баштап берүүнү ж.б. ичине камтыйт.

3. Навави минтип айткан: "Даарат алганда жуула турган мүчөлөрдөн оң жактан башталбай, бирдей жуула тургандары да бар. Булар: эки кулак, эки алакан жана эки жаак. Буларды бирдей бир убакта жуу керек. Эгерде бир колу кесилген болуп, же дагы башка бир себеп менен бул мүчөлөрүн бирдей жууй албаса, анда оң тарабын биринчи жуу керек.

(3018)

(244) – عن شداد بن أوس رضي الله عنه قال: ثِنْتَانِ حَفِظْتُهُمَا عَنْ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «إِنَّ اللهَ كَتَبَ الْإِحْسَانَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ، فَإِذَا قَتَلْتُمْ فَأَحْسِنُوا الْقِتْلَةَ، وَإِذَا ذَبَحْتُمْ فَأَحْسِنُوا الذَّبْحَ، وَلْيُحِدَّ أَحَدُكُمْ شَفْرَتَهُ، فَلْيُرِحْ ذَبِيحَتَهُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(244) – Шаддад бин Авс (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, ал айтты: **«Мен Аллахтын Элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эки нерсени жаттап алдым»**. Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы

жана мактоосу болсун) айтты: **«Чындыгында, Аллах баардык нерсеге жакшылык кылууну буйруган. Ошондуктан өлтүрсөңөр жакшылап өлтүргүлө, мууздасаңар жакшылап сойгула. Силердин муздоочуңар бычагын курчутсун, жандыктын жанын кыйнабай чыгарсын»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала бизге бардык нерседе жакшылык кылууга буйруганын кабарлады. Жакшылык кылуу - бул ар дайым Аллахтын көзөмөлдөп туруусу, Ага ибадат кылуу, жакшылык кылуу жана макулуктарга зыян келтирүүдөн сактануу. Ошондой эле өлтүрүүдө да жана союуда да жакшылык кылуу.

Касас өкүмүн тургузуп жаткан учурда да өлтүрүүдө жакшылык кылуу - бул өлүм жазасына тартылып жаткан адамды өлтүрүү үчүн эң оңой, эң жеңил жана тез жолду тандоо.

Мал жандыкты союуда жакшылык кылуу – бул бычакты курчутуу менен малга жумшак мамиле кылуу. Малды каратып туруп анын алдында бычакты курчутпоо. Башка мал жандыктардын көз алдында мууздабоо.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллах Тааланын ырайымы жана Анын макулуктарына болгон боорукерлиги.
2. Өлтүрүүнүн жана союунун жакшылыгы – шарият көрсөткөн түрдө болуусу.
3. Шарияттын кемчиликсиздиги жана бардык жакшылыктарды камтышы. Мына ошол жакшылыктар жаныбарларга мээримдүүк кылууну жана аларга жумшак мамиле кылууну камтыйт.
4. Адамды өлтүргөндөн кийин денесин кескилөөгө тыюу салынат.
5. Жаныбарларды кыйнаган нерселердин бардыгына тыюу салынат.

(4319)

(245) – عن عبد الله بن عمرو رضي الله عنهما قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «إِنَّ الْمُقْسِطِينَ عِنْدَ اللهِ عَلَى مَنَابِرَ مِنْ نُورٍ، عَنْ يَمِينِ الرَّحْمَنِ عَزَّ وَجَلَّ، وَكِلْتَا يَدَيْهِ يَمِينٌ، الَّذِينَ يَعْدِلُونَ فِي حُكْمِهِمْ وَأَهْلِيهِمْ وَمَا وَلُوا». [صحيح] - [رواه مسلم]

(245) – Абдулла ибн Амр (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты:

**«Чындыгында, Аллахтын алдында адилеттүү болгондор нурдан болгон минбарларда, Улуу, Мээримдүү Заттын оң жагында болушат. Анын эки колу тең оң. (1) Алар өкүм кылганда адилеттүү болгондор, үй-бүлөлөрүнө адилеттүү болгондор жана башкарууда адилеттүү болгондор».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдарды башкарууда, аларга өкүм чыгарууда жана үй-бүлөлөрүнүн ортосунда адилеттүүлүк жана акыйкат менен өкүм кылгандар Кыямат күнү аларды урматтоо үчүн нурдан жаратылган бийик отургучтарда отурушаарын кабар берүүдө. Бул минбарлар Мээримдүү Аллах Тааланын оң жагында жана Анын эки колу тең оң.

## Хадистин пайдалары:

1. Адилеттүүлүктүн пазилети жана ага үндөө.
2. Адилеттүүлүк жалпы бардык башкарууну жана адамдар арасындагы өкүм кылууну, жада калса аялдар менен балдардын ортосундагы адилеттикти жана башкаларды камтыйт.
3. Адилеттүү адамдардын Кыямат күнүндөгү даражалары баяндалды.

4. Ыймандуу адамдар Кыямат күнүндө ар кимиси кылган иш-аракетине жараша ар кандай даражада болушат.
5. Кызыктыруу ыкмасы – бул даават кылуунун ыкмаларынын бири. Ал ыкмалар чакырылып жаткан адамды моюн сунууга кызыктырат.

(4935)

(246) – عن أبي سعيد الخدري رضي الله عنه أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال: «لَا ضَرَرَ وَلَا ضِرَارَ، مَنْ ضَارَّ ضَرَّهُ اللَّهُ، وَمَنْ شَاقَّ شَقَّ اللَّهُ عَلَيْهِ». [صحيح بشواهده] - [رواه الدارقطني]

(246) – Абу Саид аль-Худри (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Зыян тартуу жок жана зыян берүү да жок. Ким зыян келтирсе, анда Аллах ага зыян келтирет. Ал эми ким машакат жаратса, анда Аллах аны машакатка салып коёт»**. [Сахих бишаваахидихи (башка ишенимдүү айтымдары бар хадис)] - [Ад-Даракутни жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өзүнө жана башкаларга зыяндын ар кандай түрлөрүнөн жана көрүнүштөрүнөн сактануу

керек экенин баяндады. Ошондуктан кимдир бирөө өзүнө да, башкаларга да зыян келтириши туура эмес.

Зыян менен зыяндын ордун толтуруу туура эмес. Анткени зыянды зыян менен кетирүү болбойт. Бирок зыянды чектен чыкпаган касас (1) менен жоюуга болот.

Андан кийин Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдарга зыян келтиргендерге зыяндын азабы болоорун, адамдарга катаал болгондор үчүн кыйынчылыктын азабы болорун баяндады.

## Хадистин пайдалары:

1. Жазага тартылгандарды чегинен ашыра жазалоого тыюу салынат.

2. Аллах пенделерине зыяндуу нерселерди кылууга буйруган эмес.

3. Сөз менен же кыймыл аракет менен же мамиле кылбай таштап коюу менен зыян тартууга жана зыян келтирүүгө тыюу салынат.

4. Иш-аракеттин түрүнө жараша жаза болот. Ошондуктан ким зыян келтирсе, анда Аллах ага зыян берет. Ал эми ким машакат жаратса, анда Аллах аны машакатка салып коёт».

5. Шарият эрежелеринин бири: “Зыян жок кылынат”. Ошондуктан шарият зыян тартууга жол бербейт жана зыян келтирүүнү четке кагат.

(4711)

(247) – عَنْ أَبِي مُوسَى رضي الله عنه عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «إِنَّمَا مَثَلُ الْجَلِيسِ الصَّالِحِ وَالْجَلِيسِ السَّوْءِ كَحَامِلِ الْمِسْكِ وَنَافِخِ الْكِيرِ، فَحَامِلُ الْمِسْكِ: إِمَّا أَنْ يُحْذِيَكَ، وَإِمَّا أَنْ تَبْتَاعَ مِنْهُ، وَإِمَّا أَنْ تَجِدَ مِنْهُ رِيحًا طَيِّبَةً، وَنَافِخُ الْكِيرِ: إِمَّا أَنْ يُحْرِقَ ثِيَابَكَ، وَإِمَّا أَنْ تَجِدَ رِيحًا خَبِيثَةً». [صحيح] - [متفق عليه]

(247) – Абу Муса Ашари (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Салих жана жаман адам менен отуруунун мисалы, атыр саткан жана көөрүк үйлөгөн адам менен отуруу сыяктуу. Атыр саткан адам: же ал сага атырын белек кылат, же сен андан сатып аласың, же жок эле дегенде анын жыпар жыты келип турат. Көөрүк үйлөгөн адам: же ал сенин кийимиңди күйгүзөт, же андан жагымсыз жытты табасың". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эки түрдүү адамды мисал келтирди:

Биринчиси: Сөзгө ынак адам жана салих дос, ал Аллахка жана Аллах ыраазы боло турган иштерге багыт берет, Ага баш ийүүгө түрткү болот. Ал атыр саткан адамга окшош, сага атыр бериши мүмкүн, же сен андан атыр сатып аласың, же сен анын жыпар жытын жыттайсың.

Экинчиси: Жаман жолдош же табакташ. Ал Аллахтын жолунан тыят, күнөө иштерди кылууга түрткү болот. Андан жаман иштерди гана көрөсүң, өзү сыяктуу сенден да жаман иштерди кылууну талап кылат. Ал көөрүк менен отту кызыткан темир уста сыяктуу. Анын учурган учкунуна кийиминди күйгүзөсүң, же андан жаман жытты жыттайсың.

## Хадистин пайдалары:

1. Угуучуга маани түшүнүктүү болуусу үчүн мисалдарды келтирүүгө болот.

2. Ибадатчыл, салих адамдар менен отуруу. Бузукулардан жана жаман мүнөздүүлөрдөн алыс болуу зарыл. Хадис ушуга үндөп, кызыктырган.

(3127)

(248) – عن أبي هريرة رضي الله عنه: أَنَّ رَجُلًا قَالَ لِلنَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: أَوْصِنِي، قَالَ: «لَا تَغْضَبْ» فَرَدَّدَ مِرَارًا قَالَ: «لَا تَغْضَبْ». [صحيح] - [رواه البخاري]

(248) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: Бир киши Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): «Мага насаат бериңиз» - деп айтты. Ал: «Ачууланба» - деди. Андан кийин кайра-кайра сураганда Пайгамбар: «Ачууланба» - деп кайталады. [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Сахабалардын бири Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өзүнө пайда алып келе турган нерсеге багыттоосун сурады. Ошондо Пайгамбар ачууланбоого буюрду. Бул анын ачуусун келтирген себептерден алыс болушун, ачуусу келгенде өзүн карманышын, кан төгүү, уруп-сабоо, мазактоо жана ушул сыяктуу нерселер менен ачуусун баспоо дегенди билдирет.

Ал киши: «Мага насаат бериңиз» - деген өтүнүчүн бир нече жолу кайталаса да, Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага «ачууланба» деп айткан насаатын гана айтты.

## Хадистин пайдалары:

1. Ачуулануудан жана анын себептеринен сактануу. Анткени ачуулануу жамандыктын жыйындысы. Ал эми андан сактануу жакшылыктын жыйындысы.
2. Аллахтын жүзү үчүн ачуулануу - бул мактоого татыктуу ачуулануу. Ал мактоого татыктуу ачуулануу - бул Аллахтын тыюулары бузулгандагы ачуулануу.
3. Сүйлөмдү кайталоого зарыл болгон учурда угуучу аны баамдап, анын маанисин түшүнгүчө кайталоо.
4. Аалымдан насаат суроонун пазилети.

(4709)

(249) – عن أبي هريرة رضي الله عنه أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال: «لَيْسَ الشَّدِيدُ بِالصُّرَعَةِ، إِنَّمَا الشَّدِيدُ الَّذِي يَمْلِكُ نَفْسَهُ عِنْدَ الْغَضَبِ».

[صحيح] - [متفق عليه]

(249) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Күрөшкөн күчтүү эмес. Ачууланганда өзүн кармай билген күчтүү»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оордон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) чыныгы күч дененин күчү эмес же башка билеги күчтүүнү жеңген адам күчтүү эмес. Тескерисинче, ачууланганда өзүн кармап напсиге каршы күрөшүп, ачуусун баскан күчтүү экенин баяндап жатат. Анткени, анда өзүн башкара ала турган күч жана шайтанга үстөмдүк кыла ала турган күч бар экендигин көрсөтүп турат.

## Хадистин пайдалары:

1. Ачууланганда сабырдуулуктун жана өзүн кармануунун пазилети жана бул Ислам үндөгөн жакшы иштердин бири экендиги айтылды.
2. Ачууланганда напси менен күрөшүү - душманга каршы күрөшүүдөн күчтүү.
3. Ислам наадандыктагы күчкө ээ болуунун түшүнүгүн жакшы адеп-ахлакка айлантты. Ошондуктан эң күчтүү адам – бул өз напсисин башкарган адам.
4. Ачуулануудан баш тартуу. Анткени ал жеке адамдарга жана коомго зыян келтирүүгө себеп болот.

(5351)

(250) – عَنْ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ عَمْرٍو رضي الله عنهما قال: قال رَسولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «أَرْبَعٌ مَنْ كُنَّ فِيهِ كَانَ مُنَافِقًا خَالِصًا، وَمَنْ كَانَتْ فِيهِ خَلَّةٌ مِنْهُنَّ كَانَتْ فِيهِ خَلَّةٌ مِنْ نِفَاقٍ حَتَّى يَدَعَهَا: إِذَا حَدَّثَ كَذَبَ، وَإِذَا عَاهَدَ غَدَرَ، وَإِذَا وَعَدَ أَخْلَفَ، وَإِذَا خَاصَمَ فَجَرَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(250) – Абдуллах бин Амир (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: “Төмөнкү төрт түрдүү жорук кимде болсо, ал анык эки жүздүү болот. Ал эми кимде бул жоруктардын бири болсо, андан арылмайынча экүү жүздүүлүктүн бир белгиси бар болот. Алар: аманат берилсе, ага кыянаттык кылат; сүйлөсө жалган сүйлөйт; убада берсе, сөзүндө турбайт жана талашып-тартышса, аша чаап кетет”. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) төрт иштен тыйып, катуу эскерткен. Эгер бул төрт иш бир адамда топтолсо, ал анык мунафыктарга окшойт. Бул ошол төрт ишти көп учурда аткарган адамга тиешелүү. Ал эми бул иштердин кээ бирин гана кылган адам буга кирбейт.

Биринчиси: Сүйлөгөндө жалганга таянып сүйлөйт, сөзүндө чындыгы болбойт.

Экинчиси: Келишим кылса, анын өтөөсүнө чыкпайт, келишим кылган адамга кыянат кылат.

Үчүнчүсү: Убада берсе, анысын аткарбайт, убадасынын тескерисин кылат.

Төртүнчүсү: Кимдир бирөө менен талашып-тартышса, сөзүн чындыкка чыгаруу үчүн чектен чыгып, акыйкаттан четтеп, батыл жалганды айтат.

Нифак, (эки жүздүүлүк) - ичиндеги нерсенин тескерисин ачыкка чыгаруу. Мына ушул маани жогорудагыдай адаттардан байкалат. Эки жүздүүлүгү сүйлөгөн адамдын акысына, убада берген адамдын акысына, келишим кылган адамдын акысына, талаш-тартыш кылган адамдын акысына кирет. Мындай адам каапырлыгын жашырып динин көрсөткөн анык мунафык эмес. Кимде ушул айтылган сыпаттар болсо, аны таштаганга чейин мунафыктыктын сыпатын көтөрүп жүргөн болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Ушундай сыпаттарды өзүнө киргизип алуудан сак болууну эскертүү үчүн мунафыктыктын кээ бир белгилери айтылган.

2. Хадистин максаты: Ушул сыпаттар нифактын сыпаттары, мындай сыпаттары бар адам бул сыпаттарда мунафыкка окшойт. Бирок ал каапырлыгын жашырып, динин ачыкка чыгарган анык мунафык эмес. Кимде мындай сыпаттары болсо, көбүнчө ишеними бузук болот.

3. Ал-Газали минтип айткан: Диндарлыктын негизи үч нерсени ичине алат: сөз, иш, ниет. (Хадисте) сөздүн бузулушу жалганчылык менен болорун, иштин бузулушу кыянаттык менен болору, ниеттин бузулуусу анын тескерисин кылуу менен болорун эскерткен. Анткени убадага тескери иш кылуу чындап ошондой кылууну ниеттенгенде гана абийирсиз иш болуп эсептелет. Ал эми башында убаданы аткарууну ниет кылып, кийин аны кандайдыр бир тоскоолдук тосуп калса, же ага башка бир ой келип убадасын аткара албай калса, андай адамда мунафыктын белгиси болбойт.

4. Нифак эки түрдүү болот: Ишенимдеги нифак, бул адамды динден чыгарат. Мында адам каапырлыгын жашырып, жалган динин ачык кылат. Экинчиси, амалдагы

нифак, бул кулк-мүнөзүндө мунафыктарга окшошуу. Бул нифак адамды динден чыгарбайт. Анткен менен чоң күнөөлөрдүн бири болуп саналат.

5. Ибн Хажар минтип айткан: Кимде-ким жүрөгү менен ыйман келтирип, тили менен тастыктаса, бирок жогорудагы жоруктарды аткарса, мындай адамды каапыр жана тозокто түбөлүк кала турган мунафык деп өкүм чыгарууга болбойт. Бул бардык аалымдардын пикири.

6. Ан-Навави минтип айткан: Аалымдардын бир тобу мындай деген: Хадистен максат, пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) заманындагы мунафыктарга тиешелүү, алар ыйманга келдик деп айтышат эле, бирок аны жалган айтышкан. Диндерин аманатка алып, бирок ага кыянат кылышкан. Дин ишинде жардам беребиз деп убада берип, бирок аны аткарышкан эмес. Ошондой эле талашып-тартышканда чектен чыгып кетишчү.

(65124)

(251) – عَنْ عَبْدِ اللهِ بْنِ مَسْعُودٍ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «لَيْسَ الْمُؤْمِنُ بِالطَّعَّانِ وَلاَ اللَّعَّانِ وَلاَ الفَاحِشِ وَلاَ البَذِيءِ». [صحيح] - [رواه الترمذي]

(251) – Абдуллах бин Масуд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: «Ыймандуу адам айыптоочу, каргышчыл, бузуку жана бузук ооз болбойт». [Сахих (ишенимдүү)] - [Ат-Тирмизи жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабарлайт: адамда төмөнкүдөй жаман сапаттары болсо, анын ыйманы толук болбойт: адамдардын ата тегин кемсинтсе, дайыма сөгүнүп каргыш айтып жүрсө, уят жаман иштерди кылып, ушундай сөздөрдү сүйлөсө.

## Хадистин пайдалары:

1. Шарияттын тексттеринде арам иштерди жасаган же парз иштерди аткарбаган адамга гана ыйманы алсыз деп айтылат.

2. Дене мүчөлөрдү, айрыкча, тилди зыян берүүдөн сактоо зарыл.

3. Ас-Синдий минтип айтат: Бирөөнүн тегин кемсинтүү жана каргыш айтуу деген эки сыпаттын күчөтмө мааниде айтылганы, мындайга ылайыктуу болгон адамдарга карата кээ-кээде, аз-аз айтылса, мындайды айткан адамды ыймандуу деп сыпаттоого зыянын тийгизбейт.

(65869)

(252) – عن عبد الله بن عمر رضي الله عنهما قال: سَمِعَ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ رَجُلًا يَعِظُ أَخَاهُ فِي الْحَيَاءِ، فَقَالَ: «الْحَيَاءُ مِنَ الْإِيمَانِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(252) – Абдулла бин Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) айтты: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир кишинин бир тууганына уяттуулугу үчүн жемелеп жатканын угуп: «Уяттуулук ыймандан» - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир кишинин бир тууганына ашыкча уялчаактыгын таштоосун насаат кылганын укту. Андан кийин, ага уяттуулук ыймандын бир бөлүгү экенин жана ал жакшылык гана алып келерин түшүндүрдү.

Уяттуулук – бул жакшы иш-аракеттерди аткарууга жана жаман иш-аракеттерди таштоого түрткү болгон адеп.

## Хадистин пайдалары:

1. Жакшылыктан тоскон нерсе уяттуулук эмес. Тескерисинче, ал тартынуу, алсыздык, текебердик жана коркоктук деп аталат.
2. Аллах Тааладан уялуу - бул Анын буюруганын аткаруу жана Ал тыйган нерселерди таштоо менен болот.
3. Адамдардан уялуу – бул аларды урматтоо, аларды коомчулуктагы ордуна коюу жана адаттагы жийиркеничтүү нерселерден алыс болуу менен болот.

(5478)

(253) – عن المِقدام بن معدي كرب رضي الله عنه عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «**إِذَا أَحَبَّ الرَّجُلُ أَخَاهُ فَلْيُخْبِرْهُ أَنَّهُ يُحِبُّهُ**». [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي والنسائي في الكبرى وأحمد]

(253) – Аль-Микдам бин Маьди Кариба (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Эгерде ким мусулман бир тууганын жакшы көрсө, анда ага аны**

**жакшы көрөрүн кабарласын»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи, Ан-Насааи "Ал-Кубро" китебинде жазып калтырган жана Ахмад да жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) момундардын ортосундагы мамилени чыңдоочу жана алардын ортосундагы сүйүүнүн жайылышынын себептеринин бири бул - кимдир-бирөө мусулман бир тууганын жакшы көрсө, анда аны жакшы көрөөрүн кабар бериш керек экендигин баяндап жатат.

## Хадистин пайдалары:

1. Дүнүйө кызыкчылык үчүн эмес, калыс Аллах Таала үчүн жакшы көрүүнүн пазилети.
2. Аллах үчүн жакшы көргөн адамга аны жакшы көрөөрүн жана жакшы көрүүнү жана үлпөттүктү күчөтүү үчүн ага жакшы көрөөрүн кабарлоо мустахаб.
3. Ыймандуулардын ортосунда болгон сүйүүнү жайылтуу бул - ыймандагы бир туугандыкты күчөтөт жана коомду бөлүнүп-жарылуудан сактайт.

(3017)

(254) – عن جابر بن عبد الله رضي الله عنهما عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «كُلُّ مَعْرُوفٍ صَدَقَةٌ». [صحيح] - [رواه البخاري من حديث جابر، ورواه مسلم من حديث حذيفة]

(254) – Жабир бин Абдуллах (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Ар бир жакшылык – садака»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари Жаабирдин айтканынан, Муслим болсо Хузайфанын айтканынан жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) башкалар үчүн жасалган ар бир жакшылык жана пайда, мейли ал сөз түрүндө болсун же иш жүзүндө болсун, ал садака болорун жана анда сооп жана сыйлык бар экенин кабар берип жатат.

## Хадистин пайдалары:

1. Садака адамдын акчасынан берген нерсе менен эле чектелбейт. Анын кылган же айткан жана башкаларга жеткирген ар бир жакшылыгын да камтыйт.

2. Ал хадисте жакшылык кылууга жана башкаларга пайдалуу нерселердин баарын аткарууга кызыктыруу бар.

3. Оңой болсо да жакшылык үчүн болгон нерсени аз санабоо керек.

(5346)

(255) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «كُلُّ سُلاَمَى مِنَ النَّاسِ عَلَيْهِ صَدَقَةٌ، كُلَّ يَوْمٍ تَطْلُعُ فِيهِ الشَّمْسُ يَعْدِلُ بَيْنَ الِاثْنَيْنِ صَدَقَةٌ، وَيُعِينُ الرَّجُلَ عَلَى دَابَّتِهِ فَيَحْمِلُ عَلَيْهَا أَوْ يَرْفَعُ عَلَيْهَا مَتَاعَهُ صَدَقَةٌ، وَالكَلِمَةُ الطَّيِّبَةُ صَدَقَةٌ، وَكُلُّ خُطْوَةٍ يَخْطُوهَا إِلَى الصَّلاَةِ صَدَقَةٌ، وَيُمِيطُ الأَذَى عَنِ الطَّرِيقِ صَدَقَةٌ». [صحيح] - [متفق عليه]

(255) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Адам баласы ар бир дене мүчөсү үчүн күн сайын садага берүүсү керек. Анын эки адамды жараштырып койгону - садага. Бирөөнү атына аттантып, жүгүн артып бергени - садага. Жакшы сөз - садага. Намаз окуу үчүн мечитке таштаган ар бир кадам - садага. Жолду зыяндуу нерседен тазалоо - садага". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар бир балакат жаш курагына жеткен

мусулман таза ден-соолугуна шүгүр иретинде Аллах үчүн күн сайын дене мүчөлөрүнүн санынча садага бериши керектигин айткан. Бул садагалар мал-мүлктөн гана бере турган садага эмес, жакшы иштердин баарына тиешелүү садагалар. Алардын кээ бири төмөнкүлөр: Урушкан эки адамды жараштырып коюу - садага. Алсыз болгон бирөөнү улоосуна мингизип, жүгүн артып берүү да - садага. Дуба, зикир же салам айтуу сыяктуу жакшы сөздөрдүн баары - садага. Мечитке карай таштаган кадамдын баары - садага. Зыяны тие турган нерсени жолдон алып таштоо - садага.

## Хадистин пайдалары:

1. Адам баласынын сөөк, тарамыштарынын тартиптүү кыймылдап турганы Аллах Тааланын бизге берген эң чоң нээмат жакшылыгы. Ошон үчүн Аллахтын бул жакшылыгына шүгүр кылып, ар бир мүчөгө өзүнчө садага берилүүсү тийиш.

2. Аллахтын нээмат жакшылыгы дайыма уланып туруусу үчүн күн сайын ага жаңылап шүгүр кылуу керек.

3. Күн сайын нафил ибадаттарды аткарып, садагаларды берип туруу керек.

4. Адамдардын ортосун жараштыруу - артыкчылыктуу иштерден.
5. Мусулман боордошуна жардам берүү зарыл, анткени ага жардам берүү да садага болуп эсептелет.
6. Жамаат намазын окуу үчүн басып баруу керек. Мечит куруу да ушуга кирет.
7. Зыяндуу нерселерди алып таштоо аркылуу мусулмандардын ары-бери баскан жолун таза сактоо важиб.

(4568)

(256) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «مَنْ نَفَّسَ عَنْ مُؤْمِنٍ كُرْبَةً مِنْ كُرَبِ الدُّنْيَا نَفَّسَ اللهُ عَنْهُ كُرْبَةً مِنْ كُرَبِ يَوْمِ الْقِيَامَةِ، وَمَنْ يَسَّرَ عَلَى مُعْسِرٍ يَسَّرَ اللهُ عَلَيْهِ فِي الدُّنْيَا وَالْآخِرَةِ، وَمَنْ سَتَرَ مُسْلِمًا سَتَرَهُ اللهُ فِي الدُّنْيَا وَالْآخِرَةِ، وَاللهُ فِي عَوْنِ الْعَبْدِ مَا كَانَ الْعَبْدُ فِي عَوْنِ أَخِيهِ، وَمَنْ سَلَكَ طَرِيقًا يَلْتَمِسُ فِيهِ عِلْمًا سَهَّلَ اللهُ لَهُ بِهِ طَرِيقًا إِلَى الْجَنَّةِ، وَمَا اجْتَمَعَ قَوْمٌ فِي بَيْتٍ مِنْ بُيُوتِ اللهِ يَتْلُونَ كِتَابَ اللهِ وَيَتَدَارَسُونَهُ بَيْنَهُمْ إِلَّا نَزَلَتْ عَلَيْهِمِ السَّكِينَةُ، وَغَشِيَتْهُمُ الرَّحْمَةُ، وَحَفَّتْهُمُ الْمَلَائِكَةُ، وَذَكَرَهُمُ اللهُ فِيمَنْ عِنْدَهُ، وَمَنْ بَطَّأَ بِهِ عَمَلُهُ لَمْ يُسْرِعْ بِهِ نَسَبُهُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(256) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген: "Кимде-ким

бир ыймандуу адамды бул дүйнөдө кайгыдан арылтса, Аллах аны кыямат күндөгү кайгыдан арылтат. Кимде-ким бирөөнүн ишин жеңилдетсе, Аллах анын ишин дүйнө жана акыретте жеңилдетет. Кимде-ким мусулмандын айыбын жашырса, Аллах дүйнө жана акыретте анын айыбын жашырат. (Диндеш) тууганына жардам берген пендеге Аллах да жардам берет. Кимде-ким илим издеп жолго чыкса, ошол үчүн Аллах ага бейиштин жолун жеңил кылат. Кайсы бир адамдар Аллахтын үйлөрүнүн бирине чогулуп Аллахтын китебин окуп, бири-бирине үйрөтсө, аларга бейпилдик түшөт, ырайым ороп алат, аларды периштелер курчайт, Аллах аларды периштелерге мактайт. Кимди иш-амалдары артта калтырса, аны ата-теги алдыга жылдырып койбойт".

[Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулмандын Аллахтын астындагы сыйы анын бул дүйнөдө башка мусулмандарга кылган жакшы мамилесине жараша болот; ким бир мусулмандын кайгысын кетирип, жеңилдетип, жардам берсе, Аллах Таала анын кыямат күнкү кыйынчылыктарын жеңилдетүү менен сыйлайт. Ким бирөөнү кыйынчылыктан чыгарса, Аллах аны дүйнө жана акыретте кыйынчылыктан чыгарат. Ким бир

мусулмандын ачыкка чыгарууга болбой турган айып, ката-кемчилигин жашырып койсо, Аллах анын кемчилигин дүйнө жана акыретте жашырат. Пенде башка бир тууганынын дүйнөлүк жана акыреттик ишине жардам берип колдогон сайын Аллах Таала аны колдой берет. Колдоо дуба кылуу менен, физикалык жана каржылык жактан болот. Ким Аллахтын ыраазылыгын көздөп шарият илимин издеп чыкса, Аллах Таала ага бейиштин жолун жеңил кылат. Адамдар Аллахтын үйү мечитке чогулуп, Куран окуп, бири-бирине үйрөтүп отурса, аларга бейпилдик, тынчтык түшөт. Аларды Аллахтын ырайымы курчайт. Периштелер курчап алат. Аллах Таала аларды периштелерге мактайт. Аллахтын периштелерге пендесин мактаганы жетиштүү кадыр-барк болот. Кимдин амалдары аз болсо, жакшы амал кылгандардын мартабасына жетпесе, ал ата-бабасынын тегине, урматына таянып амалдарды таштап койбосун.

## Хадистин пайдалары:

1. Ибн Дакик ал-Ийд мындай деген: бул улук хадис илим, адеп жана эрежелердин түрлөрүн камтыган. Анда мусулмандын муктаждыгын чечүүнүн, колдон келишинче илим менен, байлык менен, же колдоо менен же жакшы акыл насаат менен пайда берүүнүн артыкчылыктары айтылган.

2. Кыйналган адамдын ишин жеңилдетүүгө кызыктырган.

3. Мусулманды колдоого кызыктырган, ал канча колдосо, аны Аллах ошончо колдойт.

4. Мусулманды жашырууга анын кемчиликтерин аңдыбоо да кирет. Абалкылардын сөзү бар: Айыбы жок коомду көрдүм. Бирок алар адамдардын айыбын айтышат эле. Анан адамдар алардын айыбын айта баштады. Ошондой эле айыбы бар коомду көрдүм. Бирок алар башкалардын айыбын жашырат эле. Ошондуктан алардын айыбы да унутулчу.

5. Адамдардын айыбын жашыруу – жамандыкты токтотпой коюу дегенди билдирбейт. Тескерисинче, жамандыктын алдын алып, ошол эле учурда жашыруу керек. Бул – бузукулукта жана зулумдукту тынымсыз улантууда белгилүү болбогон адамдарга тиешелүү. Ал эми ким жамандыкта белгилүү болсо, аны жашыруу жакшы эмес, тескерисинче, эгер чоң зыян алып келбесе, анын ишин бийлик ээсине (валисине) билдирүү керек. Анткени аны жашыруу бузукулукка шыктандырат, адамдарга зыян кылууга жана башка жамандык ээлерин да ошого үндөп, тайманбай кылууга түрткү берет.

6. Хадисте илим алууга, Куран окууга жана аны үйрөтүүгө кызыктырган.
7. Имам Навави минтип айткан: "Бул хадис Куран окуу үчүн мечитке чогулуунун артыкчылыгын далилдейт. Медреседе ж.б. диний окуу жайларда чогулуп Куран окуу, үйрөнүү деле ушул сыяктуу".
8. Жаза, сый амалга жараша берилет, текке карата эмес.

(4801)

(257) – عَنْ أَبِي بَرْزَةَ الأَسْلَمِيِّ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «لَا تَزُولُ قَدَمَا عَبْدٍ يَوْمَ القِيَامَةِ حَتَّى يُسْأَلَ عَنْ عُمُرِهِ فِيمَا أَفْنَاهُ، وَعَنْ عِلْمِهِ فِيمَ فَعَلَ، وَعَنْ مَالِهِ مِنْ أَيْنَ اكْتَسَبَهُ وَفِيمَ أَنْفَقَهُ، وَعَنْ جِسْمِهِ فِيمَ أَبْلَاهُ». [صحيح] - [رواه الترمذي]

(257) – Абу Барза ал-Аслами (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кыямат күнү пенде өмүрүн эмне менен өткөргөнү, илимин кандай пайдаланганы, мал-мүлкүн кайдан таап, кайда каржылаганы, дене-кубатын кандай иштеткени тууралуу суралмайынча анын кадамы жылбайт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Ат-Тирмизи жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кыямат күнү эч бир адам төмөнкү иштер тууралуу суралмайынча эсеп-кысап майданынан бейишке да, тозокко да өтө албастыгын айткан.

Биринчиси: Жашоосун кантип өткөргөнү тууралуу.

Экинчиси: Илимди Аллахтын ыраазылыгы үчүн алганбы? Алган илимине амал кылдыбы? Алган илимин тиешелүү адамдарга жеткирдиби?

Үчүнчүсү: Мал-мүлкүн арамдан таптыбы, же адалдан таптыбы? Анан аны Аллах ыраазы боло турган иштерге жумшадыбы, же Аллахтын ачуусун келтире турган иштерге короттубу?

Төртүнчү: Дене мүчөлөрүн, күч-кубатын, чың ден соолугун, жаштык курагын эмнеге иштетип, эмнеге жумшады?

## Хадистин пайдалары:

1. Өмүрдү Аллах ыраазы боло тургандай пайдалануу зарыл.

2. Аллахтын пенделерге берген нээмат-жакшылыгы өтө көп. Пенде ошол нээматтар тууралуу сөзсүз суралат, ошондуктан Аллахтын нээматтарын Ал ыраазы боло тургандай пайдалануусу зарыл.

(4950)

(258) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ قَالَ: قَالَ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «السَّاعِي عَلَى الأَرْمَلَةِ وَالمِسْكِينِ، كَالْمُجَاهِدِ فِي سَبِيلِ اللَّهِ، أَوِ القَائِمِ اللَّيْلَ الصَّائِمِ النَّهَارَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(258) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Жесирге жана жардыга жардам берген адам Аллах жолунда жихад кылгандай же түнү туруп намаз окуп, күндүзү орозо кармагандай (сооп-сый алат)". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун), күйөөсү өлүп, ага каралашар эч кими жок аялга жана муктаж болгон жардыга жардам колун сунуп, Аллах Тааладан сооп үмүт кылып аларды каржылган киши, Аллахтын жолунда жихадга чыккандай, же чарчабастан түнү тахажуд намазын окуган, күндүзү оозун ачпай орозо кармаган адамдай сооп-сыйга ээ болорун кабарлаган.

## Хадистин пайдалары:

1. Хадисте бей-бечаранын кажетин чечүү, кепилдикке алуу жана жардам берүүгө үндөгөн.

2. Ибадат бардык ийги иш-амалдарды ичине камтыйт, жесирге жана жардыга жардам берүү да ибадаттын бири болуп саналат.

3. Ибн Хубайра минтип айткан: Аллах Тааланын ага бир учурда орозо тутуучунун, намаз окуучунун жана жихадга чыгуучунун сооп-сыйын чогуу бергенинин төркүнү мындай, анткени ал жесирге анын күйөөсүнүн ордунда туруп жардам берет..., өзүн эптөөгө алы жетпеген жардыга анын ордуна туруп жардам берет. Азык-түлүктүн артыкчасынан каржылайт. Туруктуулук менен садага берет. Ошол себептен анын пайдасы орозого, намазга жана жихадга тең келет.

(3135)

(259) – عن أبي هريرة رضي الله عنه عن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال: «مَنْ كَانَ يُؤْمِنُ بِاللهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ فَلْيَقُلْ خَيْرًا أَوْ لِيَصْمُتْ، وَمَنْ كَانَ يُؤْمِنُ بِاللهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ فَلْيُكْرِمْ جَارَهُ، وَمَنْ كَانَ يُؤْمِنُ بِاللهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ فَلْيُكْرِمْ ضَيْفَهُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(259) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Кимде-ким Аллахка жана акырет**

**күнүнө ыйман келтирсе, анда жакшылыкты сүйлөсүн же унчукпасын. Кимде-ким Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирсе, анда кошунасын сыйласын. Кимде-ким Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирсе, анда коногун сыйласын».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахка жана кайтып бара турган жана аткарган иш-аракеттерине жараша сыйлык ала турган акырет күнүнө ыйман келтирген пендени ыйманы төмөнкү сыпаттарды аткарууга үндөй турганын баяндады. Алар:

Биринчиси: Аллахка тасбих жана тахлил айтуудан турган жакшы сөз, жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтаруу, араздашкан адамдарды жараштыруу. Эгерде андай кыла албаса, анда унчукпай, ага жамандык кылууну токтотуп, тилин сакташы керек

Экинчиси: кошунаны урматтоо, ага жакшылык кылуу жана ага зыян келтирбөө.

Үчүнчүсү: Зыяратка келген конокту сыйлоо, ага жакшы сөз айтуу жана ага тамак берүү ж.б.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирүү бардык жакшылыктардын негизи жана ал жакшылык кылуу үчүн жиберилген.
2. Тилдин бузулуусунан сактануу.
3. Ислам дини карым-катыштыктын жана берешендиктин дини.
4. Бул сыпаттар ыймандын бутактарынан жана мактоого татыктуу адептерден.
5. Ашыкча сүйлөө макрух же арам нерсеге алып келиши мүмкүн. Ал эми саламат болуу - бул жакшыдан башканы сүйлөбөөдө.

(5437)

(260) – عن أبي ذر رضي الله عنه قال: قال لي النبي صلى الله عليه وسلم: «لَا تَحْقِرَنَّ مِنَ الْمَعْرُوفِ شَيْئًا، وَلَوْ أَنْ تَلْقَى أَخَاكَ بِوَجْهٍ طَلْقٍ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(260) – Абу Зар (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мага айтты: **«Эч бир жакшылыкты кем санаба, эгерде мусулман бир тууганыңа жолуксаң ага жылмаюу менен жүз көрүшүп болсо да (жакшылык кыл)».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жакшылык кылууга жана ал жакшылык аз болсо да кем санабай аткарууга үндөдү. Мисалы: Жолугушканда жылмаюу менен жүз көрүшүү. Демек, мусулман бир тууганы менен ынак болушу үчүн жана аны кубандыруу үчүн аз болсо да жакшылык кылууга кызыктырыш керек.

## Хадистин пайдалары:

1. Ыймандуулардын арасындагы сүйүүнүн пазилети чоң. Жолугушууда жылмаюу жана кубаныч тартуулоо керек.
2. Бул шарият толук жана ар тараптуу. Шариятта мусулмандардын оңолуусу жана алардын сөзүн бириктирүү тууралуу бардык нерселер келген.
3. Аз болсо да жакшылык кылууга үндөө керек.
4. Мусулмандарга кубаныч тартуулоо сооптуу. Анткени бул алардын ортосундагы үлпөттүүлүктү күчөтөт.

(5348)

(261) – عَنْ عَبْدِ اللهِ بنِ مَسعُودٍ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «عَلَيْكُمْ بِالصِّدْقِ، فَإِنَّ الصِّدْقَ يَهْدِي إِلَى الْبِرِّ، وَإِنَّ الْبِرَّ يَهْدِي إِلَى الْجَنَّةِ، وَمَا يَزَالُ الرَّجُلُ يَصْدُقُ وَيَتَحَرَّى الصِّدْقَ حَتَّى يُكْتَبَ عِنْدَ اللهِ صِدِّيقًا، وَإِيَّاكُمْ وَالْكَذِبَ، فَإِنَّ الْكَذِبَ يَهْدِي إِلَى الْفُجُورِ، وَإِنَّ الْفُجُورَ يَهْدِي إِلَى النَّارِ، وَمَا يَزَالُ الرَّجُلُ يَكْذِبُ وَيَتَحَرَّى الْكَذِبَ حَتَّى يُكْتَبَ عِنْدَ اللهِ كَذَّابًا». [صحيح] - [متفق عليه]

(261) – Абдуллах бин Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Чынчыл болгула, анткени чындык жакшылыкка жетелейт, а жакшылык болсо бейишке алып барат. Адам чындыкты айта берип, чынчылдыкка берилсе, Аллахтын алдында чынчыл деп жазылат. Жалган айтуудан сак болгула, анткени жалган жамандыкка жетелейт, а жамандык болсо тозокко алып барат. Адам жалган айта берип жалганга берилсе, Аллахтын алдында жалганчы деп жазылат". **[Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]**

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) чынчыл болууга буйруп, чынчыл болуу дайыма ийги иш-амалдарды аткарууга

жеткирерин баяндаган. Ал эми жакшы иш-амалдары аны аткарган адамдын бейишке кирүүсүнө себеп болот. Ашкере болобу, жашыруун болобу, дайыма чынчыл болгон адам, өтө чынчыл деген атка татыктуу болот. Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жалган сүйлөөдөн тыйып, эскертти. Анткени, жалганчылык туура жолдон тайдырып, жаман, бузук, күнөө иштерге түртөт. Анан аны тозокко түшүрөт. Жалганчылыгын таштабай улам жалган айта берсе, Аллахтын алдында жалганчы деп жазылат.

## Хадистин пайдалары:

1. Чынчылдык, бул - мээнет, аракет менен жете турган жакшы мүнөз. Адам дайыма чын сүйлөп, чынчылдыкка берилсе, чынчылдык анын табиятына айланат да Аллахтын алдында таза, чынчыл деп жазылат.

2. Жалганчылык да ишинде же сөзүндө уламдан-улам пайда болуп отуруп табигый адатка айлана турган жаман мүнөз. Анан Аллахтын алдында жалганчы деп жазылып калат.

3. Чынчылдык бул - чындыкты сүйлөөгө айтылат. Чындыктын тескериси ал – жалган

айтуу. Ал эми чынчылдык ниетке тиешелүү болсо, анда ал ыкластуулук болуп саналат. Амалга тиешелүү болсо, анда ал ашкере жана жашыруунун бирдей аткаруу. Ошондой эле, коркуудагы, үмүт кылуудагы чынчылдык сыяктуу чынчылдыктар бар. Ушунун баарында чынчыл болгон адам "сыддык" өтө чынчыл деп аталат. Ал эми кээ биринде чынчыл болгон адам "саадык" чынчыл деп аталат.

(5504)

(262) – عن جرير بن عبد الله رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «مَنْ لَا يَرْحَمِ النَّاسَ لَا يَرْحَمْهُ اللهُ عَزَّ وَجَلَّ». [صحيح] - [متفق عليه]

(262) – Жарир бин Абдулла (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Ким адамдарга ырайым кылбаса, анда Аллах Таала ага ырайым кылбайт»**. **[Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]**

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдарга ырайым кылбаган адамга Аллах Таала ырайым кылбай турганын баяндап жатат. Пенденин калайык калкка кылган

ырайымы – Аллах Тааланын ырайымына ээ болуунун эң чоң себептеринин бири.

## Хадистин пайдалары:

1. Ырайымдуулук бардык макулуктар үчүн талап кылынат. Бирок ал макулуктарга адамдардын көңүл буруусу өзгөчө айтылды.
2. Аллах Таала Ырайымдуу. Ырайымдуу пенделерин ырайымына алат. Иш-аракеттердин түрүнө жараша сооп-сыйлык же жаза болот.
3. Адамдарга ырайымдуулук кылуу - бул аларга жакшылык кылууну, алардан жамандыкты кайтарууну жана аларга жакшы мамиле кылууну камтыйт.

(5439)

(263) – عن عبد الله بن عمرو رضي الله عنهما أن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «الرَّاحِمُونَ يَرْحَمُهمُ الرَّحمنُ، ارحَمُوا أهلَ الأرضِ يَرْحَمْكُم مَن في السَّماء». [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي وأحمد]

(263) – Абдулла бин Амр (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Мээримдүүлөргө Мээримдүү Зат ырайым кылат. Жер жүзүндөгүлөргө ырайым кылгыла, силерге

асмандагы Зат ырайым кылат". [Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) башкаларга ырайым кылгандарды Мээримдүү Аллах ырайым кылаарын түшүндүрүп жатат. Бардык нерсени камтыган Анын ырайымдуулугу жетиштүү сыйлык.

Андан кийин Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жер жүзүндөгү бардык адамдарга, айбанаттарга, канаттууларга жана башка бардык жаратылгандарга ырайым кылууну буйруду. Мунун сообу – асмандардын үстүнөн Аллахтын силерге ырайым кылуусу.

## Хадистин пайдалары:

1. Ислам дини мээримдүүлүктүн дини. Ал толугу менен Аллахка ибадат кылууга жана жаратылгандарга жакшылык кылууга негизделген.

2. Аллах Таала ырайымдуулук менен сыпатталган. Ал бардык айып-кемчиликтерден Аруу, Мээримдүү, Ырайымдуу жана Өз пенделерине ырайым кылуучу.

3. Иш-аракеттердин түрүнө жараша сооп-сыйлык же жаза болот. Ырайымдууларды Аллах ырайымына алат.

(8289)

(264) – عَنْ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ عَمْرٍو رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «المُسْلِمُ مَنْ سَلِمَ المُسْلِمُونَ مِنْ لِسَانِهِ وَيَدِهِ، وَالمُهَاجِرُ مَنْ هَجَرَ مَا نَهَى اللَّهُ عَنْهُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(264) – Абдуллах бин Амрдын (Аллах алардан ыраазы болсун) риваятында пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Мусулман адам - башка мусулмандар анын колунан жана тилинен зыян тартпаган адам. Мухажир адам - Аллах тыюу салган нерселерди таштаган адам". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Исламды толук карманган мусулман адам башка мусулмандар анын тилинен аман болгон адам. Б.а. аларды сөкпөгөн, наалат айтпаган, артынан сүйлөбөгөн жана алардын ортосунда тили менен зыянын тийгизе турган эч бир ишке барбаган адам. Ошондой эле анын

колунан да жамандык көргөн эмес, б.а. ал эч кимге өкүм зордук кылган эмес, мал-мүлкүн тартып алган эмес ж.б.у.с. Ал эми мухажир - Аллах арам кылган нерсени таштаган адам.

## Хадистин пайдалары:

1. Исламдын толуктугу - материалдык болобу, маънаваий болобу башкаларга зыян берүүдөн сактануу менен гана болот.
2. Тил жана колдун баса белгиленип айтылуусу, бул экөөнүн көп ката кетиргени жана зыян бергени үчүн, чынында жамандыктын көбү тил жана кол менен ишке ашат.
3. Күнөөлөрдү таштоого жана Аллахтын буйруктарын бекем кармоого кызыктыруу.
4. Мусулмандардын абзели Аллахтын да, пенделердин да укугун сактаганы.
5. Душмандык кылуу тил менен да, кол менен да болушу мүмкүн.
6. Чыныгы көчүү - Аллах арам кылган нерселерди таштоо.

(10101)

(265) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: سمعت رسول الله صلى الله عليه وسلم يقول: «حَقُّ الْمُسْلِمِ عَلَى الْمُسْلِمِ خَمْسٌ: رَدُّ السَّلَامِ، وَعِيَادَةُ الْمَرِيضِ، وَاتِّبَاعُ الْجَنَائِزِ، وَإِجَابَةُ الدَّعْوَةِ، وَتَشْمِيتُ الْعَاطِسِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(265) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: **«Мусулмандын мусулманга болгон акысы бешөө. Алар: Салам берсе алик алуу, ооруса зыярат кылуу, чакырган болсо баруу, дүйнөдөн өтсө жаназасына катышуу, чүчкүрсө "ярхамукаллах" деп айтуу»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулмандын мусулман бир тууганына болгон кээ бир акыларын баяндап жатат. Бул акылардын биринчиси салам берген адамга алик алуу.

Экинчиси: Ооруса, зыярат кылып кабар алуу.

Үчүнчүсү: Дүйнөдөн өтсө, үйүнөн баштап жаназа окулчу жерге же мүрзөгө чейин узатып, көмүлгөнгө чейин туруу.

Төртүнчүсү: Тойго же ушул сыяктуу маарекеге чакырса баруу.

Бешинчиси: Эгерде чүчкүргөн адам **«альхамдулиллах»** деп айтса, ага **«ярхамукаллах»** деп айтуу. Андан соң чүчкүргөн адам **«яхдиикумуллаху уа юслиху баалакум»** деп айтат.

## Хадистин пайдалары:

1. Мусулмандардын бири-бирине болгон акыларын, бир тууганчылык жана сүйүүсүн бекемдөөдөгү Исламдын улуулугу.

(3706)

(266) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «لَا تَدْخُلُونَ الْجَنَّةَ حَتَّى تُؤْمِنُوا، وَلَا تُؤْمِنُوا حَتَّى تَحَابُّوا، أَوَلَا أَدُلُّكُمْ عَلَى شَيْءٍ إِذَا فَعَلْتُمُوهُ تَحَابَبْتُمْ؟ أَفْشُوا السَّلَامَ بَيْنَكُمْ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(266) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ыймандуу болмоюнча бейишке кире албайсыңар жана бири-бириңди жакшы көрмөйүнчө ыймандуу боло албайсыңар. Оболу, мен силерге бир нерсени айтайын, эгер ошону аткарсаңар бири-бириңерди жакшы көрөсүңөр: "Араңарда саламды жайылткыла".

[Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бейишке ыймандуулар гана кирерин баяндаган. Ошондой эле бири-бирин жакшы көрмөйүнчө ыйман толук болбостугун, мусулман коомчулугунун абалы оңолбостугун айткан. Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) махабатты пайда кыла турган иштердин эң жакшысына багыт берди. Ал Аллах Таала пенделери үчүн учурашуучу сөз кылып койгон салам айтууну мусулмандардын арасына жайылтуу.

## Хадистин пайдалары:

1. Бейишке кирүү ыйман аркылуу гана болот.
2. Өзүнө каалаган нерсени башка мусулман бир тууганына да каалоо мусулмандын ыйманынын толуктугунан кабар берет.
3. Адамдардын арасында аманчылыкты жана махабатты пайда кылганы үчүн, мусулмандарга саламды жайылтуу жана көп айтуу жакшы.
4. Мусулман адамга гана салам айтылат. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы

жана мактоосу болсун): "араңарда" деп баса белгилеп айткан.

5. Салам айтуу - мамиленин үзүлүүсү, бири-биринен алыстоо жана касташуунун алдын алат.
6. Мусулмандардын ортосунда махабаттын болуусу зарыл, анткени ал ыймандын толуктугунан.
7. Башка хадисте салам айтканда: "Ассаламу алайкум ва рахматуллохи ва баракатух" деп айтуу саламдын толугу экени, ал эми: "Ассаламу алайкум" десе деле жетиштүү болору айтылган.

(3361)

(267) – عَنْ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ عَمْرٍو رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا: أَنَّ رَجُلًا سَأَلَ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: أَيُّ الإِسْلاَمِ خَيْرٌ؟ قَالَ: «تُطْعِمُ الطَّعَامَ، وَتَقْرَأُ السَّلاَمَ عَلَى مَنْ عَرَفْتَ وَمَنْ لَمْ تَعْرِفْ». [صحيح] - [متفق عليه]

(267) – Абдуллах бин Амр (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Бир адам Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Мусулманчылыктын жакшысы кандай болот?" - деп сурады эле, ал: Муктаждарды тойгузасың, таанышка да, бейтаанышка да салам айтасың" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Исламдын кайсы өзгөчөлүгү абзел? - деп суралды. Ал эки өзгөчөлүктү айтты:

Биринчиси: жакыр адамдарды көбүрөөк тамактандыруу. Буга садага кылуу, белек берүү, конок тосуу, той кылуу, ж.б. кирет. Айрыкча кымбатчылык жана ачарчылык учурларда адамдарга тамак берүү артыкча (сооптуу) болот.

Экинчиси: бардык мусулмандарга, аларды таанысаң да, таанproblemбасаң да салам айтуу.

## Хадистин пайдалары:

1. Сахабалар дүйнө жана акыретке пайдалуу өзгөчө иштерди билүүгө кызыкдар болушкан.
2. Салам жана тоюндуруу Исламдагы эң абзел иштерден; артыкчылыктуу болгону жана адамдар бул эки нерсеге дайыма муктаж болуп турганы үчүн.
3. Бул эки өзгөчө иш аркылуу амалга да, сөзгө да тиешелүү жакшылыктар ишке ашат, жакшылыктын эң артыгы тил жана амал менен болгону.

4. Бул өзгөчө иштер мусулмандардын бири-бири менен болгон мамилесине тиешелүү, мындан башка Аллах менен пенденин ортосундагы мамилеге тиешелүү да өзгөчө иштер бар.
5. Саламды озунуп биринчи айтуу мусулмандарга гана тиешелүү, а эгер мусулман эмес адамга жолукса, ага озунуп салам айтууга болбойт.

(5808)

(268) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «أَلَا أَدُلُّكُمْ عَلَى مَا يَمْحُو اللهُ بِهِ الْخَطَايَا، وَيَرْفَعُ بِهِ الدَّرَجَاتِ؟» قَالُوا بَلَى يَا رَسُولَ اللهِ قَالَ: «إِسْبَاغُ الْوُضُوءِ عَلَى الْمَكَارِهِ، وَكَثْرَةُ الْخُطَا إِلَى الْمَسَاجِدِ، وَانْتِظَارُ الصَّلَاةِ بَعْدَ الصَّلَاةِ، فَذَلِكُمُ الرِّبَاطُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(268) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Силерге Аллах Таала ал аркылуу күнөө-каталарды өчүрүп, даражаларды көтөрө турган ишти айтайынбы?" Сахабалар: Айтыңыз, о, Аллахтын элчиси" - дешти. "Кыйынчылыкка карабай жеткиликтүү даарат алуу. Мечитке көп каттоо. Намаздан кийин кийинки намазды күтүү. Мына ушул (Аллах менен) бекем байланыш". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларына кайрылып, күнөөлөрдүн кечирилүүсүнө, периштелердин жазылган китебинен өчүрүлүүсүнө, бейиште даражанын бийик болуусуна себеп боло турган иштерди билүүнү каалайсыңарбы деп сурады.

Сахабалар: Ооба, угууну каалайбыз - деп жооп берет. Ал минтип айтат:

Биринчи: суукта, суу аз учурда, ооруп турганда, же суу ысык болуп калган учурда, айтор кандай кыйынчылык болгонуна карабай, дааратты толук, жеткиликтүү алуу.

Экинчи: алыс үйдөн мечитке басып баруу жана улам-улам мечитке каттоо.

Үчүнчү: намаз убактысын күтүү, жүрөк менен байланып самап күтүү. Мечитте жамаат менен намаз окуу үчүн күтүп отуруу. Бир намаз окулуп бүткөндөн кийин кийинки намазды күтүү.

Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушул иштер Аллах менен чыныгы байланыш экенин айтты. Анткени, булар шайтандын азгырык жолдорун тосот. Напси каалоосун тыят. Бул кудум душмандын чегиндеги чек араны коруу сыяктуу.

## Хадистин пайдалары:

1. Мындан намазды мечитте жамаат менен окуунун зарылдыгын, намазга кам-пикир кылып, андан алагды болбоо керектигин билдик.

2. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларына аябай кам көргөн, суроо ыкмасы менен аларга сооптуу иштерди түшүндүргөн. Бул таалим берүүдөгү мыкты ыкмалардын бири.

3. Маселени суроо-жооп аркылуу жеткирүүнүн пайдасы: сөз адамга айкын түшүнүктүү болот.

4. Навави (Аллах аны ырайым кылсын) минтип айткан: Хадистеги "ушул бекем байланыш" дегендин мааниси, кызыккан нерсеге байлануу деген туюндурат. Байланыштын түпкү мааниси бир нерсеге байлануу. Демек, мына ушул ибадаттарга байлангыла деген маани. Бул байланыштын эң абзели деп да айтылган. Чыныгы жихад, өз напсиси менен болгон жихад деген сыяктуу. Аткарууга мүмкүн болгон, жеңил байланыш деген маани болуусу да мүмкүн б.а. Аллах менен болгон байланыштын бир түрү.

5. Байланыш деген сөздүн араб тилиндеги белгилүү сөздөрдүн формасында келиши - жогорудагы иштердин маанилүү экендигин билдирет.

(3574)

(269) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «الْمُؤْمِنُ الْقَوِيُّ، خَيْرٌ وَأَحَبُّ إِلَى اللهِ مِنَ الْمُؤْمِنِ الضَّعِيفِ، وَفِي كُلٍّ خَيْرٌ، احْرِصْ عَلَى مَا يَنْفَعُكَ، وَاسْتَعِنْ بِاللهِ وَلَا تَعْجَزْ، وَإِنْ أَصَابَكَ شَيْءٌ، فَلَا تَقُلْ لَوْ أَنِّي فَعَلْتُ كَانَ كَذَا وَكَذَا، وَلَكِنْ قُلْ قَدَرُ اللهِ وَمَا شَاءَ فَعَلَ، فَإِنَّ (لَوْ) تَفْتَحُ عَمَلَ الشَّيْطَانِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(269) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: **«Күчтүү момун алсыз момунга караганда Аллахка жакшыраак жана сүйүктүүрөөк. Алардын экөөсүндө тең жакшылык бар. Өзүңө пайдалуу болгон нерсеге умтул, Аллахтан жардам сура, жана алсыз болбо. Эгер сага бир кайгы-капа жетсе: « Эгер тигиндей кылсам, мындай болоор эле» - деп айтпа. «Аллах тагдыр кылыптыр. Ал Өз каалаганын жасайт» - дегиле. Анткени, «Эгер» деген сөз шайтандын амалдарына жол ачат»** . [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): ыймандуунун баары жакшы экенин, бирок ыйманында, чечкиндүүлүгүндө, байлыгында ж.б. күч-кубатка тиешелүү иштерде күчтүү болгон ыймандуу адам күчсүз ыймандуууга караганда Аллахка жагымдуу жана сүйкүмдүүрөөк экенин айткан. Анан пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыймандуу адамга, ага дүйнө жана акыретте пайдасын тийгизе турган иштерде Аллахка таянуу менен бирге себептерди аткарууну, Аллахтан жардам суроону жана Ага тобокел кылууну насаат кылган. Анан дүйнө жана акыретке пайдалуу иштерди аткарууда чамасыз болуудан, жалкоолуктан жана шалаакылыктан тыйды. Ыймандуу адам кайсы бир иште аракет кылса, себептерди аткарса, Аллахка таянса жана Аллахтан жакшылык тилесе, анда бардык иштерин Аллахка тапшыруусу жана Аллахтын тандоосу эң жакшы тандоо экенин билүүсү керек. Ошондон кийин ага кандайдыр бир көйгөй болуп калса, анда: "Эгер мен мындай кылсам, тигиндей болмок эмес" деп айтпасын. Анткени "эгер" деп айтуу шайтандын амалдарына эшик ачып берет. Тагдырга нааразы болууда, өткөн иште өкүнүүдө (шайтанга эшик ачат). Анын ордуна тагдырга моюн сунуп жана ыраазы

болуп: "Аллахтын тагдыры, Ал каалаганын аткарды" деп айтуу керек. Болгон иш Аллахтын каалоосунун чегинде болду, анткени ал каалаганын аткаруучу. Анын буйругун жокко чыгаруучу болбойт жана Анын өкүмүн кечиктирүүчү да жок.

## Хадистин пайдалары:

1. Адамдар ыйманында ар түрдүү болот.
2. Иш-амалдарда күчтүү болуу жакшы; анткени, күчтүүлүк менен алсыз адам жетпеген пайдаларга жете алат.
3. Инсан өзүнө пайдалуу иштерге аракет кылып, пайдасыз иштерди таштоосу керек.
4. Ыймандуу адам өзүнө таянбастан, бардык иштеринде Аллахтын көмөгүн сурануусу керек.
5. Каза жана кадардын бар экени анык, бул жакшы иштерге аракет кылууга жана себептерди аткарууга каршы келбейт.
6. Кыйынчылыкка кабылганда наарazыланып: "эгер" деген сөздү айтуудан тыйган жана Аллахтын каза, кадарына каршы болуунун арамдыгын айткан.

(5493)

(270) – عن ابن عمر رضي الله عنهما قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم:
«مَا زَالَ يُوصِينِي جِبْرِيلُ بِالْجَارِ، حَتَّى ظَنَنْتُ أَنَّهُ سَيُوَرِّثُهُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(270) – Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Жебирейил periште мага кошуна жөнүндө «мен кошуна да мурас алат экен»** деп мен ойлоп калганга чейин насаат айтып жатты". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Жебирейил периште Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кайра-кайра кайталап, үйгө жакын жайгашкан кошунасына, мусулманбы же каапырбы, тууганбы же башкабы, анын акысын сактап, ага зыян келтирбестен, ага жакшылык кылып жана анын зыянына сабыр кылып, кам көрүүнү буйруп жатканын кабарлап жатат. Жебирейил периште Пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кошунанын акысын сыйлаш керек деп ойлогонго чейин кайра-кайра кайталады. Жебирейил периштенин кайра-кайра кайталоосу өлгөндөн кийин кала турган кошунасынын мал-мүлкүнөн мурас берилээрине вахий түшөт деген ойду пайда кылды.

## Хадистин пайдалары:

1. Кошунанын укугун урматтоо жана анын укугун сактоо керек.
2. Осуят жазып жатканда кошунанын укугун баса белгилеп, аны урматтоону, жакшы көрүүнү жана жакшылык кылууну, андан жамандыкты кайтарууну, ооруганда зыярат кылууну, кубанычтуу болгондо куттуктоону, балээге кабылганда көңүл айтууну осуят кылуу зарылчылыгы талап кылынат.
3. Кошунанын эшиги канчалык жакын болсо, анда ал ошончолук акылуу болот.
4. Ислам шариятынын кемчиликсиздиги коомчулуктун арасында кошуналарга жакшылык кылууда жана аларды жамандыктан сактоодо да келген.

(4965)

(271) – عن أبي الدرداء رضي الله عنه عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «مَنْ رَدَّ عَنْ عِرْضِ أَخِيهِ رَدَّ اللهُ عَنْ وَجْهِهِ النَّارَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ». [صحيح] - [رواه الترمذي وأحمد]

(271) – Абу Дарда (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Кимде-ким (мусулман) бир тууганынын абийирин ал жокто коргосо, Аллах

кыямат күнү анын жүзүн тозоктон сактайт». [Сахих (ишенимдүү)] - [Ат-Тирмизи жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким өзүнүн мусулман бир тууганын ал жокто аны жамандабай же ага жамандык кылбай анын абийирин коргосо, анда Аллах Таала Кыямат күнү андан азапты кайтараарын кабар берип жатат.

## Хадистин пайдалары:

1. Мусулмандардын абийирин төгүүгө тыюу салынат.

2. Иш-аракеттердин түрүнө жараша сооп-сыйлык же жаза болот. Ошондуктан кимде-ким мусулман бир тууганынын абийирин төгүүдөн жүз бурса, анда Аллах Кыямат күнү аны тозокко түшүүдөн кайтарат.

3. Ислам - бул мусулмандардын ортосундагы бир туугандыктын жана жардамдашуунун дини.

(5514)

(272) – عَنْ أَنَسٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قالَ: «لاَ يُؤْمِنُ أَحَدُكُمْ، حَتَّى يُحِبَّ لِأَخِيهِ مَا يُحِبُّ لِنَفْسِهِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(272) – Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Силердин эч кимиңер өзүнө жакшы көргөн нерсени диндеш боордошу үчүн да жакшы көрмөйүнчө ыйманы толук болбойт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулман адам дүйнө жана акыретке тиешелүү жакшылык иштерде, таат-ибадатта өзүнө жакшы көргөндү диндеш тууганына да жакшы көрмөйүнчө, өзүнө жек көргөндү ага да жек көрмөйүнчө ыйманы толук болбостугун айткан. Эгерде диндеш тууганынын дининде кемчилигин көрсө, аны ондоого тырышат. Эгер жакшылыкты көрсө, аны улантууга жардам берет. Дүйнө ишинде да, акырет ишинде да насаатын айтып, кеңеш берип турат.

## Хадистин пайдалары:

1. Мусулман адам өзүнө жакшы көргөндү диндеш тууганына да жакшы көрүүсү важиб. Өзүнө жакшы көргөндү башкаларга ыраа көрбөгөн адамдын ыйманы толук болбостугу мунун важибтигине далил.

2. Диндеги боордоштук туугандыктагы боордоштуктан жогору турат. Анын акысы да маанилүүрөөк.

3. Мындай жакшы көрүүнү жокко чыгара турган иштин баары, мисалы, алдамчылык, ушакчылык, көрө албастык, мусулмандын өзүнө, мал-мүлкүнө, абийирине шек келтирүү ж.б. арам болуп эсептелет.

4. Ишти аткарууга шык берген сөздөрдү колдонууга болот. "Бир боордошуна" деп айткан сыяктуу.

5. Кирмани (ага Аллах ырайым кылсын) айтат: өзүнө жек көргөн жаман нерсени диндеш тууганына жек көрүү да ыймандуулуктан. Анткени бир нерсени жакшы көрүү анын тескерисин жек көрүүнү талап кылат.

(4717)

(273) – عن عائشة رضي الله عنها زوج النبي صلى الله عليه وسلم عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «إِنَّ الرِّفْقَ لَا يَكُونُ فِي شَيْءٍ إِلَّا زَانَهُ، وَلَا يُنْزَعُ مِنْ شَيْءٍ إِلَّا شَانَهُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(273) – Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аялы Айша энебиз (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кайсы иште жумшактык болсо, ал ишти көркүнө чыгарат. Кайсы иште жумшактык болбосо, анын көркү кетет". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сөздөгү жана иштеги кичи пейилдик, жумшактык жана шашылбоо иштин жакшы, кооз, толук болуусуна жана муктаждыктын оңой бүтүүсүнө себеп болорун айткан.

Ал эми сөздө же иште жумшактыктын жоктугу ишти айыптуу жана жаман көрсөтүп, муктаждыктын оңой бүтүүсүнө тоскоол болот, бүтсө да кыйынчылык менен бүтөт.

## Хадистин пайдалары:

1. Жумшактыкты кулк-мүнөзгө калыптандырууга кызыктыруу.

2. Жумшактык адамдын көркү, ал дүйнө жана акырет иштериндеги бардык жакшылыктын себеби.

(5796)

(274) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «إِنَّ الدِّينَ يُسْرٌ، وَلَنْ يُشَادَّ الدِّينَ أَحَدٌ إِلَّا غَلَبَهُ، فَسَدِّدُوا وَقَارِبُوا، وَأَبْشِرُوا، وَاسْتَعِينُوا بِالْغَدْوَةِ وَالرَّوْحَةِ وَشَيْءٍ مِنَ الدُّلْجَةِ». [صحيح] - [رواه البخاري]

(274) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген: "Чынында бул дин абдан жеңил. Эч ким чамасы келбеген даражада ибадат кылам дебесин. Антсе ага дин үстөмдүк кылат. Ошондуктан, ар бир иште тактыкты жана ортолукту кармангыла. Ар бир ишти мыкты аткаргыла. Ошенте алсаңар, кубангыла. Таңкы, кечки жана түн бир оокумдагы убактыңарды жакшы пайдаланып, Аллахтан жардам сурагыла". [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Ислам дини бардык тарабынан жеңил, оңой түзүлгөнүн айткан. Алсыздык же

муктаждык себептери табылган учурда анын жеңилдиги анык билинет. Анткени, кайсы бир дин амалына берилип терең кирип кетүүнүн жана жеңилдикти таштоонун акыбети ошол амалды аткара албай кала турган алсыздыкка алып барат, же анын баарын же кээ бирин такыр аткара албай калууга себеп болт. Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өтө аша чаппай, ортолукту кармануга үндөйт; пенде ага буйрулган ишти кемчиликтүү кылбашы керек. Так кыла албаган ишти аткарбашы керек. Эгер ишти толук аткарууга чамасы жетпесе, анда ага жакыныраагын аткарышы керек.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) амалды толук аткарууга чамасы жетпеген адам аны колунан келишинче, аз болсо да такай аткарып турса, ага чоң сооп болорун сүйүнчү катары айткан. Анткени, амал алсыздыктан улам аткарылбай калса да сооптон үзүлүп калбайт.

Дүйнө жашоосу бул – сапар жана акыретке алып бара турган көч. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үч убакта ибадатты мыкты аткарып жана улантып турууга жардам берүүсүн Аллахтан сурануга буйруган:

Биринчиси: таң эрте багымдат намазынан күн чыкканга чейинки убак.

Экинчиси: чак түштөн оогон убак.

Үчүнчүсү: түн же түндүн кээ бир бөлүгү. Түндө ибадат кылуу күндүзгө караганда оор. Ошон үчүн түндүн кээ бир бөлүгүндө деп айткан.

## Хадистин пайдалары:

1. Ислам шарияты жеңил, кечиримдүү. Ал аша чабуу менен кайдыгер болуунун ортолугунда.

2. Пенде кайсы амалды болсо да аша чаппай же кемчиликтүү кылбай, колунан келишинче гана аткарууга тийиш.

3. Пенде ибадат кылууга сергек убактарды тандап алуусу керек. Жогоруда айтылган үч убак ибадат кылууга дене мүчөлөр чыйрак болуп турган убактар.

4. Ибн Хажар Аскалани айтат: "Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул хадисинде жолоочу адамга кайрылгандай кайрылган. Бул үч убак жолоочу үчүн эң жакшы убактар, ошон үчүн ага сергек убагын эскерткен. Анткени,

жолоочу түндө да, күндүз да токтобой жол жүрө берсе, алы жетпей сапарын токтотот. А эгер бул үч сергектик убакта сапар кылса, сапарын кыйналбай уланта алат.

5. Ибн Хажар айтат: Бул хадистин кыйыр маанисинде шарият уруксат берген иштерди аткаруу зарылдыгы айтылып жатат. Уруксат берилген жерде ага маани бербей, максат кылганын аткаруу күнөө. Мисалы, суу иштетүүгө чамасы жок болуп, аны иштетсе зыянга учурай турган адамдын таямум кылуудан баш тартканы сыяктуу.

6. Ибн Мунир минтип айткан: Бул хадис чыныгы пайгамбарлыктын бир белгисин айгинелеген хадис. Анткени, биз да, бизден мурдагылар да динде аша чапкандардын кылып жүргөн ибадаттарын таштап коюшканын көргөнбүз. Бул жерде ибадатты толук, жеткиликтүү аткаруудан тыйып жатат деген сөз эмес. Ибадатты толук, кемчиликсиз аткаруу мактоого ылайык иш. Бул акыр аягы тажатууга алып бара турган жеке иштерге, же аткарылышы абзел (зарыл) болгон иштерден алагды кылуучу ыктыярдуу напил

ибадаттарды аша чабуу менен аткарууга, же түнү менен напил намаз окуп, таң сүргөндө багымдат намазын жамаат менен окуй албай уктап калган, же күн чыгып кеткенче ойгонбой багымдаттын убактысын өткөрүп жибергендерге карата айтылган.

(5795)

(275) – عن أنس بن مالك رضي الله عنه عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «يَسِّرُوا وَلَا تُعَسِّرُوا، وَبَشِّرُوا وَلَا تُنَفِّرُوا». [صحيح] - [متفق عليه]

(275) – Анас бин Малик (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Жеңил көрсөткүлө, оор кылбагыла, сүйүнчүлөгүлө, качырбагыла!" . [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дин жана дүнүйө иштеринин баарында адамдарга жеңил, оңой кылууга, аларга оор келтирбөөгө буйруган. Бул Аллах Таала шарият кылган жана мубах (аткарылуусу ыктыярдуу) болгон иштердин чегине тиешелүү.

Ошондой эле жакшы иштерди айтып сүйүнчүлөөгө кызыктырып, мындай иштерден аларды качырбоого үндөгөн.

## Хадистин пайдалары:

1. Ыймандуу адамдын моюнундагы милдет адамдарга Аллахты сүйдүрүү жана аларды жакшылык иштерге кызыктыруу.
2. Аллахтын динине чакыруучу адамга Ислам чакырыгын адамдарга кандай жеткирүү даанышмандыгын кароосу зарыл.
3. Кубантуучу нерсени айтуу даават кылуучуга жана ал адамдарга сунуш кылып жаткан нерседе кубанычты, көңүл буруусун жана жан дүйнө тынчтыгын пайда кылат.
4. Ал эми оорлотуу даават кылуучунун сөзүндө күмөн саноону, жүз бурууну, кайра кайтып кетүүнү пайда кылат.
5. Аллах Тааланын пенделерине ырайымы кенен, ал аларга кечиримдүү динге жана жеңил шариятка ыраазы болду.
6. Жеңилдикке буйруу бул шариятта келген нерсе.

(5866)

(276) – عن أنس رضي الله عنه قال: كُنَّا عِنْدَ عُمَرَ فَقَالَ: «نُهِينَا عَنِ التَّكَلُّفِ».

[صحيح] - [رواه البخاري]

(276) – Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Биз Умардын жанында болчубуз, ал: "Биз өзүнө оорлотуудан тыйылганбыз" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Умар (Аллах андан ыраазы болсун) кабарлайт. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аларды кажети жок иштерде өзүн кыйноодон тыйган. Бул иш мейли сөзгө тиешелүү болсун, мейли кыймыл-аракетке тиешелүү болсун.

## Хадистин пайдалары:

1. Тыюу салынган оорлотууга булар кирет: көп суроо берүү, өзү билбеген нерсеге терең кирүү, Аллах Таала жеңилдик берген ишти оорлотуу ж.б.

2. Мусулман адамга өзүн орто алып жүрүү сөздө болобу, иште болобу, бардык абалда терең дебей жүрүүсү зарыл.

3. Ислам - жеңил дин.

(8945)

(277) – عن ابن عمر رضي الله عنهما أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال: «إِذَا أَكَلَ أَحَدُكُمْ فَلْيَأْكُلْ بِيَمِينِهِ، وَإِذَا شَرِبَ فَلْيَشْرَبْ بِيَمِينِهِ، فَإِنَّ الشَّيْطَانَ يَأْكُلُ بِشِمَالِهِ، وَيَشْرَبُ بِشِمَالِهِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(277) – Ибн Умар (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Силерден бирөө тамактанса оң колу менен жесин, ичкенде оң колу менен ичсин. Анткени шайтан сол колу менен жейт жана сол колу менен ичет". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулманга оң колу менен жеп-ичүүнү буйруп, сол колу менен жеп-ичүүдөн тыйып жатат. Себеби шайтан сол колу менен ичип-жейт.

## Хадистин пайдалары:

1. Сол кол менен ичип-жеш менен шайтанга окшошууга тыюу салынат.

(58122)

(278) – عن عُمر بن أبي سلمة رضي الله عنه قال: كُنْتُ غُلَامًا فِي حَجْرِ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، وَكَانَتْ يَدِي تَطِيشُ فِي الصَّحْفَةِ، فَقَالَ لِي رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «يَا غُلَامُ، سَمِّ اللهَ، وَكُلْ بِيَمِينِكَ، وَكُلْ مِمَّا يَلِيكَ» فَمَا زَالَتْ تِلْكَ طِعْمَتِي بَعْدُ. [صحيح] - [متفق عليه]

(278) – Умар бин Абу Салама (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылып мындай деп айтты: "Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кол астындагы бала элем. (Тамактанууда) колум табактын ар тарабына кетет эле. Ошондо Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мага: "Эй, бала! Бисмиллах" - деп, Аллахтын атын ата. Оң колуң менен жана өз алдыңдан жегин!" – деп айтты. Мен ошондон бери (Аллахтын Элчиси үйрөткөндөй) тамактанам". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Умар бин Аби Салама (Аллах андан ыраазы болсун) Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аялы Умму Саламанын уулу, мындай деп кабарлап жатат. Ал Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тарбиясында жана камкордугунда болгон. Ал тамак ичип жаткан учурда

тамакты алуу үчүн колун идиштин ар тарабына сунчу. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага тамактануунун үч эрежесин үйрөттү.

Биринчиси: Тамактанып баштаганда "бисмиллах" деп айтуу.

Экинчиси: оң кол менен тамактануу.

Үчүнчүсү: Өзүнө жакын тараптан тамактануу.

## Хадистин пайдалары:

1. Жеп-ичүүнүн адептеринин бири – башында "бисмиллах" деп айтуу.
2. Өзгөчө кароосунда болгон эркек балдарга адептерди үйрөтүү.
3. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жаш өспүрүмдөрдү тарбиялоодо жана аларга адептерди үйрөтүүдө боорукер жана кең пейил болгон.
4. Тамак-аштын адептеринин бири – адам тамак-ашты өз алдынан алуу. Эгерде дасторкондо ар түрдүү нерселер болсо, анда андан каалагандай алса болот.
5. Сахабалар Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үйрөткөн адептерин бекем кармашкан. Муну Умардын

(Аллах андан ыраазы болсун): "Мен ошондон бери (Аллахтын Элчиси үйрөткөндөй) тамактанам" - деген сөзүнөн билүүгө болот.

(58120)

(279) – عن أنس بن مالك رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «إِنَّ اللهَ لَيَرْضَى عَنِ الْعَبْدِ أَنْ يَأْكُلَ الْأَكْلَةَ فَيَحْمَدَهُ عَلَيْهَا، أَوْ يَشْرَبَ الشَّرْبَةَ فَيَحْمَدَهُ عَلَيْهَا». [صحيح] - [رواه مسلم]

(279) – Анас бин Малик (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Тамактанып анан Ага (Аллахка) алкыш-мактоо айткан же суусундук ичип анан Ага алкыш мактоо айткан адамга Аллах Таала ыраазы болот". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пенденин Раббисине Анын берешендиги жана берген нээматы үчүн мактоо айтуусу Аллах Тааланын ыраазылыгына жеткире турган иштерден экенин баяндаган. Тамактангандан кийин "алхамду лиллах" дейт, суусундук ичкенден кийин да "алхамду лиллах" дейт.

## Хадистин пайдалары:

1. Ырыскы менен сыйлап, анан кайра ага айтылган мактоого ыраазы болуу Аллах Тааланын берешендигинен.
2. Аллахтын ыраазылыгына оңой эле себептер менен жетүүгө болот, жеп жана ичкенден кийин алкыш-мактоо айтуу сыяктуу.
3. Жеп, ичкенден кийин дароо Аллах Таалага мактоо айтуу - тамактануу жана суусундук ичүүнүн адептеринен болуп саналат.

(5798)

(280) – عَنْ سَلَمَةَ بْنِ الْأَكْوَعِ رضي الله عنه: أَنَّ رَجُلًا أَكَلَ عِنْدَ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ بِشِمَالِهِ، فَقَالَ: «كُلْ بِيَمِينِكَ»، قَالَ: لَا أَسْتَطِيعُ، قَالَ: «لَا اسْتَطَعْتَ»، مَا مَنَعَهُ إِلَّا الْكِبْرُ، قَالَ: فَمَا رَفَعَهَا إِلَى فِيهِ. [صحيح] - [رواه مسلم]

(280) – Салама бин ал-Акваъ (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Бир киши Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көз алдында сол колу менен тамак жеди эле, ал: "Оң колуң менен жегин" - деди. Тиги: (Оң колум менен) жей албаймын - деди. "Анда жей албай калгын" - деди. (Анткени) тиги текеберленип ошенткен болчу. Ошентип ал колун оозуна жеткире көтөрө албай калды. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сол колу менен жеп жаткан адамды көрүп, аны оң колу менен жегенге буйруду. Тиги киши текебердик менен оң колу менен жей албастыгын айтып жалган сүйлөйт. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага оң колу менен тамак жей албай калуусун тилеп дуба кылат. Аллах Таала пайгамбарынын дубасын кабыл кылып, тиги кишинин оң колу шал болуп, ошондон кийин ал колу тамагын же суусундугун оозуна чейин көтөрө албай калат.

## Хадистин пайдалары:

1. Тамакты оң кол менен жеген важиб, сол кол менен жеген арам.
2. Шарият өкүмдөрүн аткарууда текеберлик кылуу, мындай кылган кишини жазага ылайык кылат.
3. Аллах Таала пайгамбарынын дубасын кабыл кылуу менен аны урматтайт.
4. Жакшылыкка үндөп, жамандыктан тыюуну бардык учурда аткаруу керек, атүгүл, тамактанган учурда да.

(3372)

(281) – عَنْ جَابِرِ بْنِ عَبْدِ اللَّهِ رضي الله عنهما أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «مَنْ أَكَلَ ثُومًا أَوْ بَصَلًا، فَلْيَعْتَزِلْنَا -أَوْ قَالَ: فَلْيَعْتَزِلْ- مَسْجِدَنَا، وَلْيَقْعُدْ فِي بَيْتِهِ»، وَأَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ أُتِيَ بِقِدْرٍ فِيهِ خَضِرَاتٌ مِنْ بُقُولٍ، فَوَجَدَ لَهَا رِيحًا، فَسَأَلَ فَأُخْبِرَ بِمَا فِيهَا مِنَ البُقُولِ، فَقَالَ قَرِّبُوهَا إِلَى بَعْضِ أَصْحَابِهِ كَانَ مَعَهُ، فَلَمَّا رَآهُ كَرِهَ أَكْلَهَا، قَالَ: «كُلْ فَإِنِّي أُنَاجِي مَنْ لاَ تُنَاجِي».

ولِمُسْلِمٍ عَنْ جَابِرِ بْنِ عَبْدِ اللهِ، عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «مَنْ أَكَلَ مِنْ هَذِهِ الْبَقْلَةِ، الثُّومِ - وقَالَ مَرَّةً: مَنْ أَكَلَ الْبَصَلَ وَالثُّومَ وَالْكُرَّاثَ فَلَا يَقْرَبَنَّ مَسْجِدَنَا، فَإِنَّ الْمَلَائِكَةَ تَتَأَذَّى مِمَّا يَتَأَذَّى مِنْهُ بَنُو آدَمَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(281) – Жабир бин Абдуллах (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кимде-ким сарымсак же пияз жесе, бизге (же биздин мечитибизге) жолобой үйүндө отурсун". Бир жолу Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сарымсак, жашылчалар кошулган тамак салынган идишти алып келишти эле, андан жагымсыз жытты байкап, эмне кошулганын сурады. Алар анда сарымсак бар экенин айтышты. Ал аны ошол жердеги бир сахабасына бергиле деди. Кийин тиги сахабанын тамакты жебей отурганын көрүп: "Сен жей бергин. Мен сен байланышпаган бирөө менен

байланышам" - деди. Имам Муслимдин Жабир бин Абдуллахтан риваят кылган хадисинде пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кимде-ким бул жашылчаны, б.а. сарымсакты жесе..., башка риваятта: "Пияз, сарымсак же порейди жесе, биздин мечиттерибизге жолобосун. Анткени, адам баласы жийиркенген нерседен периштелер да жийиркенет". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир оздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Жамаат намазга келген мусулман бир туугандарына зыян бербөөсү үчүн, пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пияз же сарымсак жеген адамды мечитке келүүдөн тыйган. Бул тыюу пияз менен сарымсакты жештен эмес, жегенден кийин мечитке келүүдөн тыйган жеңил тыюу. Бул жашылчалар жегенге боло турган жашылчалар. Бир жолу пайгамбарга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жашылчалар салынган казанды алып келишкенде, андан жагымсыз жытты байкап жана ага анда сарымсак бар экенин айтышканда, аны өзү жебей, бир сахабасына бердирет. Ал сахаба да

пайгамбарды ээрчип аны жебей отурганын көрүп: Сен жей бер. Мен аян-кабар алып келген периште менен байланышам - деген.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) периштелер да адамдар сыяктуу жагымсыз жытка жийиркенерин айткан.

## Хадистин пайдалары:

1. Пияз, сарымсак, порей жеген адамга мечитке келгенге тыюу салынган.

2. Бул тыюу буларга окшош жагымсыз жыты бар, намазга келген адамдарды жийиркенте турган бардык нерсеге тиешелүү. Мисалы, түтүн жана тамекинин жыты ж.б.у.с.

3. Тыюуга жыт себеп болууда. Эгер кайнатып бышырганда булардын жыты кетсе, анда аны жегенден кийин мечитке бара берсе болот. Бул учурда анын макирөөлүгү кетет.

4. Булардын макирөөлүгү мечитке жамаат намазга бара турган адамга гана тиешелүү. Намазга баруудан кутулуу үчүн атайлап жесе, анда арам болот.

5. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сарымсак сыяктуу нерселерди жебегени, алар арам деген маани эмес, ал Жебирейил периште менен жолугуп турган.

6. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кайрылган адам өкүмдүн даанышмандыгын (себебин) түшүнүп, тынчтануусу үчүн анын себебин кошо баяндап, өтө мыкты таалим берген.

7. Ал-Каази минтип айткан: Аалымдар бул өкүмдөгү намазга салыштырып мечиттен башка жакта окула турган айт, жаназа намаздарына жана башка эл чогула турган ибадаттарга, илим алуу, зикир кылуу отуруштарына жана үйлөнүү үлпөттөрүнө да жогорудагы өсүмдүктөрдү жеген адамдын келүүсү макирөө дешкен. Ал эми базар ж.б.у.с. эл чогула турган жерлер бул тыюуга кирбейт.

8. Аалымдар дагы: Хадистердин жалпы маанисине ылайык, сарымсак сыяктуу нерселерди жеген адам мечитте эч ким жок болсо да кирүүгө болбостугун айтышкан. Анткени, мечит периштелер кире турган жай.

(282) – عَنْ سَهْلِ بْنِ مُعَاذِ بْنِ أَنَسٍ عَنْ أَبِيهِ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «مَنْ أَكَلَ طَعَامًا فَقَالَ: الحَمْدُ لِلَّهِ الَّذِي أَطْعَمَنِي هَذَا وَرَزَقَنِيهِ مِنْ غَيْرِ حَوْلٍ مِنِّي وَلاَ قُوَّةٍ، غُفِرَ لَهُ مَا تَقَدَّمَ مِنْ ذَنْبِهِ». [حسن] - [رواه أبو داود والترمذي وابن ماجه وأحمد]

(282) – Сахл бин Муаз бин Анас атасынан риваят кылып айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун)минтип айткан: "Кимде-ким тамак жеп бүткөндөн кийин: "Алхамду лиллаахил-лази атъамани хаза ва розаканиихи мин гойри хавлин уа лаа кувватин" (Менден эч кандай күч-кубат талап кылбай, ушул тамакты жедирип, ырыскы берген Аллах Таалага алкыш-мактоолор болсун) деп айтса, анын өткөн (майда) күнөөлөрү кечирилет. [Хасан (жакшы)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тамак жеген адам: бул тамакты табууга, аны жегенге менин кудуретим жок эле, Аллахтын жардамы менен гана тамак таап жей алдым деп, Аллахка алкыш-мактоо айтууга үндөгөн. Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кимде-ким ушинтип айтса, Аллах Таала анын мурда жасаган майда күнөөлөрүн кечиришине татыктуу болорун сүйүнчүлөгөн.

## Хадистин пайдалары:

1. Тамак жеп бүткөндөн кийин Аллах Таалага алкыш-мактоо айтуу жакшы иш.
2. Аллах Тааланын пенделерине берешендиги улуу. Пенделерине ырыскы берет, ырыскы алуунун жолун жеңил кылат, анан да ошол ырыскыны жеп мактоо айтканы үчүн күнөөлөрүн кечирет.
3. Пенденин ар бир иши Аллахтын жардамы менен болот, өзүнүн күч-кубаты менен болбойт. Пенде себептерди аткарууга гана буйрулган.

(5431)

(283) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: كان رسولُ الله صلى الله عليه وسلم إذا عَطَس وضَعَ يَدَه -أو ثوبَهُ- على فيهِ، وخَفَضَ -أو غضَّ- بها صوتَهُ. [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي وأحمد]

(283) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) чүчкүргөндө колун же кийиминин бир учун оозуна тосуп, ошо менен үнүн басаңдатчу. **[Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи жана Ахмад жазып калтырган]**

## Түшүндүрмө:

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) чүчкүргөндө мындай кылчу:

Биринчи: колу же кийиминин бир учу менен оозун жапчу; муну оозунан же мурдунан жанындагыларды иренжите турган нерселер чыгып кетпеши үчүн ушундай кылчу.

Экинчи: үнүн акырын чыгарчу, катуу чыгарчу эмес.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) чүчкүргөн адамга көрсөткөн өрнөгү жана аны так ошондой аткаруу зарылдыгы айтылган.

2. Чүчкүргөн учурда башкаларды иренжитпеш үчүн кол менен же колаарчы менен ооздy жабуу жакшы.

3. Ошондой эле чүчкүргөндө үндү акырын чыгаруу керек. Бул адептүүлүктү жана жакшы ахлакты билдирет.

(3317)

(284) – عَنِ ابْنِ عَبَّاسٍ رضي الله عنهما قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «إِنَّ اللَّهَ يُحِبُّ أَنْ تُؤْتَى رُخَصُهُ، كَمَا يُحِبُّ أَنْ تُؤْتَى عَزَائِمُهُ».

[صحيح] - [رواه ابن حبان]

(284) – Ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Аллах Өзүнүн өкүмдөрү так аткарылышын жакшы көргөндөй эле, Өзү берген уруксаттардын аткарылышын жакшы көрөт».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Ибн Хаббан жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп кабарлайт: Адамдардын үзүрлүү болгондугунун себебинен аларга жеңилдетүү үчүн Аллах койгон өкүмдөрдөгү жана ибадаттардагы уруксаттарынын аткарылышын жакшы көрөт. Мисалы, сапарда намаздарды кыскартып жана бириктирип окулган уруксаттарын аткарылышын жакшы көрөт. Ошондой эле Аллах парз жана важиб өкүмдөрүнүн так аткарылышын жакшы көрөт. Анткени уруксаттардагы жана милдет өкүмдөрдөгү буйруктары бир.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллах Тааланын пенделерине болгон ырайымынын бири - Өзү уруксат кылган жеңилдиктердин аткарылуусун жакшы көрүүсү.
2. Ислам шариятынын толуктугу жана кемчиликсиздиги. Анткени мусулман адамга кандай гана кыйынчылыктар болсо, аны шарият жеңилдетет.

(65017)

(285) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «مَنْ يُرِدِ اللهُ بِهِ خَيْرًا يُصِبْ مِنْهُ». [صحيح] - [رواه البخاري]

(285) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Аллах кимге жакшылык кааласа, анда ага сыноо жиберет».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эгер Аллах ыймандуу пенделеринин бирине жакшылык кааласа, анда аларды өздөрү, мал-

мүлктөрү жана үй-бүлөлөрү менен сынаарын кабарлап кетти. Анткени Аллах аларга сыноо жөнөтүү менен ыймандуулар дуба кылып Аллах Таалага кайрылышат, алардын жаман иштеринин күнөөлөрү кечирилет жана даражаларды көтөрүлөт.

## Хадистин пайдалары:

1. Ыймандуу адам ар кандай сыноолорго кабылат.
2. Сыноолор Аллахтын пенделерине болгон сүйүүсүнүн белгиси болушу мүмкүн. Аллах аны менен пенделеринин даражасын, кадыр-баркын көтөрөт жана күнөөлөрүн кечирет.
3. Кыйынчылык болгондо сабырдуулукка жана дүрбөлөңгө түшпөөгө үндөө.

(4204)

(286) – عَنْ أَبِي سَعِيدٍ الْخُدْرِيِّ وَعَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنهما عَنِ النَّبِيِّ صلى الله عليه وسلم قَالَ: «مَا يُصِيبُ الْمُسْلِمَ مِنْ نَصَبٍ وَلَا وَصَبٍ وَلَا هَمٍّ وَلَا حُزْنٍ وَلَا أَذًى وَلَا غَمٍّ حَتَّى الشَّوْكَةِ يُشَاكُهَا إِلَّا كَفَّرَ اللَّهُ بِهَا مِنْ خَطَايَاهُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(286) – Абу Саъид ал-Худри жана Абу Хурайра (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун)

минтип айткан: Мусулман кишиге чарчап-чалыгуу, оору, кыжаалатчылык, кайгы-капа, ыза, кыйынчылык болсо, атүгүл, тикен сайылса да, ошонун себебинен Аллах анын каталарын өчүрөт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулман пендеге ооруу, кыжаалатчылык, кайгы, убайым, каатчылык, коркуунуч, ачкалык, ал тургай кичинекей тикен сайылып, оорутса, ушунун баары анын күнөөсү кечирилип, катасы жоюлууга себеп болорун баяндаган.

## Хадистин пайдалары:

1. Ыймандуу пенденин башына келген аз гана зыяндын себебинен анын күнөөсүн кечирген Аллахтын ырайымы жана артыкчылыгы баян кылынган.

2. Мусулман пенде даражасы көтөрүлүп, күнөөлөрү кечирилүүсү үчүн, башына түшкөн иш үчүн Аллахтан сооп үмүт кылып, кыйынчылыктын азына да, көбүнө да сабыр кылуусу зарыл.

(3701)

(287) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «مَا يَزَالُ البَلاَءُ بِالمُؤْمِنِ وَالمُؤْمِنَةِ فِي نَفْسِهِ وَوَلَدِهِ وَمَالِهِ حَتَّى يَلْقَى اللَّهَ وَمَا عَلَيْهِ خَطِيئَةٌ». [حسن] - [رواه الترمذي وأحمد]

(287) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Аллах Таалага таза, күнөөсү жок жолугуусу үчүн ыймандуу эркектин жана ыймандуу аялдын өзүнө, балдарына жана мал-мүлкүнө ар кандай балээ, сыноолор боло берет". [Хасан (жакшы)] - [Ат-Тирмизи жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: ыймандуу эркек-аялдарга алардын өзүнө тиешелүү, мисалы, ден-соолугуна, дене-мүчөлөрүнө же балдарына тиешелүү, мисалы, ооруп калуу, кайтыш болуп калуу, ата-энесине моюн сунбай коюу, же мал-мүлкүнө тиешелүү, мисалы, жетишсиздик, соодасынын жүрүшпөй калуусу, мал-мүлкүн ууруга алдырып жиберүү, ырыскысынын аздыгы сыяктуу ар түрдүү балээ, сыноолор боло берет. Мунун баарын Аллах Таала алардын күнөө-

каталарын кечирип, кыяматта Ага эч кандай күнөөсү жок, таза жолугуулары үчүн ушинтет.

## Хадистин пайдалары:

1. Ыймандуу адамдардын күнөө-каталарын бул дүйнөнүн кыйынчылыктары аркылуу өчүрүп тазалаганы - Аллах Тааланын аларга кылган ырайымы.

2. Балээ, сыноолордун күнөөлөрдү өчүрүүсүнө адамдын ыймандуу болуусу шарт. Пенде кыйынчылыктарга ачууланбастан сабыр кылса, соопко ээ болот.

3. Өзүнө жаккан иште да, жакпаган иште да баарына сабырдуу болуу кажет. Аллахтын буйругун аткаруу үчүн сабырдуу болуу керек. Аллах тыйган нерседен алыс болуу үчүн сабырдуу болуу керек. Аллахтан сооп үмүт кылып, Анын азабынан коркуу керек.

4. "Ыймандуу эркек жана ыймандуу аял" деп аялзатын кошуп айтканы, аялдарга тиешелүү сөзүн бекемдөө үчүн айтылган. Анткени, "ыймандуу эркек" деп айткан сөзүнө аялдар да кирет, бул эркекке гана

тиешелүү эмес. Аял кишилерге да кандайдыр бир балээ, сыноолор болсо, ошол себептүү алардын да күнөө-катасы кечирилет.

5. Пенденин кыйынчылыктарын улам-улам жеңилдеткен нерсе балээлерден пайда болгон артыкчылык.

(3159)

(288) – عَنْ صُهَيْبٍ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «عَجَبًا لِأَمْرِ الْمُؤْمِنِ، إِنَّ أَمْرَهُ كُلَّهُ خَيْرٌ، وَلَيْسَ ذَاكَ لِأَحَدٍ إِلَّا لِلْمُؤْمِنِ، إِنْ أَصَابَتْهُ سَرَّاءُ شَكَرَ، فَكَانَ خَيْرًا لَهُ، وَإِنْ أَصَابَتْهُ ضَرَّاءُ صَبَرَ، فَكَانَ خَيْرًا لَهُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(288) – Сухайб (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Момундун ишине таң каламын. Анын бардык иши жакшылык. Мындай момун үчүн гана болот. Эгер ага кубаныч болсо, ага шүгүр кылат. Бул ал үчүн жакшы. Эгер ага зыян болсо, ага сабыр кылат. Бул да ал үчүн жакшы». [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыймандуу адамдын абалына ыраазы

болуу менен таң калганын айткан; анткени, анын ар бир абалы ал үчүн жакшылык. Мындай жакшылык ыймандуулардан башкаларда болбойт. Эгер кубанычка бөлөнсө, ал үчүн Аллахка шүгүр кылат; шүгүр кылганы үчүн соопко ээ болот. Эгер кыйынчылыкка кабылса, сабыр кылат. Аллахтан сооп күтөт. Сабыр кылганы үчүн соопко ээ болот. Ошентип ал кандай абалга кабылбасын баары бир соопко ээ болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Кубанычка шүгүр, кыйынчылыкка сабыр кылуу артыкчылыктуу иштерден. Мындай кылган адамдарга дүйнө жана акыреттин жакышылыгы болот. Ал эми ким кубанычка шүгүр кылбаса жана кыйынчылыкка сабыр кылбаса, сооптон куру калат. Тескерисинче, ага жамандык жетет.

2. Ыймандын артыкчылыгы ушунда, мындай учурлардын баарында ыймандуу адамга гана сооп жазылат.

3. Кубанычка шүгүр кылуу жана кыйынчылыкка сабыр кылуу - ыймандуу адамдардын белгиси.

4. Аллахтын тагдырына ишенүү – ыймандуу адамды бардык абалды ыраазылык менен кабыл ала турган кылат. А ыймансыз адам тескерисинче, ага кандай зыян болбосун дайыма нааразы болуп жүрөт. А эгер ага Аллахтын кайсы бир жакшылыгы болсо, аны ал күнөө иштерге жумшап, ал аны Аллахка таат-ибадат кылуудан алек кылат.

(3298)

(289) – عن أبي موسى الأشعري رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «إِذَا مَرِضَ الْعَبْدُ أَوْ سَافَرَ كُتِبَ لَهُ مِثْلُ مَا كَانَ يَعْمَلُ مُقِيمًا صَحِيحًا». [صحيح] - [رواه البخاري]

(289) – Абу Муса аль-Ашьари (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Пенде ооруса же сапарга чыкса, анда ага дени сак, сапарга чыкпаган кезинде аткарган иш-аракеттеринин сообу бериле берет»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) хадисинде эгерде мусулман адам

дени сак жана сапарга чыкпаган кезинде жакшы иш-аракеттерди аткарып жүргөн болсо, оору же сапар ж.б. үзүр себептүү ал иш-аракеттерин аткара албай калса, анда ага сообу жазыла берээрин айтып, Аллахтын пазилеттүү жана мээримдүү экенин кабарлап жатат.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахтын пенделерине болгон берешендиги.
2. Дени сак жана бош кезде убакытты туура пайдаланып ибадатты көп аткарууга чакыруу.

(3553)

(290) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه أَنَّ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «بَادِرُوا بِالْأَعْمَالِ فِتَنًا كَقِطَعِ اللَّيْلِ الْمُظْلِمِ، يُصْبِحُ الرَّجُلُ مُؤْمِنًا وَيُمْسِي كَافِرًا، أَوْ يُمْسِي مُؤْمِنًا وَيُصْبِحُ كَافِرًا، يَبِيعُ دِينَهُ بِعَرَضٍ مِنَ الدُّنْيَا». [صحيح] - [رواه مسلم]

(290) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Жакшы иш-амалдарды аткарууга шашылгыла. Караңгы түн каптагандай фитна-азгырыктар каптаган заман келет. Ошондо эрте менен ыймандуу болуп турган адам, кечинде каапыр болуп калат. Кечинде ыйманы менен жүргөн адам, эртең менен каапыр

болуп калат. Алар жарыбаган дүйнө кызыкчылыгы үчүн динин сатып жиберишет". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ыймандууларды жакшы иш-амалдарды шашылып аткарууга үндөгөн. Аларды жакшы иш-амалдардан алаксыта турган, же такыр эле аткартпай тосо турган фитна, шек-күмөндүү жаман иштер пайда болорун айткан. Ал учур түндөй караңгы, анда чындык менен жалган аралашып кетет. Адамдар ак менен караны ажырата албай калат. Азгырыктын күчтүүлүгүнөн эртең менен эле ыймандуу болуп турган адам, кечинде каапыр болуп калат. Кечинде ыймандуу болуп турган адам, эрте менен каапыр болуп калат. Убактылуу, жок болуп кете турган кайсы бир дүйнө кызыкчылыгы үчүн динин таштап коюшат.

## Хадистин пайдалары:

1. Динди бекем кармоо жана тоскоолдук жаратуучу иштер пайда болгончо жакшы иш-амалдарды аткарып калууга шашылуу важиб.

2. Акыр заманда түндөй каптаган фитна-бүлгүн иштер көбөйөт. Мындай бузуку фитналардын бири пайда болуп кайра жоголсо, анын артынан экинчиси чыга берет.

3. Эгер инсандын дин кармануусу алсыздап, анын каршысына байлыкка кызыгуусу же башка бир дүйнөлүк нерсеге кызыгуусу күчөй берсе, бул анын динден алыстоосуна жана таштап коюусуна, фитна-азгырыкка ээрчип кетүүсүнө себеп болот.

4. Бул хадис жакшы иш-амалдар фитна-бүлгүндөн кутулууга себеп болоруна далил.

5. Фитна-бүлгүн эки түрдүү болот: биринчиси, шек-күмөн жараткан фитна. Муну илим аркылуу жеңүүгө болот. Экинчиси, шахват, кумар каалоолорун жараткан фитна. Муну бекем ыйман жана сабырдуулук менен жеңүүгө болот.

6. Хадисте кимдин жакшы иш-амалдары аз болсо ага фитна бат жетерине ишарат бар. Ал эми кимдин жакшы иш-амалдары көбүрөөк болсо, анысына сыймыктанып жүрүп албай, жакшы ишин дагы көбөйтө бериши керек.

(3138)

(291) – عن معاوية رضي الله عنه قال: سمعت النبي صلى الله عليه وسلم يقول: «مَنْ يُرِدِ اللهُ بِهِ خَيْرًا يُفَقِّهْهُ فِي الدِّينِ، وَإِنَّمَا أَنَا قَاسِمٌ، وَاللهُ يُعْطِي، وَلَنْ تَزَالَ هَذِهِ الْأُمَّةُ قَائِمَةً عَلَى أَمْرِ اللهِ، لَا يَضُرُّهُمْ مَنْ خَالَفَهُمْ، حَتَّى يَأْتِيَ أَمْرُ اللهِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(291) – Муавия (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын уктум: "Аллах кимге жакшылыкты каалаcа, аны динде илимдүү кылат. Чынында мен бөлүштүрүүчүмүн, Аллах берүүчү. Бул үммөт Аллахтын динин бекем кармаса, кыямат болгонго чейин аларга каршы чыккандар зыянын тийгизе албайт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала жакшылыкты каалаган пендесине Өзүнүн динине болгон туура түшүнүк берип коёт. Ал эми ал өзү (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала берген ырыскыны, илимди ж.б. бөлүштүрөт жана таратат. Чыныгы берүүчү - Аллах Таала. Башкалардын баары себеп, Аллахтын каалоосу

менен гана пайда бере алат. Бул үммөт Аллахтын динин бек кармап, Анын буйруктарын так аткарып жүрсө, кыямат болгонго чейин аларга каршы чыккандардын зыяны аларга тийбейт.

## Хадистин пайдалары:

1. Шарият илиминин артыкчылыгы, маанилүүлүгү, аны үйрөнүү жана ага кызыктырып шыктандыруу.

2. Бул үммөттүн сакталуусуна алардын ак динди бекем кармануулары себеп болот. Эгер бир тайпа ал жолдон тайса, анын ордуна башкасы келет.

3. Дин илимин терең түшүнүү - Аллах Таалынын пендесине каалаган жакшылыгынан болуп эсептелет.

4. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтын буйругу жана каалоосу менен гана бере алат, ал өзү эч нерсеге ээ эмес.

(5518)

(292) – عَنْ جَابِرِ بْنِ عَبْدِ اللَّهِ رضي الله عنهما أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قَالَ: «لَا تَعَلَّمُوا الْعِلْمَ لِتُبَاهُوا بِهِ الْعُلَمَاءَ، وَلَا لِتُمَارُوا بِهِ السُّفَهَاءَ، وَلَا تَخَيَّرُوا بِهِ الْمَجَالِسَ، فَمَنْ فَعَلَ ذَلِكَ، فَالنَّارُ النَّارُ». [صحيح] - [رواه ابن ماجه]

(292) – Жабир бин Абдуллах (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Илимди аалымдарга мактануу үчүн жана наадандар менен талашуу үчүн ошондой эле жыйындарда өзүн көрсөтүү үчүн албагыла. Эгерде кимдир бирөө мындай кылса, анда ага тозок болсун жана тозок болсун».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Ибн Маажа жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аалымдардын алдында мактануу үчүн жана мен да силердей аалыммын деп өзүн көрсөтүү үчүн илим алуудан катуу кайтарды. Ошондой эле акмактар жана жеңил ойлуу адамдар менен талашып-тартышуу максатта илим алуудан кайтарды. Жыйындарда алдыңкы катарда болууга, башкалардан артыкчылык кылуу максатта илим алуудан кайтарды. Андыктан ким мындай кылса, анда ал риякерлиги жана илим издөөдөгү ыклассыздыгы үчүн отко татыктуу болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Илим менен мактануу, аны менен талашып-тартышуу, же аны менен жыйындарда өзүн көрсөтүү ж.б. ушул сыяктуу максаттарда илим алган адамга катуу азап менен эскертүү болду.
2. Илим үйрөнгөн жана үйрөткөн адамдар үчүн ниеттеги ыкластуулуктун маанилүүлүгү.
3. Ниет – амалдардын негизи жана анын негизинде сооპторго жетет.

(65047)

(293) – عن عثمان رضي الله عنه عن النبي صلى الله عليه وسلم قال:

«خَيْرُكُمْ مَنْ تَعَلَّمَ الْقُرْآنَ وَعَلَّمَهُ». [صحيح] - [رواه البخاري]

(293) – Усман (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Силердин жакшыңар - Куранды үйрөнүп жана аны үйрөткөндөр". [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мусулмандардын абзели, Аллахтын алдында даражасы бийиги - Куранды окуганды, жаттаганды, кыраат

кылганды, түшүнгөндү, чечмелегенди үйрөнүп, анан өзү билген Куран илимин башка бирөөлөргө үйрөтүп, өзү да аны иш жүзүндө аткарып амал кылганы деп баяндаган.

**Хадистин пайдалары:**

1. Куран шарапаттуулугу жана сөздөрдүн эң жакшысы экендиги айтылган, анткени ал Аллахтын сөзү.
2. Таалим алуучулардын эң жакшысы - алган илими өзүндө гана чектелип калбай башкаларга да үйрөткөн адамдар.
3. Куранды үйрөнүү жана үйрөтүү - аны окууну, маанисин түшүнүүнү жана өкүмдөрүнө амал кылууну камтыйт.

(5913)

(294) – عَنْ أَبِي عَبْدِ الرَّحْمَنِ السُّلَمِي رحمه الله قَالَ: حَدَّثَنَا مَنْ كَانَ يُقْرِئُنَا مِنْ أَصْحَابِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ أَنَّهُمْ كَانُوا يَقْتَرِئُونَ مِنْ رَسُولِ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ عَشْرَ آيَاتٍ، فَلَا يَأْخُذُونَ فِي الْعَشْرِ الْأُخْرَى حَتَّى يَعْلَمُوا مَا فِي هَذِهِ مِنَ الْعِلْمِ وَالْعَمَلِ، قَالُوا: فَعَلِمْنَا الْعِلْمَ وَالْعَمَلَ. [حسن] - [رواه أحمد]

(294) – Абу Абдур-Рахман ас-Сулами (ага Аллах ырайым кылсын) мындай деп айтты: Бизге Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана

мактоосу болсун) сахабалары айтышкан. Алар Аллахтын Элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) он аят үйрөнүшчү жана аларда кандай илим жана амал бар экенин билмейинче, калган он аяттан алышчу эмес. «Биз ушинтип аяттардагы илимди жана амалдарды да үйрөнөт элек» - деп айтышат эле. [Хасан (жакшы)] - [Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Сахабалар, Аллах алардан ыраазы болсун, Аллахтын Элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Курандан он аят алышчу жана алар аяттардан илимди алып ага амал кылмайынча, башка аяттарга өтүшчү эмес. Ошентип алар илим менен амалды бирге үйрөнүшкөн.

## Хадистин пайдалары:

1. Сахабалардан Аллах ыраазы болсун. Алардын Куранды үйрөнүүгө болгон аракеттери ачыкталды.

2. Куранды үйрөнүү аны окуу жана жаттоо менен эле эмес, андагы нерселерди билүү жана амал кылуу менен болот.

3. Илим сөздөн жана иш-аракеттерден турат.

(65058)

(295) – عن عبد الله بن مسعود رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «مَنْ قَرَأَ حَرْفًا مِنْ كِتَابِ اللهِ فَلَهُ بِهِ حَسَنَةٌ، وَالْحَسَنَةُ بِعَشْرِ أَمْثَالِهَا، لَا أَقُولُ {الم} حَرْفٌ، وَلَكِنْ {أَلِفٌ} حَرْفٌ، وَ{لَامٌ} حَرْفٌ، وَ{مِيمٌ} حَرْفٌ». [حسن] - [رواه الترمذي]

(295) – Абдуллах бин Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ким Аллахтын китебинен бир тамга окуса, ал үчүн ага бир жакшылык он барабар болуп жазылат. "Алиф, лам, мим" бир тамга деп айтпайм, бирок "алиф" бир тамга, "лам" бир тамга жана "мим" бир тамга". [Хасан (жакшы)] - [Ат-Тирмизи жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар бир мусулман Аллахтын китебинен бир тамга окуса, ал үчүн бир жакшылык жазыларын, ал жакшылык он эсеге көбөйтүлөрүн кабарлаган.

Кийин аны минтип баяндады: ("Алиф, лам, мим" бир тамга деп айтпайм, бирок "алиф" бир тамга, "лам" бир тамга жана "мим" бир тамга"): ошондо үч тамга болуп, ага отуз жакшылык жазылат.

## Хадистин пайдалары:

1. Куранды көбүрөөк тилават кылып окууга кызыктырган.

2. Ар бир сөздүн ар бир тамгасы үчүн окуган окуучуга он эсеге көбөйтүлгөн жакшылык болот.

3. Аллах Тааланын ырайымынын жана берешендигинин кенендиги айтылган, пенденин сообунун артыкчылыгы жана берешендиги менен эселеп көбөйтөт.

4. Курандын башка сөздөрдөн артыкчылыгы жана аны окуунун ибадат улуулугу айтылды. Анткени ал Аллах Тааланын сөзү.

(6275)

(296) – عن عبد الله بن عمرو رضي الله عنهما قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «يقالُ لصاحبِ القرآن: اقرَأ وارتَقِ، ورتِّل كما كُنْتَ ترتِّل في الدُنيا، فإن منزِلَكَ عندَ آخرِ آية تقرؤها». [حسن] - [رواه أبو داود والترمذي والنسائي في الكبرى وأحمد]

(296) – Абдулла ибн Амр (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Куран жаттаган адамга мындай деп айтылат: «Куран оку жана көтөрүл. Аны дүйнөдө окугандай кылып кыраат менен оку. Чындыгында, сенин даражаң акыркы окуган аятыңа жараша болот»**. [Хасан (жакшы)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи, Ан-Насааи "Ал-Кубро" китебинде жазып калтырган жана Ахмад да жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Куранды жакшы окуган жана жаттаган ошондой эле анын өкүмдөрүнө амал кылган адам бейишке киргенде ага: **«Бул дүйнөдө Куранды ой жүгүртүү жана шашпай окуган сыяктуу азыр да Куран оку жана аны окуу менен бейиштин даражаларына көтөрүл. Сенин даражаң сен окуган акыркы аятта болот»** - деп айтылат.

## Хадистин пайдалары:

1. Кыяматтагы жаза жана сыйлыктар - иш-аракеттердин санына жана сапатына жараша болот.

2. Куранды окууга, аны так билүүгө, жаттоого, ой жүгүртүүгө жана ага ылайык амал кылууга Пайгамбарыбыз үндөөдө.

3. Бейиштин көптөгөн даражалары бар. Куран ээлери эң жогорку даражаларга жетет.

(65054)

(297) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «أَيُحِبُّ أَحَدُكُمْ إِذَا رَجَعَ إِلَى أَهْلِهِ أَنْ يَجِدَ فِيهِ ثَلَاثَ خَلِفَاتٍ عِظَامٍ سِمَانٍ؟» قُلْنَا: نَعَمْ. قَالَ: «فَثَلَاثُ آيَاتٍ يَقْرَأُ بِهِنَّ أَحَدُكُمْ فِي صَلَاتِهِ خَيْرٌ لَهُ مِنْ ثَلَاثِ خَلِفَاتٍ عِظَامٍ سِمَانٍ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(297) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Силердин бирөөнөр үй-бүлөсүнө кайтып келгенде, үч семиз төө менен кайткысы келеби?»** Биз: «Ооба» - деп жооп бердик. Ал айтты: **«Силердин бириңер намазда окуган үч аят ал үчүн үч семиз төөдөн жакшы»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазда үч аят окуунун сообун түшүндүрүп берди. Адам үйүнөн үч чоң семиз жана бооз төө тапкандан көрө намазда үч аят окуган жакшы деп айтты.

## Хадистин пайдалары:

1. Намазда Куран окуунун пазилети тууралуу айтылды.

2. Жакшы амалдар бул дүйнөнүн жыргалдарынан жакшы жана түбөлүктүү.

3. Бул сооптор үч гана аятты окуу менен чектелбейт. Адам намазда Куран аяттарын канчалык көп окуса, анын сообу ошончо төөдөн жакшы болот.

(65053)

(298) – عن أبي موسى الأشعري رضي الله عنه عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «تَعَاهَدُوا هَذَا الْقُرْآنَ، فَوَالَّذِي نَفْسُ مُحَمَّدٍ بِيَدِهِ لَهُوَ أَشَدُّ تَفَلُّتًا مِنَ الْإِبِلِ فِي عُقُلِهَا». [صحيح] - [متفق عليه]

(298) – Абу Муса ал-Ашари (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Бул Куранга бекем болгула, Мухаммаддын жаны колунда турган Аллахка ант ичип айтам, ал жибинен бошонгон төөдөн да ылдам чыгып кетет". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Куранды жаттап көкүрөккө киргизгенден кийин кайра унутуп калбоо үчүн Куранга бекем болууга, тилават кылып окууга көңүл бурууга

буйруган. Курандын эстен бат чыгып кетерин пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ант ичип бекемдеп айткан. Куран буту жип менен чидерленген төө бошонуп качып кеткенден да бат эстен чыгат. Ал төөнү адам караса кармап калат, бошотуп койсо качып кетет жана жоголот.

## Хадистин пайдалары:

1. Куранды жаттаган адам улам-улам аны окуп көңүл буруп турса, жүрөгүндо сакталган боюнча калат. Болбосо, эсинен чыгып, унутуп калат.
2. Куранды бекем кармоонун пайдаларынын бири: сооп-сый табат, кыямат күнү даражасы бийик болот.

(5907)

(299) – عن أبي هريرة رضي الله عنه: أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال: «لَا تَجْعَلُوا بُيُوتَكُمْ مَقَابِرَ، إِنَّ الشَّيْطَانَ يَنْفِرُ مِنَ الْبَيْتِ الَّذِي تُقْرَأُ فِيهِ سُورَةُ الْبَقَرَةِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(299) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Үйүңөрдү көрүстөндөй кылып албагыла. Чынында, Бакара сүрөсү окулган үйдөн шайтан качат". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үйдө такыр намаз окубай, аны намаз окулбай турган кабырга окшотуп алуудан тыйган.

Андан кийин Бакара сүрөсү окулуп турган үйдөн шайтан качып чыгары тууралуу кабарлаган.

## Хадистин пайдалары:

1. Үйдө ибадатты, нафил намаздарды окууну көбөйтүү жакшы.

2. Көрүстөндө жаназадан башка намаз окууга болбойт. Анткени ал ширкке алып баруучу ортомчу жана адамды чектен чыгарчу иштерден.

3. Сахабалардын учурунда мүрзөдө намаз окууга тыюу салынганы ачык белгилүү болгон. Ошондуктан пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үйлөрдү намаз окулбаган мүрзө сыяктуу кылбагыла деп тыйган.

(6208)

(300) – عَنْ أُبَيِّ بْنِ كَعْبٍ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «يَا أَبَا الْمُنْذِرِ، أَتَدْرِي أَيُّ آيَةٍ مِنْ كِتَابِ اللهِ مَعَكَ أَعْظَمُ؟» قَالَ: قُلْتُ: اللهُ وَرَسُولُهُ أَعْلَمُ. قَالَ: «يَا أَبَا الْمُنْذِرِ، أَتَدْرِي أَيُّ آيَةٍ مِنْ كِتَابِ اللهِ مَعَكَ أَعْظَمُ؟» قَالَ: قُلْتُ: {اللهُ لا إِلَهَ إِلا هُوَ الْحَيُّ الْقَيُّومُ} [البقرة: ٢٥٥]. قَالَ: فَضَرَبَ فِي صَدْرِي، وَقَالَ: «وَاللهِ لِيَهْنِكَ الْعِلْمُ، أَبَا الْمُنْذِرِ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(300) – Убай ибн Кааб (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Эй, Абуль-Мунзир! Аллахтын Китебинде эң улуу аят кайсы экенин билесиңби?». Мен: «Аллах жана Анын Элчиси билет» - деп айттым. Ал кайрадан: «Эй, Абуль-Мунзир! Аллахтын Китебинде эң улуу аят кайсы экенин билесиңби?» - деп айтты. Мен: «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Ал түбөлүк Тирүү Башкаруучу» (Бакара, 255) - деп айттым. Ал менин көкүрөгүмө чаап: «Эй, Абуль-Мунзир. Аллахка ант болсун! Бул илим сага куттуу болсун!» - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Убай ибн Каабдан Аллахтын Китебиндеги эң улуу аят жөнүндө сурады. Ал жооп берүүдөн карманып, анан: Бул Аятул Курси

(Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Ал түбөлүк Тирүү Башкаруучу) деп айтты. Ошондо Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аны ырастап жана илим менен даанышмандыкка толгон көкүрөгүн чапты. Ал бул илим менен кубанычка жетиши үчүн жана ага жеңил болуу үчүн Пайгамбарыбыз ага дуба кылды.

## Хадистин пайдалары:

1. Убай бин Каабдын (Аллах андан ыраазы болсун) артыкчылыгы.
2. Аятул-Курси Аллах Тааланын Китебиндеги эң улуу аят. Андыктан аны жаттап, маанисине ой жүгүртүп, ага амал кылуу керек.

(65059)

(301) – عن أبي مسعود رضي الله عنه قال: قال النبي صلى الله عليه وسلم:

«مَنْ قَرَأَ بِالْآيَتَيْنِ مِنْ آخِرِ سُورَةِ الْبَقَرَةِ فِي لَيْلَةٍ كَفَتَاهُ». [صحيح] - [متفق عليه]

(301) – Абу Масъуд (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ким түнү Бакара сүрөсүнүн акыркы эки аятын окуса, ага жетиштүү болот". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ким Бакара сүрөсүнүн акыркы эки аятын түндө окуса, Аллах Таала аны жамандыктан сактаарын кабарлаган. Кээ бир аалымдар: Түнкү намаздын ордуна жетиштүү болот деген. Кээ бирлери: Башка зикирлердин ордуна жетиштүү болот деген. Кээ бирлери: Аз дегенде түндө туруп Куран окуунун ордуна жарайт деген. Мындан башка да пикирлер бар. Кантсе да бул пикирлердин баары бирдей эле туура мааниде.

## Хадистин пайдалары:

1. Бакара сүрөсүнүн акыркы эки аятынынын артыкчылыгы баян кылынды. Бул аяттар Аллах Тааланын: "Аамана расул..." "Элчилер ыйман келтирди..." деп башталган аятынан баштап Бакара сүрөнүн акырына чейин.
2. Бакара сүрөсүнүн акыркы аяттарын түндө окуса аны окуган адамдан жамандыкты, шайтанды айдайт.
3. Түн күн баткандан башталып, күндүн чыгуусу менен бүтөт.

(302) – عن النعمان بن بَشِير رضي الله عنه قال: سمعت النبيَّ صلى الله عليه وسلم يقول: «الدُّعَاءُ هُوَ الْعِبَادَةُ»، ثُمَّ قَرَأَ: «{وَقَالَ رَبُّكُمُ ادْعُونِي أَسْتَجِبْ لَكُمْ إِنَّ الَّذِينَ يَسْتَكْبِرُونَ عَنْ عِبَادَتِي سَيَدْخُلُونَ جَهَنَّمَ دَاخِرِينَ} [غافر: ٦٠]». [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي وابن ماجه وأحمد]

(302) – Ан-Нуман бин Башир (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте ал айтты: **«Мен Пайгамбардын** (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) **мындай деп айтканын уктум: «Дуба – бул ибадат»** – деп айткан соң (Курандын бул аятын) окуду: «Мага дуба кылгыла, силерге жооп беремин. Чындыгында, Мага ибадат кылуудан текеберленген адамдар кор болгон абалда тозокко киришет». (Гафир, 60-аят) **[Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]**

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дуба ибадат экенин кабар берди. Дуба жалаң гана Аллах үчүн болушу керек. Мейли ал дуба суранууу жана талап кылуу дубасы болсун, Аллах Тааладан өзүнө пайда алып келе турган нерсени суроо менен жана бул дүйнөдө жана акыретте зыян келтирүүчү нерселерден коргоонуну талап кылуу менен болот. Мейли ал дуба ибадат

дубасы болсун, жалаң гана Аллах үчүн болушу керек. Ибадат дубасы - бул Аллах Таала сүйгөн жана ыраазы болгон бардык сөздөр жана иш-аракеттер, сырткы жана ички иш-аракеттер жана жүрөктүн ибадаттары, дененин ибадаттары жана мал-мүлк менен болгон ибадарттар болуп саналат.

Андан кийин Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушуга Аллах Тааланын бул сөзүн далил кылды: «Мага дуба кылгыла, силерге жооп беремин. Чындыгында, Мага ибадат кылуудан текеберленген адамдар кор болгон абалда тозокко киришет».

## Хадистин пайдалары:

1. Дуба бул ибадаттын негизи. Аллахтан башкага дуба кылууга болбойт.

2. Дуба - чыныгы кулчулук экенин, Аллахтын эч кимге муктаж эместигин, Анын кудуреттүү экенин жана пенденин Ага гана муктаждыгын моюнга алууну камтыйт.

3. Катуу азап – бул Аллахка ибадат кылуудан жана Ага дуба кылууну таштап текеберленген адамдардын жазасы. Аллахка дуба кылуудан текеберленгендер тозокко кор болгон абалда жана жийиркеничтүү абалда киришет.

(5496)

(303) – عن عائشة رضي الله عنها قالت: كَانَ النَّبِيُّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَذْكُرُ اللهَ عَلَى كُلِّ أَحْيَانِهِ. [صحيح] - [رواه مسلم]

(303) – Айша энебиз (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахты бардык абалында эстеп зикир кылат эле. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Айша энебиз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Тааланы эстеп зикир кылууга аябай куштар экенин айткан. Ал Аллахты бардык жерде, бардык убакта, бардык абалда эстейт эле.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахты зикир кылуу үчүн кичине дааратсыздыктан да, чоң дааратсыздыктан да таза болуу шарт эмес.

2. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Тааланы такай, дайыма зикир кылган.

3. Пайгамбарыбызды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ээрчип бардык учурларда Аллахты зикир кылууну

көбөйтүү зарыл. Кажет өтөө сыяктуу зикир кылууга тыюу салынган учурларда гана зикир кылууга болбойт.

(8402)

(304) – عن أبي هريرة رضي الله عنه عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «لَيْسَ شَيْءٌ أَكْرَمَ عَلَى اللهِ تَعَالَى مِنَ الدُّعَاءِ». [حسن] - [رواه الترمذي وابن ماجه وأحمد]

(304) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Аллах таала үчүн дубадан артык эч нерсе жок»**. [Хасан (жакшы)] - [Ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ибадаттарда Аллах Тааланын алдында дубадан артык эч нерсе жок экенин баяндады. Анткени Аллахка дуба кылууда Аллахтын эч кимге муктаж эместигин, пенде алсыз экенин жана пенде Аллахка муктаж экендиги билинет.

## Хадистин пайдалары:

1. Дуба кылуунун пазилети чоң. Кимде-ким Аллахка дуба кылса, анда ал Аллахты улуктайт, Анын муктаж эмес экенин жана муктажга дуба кылынбастыгын тастыктайт.

Жана Ал Аллах Угуучу, ошондуктан дүлөйгө дуба кылынбастыгын тастыктайт. Ал Аллах Берешен, ошондуктан сараңга дуба кылынбастыгын тастыктайт.

Ал Аллах Мээримдүү, ошондуктан таш-боорго дуба кылынбастыгын тастыктайт. Ал Кудуреттүү, ошондуктан алсызга дуба кылынбастыгын тастыктайт.

Ал Аллах баарына жакын, ошондуктан алыстагылар укпастыгын ж.б.

Аллахтын улуулугун жана Аллахтын сулуулугун сыпаттаган сыпаттарын тастыктайт.

(5509)

(305) – عَنْ أَنَسٍ رضي الله عنه قَالَ: كَانَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يُكْثِرُ أَنْ يَقُولَ: «يَا مُقَلِّبَ الْقُلُوبِ ثَبِّتْ قَلْبِي عَلَى دِينِكَ»، فَقُلْتُ: يَا رَسُولَ اللهِ، آمَنَّا بِكَ وَبِمَا جِئْتَ بِهِ فَهَلْ تَخَافُ عَلَيْنَا؟ قَالَ: «نَعَمْ، إِنَّ الْقُلُوبَ بَيْنَ أُصْبُعَيْنِ مِنْ أَصَابِعِ اللهِ يُقَلِّبُهَا كَيْفَ يَشَاءُ». [صحيح] - [رواه الترمذي وأحمد]

(305) – Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Йа муколлибал кулууби саббит колби алаа дииника" (Эй, жүрөктөрдү калчоочу Аллах, менин жүрөгүмдү динге бекем кыл)" - деп

көп дуба кылчу. Мен: "О, Алахтын элчиси, биз сизге жана сиз алып келген динге ыйман келтирдик. Ошентсе да биз үчүн коркосузбу?" - деп сурадым. Ал: "Ооба, жүрөктөр Аллахтын манжаларынан эки манжасынын арасында турат. Кандай кааласа ошондой калчайт" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Ат-Тирмизи жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) динге жана таат-ибадатка бекем кылуусун жана туура жолдон тайып кетүүдөн, адашуудан сактоосун сурап Аллахка көп дуба кылчу. Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип көп дуба кылганына Анас (Аллах андан ыраазы болсун) таң калып, анын жөнүн сураганда пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдардын жүрөктөрү Аллахтын эки манжасынын ортосунда турарын, Аллах аларды каалагандай калчарын айтып түшүндүрөт. Жүрөк ыйман менен каапырлыктын чеги. Жүрөктү арабча "колбун" дейт, мааниси ары-бери өзгөрүп турууучу дегенди туюндурат. Жүрөктүн өзгөрүүсү казан кайнап ашып кеткенден да бат өзгөрүп турат. Аллах кимди

кааласа, анын жүрөгүн туура жолго багыттап, динде туруктуу кылат. Кимди кааласа, анын жүрөгүн туура жолдон тайдырып, адаштырат.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтан коркуп, Ага катуу берилип жалбарган жана үммөтүн да ушундай жалбарып дуба кылууга чакырган.

2. Динде туруктуу жана бекем болуу зарыл, анткени натыйжа эң акыркы амалдарга тиешелүү болот.

3. Аллах колдоп, туруктуу кармап турбаса, пенде Исламда көз ирмемчелик да тура албайт.

4. Пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана макоосу болсун) өрнөк алып, жогорудагы дубаны көп айтышыбыз керек.

5. Динде бекем болуп, туруктуу жүрүү - бул Аллахтын пендесине берген чоң нээмат жакышылыгы. Бул үчүн пенде Аллахка шүгүр кылып, алкыш-мактоо айтууга тийиш.

(3142)

(306) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه قَالَ: كَانَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «اللهُمَّ أَصْلِحْ لِي دِينِي الَّذِي هُوَ عِصْمَةُ أَمْرِي، وَأَصْلِحْ لِي دُنْيَايَ الَّتِي فِيهَا مَعَاشِي، وَأَصْلِحْ لِي آخِرَتِي الَّتِي فِيهَا مَعَادِي، وَاجْعَلِ الْحَيَاةَ زِيَادَةً لِي فِي كُلِّ خَيْرٍ، وَاجْعَلِ الْمَوْتَ رَاحَةً لِي مِنْ كُلِّ شَرٍّ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(306) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтар эле: "Аллахым, менин иштеримдин коргоочусу болгон динимди оңдо. Менин жашоом өтүп жаткан дүйнөмдү оңдо. Мен кайтып бара турган акыретимди оңдо. Өмүрдү мен үчүн ар бир жакшылыкты көбөйтүүчү кыл, ал эми өлүмдү ар бир жамандыктан арылтуучу кыл». [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өзү толуктоо үчүн жиберилген ахлактардын баары топтолгон дуба менен дуба кылган. Ал: диндин оңолушу, дүйнөнүн оңолушу, акыреттин оңолушу. Бул кыска сөзүндө үч бирдиктүү нерсенин оңолушун сурады. Биринчи диндин оңолушунан баштады. Диндин ичинде эки дүйнөнүн абалынын оңолушу жатат. Ал минтип айтты:

(Аллахым, менин динимди оңдо) динимдин бардык милдеттерин адептери менен толук аткарууга мага топук (ийгилик) бер.

(Ал диним менин бардык иштеримдин коргоочусу) эгер диним бузулса, бардык иштерим бузулат жана мен куру жалак, өкүнүүчү болуп калам. Анткени, диндин оңолушу дүйнөнүн оңолушу менен толук болот. Ошон үчүн минтип айтты:

(Менин дүйнөмдү да оңдо) ден соолук, аманчылык, ырыскы, ыймандуу жар, таза, такыба уул-кыз, ж.б. мен муктаж болгон нерселерди бер. Буларды адал жана Сага ибадат кылууга жардам берүүчү кыл. Андан кийин бул сураныянын себебин айтты:

(Бул дүйнөдө менин жашоом өтөт) мен жашап турган жерде жана тирүүлүгүмдө.

(Мен кайтып бара турган акыретимди оңдо) мен Сага кайтып баруум, салих амалдарым менен, Аллахтын ибадатты ыклас менен аткарууга жана жакшы акыбет менен коштолсун.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) акыретти дүйнөдөн кийин тизмектеди. Себеби дүйнө акыреттин жакшы болуусуна себеп болот. Кимде-ким бул дүйнөдө

Аллах каалагандай түз (growth: динде бекем) жашап өтсө, анын акырети да түз болуп, акыретте бактылуу болот.

(Жашоомдо жакшылыктарды көп кыл) өмүр бою жакшы амалдарды кылууга насип кыл. (Өлүмүмдү бардык жамандыктан кутулуучу кыл) фитналардан, мээнеттерден, күнөө жана кайдыгерлик сыноолорунан, айрыкча дүйнөнүн кайгы-машакаттарынан куткарып, ырахатка жеткир.

## Хадистин пайдалары:

1. Дин эң зарыл нерсе; ошон үчүн пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) дубасын динден баштаган.

2. Дин адам баласын бардык жамандыктан тыйып турган коргоочу.

3. Дин жана акыреттин оңолушу үчүн дүйнө иштерин сурап дуба кылууга болот.

4. Диндеги сыноолордон коркуп өлүмдү үмүт же Аллахтан шейиттик өлүмдү суроо макрух эмес.

(5482)

(307) – عَنِ ابنِ عُمَرَ رضي الله عنهما قَالَ: لَمْ يَكُنْ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَدَعُ هَؤُلَاءِ الدَّعَوَاتِ، حِينَ يُمْسِي وَحِينَ يُصْبِحُ: «اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ الْعَافِيَةَ فِي الدُّنْيَا وَالْآخِرَةِ، اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ الْعَفْوَ وَالْعَافِيَةَ فِي دِينِي وَدُنْيَايَ وَأَهْلِي وَمَالِي، اللَّهُمَّ اسْتُرْ عَوْرَتِي -أَو: عَوْرَاتِي- وَآمِنْ رَوْعَاتِي، اللَّهُمَّ احْفَظْنِي مِنْ بَيْنِ يَدَيَّ، وَمِنْ خَلْفِي، وَعَنْ يَمِينِي، وَعَنْ شِمَالِي، وَمِنْ فَوْقِي، وَأَعُوذُ بِعَظَمَتِكَ أَنْ أُغْتَالَ مِنْ تَحْتِي». [صحيح] - [رواه أبو داود والنسائي وابن ماجه وأحمد]

(307) – Ибн Умар (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эртең менен да кечинде да бул дубаны калтырбай, дайыма айтчу: "Аллахым, Сенден дүйнө жана акыреттин амандыгын (жакшылыгын) сураймын. Аллахым, Сенден динимде, дүйнө жашоомдо, үй-бүлөмдө жана мал-мүлкүмдө кечирим жана амандык (жакшылык) сураймын. Аллахым, менин кемчилик-айыбымды (бардык айып-кемчилигимди) жашыр жана жүрөгүмдү тынч кыл. Аллахым, мени бет алдымдан келүүчү, артымдан келүүчү, оң жак, сол жагымдан келүүчү, үстүмдөн келүүчү жамандыктардан сакта. Мен Сенин улуулугуң менен астымдан келе турган жамандыктан (кайдыгер өлүмдөн) сактанам". [Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ан-Насааи, Ибн Мааже жана Ахмад жазып калтырган]

**Түшүндүрмө:**

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эртең менен жана кечинде ушул дубаларды калтырбай, такай айтып жүргөн:

(Аллахым, мен Сенден аманчылык тилейм) оорулардан, балээлерден, дүнүйөлүк кыйынчылыктардан, диний фитна жана азгырыктардан (Дүйнө жана акыретте), убактылуу жана түбөлүктүү жашоодо.

(Аллахым, Сенден кечирим сурайм) жана күнөөлөрдүн өчүрүлүшүн жана алардын кечирилишин, (жана жакшылыкты сурайм) айып-кемчиликтен таза болууну, (динимде) ширктен, бидаттан жана күнөөкөр болуудан, (дүйнө жашоомдо) кыйынчылыктан, кырсыктан, зыяндуу жамандыктардан, (үй-бүлөмдө) аялым, балдарым жана туугандарыма, (мал-мүлкүмдө) байлыгыма жана иштериме (жакшылык сурайм).

(Аллахым, менин айып-кемчиликтеримди жап) мендеги айыптарды, кемчиликтерди жашырып, күнөөлөрүмдү кечир. (жана жүрөгүмдү тынч кыл) чочулоодон, коркуудан сакта.

(Аллахым мени сакта) мага келе турган балээ-кырсыктарды менден кетир, (бет алдымдан

келүүчү, артымдан келүүчү, оң жак, сол жагымдан келүүчү, үстүмдөн келүүчү) жамандыктардан сакта деп, туш тарабынан келүүчү жамандактардан сактоону Аллахтан суранган. Анткени, балээ-кырсыктар адамдарга ушул айтылган тараптардын бирөөсүнөн келип калышы мүмкүн.

(Мен Сенин улуулугуң менен) капылет келип, жок кылуучу (астымдан) келүүчү жамандыктан сактанам.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахтын элчисин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ээрчип ушул дубаларды ар дайым айтып жүрүү керек.
2. Инсан Аллах Тааладан динине жакшылык суроого буйрулгандай, дүйнөсүнө жакшылык суроого да буйрулган.
3. Ат-Тайиби минтип айткан: алты тарап дегени, апаат-балээлер ушул тараптардан болот. Асты (ылдый) тарабына басым жасап айтканы, апааттын оору ушул тараптан болот.
4. Эртең менен зикир айта турган эң жакшы учур: Таң аткандан тартып, күн чыкканга чейинки убак. Кечкиси: дигерден тартып, Күн батканга

чейин. Эгер бул убактардан кийин айтып калса, б.а. эртең менен чашкеден өткөндө же бешимден кийин айтып калса деле жарайт. Кечинде деле Күн баткандан кийин айтса жарай берет. Зикрдин убактысы ушундай.

5. Ал эми "Бакара" сүрөсүнүн акыркы эки аятын окуу сыяктуу атайын түн ичине дайындалган зикирлер болсо, андай зикирлерди Күн баткандан кийин гана айтыш керек.

(5485)

(308) – عَنْ عَائِشَةَ أُمِّ المُؤْمِنِينَ رضي الله عنها أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ عَلَّمَهَا هَذَا الدُّعَاءَ: «اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ مِنَ الْخَيْرِ كُلِّهِ، عَاجِلِهِ وَآجِلِهِ، مَا عَلِمْتُ مِنْهُ وَمَا لَمْ أَعْلَمْ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنَ الشَّرِّ كُلِّهِ، عَاجِلِهِ وَآجِلِهِ، مَا عَلِمْتُ مِنْهُ وَمَا لَمْ أَعْلَمْ، اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ مِنْ خَيْرِ مَا سَأَلَكَ عَبْدُكَ وَنَبِيُّكَ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّ مَا عَاذَ بِهِ عَبْدُكَ وَنَبِيُّكَ، اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ الْجَنَّةَ، وَمَا قَرَّبَ إِلَيْهَا مِنْ قَوْلٍ أَوْ عَمَلٍ، وَأَعُوذُ بِكَ مِنَ النَّارِ، وَمَا قَرَّبَ إِلَيْهَا مِنْ قَوْلٍ أَوْ عَمَلٍ، وَأَسْأَلُكَ أَنْ تَجْعَلَ كُلَّ قَضَاءٍ قَضَيْتَهُ لِي خَيْرًا». [صحيح] - [رواه ابن ماجه وأحمد]

(308) – Ыймандуулардын энеси Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага бул дубаны үйрөткөн: "Аллахым, Сенден жакшылыктын баарын,

азыркысын да, кийинкисин да, мен билгенин да, билбегенин да суранам. Сенин жардамың менен бардык жамандыктан, азыркысынан да, кийинкисинен да, мен билгенинен да, билбегенинен да коргоном. Аллахым, Сенден кулуң жана пайгамбарың суранган жакшылыктын баарын суранамын. Сенден кулуң жана пайгамбарың сактоону сураган жамандыктын баарынан сактоонду суранам. Аллахым, мен Сенден бейишти сурайм. Бейишке жакындата турган сөздөрдү жана амалдарды сурайм. Сенден тозоктон сактоону сурайм. Тозокко жакындата турган сөздөрдөн жана амалдардан сактоону сурайм. Сен чыгарган тагдыр-өкүмдүн баары мен үчүн жакшылык болуусун сурайм. [Сахих (ишенимдүү)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Айша энебизге ар тараптуу дубаларды үйрөткөн. Ал төрт дубадан турат:

Биринчиси: Бардык жакшылыкты камтыган дуба (Аллахым, сенден бардык жакшылыкты сурайм) (азыркысын) жакын арада боло турган, (кийинкисин) кийин боло турган. (Мен билгенин) Сен мага билдиргендерди, (Мен билбегенин) Сен Өзүң гана билген (жакшылыктарды), Сен Аруу-Тазасың. Бул дубада ишти, Билүүчү, Кабардар жана майда

баратынан бери Билип туруучу Аллахка тапшыруу айтылган. Аллах Таала мусулман адам үчүн жалаң гана жакшы, абзел иштерди тандайт. (Сенден бардык жамандыктан, азыркысынан да, кийинкисинен да, мен билгенинен да, билбегенинен да сактоону суранам).

Экинчи  дуба: мусулман адамды дуба кылганда чектен ашуудан сактайт. "Аллахым, мен Сенден сураймын" талап кыламын "Сенин пайгамбарың жана кулуң суранган жакшылыктардын баарын". "Жана коргоном" коргоном, сактанам "Сенин жардамың менен пайгамбарың жана кулуң коргонгон жамандыктын баарынан". Бул дуба Мухаммед пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтан өзү үчүн эмнени сураса ошонун баарын камтыган дуба. Пайгамбарыбыз сурагандын баарын бирден эсептеп отурбай, ушул дубаны айтып коюу жетиштүү.

Үчүнчү дуба: бейишке кирүүнү жана тозоктон алыс болууну сурануу. Бул бардык мусулмандын тилеги жана кылган амалдарынын максаты. "Аллахым мен Сенден бейишти суранам" ага жетүүнү "Бейишке жакындата турган сөздөрдү жана амалдарды" Өзүңдү ыраазы кыла турган салих амалдарды аткартууну суранам. "Сенден мени тозоктон алыс кылууну суранам" тозокко татыктуу жаман амалдардан Сенин ырайымың

менен гана кутулууга болот. "Ошондой эле тозокко алып бара турган создөрдөн жана амалдардан" Сенин каарыңды келтире турган күнөөлөрдөн сактооңду сuranам.

Төртүнчү дуба: Аллахтын өкүм, тагдырына ыраазы болууну дуба кылуу. "Мага кылган ар бир өкүм, тагдырыңды мен үчүн жакшылык кыл". Аллах Таала мага өкүм тагдыр кылган иштин баары мен үчүн жакшылык болсун. Мына ушул дуба Аллахтын каза-кадарына, өкүм тагдырына ыраазы болуу дубасы.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Айша энебизге үйрөткөндөй, эркек киши үй-бүлөсүнө аларга пайдалуу диний жана дүнүйө иштерин үйрөтүшү керек.

2. Мусулман адамга пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айткан дубаларды жаттап алганы жакшы. Анткени бул дубалар бардык нерсени ичине камтыйт.

3. Бул хадис тууралуу аалымдар минтип айткан: Бул хадис жакшылыкты суроо жана жамандыктан сактанууга тиешелүүнүн баарын камтыган хадис. Бул пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун)

өзүнө гана берилген кыска бирок нуска (баардык нерсени ичине камтыган) хадистерден.

4. Бейишке кирүүгө Аллахтын ырайымынан кийинки себептер: жакшы амалдар жана жакшы сөздөр.

(5487)

(309) – عَنْ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ عَمْرِو بْنِ الْعَاصِ رضي الله عنهما قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «إِنَّ الْإِيمَانَ لَيَخْلَقُ فِي جَوْفِ أَحَدِكُمْ كَمَا يَخْلَقُ الثَّوْبُ الْخَلِقُ، فَاسْأَلُوا اللَّهَ أَنْ يُجَدِّدَ الْإِيمَانَ فِي قُلُوبِكُمْ». [صحيح] - [رواه الحاكم والطبراني]

(309) – Абдулла бин Амр бин Аль-Аас (Аллах ал экөөнөн ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтты: **«Чындыгында, кийим эскирген сыяктуу эле силердин жүрөгүңөрдөгү ыйманыңар да эскирет. Андыктан Аллахтан жүрөгүңөрдөгү ыйманды жаңыртуусун сурангыла».** [Сахих (ишенимдүү)] - [Ал-Хаким жана ат-Табарани жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жаңы кийим көп кийилип эскирген сыяктуу мусулмандын жүрөгүндөгү ыйманы да эскирип, алсыз болуп калышы тууралуу айтты. Бул ыймандын эскирүүсү ибадаттагы кайдыгерликтен,

күнөө кылуудан жана азгырыктарга берилип кетүүдөн болот. Мындай учурда Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) парз ибадаттарды аткаруу менен, көп зикир кылуу жана истигфар айтуу менен ыйманыбызды жаңыртуу үчүн Аллах Таалага дуба кылууга багыт берди.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахтын done бекем болууга жана жүрөктөгү ыйманды жаңылап турууга чакырды.
2. Ыйман – бул сөз, иш-аракет жана ички ишенимден турат. Ал ибадат кылуу менен көтөрүлүп, күнөө кылуу менен ылдыйлайт.

(65020)

(310) – عَنِ الْعَبَّاسِ بْنِ عَبْدِ الْمُطَّلِبِ رضي الله عنه أَنَّهُ سَمِعَ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، يَقُولُ: «ذَاقَ طَعْمَ الْإِيمَانِ مَنْ رَضِيَ بِاللهِ رَبًّا، وَبِالْإِسْلَامِ دِينًا، وَبِمُحَمَّدٍ رَسُولًا». [صحيح] - [رواه مسلم]

(310) – Аббас бин Абдулмуталиб (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын укканмын: “Кимде-ким Аллах Тааланы Раббим деп, Исламды диним деп жана Мухаммадды

пайгамбарым деп ыраазы болсо, ыймандын даамын татыптыр". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кабарлайт: Ыйманында чынчыл, ыйманы жүрөгүндө бейпилдик тапкан ыймандуу адам ушул үч ишке ыраазы болсо, жүрөгү менен тынчтыкты, кенендикти, кубанычты, Аллахка жакындыгынын даамын сезет:

Биринчиси: Аллахтын Рабби экенине ыраазы болсо. Мында Аллахтын Раббилик тарабынан берилген ырыскыларга жана ар кандай абалдарга көкүрөгү кеңейип ыраазы болот. Жүрөгүндө ага каршы эч нерсени сезбейт жана Аллахтан башка нерсени Рабби кылып албайт.

Экинчиси: Исламдын дин болгонуна ыраазы болуу. Мында Исламдын моюнга жүктөгөн буйруктарына жана важибтерине жүрөгү менен ыраазы болуп, Исламдын жолунан башка жолго ыраазы болбойт.

Үчүнчүсү: Мухаммаддын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) элчи болгонуна ыраазы болуу. Мында пайгамбарыбыз алып келген динге шек-күмөнсүз ишенип, ага кубанып жана ыраазы болот. Пайгамбардын (ага Аллахтын

тынчтыгы жана мактоосу болсун) жолунан башка жолго түшпөйт.

## Хадистин пайдалары:

1. Жеп, ичилген нерселердин тилге сезиле турган даамы болгон сыяктуу, ыймандын да жүрөккө гана сезиле турган даамы бар.
2. Жеп, ичилген нерселердин даамын оорудан таза дене гана сезе алат. Ошол сыяктуу жүрөк да напси каалоолорунан, кумар азгырыктарынан таза болсо, ыймандын даамын сезе алат. Эгер жүрөк "оорулуу" болсо, ыймандын даамын сезбейт. Тескерисинче, аны өлтүрө турган күнөөлөр жана напси каалоолорду өзүнө адал кылып сиңирип алат.
3. Эгерде инсан кайсы бир ишке ыраазы болсо жана аны жакшы кылса, ал ага жеңил болот, аны аткарууда эч кандай машакатты сезбейт. Ал иши үчүн кубанычта болот. Ошол сыяктуу эле ыймандуу адамдын жүрөгүнө ыйман отурукташса, ага Раббисине таат-ибадат кылуу жеңил болот. Напсиси ыраазы болот, сыноолор ага оордук жаратпайт.

4. Ибн Каййум минтип айткан: Бул хадис Аллах Тааланын рубубиятына да, улухиятына да ыраазы болууну, ошондой эле Анын элчисине да ыраазы болуп, аны ээрчүүнү, динине ыраазы болуп, ага берилүүнү ичине камтыган хадис.

(65116)

(311) – عَنْ مُعَاذِ بْنِ جَبَلٍ رضي الله عنه: أَنَّ رَسُولَ صَلَّ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ أَخَذَ بِيَدِهِ، وَقَالَ: «يَا مُعَاذُ، وَاللَّهِ إِنِّي لَأُحِبُّكَ»، فَقَالَ: «أُوصِيكَ يَا مُعَاذُ لَا تَدَعَنَّ فِي دُبُرِ كُلِّ صَلَاةٍ تَقُولُ: اللَّهُمَّ أَعِنِّي عَلَى ذِكْرِكَ وَشُكْرِكَ وَحُسْنِ عِبَادَتِكَ». [صحيح] - [رواه أبو داود والنسائي وأحمد]

(311) – Муаз бин Жабал (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Муаздын колунан кармап: "Эй Муаз, Аллахка ант берип айтам, мени сени жакшы көрөм" - деди. Анан: "Муаз, сага айтар осуятым: ар бир намаздан кийин "Аллахумма аъинни ъалаа зикрика ва шукрика ва хусни ъибадатика" деп айтканды такыр калтырба" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [رواه أبو داود والنسائي وأحمد]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Муаздын (Аллах андан ыраазы болсун) колунан кармап, ага мындай деди: Аллахка ант

болсун, мен сени жакшы көрөм. Муаз, сага ар бир намазды окугандан кийин, бул дубаны айтууну осуят кылам: (Оо Аллах, Сени зикир кылууга мага жардам бер) таат-ибадатка жакындата турган бардык амалдар жана сөздөр менен. (жана Сага шүгүр кылууга жардам бер) жакшылыктарга жеткирип, жамандыктардан сактаганың үчүн. (жана жакшы ибадат кылууга жардам бер) Аллахка ыклас кылып, пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көрсөткөн тартипте ибадат кылууга.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллах үчүн жакшы көргөн адамына аны жакшы көрөрүн айтуу шариятта уруксат.
2. Ар бир парз жана напил намаздан кийин бул дубаны айтуу мустахаб.
3. Бул кыска дубада дүйнө жана акыреттин жакшылыктары суралат.
4. Аллах үчүн жакшы көрүүнүн пайдаларынын бири, акыйкат жолго насаат айтып чакыруу, такыбалыкта жана жакшылыкта жардамдашуу.
5. Ат-Тибий минтип айткан: Аллахты зикир кылуу көкүрөктүн кеңейишине киришүү, Ага шүгүр кылуу кабыл боло турган жакшылыктарга

жетүүгө ортомчу, талаптагыдай жакшы ибадат кылуу Аллах Тааладан алагды кылып койо турган нерселерден алыс кылат.

(3518)

(312) – عن أبي هريرة رضي الله عنه أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال:

«أَقْرَبُ مَا يَكُونُ الْعَبْدُ مِنْ رَبِّهِ وَهُوَ سَاجِدٌ، فَأَكْثِرُوا الدُّعَاءَ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(312) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте, Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты. **«Пенде Раббисине саждада турган абалында эң жакын болот. Ошондуктан ал учурда көп дуба кылгыла»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) пенденин Раббисине эң жакын абалы – саждада турган учуру экендигин баяндады. Себеби, намаз окуп жаткан адам саждада турганда Аллах Таалага моюн сунуу менен, баш ийүү менен жана кичи пейилдик менен денесинин эң бийик жана эң асыл жерин жерге коет.

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) саждада көп дуба кылууну

буйруган. Себеби саждада Аллахка баш ийүү сөз жана иш жүзүндө чогуу болуп жатат.

## Хадистин пайдалары:

1. Ибадат кылуу пендени Аллах Таалага жакындатат.
2. Саждада көп дуба кылуу сооптуу. Анткени сажда дуба кабыл боло турган жай.

(5382)

(313) – عَنْ أَنَسٍ رضي الله عنه قَالَ: كَانَ أَكْثَرُ دُعَاءِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «اللَّهُمَّ رَبَّنَا آتِنَا فِي الدُّنْيَا حَسَنَةً، وَفِي الآخِرَةِ حَسَنَةً، وَقِنَا عَذَابَ النَّارِ».

[صحيح] - [متفق عليه]

(313) – Анас (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көп кылган дубасы: "Роббана аатинаа фид-дуня хасана, ва фил аахироти хасана, ва кынаа азаабан-наар" деген дуба эле. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көптөгөн дубаларды камтыган дубаларды көп кылчу, ошолордун бири: "О, Жараткан,

бизди бул дүйнөдө да, акыретте да жакшылыктан куру калтырба жана тозок азабынан сакта". Бул дуба дүйнө жакшылыктарын, адалдан болгон кенен ырыскыны, салиха аялды, көзүңдү кубанткан ыймандуу баланы, ырахатты, пайдалуу илимди, ийги иш-амалдарды жана башка жакшы жана мубах иштерди сурануулу өз ичине камтыйт. Ошондой эле акыреттин жакшылыктарын, кабырдагы, эсеп-кысап учурундагы, тозоктогу азаптардан сактоону, Аллахтын ыраазылыгына жетүүнү, даярдалган нээмат-жакшылыктарга ээ болууну, Ырайымдуу Раббибизге жакын болууну сурануулу да ичине камтыйт.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) өрнөк алып, жалпы жакшылыкты камтыган дубаларды кылуу жакшы.
2. Дубанын эң толугу - дүйнө жана акыреттин жакшылыктарын бирге сурап дуба кылуу.

(5502)

(314) – عَنْ أَبِي الدَّرْدَاءِ رضي الله عنه قَالَ: قَالَ النَّبِيُّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «أَلاَ أُنَبِّئُكُمْ بِخَيْرِ أَعْمَالِكُمْ، وَأَزْكَاهَا عِنْدَ مَلِيكِكُمْ، وَأَرْفَعِهَا فِي دَرَجَاتِكُمْ وَخَيْرٌ لَكُمْ مِنْ إِنْفَاقِ الذَّهَبِ وَالوَرِقِ، وَخَيْرٌ لَكُمْ مِنْ أَنْ تَلْقَوْا عَدُوَّكُمْ فَتَضْرِبُوا أَعْنَاقَهُمْ وَيَضْرِبُوا أَعْنَاقَكُمْ؟» قَالُوا: بَلَى. قَالَ: «ذِكْرُ اللَّهِ تَعَالَى». [صحيح] - [رواه الترمذي وابن ماجه وأحمد]

(314) – Абу Дарда (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Көңүл бургула! Мен силерге силердин даражаңарды көтөрө турган, Падышаңардын алдында эң таза жана силер үчүн алтын-күмүш садака кылуудан да артык, казатта душманыңар менен беттешип, силер алардын, алар силердин башын кыя чапкандан да артыгыраак ишиңер жөнүндө айтып берейинби?" Алар: "Ооба" - дешти, Пайгамбар: "Ал иш - Аллахты зикир кылуу" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабаларынан минтип сурады:

Силерге ишиңердин ичинен эң абзелин, эң маанилүүсүн, Аллахка эң жакынын, эң тазасын, эң алдыңкысын айтып үйрөтүүмдү каалайсыңарбы?

Ошондой эле, бейиштеги ордуңарды бийик кыла турганын айтайынбы?

Силер алтынды жана күмүштү садака кылгандан да жакшыраак ишти айтайынбы?

Силер согушта каапырларга жолугуп, силер аларды, алар силерди өлтүргөндөн да жакшы ишти айтайынбы?

Сахабалар: Ооба, айтыңыз. Биз ошол ишти билүүнү каалайбыз - дешти.

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): Бардык убакта, кандай абал, кандай учур болбосун, Аллахты зикир кылуу - деди.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллах Тааланы ачык жана жашыруун зикир кылууну токтотпой улантуу Аллахка жакындатуучу жана Аллахтын алдындагы эң пайдалуу зарыл иштерден.

2. Бардык ибадат, амалдар Аллахты зикир кылууга негизделип буйрулган. Аллах Таала: "Мени зикир кылуу үчүн намаз оку" деген. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Каабаны таваф

кылуу, Сафа менен Марванын ортосундагы басуу, шайтанга таш атуу, мунун баары Аллахты зикир кылуу үчүн буйрулган" - деген.

3. Ал-Изз бин Абдусалам минтип айткан: Бул хадис бардык эле ибадаттардын сообу аткарылуусунун ченине карай бериле бербестигине далил. Тескерисинче, кээде Аллах Таала көп амалга берген соопко караганда, аз амалга көбүрөөк сооп берет. Сооп амалдардын артыкчылыгына карай берилет.

4. Манаавий "Файз ал-Кодир" китебинде минтип айткан: Бул хадистеги зикр кимге кайрылса ошого тиешелүү эң абзел зикр болуп эсептелет. Эгер бул зикр эр жүрөк, баатырга багытталса, ал ошол себептүү исламга пайдасын тийгизе турган болсо, ал үчүн бул зикр жихад деп айтылат. Эгер бай адамга багытталса, ал ушул зикр себептүү жардыларга пайдасын тийгизсе, ал үчүн садага деп айтылат. Эгерде ажыга мүмкүнчүлүгү бар адамга багытталса, ал

үчүн ажылык деп айтылат. Эгерде ата-энеси бар адамга карата айтылса, ал үчүн жакшылык кылуу деп эсептелет. Ошентип бардык хадистерде айтылган максат орундалат.

5. Зикирдин эң толугу - тил менен айтылып, жүрөк менен маанисин ойлонгон зикир. Андан кийинкиси жүрөктөн маанисине ойлонуу менен кылынганы. Андан кийинкиси тил менен эле айтылып чектелгени. Булардын баарына өзүнө жараша сообу берилет.

6. Мусулман адам убакыттарга байланган зикирлерди, мисалы, эртең менен жана кечинде айтылчу зикирди, мечитке, үйгө, ажатканага киргенде жана андан чыкканда айтылчу зикир сөздөрдү ж.б. такай айтып жүрүүсү керек.

(3575)

(315) – عَنْ مُعَاذِ بْنِ جَبَلٍ رضي الله عنه قَالَ: كُنْتُ مَعَ النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِي سَفَرٍ، فَأَصْبَحْتُ يَوْمًا قَرِيبًا مِنْهُ وَنَحْنُ نَسِيرُ، فَقُلْتُ: يَا رَسُولَ اللهِ أَخْبِرْنِي بِعَمَلٍ يُدْخِلُنِي الجَنَّةَ وَيُبَاعِدُنِي عَنِ النَّارِ، قَالَ: «لَقَدْ سَأَلْتَنِي عَنْ عَظِيمٍ، وَإِنَّهُ لَيَسِيرٌ عَلَى مَنْ يَسَّرَهُ اللَّهُ عَلَيْهِ، تَعْبُدُ اللَّهَ وَلاَ تُشْرِكْ بِهِ شَيْئًا، وَتُقِيمُ الصَّلاَةَ، وَتُؤْتِي الزَّكَاةَ، وَتَصُومُ رَمَضَانَ، وَتَحُجُّ البَيْتَ» ثُمَّ قَالَ: «أَلاَ أَدُلُّكَ عَلَى أَبْوَابِ الخَيْرِ: الصَّوْمُ جُنَّةٌ، وَالصَّدَقَةُ تُطْفِئُ الخَطِيئَةَ كَمَا يُطْفِئُ الْمَاءُ النَّارَ، وَصَلاَةُ الرَّجُلِ مِنْ جَوْفِ اللَّيْلِ» قَالَ: ثُمَّ تَلاَ: «{تَتَجَافَى جُنُوبُهُمْ عَنِ الْمَضَاجِعِ}، حَتَّى بَلَغَ {يَعْمَلُونَ}» ثُمَّ قَالَ: «أَلاَ أُخْبِرُكَ بِرَأْسِ الأَمْرِ كُلِّهِ وَعَمُودِهِ، وَذِرْوَةِ سَنَامِهِ؟» قُلْتُ: بَلَى يَا رَسُولَ اللهِ، قَالَ: «رَأْسُ الأَمْرِ الإِسْلاَمُ، وَعَمُودُهُ الصَّلاَةُ، وَذِرْوَةُ سَنَامِهِ الجِهَادُ» ثُمَّ قَالَ: «أَلاَ أُخْبِرُكَ بِمَلاَكِ ذَلِكَ كُلِّهِ؟» قُلْتُ: بَلَى يَا نَبِيَّ اللهِ، فَأَخَذَ بِلِسَانِهِ قَالَ: «كُفَّ عَلَيْكَ هَذَا» فَقُلْتُ: يَا نَبِيَّ اللهِ، وَإِنَّا لَمُؤَاخَذُونَ بِمَا نَتَكَلَّمُ بِهِ؟ فَقَالَ: «ثَكِلَتْكَ أُمُّكَ يَا مُعَاذُ، وَهَلْ يَكُبُّ النَّاسَ فِي النَّارِ عَلَى وُجُوهِهِمْ أَوْ عَلَى مَنَاخِرِهِمْ إِلاَّ حَصَائِدُ أَلْسِنَتِهِمْ».

[صحيح بمجموع طرقه] - [رواه الترمذي وابن ماجه وأحمد]

(315) – Муаз бин Жабал (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен сапарда бирге болдум. Бир күнү жол жүрүп бара жатканда аны жандай бастырып калдым. Анан андан: Оо, Аллахтын элчиси, мени тозоктон алыстатып, бейишке киргизе турган кандай иш

бар? – деп сурадым. Ал: “Сен өтө оор ишти сурадың. Бирок Аллах жеңил кылгандар үчүн өтө оңой болот. Аллахка шерик кошпой ибадат кыл, беш убак намазды толук оку, зекетти бер, Рамазан айынын орозосун карма. Аллахтын үйү (Каъбага барып), ажылык милдетиңди аткар” – деп, анан сөзүн кайра улады: “Сага жакшылыктын эшиктери тууралуу айтайынбы? Орозо (тозоктон) калкан; Садага – суу отту өчүргөндөй күнөөлөрдү өчүрөт. Адамдын түн ортосунда окуган намазы” – деп, бул аятты окуду: “Алардын жамбашы жатчу жайынан алыс болуп, коркуу жана үмүт менен Раббисине дуба кылышат. Биз берген ырыскыдан каржылашат. Эч ким кылган иш-амалдары үчүн аларга жашыруун даярдалып коюлган көз кубанычын билбейт”. Анан кайра мага: “Сага диндин башы, тиреги жана туу чокусу тууралу айтайынбы?” – деди. Мен: О Аллахтын элчиси, айтыңыз – дедим. Ал: “Диндин башы – Ислам; Анын тиреги – намаз; Туу чокусу – Аллах жолунда күрөш” – деди. Анан: “Эми сага ушул айтылгандардын баарынын негизи эмне экенин айтайынбы?” – деди. Мен: О Аллахтын элчиси, айтыңыз – дедим. Ошондо ал тилин кармап көрсөтүп: “Ушуну сакта!” – деди. Мен: О Аллахтын элчиси, биз

айткан сөздөрүбүз үчүн да жоопко тартылабызбы? – деп сурадым. Ал: "Энең сени жоготсун, оо Муаз, адамдарды тозокко бети же мурду менен кулаткан нерсе тилинен тапкан күнөөлөрү эмеспи" – деди. **[Сахих бимажмуъи тарикихи (бардык тарабынан ишенимдүү хадис)] - [Ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]**

## Түшүндүрмө:

Муаз (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен бирге сапарда болдум. Бирде аны менен жанаша басып калып: Оо Аллахтын элчиси, мага мени бейишке киргизип, тозоктон куткара турган амалды атап берчи - деп сурадым. Ал: Сен аткаруу напсиге оор болгон иштер тууралуу сурадың. Бирок Аллах Таала аны аткарууну жеңил кылып койгон адамга аткаруу жеңил болот. Исламдын мобул беш парзын аткар:

Биринчи: Аллахка эч нерсени шерик кылбай, ибадат кыласың.

Экинчиси: Күнү-түнү биригип суткасына беш убак намаз окуйсуң. Булар: багымдат, бешим, дигер, шам жана куптан намаздары. Намаз окуганда шарттарын, үрүкүндөрүн, важибтерин толук аткар.

Үчүнчүсү: парз болгон зекетиңди чыгарасың. Зекет белгилүү өлчөмгөн жеткен малдан тиешелүү адамдарга чыгарып бере турган мал-дүйнөгө байланыштуу ибадат.

Төртүнчүсү: Рамазан айында орозо кармайсың. Орозо таң аткандан, күн батканга чейин ибадат ниетинде тамак, суусун, ж.б. оозду ачып койо турган иштерден сактануу.

Бшинчиси: Аллахка ибадат кылуу үчүн Меккени максат кылып Аллахтын үйүнө ажылык кыласың.

Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): Сага жакшылыктын эшигине жеткире турган жолду айтайынбы? Жанагы парз амалдарга кошуп бул напилдерди аткар - дейт.

Биринчиси: Напил орозо карма. Мындай орозолор кумар каалоону басаңдатып, күч-кубатты азайткандыктан күнөө кылуууга жол бербейт.

Экинчиси: Напил садага кетирген күнөө, каталарды өчүрөт жана анын изин кетирет.

Үчүнчүсү: Түндүн акыркы бөлүгүндө тахажуд намазы. Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Тааланын сөзүн окуду: (Алардын жамбашы жатчу жайынан алыс болуп) уйкудан туруп, коркуу жана үмүт менен Раббисине кайрылышат (зикир, Куран окуу, дуба

менен). Биз берген ырыскыдан каржылашат. Эч ким кылган иш-амалдары үчүн аларга жашыруун даярдалып коюлган көз кубанычын билбейт.

Анан Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): Сага диндин башы, тиреги жана туу чокусу тууралу айтайынбы? - дейт.

Муаз (Аллах андан ыраазы болсун): ооба, айтыңыз - дейт.

Пагамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): Диндин башы - эки күбөлүк келме, ушул эки келме менен адам динге келет. Диндин тиреги - намаз. Намаз болмоюнча Ислам болбойт. Түркүгү жок үй болбогон сыяктуу. Кимде-ким намаз окуса, анын дини бекемделип, көтөрүлөт. Диндин туу чокусу - Аллахтын Сөзүн жогоруу кылуу үчүн дин душмандары менен күрөшүү.

Анан Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): Сага жогорудагылардын баарын бекемдей турган нерсени айтайынбы - деп, колу менен тилин кармап: Ушуну сакта, өзүңө тиешелүү болбогон нерсени сүйлөбө - деп эскертет. Муаз (Аллах андан ыраазы болсун): Биз ар бир сүйлөгөн сөзүбүз үчүн эсеп берип, азапталабызбы? - деп сурайт.

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага: Энең сени жоготсун! - дейт. Бул аны каргаган сөз эмес. Арабтарда маанилүү бир нерсеге көңүл буруп, билүүсү үчүн кыйыр мааниде айтылган сөз. Анан: Адамдардын тозокко көмкөрүсүнөн кулап түшүүсүнө алардын каапырлык сөздү сүйлөгөнү, жалган жалаа жапканы, сөгүнгөнү, кыйбат, ушак кылганы себеп болуп жатпайбы - дейт.

## Хадистин пайдалары:

1. Сахабалардын (Аллах алардан ыраазы болсун) илимге болгон ынтызаарлыгы. Ошондуктан алар пайгамбарыбыздан көп нерсени сурашкан.

2. Сахабалардын (Аллах алардан ыраазы болсун) дин маселелерин терең түшүнүүсү, бейишке кирүүнүн себеби жакшы амалдар экенин билишинде.

3. Муаздын (Аллах андан ыраазы болсун) берген суроосу, чындыгында, жашоонун жана бар болуунун түпкү маңызын камтыганы үчүн улуу суроо. Анткени, бул дүйнөдөгү ар бир жаратылгандын, мейли инсан болобу, мейли жин болобу, акыры барчу жери же

бейиш, же тозок. Мына ошондуктан бул суроо улуу суроо болуп эсептелет.

4. Анын бейишке кирүүсү Исламдын беш парзын аткаруу аркылуу болору катары менен айтылды. Алар: күбөлүк берүү келимеси, намаз, зекет, орозо жана ажылык.
5. Диндин башы, зарыл иштердин эң кымбаты жана эң негизги милдет - Ага эч нерсени шерик кылбай ибадат кылуу менен Аллахты жалгыздоо.
6. Сообу көбөйүп, күнөөлөрү кечирилүүсү үчүн жакшылык эшиктерин ачып койгону Аллах Тааланын пенделерине кылган ырайымы.
7. Парз амалдарды аткаргандан кийин напил амалдарды да аткаруу артыкчылыктуу иш.
8. Исламдагы намаздын орду, чатырдын тирөөчү сыяктуу. Тирөөчтү алса, чатыр кулап калгандай, намаз жок болсо, Ислам болбойт.
9. Динине зыянын тийгизе турган сөздөрдөн тилди сактоо важиб.
10. Тилди тыйып, аны сактоо бардык жакшылыктын булагы.

(4303)

(316) – عَنْ عَائِشَةَ رضي الله عنها: أَنَّ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ كَانَ إِذَا أَوَى إِلَى فِرَاشِهِ كُلَّ لَيْلَةٍ جَمَعَ كَفَّيْهِ، ثُمَّ نَفَثَ فِيهِمَا فَقَرَأَ فِيهِمَا: {قُلْ هُوَ اللهُ أَحَدٌ}، وَ{قُلْ أَعُوذُ بِرَبِّ الْفَلَقِ}، وَ{قُلْ أَعُوذُ بِرَبِّ النَّاسِ}، ثُمَّ يَمْسَحُ بِهِمَا مَا اسْتَطَاعَ مِنْ جَسَدِهِ، يَبْدَأُ بِهِمَا عَلَى رَأْسِهِ وَوَجْهِهِ وَمَا أَقْبَلَ مِنْ جَسَدِهِ، يَفْعَلُ ذَلِكَ ثَلَاثَ مَرَّاتٍ. [صحيح] - [رواه البخاري]

(316) – Айша (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар күнү түнү уктаганда эки колун бириктирип, анан аларга үйлөп: «Айткын! Ал Аллах жалгыз» деп башталган Ихлас сүрөөсүн, «Айткын! Таңдын Раббиси менен коргоном» деп башталган Фалак сүрөөсүн жана «Айткын! Адамдардын Раббиси менен коргоном» деп башталган Наас сүрөсүн окучу. Анан колдору менен башына, жүзүнө жана денесинин алдынан баштап колу жеткен жерге чейин сүртөт эле. Ал муну үч жолу кылчу. [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сүннөтү - ал уктаардан алдын, дуба кылуучу кишидей алакандарын бириктирип, өйдө көтөрүп, «Айткын! Ал Аллах жалгыз» деп башталган Ихлас сүрөөсүн, «Айткын! Таңдын Раббиси менен коргоном» деп башталган Фалак

сүрөөсүн жана «Айткын! Адамдардын Раббиси менен коргоном» деп башталган Наас сүрөлөрүн үч жолу окуп, оозунан бир аз шилекейи менен кошо алакандарына үйлөчү. Башынан, бетинен, денесинин алдыңкы бөлүгүнөн баштап алакандары жеткен жерге чейин денесине сүртүп чыкчу. Бул үч сүрөнү бирден окуп алаканына үйлөп денесине сүрткөн аракетин үч жолу кайталайт болчу.

## Хадистин пайдалары:

1. Уктаардан мурда Ихлас, Фалак жана Наас сүрөлөрүн окуп, алаканына үйлөп, колу жеткен жерге чейин денесине сүртүп жатуу сүннөт иштерден.

(65060)

(317) – عَنْ شَدَّادِ بْنِ أَوْسٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «سَيِّدُ الِاسْتِغْفَارِ أَنْ تَقُولَ: اللَّهُمَّ أَنْتَ رَبِّي لاَ إِلَهَ إِلَّا أَنْتَ، خَلَقْتَنِي وَأَنَا عَبْدُكَ، وَأَنَا عَلَى عَهْدِكَ وَوَعْدِكَ مَا اسْتَطَعْتُ، أَعُوذُ بِكَ مِنْ شَرِّ مَا صَنَعْتُ، أَبُوءُ لَكَ بِنِعْمَتِكَ عَلَيَّ، وَأَبُوءُ لَكَ بِذَنْبِي فَاغْفِرْ لِي، فَإِنَّهُ لاَ يَغْفِرُ الذُّنُوبَ إِلَّا أَنْتَ» قَالَ: «وَمَنْ قَالَهَا مِنَ النَّهَارِ مُوقِنًا بِهَا، فَمَاتَ مِنْ يَوْمِهِ قَبْلَ أَنْ يُمْسِيَ، فَهُوَ مِنْ أَهْلِ الجَنَّةِ، وَمَنْ قَالَهَا مِنَ اللَّيْلِ وَهُوَ مُوقِنٌ بِهَا، فَمَاتَ قَبْلَ أَنْ يُصْبِحَ، فَهُوَ مِنْ أَهْلِ الجَنَّةِ». [صحيح] - [رواه البخاري]

(317) – Шаддад бин Аус (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан:

"Истигфардын төрөсү  мындай: Аллахым, Сен менин - Раббимсиң, Сенден башка ибадатка татыктуу кудай жок. Сен мени жараттың, мен Сенин кулуңмун. Мен чолом жетишинче Сага берген убада, шартымды сактаймын. Жасаган иштеримдин жамандыгынан сактоону Сенден суранам. Мага берген нээмат-жакшылыктарыңды жана күнөөлөрүмдү мойнума алам. Мени кечир, Сенден башка күнөөлөрдү кечирүүчү эч ким жок». Анан мындай деди: "Кимде-ким эртең менен бул сөздөрдү чын жүрөгүнөн айтса, анан ошол күнү кечке чейин каза болсо, ал бейиштин тургундарынан. Ал эми ким бул сөздөрдү кечинде чын жүрөгүнөн айтса жана таң атканга чейин каза болсо, ал бейиштин тургундарынан". [Сахих (ишенимдүү)] - [Бухари жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) истигфардын ар түрдүү сөздөрү бар экенин, алардын ичинен эң абзели жана эң улугу төмөнкү сөздөр экенин айткан: "Аллахым, Сен менин Раббимсиң, Сенден башка ибадатка татыктуу кудай жок. Сен мени жараттың, мен Сенин кулуңмун. Мен чолом жетишинче Сага берген убада, шартымды сактаймын. Жасаган иштеримдин жамандыгынан

сактоону Сенден суранам. Мага берген нээмат-жакшылыктарыңа ынанам жана күнөөлөрүмдү мойнума алам. Мени кечир, Сенден башка күнөөлөрдү кечирүүчү эч ким жок". Биринчиден пенде Аллахтын тавхидин моюндайт, Аллах Таала анын Жаратуучусу, эч кандай шериги жок ибадат кыла турган Кудайы экенин (моюнуна алат). Ыйманда жана баш ийүүдө колунан келишинче Аллахка берген ант-келишимин аткарарын (моюнуна алат). Анткени, пенде канчалык көп ибадат кылса да, Аллах буйругандын баарын аткара албайт, нээматтарга татыктуу шүгүр кыла албайт. Ал Аллахка кайрылат, Аны менен коргонот. Анткени, Аллах - пенде жасаган жаман ишинен коргоно турган Коргоочу. Пенде Аллахтын ага берген нээматтарына муюп, аны моюнуна алат. Өзү жасаган күнөө, каталарын моюндап, өзүнө кайтат. Аллахка ушинтип жалбарып сурануудан кийин, Раббисине дуба кылып аны Өз кечирими, ырайымы жана пазилети менен кечирүүсүн, күнөөлөрүн жашыруусун, жана күнөөлөрдөн сактоосун тилейт. Анткени, күнөөлөрдү Аллахтан башка эч ким кечире албайт. Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул сөздөр эртең менен жана кечинде айтылчу зикирлерден экенин, кимде-ким бул

зикирди чын жүрөгүнөн, маанилерине түшүнүп, ишеним менен эртең менен күн чыккандан шашкеге дейре айтса жана ошол күнү өлсө, бейишке кирерин айткан. Ал эми ким кечинде, күн баткандан таң атканга чейинки аралыкта айтса жана таң атканга чейин өлсө, бейишке кирерин айткан.

## Хадистин пайдалары:

1. Истигфар сөздөрүнүн айтылышы ар түрдүү жана биринен-бири артыкча да болот.
2. Пенде Аллахка ушул дуба менен кайрылууга аракет кылуусу керек. Анткени, бул истигфарлардын төрөсү.

(5503)

(318) – عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رضي الله عنه عَنِ النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: أَنَّهُ كَانَ يَقُولُ إِذَا أَصْبَحَ: «اللهُمَّ بِكَ أَصْبَحْنَا، وَبِكَ أَمْسَيْنَا، وَبِكَ نَحْيَا، وَبِكَ نَمُوتُ، وَإِلَيْكَ النُّشُورُ» وَإِذَا أَمْسَى قَالَ: «بِكَ أَمْسَيْنَا، وَبِكَ أَصْبَحْنَا، وَبِكَ نَحْيَا، وَبِكَ نَمُوتُ، وَإِلَيْكَ النُّشُورُ» قَالَ: وَمَرَّةً أُخْرَى: «وَإِلَيْكَ الْمَصِيرُ».

[حسن] - [رواه أبو داود والترمذي والنسائي في الكبرى وابن ماجه]

(318) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: Эртең менен таң

атырганда ал минтип айтчу: "Аллахым, Сенин атың менен таң атырабыз. Сенин атың менен кечти киргизебиз. Сенин атың менен тирилебиз. Сенин атың менен өлөбүз. Кайра тирилип баруу Сага гана" Кеч киргенде минтип айтчу: "Аллахым, Сенин атың менен кеч киргизебиз. Сенин атың менен таң атырабыз. Сенин атың менен тирилебиз. Сенин атың менен өлөбүз. Кайра тирилип баруу Сага гана". Кээде: "Кайра кайтып баруу Сага гана" дечү. [Хасан (жакшы)] - [رواه أبو داود والترمذي والنسائي في الكبرى وابن ماجه]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) таң жаңы агарып ата баштаганда минтип айтчу:

"Аллахым, Сенин ысмың менен таң атырабыз" Сенин сактооңо таянып, нээмат-жакшылыктарыңа тобокел кылып, топук-ийгиликтериңе куралып, Сен берген күч-кубат менен кыймыл-аракет кылып (таңды тосуп, күндүзгү жашоону баштадык). "Сенин ысмың менен кечти киргизип, Сенин ысмың менен өлүп, Сенин ысмың менен өлөбүз". Б.а. жогоруда айтылгандай кечинде да айтылат. Кечинде минтип айтат: Аллахым Сенин ысмың менен кечти киргиздим, Сенин Тирилтүүчү

ысымың менен тирилебиз, Өлтүрүүчү ысымың менен өлөбүз. "Анан кайра Сенин өзүңө тирилип барабыз" өлгөндөн кийин кайра тирилүү жана чогулгандан кийин кайра ажырашуу, биз ар дайым жана ар кандай абалда ушундай абалда болобуз.

Кеч кирип дигерден кийинки убак болгондо минтип айтчу: "Аллахым, Сенин атың менен кеч киргиздик. Сенин атың менен таң атырдык. Сенин атың менен тирилебиз. Сенин атың менен өлөбүз. Кайра кайтуу Өзүңө гана" бул дүйнөдө да акыретте да кайра кайтаруу Сага гана. Сен мени өлтүрүп, Сен мени кайра тирилтесиң.

## Хадистин пайдалары:

1. Пайгамбарыбызды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ээрчип, ушул дубаны эртең менен жана кечинде айтуу мустахаб.

2. Пенденин бардык убакта жана абалда Аллахка муктаждыгы.

3. Эртең менен зикир айта турган эң жакшы учур: Таң аткандан тартып, күн чыкканга чейинки убак. Кечкиси: дигерден тартып, Күн батканга чейин. Эгер бул убактардан

кийин айтып калса, б.а. эртең менен чашкеден өткөндө же бешимден кийин айтып калса деле жарайт. Кечинде деле Күн баткандан кийин айтса жарай берет. Зикирдин убактысы ушундай.

4. "Кайра тирилип баруу Сага гана" дегенди эртең менен айтканы, адамдар өлүп, кыяматтта кайра тирилген учурду эскертет. Бул жаңы тирилүү, жаңы күн, бул күнү арбактар (рухтар) денеге кайтарылат. Ал күнү адамдар жайылып чыгат. Аллах жараткан бул жаңы күн, Адам баласына күбө болуу үчүн башталат. Бул күндүн мөөнөтү жана убактысы биздин амалдарыбыз үчүн казына болот.

5. Ал эми "Кайра кайтуу Сага гана" деген сөздүн кечинде айтылганы, адамдар кечинде жумушунан, жүргөн жерлеринен жашаган турак-жайларына кайтып, эс алып ырахатта жатып калышат. Бул Аллах Таалага кайра кайтып барууну эскертет.

(5490)

(319) – عَنْ أَبَانَ بْنِ عُثْمَانَ قَالَ: سَمِعْتُ عُثْمَانَ ابْنِ عَفَّانَ رضي الله عنه يَقُولُ: سَمِعْتُ رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «مَنْ قَالَ بِسْمِ اللَّهِ الَّذِي لَا يَضُرُّ مَعَ اسْمِهِ شَيْءٌ، فِي الْأَرْضِ، وَلَا فِي السَّمَاءِ، وَهُوَ السَّمِيعُ الْعَلِيمُ، ثَلَاثَ مَرَّاتٍ، لَمْ تُصِبْهُ فَجْأَةُ بَلَاءٍ، حَتَّى يُصْبِحَ، وَمَنْ قَالَهَا حِينَ يُصْبِحُ ثَلَاثُ مَرَّاتٍ، لَمْ تُصِبْهُ فَجْأَةُ بَلَاءٍ حَتَّى يُمْسِيَ»، قَالَ: فَأَصَابَ أَبَانَ بْنَ عُثْمَانَ الْفَالِجُ، فَجَعَلَ الرَّجُلُ الَّذِي سَمِعَ مِنْهُ الْحَدِيثَ يَنْظُرُ إِلَيْهِ، فَقَالَ لَهُ: مَا لَكَ تَنْظُرُ إِلَيَّ؟ فَوَاللَّهِ مَا كَذَبْتُ عَلَى عُثْمَانَ، وَلَا كَذَبَ عُثْمَانُ عَلَى النَّبِيِّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ، وَلَكِنَّ الْيَوْمَ الَّذِي أَصَابَنِي فِيهِ مَا أَصَابَنِي غَضِبْتُ فَنَسِيتُ أَنْ أَقُولَهَا. [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي والنسائي في الكبرى وابن ماجه وأحمد]

(319) – Абан бин Усман айтат: Усман бин Аффан (Аллах андан ыраазы болсун) Аллахтын элчисинен уктум деп бул хадисти айтып жатканын уктум: "Кимде-ким: Аллахтын аты менен баштаймын. Анын аты менен башталган нерсеге жер бетинде да, асманда да эч ким зыян жеткире албайт. Ал Угуучу, Билүүчү" деп үч жолу айтса, таң атканга чейин ага кокустан балээ-кырсык келбейт. Кимде-ким бул дубаны таң атканда үч жолу айтса, кеч киргенге чейин ага кокустан балээ-кырсык келбейт". Кийин Абан бин Усман шал оорусу менен ооруп калды. Андан жогорудагы хадисти уккан бир киши аны суроолуу карап калды. Усман ага: Сага эмне болду, мени таңыркап карайсың? Аллахка

ант болсун, мага Усман бин Аффан жалган айткан эмес. Усманга да пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жалган айткан эмес. Болгону, мага ушул балээ келген күнү мен (бирөөгө) ачууланып, жогорудагы дубаны айтпай унутуп калыпмын - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи, ан-Насааи "Ал-Кубро" китебинде жазып калтырган жана Ибн Маажа менен Ахмад да жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) күн сайын таң аткандан кийин жана кечинде күн батардан мурда үч жолудан ушул дубаны айтса, ага балээ-кырсык болбостугун баяндаган: "Аллахтын ысымы менен" бардык зыяндуу нерселерден сактанамын. "Ал Аллах Анын аты зикир кылынса эч нерсе зыян тийгизе албайт". Ал нерсе "жердеги" кандай чоң нерсе болбосун, же жерден сырткары балээлерден болсун, "асмандагы" асмандан түшүүчү балээлерден болсун эч бири зыян бербейт. "Ал Аллах биздин сөздөрүбүздү "Угуучу" биздин абалдарыбызды "Билүүчү".

Кимде-ким бул дубаны кечинде айтса, таң атканга чейин ага кокустук балээлер келбейт. Ал

эми ким таң эрте айтса, кеч киргенге чейин ага кокустук балээлер келбейт.

Кийин бул хадисти айтып өткөргөн Абан бин Усманга шал оорусу тиет. Шал оорусу дегени, адамдын бир жак ыптасы иштебей калат. Ошондо андан жогорудагы хадисти уккан кишилердин бири аны таң калып карайт. Усман ага: Неге таң калып карайсың?! Аллахка ант болсун, мен Усмандан жалган нерсени айткан жокмун. Усман да пайгамбардан жалган нерсени айткан жок. Болгону, мага ушул оору тийген күнү Аллах Таала бул дубаны айтууну тагдырыма жазбаптыр. Мен бир нерсеге ачууланып, бул сөздөрдү айтууну унутуп калыпмын - деди.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахтын уруксаты менен адам кокус келүүчү балээ, зыяндардан ж.б.у.с. нерселерден корголуп турууcу үчүн, бул зикирди эртең менен жана кечинде айтып жүргөн жакшы.

2. Мурдагы өткөн мусулмандардын Аллахка болгон ишеними бекем жана Аллахтын элчисинин айтканын тастыктоосу күчтүү болгон.

3. Эртең менен жана кечинде зикир кылып туруунун бир пайдасы - мусулманды кайдыгерликтен ойготуп, ага дайыма Аллахтын кулу экендигин эскертип турат.
4. Зикирдин таасири зикир кылган адамдын ыйманынын бекемдигине, берилүүсүнө жана ыкласына жараша болот.

(6093)

(320) – عَن عبدِ اللهِ بن خُبَيب رضي الله عنه أنه قال: خَرَجْنَا فِي لَيْلَةٍ مَطِيرَةٍ وَظُلْمَةٍ شَدِيدَةٍ، نَطْلُبُ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ؛ يُصَلِّي لَنَا، قَالَ: فَأَدْرَكْتُهُ، فَقَالَ: «قُلْ»، فَلَمْ أَقُلْ شَيْئًا، ثُمَّ قَالَ: «قُلْ»، فَلَمْ أَقُلْ شَيْئًا، قَالَ: «قُلْ»، فَقُلْتُ: مَا أَقُولُ؟ قَالَ: «{قُلْ هُوَ اللهُ أَحَدٌ} وَالْمُعَوِّذَتَيْنِ حِينَ تُمْسِي وَتُصْبِحُ ثَلَاثَ مَرَّاتٍ، تَكْفِيكَ مِنْ كُلِّ شَيْءٍ». [صحيح] - [رواه أبو داود والترمذي والنسائي]

(320) – Абдуллах бин Хубайб (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Катуу жамгыр жаап, көзгө сайса көрүнгүс караңгы болгон түнү чогуу намаз окуу үчүн Аллахтын элчисин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) издеп бардык. Анан аны таптым. Ал: "Айт" - деди. Мен унчуккан жокмун. Ал дагы: "Айт" - деди. Мен дагы эле эч нерсе дебедим. Ал: "Айт" - деди. Эмне деп айтам - дедим. Ал: @ "Кул

хуваллаахy ахадды" жана эки сактоочу сүрөнү оку, кеч киргизгенинде жана таң атырганында үч жолудан окуп жүрсөң, бардык жамандыктан сактоого жетиштүү болот" - деди. [Сахих (ишенимдүү)] - [Абу Дауд, ат-Тирмизи жана ан-Насааи жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Улуу сахаба Абдуллах бин Хубайб (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: алар жамгырлуу, караңгы түндө аны менен бирге намаз окуу үчүн пайгамбарыбызды (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) издеп барышат да, аны табышат. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага: "Айт" б.а. оку - дейт. Ал эч нерсени окубайт. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сөзүн кайталайт. Абдуллах: О, Аллахтын элчиси, эмнени окуйун? - дейт. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): Ихлас сүрөсүн (кул хуваллаахy ахад), сактоочу эки сүрө (Кул аууззу бироббил фалак), (Кул аууззу бироббин наас) сүрөлөрүн эртең менен жана кечинде үч жолудан окусаң, бардык жамандыктан сактап, жаман иштен коргойт - дейт.

## Хадистин пайдалары:

1. Ихлас жана эки коргоочу сүрөнү эртең менен жана кечинде окуу жакшы, анткени бардык жамандыктан калканч болот.
2. Ихлас жана эки коргоочу сүрөнү окуу артыкчылыктуу иштерден.

(6082)

(321) – عن سَمُرَةَ بن جندبٍ رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «أَحَبُّ الْكَلَامِ إِلَى اللهِ أَرْبَعٌ: سُبْحَانَ اللهِ، وَالْحَمْدُ لِلهِ، وَلَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَاللهُ أَكْبَرُ، لَا يَضُرُّكَ بِأَيِّهِنَّ بَدَأْتَ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(321) – Самура бин Жундуб (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Аллахка эң сүйүктүү төрт сөз: Субханаллах, Алхамдулиллах, Лаа илааха иллаллах жана Аллаху Акбар. Булардын кайсы биринен баштасаң да зыяны жок»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таалага эң сүйүктүү сөздөр төртөө экенин баяндап жатат.

Субханаллах: Аллах Тааланы бардык кемчиликтен аруулоону түшүндүрөт.

Алхамдулиллах: Аллах Тааланы жакшы көрүү жана Аны улуулоо менен Анын толук, кемчиликсиз экенин сыпаттоо.

Лаа илааха Иллаллах: Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок.

Аллаху Акбар: Бардык нерседен эң урматтуу, эң улуу жана эң кадырлуу.

Бул сөздөрдүн пазилетин жана сообун алуу үчүн аларды тартиби менен айтуу талап кылынбайт.

## Хадистин пайдалары:

1. Шарият жеңил. Ошондуктан бул сөздөрдүн кайсынысы менен баштасаң да зыяны жок.

(5475)

(322) – عن أبي أيوب رضي الله عنه عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «مَنْ قَالَ: لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ وَحْدَهُ لَا شَرِيكَ لَهُ، لَهُ الْمُلْكُ وَلَهُ الْحَمْدُ وَهُوَ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ قَدِيرٌ، عَشْرَ مِرَارٍ كَانَ كَمَنْ أَعْتَقَ أَرْبَعَةَ أَنْفُسٍ مِنْ وَلَدِ إِسْمَاعِيلَ». [صحيح] - [متفق عليه]

(322) – Абу Айюб (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кимде-ким: "Лаа илааха иллаллоохУ вахдаху лаа

шарикалах, лахул мулку валахул хамду ва хува аълаа кулли шайин кодиир" деп он жолу айтса, Исмаилдин урпагынан төрт кулду азаттыкка чыгаргандай сооп алат". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ким: "Лаа илааха иллаллооху вахдаху лаа шарикалах, лахул мулку валахул хамду ва хува аълаа кулли шайин кодиир" деп айтса... деп кабарлаган хадистеги бул сөздүн мааниси: Жалгыз, эч шериги жок Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок, бир гана Кемчиликсиз Аллах Таала толук мүлктүн ээси, Ал гана улуктоо жана сүйүү менен айтылган алкыш-мактоого ылайык, Андан башка эч ким буга ылайык эмес, Ал бардык нерсеге Кадыр, Ал аткара албай кала турган эч нерсе жок. Эми ушул сөздү ким бир күндө он жолу кайталап айтса, ал Ибрахим пайгамбардын уулу Исмаил пайгамбардын урпагынан төрт кулду азаттыкка чыгаргандай соопко ээ болот. Исмаилдин урпагынан деп аны жеке айтканы алардын кадыр-баркы жогору болгону үчүн.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллах Тааланы улухиятта, падышалыкта, мактоодо жана толук кудуреттүүлүктө жалгыздаганы үчүн бул зикир өзгөчө болуп эсептелет.

2. Бул зикирдин сообуна аны катары менен дароо айткан адам да, бөлүп-бөлүп айткан адам да жетет.

(5517)

(323) – عن أبي هريرة رضي الله عنه عن النبي صلى الله عليه وسلم قال: «كَلِمَتَانِ خَفِيفَتَانِ عَلَى اللِّسَانِ، ثَقِيلَتَانِ فِي الْمِيزَانِ، حَبِيبَتَانِ إِلَى الرَّحْمَنِ: سُبْحَانَ اللهِ الْعَظِيمِ، سُبْحَانَ اللهِ وَبِحَمْدِهِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(323)– Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Тилге жеңил, таразада оор жана Ырайымдуу (Аллахка) сүйүктүү болгон эки сөз бар. Ал: «Субханаллахиль-азыими, Субханаллахи уа бихамдихих»**. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адам эч кыйынчылыксыз, ар кандай абалда да айта турган эки сөздү, алардын

таразада чоң сооптуу экенин жана Раббибиз, Мээримдүү, Улуу Аллах Таала аларды жакшы көрөрүн айтты. Алар:

**«Субханаллахиль-азиим, Субханаллахи уа бихамдихих»**. Бул эки сөз Аллахтын улуу жана кемчиликсиз деген сыпаттарын жана Улуу Аллах Тааланын бардык кемчиликтерден аруу экенин камтып алган сөз.

## Хадистин пайдалары:

1. Эң улуу зикир – анда Аллахка мактоо-шүгүр айтуу жана Аны бардык айып-кемчиликтерден арууулоо чогуу келет.
2. Аллахтын пенделерине болгон ырайымынын кеңдиги баяндалып жатат.

(5507)

(324) – عن أبي هريرة رضي الله عنه أن رسول الله صلى الله عليه وسلم قال: «مَنْ قَالَ: سُبْحَانَ اللهِ وَبِحَمْدِهِ، فِي يَوْمٍ مِائَةَ مَرَّةٍ، حُطَّتْ خَطَايَاهُ وَإِنْ كَانَتْ مِثْلَ زَبَدِ الْبَحْرِ». [صحيح] - [متفق عليه]

(324) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Кимде-ким: "Субханаллоохи ва бихамдихи" деп күнүнө жүз жолу айтса, күнөөлөрү

деңиз толкунунун көбүгүндөй көп болсо да кечирилет". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ким бир күндө жүз жолу "субханаллохи ва бихамдихи" деп айтса, анын каталары өчүрүлүп жана кечирилерин кабарлаган. Эгер анын күнөөлөрү албууттанып толкундаган деңиздин бетинде пайда болгон ак көбүктөрдөй көп болсо дагы.

## Хадистин пайдалары:

1. Мындай сооп бул сөздү күндө катары менен айткан адамга да, бөлүп-бөлүп айткан адамга да берилет.

2. Тасбих: Аллах Тааланы кемчиликтен таза деп аруулоо. Ал эми тахмид: Аллах Тааланы сүйүү жана улуктоо менен Анын кемелдүүлүгүн сыпаттоо.

3. Хадисте айтылган күнөөлөр кичине күнөөлөр. Ал эми чоң күнөөлөр тообо кылуу менен гана кечирилет.

(5516)

(325) – عن أبي مالكٍ الأشعريِّ رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «الطُّهُورُ شَطْرُ الْإِيمَانِ، وَالْحَمْدُ لِلهِ تَمْلَأُ الْمِيزَانَ، وَسُبْحَانَ اللهِ وَالْحَمْدُ لِلهِ تَمْلَآنِ -أَوْ تَمْلَأُ- مَا بَيْنَ السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ، وَالصَّلَاةُ نُورٌ، وَالصَّدَقَةُ بُرْهَانٌ، وَالصَّبْرُ ضِيَاءٌ، وَالْقُرْآنُ حُجَّةٌ لَكَ أَوْ عَلَيْكَ، كُلُّ النَّاسِ يَغْدُو، فَبَايِعٌ نَفْسَهُ فَمُعْتِقُهَا أَوْ مُوبِقُهَا». [صحيح] - [رواه مسلم]

(325) – Абу Маалик Аль-Ашарийден (Аллах андан ыраазы болсун) Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: **«Тазалык – ыймандын жарымы. Алхамдулиллахи сөзү амал таразаны толтурат. Субхааналлах жана Алхамдулиллах сөздөрү болсо асман менен жердин ортосун толтурат. Намаз – нур, садака бул - далил, ал эми сабырдуулук болсо жарыктык. Куран болсо, сенин пайдаңа же сенин зыяныңа күбөө болот. Ар бир инсан күндө өз нафсисин Аллах үчүн же шайтан үчүн сатыка коёт, анан аны куткарып алат же аны зыянга учуратат»**.
[Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай дейт: Чындыгында тышкы тазалык даарат алуу жана жуунуу менен болот.

Анткени бул намаздын шарты. Ал эми: **«Алхамдулиллах»** – сөзү Аллахты мактоо сөзү жана Аны толук болгон сыпаттар менен сыпаттоо сөзү. Ошондой эле бул сөз Кыямат күнү таразага тартылып, амал таразасын толтурат. Ал эми **«Субханаллах»** жана «Алхамдулиллах» сөздөрү - бул ар бир кемчиликтен аруулоо жана Аллахтын улуулугуна ылайыктуу келген толук болгон сыпаттар менен сыпаттаган сөздөр. Бул сөздөрдү айтууда Аллахка толук сүйүү жана улуктоо менен коштолот. Ошондой эле бул сөздөр жер менен асмандардын ортосун толтурат. **«Намаз нур»** деген сөзү пенденин жүрөгүндө, жүзүндө, кабырында жана кайра тирилүүдө ага нур болот. **«Садака далил»** деген сөзү момундун ыйманынын чынчылдыгына далил болот. Ошондой эле садаканын сыйлыктарына ишенбегендиги үчүн садаканы бербеген мунафык адам эмес экенине далил болот. “Сабырдуулук жарыктык” – бул деген тынчсызданууда жана наразычылыкта өзүн кармай билүү. Сабырдуулуктун жарыктык сыяктуу болгонунун себеби күн нуру сыяктуу жылуулукту жана күйүүнү алып келген жарык сыяктуу. Анткени, сабыр кылуу - бул нафсиге оор келет жана өзүн өзү көптөгөн аракет менен көндүрүүсү керек. Ошондой эле өзү каалаган нерсесинен өзүн кармоосу талап кылынат. Анын ээси дайыма жарык жана туура жолдо болот.

Сабыр кылуу – Аллахка моюн сунууда, Ал арам кылган иштерден тыйылууда сабыр кылуу жана бул дүйнөдөгү балээлерге жана ар кандай кыйынчылыктарга сабыр кылуу түрлөрүнө бөлүнөт. **«Куран болсо, сенин пайдаңа»** - бул Куранды тилават кылуу менен жана ага амал кылуу менен болот. Же **«сенин зыяныңа күбө болот»** - бул Куранды тилават кылууну жана аны иш жүзүнө ашырууну таштап коюуда болот. Андан кийин, Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бизге бардык адамдар чуркашып, тарашып, уйкудан туруп ар кандай иштери үчүн үйлөрүнөн чыгып кетээрин айтты. Алардын кээ бирлери Аллахка моюн сунууда туура жолду карманышып өз нафсилерин тозок отунан куткаргандар жана алардын арасында туура жолдон тайып, Аллахка баш ийбей, тозокко түшүп нафсисин кор кылгандар да бар.

## Хадистин пайдалары:

1. Тазалык эки түрдүү болот: Сырткы тазалык - ал даарат алуу жана жуунуп гусул алуу менен болот. Ал эми ички тазалык – тавхид, ыймандуулук жана жакшы амалдар менен болот.

2. Намазга бекем болуунун маанилүүлүгү айтылды. Анткени намаз пенде үчүн бул дүйнөдө жана Кыяматта нур болот.

3. Садака берүү ыймандын чынчылдыгына далил болот.

4. Курандын өкүмдөрүн жана тыйган тыюуларын иш жүзүндө аткаруунун маанилүүлүгү. Ал сенин зыяныңа эмес, сенин пайдаңа болушу үчүн ага бекем ыйман келтирүү маанилүүлүгү айтылды.

5. Эгерде нафсиңди Аллахка баш ийүү менен алектендирбесең, анда ал сени күнөөлөр менен алектендирет.

6. Ар бир адам иш-аракеттерди аткаруу керек. Ошондуктан нафсисин Аллахка моюн сунуу менен тозоктон куткарат же Аллахка баш ийбестик менен жок кылат.

7. Сабыр кылуу көтөрө билүүнү жана анын сыйлыгын үмүттөнүүнү талап кылат жана аны аткарууда кыйынчылыктар жаралат.

(65004)

(326) – عن أبي هريرة رضي الله عنه قال: قال رسول الله صلى الله عليه وسلم: «لَأَنْ أَقُولَ: سُبْحَانَ اللهِ، وَالْحَمْدُ لِلهِ، وَلَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَاللهُ أَكْبَرُ، أَحَبُّ إِلَيَّ مِمَّا طَلَعَتْ عَلَيْهِ الشَّمْسُ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(326) – Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Субхан Аллоохи, валхамду лиллаахи, ва лаа илааха иллаллоoху, валлааху акбар" деп айтуу мен үчүн күн нуру тийген нерсенин баарынан жакшы". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушул улук сөздөр менен Аллах Тааланы зикир кылуу дүйнө жана андагынын баарынан жакшы экендигин айткан. Бул сөздөр:

"Субхан Аллоохи": Аллах Тааланы бардык кемчиликтерден таза деп аруулоо.

"Алхамду лиллаахи": Улуктоо жана махабат менен бирге Аллах Тааланы толук сыпаттары менен мактоо.

"Лаа илааха иллаллоoху": Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок.

"Аллаху акбар": Бардык нерседен улук, чоң.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахты зикир кылууга кызыктыруу, анткени зикир күн тийген нерсенин баарынан артык.
2. Сообу жана артыкчылыктары көп болгону үчүн зикирди көбөйтүү зарыл.
3. Дүйнөнүн пайдаланчу нерселери аз жана анын ырахаты да убактылуу.

(6211)

(327) – عن جابر رضي الله عنه قال: سمعت رسول الله صلى الله عليه وسلم يقول: «أَفْضَلُ الذِّكْرِ: لَا إِلَهَ إِلَّا اللهُ، وَأَفْضَلُ الدُّعَاءِ: الْحَمْدُ لِلهِ». [حسن] - [رواه الترمذي والنسائي في الكبرى وابن ماجه]

(327) – Жабир (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтканын уктум: **«Эң жакшы зикир «лаа илааха иллаллах»**, жана эң жакшы дуба **«алхамду лиллах»**. [Хасан (жакшы)] - [Ат-Тирмизи менен ан-Насааи "ал-Кубро" китебинде жазып калтырган жана Ибн Маажа да жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Зикирдин эң жакшысы "лаа илааха иллаллах".

Мааниси: Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Эң жакшы дуба «алхамдулиллах». Анын мааниси: Аллах Таала гана нээматтарды берүүчү жана Анын Кемчиликсиз, Кооз сыпаттарга татыктуулугун моюнга алуу керек экендигин кабар берип жатат.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахты таухид келимесин айтып жана Ага мактоо айтып дуба кылуу менен көп-көп эстеп зикир кылууга кызыктыруу.

(3567)

(328) – عن خَوْلَةَ بِنْتَ حَكِيمٍ السُّلَمِيَّةَ قَالت: سَمِعْتُ رَسُولَ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «مَنْ نَزَلَ مَنْزِلًا ثُمَّ قَالَ: أَعُوذُ بِكَلِمَاتِ اللهِ التَّامَّاتِ مِنْ شَرِّ مَا خَلَقَ، لَمْ يَضُرَّهُ شَيْءٌ حَتَّى يَرْتَحِلَ مِنْ مَنْزِلِهِ ذَلِكَ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(328) – Хавла бинт Хаким ас-Суламия (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын укканмын: "Кимде-ким кайсыл бир жерге келсе: "Аъузу би калима тиллаахит-тааммаати миң шарри маа холак" деп айтса, анда ал кайра жолун улап кеткенге чейин ага эч нерсе зыян бербейт". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ким болсо да кайсы бир жерге келгенде зыянын тийгизе турган коркунучтуу нерселерден коргой турган пайдалуу коргонууга жол көрсөткөн. Мейли сапарда жүргөндө болсун, же эс алууга чыкканда болсун, мейли башка учурда болсун айырмасы жок. Бул коргонуу: зыяны бар бардык макулуктардын жамандыгынан Аллах Тааланын арткычылыгы, берекеси, пайдасы толук тийе турган, эч кандай айып, кемчилиги жок сөзү менен сактанамын деп коргоо тилөө. Мына ушундай кылса, ал жерден кайра жөнөп кеткенге чейин зыянын тийгизе турган нерсенин баарынан аман болот.

## Хадистин пайдалары:

1. Аллахтан коргоо тилөө деген бул - өзүнчө бир ибадат болуп саналат, ал Аллах менен же Алахтын ысым-сыпаттары менен гана болот.

2. Аллахтын сөзү менен коргоо тилөөгө болот, анткени ал Аллахтын сыпаттарынын бири. Ал эми жаратылган нерселер менен коргоо тилөө мындай эмес, ал ширк болот.

3. Бул дубанын пазилети жана берекеси.
4. Зикирлер менен коргонуу пенденин жамандыктан аман болуусуна себеп болот.
5. Аллахтан башкадан, мисалы, жинден, сыйкырдан, жалганчылардан коргоо тилөө туура эмес, мындай кылууга болбойт.
6. Сапарда болобу, жайчылыкта болобу ушул дубаны айтуу шариятта көрсөтүлгөн.

(5932)

(329) – عَنْ أَبِي حُمَيْدٍ أَوْ عَنْ أَبِي أُسَيْدٍ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللهِ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: «إِذَا دَخَلَ أَحَدُكُمُ الْمَسْجِدَ فَلْيَقُلِ: اللَّهُمَّ افْتَحْ لِي أَبْوَابَ رَحْمَتِكَ، وَإِذَا خَرَجَ فَلْيَقُلِ: اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْأَلُكَ مِنْ فَضْلِكَ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(329) – Абу Хумайд же Абу Усайд риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Эгерде силердин бирөөңөр мечитке кирсе, анда ал: "Аллахум-мафтах ли абвааба рахматик. (Оо, Аллах! Мага ырайымыңдын эшиктерин ач)" - деп айтсын. Ал эми мечиттен чыкканда: "Аллахумма инни ас алука мин фадлик. (Оо, Аллах! Мен Сенин жакшылыгыңдан сураймын)" - деп айтсын". [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үммөтүнө мечитке киргенде айтылган дубаны үйрөткөн. Ал дуба: "Аллахуммафтах ли абвааба рахматик. (Оо, Аллах! Мага ырайымыңдын эшиктерин ач)" б.а. ал Аллах Тааладан ага ырайымынын себептерин даярдап берүүсүн суранат. Эгер сыртка чыккысы келсе, анда: "Аллахумма инни ас алука мин фадлик. (Оо, Аллах! Мен Сенин жакшылыгыңдан сураймын)" -деп айтсын. Ал Аллахтан Анын жакшылыктарын жана адал ырыскынын жакшылыгын көбөйүүсүн сурайт.

## Хадистин пайдалары:

1. Мечитке киргенде жана чыкканда бул дубаны айтуу сооптуу.
2. Кирүү менен ырайымдуулукту, чыгуу менен жакшылыктарды суроонун өзгөчөлүгү: кирген адам Аллахка жана бейишине жакындата турган нерселер менен алек болот. Ошондуктан ырайымдуулукту айтуу ылайыктуу. Ал эми сыртка чыкканда, Аллахтын ырыскысын издеп, жер жүзүн айланат. Ошондуктан Аллахтын жакшылыктарын айтуу ылайыктуу.

3. Бул дубалар мечитке киргенде жана андан чыкканда айтылат.

(65092)

(330) – عَنْ جَابِرِ بْنِ عَبْدِ اللهِ رضي الله عنهما أَنَّهُ سَمِعَ النَّبِيَّ صَلَّى اللهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ يَقُولُ: «إِذَا دَخَلَ الرَّجُلُ بَيْتَهُ، فَذَكَرَ اللهَ عِنْدَ دُخُولِهِ وَعِنْدَ طَعَامِهِ، قَالَ الشَّيْطَانُ: لَا مَبِيتَ لَكُمْ، وَلَا عَشَاءَ، وَإِذَا دَخَلَ، فَلَمْ يَذْكُرِ اللهَ عِنْدَ دُخُولِهِ، قَالَ الشَّيْطَانُ: أَدْرَكْتُمُ الْمَبِيتَ، وَإِذَا لَمْ يَذْكُرِ اللهَ عِنْدَ طَعَامِهِ، قَالَ: أَدْرَكْتُمُ الْمَبِيتَ وَالْعَشَاءَ». [صحيح] - [رواه مسلم]

(330) – Жабир бин Абдуллах (Аллах алардан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын уктум: "Киши үйүнө киргенде, кирээрде жана тамак ичээрде Аллахтын атын атап эстесе, Шайтан (жан-жөкөрлөрүнө): Силерге мында түнөк да жок, тамак да жок - дейт. А эгер кирип, бирок кирээрде Аллахты эстебесе, шайтан: Түнөктү таптыңар - дейт. А эгер тамактанаарда да Аллахты эстебесе, шайтан: Тамакты да, түнөктү да таптыңар - дейт. [Сахих (ишенимдүү)] - [Муслим жазып калтырган]

## Түшүндүрмө:

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) үйгө кирээрде жана тамак ичээрде Аллахты зикир кылууга буйруган. Эгер

адам үйгө кирээрде, же тамактанаарда "Бисмиллаах" деп Аллахты эстесе, шайтан жан-жөкөрлөрүнө: Үйдүн ээси Аллахты зикир кылып силерден коргонгон бул үйдө, силерге түнөктүн да, тамактын да үлүшү жок - деп айтат. Ал эми киши үйүнө киргенде кирип баратып Аллахты зикир кылбаса жана тамактанаарда да зикир кылбаса, анда шайтан жан-жөкөрлөрүнө, алар бул үйдөн түнөк да, тамак да табуудуга жетишкенин кабарлайт.

**Хадистин пайдалары:**

1. Үйгө кирээрде жана тамактанаарда Аллахтын атын атап зикир кылуу жакшы көрүлгөн амал. Анткени, шайтан үйлөрдө түнөп алат жана эгер Аллахтын атын зикир кылышпаса, үйдүн жашоочуларынын тамагынан да жей берет.
2. Шайтан адам баласынын амалдарына, жүрүм-турумуна, дегеле бардык иштерине көз салып турат. Эгер ал Аллахты зикир кылууну эсинен чыгарса, шайтан андагы максатын ишке ашырат.
3. Зикир - шайтанды кууйт.
4. Бардык шайтанда анын сөзүнө кубанып, буйругун аткарган тарапташтары жана достору болот.

(3037)

**Мазмуну**

Table of Contents

**Киришүү**............................................................................2

«Чындыгында, иш-аракеттер ниеттерге жараша болот. Ар бир адам ниет кылганына жетет. Кимдин хижраты Аллах жана Анын Элчиси үчүн болсо, анда анын хижраты Аллах жана Анын элчиси үчүн болот. Ал эми кимдин хижраты дүнүйөгө жетүү үчүн же аялга үйлөнүү үчүн болсо, анда анын хижраты эмнеге болсо ошол үчүн хижрат кылган болот». Ал эми имим Бухаринин риваятында: «Чындыгында, иш-аракеттер ниеттерге жараша болот. Ар бир адам ниет кылганына жетет» - деп келет.*@...........4

Ким биздин ишибизге андан болбогон жаңы ишти киргизсе, ал кайтарылат ..................................................6

Ислам беш нерсеге (түркүккө) негизделген...................17

Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыз(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менен Уфайр аттуу эшектин үстүндө учкашып бара жаткам. Ошондо Пайгамбар айтты: "Эй, Муаз! Сен пенделердин Аллахка болгон акыларын жана Аллахтын пенделерине болгон акысын билесиңби?" - деп сурады. Мен: "Аллах жана Анын Элчиси жакшы билет" - деп айттым. Ал: "Пенделердин Аллахка болгон акылары - Ага гана сыйынуулары жана Ага эч кимди шерик кылбоосу - деп айтты. Ошондой эле Аллахтын пенделерине болгон акысы - ал Өзүнө шерик кошпогон пендесин азапка салбоосу" - деди. Мен: "О, Аллахтын Элчиси! Мен бул кабарды элге айтып сүйүнчүлөсөм кандай?" - дедим. Ал:

"Аларды сүйүнчүлөбөй эле кой. Андай кылсаң алар ушуга таянып алышат"* - деп айтты.@ ....................................19

Ким чын жүрөгү менен: "Лаа илааха иллаллоох у, ва анна Мухамммадан аъбдуху ва расуулух" - деп күбөлүк берсе, Аллах анын тозокко кирүүсүн арам кылат ......................22

Ким: Лаа илааха иллаллоох" деп айтып, Аллахтан башка ибадат кылынган нерселерден баш тартса, анын мал-мүлкү жана каны арам болот. Ал эми сурагы Аллахка таандык ...........................................................................25

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, бир киши келип: Оо, Аллахтын Элчиси, милдет болгон негизги эки нерсе эмне? - деп айтты. Ал айтты: «Ким Аллахка шерик кошпой өлсө бейишке кирет, ал эми ким шерик кошуп өлсө тозокко кирет».@...................................................28

Ким Аллахтан башкага кудай деп дуба кылып жүрүп өлсө, тозокко кирет" - деди.....................................................29

«Сен китеп ээлеринен болгон коомго барасын. Аларга барганыңда аларды: «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Аллахтын элчиси» - деп күбөлүк берүүгө чакыр. Эгер алар аны кабыл кылышса, анда Аллах аларга бир күндө беш убак намазды парз кылгандыгын кабар бергин. Эгер алар аны кабыл кылышса, анда Аллах алардын байларынан алынып кедейлерине бериле турган зекетти парз кылгандыгын кабар бергин. Эгерде алар аны кабыл кылышса, зекетке алардын эң жакшы малын алып коюудан алыс бол. Зулум чеккен адымдын дубасынан

сактан. Анткени анын дубасы менен Аллахтын ортосунда тосмо жок.@* ............................................................31

«Оо, Аллахтын элчиси! «Кыямат күнү сенин шапаатың менен эң бактылуу адам ким?» - деп сураганда, Аллахтын элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Оо, Абу Хурайра! Сенин хадиске болгон кызыгууңду көргөнүмдө бул хадисти сенден алдын эч ким сурабайт деп ойлогонмун. Кыямат күнү менин шапаатым менен эң бактылуу болгон адам ал «Лаа илааха иллаллах» келимесин чын ыклас менен жүрөгүнөн же напсисинен айткан адам» - деп айтты».@..........................................34

Ыйман жетимиш канча, же алтымыш канча бутактан турат. Анын эң бийиги "Лаа илааха иллаллоох" сөзү, эң төмөнү жолдон зыяндуу нерсени алып таштоо .............36

Кайсы күнөө Аллах үчүн өтө оор? - деп пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сурадым. "Ал сени жаратканына карабай, Ага башканы шерик кошууң ..............................................................................38

«Улуу Аллах Таала айтты: «Мен ширк келтирген шериктерге муктаж эмесмин. Ким Мага иш-аракетти кылууда башканы шерик кошсо, анда Мен аны ошол ширкине таштаймын.*@ ................................................40

Менин үммөтүмдөн баш тарткандардан башкасынын баары бейишке кирет. Ошондо: «Оо, Аллахтын Элчиси, ким баш тартат?» - деп айтышат. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Ким мага моюн сунса, Бейишке кирет. Ким мага моюн сунбаса, анда баш тарткан болот» - деп айтты..........................................................................42

Мени христиандар Марямдын баласын чектен ашып улуктагандай улуктабагыла. Чындыгында, мен Анын (Аллахтын) кулумун. Силер мени: «Аллахтын кулу жана элчиси» - деп айткыла....................................................44

Силердин эч бириңер мен ага атасынан, баласынан, жалпы эле адамдардан сүйүктүү болмоюнча толук ыймандуу боло албайт ...................................................46

Мен силерге айтпаган нерсени ошол бойдон калтыргыла! Анткени, силерден мурдагылар керексиз көп суроо бергени жана пайгамбарларына каяша кылганы үчүн кыйрап жок болгон ..................................47

Менден бир аят болсо да жеткиргиле. Бану-Исраилдин окуяларын айта бергиле, анда эч кандай күнөө жок. Ким менин атымдан атайылап жалган айтса, анда тозоктон жайын даярдай берсин..................................................51

Бир кишиге менин бир хадисим жетсе, ал сөөрүсүндө жөлөнүп отуруп алып: «Силер менен биздин ортобузда Аллахтын Китеби .........................................................53

"Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, өлүм жакындаганда жүзүнө чүпүрөк жаап, өлүм азабынан дем алуусу кыйындаганда, аны жүзүнөн алып салып жатты. Ал ошондой оор абалда жатып: "Аллах яхудийлерди жана христиандарды каргыштады. Алар өздөрүнүн пайгамбарларынын мүрзөлөрүн мечит кылып алышкан" - деп алардын кылгандарынан эскертип жатты".*@ .....56

Оо, Аллах, менин кабырымды адамдар сыйына турган эстеликке (идол) айлантпа. Аллах пайгамбарларынын кабырын мечитке айланткан коомду каргыштады ........58

Үйүңөрдү мүрзөгө айлантып албагыла. Менин кабырымды кез-кезде ибадат кылуучу жай кылып албагыла. Мага салават айткыла. Чындыгында, силер кайсыл жерде болсоңорда силердин салаватыңар мага жетип турат ............................60

Эгер арасындагы ийги иш-амалдарды кылган пенде (же киши) дүйнөдөн өтсө, анын кабырына мечит куруп......62

«Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, көзү өтөөрдөн беш күн алдын мындай деп айтканын укканмын: «Аллахтан силердин араңардан кимдир бирөө мага халил (1) болуусунан коргоо сураймын. Чындыгында, Аллах Ибрахим, алейхис саламды, Өзүнө халил кылып алгандай мени да өзүнө халил кылып алды. Эгерде мен үммөтүмдөн кимдир бирөөнү өзүмө халил кылып алтурган болсом, анда Абу Бакрды халил кылып алмакмын. Силерден алдыңкы коомдор пайгамбарларынын жана солих адамдарынын кабырларын мечит кылып алышпадыбы?!. Силер кабырларды мечит кылып албагыла. Мен силерди андай кылуудан тыямын».*@ ...................................................65

Мен сени Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мени буйруган нерсеге буйруйунбу? Эстелик, сүрөттү көрсөң талкалап жок кыл, кабыр үстүнө коюлган нерсени көрсөң тегиздеп түздөгүн - деди .......68

Жамандыкка жоруу - ширк, жамандыкка жоруу - ширк, жамандыкка жоруу - ширк" деп үч жолу (айткан). Бизде бул (жоруму жаман ырымдар) бар, бирок тобокел кылуу менен Аллах аны кетирет ............................................................69

Куш учурган жана учурткан, көзү ачыктык кылган жана көзү ачыктык кылдырткан, сыйкырлаган жана сыйкыр кылдырган..........................................................................72

Оору жукпайт, жамандыкка жоруу да жок. Мага фаьл жагат". Фаьл деген эмне? деп сурашканда: "Бул жакшы сөз" - деди ........................................................................74

Аллахтын Элчиси(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аль-Худайбияда жамгыр жааган түнү биз менен бирге багымдат намазын окуду. Ал намаздан кийин элге кайрылып: «Раббиңер эмне дегенин билесиңерби?» - деди. Алар: «Аллах жана Анын Элчиси жакшы билет» - деп айтышты. Пайгамбар айтты: «Раббиңер: Менин пенделеримдин арасынан Мага ыйман келтиргени жана Мага каапыр болгону бар» - деди . Кимде-ким: «Бизге Аллахтын пазилети жана ырайымы менен жамгыр жаады» деген болсо, анда алар Мага ыйман келтирди жана жылдыздарга каапырлык кылышты. Ал эми: «Бизге баланча же түкүнчө жылдыздын таасиринен жамгыр жаады» деген болсо, анда ал Мага каапыр болду жана жылдыздарга ыйман келтирди» - деп айтты.*@ ...........76

Тумар тагынган адам, чынында ширк кылган болот" - деди ..........................................................................80

Рукия, тумарлар жана тивала ширк ...............................81

Ким төлгөчүгө барып андан бир нерсе тууралуу сураса, кырк күнгө чейин анын намазы кабыл болбойт............84

Ким Аллахтан башкага ант ичсе, анда ал каапырлык кылган болот же ширк кылган болот.............................86

Аллах кааласа, мен касам ичип кийин андан жакшы ишти көрсөм, касамымды бузуп, жакшы ишти аткара берем" - деди ........................................................................88

Аллах каалады жана баланча каалады" деп айтпагыла. Анын ордунда: "Аллах каалады андан кийин баланча каалады" - дегиле ......................................................91

Менин силер үчүн корккон нерселеримдин эң коркунучтуусу - кичине ширк". "Кичине ширк деген эмне?" - дешти. Аллахтын элчичи мындай деди: "Рия ..93

Адамдарда каапырлыктын белгилеринен болгон эки белги бар: Ата-текти кемсинтүү жана өлүккө өкүрүп ыйлоо..........................................................................95

Кабырлардын үстүнө отурбагыла жана анда намаз окубагыла!.........................................................................96

Ит жана сүрөт бар үйгө периштелер кирбейт ................98

Периштелер ит жана коңгуроо бар кербенге (жолоочуларага) жолдош болбойт ..............................100

Шайтан силердин бириңерге келип: «Баланчаны ким жаратты? Муну ким жаратты?» - деген ойлорду салат. Акырында: «Раббиңди ким жаратты?» - деген азгырык суроо салат. Эгерде кимдир бирөөгө мындай азгырык ойлор келсе, анда ал Аллахтан коргоо сурасын жана андай ойлонуусун токтосун .........................................102

Ким Менин досума душмандык кылса Мен ага согуш жарыя кыламын. Пендемди мага жакындата турган Мен ага парыз кылган амалдардан өткөн амал жок...........104

Аллахтан корккула! Башчыңар хабаший (ынды кара) кул болсо да аны уккула жана моюн сунгула! Менден кийин көптөгөн карама-карышылыктарды көрөсүңөр. Ошондо менин жана менин туура жол көрсөтүүчү халифтеримдин сүннөт жолун бекем кармагыла! ..................................108

Кимде-ким (башчыларга) баш ийүүсүнөн тайып, жамааттан бөлүнүп өлсө, ал жахилияттын өлүмү менен өлөт. Ким сокур желектин астында согушса, уруусу же улуту үчүн өзгөчө катуу берилип ачууланса, же улутчулдукка чакырса, же аларга жардам берип жүрүп өлсө, анда жахилият өлүмү менен өлөт. Ким менин үммөтүмө каршы чыкса, салихине да, бузукусуна да сокку урса жана ыймандууларды (өлтүрүү азабынан) коркпосо жана анын убадасын аткарбаса, анда ал менден эмес жана мен андан эмесмин........................111

Аллах жоопкер кылып койгон пенде, ал өлөөр күнүнө чейин карамагындагыларды алдап жүрүп өлсө, Аллах аны бейишке кирүүсүн арам кылат..............................114

Келечекте силер алардын кээ бир ишине ыраазы болуп, кээ бир ишинен кайтара турган башчылар чыгат. Ким алардын жаман ишин (жүрөгү менен) жактырбаса, (күнөөдөн же эки жүздүүлүктөн) кутулат. Ким аларды (тили же колу менен) кайтарса, алар менен чогуу болуудан өзүн куткарат. Бирок (алар менен күнөө жана азапта бирге болот) ким аларга ыраазы болуп, ээрчисе ..........................................................................................115

Келечекте өзүмчүл башчылар жана диниңерде жек көргөн иштер болот". О, Аллахтын элчиси, (ал учурда) бизди эмне кылууга буйруйсуң - дешти (сахабалар).

"Силердин моюнуңардагы милдетиңерди аткара бергиле, акыңарды Аллахтан сурагыла" - деди ...........118

Оо, Аллах! Кимде-ким менин үммөтүмдүн иштерин башкарып, аларды кыйнаса, анда ага кыйынчылык бер. Кимде-ким менин үммөтүмдүн иштерин башкарып, аларга жылуу мамиле кылса, анда ага боорукерлик кыл ..............................................................................122

Дин — бул насаат» - деп айтты. Ошондо биз: «Оо, Аллахтын Элчиси, ким үчүн?» - деп сурадык. Ал: «Аллах үчүн, Аллахтын Китеби үчүн, Аллахтын Элчиси үчүн, мусулмандардын башчылары үчүн жана жалпы мусулмандар үчүн» - деп айтты ....................................124

«Аллахтын Элчиси(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул аятты окуду: «Ал сага (теңдешсиз) Китеп түшүргөн Зат. Анын ичинен Китептин энеси (маңызы) болгон мухкам-анык аяттар жана алардан башка муташабих (түшүнүлүшү оор) аяттар орун алган. Ал эми жүрөгүндө илдет-ийрилик болгон адамдар аны (өз каалоолоруна ылайыктап) түшүндүрүүнү жана бузукулукту үмүт кылып, муташабих аяттарды ээрчишет. Ал муташабих аяттын түшүндүрмөсүн Аллахтан бөлөк эч ким анык билбейт. Ошондуктан терең илимдүү адамдар: «Биз Куранга ыйман келтиргенбиз. Анын аяттарынын бардыгы Раббибибизден келген» - дешет. Акылдуу адамдар гана андан эскертме алышат». (Аали Имран, 7) Андан соң Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Эгерде андагы түшүнүүгө оор болгон аяттарды өзүнүн максатына ылайыктап түшүнгөн адамдарды

көрсөң, анда алар Аллах бул аятта айткан адамдар. Алардан сак бол» - деп айтты».*@ ...............................127

Силердин кимиңер күнөө ишти көргөн болсо, анда аны колу менен токтотсун! А эгерде колу менен токтото албаса, анда тили менен токтотсун! Ал эми тили менен да токтото албаса, анда жүрөгүнөн жек көрсүн! Мына бул ыймандын эң алсыздыгы..........................................................................133

Аллхтын чегинде турган жана ага кирип кеткен адамдын мисалы, бир адамдарга окшойт, алар кемеге чыгарда чүчү кулак кылып, кээ бири үстүнкү кабатына, кээ бири астына жайгашат ...........................................................136

Ким туура жолго багыт берсе, ал аны ээрчиген адамдардай эле сооп алат, мындан тигилердин сообу да кемип калбайт ...............................................................139

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, алдына бир киши келип: «Менин улоом өлүп калды, мага мени мингизип алып жүргөнү улоо берчи» десе, Пайгамбар ага: «Менде жок» - деди. Башка бир киши: «Оо, Аллахтын Элчиси, мен ага аны ким мингизип аларын көрсөтөм» - деди. Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Ким жакшылыкка жол көрсөтсө, анда ага аны аткарган адамдын сообундай сооп болот» - деп айтты.*@ ..............................................................................................141

Аллахка ант берип айтамын, сенин себебиң менен бир адам динге кирсе, бул сага кызыл төөгө ээ болгонуңдан да жакшы" - деди ...........................................................143

Ким бир коомго өзүн окшотсо, анда ал ошолордон ....147

Адам досунун management динде болот. Ошондуктан ар кимиң ким менен дос болоруна карасын .......................................149

Бул дин түндүн караңгылыгы менен күндүн нуру жеткен жердин баарына жетет. Аллах Таала бул динди киргизбеген же ылайдан салынган, же кийизден жасалган үй калбайт......................................................151

Мухаммаддын жаны колунда турган Аллахка ант болсун, яхуди болобу, христиан болобу бул үммөттөн ким мен (жөнүндө) угуп, кийин мен жиберилген динге ишенбей өлүп кетсе, тозок ээлеринен болот ................................153

Эй, адамдар, динде аша чаап кетүүдөн сактангыла. Анткени, силерден мурдагылар динде аша чапканы үчүн кыйрап жок болгон" - деди ...........................................156

Чектен ашкандар кыйроого учурады» - деп үч жолу айтты ..........................................................................................158

Жөөттөр - алар каарга калган, христиандар болсо - адашкан..............................................................................159

Аллах асмандар менен жерди жаратардан элүү миң жыл ..........................................................................................160

Чындыкты айткан жана айтканы тастыкталган Пайгамбар(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бизге мындайча баяндап берди: «Чындыгында, силердин ар бириңер энесинин ичинде кырк күн .......162

Бейиш силерге бут кийиминердин боосунан да жакыныраак жана тозок да ошол сыяктуу ....................165

Тозок напсинин кумарлары менен курчалган. Ал эми бейиш кыйынчылыктар менен курчалган ....................166

Аллах бейиш менен тозокту жаратканда Жебреил периштени бейишке жөнөтүп: «Бейишке көз салып көр, мен ал үчүн эмнелерди гана даярдаганымды кара» - деди. Жебреил периште бейишти көрүп чыгып: «Сенин улуулугуңа ант болсун, аны ким гана уккан болсо, анда ага сөзсүз аракет кылып кирет" - деди. Ошондо Аллах бейишти кыйынчылыктар менен курчоого буйруду. Анан Жебреил периштеге: «Бейишке баргын да, бейишти жана Мен анда анын эли үчүн эмнелерди даярдап койгонумду карагын» - деп жөнөттү. Жебреил периште бейишке келип караса, анын айланасы кыйынчылыктар менен курчалган экен. Жебреил периште Раббисине келип мындай деп айтты: «Сенин кудуретиңе ант болсун, ага эч ким кире албайтко деп корктум». Аллах ага: «Сен баргын да, тозокту жана анын эли үчүн эмнени даярдап койгонумду көр» - деп буйруду. Периште тозокко барып караса, алар биринин алоолонгон отунан экинчисин оту өйдө болуп жанып жаткан экен, анан кайра кайтып келип: «Сенин улуулугуңа ант болсун, ага эч ким кирбейт» – деп айтат. Ошондо Аллах аны азгырыктар менен курчоого буйруйт. Анан Жебреилге: «Артка кайтып барып, аны кайрадан карагын» - деп кайра карап келүүгө буйруйт. Жебреил периште барып караса, анын айланасы азгырыктар менен курчалган болот. Ал Аллахка кайтып барып: «Сенин улуулугуңа ант болсун, мен андан эч ким кутула албайт деп коркуп турам» - деп айтат...168

Селердин күйгүзгөн отуңар – тозок отунун жетимиш бөлүгүнүн бири. Анда: «Оо, Аллахтын Элчиси! Бул дүйнөнүн оту болсо да жетиштүү болмок» - деп айтылды. Пайгамбар: «Тозоктун оту бул дүйнөнүн отунан алтымыш

тогуз эсе ысык болду. Анын баары бул дүйнөнүн отунун ысыгындай ысык ........................................................172

Аллах жерди кармап, асмандарды түрүп, оң колуна алып, анан: "Мен - Падышамын, жердин падышалары кайда?!" - дейт.................................................................174

Кыямат күнү Аллахтын алдында азабы катуу боло турган адамдар - Аллахтын жараткан нерселерине окшошту тарткандар" - деди ......................................................175

Жаным Анын колунда турганга (Аллахка) ант ичип айтам, силерге Марямдын уулу түшүп, адилеттүү өкүмдар болоруна аз калды. Ал крестти сындырат, чочкону өлтүрөт, салыкты (жизя) жок кылат, мал-мүлк аябай көбөйүп, аны эч ким албай калат .................................177

«Аллахтын Элчиси(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) амекисине: «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок деп айтыңыз. Кыямат күнү мен сизге күбө болом» - деп айтканда, ал айтты: «Эгерде Курайш башчылары «бул өлүмдөн коркуп келимени айтты» дешип жемелөөлөрү болбогондо, анда мен сенин көзүңдү сүйүнтмөкмүн». Ошондо Аллах бул аятты түшүрдү: «Чындыгында, сен жакшы көргөн адамыңды туура жолго алып келе албайсың. Бирок Аллах каалаган пендесин туура жолго алып келет». (Касас, 56)*@ ......178

Менин Хаудум бир айлык жолдун алыстыгындай чоң. Анын суусу сүттөн ак, жыты мисктен жыттуу. Анын идиштери асмандагы жылдыздардын санындай. Андан ичкен адам эч качан суусабайт ...................................181

Өлүм ала түстүү кочкордун кейпиндей болуп алып келинет. Ошондо бир чакыруучу: «Эй, бейиш ээлери» - деп чакырат. Алар баштарын көтөрүп карап калышат. Ошондо ал: «Силер муну билесиңерби?» - дейт. Алар: «Ооба, бул өлүм» - дешет, аны баары көрүшөт. Анан ал: «Эй, тозок ээлери» - деп чакырат. Алар баары баштарын көтөрүп карашат. Ал: «Силер муну тааныйсыңарбы?» дейт. Алар: «Ооба, бул өлүм» - дешет, аны баары көрүшөт. Ошондо аны союп: «Эй, бейиш ээлери! Түбөлүкө каласыңар, өлүм жок» – деп айтат. Эй, тозок ээлери! Түбөлүкө каласыңар, өлүм жок» - деп бул аятты окуду: «Аларды зыянга учураган күн менен эскерткин. Алар капылет абалда болгон учурда Кыямат болот» (Мариям: 39) Дүйнө ээлери алар ушундай капылетте болушат. «Алар ыйман келтиришпейт» - деген аятты окуду ..............................................................182

Эгерде силер Аллахка чыныгы таваккүль (таянуу) кылганыңарда, Аллах силерге эртең менен курсагы ач чыгып, кечинде курсагы ток кайткан чымчыка ырыскы бергендей ырыскы бермек ..........................................185

Улоодо бара жаткан адам, жөө бара жаткан адамга, жөө бара жаткан адам, отурган адамга, аз сандагы адам, көп сандагы адамга салам айтат........................................187

«Эй, пенделерим! Чындыгында, Мен зулумдук кылууну Өзүмө арам кылдым жана аны силерге да арам кылдым. Ошондуктан силер, эч качан бири-бириңерге зулумдук кылбагыла! Эй, пенделерим! Чындыгында силердин баарыңар адашуудасыңар, бир гана Мен туура жолго салып койгон адамдар гана туура жолдо. Мына

ошондуктан силер Менден туура жол сурагыла! Ошондо Мен силерди туура жолго саламын. Эй, пенделерим! Чындыгында, бардыгыңар ачкасыңар, Мен ырыскы берген адамдар гана ток болушат. Ошондуктан менден ырыскы сурагыла, Мен силерге ырыскы беремин. Эй, пенделерим! Акыйкатта силердин араңардан, Мен кийинтип койгон адамдардан башка баарыңар жылаңачсыңар. Ошондуктан силер – Менден гана кийиндирүүнү сурангыла, Мен силерди кийимдүү кылам. Эй, пенделерим! Силер эртеден кечке күнөө кыласыңар. Ал эми Мен күнөөлөрдүн бүт баарын кечиремин. Ошондуктан силер – Менден кечирим сурагыла! Мен силерди кечиремин. Эй, пенделерим! Мага зыян бергенге аракет кылып көргүлө. Бирок силер – эч качан Мага зыян бере албайсыңар. Эй, пенделерим! Силер Мага пайда бергенге да аракет кылып көргүлө. Бирок силер – эч качан Мага пайда бере албайсыңар. Эй, пенделерим! Эгерде силерден алгачкыңардан баштап акыркыңарга чейинки адамдардын жана жиндердин бүт баарысынын жүрөктөрү силердин араңардан эң такыбалуу бир кишинин жүрөгүндөй болуп бир деңгээлде такыбаа болсоңор да, бул нерсе Менин мүлкүмдөн эч нерсени көбөйтпөйт. Эй, пенделерим! Эгерде силерден алгачкыңардан баштап акыркыңарга чейинки адамдардын жана жиндердин бүт баарысынын жүрөктөрү, силердин араңардан эң жаман бир кишинин жүрөгүндөй болуп бир деңгээлде жаман болсоңор да, бул нерсе Менин мүлкүмдөн эч нерсени азайтпайт. Эй, пенделерим! Эгерде силерден алгачкыңардан баштап акыркыңарга чейинки адамдардын жана жиндердин бүт

баарысы бир жерге чогулушуп туруп, Менден муктаждыктарын сураса, Мен алардын ар бирине сураган нерселерин берсем да бул нерселер – ийне деңизге салынып алынганда деңиздин суусун ийне азайткан сыяктуу менин мүлкүмдөн ошончолук деңгээлде гана кемите алат. Эй, пенделерим! Чындыгында, алар силердин кылган иш-аракеттериңер. Ал иш-аракеттериңерди эсеп-кысап кылам. Анан ошого жараша силерге сооп же жаза берем. Кимде-ким өзүн жакшы абалда тапса, анда ал Аллахка мактоо айтсын. Ал эми кимде-ким өзүн жакшы абалда таппаса, анда ал өзүнөн башка эч кимди күнөөлөбөсүн».*@ .................189

Зулумдуктан сактангыла! Себеби зулумдук - кыяматтагы караңгылык. Ач көздүктөн сактангыла! Анткени, силерден мурдагылар ач көздүктүн айынан кыйроого учураган..............................................................................195

Чынында Аллах Таала заалымга убакыт берет, анан аны кармаганда такыр коё бербейт.....................................196

Пайгамбар(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Улуу Раббисинен риваят кылган хадисте мындай деп айтты: «Чындыгында, Аллах жакшылыктарды да, жамандыктарды да жазып анан аны ачык баяндады. Кимде-ким бир жакшылык кылууну каалап, аны аткара албай калса, анда Аллах Өзүндө ага толук жакшылык жазат. А эгерде ал ниет кылып аны аткарса, анда Аллах Өзүндө ага он эседен жети жүз эсеге чейин, бир канча эселетип жазат. Кимде-ким бир жамандык кылууну ниет кылып, аны кыла албай калса, анда Аллах ага толук жакшылык жазат. А эгерде ниет кылып аны аткарган

болсо, анда Аллах Өзүндө ага бир жамандыкты гана жазат».@ ..........................................................................198

Ким Исламда жакшылык кылса, жахилиятта кылган иши үчүн жазаланбайт, ал эми ким Исламда жүрүп жаман иштерди кылса, биринчи жана акыркысы үчүн жазаланат ..............................................................................................201

Көп киши өлтүргөн, көп зына кылган кээ бир мушриктер Мухаммад, саллаллаху алейхи уа салламга, келишип: "Чындыгында, сенин айтканың жана чакырганың жакшы. Бизге кабар берчи. Биз аткарып койгон нерселердин каффараты барбы?" - дешти. Ошондо бул аяттар түштү. Аллах таала айтты: "Алар Аллахтан башка кудайларга дуба кылышпайт, Аллах өлтүрүүгө тыюу салган жанды укуксуз (шарияттын талаптарысыз) өлтүрүшпөйт. Акысы (өчү) бар болгондо гана (өлтүрүүсү адал болот). Алар зына кылышпайт.(Фуркан сүрөөсү, 68-аят). Аллах таала айтты: "(Оо, Мухаммад, Менин пенделериме) айт: "Оо, Менин, өздөрүнө ысырап кылып (көп күнөө) кылган пенделерим! Аллахтын ырайымынан үмүтсүз болбогула!". (Аз-Зумар сүрөөсү, 53).@* .......................202

Мен: «Оо, Аллахтын Элчиси, айтыңызчы, мен Исламга чейинки доордо азат кылган, садака берген жана туугандык мамиле кылган иштерим үчүн сооптордү аламбы?» - деп айттым. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам: «Сендеги болгон жакшылык иштериң менен бирге Исламды кабыл алгансың» - деп айтты. @ ........205

Аллах ыймандуу адамдын жасаган жакшылыгынын сыйлыгын бербей коюп зулумдук кылбайт. Ага бул дүйнөдө жакшылыгын жана, акыретте болсо толук сооп-

сыйлыгын берет. Ал эми каапыр болсо, бул дүйнөдө кудай деп кылган жакшылыктарына сыйлыгын алат. Ал эми акыретке барганда, ал эч бир жакшылыгынын сообун албайт ..........................................................206

Эй, адам баласы! Эгер Мага дуба кылып, анын кабыл болуусун үмүт кылсаң, сенден болгон күнөөнүн баарын кечирип коюу Мага эч нерсе эмес ................................207

«Бир адам күнөө кылып: «Оо, Аллах! Менин күнөөмдү кечире көр» деди. Ошондо Аллах Таала: «Менин пендем күнөө кылды. Андан кийин ал күнөөлөрдү кечире турган жана күнөө үчүн азаптай турган Раббиси бар экенин билди» - деп айтты. Андан кийин ал адам кайра күнөө кылып: «Оо, Раббим! Менин күнөөмдү кечир» - деди. Ошондо Аллах Таала: «Менин пендем күнөө кылды. Ал күнөөлөрдү кечире турган жана күнөө үчүн азаптай турган Раббиси бар экенин билди» - деп айтты. Андан кийин ал адам кайра күнөө кылып: «Оо, Раббим, менин күнөөмдү кечир» - деп айтты. Ошондо Аллах Таала: «Менин пендем күнөө кылды. Ал күнөөлөрдү кечире турган жана күнөө үчүн азаптай турган Раббиси бар экенин билди» - деди да: «Каалаганыңды кыл, анткени Мен сени кечирдим» - деп айтты.*@............................210

Кайсы бир киши күнөө кылып, кийин туруп тазаланып (даарат алып), анан намаз окуса, анан Аллахтан (күнөөсүнө) кечирим тилесе, Аллах аны кечирет........214

Чынында, Аллах Таала күндүзү күнөө кылгандардын тобосун кабыл кылуу үчүн түнү колун созот. Түндө күнөө кылгандардын тобосун кабыл кылуу үчүн күндүзү колун

созот. Анын мындай ырайымы күн батыштан чыкканча уланат ..............................................................216

Раббибиз Улук Аллах Таала ар бир түнү түндүн акыркы үчүнчү бөлүгү калганда дүйнө асманына түшөт...........218

Аллахтын Элчиси(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Чындыгында, адал нерселер белгилүү, арам нерселер да белгилүү. Ал эми ал экөөнүн ортосунда көптөгөн адамдар билбеген күмөндүү нерселер бар. Ким ошондой күмөндүү нерселерден сактанса, анда ал динин жана намысын таза сактаптыр. Ким күмөндүү нерселерди кылган болсо, анда ал арамга түшүп калышы мүмкүн. Бул бирөөнүн корук-жайына жакын малын жайып жүргөн чабан сыяктуу. Ал малын карап турбаса, корук-жайга кирип кетүүсү мүмкүн. Ар бир падышанын корук-жайы болот. Аллахтын корук-жайы – Ал арам кылган нерселер. Чындыгында, денеде бир үзүм эт бар, эгерде ал оңолсо, дененин баары оңолот. Эгерде ал бузулса, анда дененин баары бузулат. Мына ошол бир үзүм эт – ал жүрөк .........................................................219

Менин сахабаларыма тил тийгизбегиле! Силерден бирөөңөр Ухуд тоосундай каржы берсе, анысы сахабаларымдын бир кочуш же анын жарымындай каржысына татыбайт.....................................................222

«Күндөрдүн биринде мен пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, артында учкашып бара жатсам ал мага мындай деп айтты: «Эй, бала! Мен сага ушундай сөздөрдү үйрөтөм: Аллахтын (шариятын) сакта! Аллах сени сактайт. Аллахтын (дайыма шариятын) сактап жүр! Мына ошондо Аллах сени бардык жакшылыктарга

жолдогонун табасың. Эгерде сурай турган болсоң, анда Аллахтан сура. А эгер жардам сурай турган болсоң, анда Аллахтан сура. Билгиниң! Эгерде бүткүл үммөт сага пайда берүү үчүн бириксе да, алар сага Аллах тагдырыңа жазганчалык гана пайда бере алышат. Ошондой эле үммөттүн бардыгы сага зыян берүү үчүн бириксе, алар сага Аллах тагдырыңа жазганчалык гана зыян бере алышат. Калемдер көтөрүлгөн, барактар кургаган».*@ ....................................................................................223

мага Исламдагы бир сөздү үйрөт, ал жөнүндө сенден башка эч кимден сурабаймын, - дедим. Ал: "Аллахка ыйман келтирдим" дегин, анан түз жүргүн" - деди .....226

Ыймандуулар бири-бирин жакшы көрүүдө, ырайым кылууда жана жардам берүүдө бир бүтүн дене сыяктуу, дененин бир мүчөсү ооруса, уйкусуздукта жана ысытмада ага бардык мүчөлөр шерик болот ..............228

Ким даарат алганда жеткиликтүү жакшы даарат алса, денесинен күнөөлөрү төгүлүп, тырмактарынын астынан чыгып кетет ........................................................................229

Деңиздин суусу таза, өлүмтүгү адал" - деп жооп берди ....................................................................................231

Эгер суу эки кулла (чоң кумара) чыга турган болсо, ал нажас болбойт ...........................................................233

Даарат ушатууга барганыңарда кыбалага жүздөнүп отурбагыла, артыңарды да салбагыла. Чыгышка же батышка жүздөнүп отургула ........................................235

Эч кимиңер заара кылганда мүчөсүн оң колу менен кармабасын. Даарат ушатканда оң колу менен

тазалабасын. Ичкенде идиштин ичине демин чыгарбасын ........................................................................236

Силерден бирөөңөр уйкудан турганда мурдун үч жолу кеңилжээрине чейин тазалап жуусун. Анткени шайтан мурундун кеңилжээринде түнөйт.................................238

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жуунганда бир саадан беш мудга чейин өлчөмдөгү сууга жуунчу. Даарат алганда бир муд сууга даарат алчу .......................................................................239

Силерден бирөөңөрдүн даараты бузулса, даарат алмайынча Аллах намазын кабыл кылбайт..................241

Бир киши даарат алып бутун жууганда тырмак ордундай жерине суу тийбей калды эле аны көрүп калган пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Кайра кайт да, дааратыңды жакшылап ал" - деди. Тиги кайра даарат алып, анан намаз окуду ........243

Суу жетпеген согончокторго азап болот, дааратты жеткиликтүү алгыла!" - деди ..........................................245

Пайгамбар(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар бир намазга даарат алчу"- деди. Ошондо (Амр бин Аамир) Мен: "Силер кандай кылат элеңер?" - деп сурадым. Ал Анас бин Малик: "Даарат бузулбаса, ар бирибизге бир даарат менен (бир нече намаз окууга) болот." - деди..............................................................247

Пайгамбар(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир жолудан, бир жолудан жууп даарат алды ..........................................................................................248

Чындыгында. Пайгамбар(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эки жолудан, эки жолудан жууп даарат алды ........................................................................249

Усман ибну Аффан, радыяллаху анхунун, кулу Хумрон айтат: “Усман ибну Аффан(Аллах андан ыраазы болсун) даарат алганга суу алдырды да идиштеги суудан эки колуна куюп, колдорун үч жолу жууду. Андан кийин оң колу менен идиштен суу алып оозу менен мурдун чайкады. Андан соң бетин үч жолу жана колдорун чыканакка чейин үч жолу жууду. Андан кийин башына масх тартты да эки бутун үч жолудан жууду. Анан мындай деп айтты: “Мына мен ушундай даарат алганымдай Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, даарат алып жатканын көрдүм”. Анан айтты: “Ким менин даарат алганымдай даарат алып, эч нерсени сүйлөбөй эки рекет намаз окуса, Аллах таала анын өткөн күнөөлөрүн кечирет”.*@ ..............................................................250

Силердин бирөөңөр даарат алса, мурдуна суу алып, анан кайра чимкирсин. Аврет жерлерин тазаласа так санда тазаласын ...............................................................254

Бул экөө азапталып жатат. (Өздөрүнүн оюндагы) чоң эмес күнөө себептүү азапталып жатат. Экөөнүн бири заарасынан тазаланбайт эле. Ал эми экинчиси ушак-айың таратып басып жүрчү ................................................256

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ажатканага кирээрде: "Аллахым, жиндердин эркек, ургаачысынын жамандыгынан сактоону Өзүңдөн тилейм" деп айтчу ............................................................258

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ажатканадан чыкканда: "Гуфранака" деп айтчу ..........................................................................259

Мисвак колдонуу оозду тазартат жана Раббимдин ыраазылыгына жеткирет ............................................261

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) түндө турганда, оозун мисвак менен тазалайт эле ..........................................................................262

Ар бир мусулман жети күндө бир жуунууга милдеттүү, ошол күндөрдө башын жана денесин жууйт................263

Беш нерсе бул адамдын табияттык тазалыгынан. Алар: сүннөткө отургузуу, уяттуу жерлердеги түктөрдү кыруу, мурутту кыскартуу, тырмактарды алуу жана колтуктун түктөрүн жулуу..........................................................265

Мен маази суусу көп аккан киши элем. Анын күйөө баласы болгонум үчүн пайгамбардан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) (бул тууралуу) суроодон уялып жүрдүм. Анан Микдад бин ал-Асвадды сурап келүүгө жибердим. (Сураса), ал: "Аспабын жууп, анан даарат алат" - дептир ..................................................267

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жунубдуктан жуунганда, алгач эки колун жууп, анан намазга даарат алгандай даарат алчу да, андан кийин толук жуунчу ......................................................269

Сага колдоруңду мына ушинтсең жетиштүү болмок" - деп, алакандары менен жерди бир жолу чаап, анан оң жана сол колунун үстүнө, анан бетине сүртүп койду...271

Аларды тек кой, анткени мен аларды даарат алып анан кийгенмин ..........................................................273

бул тамыр (жарылгандан чыккан) каны. Сен этек кир көргөн күндөрдүн эсебинче намазыңды токтот да, андан кийин жуунуп намаз окуй бер......................................276

Эгерде силердин бирөөңөр курсагындагы желдин чыкканын билсе жана андан жел чыктыбы же чыкпадыбы деп күмөн санаса, ал желдин үнүн укмайынча же жытын жыттамайынча мечиттен чыкпасын...........................................................................278

Эгерде бирөөңөрдүн идишине ит башын салса, ал идишти жети жолу жууп тазаласын ..............................279

Эгерде азанчы: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - десе, силер да: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Ашхаду ал-лаа илааха иллаллах" - десе, силер да: "Ашхаду ал-лаа илааха иллаллах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Ашхаду анна Мухаммадар-расуулуллах" - десе, силер да: "Ашхаду анна Мухаммадар-расуулуллах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Хаййя алас-солаах" - десе, силер: "Лаа хаула уа лаа куввата илла бил-лаах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Хаййя алаль-фалаах, хаййя алаль-фалаах" - десе, силер: "Лаа хаула уа лаа куввата илла бил-лаах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - десе, силер да: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Лаа иляха иллааллах" - десе, силер да: "Лаа иляха иллааллах" - деп чын жүрөктөн айтсаңар, анда Аллах силерди бейишке киргизет”. (7) ............................................................281

Эгер силер азанчыны уксаңар анын айтканын айткыла, андан соң мага салават айткыла. Анткени ким мага бир салават айтса, анда Аллах ал себептен ага он салават айтат. Андан кийин мага Аллахтан васила (10) сурагыла. Анткени ал васила бейиштеги улуу макам. Ал макам бир гана Аллахтын кулуна ылайыктуу. Ал мен болом деп үмүттөнөм. Ошондуктан ким мен үчүн васила сураса, ага шапаат уруксат болот ....................................................284

Ким азанчынын үнүн укканда: "Ашхаду ан лаа илааха иллаллааху вахдаху лаа шарика лах, ва анна Мухаммаддан абдуху ва расуулух, розийту биллаахи роббан, ва бил ислаами диинан" деп айтса, анын күнөөлөрү кечирилет ....................................................287

Азан жана икооматтын ортосунда айтылган дуба артка кайтарылбат..........................................................................289

- деп сурады. "Ооба" - деди тиги киши. "Анда ага жооп бер" - деди ..........................................................................290

Эгерде силерден кимдир бирөөнүн эшик алдында дарыя агып, анан ал ошол дарыяга бир күндө беш жолу жуунса, анын денесинде кир калабы? ........................................292

Аллахка кайсы иш-амал көбүрөөк жагат? - деп сурадым. "Өз убагында окулган намаз" - деди ал. Андан кийиничи? - деди. "Андан кийин ата-энеге жакшы мамиле кылуу" - деди. Андан кийинчи? - деди. "Аллахтын жолунда жихадга чыгуу ..........................................................293

Кайсы бир мусулман пенде, ага парз намаздын убактысы келгенде дааратын жеткиликтүү алып, жүрөгү менен берилип, үрүкүлөрүн жакшы аткарып намаз окуса, андан

мурдагы (майда) күнөөлөрүн кетирет, эгер ал чоң күнөө кылбаган болсо. Бул ар дайым ушундай......................295

Беш убак намаз бири-бирине чейинки, жума намазы келерки жумага чейинки, Рамазан айы келерки Рамазан айына чейинки кичине күнөөлөрдүн кечирилишине себеп болот, эгерде чоң күнөөлөрдөн алыс болсо ......297

Балдарыңарды жети жашка чыкканда намаз окууга буйругула, он жашка чыкканда (окубаса, эскертүү үчүн акырын) ургула жана (кыз менен баланын) жаткан орундарын бөлгүлө ......................................................298

Аллах таала айтты: "Намазды Менин жана пендемдин ортосунда экиге бөлдүм, ошондой эле пендеме сураган нерсеси (берилет). Эгерде пенде: "Альхамду лиллахи Роббиль ааълямиин" - деп айтса, Аллах айтат: "Пендем Мага шүгүрлөрдү айтты". Эгерде пенде: "Ар-Рахманир Рахийм" - деп айтса, Аллах айтат: "Пендем Мага мактоолорду айтты". Эгер пенде: "Маалики яумуддиин" - деп айтса, Аллах айтат: "Пендем Мени улуктады". Эгерде пенде: "Иййака наьбуду ва иййака настаьийн" - деп айтса, Аллах айтат: "Бул Мени менен пендемдин ортосундагы (нерсе) жана Пендеме сураган нерсеси (берилет)". Эгерде пенде: "Ихдинас сиротоль мустакийм. Сиротоль лязиина анъамта аълайхим гойриль магдууби алайхим уа ляд-доооолллиин" - деп айтса, Аллах айтат: "Бул пендем үчүн, пендеме сураган нерсеси (берилет) ..........................................................................................300

Чындыгында, биз менен алардын ортосундагы келишим намаз, ким аны таштаса, каапыр болот.......................303

Чындыгында, адам менен ширк, каапырлыктын ортосунда намазды таштоо гана турат.........................304

Эй, Билал, намазга чакыр жана намаз менен бизди эс алдыр..........................................................................306

Аллахумма баъид байни ва байна хотойайа камаа баъадта байнал машрики вал магриб,.........................307

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) намазды баштаганда эки колун эки ийининин тушуна чейин көтөрчү ...................................................310

Фатиханы окубаган адамдын намазы жок ..................312

"Чындыгында, Абу Хурайра(Аллах андан ыраазы болсун) ар бир парз намазда жана башка убакта, Рамазанда жана башка убакта рүкү кылып жатканда: "Аллаху Акбар" - деп такбир айтып, рүкүдөн турганда: “Самиьаллаху лиман хамидах” - деп айтып, андан кийин саждага барардан мурда "Раббанаа лакал хамду" деп айтчу. Андан кийин саждага жыгылганда "Аллаху акбар" деп такбир айтып, саждадан башын көтөргөндө "Аллаху акбар" деп такбир айтып, андан кийин кайра сажда кылып жатканда "Аллаху акбар" деп такбир айтып, андан кийин саждадан башын көтөргөндө "Аллаху акбар" деп такбир айтчу. Андан кийин эки сажданын ортосуна отурганы турганда “Аллаху акбар” деп такбир айтчу. Ал намазды бүтүргөнгө чейин ар бир рекетте ушундай кылган". Намазын окуп бүткөндөн кийин: "Менин жаным Анын колунда болгон Затка касам! Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, намазына эң жакын окшоштурдум. Чындыгында Пайгамбар(ага Аллахтын тынчтыгы жана

мактоосу болсун) дүйнөнү таштап кеткенге чейинки намазы ушул болгон" - деп айткан". @ ........................313

Жети мүчөмдү жерге тийгизип сажда кылууга............316

Аллахтын пендеге эң жакын боло турган учуру - түндүн акыркы бөлүгү ........................................................318

Раббиңерди ушул айды көрүп турган сыяктуу көрөсүңөр, Аны көрүүдө эч кыйналбайсыңар ................................320

Ким эртең мененки жана кеч курунку намазды окуса, бейишке кирет ........................................................322

Кимде-ким багымдат намазын окуса, анда ал Аллахтын коргоосунда болот. Ошондуктан Аллах силерден Өзүнүн коргоосундагы адам тууралуу эч нерсени талап кылбасын. Анткени Аллах кимден Өз коргоосундагы адам тууралуу бир нерсени талап кылса, анда Аллах ага сөзсүз жетет. Андан кийин аны бети менен тозоко ыргытат ..........................................................................323

Ким асыр намазын калтырса, анын амалы текке кетет" - деген ..............................................................................325

Ким бир намазды унутса, аны эстегенде окусун. Ага андан башка каффарат (8) жок. Аллах таала айтты: "Мени эстөө үчүн намаз оку ..................................................326

Мунафыктар үчүн эң оор намаз – куптан жана багымдат намаздары. Эгер алар ал намаздарда эмне бар экенин билишкенде, анда жөрмөлөп болсо да келишмек. Мен намаз окууга буйрук берип, намаз окулуп, бир кишини адамдарга имам болуп намаз окууга буюруп, анан мен отун көтөргөн кишилер менен намазга келбеген

адамдарга барып алардын үйлөрүн өрттөөнү кааладым ........................................................................328

Аллахтын Элчиси(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) рүкүдөн далысын көтөргөндө: "Самиьаллааху лиман хамидах. Аллахумма Раббанаа лакал хамд, мил ассамааваати, уа мил ал арди, уа мил а маа ши та мин шай ин баьд" - деп айтчу ............................................330

Пайгамбар(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эки сажданын ортосунда: "Раббигфир ли, Раббигфир ли" - (10) деп айтчу....................................332

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) эки сажданын ортосунда: "Аллахуммагфир лии, вархамнии, ва аъфинии, вахдинии, варзукнии" - деп айтчу ..............................................................................333

Намаз окуганыңарда катарыңарды түздөп тургула, анан силердин бириңер намазда имам болсун. Ал имам: "Аллаху Акбар" - деп такбир айтса, анда силер да "Аллаху Акбар" деп такбир айткыла. Эгерде имам: «Гайрил магдууби алайхим уалад-доооооллиин" - деп айтса, анда силер: "Аамиин" - деп айтсаңар, Аллах Таала силерди жакшы көрөт. [Фатиха: 7] Эгерде имим такбир айтып рүкү кылса, анда силер да такбир айтып рүкү кылгыла. Анткени имам силерден алдын рүкү кылып, силерден алдын рукүдөн тик турат. Ошондуктан Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: "Тиги тигини ээрчийт" - деп айткан. Эгерде имам: "Самиаллааху лиман хамидах" - десе, анда силер: "Аллахумма Раббана лакал хамду" - десеңер, Аллах силерди угуп турат. Анткени Аллах Таала Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, тили

менен: "Самиьаллааху лиман хамидах, Аллах мактоо шүгүр айткандарды угат" - деген. Эгерде имам такбир айтып сажда кылса, анда силер да такбир айтып сажда кылгыла. Анткени имам силерден алдын сажда кылып, кайрадан саждадан турат. Ошондуктан Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: "Тиги тигини ээрчийт" - деп айткан. Имам каадага отурганда силердин биринчи айткан сөзүңөр: "Аттахиятут-тоййибаатус-салавaату Лиллахи. Ассаламу алайка аййухан набиййу уа рахматуллахи уа баракатух. Ассалааму алайна уа алаа ибаадиллахис-саалихиин. Ашхаду аллаа илааха иллаллааху уа ашхаду анна Мухаммадан абдуху уа расуулух" - сөзү болсун ....................................................334

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) менин алаканымды эки алаканын ортосуна кармап, ташахудду мага куду Курандын сүрөлөрүн үйрөткөндөй үйрөттү.........................................................341

Аллахым, кабыр азабынан, тозок азабынан, жашоонун жана өлүм фитна-бүлгүнүнөн жана масих Дажжалдын фитна-бүлгүнүнөн сактоону Өзүңдөн суранам.............344

Аллах Таалага көп сажда кылгын. Сажда кылганың сайын сенин даражаңды көтөрүп, катаңды өчүрөт.................347

Тамак келгенде намаз болбойт жана эки нажас келип калган абалда туруп да намаз окулбайт .......................349

Усман бин Абу аль-Аас(Аллах андан ыраазы болсун) Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, келип: "Оо, Аллахтын Элчиси, мен намазда Куран окуп жатканымда шайтан аралашып, мени адаштырууга аракет кылып

жатат" - деди. Ошондо Аллахтын Элчиси(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Бул "Ханзаб" деп аталган шайтан. Эгерде аны сезсең, анда Аллахтан андан коргоо тилегин жана үч жолу сол тарабыңа түкүргүн". Усман бин Абу аль-Аас(Аллах андан ыраазы болсун) айтты: "Ошондо мен ушундай кылдым, Аллах Таала аны менден кетирди".@*...................................350

Адамдардын эң жаманы – өзүнүн намазынан уурдаган адам" - деди. Абу Хурайра айтты: "Намазын кантип уурдай алат?". Пайгамбар(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Намазынын рүкүсүн да, саждасын да толук кылбайт .........................................352

Силердин бириңер башын имамдан мурда көтөрүп алса, Аллах анын башын эшектин башындай, же анын кейпин эшектин кейпиндей кылып коюусунан коркпойбу ......354

Эгерде силерден бирөөңөр намаз окуп жатып үч рекетпи же төрт рекетпи окуганын билбей шектенип калса, шектенип турганын эмес, анык болуп турганын улантып окуй берсин. Анан намаздын акырында салам берүүдөн мурда эки жолу сажда кылсын ....................................355

Жаркырап күн чыгып жаткан күндөрдүн эң жакшысы бул - жума күн.............................................................358

Кимде-ким жума күнү жунуптуктан жуунгандай жуунуп, анан эртелеп мечитке барса,.........................................360

Аллахумма антас-салам, ва минкас-салам, табааракта зал жалаали вал икрам" деп айтчу....................................363

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ушул сөздөрдү ар бир намаздан кийин айтчу" - деди .....................................................................364

Чындыгында, Пайгамбар(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар бир парз намаздын аягында мындай деп айтчу: “Лаа илааха иллаллаху, уахдаху лаа шариика лаху, лахул мулку, уа лахул хамду, уа хува алаа кулли шай ин Кадиир. Аллахумма лаа мааниьа лимаа аьтойта уа лаа муутиьа лимаа манаьта, уа лаа йанфаьу зал жадди минкал жадду ...........................................................367

Кимде-ким ар бир парз намаздан кийин отуз үч жолу Аллахка тасбих айтса, отуз үч жолу алкыш-мактоо айтса, отуз үч жолу такбир айтса, жалпы токсон тогуз болуп, жүзүнчүсүн: "Лаа илаха иллаллааху вахдаху лаа шарикалах, лахул мулку, ва лахул хамду, ва хува алаа кулли шайин кодиир" деп жыйынтыктаса, деңиздин көбүгүндөй көп күнөөсү болсо да кечирилет ...............369

Кимде-ким ар бир парз намазынан кийин "Аят ал-Курси" деген аятты окуп жүрсө, анын бейишке кирүүсүн өлүмү гана тосуп турат .......................................................371

Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) он ирекет намазын эстеп калдым...................373

Бардык эки азандын ортосунда намаз бар. Бардык эки азандын ортосунда намаз бар". Анан: "Каалагандар үчүн" - деп кошумчалаган...............................................375

Силердин бирөөңөр мечитке киргенде отурар алдында эки рекет намаз окусун ...............................................376

Эгер жанындагы адамга жума күнү имам кутба айтып жаткан маалда: "Тынчтанып ук» - десең да, анда куру сөз сүйлөгөн болосуң ..........................................................377

Туруп оку, эгер анте албасаң, анда отуруп оку. Эгер анте да албасаң, анда жатып оку" - деди..............................379

Менин бул мечитимде окулган намаз, Харам мечитинен башка бардык мечиттерде окулган миң намаздан жакшыраак..........................................................................380

Чындыгында, Усман бин Аффан мечитти кургусу келгенде адамдар муну жактырбай, аны ошол бойдон калтырып койгонун жакшы көрүштү. Ошондо Усман бин Аффан айтты: "Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: "Ким Аллах үчүн мечит курса, Аллах ал үчүн бейиште ошол мечиттей курат".*@ .......................................................................381

Алтыны жана күмүшү бар адам, ал экөөнүн акысын бербесе, кыямат күнү болгондо, алтын-күмүшү оттон болгон тактайчага айланат ...........................................383

Берилген садакадан пенденин мал-дүнүйөсү кемибейт. Пенде башкаларды кечирүү менен аны Аллах анын кадыр-баркын көтөрөт. Кимдир бирөө Аллах үчүн кичипейил болсо, анда Аллах аны жогору кылат.........391

Аллах Таала: "О, Адам баласы! Нафака бер, сага да нафака берилет" деген ..................................................392

Эгер киши үй-бүлөсүн сооп үмүт кылуу менен каржыласа, анын каржысы садака болуп эсептелет .......................394

“Адам өлгөндө, анын иш-аракеттери бүт токтойт. Бирок үч ишинин гана сообу токтобой улана берет. Алар: эл пайдасын көргөн, сообу үзүлбөгөн садакалары; бирөөлөргө үйрөтүп кеткен пайдалуу илим-билими; артынан дуба кылган ыймандуу баласы” .....................395

Күмүштү алтынга алмаштыруу сүткордук болот, бирок колмо-кол болсо эч нерсе эмес. Буудайды буудайга алмаштыруу сүткордук болот, бирок колмо-кол болсо эч нерсе эмес. Арпаны арпага алмаштыруу сүткордук болот, бирок колмо-кол болсо эч нерсе эмес. Курманы курмага алмаштыруу сүткордук болот. Бирок колмо-кол болсо эч нерсе эмес..............................................................398

Эй, адамдар! Саламыңарды жайылткыла. Ачкаларды тоюндургула! Туугандар менен катташкыла! Түндө башкалар уктап жатканда силер намаз окугула! Ошондо эч жамандыкка учурабай бейишке киресиңер! ...........402

Оо, адамдар! Аллах Аруу-Таза, таза нерселерди гана кабыл кылат. Аллах Таала ыймандууларга пайгамбарларга буйруган нерсени буйруган ...............404

Кимде-ким кедейдин карызын төлөө мөөнөтүн кечиктирсе, же карызынын баарын же бир бөлүгүн кечип салса, анда Аллах аны Кыямат күнү Өз Аршынын көлөкөсүндө башка эч кандай көлөкө жок болгон күнү көлөкө кылат..........................................................408

Сатканда, сатып алганда жана өз акысын талап кылганда жоомарт адамды Аллах ырайымына алсын................410

Бир киши адамдарга ар дайым карыз берет эле. Ал карызды чогулткан жаш жигитине: «Эгерде кедей

карыздар адамга жолугуп калсаң, анда анын карызын кечип жибер. Балким Аллах бизди да кечирээр» - деп айтат эле. Ошондуктан ал көз жумуп Аллахка жолукканда Аллах Таала аны кечирди ............................................411

Аллахтын мүлкүн адилетсиздик менен иштеткен эркектер, алар Кыямат күнү тозокто болушат .............413

Аллах Таала айтат: "Адам баласынын бардык амалы өзү үчүн. Бир гана орозосу андай эмес. Анын орозосу Мен үчүн жана анын сооп-сыйын Мен Өзүм берем ...........415

Кимде-ким Рамазанда ыйман келтирип жана сооп үмүт кылып орозо кармаса, анда анын мурунку күнөөлөрү кечирилет ...........................................................419

Эң сүйүктүү досум (пайгамбар) (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мага үч ишти осуят кылды: ар айда үч күндөн орозо кармоону; (күн сайын) эки рекеттен чашке намазын окууну; уктаардан мурда витр намазын окуп жатууну ...................................................420

Кимде-ким Кадыр түндү ыйман келтирген абалда жана сооп үмүт кылып (ибадат менен) өткөрсө, анда анын өткөн күнөөлөрү кечирилет..........................................423

Кимде-ким Аллах үчүн аялы менен жыныстык катнаш кылбай жана бузукулук иштерди кылбай ажылык кылса, анда ал энеден төрөлгөндөй күнөөлөрүнөн таза болуп кайтат...................................................................424

Аткарылган жакшы амалдары Аллахка сүйкүмдүү болгон мына ушул күндөрдөн өткөн башка күн жок" т.а. Зулхижжанын баштапкы он күнү .................................426

Шек-күмөн жаратып турган ишти таштап, шек-күмөнү жок ишти аткар. Чынчылдык - бейкуттукту, жалган айтуу болсо, шектенүүнү алып келет .......................................428

Аллах Таала менин үммөтүмдүн ой-санаасына келген, бирок аткарбаган жана эч кимге айтпаган күнөөлөрүн кечирет ..................................................................429

Чындыгында, Аллах силердин келбетиңерге жана байлыгыңарга карабайт, бирок жүрөгүңөргө жана иш-аракетиңерге карайт ......................................................431

Чынында, Аллах кызганат. Чынында ыймандуу пенде да кызганат.  Аллахтын кызгануусу ыймандуу пенде Анын тыюу салган ишине барганда болот ..............................432

Кыйратуучу жети күнөөдөн алыс болгула». Ошондо сахабалар:  «Оо, Аллахтын элчиси! Алар кайсылар?» — деп сурашты. Аллахтын элчиси: «Аллахка ширк кылуу, сыйкырчылык, Аллах өлтүрүүнү арам кылган жанды эч бир акысыз өлтүрүү, сүткорлук кылуу, жетимдин мал-мүлкүн жегендик, согуш учурунда артка качуу жана күнөө кылуудан капилетте калган, абийирдүү жана ыймандуу аялдарга бузуку деп жалаа жабуу» - деп айтты ...........433

Силерге чоң күнөөлөрдүн эң оору жөнүндө кабар берейинби?"- деп үч жолу айтты. Ошондо сахабалар: "Ооба, оо, Аллахтын Элчиси!" - дешти. Пайгамбар(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Аллахка шерик кошуу жана ата-энени нараазы кылуу". Ошондо Пайгамбар жөлөнүп жаткан жеринен отура калып: "Жалган күбөлүк берүү!" - деп кайра-кайра айтып, биз: "Токтотсо экен" дегенге чейин кайталай берди ...436

Чоң күнөөлөр: Аллахка шерик кошуу, ата-энеге ак болуу, адам өлтүрүү жана жалган ант берүү ..........................439

Кыямат күнү адамдар арасындагы иштерден эң биринчи териштириле тургану - кан жөнүндө болот .................441

Кимде-ким муаахадты (6) өлтүргөн болсо, анда бейиштин жытын жыттабайт. Анын жыты кырк жылдык алыстан жыттанып турат...............................................442

Тууганчылык байланышты үзгөн адам бейишке кирбейт ..........................................................................................443

Кимде-ким ырыскысы кенен болушун каалаcа, өмүрүн узун болушун каалаcа, анда тууганчылык байланышын бекемдесин ..........................................................................445

Өзүнө жараша мамиле кылуу тууганчылык байланышты бекемдөөгө жатпайт. Тууганчылык байланыш үзүлгөндө аны байланыштырган адам тууганчылык байланышты бекемдеген адам болот ................................................446

Гыйбат эмне экенин билесиңерби?” - деди. Алар: «Аллах жана Анын Элчиси жакшы билет» - дешти. Ал айтты: «Бир тууганыңды ал жактырбаган жагын айтууң» - деди. Ага: «Билесиңби, менин бир тууганымда менин айтканым бар болсочу?» - деп айтылганда Пайгамбар: «Эгер айтканың бар болсо, анда сен аны гыйбат кылган болосуң. Эгер болбосо, анда ага жалаа жапкан болосун» - деп айтты.....................448

Бардык мас кылуучу ичимдиктер арак. Ал эми бардык мас кылуучу ичимдиктер арам. Кимде-ким бул дүйнөдө арак ичип жүрүп тообо кылбастан өтүп кетсе, акыретте аны иче албайт ..........................................................450

Аллахтын Элчиси(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бийликтеги пара берүүчүгө жана пара алуучуга каргыш айтты ........................................................452

Бири-бириңе көралбастык кылбагыла. Бири-бириң менен (адамдарды алдоо үчүн) жасалма соода кылбагыла. Бири-бириңерди жек көрбөгүлө. Бири-бириңерден жүз буруп артыңарды салып кетпегиле. Бириңдин соодасынын үстүнөн экинчиң соода кылбагыла. Бир тууган Алланын пенделери болгула! .454

Күмөн саноодон сактангыла! Анткени, күмөн саноо сөздөрдүн жалганы ......................................................459

Ушакчылар бейишке кирбейт ......................................461

Күнөөсүн жарыя кылгандардан башка үммөтүмдүн баары ккечирилет ........................................................462

Аллахтын Элчиси(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Меккени фатх кылган күнү элге кайрылып мындай деди: «Эй адамдар! Чындыгында, Аллах силерден Исламга чейинки доордун текебердигин жана ата-бабалары менен сыймыктануударын алып салды. Эй адамдар, Аллах силерден жахилияттын жүгүн жана анын ата-бабаларына болгон текебердигин алып салды. Адамдар эки түрдүү болот: салих, такыба жана Аллахтын алдында урматтуу жана бузуку, бактысыз, Аллахтын алдында эң төмөн. Бардык адамдар Адам атанын балдары. Аллах Таала Адам атаны топурактан жараткан. Аллах Таала айтты: "Оо, адамдар! Биз силерди бир эркек жана бир аялдан (Адам ата менен Обо энеден) жараттык жана бири-бириңерди таанып-билишиңер үчүн силерди

элдерге жана урууларга бөлдүк. Чындыгында, Аллахтын алдында силердин эң урматтууңар - эң такыбаңар. Чындыгында, Аллах Билүүчү, Кабардар!". (Аль-Хужурат сүрөөсү, 13-аят)@* ....................................................464

Чындыгында, Аллахтын алдында адамдардын эң жаманы – өтө талашчаак адам.....................................466

Эки мусулман бири-бири менен кылычташып урушканда, өлтүргөн да жана өлгөн да тозоко түшөт. Ошондо мен: «Аллахтын Элчиси, бул киши өлтүргөн адам, а бирок өлтүрүлгөн адамда эмне күнөө?» - деп айттым. Аллахтын Элчиси: «Ал да шеригин өлтүргүсү келген» - деди.......468

Ким бизге каршы курал көтөрсө, анда ал бизден эмес ..........................................................................................470

Өлгөндөрдү тилдебегиле. Анткени алар өздөрү аткарган иш-аракеттерине жетишти ..........................................471

Кимдир бирөө бир тууганын үч түндөн ашык жүз буруп таштап коюусу туура эмес. Ошентип, ал мындан жүз бурат, бул андан жүз бурат. Алардын эң жакшысы саламды биринчи баштаганы болот............................473

Кимде-ким мага эки жаагы менен эки бутунун ортосундагы (мүчөлөрүн күнөөлөрдөн) сактаймын деп кепилдик берсе, анда мен анын Бейишке кирүүсүнө кепилдик беремин ................................................474

Аял киши эки күндүк жолго күйөөсү же махрамы менен гана чыгат .............................................................476

Мен өткөндөн кийин эркектерге аялдардан өткөн фитна-азгырык болбойт .......................................................480

Кимде-ким никенин акысын бере алса, анда үйлөнсүн. Анткени үйлөнүү көзгө көшөгө жана зынадан коргоочу болот. Кимде-ким никенин акысын бере албаса, анда ага орозо кармоо зарыл, анткени орозо аны бычкан сыяктуу шакыбатын токтотот....................................................481

Чынында, дүйнө - таттуу, көрүмдүү. Алла Таала анда силерди бириңердин артынан бириңерди келтирип турат. Анан кандай иш-амал кылганыңарга карайт. Дүйнөдөн сак болгула жана аялдардан сак болгула....482

Бөтөн аялдардын жанына киргенден сак болгула". Ансарлардан бир киши: Оо, Аллахтын элчиси, кайын журттан болсочу (аялдын кайниси, кайнагасы)" деп сурады. Ал: "Кайын журттан болсо - бул, өлүмгө тете" - деди ...................................................................485

Валий (4) болбосо нике болбойт..................................488

(Нике окулуп) аялды адал кылган учурда коюлган шарттар - сөзсүз аткарыла турган шарттардан .............489

Дүйнө убактылуу ырахаттардан турат. Дүйнө ырахатынын эң жакшысы саалиха аял .............................................490

Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кокустан арамга көз салып алуу тууралуу сурадым. Ал көзүмдү дароо буруп кетүүгө буйруду...........................................................................492

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мүйүздүү эки ак кочкорду курмандыкка чалып, Аллахтын атын атап, такбир айтып, анан бутун кочкорлордун моюнуна такап туруп өз колу менен мууздады.........................................................................494

Жибек жана парчаны кийбегиле. Алтын жана күмуш идиштерден ичпегиле. Жана алардан жасалган табактан тамак жебегиле. Булар бул дүйнөдө каапырлар үчүн, акыретте биз үчүн........................................................496

Үч түрдүү адамдан калем көтөрүлгөн (б.а. күнөө жазылбайт): уктап жаткан киши ойгонгонго чейин. Жаш бала балакат курагына жеткенге чейин. Акылынан айныган адам акылына келгенге чейин........................498

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көкүл коюудан тыйган.....................................500

Мурутуңарды кыскарткыла жана сакалыңарды өстүргүлө ..........................................................................................501

Эркек киши эркек кишинин авретине карабайт. Аял киши да аял кишинин авретине карабайт ............................502

Силердин жакшыңар - ахлагыңар жакшыңар" - деп айтчу ..........................................................................................504

Чынында, ыймандуу адам жакшы кулк-мүнөзү менен (күндүзү) орозо туткан, (түнү) намаз окуган адамдын даражасына жетет.......................................................505

Ыймандуулардын ыйманы толугу - кулк-мүнөзү жакшысы. Силердин эң жакшыңар - аялзатына жакшы мамиле кылганыңар ....................................................507

Аллахтын Элчиси(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдарды бейишке эң көп эмне киргизе тургандыгы жөнүндө суралганда, ал: «Аллахка такыбалык кылуу жана жакшы адеп-ахлак» - деп айтты. Андан кийин адамдарды тозокко эң көп эмне киргизе

тургандыгы жөнүндө суралганда: «Ооз жана жыныстык мүчө» - деп жооп берди.............................................508

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдардын ичинен мүнөзү эң жакшысы эле510

Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мүнөзү Куран эле" - деди Аиша энебиз...........511

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бут кийим кийгенде, чач-сакалын тараганда, даарат алганда, деги ар бир ишинде оң жагынан баштоону жакшы көрөт эле ..........................................513

Чындыгында, Аллах баардык нерсеге жакшылык кылууну буйруган. Ошондуктан өлтүрсөңөр жакшылап өлтүргүлө, мууздасаңар жакшылап сойгула. Силердин муздоочуңар бычагын курчутсун, жандыктын жанын кыйнабай чыгарсын .........................................................................515

Чындыгында, Аллахтын алдында адилеттүү болгондор нурдан болгон минбарларда, Улуу, Мээримдүү Заттын оң жагында болушат. Анын эки колу тең оң. (1) Алар өкүм кылганда адилеттүү болгондор, үй-бүлөлөрүнө адилеттүү болгондор жана башкарууда адилеттүү болгондор....517

Зыян тартуу жок жана зыян берүү да жок. Ким зыян келтирсе, анда Аллах ага зыян келтирет. Ал эми ким машакат жаратса, анда Аллах аны машакатка салып коёт ...........................................................................................519

Салих жана жаман адам менен отуруунун мисалы, атыр саткан жана көөрүк үйлөгөн адам менен отуруу сыяктуу ...........................................................................................521

Бир киши Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга: «Мага насаат бериңиз» - деп айтты. Ал: «Ачууланба» - деди. Андан кийин кайра-кайра сураганда Пайгамбар: «Ачууланба» - деп кайталады.*@ ................................523

Күрөшкөн күчтүү эмес. Ачууланганда өзүн кармай билген күчтүү .......................................................................524

“Төмөнкү төрт түрдүү жорук кимде болсо, ал анык эки жүздүү болот. Ал эми кимде бул жоруктардын бири болсо, андан арылмайынча экүү жүздүүлүктүн бир белгиси бар болот. Алар: аманат берилсе, ага кыянаттык кылат; Сүйлөсө жалган сүйлөйт; Убада берсе, сөзүндө турбайт жана талашып-тартышса, аша чаап кетет” ......526

Бирөөлөрдүн ата тегин кемсинткен, бирөөлөргө каргыш айткан, бузук иштерди кылган, уят сөздөрдү сүйлөгөн адамдын ыйманы толук болбойт ................................530

Пайгамбар(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир кишинин бир тууганына уяттуулугу үчүн жемелеп жатканын угуп: «Уяттуулук ыймандан» - деди.*@.............................................................................531

Эгерде ким мусулман бир тууганын жакшы көрсө, анда ага аны жакшы көрөрүн кабарласын............................532

Ар бир жакшылык – садака .........................................534

Адам баласы ар бир дене мүчөсү үчүн күн сайын садага берүүсү керек...........................................................535

Кимде-ким бир ыймандуу адамды бул дүйнөдө кайгыдан арылтса, Аллах аны кыямат күндөгү кайгыдан арылтат ......................................................................................537

Кыямат күнү пенде өмүрүн эмне менен өткөргөнү, илимин кандай пайдаланганы, мал-мүлкүн кайдан таап, кайда каржылаганы, дене-кубатын кандай иштеткени тууралуу суралмайынча анын кадамы жылбайт ..........541

Жесирге жана жардыга жардам берген адам Аллах жолунда жихад кылгандай же түнү туруп намаз окуп, күндүзү орозо кармагандай (сооп-сый алат) ................543

Кимде-ким Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирсе, анда жакшылыкты сүйлөсүн же унчукпасын. Кимде-ким Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирсе, анда кошунасын сыйласын. Кимде-ким Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирсе, анда коногун сыйласын ........544

Эч бир жакшылыкты кем санаба, эгерде мусулман бир тууганыңа жолуксаң ага жылмаюу менен жүз көрүшүп болсо да (жакшылык кыл) ............................................546

Чынчыл болгула, анткени чындык жакшылыкка жетелейт, а жакшылык болсо бейишке алып барат ......................548

Ким адамдарга ырайым кылбаса, анда Аллах Таала ага ырайым кылбайт ..................................................550

Мээримдүүлөргө Мээримдүү Зат ырайым кылат. Жер жүзүндөгүлөргө ырайым кылгыла, силерге асмандагы Зат ырайым кылат ...............................................551

Мусулман адам - башка мусулмандар анын колунан жана тилинен зыян тартпаган адам. Мухажир адам - Аллах тыюу салган нерселерди таштаган адам......................553

Мусулмандын мусулманга болгон акысы бешөө. Алар: Салам берсе алик алуу, ооруса зыярат кылуу, чакырган болсо

баруу, дүйнөдөн өтсө жаназасына катышуу, чүчкүрсө "ярхамукаллах" деп айтуу ............................................555

Ыймандуу болмоюнча бейишке кире албайсыңар жана бири-бириңди жакшы көрмөйүнчө ыймандуу боло албайсыңар. Оболу, мен силерге бир нерсени айтайын, эгер ошону аткарсаңар бири-бириңерди жакшы көрөсүңөр: "Араңарда саламды жайылткыла .............556

Бир адам Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Мусулманчылыктын жакшысы кандай болот?" - деп сурады эле, ал: Муктаждарды тойгузасың,  таанышка да, бейтаанышка да салам айтасың" - деди ......................................................558

Силерге Аллах Таала ал аркылуу күнөө-каталарды өчүрүп, даражаларды көтөрө турган ишти айтайынбы? ...........................................................................................560

Күчтүү момун алсыз момунга караганда Аллахка жакшыраак жана сүйүктүүрөөк. Алардын экөөсүндө тең жакшылык бар .....................................................563

Жебреил периште мага кошуна жөнүндө «мен кошуна да мурас алат экен» деп мен ойлоп калганга чейин насаат айтып жатты ........................................................566

Кимде-ким мусулман бир тууганынын абийирин төгүүдөн жүз бурса, анда Аллах Кыямат күнү анын жүзүн тозоко түшүүдөн кайтарат ............................................567

Силердин эч кимиңер өзүнө жакшы көргөн нерсени диндеш боордошу үчүн да жакшы көрмөйүнчө ыйманы толук болбойт ......................................................569

Кайсы иште жумшактык болсо, ал ишти көркүнө чыгарат. Кайсы иште жумшактык болбосо, анын көркү кетет ...571

Чынында бул дин абдан жеңил. Эч ким чамасы келбеген даражада ибадат кылам дебесин. Антсе ага дин үстөмдүк кылат. Ошондуктан, ар бир иште тактыкты .................572

Жеңил көрсөткүлө, оор кылбагыла, сүйүнчүлөгүлө, качырбагыла! ........................................................576

Биз Умардын жанында болчубуз, ал: "Биз өзүнө оорлотуудан тыйылганбыз" - деди ..............................578

Силерден бирөө тамактанса оң колу менен жесин, ичкенде оң колу менен ичсин. Анткени шайтан сол колу менен жейт жана сол колу менен ичет ........................579

"Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, кол астындагы бала элем. (Тамактанууда) колум табактын ар тарабына кетет эле. Ошондо Аллахтын Элчиси(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мага: "Эй, бала! Бисмиллах" - деп, Аллахтын атын ата. Оң колуң менен жана өз алдыңдан жегин!" – деп айтты. Мен ошондон бери (Аллахтын Элчиси үйрөткөндөй) тамактанам".*@ ........................................................580

Тамактанып анан Ага (Аллах) алкыш-мактоо айткан же суусундук ичип анан Ага алкыш мактоо айткан адамга Аллах Таала ыраазы болот...........................................582

Бир киши Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көз алдында сол колу менен тамак жеди эле, ал: "Оң колуң менен жегин" - деди. Тиги: (Оң колум менен) жей албаймын - деди. "Анда жей албай калгын.............................................................................583

Кимде-ким сарымсак же пияз жесе, бизге (же биздин мечитибизге) жолобой үйүндө отурсун ........................585

Кимде-ким тамак жеп бүткөндөн кийин: "Алхамду лиллаахил-лази атъамани хаза ва розаканиихи мин гойри хавлин уа лаа кувватин" (Менден эч кандай күч-кубат талап кылбай, ушул тамакты жедирип, ырыскы берген Аллах Таалага алкыш-мактоолор болсун) деп айтса, анын өткөн (майда) күнөөлөрү кечирилет ........589

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) чүчкүргөндө колун же кийиминин бир учун оозуна тосуп, ошо менен үнүн басаңдатчу...................590

Аллах Өзүнүн өкүмдөрү так аткарылышын жакшы көргөндөй эле, Өзү берген уруксаттардын аткарылышын жакшы көрөт ............................................................592

Аллах кимге жакшылык кааласа, анда ага сыноо жиберет ..........................................................................................593

Мусулман кишиге чарчап-чалыгуу, оору, кыжаалатчылык, кайгы-капа, ыза, кыйынчылык болсо, атүгүл, тикен сайылса да, ошонун себебинен Аллах анын каталарын өчүрөт ......................................................594

Аллах Таалага таза, күнөөсү жок жолугуусу үчүн ыймандуу эркектин жана ыймандуу аялдын өзүнө, балдарына жана мал-мүлкүнө ар кандай балээ, сыноолор боло берет...................................................596

Момундун ишине таң каламын. Анын бардык иши жакшылык. Мындай момун үчүн гана болот................598

Пенде ооруса же сапарга чыкса, анда ага денисак, сапарга чыкпаган кезинде аткарган иш-аракеттеринин сообу бериле берет........................................................600

Жакшы иш-амалдарды аткарууга шашылгыла. Караңгы түн каптагандай фитна-азгырыктар каптаган заман келет ..................................................................................601

Аллах кимге жакшылыкты кааласа, аны динде илимдүү кылат..............................................................................604

Илимди аалымдарга мактануу үчүн жана наадандар менен талашуу үчүн ошондой эле жыйындарда өзүн көрсөтүү үчүн албагыла. Эгерде кимдир бирөө мындай кылса, анда ага тозок болсун жана тозок болсун.........606

Силердин жакшыңар - Куранды үйрөнүп жана аны үйрөткөндөр...............................................................607

Бизге Пайгамбарыбыздын(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сахабалары айтышкан. Алар Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдан, он аят үйрөнүшчү жана аларда кандай илим жана амал бар экенин билмейинче, калган он аяттан алышчу эмес. «Биз ушинтип аяттардагы илимди жана амалдарды да үйрөнөт элек» - деп айтышат эле.*@ ...........................608

Ким Аллахтын китебинен бир тамга окуса, ал үчүн ага бир жакшылык он барабар болуп жазылат ........................610

Куран жаттаган адамга мындай деп айтылат: «Куран оку жана көтөрүл. Аны дүйнөдө окугандай кылып кыраатты менен оку. Чындыгында, сенин даражаң акыркы окуган аятыңа жараша болот ...................................................611

Силердин бирөөңөр үй-бүлөсүнө кайтып келгенде, үч семиз төө менен кайткысы келеби?» Биз: «Ооба» - деп жооп бердик. Ал айтты: «Силердин бириңер намазда окуган үч аят ал үчүн үч семиз төөдөн жакшы.............613

Бул Куранга бекем болгула, Мухаммаддын жаны колунда турган Аллахка ант ичип айтам, ал жибинен бошонгон төөдөн да ылдам чыгып кетет......................................614

Үйүңөрдү көрүстөндөй кылып албагыла. Чынында, Бакара сүрөөсү окулган үйдөн шайтан качат................615

«Эй, Абуль-Мунзир! Аллахтын Китебинде эң улуу аят кайсы экенин билесиңби?». Мен: «Аллах жана Анын Элчиси билет» - деп айттым. Ал кайрадан: «Эй, Абуль-Мунзир! Аллахтын Китебинде эң улуу аят кайсы экенин билесиңби?» - деп айтты. Мен: «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок. Ал түбөлүк Тирүү Башкаруучу» (Бакара, 255) - деп айттым. Ал менин көкүрөгүмө чаап: «Эй, Абуль-Мунзир. Аллахка ант болсун! Бул илим сага куттуу болсун!» - деди.@* .......617

Ким түнү Бакара сүрөөсүнүн акыркы эки аятын окуса, ага жетиштүү болот ...................................................618

Дуба – бул ибадат» – деп айткан соң (Курандын бул аятын) окуду: «Мага дуба кылгыла, силерге жооп беремин. Чындыгында, Мага ибадат кылуудан текеберленген адамдар кор болгон абалда тозокко киришет». (Гафир, 60-аят)..........................................620

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахты бардык абалында эстеп зикир кылат эле ........................................................................................622

Аллах таала үчүн дубадан артык эч нерсе жок............623

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Йа муколлибал кулууби саббит колби алаа дииника" (Эй, жүрөктөрдү калчоочу Аллах, менин жүрөгүмдү динге бекем кыл) .......................................624

Аллахым, менин иштеримдин коргоочусу болгон динимди оңдо .........................................................627

Аллахым, Сенден дүйнө жана акыреттин амандыгын (жакшылыгын) сураймын ............................................630

Аллахым, Сенден жакшылыктын баарын, азыркысын да, кийинкисин да, мен билгенин да, билбегенин да суранам. Сенин жардамың менен бардык жамандыктан, азыркысынан да, кийинкисинен да, мен билгенинен да, билбегенинен да коргоном..........................................633

Чындыгында, кийим эскирген сыяктуу эле силердин жүрөгүңөрдөгү ыйманыңар да эскирет. Андыктан Аллахтан жүрөгүңөрдөгү ыйманды жаңыртуусун сурангыла............................................................................637

“Кимде-ким Аллах Тааланы Раббим деп, Исламды диним деп жана Мухаммадды пайгамбарым деп ыраазы болсо, ыймандын даамын татат ..............................................638

сага айтар осуятым: ар бир намаздан кийин "Аллахумма аъинни ъалаа зикрика ва шукрика ва хусни ъибадатика" деп айтканды такыр калтырба" - деди.........................641

Пенде Раббисине саждада турган абалында эң жакын болот. Ошондуктан ал учурда көп дуба кылгыла .........643

Аллахтын элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көп кылган дубасы: "Роббана аатинаа фид-дуня хасана, ва фил аахироти хасана, ва кынаа азаабан-наар" деген дуба эле ........................................644

Көңүл бургула! Мен силерге силердин даражаңарды көтөрө турган, ..........................................................646

“Сен өтө оор ишти сурадың. Бирок Аллах жеңил кылгандар үчүн өтө оңой болот ....................................650

Пайгамбар(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар күнү түнү уктаганда эки колун бириктирип, анан аларга үйлөп: «Айткын! Ал Аллах жалгыз» деп башталган Ихлас сүрөөсүн, «Айткын! Таңдын Раббиси менен коргоном» деп башталган Фалак сүрөөсүн жана «Айткын! Адамдардын Раббиси менен коргоном» деп башталган Наас сүрөөсүн окучу. Анан колдору менен башына, жүзүнө жана денесинин алдынан баштап колу жеткен жерге чейин сүртөт эле. Ал муну үч жолу кылчу ..........................................................................................657

Истигфардын төрөсү.....................................................658

Аллахым, Сенин атың менен таң атырабыз. Сенин атың менен кечти киргизебиз. Сенин атың менен тирилебиз. Сенин атың менен өлөбүз. Кайра тирилип баруу Сага гана ..........................................................................................661

Кимде-ким: Аллахтын аты менен баштаймын. Анын аты менен башталган нерсеге жер бетинде да, асманда да эч ким зыян жеткире албайт. Ал Угуучу, Билүүчү" деп үч жолу айтса, таң атканга чейин ага кокустан балээ-кырсык келбейт ..........................................................................665

Кул хуваллаах ахадды" жана эки сактоочу сүрөнү оку, кеч киргизгениңде жана таң атырганыңда үч жолудан окуп жүрсөң, бардык жамандыктан сактоого жетиштүү болот" - деди.......................................................................668

Аллахка эң сүйүктүү төрт сөз: Субханаллах, Алхамдулиллах, Лаа илааха иллаллах жана Аллаху Акбар. Булардын кайсы биринен баштасаң да зыяны жок .....670

Кимде-ким: "Лаа илааха иллаллоохy вахдаху лаа шарикалах, лахул мулку валахул хамду ва хува аълаа кулли шайин кодиир" деп он жолу айтса......................671

Тилге жеңил, таразада оор жана Ырайымдуу (Аллахка) сүйүктүү болгон эки сөз бар. Ал: «Субханаллахиль-азыими, Субханаллахи уа бихамдихих.........................673

Кимде-ким: "Субханаллоохи ва бихамдихи" деп күнүнө жүз жолу айтса, күнөөлөрү деңиз толкунунун көбүгүндөй көп болсо да кечирилет ................................................674

Тазалык – ыймандын жарымы. Алхамдулиллахи сөзү амал таразаны толтурат. Субхааналлах жана Алхамдулиллах сөздөрү болсо асман менен жердин .676

Субхан Аллоохи, валхамду лиллаахи, ва лаа илааха иллаллоохy, валлааху акбар" деп айтуу мен үчүн күн нуру тийген нерсенин баарынан жакшы ..............................680

Эң жакшы зикир «лаа илааха иллаллах», жана эң жакшы дуба «алхамду лиллах ................................................681

Кимде-ким кайсыл бир жерге келсе: "Аъузу би калима тиллаахит-тааммаати миң шарри маа холак" деп айтса,

анда ал кайра жолун улап кеткенге чейин ага эч нерсе зыян бербейт ............................................................682

Эгерде силердин бирөөңөр мечитке кирсе, анда ал: "Аллахум-мафтах ли абываaба рахматик. (Оо, Аллах! Мага ырайымыңдын эшиктерин ач)" - деп айтсын. Ал эми мечиттен чыкканда: "Аллахумма инни ас алука мин фадлик. (Оо, Аллах! Мен Сенин жакшылыгыңдан сураймын)" - деп айтсын ...............................................684

Киши үйүнө киргенде, кирээрде жана тамак ичээрде Аллахтын атын атап эстесе, Шайтан (жан-жөкөрлөрүнө): Силерге мында түнөк да жок, тамак да жок - дейт......686




Пайгамбардын хадистери шарият өкүмдөрү алына турган экинчи булак. Бул тууралуу Аллах Таала минтип айткан: "Ал өз оюнан сүйлөбөйт" "Алар (ал сүйлөгөн сөздөр- Аллахтын) аян-кабары гана". Нажм сүрөсү, 3-4-аяттар.

Хадистердин энцклопедиясынын жыйнагы ар тараптуу хадистерди жана алардын кыскача түшүндүрмөлөрүн ичине камтыйт. Бул хадистерге ар бир мусулман дүйнө жашоосунда жана дин иштеринде муктаж болот. Ошондой эле, хадистердин маанилери чечмеленип, эмнеге далил болору жана кээ бир пайдалары ачык баяндалган. Пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) сүннөтүн ар кайсы элге өз тилинде жеткирүү жана анын пайдаларын жайылтуу үчүн дүйнө тилдеринин бир канчасына которулду.

9 786038 474877

موسوعة الأحاديث النبوية
HadeethEnc.com